Доoронбек Садырбаев



# ДААНЫШМАН




~~18/II-248~~ 19/II-251 А

Формуляр книги

~~08/II-64~~

03/II-533 Ю

Зак. 90—100000



Дооронбек Садырбаев

# ДААНЫШМАН

## IV том

## Дооронбек Садырбаев - саясатчы

Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 14

**Жооптуу редактор:** Проф. Др. Кадыралы Конкобаев
**Редактор:** Асылкан Шайназарова

**Садырбаев Д.**
С14 Даанышман. Чыгармалар жыйнагы. 5 томдук. IV том Дооронбек Садырбаев – саясатчы / Түз. жана жооптуу ред. К. Конкобаев. – Б., "Д. Садырбаев фондусу". – 2017. – 554 б.

ISBN 978-9967-9068-0-8

Бул китепте Кыргыз Республикасынын баатыры, Кыргыз Эл артисти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3 жолку чакырылышынын депутаты, белгилүү кинорежиссёр, актер, акын, жазуучу, публицист, журналист, сценарист, ырчы, коп кырдуу талант, адилет, боорукер, ак ниет инсан Дооронбек Садырбаевдин ар кыл тематикада жазылган чыгармалары камтылды.

С 4702300100-17
ISBN 978-9967-9068-0-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Садырбаев Д., 2017

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ – САЯСАТЧЫ

## Аскар Акаевдин президенттиги – мөртө-шөртө

“Асаба” газетасынын редакциясындагы Түз байланыштын стенограммасы

**Искендер Чойбек (Алай району):** Салоомалейкум, бул Дооронбек Садырбаев бекен?

**– Ооба, мен угуп жатам.**

– Менде эки суроо бар, атым Искендер.

**– Айта бериңиз, жашыңыз канчада?**

– Жетимиш үчтөмүн.

**– А, анда Искендер аке деп коеюн, кулак сизде.**

– Эмне үчүн кыргыз тили баркын жоготуп баратат? Тилибиз юриспруденция, мамлекеттин ишин алып барууга, техникалык түзүлүштөргө жарабайт дешет. Анда кыргыз мамлекети болуштун эмне кажети бар? Ошого байланыштуу орус тилине официалдуу статус берилишине сиздин көз карашыңыз кандай?

**– Мурда түз эле, азыр кыйшайып калды.**

– Кандайча?

**– Мен өзүм кыргыз мектебин бүткөнмүн. Турмуш, чыгармачылык муктаждыгы мени орусча сүйлөмөк тургай жазганга, керек болсо ыр саптарын кураганга үйрөттү. Мен жаш кезде жалпы талап ушундай болгон. Бара-бара орус тилин үйрөнүп эле тим болбостон, чын пейилим менен сүйүп калганымды жашырайын деген ойдон алысмын. Ал аз десеңиз, кийинки 10 жылдын аралыгында орус тили болбосо мен саясатчы катары да, чыгармачыл адам катары да ачылбай, калыптанбай кала беришим ыктымал эле. Себеби, мен кыргыз тилинде чыгып жаткан басма**

сөздөрүнүн коичүлүгүнө, кыргыздын радио, телевидениесине анча ишене бербеймин. Анткени, кожоюн "ал" деп койсо, аердегилер көз ачып-жумганча бөрк ордуна баш алып, "акты кара" деп, караны бозортун нийгенге аябай машыгып алышкан. Депутат болгондон кийин эки-үч жолку сүйлөгөн сөзүмдүн теңирин тескерилентии, өзүлөрүнүн "бакма" гезиттерине басып ийишти эле, ошондон бери шайлоочуларым менен акылдашып көрүп, ак жеринен күйүп кетпейин деп, этияттанып бардык заседание, форумдарда орусча сүйлөп, жазып жүрөмүн. "Бакма" гезиттер эмне болуп калыптыр, өзүм менен санаалаш гезит ээлери, пикирлеш журналист-маекчилерим "баланча темага, түкүндой макала жазып берсеңиз, толук басабыз" деп бирдекени жаздырып алышат да, албетте, анчалык жазгандан кийин мен өзүмдүн гана пикиримди, өзүмө мүнөздүү эпитет, тил каражатым менен каалаганымдай айтып, же жазып берсем, мени менен бир ооз кеңешип же бир көргөзүп койбой, оюна келгендей оңдоп, каалаганындай кыскартып чыгарып ийишет, эртеси эле өкмөттүк гезиттер ызы-чуу түшүп, гуш-тушумдан жыра тартышына шылтоо таап берип. Болбосо, кыргызча деле, орусча деле анча-мынчага алдыра койчулардан эмес болчуумун мен дагы. Орус тили тарапка ыктап турганымдын торкүнү да ошондон.

Себеби, кыргызга караганда орустар өзүңдү жаман көрүп турса да, сөзүңдү бурмалабай, укканын уккандай басышат. Кыскартса да өзүң менен акылдашып туруп анан кыскартышат. Кыргыз гезиттери тап-такыр башкача... Эгерде мен Кыргызстандагы малдын азайып баратканына кейип жатканымды айта турган болсом, менин атымды укканына итиркейи келип жүргөн журналисттер "Садырбаев Кыргызстандагы талдын азайып баратканына бушайман түшүп атат. Талды эмне кылат болду экен?" деген сыяктуу бурмалоолор менен жаза беришкенинен кыргызча сүйлөбой коюп, кутулганым бар. Мындай кырдаалда орус тилине официалдуу статус берилиши орустардан да мага, мага окшогондорго ичкен суу, жуткан аба сыяктуу эле өтө керектүү нерсе. Ошону үчүн "орус

**тилине официалдуу статус берели" деген демилге менен чыккандардын катарында болгонмун. Бирок, эл өкүлдөр жыйынынын депутаттары бүтүп калган ишти бүлүндүрүп коюшту, бул маселени Мыйзам Чыгаруу жыйынынан мурда карап талкуудан кийин колго салганда бул сунуш өтпөй калса да, массалык маалымат каражаттарына "өттү"деп жарыя кылып ийишип. Анан бизге жиберишиптир, "биз биринчи окуудан өткөрдүк, нары жагын силер мыйзамдаштырып бергиле" деп. Мен замандаштарымды бардык нерсеге таза жолдор менен келүүгө чакырып жүргөн адам катары орус тилинин, мындай "чылыктын" былгытма жолдору менен кандайдыр бир статус алышын каалабаймын. Анын үстүнө жер шарынын бир миллиардан ашыгыраак адамы урунуп келаткан улуу тил, орустун тили – Эл өкүлдөр жыйынынын заседаниесинде мыйзамга жараша 47 добуш менен кабыл алынгандын ордуна, 38 добуш менен кабыл алынып, өзүнүн тарыхый өнүгүүсүнө арам жолдор менен барууга муктаж эмес. Экинчи суроонузду бере бериниз?..**

– Гезитке жазып атат, силер депутаттар айтып атасыңар, Кыргызстандын айыл-чарбасы үчүн миллиондогон, андан да көп инвестиция, кредиттер келип жатат деп. Ал кредиттер өзү кимдерге берилет? Биз жактын бир адамы ал кредиттердин бир тыйынын көргөн жок го... Ал өзү бизге бекер келатабы же кайра кайтарылып бериле турган карызбы? Карыз болсо ким төлөйт ошочо акчаны?

**– Албетте, сиз экөөбүз төлөй албайбыз, Искендер аке, бирок, сиздин балдарыңыз же неберелериниз сөзсүз төлөйт. Төлөбөй кое албайт. Себеби, ал карыздар Акаевдин, Жумагуловдун же Садырбаевдин кем-каржысын жабуу үчүн берилип жаткан жери жок. Ал акчалар кыргыз мамлекетине, анын муктаждыгына берилип жатат. Андай болгондон кийин кыргыз мамлекетинин түндүгүнөн түтүн чыгарткан ар бир атуул эртеби кечпи ал карыздан кутулууга милдеттүү.**

– Ыя, айланайын, ал кредитиңердин бир тыйынын көрбөсө, анан анча акчаны менин бала-чака, небере-чөбөрөм каяктан табат?

**– Табат да. Таппаса жерин берип, көлүн берип, кенин берип, токоюн же жайлоолорун берип кутулат. Карызды бербей коюуга болбойт, тем более, башка мамлекеттерден алып жаткандан кийин... Ал эми ал акчалар каяктан келип, кимдерге берилип жатканын, чынын айтсам, билбейт экенмин. Себеби, андай нерселер Жогорку Кеңеш аркылуу өтпөйт. Бир-эки жолу запрос жасап көрсөм, эч ким мага жооп бербей койду эле, "айтууга жарамайтын нерсе турбайбы" – деп тим болгом.**

**Абдылда Жунаев (Бишкек):**

– "Асабадан" окуп калдым эле, жаңы кино тартып бүтүптүр деп, ошол жөнүндө айтып берсеңиз.

**– Ооба, жаңы эле бүттүм. Өзүң окугандай "Кайран эр учуп кетти шумкар болуп" деген видеофильмим кыргыздын чыгаан уулу маркум Сатыбалды Жээнбеков жөнүндө. Ал тирүү кезинде, ар кандай чогулуштарда, депутаттыкка ат салышып жүргөнүндө, парламенттик талкууларда сүйлөгөн сөздөрүн, танапис маалдарындагы баскан-турганын жөн эле өзүбүз көрүп жүрөлү деп тарттырып койдум эле. Ошолорду монтаждап бүтүрдүм. Кудай буюрса, Сатыбалды туулган Жалал-Абад облусуна барып айылдаштарына, туугандарына, бала-чакасына көрсөтүү менен премьерасы болот. Эгерде алар жарайт деп уруксат берсе, Бишкекке келип көрсөтүүнү улантам.**

– Анын үй-бүлө, тууган-уругу менен катнашыңыз барбы?

**– Бар. Сатыбалды өнүп-өскөн жердин баласы эле, бейиши болгур. Өзүнөн беш бала, уялаш тогуз бир тууган калды артында. Кантишсин, көрүп жатышат баары тең маңдайга жазылганын. Он гүлүнөн бир гүлү ачыла электе жатып о дүйнөгө кете берген өзүнө эле кыйын болду. Анын балдарынын, калган уялаштарынын, тууган-урук, элдеш-жердештеринин айылгерчилик, адамгерчилик, жекжаатчылык жүгүн өзүнөн кийинки иниси – Жусуп Жээнбеков аркалап жүрөт азыр. "Сен борбордон үйлүү-жайлуу, кызматтуу болуп, өз жаныңды эле жыргатып жүрө бересиңби, же эл үчүн дагы кызмат кылайын деген оюң барбы? Андай оюң болсо, эл катары аламанга чыгып көрбөйсүңбү..." – деп, ыраматылык Сатыбалдыны**

**депутаттык таймашка аттандырып, төрт жолку кайра-кайра шайлоонун жүгүн көтөргөн ошол Жусупка кыйын болду, бир жагынан жан биргелеш уялашынан ажыраса, экинчи жагынан агасынын элге, журтка берген убадалары аткарылбай калганына кейип.**

**Эгерде эмки шайлоолордо Жусуп Жээнбеков ушул максатты көздөп өз кандитатурасын коюн калса, мен сөзсүз колумдан келген жардамымды беремин. Арбакты сыйламай атадан калган салт. Атадан калган салтты аткарыш, мен үчүн парз.**

**Курманжан Кулмырзаева (Бишкек):**

– Акыркы тыйыныма сатып алган "Асаба" гезитинен сизди "Түз байланышка" чыгат дегенди окуп алып, төбөм көккө жете сүйүндүм, агай. Үч балам бар, өзүм оорулуумун, күйөөм түрмөдө. Эптеп оокат өткөрүп жатам. Мага депутат катары жардам бере алат белеңиз? Сиздин кабыл алууңузга кирсе болобу?

**– Албетте. Жогорку Кеңешке келип эле милицияга кайрылсаң, мага киргизип коюшат. Кабинетим опур-топур, кирген-чыккан коп. Кээде Баратбай, Жолдошбек, Султан сыяктуу журналист инилерим, иши жок болсо деле ачкыл ичип алышса, "бир "полет" тартышып келели депутат менен" – деп келе беришет. Мага кайрылганы үчүн эч кимисинен акы ала элекмин кел, келе албасаң, Курманжан карындашым, үйүңдө телефонуң барбы?**

– Телефонум жок, автоматтан чалып жатам.

**– Анда адресиңди айтчы.**

– Душанбинская, 10/59

**– Курманжан, мен бирөөнү экинчисинен бөлүп-жарбай, кимге болбосун колдон келген жардамды берип келатам. Мага кайрылгандардын арасында Чүйдөн, Нарындан, Көлдөн, иши кылып ар кайсы региондун адамдары бар. Жакында эле мырзакелик бир келиндин баласын тийиштүү мекемеге жайгаштырдым. Менин жардамчыларым сени менен байланышат, мүмкүн болгон жардамды беребиз. Сабыр кыл, карындашым.**

**Жакып Абдыкадыров (Бишкек):**

– Сиз Кыргызстандан Түркияга качып барып кино тартам деп, аерден көп акча алып, аяктан дагы качып кетипсиз. Ага эмне себеп болду?

**– Биринчиден, мен Кыргызстандан эч жака качып кеткен эмесмин. Мага иш беребиз деп чакырган бир катар өлколордүн ичинен Түркияны тандап келишим түзүп кеткемин. Истамбулдагы “ИХЛАС” фильм продакшн” деген студияда иштедим эки жылга жакын. Ошол убакытта жети фильм чыгардым. “Фериат”, “День табунщика”, “Кыргызстандагы исламияттын абалы”, “Тогуз кайрык” деген Самара Токтакунованын комузчулугуна жана бир жарым сааттык “Айтыш” деген Замирбек Үсөнбаевдин акындыгына арналган сыяктуу фильмдерди тартып, студияга өткөрүп бердим. Анан бул жакта шайлоолор башталып калды. Эгерде бирдеке алып качып кеткеним чын болсо, мына Түркиянын пөсольствосуна барып сураштырсаң болот, Бишкектен түркиялык кимдир бирөө Садырбаевди издеи жүрөбүз, аласабыз бар эле деп кайрылды бекен, же жокпу? Анан “кино тартам” – десең эле эсепсиз көп акчаны колуңа бапыратып карматып кое турган келесоо кайсы мамлекетте бар экен? Андайды тапсаң, экообүз чогуу барып алып келели. “Кино тартып берем” – деп убада бериш менден, акчасын өндүрүш сенден болсун. Деги мен эч кимден карыз алып качып көргөн жан эмесмин эгерде чындыкты билгиң келсе. Ошол мен иштеген студиянын ээси Алтан Атеш деген неме менен бүгүнкү күнгө чейин байланышымды үзбөй кат жазышып, телефон чалышып келем. Өткөн жылы ал менде мейманда болуп, Ысык-Көлдө эс алып кетти. Мындай арга кеткенде чыгарган катын ушагыңарды мага жабыштырбагыла, айланайын...**

– Дагы бир суроо, депутаттык ишиңиз кандай жүрүп жатат?

**– Мен үч райондо депутатмын. Ала-Бука, Аксы, Ноокен райондору. Депутат болгону кичине эле убактым болгондо, ошол округумдагы эл-жерди кыдыруунун убарасында жүрөм. Алардын суроо-талаптарын мүмкүн болушунча аткарып берип жатам. Жер налогу, НДС боюнча алардын өтүнүчторүн Мыйзам чыгаруу палатасында алымдын**

жетишинче көргоп келем. Жакында эле Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо боюнча жаңы мыйзамдын долбоорун жазып жер-жерлерге тараттым. Алар таанышып чыгып, пикирин билгизгенден кийин биздин жыйын талкууласа, келечекте бир адилирээк мыйзам кабыл алынып калаар бекен деген эле тилек. Өзүмдүн даңкымды арттырайын деп жазганым жок ал мыйзамдын долбоорун. Элге керек үчүн жаздым. Сөздүн кыскасы депутаттык ишим түзүк эле болуп жатса керек деп ойлоймун, замечание ала элекмин. Түндүк менен Түштүктөн мага арызданган адам ого эле көп, колдон келген жардамды эч кимден аябайм.

**Жумагүл Эсенбаева (Жети-Өгүз):**

– "Кайран эл" фильминин тагдыры эмне болду?

– "Кайран элди" тартканда өкмөттүн анча-мынча акчасы жумшалган болчу. Рубль боюнча 15 миң сом. Ал акча фильмдин копиясын бастырууга жетпей, элден акча жыйнаганбыз. Копиясын бастыргандан кийин Опера жана балет театрында премьерасы болуп, андан түшкөн акчадан кимден канча акча алсак, тыйынына чейин кайтарып бергенбиз. Ошондон мурунураак "Садырбаев элден акча чогултуп качып кеткени жатат" – деп чуулдатып жибериппедиби. Менин да, "Кайран элдин" да азыр эч кимден бир тыйын карызыбыз жок. Алты сериялуу бул фильмди Кыргызтелерадиокомпаниясына өткөрүп бергем. Эгер алар көргөзөбүз десе, эч ким каршы болбойт. Баса, мен да, музыкасын жазган Түголбай Казаков да, артисттер Гүлсара Ажыбекова, Дүйшөнбек Байдоботовдор да, картинанын гонорарынан бир тыйын акча алган эмеспиз. Дегеле, ал фильмден эч ким, эчтеке алган эмес, закон боюнча тиешелүү акысынан дагы. Эмгегибизди жөн эле эл үчүн бергенбиз. Президенттик шайлоо учурунда мени менен бир ооз кеңешпей туруп, ал фильмден үзүп-үзүп алышып, "кыргыздар озбектерге ушинтип кысым корсөткөн, ага күнөөлүү Масалиев" – дешип, аны А.Масалиевге каршы пайдаланып ийишти. Фильмдин ээси Кыргыз Өкмөтү, демек, көрсотобү же жокпу ошолор чечет. Эгерде фильмди элге көргөзүп туруп, мында коп опурталдуу жерлери бар

**экен, эми сени ал үчүн атып салыш керек десе, ага деле даярмын.**

**Адил Абылов (Бишкек):**

– Азыр жер-жерлерде, керек болсо парламентти таратып ийип деле А.Акаевдин президенттик полномочиесин үчүнчү мөөнөткө жылдырып коюу жөнүндө күбүр-шыбыр сөздүн көбөйүп келатканына эмне дейсиз?

**– Өто жаман деймии. Менимче, президеитти мындай пастыкка жетелеп жаткандар эң биринчи кезекте анын аброюн ылдыйлатып, укумдан-тукумга унутулбай турган арамзаиын чапаныи кийгизгени жатышканын президент озү деле билип-туюп жатса керек деп ойлоймун. Эгерде “кузгун чалдар” менен былгытма аппаратчик, өпкөсү желкеснидегн акимдердин кудайга жакпаган, мыйзамга сыйбаган кошомат-шоораты олконү ошондой кырдаалга жеткирип көйгон күндө да, жердештик, партиялаштык, тууганчылык, саясий муктаждык жана башка толуп жаткан “лыктардын” бардыгынан мыйзамды жогору коюп, мыйзамды ыйык туткан улут коопсуздугунун министри, мүлдо кыргызга таанымал генерал Ф. Кулов отставка сурап болсо дагы, санаалаш шефин мындай опурталдуу оюндан оолактатып кетет го деген үмүтүм бар.**

**А, жаза тайып, коздү чылк жуумп, кулакты жапырып коюп болбой эле ниети бузук, мыйзамды булгаган арамзалыкты коздой очүрөндой берсе, кечээ жакынкы эле күндордогү республиканын президентинин жумурай-журтка берген анты бузулат да, далай-далай убадаларынын тутуругу кетип, сөзү олот “Конституцияга гарант болуп, мыйзам сыйлаган бийлик жүргүзомүн” деген.**

**“Эр жигиттин созү олгондои корө...” – деген уюткулуу журттун улуу жана жүйөолүү сөзү үч адамдын экөөнүн оозунан чыгып турушун каалабас элем. Минтүү менен 20-30 жылдан кийин ун таркатып, май таркатып добуштарды сатып албастан, бийлик минип отуруп бюллетендерди “тууралап” ийбестен, чыныгы демократиялык жолдор менен тикеден-тике эл шайлап, Кыргызстанды бардык тарабынан осүп-онүгүүго алып бара турган бир карапайым кыргыздын баласы, республиканын болочок**

президентинин кендирин А.Акаев азыр өз колу менен кесип коет, бийликти менчиктештирип алуунун ууру жолдорунун дарбазасын ачып берип.

Буга дейре кулак угуп, көз көргөн бийлик кумарынын баңгилеринин басып өткөн жолун эстен чыгарбаш керек. Мисалы, мыйзамды тебелетип, үчүнчү мөөнөткө жеткирген аппетит төртүнчүсүнө дагы жетелебей койбойт. “Төрт бала чыккан жерден бешинчиси чыкпай калмак беле...” – деген чакырык ыргытылат анда, азыркы “ашуудa ат алмашылбайттын” ордуна. Ошентип, Кыргызстандын эли жалаң анекдоттордун идеологиясы менен жашап калабыз кыйла жылдарга дейре.

...Илгери бир кыргыз жигит өзбек кызына үйлөнгөн имиш. Ынтымакташып тирилик кылып, алар үч балалуу болушканда күйөөсү ааламдан өтүн кетиптир, сааты какса керек бу дүйнө менен кош айтыша турган. Канчалык кайгыга алдырып, канчалык кабыргалары кайышып турганына карабастан, үч баланын келечегин ойлогон кудалар өзбек келинди өзүнөн кичүү кайнисине никелештирип коет. Жылдар өтөт. Аял андан дагы үч балалуу болот. Күндөрдүн биринде базарга барып кыз кезиндеги курбуларынын бирөөнө учурап калат. Ошондо ал-жай сурашып маектешип турган курбусу “кыргызга күйөөгө чыккан кандай болот экен?” – деп сураса, берки “бети курусун, кыргызга күйөөгө чыккандан кийин өлүп эле кутулбасаң, алардан такыр кутула албайт экенсиң, улуусу өлсө кичүүсүнө алып бере беришет экен...” деген имиш.

Анын сыңарындай, калдырап-шалдырап калса да бешинчи, алтынчы мөөнөттү эптеп аягына чыгаргандан кийин, бийликти уулуна же кызына өткөрүп берүүнү эңсеп калат, андай нысапсыз неме. Буга жеткирген бийлик баңгилиги келип-келип үркөрдөй болгон элди үйдөй балээге кириптер кылбай койбойт, тебетей кийгендин бакисин бири-бирине камчы үйрүттүрүп. Ага дейре президент баш болуп мыйзамың түшкүрдү буйлалаган төөдөй кылып каалаган жагына жетелей берсе, жүрөгүндө жалы гана эмес, колунда каруусу бар бир азамат уул бала андай салынды

**мыйзамды аткан огунун аркасынан дыргаяктатып айдап албайт деп ким кепилин ала алат? Мен ала албаймын. Арасынан арбын кошоматчы чыккан эл болгондон кийин, бир тайманбас тентеги чыкпай коймок беле... Чыгат. Азыр бийлик тууралуу соз болгондо эле Тажикстанды мисалга келтирип, бей-бечаранын үрөйүн учурганды жакшы коробүз. Мындан 7-8 жыл илгери гезит-журналдарды барактап чыккан адам, азыркы Тажикстандагы кан тогүшүүнүн башаты, партиялардын, региондордун, кландардын коодон тирешүүлөрүнон эмес, ошол кездеги Тажик Республикасынын бийлик ээси Набиев деген неменин "Ишиңди башка бирөөгө откорүп берип, эл катары тирилигиңди кылгын. Биз сенден тажадык" деп оң жактагылардын да, сол жактагылардын да жакшылыкча айткандарына конбой, бийлигине ач кенедей жармаша бергенинен башталганын опоңой эле таап алат. Ошондо Набиев мансап кумарын саал басаңдатып, "болуптур, эл ишенимине татыган бироогө откөзүп берейин бийликти" деп олконүн президенттигине эркин шайлоөлор күнүн дайындап кетсе эле, Тажикстандын жарандары азыркыдай очүгүшүүго жетпейт эле. Эң биринчи ок атылып, эң алгачкы тамчы кан тогүлгондон кийин, андан наркыны ноктолоп калуу оңойго турбасын, башкалар түшүнбөсө да, биздин президентибиз түшүнөт го деп ойлоймун. Жадаган жоксузбу?**

– Жок, жадабай калайын, кокуй.

**– Жамандыр-жакшыдыр үмүт отун өчүрбөгөн мамлекеттик түзүлүш негизделип, ишке ашып кетнесе да, түпкүлүктүү келечектин багыты аныкталып калгандан кийин, ушуларга шыдыр жол тилеген ниети бар президент жанагыдай ыплас иштерге барбайт го деп ойлоймун. Аскар Акаевичке дагы беш, он жыл бийлик талпагында отургандан коро, озүнүн "укуктуу мамлекет" деген саясий перзентинин омүрүнүн узун болушу – бардыгынан кымбат экендигине ишенемин.**

**Болбосо, "дайыма эле сенин пайдаңды жактай берген мыйзамды мен моминтип коем" деп, жаны ачыган кимдир бироо жанагы Россиянын телевидениесине маска тагып**

**алып чыгып сүйлөгөн орус жигит сураган бир пачке сигаретке бир бөтөлкө арак кошуп берип койсо, мамлекеттүүлүктүн негизине доо кетип, демократиянын ыраңы дагы кызара түшөт. Менин коркконум – ушул.**

**Эң акырында айтаарым: илгери бир тамашакөй неме "өрт эле, өрт! Жардамга эле, жардамга" – деп айгай салып айылдаштарын үч-төрт жолу дүрбөлөңгө түшүрүп, шакаба чегип ойногон имиш дейт. Күндөрдүн биринде анын атканасынан чындап эле өрт чыгып, ал кайрадан: "Өрт эле өрт! Жардамга эле, жардамга!" – деп өкүрсө да, бакырса да айылдаштары "э, баягы обу жоктун орунсуз оюну болуш керек" – деп бирөөсү дагы бут басып сыртка чыкпай койгон экен, тамашакөйдүн атканасы эле эмес, там-ташы бүт бойдон тып-тыйпыл орттөнүп кетиптир.**

**"Өткөндө бекер убада берген экенбиз, дагы бир мөөнөт узартса болот тура. Эми ушул эң акыркысы. Конституцияда дагы бир жылчык калып калыптыр. Эми эң-эң, эң акыркысы болсун" деп эле бийлик үчүн жумурай-журтту кайра-кайра алдап дүрбөлөңгө сала берсе, бир жолкусунда болбосо да бир жолкусунда тажаган эл "баягы омурткаң сынгырдын орунсуз оюну болуш керек" деп референдум же шайлоого чыкпай коюшу да ыктымал.**

– Макул. Мени ынандырдыңыз деп коелу. Анда Аскар Акаевичтин ордун басар адамыңыз барбы азыркы Кыргызстанда?

**– Жок болсо, анда мамлекет атанып, кыргыз атанып кереги жок. Акаевден башка журттун жүгүн аркалай турган уулу же кызы жок эл – эл эмес. Анда улут короңгосунүн соолуганы. Кудай эч кимдин башына салбасын, мен ысык жандуулуктун, пендечиликтин Улуу жолун айтпай эле коеюн, багы ачылып, "А.Акаев 2,5 миллион кыргыз эмес, жер шарындагы 6 миллиард адамзаттын келечегине кам көрүшү керек!" – деп, ООНго генеральный секретарь кылып шайлап алып кетсе, мүлдө кыргыз кырылып калабы?..**

**Менимче, эң алгачкы мамлекеттүүлүктү түптөгөн кабылан бабабыз Манастан айрылганда өлүп-житип кетпеген кыргыз...**

**Сталинден айрылганда чогүп кетпеген кыргыз...**

**Кечээ жакында Т.Усубалиевибиз баш, Ч.Айтматовубуз төш, калгандары ичеги-чабагы, куйрук-шыйрак болуп жапатырмак “мы живы, еще будем жить только благодаря личной заботе о нашем народе дорогого Леонида Ильича” деп, анын аман-эсендигин кудайдан тилеп-сураганына карабай “дорогой Ильичтин” козү откөндөн кийин бөйрогү боксорүп кетпеген кыргыз...**

**Парламенттин тарап, А.Акаевдин бийликтен кеткенинен кылы кыйшайып койбостон, кортирлигин кылдыратып, Кыргыз Атаман калган чыйыры менен кете берет кылымдарды карытып... Так что, орусча түшүнсөңүз менин сизге акыркы бере турган кеңешим:**

**“Не сотвори кумира! Тем более если этот кумир достиг своего олимпа не только бесчестными путями, но и продолжает плести паскудно – лукавые интрижки только вокруг своей власти”. Канааттандыңызбы?**

– Канааттандым. Чоң рахмат.

**Аттокуров Арстанбек (Панфилов району):**

– Нурбек Байгазиев деген полковник Панфилов районундагы аскер бөлүгүнүн командири, бизден келишим менен эки тонна автол алып, эми акчасын бербей жатат. Керек болсо, президентке чейин арыздангыла, ал киши мени коргоп алат дейт. Өзү Кеминден болот экен. Кантип акыбызды алабыз? Үч айдан бери айлам түгөндү.

**– Арстанбек адресиңди айтсаң?**

– Панфилов районунда “Келечек” деген жерде турам. Набережная көчөсү, 88.

**– Арстанбек сен мага ал полковниктин распискасын алып кел. Жогорку Кеңештин 130-кабинетине, телефонум 27-15-92. Эгерде мен жок болуп калсам, жардамчыларыма таштап кет, макулбу? Чечип берүүгө аракет кылам.**

– Макул, сизге чоң рахмат!

**Махабат Макешова (Бишкек):**

– Дооронбек байке, мен Махабат Макешова, сизге бир суроом бар?

**– Атың жакшы экен, кызым, сурооңду бере кой.**

– Сиздин Медеткан Шеримкуловдун айылында бир жакшы үйү бар дейт, ошол чынбы?

**– Медеткан Шеримкуловдун айылында заңгыраган тамым жок. Илгери “Жыламыш” айылындагы бир Сүйөраалы деген аксакалдын атасынан калган эски тамын сатып алып, тегерегине бак-сак тигип, дача катары пайдаланып жүрөм. Менден кийин Шеримкулов кошуна болуп көчүп барган.**

– Дагы бир суроо?

**– Угуп атам...**

– Түштүктү качан бөлүп кетейин деген оюңуз бар?

**– Кимден бөлүнүп, каякка бөлүнүп, кимдерден оолактап, кимдерге жакындай тургандыктарын түштүктүн калкы өзү чечпесе, мага андай укук берилген эмес. Бул эң башкы маселе. Андан кийинкиси – кай жазыгым үчүн мени түндүктөн кубалап ийгени жатасыз? Жаза тайып, ошондой күн башка түшүп, Кыргызстан “түндүк-түштүк” делинген эки эгемендүү республикага бөлүнүп кетсе, мен түндүк жагында каламын деп жазсам керек эле. Себеби түштүкто төрөлүп эле калганым болбосо, түндүктө өнүп-өстүм, окудум-чокудум, кадырыма жараша карындаш-урук, жоро-жолдош күтүп, жаштык жалынымды, ак эмгегимди бердим түндүктүн эли-жерине. Чыгармачылыгым жалпы кыргызга таандык болгону менен, 40 жылдан бери Бишкек шаарында жашап, 40 жылдан бери тапкан-тутканымдын мыйзамга жараша салыгын көптүн бири катары дал ушул Бишкек шаарынын казынасына төгүп келатамын. Ал турсун, 80-жылдардын орто ченинде, компартиянын күүсүндө-күчүндө турган маалында, Кыргызстанга биринчи болуп “Кыргызстандын борбору кыргызча аталышы керек. Фрунзе шаарынын атын өзгөртпөсө болбойт, о, жумурай-журт” деген сунуш менен Байма Сутенова экөөбүздүн чыкканыбызды эсиңерден чыгарып ийдиңерби? Так что, менин Бишкек шаарынын толук кандуу, тең укуктуу тургуну экендигиме шек келтире турган эч жөнүңүз жок. Ким, каерде, канча жыл отурукташып калганын эсептегиңиз келсе, менин Бишкекте жашаган жылдарым президентиңизден да,**

мамлекеттик катчыңыздан да ашып түшөт. Ал эми түндүк-түштүк маселесине келсек, эгерде Нарындын калкына карата бийлик мыкчып отургандардын бейкалыс мамилесин сезип калсам, Ат-Башыда төролгөн уулдай эле кармашам андай адилетсиздик менен. Депутат болгуча мындай-мындай менен ишим жок эле. Депутат болгону угуп атам, көрүп атам түштүктүн элине, жерине, жогорку, орто билимдүү адистерине же билимсиз малчылары менен дыйкандарына экинчи сорттогу адамдар катары мамиле болуп жатканын. Бул акыры түбү келип жакшылыкка алып барбайт, "жашырган жараны акыры келип олүм ашкерелейт" деген, андайга жете электе бар проблеманы "жок эле, жок" деп билекти түрүнүп "түштүк" деп эле койгон кишини омуроолой бергендин ордуна, баарыбыз ийри отуруп, түз кеңешип, "огүздү өлтүрбөй, арабаны сындырбай турган" бүтүмгө келсек жакшы болор эле.

Акырында андай проблеманын бар жана олуттуу экендигин президентибиз А.Акаев деле айтып кетпедиби, огүнү Кыргызстандын элдеринин ассамблеясынын жыйынында. Өткон айларда депутат Р.О. Качкеевдин озү биринчи болуп "Кыргыз Туусу" аркылуу мага сөйкөнүп алганына каяша жазып, "Кыргыз Рухуна" жарыялаттырсам, "байкемдин шашмалыгы карман кеткен тура" деп, айтылуу Жаныбек Жанызак "Кыргыз маданиятынын" бети аркылуу контр каяша жазып, агасын омуроолоп отүптүр, билбегенин билгендей кагаз бетине түшүрүп.

Албетте, "пайшамбилик" жана ал күнго байланышкан ар кандай окуяларды жазганда, мен Жаныбек иниме теңеле албаймын. бирок, Жаныбектин ошол омуроосунан кийин 1996-жылдын март айында республиканын Борбордук шайлоо комиссиясы басмадан чыгарган справочниктен республикадагы шайлоочулардын жалпы санын салыштырып корсом, минтип агалдылаганы үчүн Жаныбектин айымдары тошокгөшүнүн колкосунан да аеолуу жерлерин жулуп алышмак. Мисалы, Бишкек шаарынын 341 миң 816 шайлоочусу Мыйзам чыгаруу жыйынына 6, Эл өкүлдөр жыйынына 12 депутат шайлап,

**Борбордук шайлоо комиссиясы түндүк тарапка 53,4577 шайлоочуну экономдоп берип, эгерде Чүй областынын Кемин округундагы шайлоочулардын жалпы саны 52 миң 512 гана адам экендигин эске салсак, жалал-абаддыктар Мыйзам чыгаруу жыйынына 1, Эл өкүлдөр жыйынына 2 депутат кем шайлап калышканын таптым. Эми бул кокустук болсун деп коелу. Анда Талас облусун кошпогондо (аиктын мыйзамга сыйбаган өзүнчө статусу бар экен), шарттуу түрдо шайлоочуларды түндүк жана түштүк тарапка бөлүп эсептесек, 1 миллион 70 миң 18 шайлоочусу бар түндүк тарап Мыйзам чыгаруучу жыйынга 18, Эл өкүлдөр жыйынына 36, ал эми түштүк тараптын 1 миллион 72 миң 226 шайлоочусунун Мыйзам чыгаруу жыйынга 16, Эл өкүлдөр жыйынына 34 гана депутат шайлаганын Жаныбек иним эле "калыстык" деп көкүрөгүн ургулабаса, эң жөнөкой арифметика дагы мындай теңдемени барабарлык деп айта албайт. Убактыңыз болсо, дагы бир мисалды айтып берейин...**

– Айта бериңиз, убактым бар.

**– Кыргызстандагы 31 орто окуу жайынын 8н гана түштүк тарапка жайгашып, ага мамлекет тарабынан 8 миллион 863 миң 500 сомдук каражат сарпталса, түндүк тарапка жайгашкан 23 орто окуу жайына 34 миллион 372 миң сом сарпталат экен. Ал эми 21 жогорку окуу жайынын төртөө гана түштүк тарапта экендигинен, 24 миллион 461 миң 800 сом бөлүнсө, түндүк тараптагы 18 жогорку окуу жайына 89 миллион 347 миң 100 сом бөлүнүшүн кантип калыстык деп айтабыз? Кыскасы, буга окшогон түндүктүн пайдасына түштүктүн эсебинен өөнөп кетип, экономдоп калып, кымырып коймойлорду турмуштун бардык тармагынан таап бере аламын.**

**Эми өзүңүз эле калыс болуп бериңизчи, максаты бир эл, бир журт болсок, саныбыз деле тыягында да, быягында да гепетең болсо, Ош, Жалал-Абад, Бишкекке келе турган самолеттун билетинин наркы 340 сом болсо, мен ооруканалардын эң жакшысы түндүкто, борбордо жайгашкаиын айтпай эле коеюн, деги түштүктүн балдары кантип түндүкко келип окуйт? Келе албай ошояктагы эле**

окуу жайларынан билим ала беришсин десек, анын дагы теңинде окуу озбек гилинде жүргүзүлот, анан дагы он жыл, он беш жылдан кийин орто жана жогорку билимдүүлөр түштүккө караганда түндүктө он-он беш эсеге коп болуп, мамлекеттик кызматтын бакиси алардын колуна тийип, түштүктүн калкынын шыбагасына мал багып, жер казгандан башка эчтеке жазылбай калабы?

Мындай үмүтсүздүктү сезин калган менин шайлоочуларым барган сайын сурап жатышат менден: “Бизге мындай мамиле кыла турган болсо, түштүктүн элинин Кыргызстандын составында кала турган кажети барбы же жокпу? Азыркы түндүк тараптагы мекеме, окуу жай, министрлик, Жогорку Кеңеш, Борбордук өкмөт мамлекеттик түзүлүшкө тогүп жаткан каражаттарыбызды Өзбекстанга откозүп берсек, балдарыбыздын да өкуусу оксүбой, больницаларыбыз да акысыз дарылайт эле”, – дешип. Ушуларды ачык айтып, колдон келишинче биргелешип бузугун оңдоп, журттун ынтымагын, мамлекеттин биримдигин бекемдейли деп жанталашсам эле “түштүктү качан бөлүп кетесиң?” деп итирендей берсеңер унчукпай деле кое алам.

Мен бул создордү эчен кылымдардан бери берекелүү Чүй боорунун топурагын тырмалап күн корүп, тукум улап келаткандардын пайдасы үчүн дагы айтып жатамын. Өокаты отпой калган Нарындын эли, жумуш таба албаган Ош, Талас, Жалал-Абаддын жаштары шаарга, шаардын тегерегиндеги айыл-кыштактарга азыркыдай болуп чогула берсе, акыры Чүйдүн жери гана эмес, элинин пейли тарып баратпайбы, күн откөн сайын. Бүткүл Чүй облусу жонүндө айтпай эле коеюн, акыркы жылдарда Москва районунун Целинный деген айыл өкмөтүнүн карамагына: 336 адам Өзбекстандан, 9 адам Тажикстандан, 76 адам Оштон, бардыгы болуп 421 адам көчүп келип башпаанек таап, жан сактап жатышат. Буга окшогон айылдар ого эле коп. Чүй боорунун тоо-ташы, топурагы резина эмес да, эби-сынына карабастан чое бергидей. Акыры меймандостуктун, боорлоштуктун, кең пейилдүүлүктүн дагы чеги болот да. Минтип отурса, Чүй эли озүнүн Ата Журтуна батпай, башка

**жактан башпаанек издегенге аргасыз болот аз жылдардан кийин. Же айбалтасын жаландатып, чокморун сөрөңдөтүп, жерин коргоп шымаланып чыга баштайт жаны ачыганда. Мен ошого жеткизбей, бардык маселени сабырдуулук менен, эстүүлүк менен, билгичтик менен талкуунга салып, алгылыктуу бүтүм чыгаралы деп жанталашып жатсам, трайбалисттин калпагын кийгизе берсеңер, кадырлуу Махабат кызым, анда мындан нары унчукпай эле коеюн.**

– Жо, унчуга бериңиз, агай. Биз сизди туура түшүнөбүз. Көпчүлүк кыргыздар сизди туура түшүнүшөт.

**– Рахмат, кызым, бактылуу бол.**

**Каныбек Бакиров (Каракол шаары):**

– Эгерде сиз Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланып калсаңыз, алгачкы үч айдын аралыгында кандай иштерди бүтүрөр элеңиз?

**– Каныбек, "итке темирдин кереги жок" – деген макалды уккан белеңиз?**

– Уккам... Ха, ха, ха... Бирок, биздин өлкөнүн Конституциясынын итке деле, адамга деле кыялданууга тыюу салган статьясы жок да. Сиз артистсиз го... Бир кыялданып көрбөйлүбү, байке.

**– Мейли. Андай кызматка шайланып калсам, эң оболу бүткүл Кыргызстандын жумурай-журтунун алдында мыйзамга жараша расмий ант бергенден кийин, жаныма Сонунбүбү Көлбаеваны чакырып келип, аны телевидение аркылуу жакшылап көргөзгүлө деп суранмакчымын.**

– Кечиресиз, Сонунбүбү Көлбаевна деген ким?

**– Ал менин зайыбым. Инаугурация залында жана телевидениеден бизди көрүп турган элге: "Ушул менин жубайым, маалында "сары катын" деп ыр арнаган байбичем. Балдарымдын энеси. Кесиби врач. Илимдин кандидаты. Ишинен тышкаркы милдети: уулум экөөбүздүн жакабызды кирдетпей, курсагыбызды ачырбай багат. Багыма жараша жакшы аял. Бирок, менин байбичем канчалык жакшы, канчалык сарамжал, канчалык билимдүү жана акылдуу болбосун, Кыргызстандын калкы аны эмес, мени шайлады да президент кылып. Андай болгондон кийин, о касиеттүү журт, мына бул менин**

**жубайымды саясий аренадан биринчи жана акыркы жолу көрүп атасыңар, себеби Сонунбүбү Көлбаевна буга дейре кандай жашап келсе, ошонусунан кенедей дагы өзгөрбөй жашай берет. Мамлекеттин ишине эч качан кийлигишпейт. Республиканын кадр тандоо саясатын тейлебейт. Эч кандай фонду-сонду, банк-санк, биргелешкен же өз алдынча чакан-чукан ишканаларды ачпайт. Ушулардын бирөөнө эле аралашканы билинген күнү, мен токтоосуз отставкага кетемин", – деп айтмакмын.**

**Бул биринчиси. Экинчиси, мен президент болуп шайланган күндөн үч айдын аралыгында республиканын болгон дараметин мурдагы президенттен, баягы бир чабан экинчисине койлорун өткөзүп бергендей кылып, маалымдуулук принцибинде, мал эсебин, пул эсебин, жан эсебин бардык кирише-чыгаша, аласа-бересеси менен колмо-кол өткөзүп алып, анан менден кийинки президентке куду ушундай жолдор менен өткөрүп берүү үчүн. Андан кийинки багытым ошол "прием-передачанын" жыйынтыгына жараша болот.**

**Эгерде колума мамлекеттүүлүктүн бардык тармагы дүркүрөп өсүп келаткан республика тийсе, мен анын багытын бузбай, андан ары карата өнүктүрүп кетүүнүн жолун издемекмин. Кокустан мамлекет карызга батып, жарандары жер сыйпалап отуруп калган ахвалда тийсе, мен дагы жакында Жалал-Абад областынын жалпы калкынын курултайында жаш губернатор Бекболот Талгарбековдун айтканын айтмакмын. Ал сөзмө-сөз болбосо да мааниси ушундай сөздөрдү айткан: "Мен облусту 1 миллиард 200 миллион карызы менен өткөрүп алдым. Бир дубан элдин мал-мүлкүн ушунчалык төгүп-чачкандар мыйзам алдында, журт алдында жооп бериши керек. Азыркы оор ахвалдан чыгып кетүү үчүн бардык проблема боюнча областтын эли жапатырмак мага жардам бербесе, жалгыз менин колуман эчтеке келбейт", – деп.**

**Менимче, Б.Талгарбеков азыр жападан-жалгыз туура жол менен бараткандай, "аксакалдар" эле жолдон чыгарып кетишпесе...**

**Бардык деңгээлдеги бийлик адамынын, айыл өкмотүнүн төрагалыгынан баштап, райондун акими, областтын губернатору, мамлекеттин премьер-министри жана республиканын президентине чейин өзүнүн алгачкы кадамын бардык маселе боюнча эсеп-кысаптан баштаса туура боло тургансып турат мага. Акыры "эсептүү дос айрылбайт" деген эстүү накылды бабаларыбыз бизге тегин жеринен калтырышпаса керек...**

**Болот Касымов (Ош шаары):**

– Сизди Аскар Акаевичтин эң келишпес оппозиционери деп жүрүшкөнү чынбы?

**– Жалган. Эч качан кастар тигип, А.Акаевдин кылган-турганынан кыйкым издеп, айыгышкан оппозицияда болгон эмесмин. Ал эми маал-маал аны менен коодон тирештирип, пикир кагыштырып же коюн-колтук алыштырып тургудай бир дагы партиянын, кыймылдын, бирикменин же форумдун мүчөсү болбогондуктан, а кишиге карата калыптанып калган кандайдыр бир конкреттүү позициям бар эле деп дагы айта албаймын. Республиканын "одобрянт" аксакалдары менен эч качан кайнаса каным кошулган эмес. Ошону үчүн президенттин кайсыдыр бир ишинин түпкүлүктүүлүгүнө көзүм жетсе – жактап чыккандан тартынбай, а жаза тайып андай болбой калса – каяша айткандан жалтанбай келемин. Үй-бүлөлүк карым-катнашым болбогондуктан, кандай адам экендиги тууралуу эчтеке дей албаймын. Президенттиги – мөртө-шортө. Бул – менин жеке пикирим. Өз мезгилинин салтына жараша кандидаттык, доктордук диссертацияларды эң сонун жактап алган дешет (социализмдин убагында мындайлар абдан көп болгон), бирок, педагогдук дүбүртүнүн Фрунзедеги политехникалык институттун бир факультетинен сырткары угулганы эсимде жок, илгери а дагы, мен дагы Советтик Кыргызстанда жашап, эмгектенип жүргөнүбүздө. Ал турсун, аны "таланттуу педагог, дүйнөнү дүңгүрөткөн окумуштуу, кыраан саясатчы, чыгаан уул" деп бир дагы кишинин айтканын угуп, жазгандарын окубаптырмын ошол маалда. Кийин**

**деле архивдеги гезит-журналдарды барактап чыгып, андай пикирлер жазылганын таба алган жокмун.**

**Азыр бийлик минип отурган адам жонүндо ар нерселерди жаза берсе болөт. Алардын чын-тогүнү бийлигинен түшкөндөн кийин билинет. Ага дейре бул маселеге баш оорутуунун кажети жок деп ойлоймун.**

**Зарыл Мамбеталиева (Бишкек шаары):**

**– Зарылка, мен сени тааныдым.**

– Койчу...

**– Сенин оңүңдү көрбөсо да, үнүңдү укпаган кыргыз жок болуш керек. Мүлдо кыргызга таанымал диктор Зарыл Мамбеталиеваны добушунан тааный албасам, ошондо эле оңбой калбаймынбы...**

– Рахмат, Доке, биздин искусство менен маданият тармагынан жалгыз өзүң депутат...

**– Жалгыз эмесмин. Адахам менен Исачы...**

– Аларыңдын деле маданияттын проблемалары жана анын ветерандарынын өлүү-тирүүсү менен иши жок. Баягыда, баарыбыз иштеп жүргөндө, кыргыздын телекөрсөтүүлөрү менен радиоуктурууларынын сапаты Орто Азия республикаларынын эң алдыңкысы эмес беле...

**– Аның чын.**

– Эми ошондогунун бири калган жок. Аердин жетекчилери тажрыйбалуу кызматкерлердин бакисин “бол, тезирээк пенсияңа кет” деп атып таратып бүттү. Пенсия жашына жете электердин деле көпчүлүгү кетип-кетип атып, Карыпкулов менен Сутенованын көзүнүн агы менен айлангандар гана калды. Азыркыдай примитивдүү радиоуктуруу, телекөрсөтүүлөр мурда эч качан болгон эмес. Ушуерден көгөрүп, ушерден өнүп-өстүң эле, эмне үчүн бир жолу келип, биздин алыбызды сурап койгон жоксуң?

**– Анын жүйөөлү себептери бар, Закен. Мен депутаттыкка ат салыша баштагандан тартып, 35 жыл эмгегимди берген Кыргыз телевидениеси “стабильнө” мага каршы иштей баштаса, кантип барам силердин ахвалыңардан кабар алганы. Ошол замат айгай салышпайбы “ Садырбаев путч чыгарып, амал талашып атат” – деп. Мен аерге барсам, илгертеден бери бирге**

**иштешип келген кесиптештерим, кучакташып көрүшүп, ал-жай сурашууга аргасыз болушат. Анан бир аптага жеткизбей андайды кызматынан айдап ийсе, учурашканым татыбай калбайбы... Эгер эсиңен чыгып кетпесе, ошол системада иштеген баарыңардан эң бирннчн болуп "Кыргызстандын эл артисти" деген наамды мен алган элем. Өзүм жөнүндө сөз кылбай эле коеюн, мени ошол даражага жеткизген, сени "эмгек сиңирген" даражага жеткизген Кыргыз радиосу менен телевидениесинин калыптанышына канын, жанын арнаган, азыр арабызда тирүү жүргөн же козү өтүп кеткен, кадырлуу кары, чал-кемпирлердин биринин сүрөтү жок да, бир жыл, эки жыл аерге жетекчилик кылып кеткендердин сүротторүн кире беришке бакырайтып илип коюшса, андай жерге кантип барам? Мен го Турциядан келип депутат болуптурмун. Ошол телевидениеде иштеп жүрүп депутат болгон Адахам Мадумаров мурдагы иштеген жерине барса, аерде кайтарып турган милиционерлер киргизбей коюшуптур. Мен депутатмын десе дагы.**

– Билебиз Адахам Кимсанбаевичти, бирок, биздин Президентибиз: "депутат болмоктон желмогуз болсо да менден руксаатсыз киргизсеңер, кызматыңардан айдап ийем" – деген, дешип ыйламсырап турушса, Адахам ал бечараларга залакамды тийгизбейин деп, ошо маалдагы Кыргызтелерадиокомпаниясынын президенти А.Матисаковго теңелген эмес.

– **Мен жаман болсом болгондурмун, бирок чыгармачылыгым, өнөрүм жаман эмес эле 35 жыл ошэрде иштеп, 80ге жакын даректүү, 16 көркөм, 6 музыкалуу фильм-концерт, 150 табак концерттик номерлерди кыргыз телевидениесинин фильмотекасына откоздүм эле. Алардын арасында М. Рыскулов, Ч. Иманкулов, Т. Тыныбеков, А. Чоробаев, Р. Абдыкадыров, Б. Минжылкыев, М. Тынаев, И. Ахунбаев сыяктуу жүзго жакын кыргыздын тарыхый адамдарынын элесин тасмага тартып архивге калтырсам, Садырбаевдин аты көп угулуп кетпесин деп, итиркейлери келгенинен ошолорду дагы элге көргозбөй келатышат. Акыры, мен жаман болсом да алар жаман адамдар эмес эле**

**го. “Алымкан” телефильминин 25 жылдыгына карата башкалардын баарын чакырып, анын эң башкы ролу Токтогулдун ролун ойногон адам алиге чейин тирүү жүрсө дагы, коңул үчүн болсо деле аны, Д. Садырбаевди, чакырып койбогон жерге кантип барам.**

**Мени депутат катары студияга чакырып маектешмек турсун, Жогорку Кеңеште сүйлогөн сөздөрүмдү кесип-кесип, канат-куйругун жулуп туруп, өзүлөрү каалагандай кылып чыгарып жатышса, кантип кабар алам силердин ахвалыңардан? Өткөн жылы “телевидение мага баш ийбейт”, – деп, премьер-министр А. Жумагулов озү ачыгын айтпадыбы...**

**Азыр телевидение президенттин аппаратынан башка эч кимдин созүн каакы өрдуна корбойт.**

**Ошону үчүн кыргыз телевидениесине жамандыгым да, жакшылыгым да тийбесин деп, биздин жыйынга анын проблемалары каралып жатканда, демонстративно сыртка чыгып кетип калып жүрөм.**

**Так что, мындан нары деле телевидение же анын кызматкерлери үчүн бирдеке жасаш колумдан келбейт. Бул ачуу чындык.**

– Сен минтип, кыйшалактап отурсаң, бизге окшогон кары-картаңдын алын сурай турган адам калган эмес турбайбы анда...

**– Кантип калбасын, бар...**

– Аның жерге кирсин, “Эркек үндүү катындын уяты жок. Катын үндүү эркектин кубаты жок” – дегендей, кубаты жоктун көзүн караткан заманыңа наалат анда...

**– Сабыр кыл, Зарылка. Айдын он беши жарык да, он беши караңгы. Экообүз ондүүлөргө жарык күндүн деле келип калгысы бардыр... жакшылыктан үмүтүңдү үзбө. Жанагы жаман уулуңдун омүрүн тиле.**

**Кенжайым Мүсүралиева (Талас шаары):**

– Эгерде сиз бийлик башында отурсаңыз, Топчубек Тургуналиев сыяктуу бир жаны тынбаган оппонентиңиз чыгып, эртеден керээли кечке башыңыздан ылдый балжыратып шыбай берсе, эмне кылар элеңиз?

**– Андай оппонентимдин акыл-эси коз корүноө жайында эмес болсо, ага теңелбей эле көймокмун. Эгерде акыл-эси**

**жайында, айткандары жөндүү болсо, анда өзүмө тиешелүү бийликтин күчү менен эң биринчи кезекте анын айткан кемчиликтеринин бакисин токтоосуз оңдоттуруп, ошондой окуяга кириптер болгон жер менен элдин сообуна калсам, экинчиси – оппонентимди бул темада сүйлөй алгыс абалга жеткизип салмакмын. Ага деле болбой "стабильно" сөйкөнө берсе, менин дагы алыма жараша ар-намысым, колумда койкондогон калемим, орусча, кыргызча, түркчө чулдурай ала турган тилим бар, кимдин кандай экенине жумурай-журт өзү бүтүм чыгарсын үчүн басма сөз бетинде консенсуска келе албасак, түз эфир аркылуу теледебатка чакырмакмын, сөз аркылуу жекеме-жекеге чыгып, багыттарыбызды аныктап алганы. Уткузуп койсом – иштегенди, сүйлөгөндү, кийингенди ошол оппонентимден үйрөнгөндү намыс корбостон, кызматташууга чакырмакмын. Утулуп калганына, жыгылганына тойбой эле, ал оңбогур сойруктонө берсе, андай-андайды көторүп эле коймокмун. Эгерде жакшылыкты билбеген бир кембагалга кечирим бере ала турган айкөлдүгүм болбосо, анда кайсы арыма эл тагдырын чечип, журттун жүгүн аркалаймын деп аттанып чыгам... Так что, Топчубек сыяктуулар менден чочулашпасын, мен эч убакта "баш кесмей бар, тил кесмей жок" деген эски накылдын аксиомалыгын танбаймын.**

**Чынара Бегалиева (Бишкек шаары):**

– Биздеги шайлоо системасы жөнүндө айтып берсеңиз?

**– Биз депутаттар, Кадырбеков, Текебаев болуп шайлоо кодексинин болжолдуу программасын жазып сунуш кылдык. Президенттен баштап, айыл өкмөтүнө чейин шайлоо шыйтың-мыйтыңы жок адилеттүү өтсүн деп, шайлоо механизмин иштеп чыктык. Аны жазууда алтымыштай мамлекеттердин мыйзамдары менен таанышып, талдап, ылайыктуусун пайдаландык. Мага тиешелүү "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо" мыйзамынын долбоорун толук бүтүрүп, жер-жерлердеги юридикалык уюмдарга, жеке инсандарга таратып бердим. Алардын пикирин угуп, анан талкууга**

**коебуз, элдин пикирин эске алып оңдоп-түздөйбүз, кемчилиги болсо.**

**Талант Бекбоев (Жалал-Абад):**

– Дооронбек байке, депутат болуп не таптыңыз?

**– Депутат болгондон бери озүмдү капаска түшкөн куштай эле сезип атам. Кабинеттен чыкпай столдо отуруп иштеп жатып, мына, олчоюп толуп да кеттим окшойт. 35 жыл кино тартып, ойдо-тоодо жүрчү элем. Ошондогу тамагымды азыр деле жейм, дале "Полет" тартам, ошондогудай эле бир эле маал тамактанам, керээли кечке кофени чылап ичем. Бирок, эл алдындагы жоопкерчилигим аябай артты. Ар бир мыйзам туура болуш үчүн күрөшом, оголе коп нерсени үйронүүго туура келет, жардам бериңиз дегендер да коп. Анан жалгыз эле депутаттык ишти аркалабайм. Өзүмдүн ыр дүйном деген бар, проза дүйном деген бар, кино дүйнөм деген бар, обондуу ыр дүйнөм деген бар. Айтор, убакыт отө тар. Депутат болом десем жолдошум да, уулум да колдогон жок. Анан депутат болгондо гана элге чай тартам десем гана аялым, Турциядан араң келди. Ал жерде алган айлыгым жакшы болчу. Биздин президенттин айлыгынан отуз эсе көп айлык алчумун. Ошону таштап, туулган жердин топурагы буюрса экен деген тилек менен кайра келип, ушингип, араңарда жүрөм...**

**Абдыжапар Эргешов (Ош шаары):**

– Эгерде сиз Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланып калсаңыз, кыргыз элин эмнеге үйрөтө алаар элеңиз?

**– Биринчиден, ачуу-таттуусу аралаш узак жолду басып откон уюткулуу кыргыз элин бирдекеге үйроткүдөй мен озүмдү ошол элдин эң акылдуусу, эң билгисимин деп эсептей албаймын.**

**Экинчиден, кыргыз эли бизге чейин эле мезгил менен табигаттан үйроно турганын эч кимдин жардамы жок эле үйронүп келатат. Р. Качкеев, Ж. Жанузаков, С. Жигитов, А. Акаев жана мага окшогондордон анча акылдуу, баарыбыздан иштерман адамдар жер-жерлерде четтен чыгат. Ошолор менен акыл калчашып туруп иш тутканга не жетсин. Антпей эле "мүлдө кыргызды баланчага үйротом!" – деп айтыштын озү опурталдуу сөз болуп калат,**

азыркы касың эмес досуң жакадан алып турган ырайымсыз заманда. Бирок, өшентсе дагы, жумурай-журтту болбосо да, кыргыздын атка минип туу жыга турган уул-кызын жеке өзүмдүн үлгүм менен, бир, чечкиндүү саясий кадам таштаганга үйрөтө аламын го деген оюм бар.

Ал – сааты какканда эч кимдин тамырына балта чаппай, эч кимдин башына камчы үйрүбөй, бироөнүн тамчы канын төктүрбөй, аксакал-коксакалдарды өөдө сүйрөп, ылдый сүйрөп кузгун атка көндурбай, мыйзамда жазылганына жараша кандай бийликти болбосун өзүнөн кийинкиге ыр-чыры жок өткөзүп берүү жөрөлгөсү.

Кудаага шүгүр, кыргыздар тээ Манас бабабыздын заманынан бери карата эки тизгин бир чылбырды колго карматкан зор бийликти кантип ээлеп алыштын адал-арам, мыйзамдуу-мыйзамсыз, жөндүү-жөнсүз жолдорун жакшы эле өздоштүрүп келатабыз, кызыганда кылычташып, бири-бирибизге уу берип же көпчүлүктүн ыктыярын мал-пулга сатып алып, абдан каалап турганда референдумга чыгып, такыр болбой калганда, чындыкты чыркыраткан кыраам шайлоолорду чампалай салып өткөзгонгө чейинки Европа менен Азиянын болгон митайымдыгын аргындаштырып ийгенден өйдо үйрөнүи.

Бир гана колдо турган бийликти озүнөн кийинкиге жакшылыкча откозүп берүү тартибин үйрөно албай келебиз, билимдүүбүз да, билимсизибиз да...

Атаганат, илгери мен “Махабат дастаны” деген телефильмимде казактын мыктысы Абдильхандын өөзу менен “Зарлап тапкан жалгыз баландын боорун жесең да, бийликти колдон чыгарбашың керек!” – деген сөздөрдү айттырганымда, жумурай-журтубуз менен мансапкор-бийликпараздардын ой-максатын келекелеп, жан дүйнөсүнүн ипластыгына жийиркенип андай арамдыктан оолак бололу деп айттырган элем. Менин замандаштарым муну түздон-түз түшүнүп алат деп үч уктасам түшүмо кирбептир, караан калгырдыкы. Ошону үчүн кармап турган бийлигин өзүнөн кийинкиге өткөрүп берсе эле ичээр суусу, көрөөр күнү түгөнүп кала тургансып, анысына ач кенедей жармаша бербестен, бийликтин ыйкы-тыйкысыз

**алмашылышы күндүн батканы менен таңдын атканындай оодарылбас-сайпалбас табигый көрүнүш экендигин кыргыздарга түшүндүрө аламын го деген үмүтүм бар.**

**Жаза тайып, андай бийлик колума тийип калса, кийин сааты какканда кабагым-кашым дебестен, ал бийликти менден кийин ала турган укукту жеңип чыккан адамга өткөзүп берип деле, олбой-житпей эл аралап басып жүрүүгө боло тургандыгын далилдейт болчумун.**

**Буга көп деле нерсенин кереги жок, менин түшүнүгүмдө. Болгону – бийлик адамынын алкы таза, жакындарынын колу туткак эмес, өзү жакшыдан да, жамандан да, бардан да, жоктон да ырсалактап кутула бербестен, ачуу болсо да, таттуу болсо да чындыкка жакындаштырып айткан сөзүнө ээлиги бар, бийликти жандай көргөн түгөйү, акыреттик досу, кадырлуу кайындары жана ак көз, көк көз, кара көз кашка баштуу же тармал чачтуу шакирт-устаттары менен бөлүшүп жүргүзбөстөн, жалгыз өзү жүргүзсө эле, кампир шабдоолу жегиче, кимдин - ким экени билинип калат.**

Ошондо:

**“Улугу ойчул болбосо,**

**Убара тарткан эл карып!”** – деген арман ыры сейрегирээк ырдалаар беле дейм да...

**Б.Аракеев (Бишкек шаары, “асабачы”):**

– Доке, менин да суроо салууга укугум бар, деги өзүңүз кандай адамсыз?

**– Чынын айтсам, менин сенден, Акаевден, Ельциндеи, Топчубектен эчтекем артык да эмес, кем да эмес, бир кыргыздын баласымын. Силерде бардын бардыгы менде да бар. Силердикиндей эле кулак-мурун, ооз, кекиртек, киндик...**

– Болду, болду, Доке. Түшүндүм. Биздей эле турбайсызбы.

***1997-жылдын 5-августунда “Түз байланышты” уюштурган Баратбай Аракеев***

# БОШ АРАБАНЫН ҮНҮ КАТУУ ЧЫГАТ

Дооронбек Садырбаев сагындырбай сүйлөгөн, элди зериктирбестерден эмеспи. Ошол адатынан тайбай жакында “Асабанын” окурмандары менен аңгеме куруптур. Телефон аркылуу. Анысына кымындай тарчылыгыбыз жок. Биздин акчабыз кетип атты беле. Бирок, ээрге жөндүү минбеген сыяктанып калды. Алай районунан Искендер Чойбек телефон чалат экен. Биз билгенден Искендер Чойбеков деген чоң чабан Сузакта жашап, кыйла жыл мурда дүйнөдөн өтсө керек эле. Албетте, кыргызда аты, ал тургай фамилиясы кошо окшош кишилер кездешет. Анткени менен Дооронбек Садырбаевге, айрымдардын айтымдарына караганда, илгери атылып өлгөн чабанга аты, фамилиясынан бери окшош карыя пенсиясын аябай, Алайдан атайын телефон чалганы приключенский кинолордогу окуяга окшошуп кетип жаткан жокпу?

Анан калса, Докем ушул кишиден гана жашын сурайт да, анын акчасын аяганбы, айтор, кайсы айылдан экендигине кызыкпайт. 73 жаштагы карыянын берген суроосу моберегиндей: “Эмне үчүн кыргыз тили баркын жоготуп баратат? Тилибиз юриспруденция, мамлекеттин ишин алып барууга, техникалык түшүнүктөргө жарабайт дешет. Анда Кыргыз мамлекети болуштун эмне кажети бар? Ошого байланыштуу орус тилине официалдуу статус берилишине сиздин көз карашыңыз кандай?”.

Ээ Кудай, мунусу алайлык 73 жаштагы карыянын суроосунан көрөкчө Садырбаевдин өзүнө өзү берген суроого окшоп турган жокпу? Экинчиден, мынчалык билимдүү ардагер Докеден жашын суратпай эле кайсы айылдан, канча жашта экенин, мурда кандай кызмат, жумушта иштегенин так айтып туруп, анан суроого өтмөк. Үчүнчүдөн, мынчалык окумал

карыя Докеге мындай суроо менен телефон чалып, тыйынын коротмок эмес. Анткени, Садырбаев орус тилине официалдуу тил статусу берилиши керектигин жазбаган гезит, сүйлөбөгөн радио, телевизор калдыбы? Ошондуктан, жанагыдай ардагер чындап телефон чалса, тил чайнабастан нагыз алайлыктарчасынан "Дооронбек, сен орус тилин эмнеликтен кыргыз тилинен бийик койгону жатасың?" демек.

Баса, ал жарыктык 2 суроосу бардыгын айтып алып, бирин гана берип тим болот. Анысын Дооронбек Садырбаев кандай түшүнгөнүн билбейбиз, биздин акылыбыз айран. Алайлык абасынын 2-суроого акчасы жетпей калганыбы, же алгачкы суроосуна жооп уккандан кийин "Ишенген төөм сен болсоң, кепшегениң курусун" деп трубканы коюп койгонубу?

Бишкектик Абил Абылов Акаевдин президенттик полномочиесин 3-жолу узартуу жөнүндө сураган имиш. Мен билгенден бул күбүр-шыбырды дал Садырбаев сыяктуулар оюнан чыгарышып, КР Президентинин басма сөз катчысы К.Иманалиев кабарчылар менен кезигишүүдө президенттик эмики шайлоо да мыйзамдын негизинде өтөрү жөнүндө так жана кесе жооп кайтарган. Кыскасы, Доке өзүнүн шыбышы суу сепкендей өчкөнүнө өзөгү өрттөнүп, аны канткенде да кайра бықшытууга өтө кумар шекилдүү.

Анан "бир тентек чыкпай коймок беле..." деп алып, "Мен президент болсом..." деп баштап, дартынын диагнозун ачык айтыптыр. Баягы жылы элден акча чогултуп алып, "Кайран эл" деген кино тартып, аны жаңылбасам, виңе-премьер-министр Абдыганы Эркебаев экрандан көрсөттүрбөй жатканы жөнүндө негизсиз чуу салып, "Эгерде ушинте беришсе, өзүмү өзүм өрттөп ийем" деген эле. Абылов менен аңгемесинде да "Эгер мени президенттикке шайлабасаңар, өзүмү өзүм өрттөйм" дегенге аз калыптыр. Калыбы, эмики сүйлөшүүсүндө андай ультиматумун деле кое тургандай. Айрымдар атагы чыкпаса, жер өрттөшү, тентектер кыпкызыл ташты кучактап жыгылышы мурдатан келаткан салт, жаңылык, баатырдык деле эмес. "Өз ишин жакшы иштесе, ошол баатыр" деген илгерки даанышман.

Докебиз биз билгенден киночулугун кыргыз баалабаганына таарынып, баягы жылы Чеченстанга барды. Бирөө аны Кыргызстандан кууп жаткансып, Чеченстан баш баанек берер-

бербесин сурады. Дудаевдин “Сизди үй-жай, кызмат менен камсыз кылуу милдетин мойнума аламын. Үй-бүлөңүздү багуу-кагуу биздин милдетибиз” деген сыяктуу жообун гезитке жарыялап, бүт кыргыз эли эми окүрүп-өксөп бутуму кучактап, “кетпелеп!” жалынып-жалбарат го деди оюнда. Кыргызы “Чечендерге Садырбаев эле жетпей жатса, төрт тарабы кыбыла, ак жолу ачылсын, бара койсун” деп батасын аябады.

Чеченстан аны алаканга салган-салбаганын ким билсин, айтор, Түркияда жүргөнүң жөнүндө ал жактагы элчибиз, киносун тиягы Америка, бияггы Жапания жапа тырмак көргөн, таңданган Төлөмүш Океевден уктук. Садырбаев Кыргызстандын консулдугуна барбай, мыйзам боюнча каттоодон өтүп турбай, “Мен Чеченстандын граждананимин” дептир. Анысы кыргыз экенинен арданганыбы, же өзүнүн кыргыз экендигине шектенгениби, кайдан билдик.

Аны уккан түрктөр, чечендер кандай ойдо калганына да кызыкпадык.

Айтор, “Инжилдеги” адашкан баладай акыры кайра келди. Эгер бир түрк, же чечен башка өлкөгө барып, өзүн Түркиянын, же Чеченстандын гражданини эмесмин деп, консулга корсулдагандан кийин кайра келсе, деги кишиси түгөнүп баратса да киргизет беле, жок беле? Ак көңүл, “ар айылда бир тентек болот да” деген кең пейил, кечиримдүү кыргызы батырды. Кеткенине көңүл бурбагандай эле, келгенине да көңүл бурбады. Батырмак тургай, депутаттыкка шайлап алды.

Докебиз депутат болуп алып, “Өзбекстанга кошулабыз деп бир чал айтты” деп бир чыгат, “Мен Президент болсом...” деп бир чыгат.

Бир чал айтса айткандыр. Карылык эмне дегизбейт. Бөпөлөгөн уулун көз көрүнөө жер жеберине жете жамандагандары да бар, бияггынан жеп-ичкенин бияггынан унутуп. Садырбаевдин чалы кандай чал экенин, кандай жагдайда сүйлөгөнүн кайдан билдик. Көрүнгөн абышканын оюна келген кебин чоң маселе кылып гезит аркылуу айтып чыгуу депутатка жарашабы?

Ошондой сөздү өзбек, же түркмөн, казак чалынын, шайлоочусунун атынан алардын депутаты гезит аркылуу айтып чыкса, азыр каерде жатар эле? Же аларда бейиш орноп калса,

ошол чал менен Докебиз аякка көчүп кетсе, колунан ким кармап турат? Баягы кетип жүргөн Доке да. Барып жыргай беришпейби? Ошоякта жашап, аердеги турмуш, тартип жөнүндө оюна келгенин сүйлөп көрүшпөйбү.

Абышкалардын өзүн да, сөзүн да сыйлайт экен го десек, кайра аларды “кузгун чалдар” деп сөгүп турган да Докебиз.

Чалдын атынан айткан сөзүнө эч ким көңүл бурбай койгондон кийин Докебиз бишкектик Махабат деген карындашына: “Түштүктү качан бөлүп кетейин деген оюңуз бар?” деген суроо бердириптир, түштүктүн элин койдой алдына салып айдап жүргөнсүп.

Балким, андай кыз чынында эле бардыр. Түшүнсөң түшүнөрсүң, түшүнбөсөң баарыбыздын башыбызды бүтүрө бересиң деген мыскыл менен узаткандыр суроону.

Деги кыргыз бош арабанын үнү катуу чыгарын илгертен айта келген эмеспи.

Айтмакчы, окурмандардын биринен: “Кайран элиңиз” Токтогул атындагы сыйлыкка көрсөтүлгөндө Акаевди мактай баштадыңыз эле, сыйлыктан куру жалак калгандан кийин аны сындоого өткөнүңүз кандай?” деген суроо кантип түшпөсүн. Докем ошол суроого деле жооп кайтарып койсо, эч бир ашыктык болмок эмес.

***Субанбек Айткулов, “Кыргыз Туусу”,***
***1997-жылдын 19-августу***

# ВОСТОК ДЕЛО ТОНКОЕ...

1997-жылдын 12-сентябрында Кыргызтелерадиокомпаниясынын өзү баш редакторлук кылган “Обо” газетасында Эсенбай Калдаров үкам “Кайран элди” калканч кылып, кайран талант түгөндү...” – деп, мага арнаган көп сериялуу макала жазып жатканын билгизип, анын биринчи бөлүгүн жарыялап чыгыптыр. Буга эч каршылыгым жок, “казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса” деген. Азыр Калдаров кандай жазса дагы “Обо” газетасына жараша берет.

Анын үстүнө келип-келип Эсенбай-оштуктун макаласынын аты туура экендигин моюнга алууга аргасызмын. “Кайран элди” калканч кыламбы, “Асаба” же башканыбы, айтор, племенной чалдардын, оштук балдардын заманында жашаймын деп, талант түгүл өзүм түгөнүп келатканым калп эмес. Мен эмне болуп калыптырмын, акыры келип А. Акаевдин бийлиги деле түгөнөт. Мамлекеттик телерадиокомпаниянын жетекчиси өзгөрүп кетсе, “Обонун” баш редакторлугу деле түгөнүп калышы ыктымал. Буга өйдө-төмөн айтышып отуруунун кажети жок, “өлбөстү, түгонбөстү Теңир жаратпагандыгын” башкалар тургай бакма кезиттегилер деле түшүнсө керек деп ойлоймун.

Ага дейре Эсенбай-оштуктун конкреттүү бир суроосуна мен дагы конкреттүү бир жооп берип алайын, калганын сериал бүткөндөн кийин көрө жатаарбыз.

Ал:

– ...Баягыда теледен Аскар Акаевди аябай мактадыңыз эле, көрсө, ал кезде “Кайран эл” телефильмиңиз Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп, үмүтүңүздүн оту жанып, үзүлө түшкөн окшобойсузбу. Эми эмне болду? Сыйлык ала албай калсаңыз эле сыйыртмагыңызды ала чуркашыңыз керекпи? – деген суроо.

Мамлекеттик сыйлыгыңа ыраазымын, үкам, мага бүгүн ушундай суроо бергенден артык сыйлык жок, кыйладан бери өзүм дагы чийки май жегендей болуп жүрдүм эле, сенин шарапатың менен мен дагы ошо маселе боюнча айтаарымды айтып калайын... Сага чоң рахмат. "Восток дело тонкое" – дегенди ар ким-ар ким билгени менен, "А воопще кошмар..." – дегенди элдин баары эле сен экөөбүзчөлүк түшүнө бербейт. Теңир жалгасын. Ушунуңдан жазба.

Анда А. Акаевди теледен кантип мактап ийгенимдин төркүнүн чечмелеп берейин.

Бир күнү "Шаде" студиясынын кызматкери Өмүрбек деген жигит телефон чалыптыр, биздин "Кечки чай" деген теле көрсөтүүбүзгө келип маектешип кетесизби деп. Мен биринчи кезекте маек кайсы тилде өтөт деп сурадым. Өмүрбек:

– Орус тилинде маектешебиз, байке. "Шаде" – деген студия мамлекеттик телевидениеге көз каранды эмес, сиз кандай айтсаңыз, кыскартылбастан, түзөтүлбөстөн ошондой көрсөтүлөт. Үзбөйбүз, жулкпайбыз, редакциялабайбыз, – деди.

Мен макул болдум. Анан студияда аркыл темада маектешип отурганда Өмүрбек:

– Кыргызстандын Президенти А. Акаев тууралуу оюңуз кандай? – деп сурап калды.

– Ушул маселени жөн эле койсок кантет, Өмүрбек...

– Айта бериңиз, байке, сиздин оюңузду билүү бизге да өтө кызыктуу.

– Чынын айтайынбы?

– Чынын айтыңыз.

– Анда Орто Азия жана Казакстан Республикаларынын Президенттерине салыштырганда биздин Президентибиздин өлсө өлүгү артык. Акыл-эс, өң-түс, билим жагынан да, саясатчылыгы жагынан да, демократияга ыктоо жагынан да, калп айткан менен болобу биздин Президентибиз мыкты эле... Бирок, Россиянын, Кавказдын, Прибалтиканын же Европа өлкөлөрүнүн Президенттерине салыштырганда, албетте, биздики мөртө-шөртө, бар менен жоктун ортосунда...

Кийин Өмүрбек мага "... биздин Президентибиз мыкты эле..." деген жериме чейин айттырып келип, калганын кесип таштап көргөзсө болобу... Ишенбесең – Өмүрбектин өзүнөн же

ошо күнү иштеген телевидениенин кызматкерлеринен сурасаң болот. Минтип отурганда илибой маселе боюнча эмне гана дебегин, Өмүрбек же сага окшогон оштук журналисттер өмүрү түгөнгүчө – "эки жерде эки төрт эмес, сиз канча кааласаңыз, ошончо болот кожайин" – деген саясатты жүргүзө берет да. Ишиңердин актыгына ишенсеңер, көргөзгүлө элге кыскартылбаган кассетаңарды, анан сүйлөшөбүз аерде ким мактaлып, ким макталбаганын.

Азырынча айтаарым ушул.

***"Res publika", 1997-жылдын 30-сентябры***

**Депутат Д.Садырбаевдин акыркы мезгилде массалык-маалыматтарга жазган макалаларына жана интервьюсуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун милдетин аткаруучу айым Г.А. Пугачеванын авторго жолдогон эскертүүсүнө карата**

# ПИКИР

Акыркы күндөрү республикалык газеталарга өлкөнүн Башкы прокуратурасынын билдирүүсү жарыяланып, анда Жогорку Кеңештин депутаты, белгилүү кинорежиссер, Эл артисти Д.Садырбаевдин прессага чыккан макалаларында түштүк элин бөлүп кетүү жөнүндө ой айткан жана Конституцияга каршы иш жүргүзгөн деген мыйзамсыз доомат айтылып, авторго эскертүү жиберилгени жарыяланды.

Башкы прокуратуранын бул билдирүүсү депутат жана окумуштуу катары мени да аябай таң калтырды. Доөронбек Садырбаевичтин жазгандарын толук, кунт коюу менен кайрадан окуп чыгууга мажбур кылды. Д.Садырбаевдин макалаларында эч кандай мыйзамды бузган сүйлөмдү таба алган жокмун. Өлкөнүн эркин атуулу катары, кала берсе депутат-саясатчы катары түндүк-түштүктүн социалдык-экономикалык маселелери, кадрлары жөнүндө далилдүү мисалдар менен жекече пикири көрсөтүлгөн бул макалалар да. Же Садырбаевдин эркин ой жүгүртүү укугу да чектелүүбү? Анда эле Баш прокуратуранын катын: “Сен мендей ойлон, мендей ойлонбосоң менин душманымсың”, – деген саясат менен бөйрөктөн шыйрак чыгарып, эркин кишинин эки бутун бир кончко тыгып, озүн маңкуртка айландырууга болгон аракет катары баалоого болот. Деги эле кудай жамандыктын бетин ары кылсын, мындай корүнүш 1937-жылды элестетет. Ал алаамат заманды да Сталин баштабай, анын тегерегиндеги “бөрк ал

десе, баш алган" "укук коргоочулар" баштаганына тарыхтын өзү күбө. Мынчалык болгондон кийин Садырбаев эмнеге укуктуу да, эмнеге укуксуз экенин белгилеп кетсе жакшы болмок экен "предостережение" катында и.о. Башкы прокурор айым.

Менин оюмча, депутаттын инсандык укугун публично чектөөгө кылган аракети менен Башкы прокурордун милдетин аткаруучу айым Г.А. Пугачева коомчулуктун алдында, пресса аркылуу депутат Д. Садырбаевден кечирим суроого милдеттүү деп эсептеймин. Анткени, Д.Садырбаев эл депутаты, артында үч райондун калкы турат. Садырбаевдин шайлоочулары маселенин ак-карасын толук билүүсү зарыл.

Прокуратура депутаттарга карата "Ормон опузасын" коюп, өлкөдө жүрүп жаткан бийлик коррупциясына, уюшулган мафияга каршы күрөшүүнү күчөтсө өз милдетин туура аткарган болуп, мамлекетке пайданы көбүрөөк алып келмек.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл окүлдөр жыйынын депутаты, тарых илимдеринин доктору, профессор Досбол Нур уулу.**

**Республиканын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Д. Садырбаевдин "Өлкөнүн биримдиги омуроологудай Омдун закону эмес" (04.06.97.), "Аскар Акаевдин президенттиги мөртө-шөртө" ("Асаба", 15.08.97.) аттуу макалаларында козголгон маселе боюнча кыскача**

# ПИКИР

Эки макаланы тең өтө дыкаттык менен окуп чыккан соң, мындай бүтүмгө келдим:

Биринчи макалада бүтүндөй түндүк-түштүк маселесине арналган, автор бул проблема мурунтан бери жашап келаткандыгын, бүгүнкү күндө да жоюлуп кетпегендигин, мунун айрым бир себептерин көрсөтүп, аталган маселеге кайдыгерлик менен кароого болбой тургандыгын өзүнүн оппоненттерине жаны күйүп эскертет. Бирок Д. Садырбаев

канчалык буркан-шаркан түшүп чебелектебесин, макалада түштүктү өзүнчө бөлүп кетүү жөнүндө ой айтылбайт, деги эле мындай ой автордун ниетинде жок экендигин макаланын жалпы духу тастыктап турат. Ошентсе да, авторго мындай доомат неге коюлуп отурат буга, менимче, мындай эки жагдай себеп болгон көрүнөт.

1. Автордун айрым ойлорун контексттен жулуп алып, өзүнчө талкуулангандык, андагы эмоциялык-экспрессивдик маани ньюанстарга назар бурбагандык (12-б.);

2. Айрым шайлоочулардын айткандарын Д. Садырбаевге таңуулоо (14-16-б.). айталы, анын Сашке аттуу бир шайлоочусу "мен-сен" дешип сексеңдешип отурбай, жакшылыкча бөлүнүп алсак кантет" – дегендей ойду кыйытат. Бирок, Сашкесинин мындай оюна Д. Садырбаевдин караманча каршы экендиги экөөнүн андан аркы кайым айтышуусунан айкын болуп турат. Айта кетчү дагы бир жагдай: автор Сашке менен кайым айтышууну "көрдүңөрбү, бөлүнүп кетүүгө мезгил жетиптир!" – деген ниетин берүүдө эмес, а түштүк-түндүк маселесине өтө олуттуу, калыс мамиле кылып аны чечүү зарылдыгын, болбосо анын кесепети чоң мүшкүлгө алып келерин өзүнүн оппоненттерине дагы бир жолу эскертип коюу үчүн гана келтирет.

3. "Асабанын" түз байланышында, башына эмне мынчалык күч келгенин билбейм, Махабат аттуу бир окурман минтип собол таштайт: "Түштүктү качан бөлүп кетейин деген оюңуз бар?"

Д. Садырбаев буга эч кандай укугу жоктугун баса белгилөө менен, өзүнүн түштүктүн гана эмес, атпай кыргыз элинин атуулу экендигин карындашына эскертет. Ушул эле маалда түндүк-түштүк маселесине кастарын тигип калгандыгынын себебин да фактылар аркылуу тастыктайт. Кыскасы, бул жерде деле түштүктү бөлүп кетүү тууралуу эч нерсе айтылган эмес.

Жыйынтыктап айтканда, мен Д. Садырбаевдин өйдөдөгү макалаларынан Кыргызстанды бөлүп жаруу, түштүктү өзүнчө бөлүп кетүү жөнүндөгү ойду учурата албадым. Ар ким өзү жакшы билген, туулуп-өскөн жеринин көйгөйүн жарыя кылып, ал үчүн чыркырап күйүүгө толук акылуу, а түгүл буга, милдеткер деп да эсептеймин. Ал эми Д. Садырбаевдин түштүк-

түндүк боюнча айткандарына карата менин өзүмдүн жекече көз карашым, ой-пикирим да бар, бул болсо – өзүнчө маселе.

**Бейшебай Усубалиев, жазуучу, филология илимдеринин доктору**

**Мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук, укуктук жана сот реформасы боюнча комитеттин төрагасы**

**Өмүрбек Текебаевге**

Кыргызстандын Эл артисти, кинорежиссер, Республиканын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Дооронбек Садырбаевдин "Кыргыз руху" жана "Асаба" газеталарында жарыяланган макалаларын окуп чыгып, анда республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучу
Г.А. Пугачева айым атайылап эскерте тургандай эч бир дооматтын жок экендигине жана ал доомат Белорусиянын Президенти А. Лукашенконун: "П. Шеремет менин өмүрүмө атайылап коркунуч келтирген" дегендей эле догурунгандык экенине ынандым.

Атагы ааламга кеткен атабыз Ч. Айтматов да жетимишке жеткенде жер тиктеп, чамгарагы чайпалып, керегеси керилген бүгүнкү кыргыздын бүгүнкү кайгы-азабына кабагы түйүлбөй, кабыргасы сөгүлбөй "жанды багам бир тобунан өйдөрөөк" деп, кара жанын багып калганда, "кыргыз тили" деп кыйкырып кыйла абройго жеткен, мурдагы депутат, акын агабыз Б. Бобулов эки бөлмө, бир орденге алданып, "эне тилиң эмне болсо ошо болсун, кара курсагым ток болсун" деп оозуна кум куюп олтурганда, каратаман калктын кайгысына канын кайнатып, жанын эзип тулпардай туйлап турган
Т. Тургуналиевдин каардуу үнүн кур-жалаа менен күм-жам кылып, чындыкты айтканы үчүн чымындай жанын чыркыратып зынданга камалган З. Сыдыкованын күйгүлтүк тагдырына күйүп турганда, журт кызыкчылыгы деп жулунган жыйырмага жакын партиялардын башчылары журтунун жылдызы түшүп, калкынын карды ачып кайырчы болуп баратканына кабагым-кашым деп койбой, кошоматка коюн союп, кол куушуруп турган чагыбызда – элим деп жүрөгүн Чолпонбай сыяктуу адилетсиздиктин амбуразурасына кое койгон жаанда жок патриот, кыргызды кыйлага тааныткан таланттуу

кинорежиссер, Дооронбек Садырбаевге "туура эмес иш кылып жатасың" деп эскертүү бергендин ордуна "Баатыр" деген наам бериш керек эле, себеби чындыкты көзү ачык, акылы тунук, кечээги менен эртеңкиге сарасеп салган дүнүйө, бийлике алданбаган даанышман киши айтат, ошол даанышман адам ушу – Дооронбек Садырбаев.

Ата-эне деген өз балдарын озгочөлөбөш керек, бирин өйдө, бирин ылдый көргөндө болбой калат, президент да эли үчүн ата-энедей калыс, адилет болуш керек, андай болбогондо эртедир-кечтир ыйкы-тыйкы башталат. Д.Садырбаев кадр маселесин, түштүк элинен чыккан кадрлардын тагдырына боор толгойт, шайлоочулардын эсеби ашып турса да эки палатага төрт депутаттын кем шайланганына кабатыр болот. Ал эмес мен дагы ушул чындыкты бүгүн угуп, эмне үчүн ошентип калганына кабатыр болуп отурам. Колду көкүрөкко коюп чындыкты айтсам, түштүк элинен кадрларды тандаганда биргадирге жарабай турганын бийиктетип, учетчик боло албасын тим эле учуруп, ал эми нака мыкты дегендерди көрмөксөн, байкамаксан болуп, антип эле тим болбой "бир туугандары тигинтти, минтти" деп "коңгуроо" тагып атайылап шаңгыратып койгонун калыстык эмес деп эсептейм.

Түз байланышта Д. Садырбаев курч маселени курчунан коюп: "Менин шайлоочуларым барган сайын сурап жатышат менден: "Бизге мындай мамиле кыла турган болсо, түштүктүн элинин Кыргызстандын составында кала турган кажети барбы же жокпу? Азыркы түндүк тараптагы мекеме, окуу жай, министрлик, Жогорку Кеңеш, Борбордук Өкмөт мамлекеттик түзүлүшкө төгүп жаткан каражаттарыбызды Өзбекстанга өткөзүп берсек, балдарыбыздын окуусу өксүбөй, больницаларыбыз да акысыз дарылайт эле" дешип. Ушуларды ачык айтып, колдон келишинче биргелешип бузугун оңдоп, журттун ынтымагын, мамлекеттин биримдигин бекемдейли" – деп жатпайбы! Бул жерде эч кандай бузуп жаруу, бөлүнүп кетүү жөнүндө сөз, максат жок, бирок чечилчү маселе уюп жатат, ал маселе адилет чечилбесе ал "акыры түбү келип жакшылыкка алып барбайт" дегенге толугу менен кошулам.

Мени таң калтырган дагы бир нерсе Республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучу Г.А. Пугачева айымдын

кыргызча билбей туруп кыргызча жазылган макаланын "маңызын" түшүнүп алгандыгы. Кантип? Эмне үчүн башка кыргыз орун басарлары турса, тил билбеген бул айымдын колу менен келет эскертүү? Бул жерде саясий оюндардын саманы сампарлап күйүп жаткан жери жокпу? Же "ит күлүгүн түлкү сүйбөйт" деп, чындыкты чыркырап айткандын бөркүн казанбактай кылып, бөкөчө көрсөтүп жатабы?

Түрк элинде "Чындыкты айтканды тогуз айыл сабайт" деген кеп бар, ал эми Докебиз "Жашасын онунчу айыл" деп жумурай журту үчүн жанын жанга уруп турганда, ошо онунчу айылга сабаттырбай алып калыш керек, анткени ал эл деп күйүп, жер деп күйүп эртеңки үчүн күн тынымын, түн уйкусун бузуп эт жүрөгүн элжиреткен эл уулу – Дооронбек Садырбаев.

Анатай Өмүрканов, Алыкул Осмонов атындагы сыйлыктын ээси

Решение

Комитета по государственному устройству, законности, судебно-правовой реформе Законодательного собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики

Комитет по государственному устройству, законности и судебно-правовой реформе, рассмотрев обращение депутата Законодательного собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Д. Садырбаева по вопросу об обоснованности вынесенного в отношении его и.о. Генерального прокурора Кыргызской Республики Г.А. Пугачевой «Предостережения о недопустимости нарушения закона», в связи с публикацией в газетах «Кыргыз Руху» и «Асаба» его статей, отмечает следующее.

В газете «Кыргыз Руху» за 4 июня 1997 года Д. Садырбаевым опубликована полемического характера статья «Өлкөнүн биримдиги мырза Омоевич омуроологудай Омдун закону эмес... жаны кашайгандын каяшасы». В этой статье он в споре с журналистом Б. Алыкуловым и депутатом Законодательного собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Рыспеком Омоевичем Качкеевым раскрывает документально подтвержденные аспекты социально-экономических отношений в сравнении между северными и южными регионами республики.

Аналогичного характера высказывания были сделаны Д. Садырбаевым в выступлении «на прямой связи» организованной редакцией газеты «Асаба», и опубликованной в этой же газете 15 августа 1997 года под названием «Аскар Акаевдин президенттиги мөртө-шөртө».

Подобные проблематичные вопросы и раньше ставились депутатом Д. Садырбаевым и на совместных заседаниях Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, и довольно часто.

Но тем не менее изучив мнения доктора филологических наук Б. Усубалиева, известного поэта А.Омурканова, доктора исторических наук Нур уулу Досбола и доктора филологических наук Х. Исаева к которым обратился Комитет по государственному устройству, законности, судебно-правовой реформе высказать свои суждения по этому вопросу, а также на своем заседании выслушав высказывания заинтересованных сторон, Комитет по государственному устройству, законности, судебно-правовой реформе считает опубликованные в печати высказывания Д. Садырбаева не носят антиконституционный характер, так как они направлены не на отделение южных областей от Кыргызской Республики, а на правильное, справедливое разрешение социально-экономических отношений сложившихся в Кыргызской Республике. Он, исполняя свои депутатские обязанности, довел до сведения читателей а также властных структур мнение своих избирателей, проживающих в Джалал-Абадской области и о социально-экономических отношениях, складывающихся в настоящее время в его избирательном округе.

В соответствии со статьей 16 Конституции Кыргызской Республики Д. Садырбаев имеет право как и любой гражданин Кыргызской Республики на свободное выражение и распространения мыслей, идей и мнений, свободу печати, передачи и распространения информации.

Депутат Д. Садырбаев выступал в средствах массовой информации согласно своего статуса и на это он имел преимущественное право в соответствии с пунктом 4 статьи 27 Закона «О статусе депутата Законодательного собрания и депутата Собрания народных представителей Жогорку Кенеша

Кыргызской Республики», так ка он освещал в них поднятые его избирателями социально-экономические вопросы.

В соответствии с пунктом 3 статьи 43 Закона «О статусе депутата Законодательного собрания и депутата Собрания народных представителей Жогорку Кенеша Кыргызской Республики» категорически запрещается преследование депутата за высказанное мнение, даже в отношении депутатов у которых истекли сроки полномочий, однако и.о. Генерального прокурора Кыргызской Республики госпожа Пугачева Г.А., игнорируя данное требование Закона, начала преследование депутата Д. Садырбаева за высказанное мнение в средствах массовой информации, вынеся «Предостережение о недопустимости нарушения закона».

Кроме того, вышеназванные высказывания депутата Д. Садырбаева публиковались только на государственном языке, а потому и.о. Генерального прокурора госпожа Пугачева Г.А. по нашим данным не владея достаточно хорош кыргызским языком, не имея перевода на русский язык этих публикаций подписанный самим автором, не имела ни моральных, ни юридических прав судить об их содержании. Это говорит о том, что и.о. Генерального прокурора Кыргызской Республики госпожа Пугачева Г.А. больше стремилась выполнить политический заказ, нежели следит за неукоснительным соблюдением законности, что в наше время намного опаснее чем уголовное преступление.

Своими выступлениями и публикациями в средствах массовой информации Д. Садырбаев не преследовал цели подготовить противоправное деяние, тогда как согласно статьи 21 Закона «О прокуратуре Кыргызской Республики»: «Предостережение о недопустимости нарушения закона письменно объявляется прокурором должностному лицу или гражданину в целях предупреждения правонарушений при наличии достаточных сведений о реально готовящихся противоправных деяниях...».

В связи с тем, что и.о. Генерального прокурора Г.А. Пугачева грубо нарушив действующее законодательство вынесла «Предостережение о недопустимости нарушения закона» депутату Законодательного собрания Жогорку Кенеша

Кыргызской Республики Д. Садырбаеву, Комитет по государственному устройству, законности и судебно-правовой реформе.

Решил:

Поставить перед Генеральным прокурором Кыргызской Республики вопрос об отзыве «Предостережения о недопустимости нарушения закона», вынесенное в отношении депутата Законодательного собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Д. Садырбаева.

Обратиться в Комитет по вопросам госустройства, законности и конституционного законодательства Собрания Народных Представителей Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, рассмотреть вопрос о правомерности вынесения предосторожения со стороны и.о. Генерального прокурора Пугачевой Г.А. депутату Законодательного Собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Д. Садырбаеву.

Председатель Комитета по государственному устройству, законности и судебно-правовой реформе О. Текебаев

# “КАЙРАН ЭЛДИ” КАЛКАНЧ КЫЛЫП, КАЙРАН ТАЛАНТ ТҮГӨНДҮ

Урматтуу Доөронбек аке!

Көптөн бери көрбөсөм да, байма-бай басма сөздөн жазгандарыңызды окуп, теледен айткандарыңызга кулагымды төшөп жүрөм. Чынымды айтсам, кийинки мезгилде, айрыкча сиз эл депутаты болгондон бери артыңыздан аңыз кептерди ээрчитип, баягы “жалаң төштүгүңүзгө” салып жалаң саясатка кирип кеттиңизби, айтөр, “Кайран элди” тартканда кандай чуу көтөрсөңүз, каада күткөн азыркы чагыңызда да калк ичине карандай популисттик дымагыңыз менен дың бузгансып, түштүк менен түндүктүн таразасын теңдей албай, ар ким менен алым-сабак айтышып, сок билегиңизди колдон түшүрбөй соодалашып, бирде президентке тийишип, бирде телеге акаарат келтирип, кыскасы, “Чубактын кунундай чубалжыган” чууңуздун аягына чыгалбай келатасыз. Чынында, баягы Шекспирдин “много шума из ничего” дегениндей эле, жакшылып байкап көргөн адамга сиз жок жерден жоого аттанып, кимдир бирөөлөрдү килейген душман катары көрүп, эл үчүн эр сайышка түшчүдөн бетер чамынганыңыздан же чаң чыкпай, иши кылып ири алдыда болууну самасаңыз да ириген-чириген кеп-сөздөрдөн башка оозуңуздан түшпөй калганына таң калам. Өзүңүз деле байкап турсаңыз керек, кийинки учурда сиз жөнүндө ар кандай ой-пикирлер айтылып, басма сөздө “төө бастыда” калдыңыз. Муну кээ бирөөлөр атайылап уюштурулган “атака” катары түшүндүрүп, сиздин беделиңизди көтөрүүгө далбас уруп жатышат. Бирок, сиздин “Асабанын” “түз байланышында” (15-август) курган аңгеме-дүкөнүңүздөгү айткандарыңыз тескерисинче накта атайлап уюштурулгандай таасир калтырып, башынан аягына чейин Президент Аскар

Акаевдин атына акаарат келтирип гана тим болбой, түштүк маселесин "түгөлү" менен көтөрүп чыгыптырсыз. Мына ошондон бери карай сиз менен макул болбой, сизди да "шишкебекке" алган каттар биздин редикцияга келип жатат. Алардын ичинде өзүңүздүн жүзүңүздү даана ачып берип, айткан сөздөрүңүзгө акыйкаттык киргизген каттар арбын. Бирок, биз башка гезиттерде мына ушундай ой-пикирлер ортого салына баштаганда тизгинибизди тартып, бир кишинин "билимсиздигинен" ушунчалык узун элдин учуна чуу көтөрбойлү дедик, сизди жеке көз караштарыңыздан чыккан жеңил ойлорунузга олуттуу маани бербейли дедик. Тилекке каршы, андан кийин, ушул тапта да сизди "демократ", "баатыр" сезген айрым жазмакерлер жазып, басып жаткан соң, мен да көптөн бери көкүрөгүмдө багып жүргөн пикиримди билдирип коюуну ылайык таптым.

Дооронбек аке, экөөбүз тең түштүктүн кулунубуз, экөөбүз тең чыгармачыл адамдарданбыз, экөөбүз тең жолукканда өбүшүп саламдашабыз, демек, ымалабыз жакын, ыймандай сырыбыз бири-бирибизге белгилүү. Ошону үчүн оюмду ачык жазып жатканыма ачууңузду келтирбей, келтирсеңиз да кек сактабай, "баягы үкөм баштаган экен" дебеңиз.

Убагында жакшы тарткан тасмаларыңызды мактап, жактап жазганым эсиңизде. Талантыңыз жок десем туура болбостур. Кино жаратуу көлуңуздан келчү, ыр да жазсаңыз төгүлүп турат. Бирөк ошол талант өйдөлөп баратып өбөктөп калбадыбы. Аттиң деп арман кылам...

"Кайран элди" тартып, калкыңыз үчүн жакшылык кылайын дедиңиз, анда талаш жок. Бирок, анын айланасында арзыбаган чуу көтөрүп, ары-бери урундуңуз, "менин киномду элге көрсотпөй жатат" деп чоңдорго жулундуңуз. Анан Ата Журтуңузга таарынып, алыска кетип калдыңыз. Четте жүргөндү кааладыңызбы, айтор, чечен атуулумун деп, Ченстанда болдуңуз, а түгүл, Ала-Тоодон сизди бирөө кубалап жаткансып Дудаевден баш паанек сурадыңыз. Андан кийин эле Түркияга өтө качтыңыз...

Кыскасы, кыйын учурда кыргыз элинин кашында туруунун ордуна өзүңүз үчүн "өлөң төшөк" издеп, өйдө-ылдый чарпылдыңыз. Акыры айланып, депутат болордо Ала-Тоого

келдиңиз. Шайлоочулардын алдында кордук көргөн, зордук көргөн адам кейпин кийип, аргасыз алыста жүргөнүңүздү айтып, баягы “жалаң төштүгүңүз” менен жалпы журтту муюттуңуз, эңсеген эл депутаттыгына жеттиңиз.

Эми сизди эл үчүн жан үрөп жакшы иштерди жасайт дедик. Тилекке каршы, “тирикарактыктыгыңызды” тилиңизден көрсөттүңүз, “калдыраган бош челектей” (кайсы бир гезит сизди ушинтип жазбадыбы) үнүңүз катуу чыкканы менен жүүнүңүз бош экени көрүнүп турду. Кайран талант, “Кайран эл” деп жүрүп каржалып бүткөн белем, саясатка келгенде ооз балапандай сазга тыгылдыңыз. Эмоциянын күчү менен элдин башын айландырып, эптештирип кынаган эки ооз сөзүңүз аркылуу көзгө түшүп көнүп калдыңыз. Бирин-серин “демократтарга” жан тартып, бийликтегилерге “сес” көрсөтө баштадыңыз. Чоңдорго чокчоңдосом чогулган элге майдай жагат дедиңизби, эмнеси болсо да эки сөзүңүздүн биринде эл тагдырын чечип жаткансып, тунгуч президентибизге тузак сала баштадыңыз. Болбосо “Аскар Акаевдин президенттиги мөртө-шөртө” деп айтпайт элеңиз. Мейли, сиз кыргыз тилинде чыгып жаткан басма сөздөрдүн көпчүлүгүнө, кыргыздын радиосу менен телесине анча ишене бербесеңиз (өзүңүздүн сөзүңүз) ал жеке эркиңиз. Президентке да ишенбесеңиз, деги, кимге ишенесиз? Баягыда теледен Аскар Акаевди аябай мактадыңыз эле, көрсө, ал кезде “Кайран эл” фильмиңиз Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп, үмүтүңүздүн оту жанып үзүлө түшкөн окшобойсузбу. Эми эмне болду? Сыйлык албай калсаңыз эле сыйыртмагыңызды ала чуркашыңыз керекпи?

Кырк жыл баш калаабызда баш калкалап жашап жүргөнүңүздү айтыптырсыз, өзүңүз кайсы кайсы кадрларды өстүрү койдуңуз? “Дооронбек аке тарбиялап адам кылды эле” деп айта турган азаматтарыңыз барбы? Азамат болбосом да артыңыздан акмалап жүрүп, анча-мынча кыргыз киносуна кызыгып, жакшы тасмаларыңызды жаныма жакын кабыл алганымды тана албаймын. Бирок, минтип бүгүн сизге каяша айтып, акыркы мезгилде кетирип жаткан алешем кеп-сөздөрүңүзгө каршы чыгам деген ой үч уктаса түшүмө кирген эмес.

Эмесе, кимдин “мөртө-шөртө” экендигин, түштүк маселесин ким кандайча түшүнөөрүн кийинки санybyзда улайлы, Доке!..

*Эсенбай Калдаров, “КТР ОБО”,*
*1997-жылдын 12-сентябры*

# Д. САДЫРБАЕВ ТҮШТҮК ЭЛИН БӨЛҮП КЕТКИСИ КЕЛЕТ

Депутат Д. Садырбаев жакындан бери саясий оюнга өз "көзүрүн" ачып таштап коюп киришип олтурат. Анын "Асабадагы" соңку көз карашы боюнча, түндүктүк билимдүү кыргыздар кыргыздын теӊ жарымын, түштүк калкын "экинчи сорттогу" эл катары көрүшөт, ал эми ушундай акыбалы менен жүрүп олтурсак, дагы 10-15 жылдан кийин билимдүүлөр түндүктө түштүккө караганда 10-15 эсе көп болуп, мамлекеттик кызматтын баары теӊ ошолордун гана колуна тийип, түштүк калкынын шыбагасына мал багып, жер казгандан башка эч нерсе тийбей калат. Ошондой эле ал өз шайлоочуларынын атынан түштүк элине Кыргызстандын составында калуунун кажети барбы же жокпу, андан көрө түштүк эли мамлекеттик түзүлүштү кармоого төлөп келаткан каражаттарын Өзбекстанга төгүп турушса, балдары да бекер окуп, өздөрү да акысыз дарыланып бүгүнкү кыйын жашоосу кыйла жеӊилдейт беле деп маселени кабыргасынан коёт. Бирок, кантсе да мыйзамчы эмеспи, өзү болсо түштүк элин бөлүп кетүү ниетин ачык айтпайт, "кимден бөлүнүп, каяка бөлүнүп, кимдерден оолактап, кимдерге жакындай тургандыктарын түштүктүн калкы өзү чечпесе, мага мындай укук берилген эмес" – деп "четке" чыга берет. Ошол эле мезгилде түштүк калкы көптүгүнө жана жогорку билимге түндүктүктөргө салыштырмалуу көбүрөөк муктаж экендигине карабастан, түщтүктө ЖОЖдордун аздыгын, анын үстүнө самолет билети кымбаттыгынан билимге шыктуу түштүк жаштары борбордон окуй албай жаткандыгын, ал тургай депутаттар шайлоочулардын санына жараша шайланбай, түштүк калкы алакчыланып, өз өкүлдөрүн аз шайлап калганын бетке кармап, муну да түндүктүктөрдөн көрөт.

Д. Садырбаевдин философиясынын же "идеологиясынын" маңызы, бир сөз менен айтканда, ушундай. Ырас, ал Д. Садырбаевге таандык эмес – аны биринчи жолу мындан он жылдай мурда белгилүү адабиятчы М. Борбугулов көтөрүп чыкканы саясатка кызыккандарга жакшы маалым. Ушул саясаттын канчалык опурталдуу экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Бүткүл демократиянын шарапаты аркасында азыр бизде ар кандай "диссиденттер" толтура, арийне Д. Садырбаев өзү көтөрүп жаткан "идеясы" аркылуу биздин коомдо өтө коркунучтуу "элементке" айланып, анын саясаты Кыргызстандын бүтүндүгүнө коркунуч түзүп олтурганы талашсыз, анткени бул улут биримдигине байланыштуу болгон соң акыр-соңу өз кесепетин тийгизиши да мүмкүн. Д. Садырбаевдин "философиясы" түндүк кыргыздарына жат сезилгени менен, түштүк калкына түшүнүктүү экендигин да унутууга болбойт, анткени Д. Садырбаев бекеринен түштүк элинин атынан кыйытып айтып олтурган жери жок да. Ага өзгөчө сезимтал жаштар азгырылып кетери бышык. Анын үстүнө түштүктө кыргыз элинин теңинен көбү жашарын, алардын көпчүлүгүн өсүп келаткан муундар түзөөрүн да эстен чыгарбайлы. Жаштар болсо намыскөй келет, буга депутат Д.Садырбаев өзү күбө болгон Ош окуялары мисал.

Албетте, түштүк проблемасы жок эмес, бар. Бирок, аны түштүк элинин өзүнүкү гана кылып коюу Д. Садырбаев өңдүү түштүктүк саясатчылардын чырагына май тамызып, анан аны эми минтип кызыкчылыгында пайдаланууга өтүп жатышпайбы. Бирок, республиканын түндүгү менен түштүгүнүн ортосундагы социалдык айырмачылыкты түндүктүк жетекчилерден көрүү түпкүлүгүндө туура эмес. Д. Садырбаев үчүн бул болгону аларды өзгөчө азыркы бийликти эптеп калктын көпчүлүгүн түзгөн түштүк элине жаманатты кылуу амалы болуп саналат, а иш жүзүндө болсо, бул биринчи кезекте түштүк регионунун борбордон алыс жайгашкандыгына байланыштуу, анткени борборго жакын аймактар алыскы райондорго караганда бардык жактан мыкты өнүгөрү кимге болсун түшүнүктүү. Ал тургай коммунисттердин тушунда деле Россиянын борбордук райондору менен Сибирдин түпкүрүнүн ортосунда айырма асман менен жердей болгонун жакшы билебиз. Андыктан

түштүк эли экинчи жагынан өз проблемасын түндүк элине колко кыла бербей, аны биринчи кезекте өзү чечиштин масилетин кылганы оң, анткени алардын проблемасын эч ким түндүктөн барып чечип бербейт. Бүгүнкү рынок шартында андан бетер. Бир гана каражат маселеси түндүктө, борбордо чечилиши ыктымал. Андыктан бийликтегилерге түштүк маселесин чечип бергиле, болбосо түштүк эли бөлүнөт деп алардын атынан омуроолош эл бузарлыкка гана жатат. Ушул жааттан ошол эле мыйзамчы Д. Садырбаев Кыргызстандын Конституциясына ылайык анын бүтүндүгүн эч бузулбастын, ал эми элди ушундай сепаратисттик маанайга үндөө мыйзам аркылуу мамлекеттик кылмыш катары бааларын эң жакшы түшүнөт. А бүгүн дүйнөдө улуттардын көз каранды эместиги үчүн күрөш менен катар алардын биригүү процесси да жүрүүдө. Буга мурда эки өлкө болуп жашаган немистердин кошулуусун мисалга келтирүү жетиштүү. Ушул жааттан белгилеп коер нерсе, мурдагы коммунист немистер азыр өз деңгээлдери боюнча батыш немистери менен тең келе алышпай, бул үчүн белгилүү убакыт зарылдыгы көрүнүүдө. Эми Д. Садырбаев айткандай, түштүк кыргыздары өзүнчө мамлекет болуп кетсе эле алардын өнүгүү деңгээли түндүктүк улутташтарынан озуп кетээр эле дейсизби? Жок, "бөлүнгөндү бөрү жейт" деп элибизде бекер айтылган эмес, буга тажик элинин бүгүнкү тагдыры жакшы мисал. Ал эми ал жерде өз ара кан төгүшүү так ошол регион-регион болуп мамлекеттик бийлик талашууга байланыштуу болгондугун Д. Садырбаев деле жакшы билет. Мамлекеттик жана региоиалдык кызыкчылыктарды болсо жалаң жаштар, жоокерлер, коргоонун алыс барбай эле коңшулаш Афганистан, Тажикстан, ошондой эле Чеченстандын мисалынан көрүп жатпайбызбы!

Түштүк жаштарынын борбордон билим алуусуна келсек, алардын мында окуусуна тыюу салган эч ким жок. Ал эми кимдин окууга жөндөмү болсо, ал сөзсүз билимге ээ болот, өз талантын, өз мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алат. Буга түштүктөн "тентип" келип окуп, бүгүнкү даражасында эле таанылган Д. Садырбаев өзү жакшы мисал боло алат. Ал эми Д. Садырбаевдин түштүктө ЖОЖдор калктын теңинен көбү ошол жакта жашаганына жараша көп болушу керек дегени да

көпчүлүктү ынандыра албайт. Албетте, республиканын экинчи ири шаары катары Ошто алардын санын дагы көбөйтүү зарылдыр, бирок фундаменталдуу билим берүү башынан борбордо калыптанган соң түштүк жаштары да мындан билим алып турганы оң.

Борборубуздагы мамструктуралардан түштүк кадырларынын аздыгы жөнүндө доомат да негизсиз. СССР тушунда алар дагы чиновниктик кызматтарда негизинен орустар же орус тилин мыкты билгендер, б.а. иш кагаздарын орусча алып бара тургандар иштешкен. Азыр деле ошондой, болгон айырмасы, бизден кетишкен славяндардын ордун орус тилин билген кыргыздар алмаштырып калды. Дегинкиси, биздин түшүнүгүбүздө мамкызматка адамдын улутуна, кай жерлик экендигине карап эмес, иш билгилигине жараша тандоо, дайындоо абзел. Бүгүнкү рынок шартында жердешчиликтин, тууганчылыктын жолу кыска, андыктан мамструктураларда акырындык менен иштин көзүн билгендер гана иргеле берээри бышык.

Түштүк регионунан мамлекеттик жогорку кызматка көтөрүлгөн кадрлар жөнүндө айтсак, мен дегендердин баарысына тең эле өз дараметине ылайык ызмат тийгендей. Ал эми Т. Тургуналиев, А. Айбалаев сыяктуулар азыркы бийликтен түштүктөн келишкени үчүн "жабыр" тартышты деп ырасташ да акыйкаттыкка жатпайт, мындайлар түндүктүктөрдөн деле табылат, буга Ю. Тойчубековду эле мисалга келтирүү жетиштүү. Д. Садырбаевдин түштүктүк мыкты кадрлары такай басынтылып, мамбийликте алардан "дежур" өкүлдөр катары орто заарлары гана кармалат деп ырасташы да суу кечпейт. Кана, ошол өспөй жаткан түштүктүк кадрлар? Ал эми областтар боюнча салыштырмалуу алганда Ош менен Жалал-Абаддын жогорку бийликке талапкерлерди көрсөтүү мүмкүнчүлүгү зор, депутаттар башка областтарга караганда көп шайланат.

Ошентип, Д.Садырбаевдин түштүк элин бөлүп кетүү идеясы эч качан суу кечпестиги, аны ишке ашыруу реалдуу эместиги, болгону калп эле түштүк элинин намысын козгоп, аларды өз кызыкчылыгына пайдалануу үчүн ойлоп тапкан "акылы" болгону окурмандарга түшүнүктүү болду окшойт. А мүмкүн чындап эле түштүк букара Эмири болуп келип

жүрбөсүн? Арийне, Д. Садырбаев өз саясатында жалгыз ушул бузуку идеясы менен гана чектелип калган жери жок. Анысы бийлик талашууга байланыштуу болгон соң, ал ушул аркылуу кийинки президенттик шайлоолорго да акырын даярдык көрүп жаткандай. Эгерде анын мындай ниети болбогондо республиканын калкынын көпчүлүгүн түзгөн түштүк элин минтип өзүнө имерүүгө киришпейт болучу.

Акырында айтып кетээр сөз, албетте, түндүктүктөгүлөргө Бишкектен туруп түштүк проблемасын түшүнүү кыйын, бул үчүн түштүктө жашоо керек. Түштүктөгү калктын айрым катмары өздөрүн "өгөй" сезбеши үчүн борбор менен түштүктүн аралыгын сөздүн түз же өтмө маанисинде жакындатуу тууралуу астейдил ойлонуп көрүү мезгили келди. Ансыз Д.Садырбаев сыяктуу жергиликтүү саясатчылар мындар, борбордон туруп түштүк маселесин такай көзгө сая көрсөтө балээнин баарын борбордогу мамбийлигине шылтай салуу менен өздөрүнө саясий капитал топтой берери турган иш.

***Токтогул Сейитбеков,***
***"Эркин -Тоо"***

# ООЗУ КЫЙШЫК БОЛСО ДА... ЖЕ ЖАНЫ КАШАЙГАНДЫН КАЯШАСЫ

Тээ илгери-илгери азыркыдан да адилетсиздиктин заманында чындыгы сынып, өзөгү өрттөнүп, жаны кашайган, тагдыры сыркоо, алы чак бир кыргыз бабабыз айткан болуу керек "оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөсүн" деген бейнуска сөздү.

Бекер кылган экен да жарыктык...

Жылдардын бир жылдарында, мезгилдин бир мезгилинде касынын эмес – досунун, өзгөнүн эмес – өзөктөшүнүн башына камчы ойнотуп каада күтө турган нарксыз муундар жаралып калышы ыктымалдыгын эске алып, буга окшогон адилдик менен анча алакасы жок акыретчилдин сөзүн бизге жана бизден кийинкилерге үлгү кылып калтырбай эле, өзү менен кошо ала кетсе түзүк болмок экен, бейиши болгур.

Азыркы чоң кожоюндун акырынан жем жеп, кыргыз тилинде чыгып жаткан массалык маалымат каражаттарындагы дүжүр жазгычтардын оозу-мурдунун кандайлыгын кагазга түшүрөмүн деп, айлап-жылдап соттошо турган алым да, каражатым да жок, бирок, куйруктарынын чамгарактыгы тээ, байыркы бабабыздын заманынан бери карай эч өзгөрбөй жингалактанип келаткандыгын айтсам, мени айыпка жыгып ие алышпас. Анткени, канчалык чамгарактап, каерге такап, кимди омуроолоп, кимге шыйпандабасын кара баштуу адамды кармап алып кармап ие турган "честь и достоинствосу" бар куйрук, азырынча, "эркиндик аралчасында" өсүп жетиле элек болсо керек деп ойлоймун, алтын ваннадагы газоконденсаттуу нефтепродуктыга малынып турса дагы.

Бирок, кичине эле кенебестик кылып койсоң, айтып сөздү болгуча, ачып көздү жумгуча, көлөкөсүн баш панектеп жан баккан кызыл кочкул туу, культур-мультурсуз басма, чамбыл

ала тоолорунун беттерин балжыратып, агыңды – кара, караңды – боз, бозуңду – саргарта шыбап ийишээрин өзүмдүн керт башымдан өткөзүп келемин, өзгөчө депутат болуп шайлангандан бери.

Бу ак үй-көк үйгө такалуу, куйругу чамгарак кудай сыйлагырларың ат тезегин кургатпай чымчып калышат, укуп калышат, чукуп калышат, тээп калышат, каап калышат, тим эле, айына бир марта Садырбаевди жөөлөп өтпөсө, тиражы ылдыйлап кете тургансып.

Баарынан кызыгы: тырайбалист-мырайбалист, чырлуу-мырлуу, түрк-мүрк, лөлү-сөлү... дагы ушул сыяктуу жарлыктарды тага салып өзүлөрү катылып алышат да, каяша айтсаң укпай, жообун жазып берсең баспай, өзүлөрүнүн гана арамза пысмык "оюнун" ойноп отуруп алса, "тфу" – деп оозу кыйшык болсо да, байдын уулун сүйлөтүп, башкалардын тилин байлатып салган заманга наалатыңды айтып, аркыл-аркыл сөз менен байыркы бабаңды кайра-кайра эстегенден башка эч аргаңдын жоктугу болуп жатпайбы...

Же бир кол алдында ар-намысыңа акаарат айткандардын артынан кууп жетип карматып алып, же күндүзү чырак жагып издеп, таап келип түрмөгө отургуза турган бийлик адамдарынан куралган опертобуң, же ишин сотко өткөзүп берип абийириңди корготтурганы капчыгыңда эки жүз-үч жүз миң сомуң же ошончолук ыгым-чыгымды көтөрүп аркабел боло турган агайын-тууган, жар-жоро, кылкылдаган элиң, эң эле жок дегенде, малдуу-пулдуу иштеген жериң болбосо, кала бересиң да айтайын дегениңди ичиңен кайрып коюп.

1997-жылдын 29-майында "Кыргыз Туусу" газетасы өз кабарчысы Б. Алыкуловдун калеми, Жогорку Кеңештеги Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Р. Качкеевдин тили менен "Түндүк менен түштүктү Тоо гана бөлүп турат..." "Асаба" гезитиндеги Садырбаевдин бул маселени козгоп чыгышы өзүнүн атын дагы бир жолу чыр-чатактын арасынан көргөзөйүн деп айтканы болуш керек", – деп, мага сөйкөнүп өтүптүр.

Албетте, "Кыргыз Туусу" менен Б. Алыкулов сыяктуулар кыйладан бери эмнегедир эле менин атымды укканда итиркейи келип кучунашы кармап кээде тийип-качып, кээде тээп-качып

кесибине жараша тирилик кылып келатышканына көнүп калгандыктан, унчукпай койсом деле болмок. Аброюма жараша, алыма жараша максаттуу сапарга жөнөткөн кербеним чыйырынан чыкпай, багытынан жазбай жүрө бермек, кимдир-бирөөлөрдү сүйүндүрүп, кимдир-бирөөлөрдү күйүндүрүп.

Бирок, эки жылдан ашыгыраак убакыттан бери депутаттардын бир жыйынында отурушканыбызга карабай, "Ассалоому-алейкум, ва алейки саламдан" башка аласа-бересе, карым-катнаш, оодө-төмөн сөз, ысык-суук мамилебиз жок Р. Качкеевдин минтип мени көздөй тебетейин силкип ийиши "Силер ылым санаган Президентиңердин атын бул жолу дегеле атабоонун аракетин кылайын, таламандын тал түшүндө же атка тептирип, же итке каптырып алганы белгисиз, эмнегедир, мени карап очүрөндөп ийген депутат агайыңар менен бир тебетей силкишүүгө мүмкүндүк берип калыстык кылгыла, бай болгурлар" – "Кыргыз Руху" газетасынын редакциясына кайрылууга аргасыз кылып отурат.

Ошентип, кадырлуу Рыспек Омоевич!

Сизге жакса да, жакпаса да менин жүргөн-турганым, кылган ишим, сүйлөгон сөзүм, түпкүлүктүү-түпкүлүксүз ой максатым жана кайгылуу күндөрүм менен кубанычтуу көз ирмемдерим ачылуу турган китептин беттеринен көрүнгондөй болуп жумурай-журтка көрүнүп келет кыйла жылдардан бери, орус тилиндеги гезит-журналдарга үзгүлтүксүз басылып чыгып жаткандыгынан.

Китепканалардан издеп, архивдерден аңтарыштырып көрүп, акыркы 30 жылдын аралыгында менин сиздин инсандык ариетиңиз менен саясий көз карашыңызга мүнөздөмө берген ой-пикиримди билгизмек тургай, болгону эки ооз сөз менен Рыспек Качкеев деген аты-жөнүңүздү жазып койгонумду таап келсеңиз, андай, опурталдуу тамгаларды курагитырган адепсиз колумду өзүм эле кыя чаап берүүгө даярмын.

Ага дейре өзүңүз биринчи болуп басма бетинде менин ариетиме тиш салып жаткандан кийин, кадырлуу коллега, мурунку жана кийинки хандардын туулган жеринде туулбасам да, атактуу адам, олуттуу олуялардын арбактары менен маал-маал маектешип жүрбөсөм да, Ата Мекенди коргоймун деп шейит болгон жоокердин кароосуз калган жетими болбосом да

– алыма жараша, чагыма жараша. курагыма жараша менде дагы анча-мынча тиш бар, сиз менен азуулашууга чыкпасам, менин дагы ата-бабамдын арбагынын намысы сынып, көрүндө өкүргөнү атпайбы.

Абалы алла-таалам, анан “Кыргыз Туусунун” жазгычтары менен окугучтары күбө, тебетей силкишмейди сиздин биринчи болуп баштаганыңызга. Мен чакырыгыңызды кабыл алдым.

Эми көпчүлүктүн көз кырынан далдаланбастан, чамгарактуу куйрукту ар кыл гүстөгү үйлөргө такашпастан, телевидение аркылуубу, басма бетинде болсо деле каршылыгым жок, эл чогулган чоң жыйын болсо ого бетер сонун болот, сиз экөөбүз би-ир, азуулашып көрөлү, кааласаңыз тил, кааласаңыз кол менен, жумурай-журт өзү чыгарсын бүтүмдү, мунусу бузук, мунусу түзүк экен деп.

Баарыдан мурда жооп бере турганыңыз, Кыргыз Республикасынын Президенти жана Жогорку Кеңешинен кийин үчүнчү болуп элдин атынан сүйлөгөнгө сизге укук берген Кыргыз Республикасынын Конституциясына качан өзгөртүү киргизип алдыңыз эле?

Андайыңыз жок болсо, эмне себептен гезит аркылуу элдин атынан сүйлөп, өзүңүздүн эле эмес менин шайлоочуларымдын дагы пикирин билгизип жатасыз?

“Азыркы кадр саясаты абдан туура жүрүп жатат” деп, бийлик ээлерине жана сизге ыраазычылыгын билгизип, Ош, Жалал-Абад облустарынын кайсы район, кайсы айылынын калкы ымандай сырын каерден ачып жүрөт, өзүнүн депутаттарын сөзгө – сөлтүк, кепке – кемтик кылып?

Анда бизге деле ошол айылдын адресин айтып коюңуз, сиз менен чогуу барып өз кулагыбыз менен угуп, анан биз дагы бир маселенин башын ачып келели, “мындан ары бизге бирди айтып, “онояктан” келгендерге башканы айтып башты айландырбай жүргүлө!” – деп.

Болбосо депутаттык жолугушууларыбызда шайлоочуларыбыздан уккандарыбызды төкпөй-чачпай айтып келебиз деп, калпычынын чапанын жамынганыбыз аз келгенсип, бирибиз – тырайбалист, экинчибиз – мырайбалист, үчүнчүбүз – популист деген аттарга конуп келатабыз түштүктөн шайланган депутаттар.

Б. Алыкулов экөөңөр "Көптөн бери көтөрүлүп келаткан түндүк-түштүк маселеси кийинки кезде сууй түштү эле, жакында "Асаба" кезитинде депутат коллегаңыз Дооронбек Садырбаев аны кайрадан козгоп чыкты" – деп, кыргыз элинин жаратылышында "түндүк-түштүк" деген проблеманын бар экендигин, жана анын көптөн бери көтөрүлүп келаткандыгын баса белгилеп кеттиңерби? Кеттиңер. Анда чындап эле популисттик дымагы жок, элдердин ынтымагын ойлоп, кадрларды эң сонун тандап, экономиканы өнүктүргүсү келип, кыргыздын келечегине жан кейиткен прагматик жетекчи, ойчул мамлекеттик ишмер болсоңор, эмне үчүн андай эски дарттын дабаасын таап айыктырып албастан, же анын түп тамырын биротоло жулуп салбастан, алиге дейре сүзөктөтүп келатасыңар?

Эмне үчүн "түштүк" – деп эле койгон кишини жумурай-журттун көзүнө мокочо кылып көргөзүүгө аракеттенип, төө бастыга аласыңар?

Андан көро түндүк менен түштүктүн, батыш менен чыгыштын кыргыздарынын башын бириктирип ийри отуруп, түз кеңешип көрүп өгүз өлбөй, араба сынбай турган алгылыктуу бүтүмгө келсеңер болбойт беле, өөй, өзүлөрүн түндүктүн да, түштүктүн да элинин ээсимин деп эсептеген эргулдар?

Бизге-ям айылдаштарынын көртирлик көйгөйүн айтып калууга мүмкүнчүлүк берилеби, же мине десеңер "хоп" деп көкүрөктү дүңкүлдөткөндөн башка шыбага жазылган эмеспи?

Акыры мен парламентке түштүктөн шайланып келгенден кийин Республиканын аткаруу бийликтеринин алдына ошоякта жашагандардын проблемаларын койбосом, Чүй – Токмок менен Кемин райондорунун проблемасын коембу? Анда сиз каерге депутаттык кылып каласыз?

Жетишет. Адамды деле кайра-кайра ит дей берсе, ал кургур акыры бир күнү "ав" – деп ийиши мүмкүн.

Түштүк тараптын күнүмдүк тирилигиндеги кем-көсүлүн айтып келатсаң эле, анын аягына чейин уга элек жатып, "Болду, элди бөлбө, бөлүнгөндү бөрү жейт!" – деп айкырып чыкчу болду айрым саясатчылар.

Минтип ыгы келген да келбеген да жердин баарынан бейбечаранын үрөйүн учуруп, омуроолоп келаткандардын түпкү максаты эмнеде болду экен?

Акыры бир күн кулагы бышып, жаны кашайган эл "Э, бөрү жемектен карга-кузгун чокуп, ит-куш талап кетсе да, жакшылыкча бөлүнүп кетип, маңдайыбызга жазылганын көрбөсөк, бу өзүлөрүн орустун ордуна "старший братмын" – деп ойлоп алган, андайы жок эле тең ата бир туугандарыбыздын көп жылдык колкосу сөөктөн өтүп чучукка жетип калды!" – деп кол шилтеп башы оогон жакты көздөй баса берсин деп атайы ушинтип атасыңарбы, же чындап эле үркөрдөй болгон журттун бөлүнүп кетишине "азайып калабыз" – деп кабырга кайыштырып турасыңарбы? А балким – "алар бөлүнүп кетсе кимди башка-көзгө чаап иштетип, кимге короңдоп кожаиндик кылабыз, же "хоп-майлисин" айтып кол куушуруп тургандары жок да тирилик өтчү беле? – деп кызматкерсиз калаарыңарга үрөйүңөр учуп жүрбөсүңү

Деги "жеп кетет!" – деп эртели-кеч жүрөгүбүздүн үшүн алган "бөрүңөр" ким?

Улуттун басып өткөн жолу менен башынан кечиргендерине көз жүгүртүп чыксак, коңшулаш жайгашкан эгемендүү өлкөлөрдүн биринин дагы астейдил азуусун кайрап кыргыздын мамлекеттүүлүгүнө шек келтирип, элине доомат коюп, жерине ачыктан-ачык апси агыткандары жок болуп чыкты. Буга, албетте, Фергана өрөөнүн баш паанектеп жан баккан өзбектер менен кыргыздардын өзгөчө карым-катнашы кирбейт.

Тээ атам заманынан бери карай маал-маал көөдөн тирештире коюп кайра жарашып, окшош тагдыр аркалып, эриш-аркак иш тутуп, бир арыктын суусун ичип, бир өрөөндүн топурагын тырмалап өлбөстүн күнүн көрүп келет, аяктын өзбеги менен кыргызы, бир эмес бир нече кылымдарды карытып.

Тирүү жан болгондон кийин, көчө-көйдө бири ак калпак экинчиси ала топу кийип жүргөндөн кийин мезгилине бап, жагдайга жараша өөдө-төмөн сөз өтөт экен ортодон, кээде жер-суу талаштырып чукчундаштырса, кээде бийлик талаштырып чорморлоштурган. Мындай-мындай башка элдерде деле болуп

келген, азыр дагы жок эмес. Адам тургай бир үйдөгү казан-аяк деле кагышат турбайбы, кырдаал ошого жеткирсе.

Анан, тээ, Тимурландын заманындагы "сен-мен" – дешип сексендешкендин качан жана кантип чыкканын айтып азыркылардын жүрөгүнүн сары суусун ала бериш, акыры түбү келип жакшылыкка алып барбайт.

Менин билишимде азыркы өзбек мамлекетинин башка өлкөнүн эли-жерин басып алып, Орто Азияда үстөмдүк кылайын деген оюу жок жана Кыргызстандын ичиндеги өзүнүн өзбектери менен кыргыздарынын кыйчалыш иштерин эки мамлекеттин ортосундагы тирешүүлөргө дейре көтөрүп чыгып, мындай опурталдуу саясат жүргүзүүнүн дагы кажети жок. Минткен эртели-кеч тээ баягы Ормон-хан менен Боромбайдын ыйкы-тыйкысын мисал келтирип, "Бизден бөлүнсөңөр силерди Бугулар жеп кетет" – деп нары жактагыларынын, же "Сарбагыштар жеп кетет" – деп бери жактагыларынын, а балким анын тескерисинчедир, иши кылып, кимдир-бирөө азыркы көл кылаасында жашагандардын бакисинин үрөйүн учуруп, дайыма коркунучта кармап турган менен барабар иш болуп калат.

Так что, азыркы заманда бирөө бирөөнү коркута да, жей да албайт. Андан көрө алтымыш-жетимиш жылдан бери карай кечейи-күндүз коюлуп атып тамтыгы кеткен эски пластинканы жаңысына алмаштырып, улуктардын эмес карапайым калктын арасында эмне себептен буга окшогон нараазылык сөздөр айтыла баштаганын сабырдуулук менен иликтеп чыгып, бакисин Омдун законуна ылайыктап алып омуроолошо берсек, акыры келип ажырашуу муктаждыгына такалаарыбыз аштан бышык.

Баягыда же бир оозуна киргенди оттоп коюп кете берчү көчө демократы эмес, же кимдир-бирөөнүн оозун буза койсо деле мурдун балта кеспей дардалактап даңгел жүргөн депутат да эмес, илимди ийне менен казып, турмуштун ачуусун да, таттуусун да лыкыйгыча татып, жамандык-жакшылыкты жүда-а башынан кечирген, агала чачтуу агабыз Муктар Борбугулов жаңыдан бутуна туруп келаткан жаш мамлекеттин алдында кандай өнүгүү жолдору тургандыгынын теориялык негиздерин жазып чыкса, аны түшүнүп-түшүнбөй туруп, балабыздан-

чакабызга дейре “Журт бузар эле, журт бузар” – деп айкырып атып аргасын кетирдик, жарыктыктын.

Оппоненттери өзүнүн даражасындагы илимдин доктору, академик, чебер жазуучу же эң эле жок дегенде, аты чыккан саясатчы болсо да бир жөн эле го...

Алты класс билими бар “самашка” тойгон самосвал айдагыч, же анысы да жок төкөлдөш штаткомунун дежурный көчө таптагычтарынын раисинен өйдө агытып ийип; “Позор эле позор” – деп басма бетин, радио толкунун, телевидение экранын түп көтөрүп бороон-чапкын салып каптап келатканда же тыяктын, же быяктын аттуу-баштуу адамынын оозунан, - “Өөй, токтой тургулачы! Бу кишинин дагы бир билгени болсо керек. Жөнү жок эле дүңкүлдөшө бербей, эл ичинде андай ылаң болсо, ийри отуруп түз кеңешип туруп, ынтымактын ырааттуу жолдорун тапканыбыз оң болуп жүрбөсүн...” – деген алгылыктуу сөз чыкпаганынан, мына, ошондогу чала өлтүрүлгөн жылаандын башы кайрадан соймолондоп көтөрүлүп келатат.

Жашырылган жараны акыры келип өлүм ашкерелеп коерун эмне үчүн ошондо эле жазып чыккан жоксуз, урматтуу Рыспек Омоевич, эгерде сиз чын көңүлүңүз менен кыргыз элинин биримдигин бекемдеткиси келген инсан болсоңуз?

Мен сиздин айткандарыңыздын бир жерине толук бойдон кошуламын. Ал ырас, алла-таалам дайыма чогуу жашашса, акыры бир күнү ортолорунан чыр чыкпай койбойт деп, кыргызга ишене бербегенби, айтор, баарыбызды туш-тушка чачып туруп ортобузга алты-жети ашуусу бар, учу-кыйырсыз Улуу Тоону таштап ийип, “жарымың ушул тоолордун түндүк тарабында, жарымың түштүк тарабында жашайсыңар” – деп, ата конуштарыбызды экиге бөлүп койгон тура, жарыктык. Демек, депутаттык кол тийбестигибизден баш тартып туруп тырбалаңдап көргөн күндө да, ал тоолорду бир жакка ыргытып ийиш экөөбүздүн колубуздан келбегенден кийин бири-бирибизге жардык тагып, кан кызытып акыйнек айтышып отурбай, өткөн-кеткенди эске салып сабырдуулук менен акыл калчашып көрөлү.

Чын-чынына келгенде Октябрь революциясына дейре улуу аш, чоң той же ураан чакырылган айкаш маалдарында гана

“кандашыбыз эле” – деп бирине-бири жан жантартпаса, аралыктын алыстыгынан жарытылуу карым-катнаш деле болгон эмес түндүк менен түштүк кыргыздарынын ортосунда.

Андан көрө түштүктүн кыргыздары боодө кырсык, жамандык-жакшылык, ички жана тышкы айкаштарда-чайкаштарда Чүйдүн, Көлдүн, Кеминдин кыргыздарына караганда Фергана, Анжиян, Намангандын өзбектери тарапка көбүроөк ыктап, аларды аркабел тутуп, уул үйлөп, кыз берип, куда-сөөк, карындаш-урук күтүп, белгилүү бир өлчөмдө аралашып кеткени жашыруун сыр эмес. Андай болгондон кийин эки элдин ортосунан өңдүү-түстүү кыздар, ар-намыстуу уулдар, эки жакты тең канааттандырган окшош тил, жалпы каада-салт, озгөчө карым-катнаш пайда болгону да чындык.

Бирок, үч жүз-төрт жүз жылдардан бери канчалык коюн-колтук алышып, канчалык таттуулашып, канчалык ачуулашпасын, арадан кандай гана мезгил, кандай гана окуялар өтпөсүн, өзбегиң – озбектигинен, кыргызың – кыргыздыгынан танбай келет жакшылыкта да, жамандыкта да.

Ал эми Совет бийлиги жылдарында түндүк менен түштүктү мекендеген озөктөштөрдүн кылымдар бою эңсеп келген мүдоөсү оңунан чыгып, карым-катнашы ыкчамдап, боорлошуу, бир максатка умтулуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, аралыктын алыстыгын жоготуп, Нарындын уулу Кара-Суунун кызына, же анын тескерисинче, баш кошуп тукум тазаланып, илим-билим, экономика түгүл жакшы тилек, илгери үмүттордөн өйдө бири-бирине чырмалышып түндүк менен түштүктүн ынтымагы өнүгүү жолунун туу чокусуна чыгып, кой үстүнө торгой жумурткалап турган барчылыктын, кеңчиликтин заманында да “түндүк-түштүк” – деген түшүнүк адамдардын аң сезиминен биротоло очүп кеткен эмес, ошондо да сизге окшогон саясатчылар “түштүк” – деп эле койгон адамды көзго сайып, башка чаап, баса калып башкарып турушканынан, бул маселе күңк-мыңк делинип жең ичинен гана талкууланат.

Анан “демократия” деген немеңер келди, “ар ким өз тагдырын өзү тандап алыш керек” - деген ураан менен буркан-шаркан түшүп сел каптап келаткандай болуп, өтүп кеткен жеринин майканын чыгарып. Анын эмнелигин жана кайсыл тарабынан кармала тургандыгын биле элегибизде, Жогорку

Кеңешке депутат шайлоо өнөгү башталып кетип, “түндүк-түштүк” мындай турсун, эки кыргыз алты урууга бөлүнгөндөн кийин гана түшүнүп жүрөбүз демократияндын ити каерге көмүлгөнүн.

Көп узабай “Президенттик оюн” – деген чыкты жаш-карыны жапатырмак серендеткен. Анысын да ойноп көрдүк. Ошондо Таластын кулуну Тойчубеков Юруслан иним экөөбүз акылдашып көрүп, “буларды бийлик талаштырып, элди экиге болдуруп алып жүрбөйлү” – деп, ал – түштүктүн лидери А. Масалиевди, мен – түндүктүн чыгааны М. Шеримкуловду жандап кеттик, А. Акаевге каршы үгүт жүргүзгөнү.

Ошондо же Юруслándын же менин оозуман чыккан жок “түндүк-түштүк” – деген сөз. Эси кирди-чыкты бала эмес, эселек кыз да эмес, журттун атасы деп койсо дагы жараша турган аксакал адамдын оозунан чыкты, “абайлагыла, бу жолу тигилерге алдырып койсок, 20, 30 жылга дейре түндүккө бийлик тийбей калат” – деген бейнуска сөз, Нарын тараптагы жолугушуулардын биринде.

Анан ким трайбалист?

“Самолеттун билетин кымбаттатып ийип, түштүктүн калкынын борборго катташын кыйындатып койдуңар?” – деп, өз оюн Жогорку Кеңештин сессиясында ачык айтып чыркырап чыккан “популист” Садырбаевби, же “азыр алдырып койсоңор, бизге бийлик тийбей калат” – деп жалаң түндүктүктөр чогулган жыйында жылаандын башын кылтыйткан “кыйтыр” аксакалбы?

Андай эле сөзүнүн тууралыгына, ишинин актыгына ишенген адам болсо, ал аксакалынар ылгый түндүктүктө чогулган жыйында эмес, мамлекеттик телевидениеге чыгып алып ачыгын эле айтпайбы, жаза тайып түштүктүн өкүлүнө бийлик тийип калса, кыргыздын башына караан түн түшөөрүн?

Же кудайдын барманы менен түштүктүн лидери Кыргызстандын Президенти болуп шайланып калса, ал куурагыр колу тизгинге, буту үзөңгүгө илинип-илине элек жатып, түндүк жактын баш көтөргөндөрүнүн бакисин шыпыра чаап, байлыгын Базар-Коргон – Сузакты карай ташытып, алтын-күмүшүн Канадага сатып, небере-чебересин барымтага байлап, карызга малынтып, Ысык-Көл менен Нарындын,

Сокулук менен Кеминдин калкынын башына камчы ойнотуп, Чүй – Токмоктогу бей-бечаранын бир көзүнөн кан, бир көзүнөн жин агыза турган Ош, Жалал-Абаддын обужок кадрларын каптатып неби?

А кайын журту Кара-Балта же Боролдойлук болсо, "күйөө баланын жыргалын көрөлү" – деп үмүт кылып турган түндүктөгүлөрдүн дагы ырысы кыйылганы атпайбы, анын бели мертингенине...

Өзүм аралашып жүрбөсом да, Кыргызстандын эң жогорку үч бийликтин үчөөнү тең түштүктөн чыккан уулдар И. Раззаков, А. Сүйөркулов, Т. Кулатовдор ээлеп турушканда, ал жарыктыктар, жердештери менен кайын журтуна Кыргызстандын узун-туурасын каптатып иймек турсун, аларды дайыма ооздуктап, кез-кезде тизгиндерин тартып келишкен деп укканым бар.

Эми эбак ааламдан өтүшкон касиеттүү карыялардын жүргөн-турганын талкууга алып, арбактарын козгоп күнөөгө батып отурбай, өзүбүз аралашып жүрүп баштан кечирген кечөө жакындагы күндөргө эле серең салып көрбөйлүбү...

А. Масалиев аксакал бийликтин туу чокусунда отурганда, кайсы түштүктүктүн чекесин жылытып, кайсы тилинен сөз, колунан иш келбеген жердешин көтөрмолөп ийиптир? Фактыларыңыз бар болсо, сары майдай сактап жүрө бербей ачыка чыгарыңыз, аны да талдап көрөлү. Менде жок, менде азыркылардын пропорциясы бар, Республикалык масштабдагы мамлекеттик жети орундун алтоо түндүктө калып, бирөө гана түштүккө кетип жатканын далилдеген. Биз ошого-ям кайыл болуп жүрөбүз, иши кылып эле улуктар аман болуп уруш чыгып кетпесе экен деп кудайдан тилеп, эртели-кеч жаканы карманып.

Башкалардын кепилин ала албаймын, бирок Фрунзеге келип, адабият, маданият, искусство тармагында эмгек этип жүргөн оштуктар көртирликтеги көйгөйүбүздү айтып, акыл-насаатын угуп, ак көңүлү кармаса, бере турганын алып кетүү үчүн (мындай-мындай дайыма болуп келген, азыр да жок эмес) Т. Усубалиевге караганда А. Масалиевге эки-үч эсе машакаттуу узун жолду басып өтүп, өлдүм-талдым дегенде араң жетчүбүз,

дайыма а киши түштүктөн экенибизди билип калса, кабыл алгандан тайсалдап турганынан.

Мындай нерсе менин өзүмдүн керт башымдан өткөнүнөн айтып жатамын, кудайга шүгүр, азыр ал жарыктыктардын экөөнүн тең көздөрү тирүү, жазып чыгышсын сөздөрүмдүн калп жеринен кармап алышса...

"Адам төрөлсө да койдун шору, өлсө да койдун шору" – дегендей, улугуң түштүктөн болсо да, түндүктөн болсо да кыйла жылдар бою түштүк жактын баш көтөргөн балдарынын шору шорподой болуп кайнап келген, түндүктүн бийлик мыкчыганы "улак болсо да, өз корообуздан теке салганыбыз оң" – деген түшүнүк менен иш тутса, түштүктөн чыккан мансапкор "жердештерин көтөрмөлөп атат деген сөз тийип калбасын" – деп өз жанын сактап, "оштукмун" – дегенден мастан качкандай качып жүрүп, бийликтин нанын жеп күн көрүп келгенинен.

Ошону үчүн маалында далай-далай Республиканын эң жогорку бийлик талпактарында отуруп кетишкен Ош, Жалал-Абаддын туу жыгар азаматтары З. Жамашов, М. Сыдыков, Ү. Сыдыков, О. Тургунбаев, Б. Исмаилов, А. Тагаев, А. Салибаев жана башкалардын бирөө дагы "мен түштүктүн баланча баласын же кызын тарбиялап өстүрүп, жөлөп-таяп, түкүнчө даражага жеткиздим эле" – деп айта алышпайт.

Бул аздык кылат десеңиз, кысталышта биринин артына бири шуркуратып суу куйганга арбын түштүктүн мыкты чыкмаларынын арасында. Анан кантсин бечаралар: малын берип, пулун берип, арга кеткенде жанын берип атып, өлдүм-талдым дегенде, бир чокой боолук бийликтин бутагына илинип алса, анысынан кулап түшкөндөн көрө сатат да, жердеш эмес жатындашы болсо дагы... Кыйла жылдардан бери түштүк калкынын канына сиңип калган буга окшогон күнкорлук, ушундай бир-бирин "сатышмайга" үйрөтүп коюптур кургурларды. Өмүрбек Суваналиев депутат кезинде андай адаты барларды байкап калсак, ал адам нарындык, таластык, ысык-көлдүк же Бишкектен болсо деле "Аа... оштук турбайбы..." – деп койчубуз...

Көрдүңүзбү, кадырлуу Рыспек Омоевич, касыңыз эмес, досуңуз да эмес өзөктөшүңүздүн ар намысын басмырлаган бул көрүнүш жанагы "өз короосунан теке салмай" саясатынын

айынан келип чыгып отурат. Бүгүн бирин-бири сатса, эртең сизди, бүрсүгүнү мени анан мүлдө кыргызды сатканга жеркирбей, же тең укуктуулук, же боштондук бергениңиз оң болуп жүрбөсүн, алардын кесепетинен улуттун намысына доо кетирип алгандан корө...

“Кыргыз Рухунун” өткөн санында белгилүү жазуучу А. Стамов кыргызга аты чыгып башы көрүнгөн ончакты атуулдун аты-жөнүн тизмелеп келип, “булар Т. Усубалиевдин кадрлары эмес, өз күчү менен, билими менен, эмгекчилдиги менен көпчүлүктөн суурулуп чыккандар” – деген ойду айтыптыр. Аны талашып, кадырлуу кайнагам менен акыйнек айтышып, каарына кала турган оюм жок. Болгону “Асаке, түштүктөн чыккан лидерлердин ысмынан ала качып, өзүнчө атай турган ошолордой дагы шакирттери же шакирт эместери жок экендигине кейип жатамын” – деп гана, бул маселеде мага караганда кайнагамдын уучу кур эместигин баса белгилеп, а кишиге ак пейлим менен “завидовать” этип жатканымды жашыргым келбейт.

Мына ушинтип эле же “дүрт” этип жанып кетпей, же “лап” деп өчүп калбай, кыйла жылдардан бери бүкшүп келет, бул проблема түтүнү тийгендин кыйласынын дилин жыдытып.

Буга “баланча жактыктар күнөөлүү” – деп, кимдир-бирөөлөргө токтоосуз айып тагып, кимдир-бирөөлөрдү актап, кимдир-бирөөлөрдү мактап ийген да жарабайт. Кемигинде да, керкисинде да бар. Айып эки жакта тең. Бирок, качандыр бир кезде башталган илим-билим, маданият жана бийликке ээлик кылууда калыптанып калган түндүк тараптын үстөмдүгү алиге дейре күчүндө келатканын айта кетпесек да болбойт.

Адилеттүүлүк үчүн баса белгилеп кете турган дагы бир жагдай, албетте, колдон келип турганда, буга окшогон “өз короосунан теке салмай” саясатын азыркы Президентибиз А. Акаев баштаган жок. Т. Усубалиевден деле мурдараак башталышы да ыктымал. Бирок, катары менен бийлик жүргүзүп келаткан Республиканын акыркы үч жетекчиси кыйладан бери сүзөктөгөн кыргыздардын мындай хронический оорусун айыктырып алуунун аракетин дагы көрүшпөстөн, дайыма запаста сактап туруп, өзүлөрүнө керектүү учурда гана бул жагдайды көзүр картадай кылып басып ийип ойнотуп

келатышы, бүгүн сиз экөөбүздү, кадырлуу Рыспек Омоевич, минтип азуулашууга алпарып отурат. Агаганат, минтишкендердин акыркысы сиз экөөбүз эле болсок кана...

Бул маселеге мындан беш-алты жыл мурун ушул эле "Кыргыз Руху" газетасы аркылуу бир кайрылганым бар. Анда минтип жазганым калыптыр: "Түштүк жактан кимдир-бирөө чоң кызматка көтөрүлүп, Фрунзеге келбесе экен деп безилдеп турам. Себеби, андай жердешим келип жетекчилик кыла баштаган мекемедеги буга чейин иштеп жүргөн түштүктүктөрдүн шору ошол күндөн тартып шорподой кайнай баштайт. Уруулары мындай турсун айылы, району, облусу ар башка болсо деле баары бир, жаңы жетекчи "оштукмун" – дегендин бакисинин көзүн тазаламайын жаны тынбайт. Жердештерине каптаттырып ийди деген сөзгө калуудан коркконунан".

Бул проблеманы жакында эле козгоп аткан жерим жок, мындай неме кыйладан бери жалгыз менин эмес ар бир түштүктүкмүн дегендин дилинин четинде, тилинин учунда турганын билгеним үчүн айтып жатамын, ушинтип ырбап отуруп бир күнү "тарс" этип жарылып кетсе, баарыбыздын кара көзүбүз кашайып калып жүрбөсүн деп алдын алып.

Маселенин, о түпкүрүндө эмне жатканын терең талдап билбей туруп, жалгыз К. Абдимомуновду көзүр картадай кылып колго кармап алып, сизге окшоп "Ормон опузага" салып проблеманын баарын тарсылдатып баса бергенде, оппонентиңиз жан эсебин, мал эсебин, пул эсебин, кун эсебин таразага салып кимдин, каерге канча берип, каерден канча алып жатканын тескеп чыгууга аргасыз болот экен, кара башынын камын ойлоп. Мисалы, эч кандай тырайбалисттиги-мырайбалисттиги жок эле Кыргызстандын элин шарттуу түрдө тепетең экиге бөлдүк деп коелу. Республиканын мамлекеттик бюджетине каражат ошол сандагы эмгекке жарамдуу атуулдардын тапканынан түшөт да, салыктын аркыл-аркыл түрлөрү менен. Туурабы? Анан ошол эле каражаттын кирешечыгашасы кылдат эсептеп чыгарылып, ошол эле элдин пенсия, пособия, айлык алгандарына кайтарылып берилет мыйзамга жараша. Албетте, 5тен 10 процентке чейин табигый нары же бери жагынан жылыш болуп кетишине деле маакул деп эле

коелу. Бирок, бирдей салык төлөгөн бирдей сандагы элдин мамлекеттен кайра ала турган жалаң эле областтык структурадагы кызматкерлеринин саны, түндүк тарапта түштүккө караганда эки эсе көп болуп атпайбы... Мейли, губернатору болобу, башка биринчи же экинчи жетекчиси деле каерден болсо, ошоерден болсун, ага эч кимдин таарынычы жок. Бирок канткен күндө да алардын аппаратында иштеген ошол региондун атуулдары кызмат же жумуш менен камсыз болуп жатканы калп эмес да...

Ошондо областтык кеңеш, администрация, сот, прокурор, ИИБ, УКМ, арбитраждык сот, айыл-чарба департаменти, байланыш бөлүмү жана ушул сыяктуу мекемелер түштүктө экиденби? Экиден. А түндүктөчү? Түндүктө – төрттөн. Башкача айтканда, болжол менен областтык структурада иштеген иштеп мамлекеттен айлык алган адамдардын саны түштүктө 1000 болсо түндүк тарапта 2000. Ал эми ар бир иштеп аткан адам 2ден киши бакканга жараса, түштүктө 3000, ал эми түндүктө 6000 кишинин карды ток болот экен. Ушундай дагы калыстык болобу? "Тең жегенди теңирим сүйүптүр" – деген баба сөзүн "отменять" этип, "биз жетини жегенде, силер бирди жегениңерге тообо кылгыла!" – деген указ менен алмаштырыш керек мынча болгондон кийин. Бул маселенин экономикалык жагы. Ал эми саясий жагын алып көрөлү. Бир региондун кызыкчылыгын көздөгөн татаал маселе 6 губернатордун (башкаларды деле мисал кылса болот) талкуусуна салынып, адилет бүтүм колго салуу менен чыгарылышы керек деп коелу. Ошондо түштүктүн эки губернатору бир жакадан чыгарган эки шоркелдей башын бодур-содур ташка уруп, кандай гана аргументтерди ортого салып ынандырып көрбөсүн, түндүктүн төрт губернатору унчукпай отуруп кана бардык маселени колго салуу менен утуп чыгып жүрүп отурат. Бул проблеманын башталышы гана. Нары жагында адилетсиздик дагы тереңдеп кете берет. Түндүк регионуна жайгашкан Президенттин администрациясы, Жогорку Кеңеш, Борбордук Өкмөт, 50гө жакын министрлик комитет-сомитет, фонду-сондусу менен, социализм доорунда түптөнүп алган ири ишкана, орто жана жогорку окуу жайлары, ошондой эле башка мамлекеттик мекемелер катардагы кызматкер шоопур-соопур, кароолчу-

мароолчусун кошкондо бир нече ондогон миң түндүктүн калкын жумуш орду менен камсыз кылып, алардын аздыр-көптүр айлык алып, үй-бүлөсүн бакканына өбөлгө түзүп атабы? Агат. Түштүктө мындай нерселер жок. Болсо да алты-жети эсеге аз. Түштүктүн кадрлары жөнүндө сөз башталса эле К. Абдимомунов, Ж. Сатыбалдиев, М. Капаров, М. Исаевди атап келип башка эч кимди таппай калганда, түштүктө төрөлүп эле калганы болбосо быякта окуп, быякта иштеп, ушуяктан үйлөнүп, ушуякка тамыр таратып, бутак-шак байланып алган К. Жумалиев, М. Ниязов, О. Абдыкалыков, Н. Токтоматов, Нур уулу Досбол, А. Эркебаев, Р. Ачылова, А. Ибраимов, А. Матубраимов, М. Абылов, Ж. Бөкөшов, М. Султанов жана мен сыяктуу көптөгөң "не түштүк, не түндүк" эместерди атап киресиңер, иши кылып эле түштүктүн квота кампасын толтуруш үчүн.

Өөй, кудай сыйлагырлар, бул маселе боюнча ар бири менен маектешип көрбөгөндүктөн, башкалардын кепилин ала албаймын, эгерде чындап эле кырдаал ошого жеткирип, Кыргызстан ар кимиси өз алдынча күн корө турган түндүк-түштүк белгилери боюнча эгемендүү эки Республикага бөлүнүп кетсе, Досбол экөөбүз түндүк тарабында эле калабыз, кимдир бирөөлөр кааласа да, каалабаса да.

Мына, мен жогоруда мисал келтирген "жетиден бир" саясатынын жетинчиси – кызырлыгы түштүк жактын өкүлүнүн шыбагасына туура келген күндө да, ал кургур депутат-сепутатынын, аксакал-көксакалынын кадыр-баркын көтөрө чаап жанталашып жатып, өзүнүн регионундагы жогорку билимдүү адистерге иш таап бере албай, аргасы кетип турган кырдаалда. Президент, Өкмөт тарабынан областтык жетекчи кызматтарга дайындалып, быяктан түштүк тарапка жиберилген азаматтар, мурда бирге иштешкен, ашыналык же жек-жааттык мамилеси бар, эң эле жок дегенде көңүлү жакын иш билги адистерди чакырып кетип жаткандыктары жөнүндө сөз жок, бирок, быяктагы жардамчысын, шопурун, секретарынан өйдө өзү менен кошо алып барышы – биринчиден, түштүктөгү ансыз да күндөн-күнгө күчөп бараткан жумушсуздукту ого бетер күчөтсө, экинчиден, түштүктүн калкынын каадасына доо кетет экен кары-жашты: "өзүбүздөн чыккан балдардын райондук,

областтык, республикалык деңгээлдеги жетекчилик кызматтарга жарай турганы жок макоолугуна таң берип, “майли” эле деп коелу, бирок, миллиондон кем эмес калк жашаган бир облус элден машиненин рулун кожаиндин кирпигинин ирмелгенине жараша тегерете турган бир элпек шоопур, же секретардын милдетин аткарууга жарай турган бир узун буттуу кымча белдүү кыз чыкпаганы, элибиздин терең деградацияга кирип кеткенинин жышаанасы болсо керек” – деген сар-санаага малынтып.

Анан түндүктөн барып ар кыл мекемелерди башкарып иштеп жаткандар мага таарынышпасын, алардын бирөөнө дагы кое турган олуттуу дооматым жок, ал турсун, көпчүлүгү бүгүнкү күндөгү ажаат ача турган кыргыз элинин эң чыгаан уулдары менен кыздары экендигин кудайдын алдында да, Рысбек Омоевичтин алдында да далилдеп берүүгө даярмын, бирок, республикадагы олуттуу делинген орундардын бирине дагы түштүктүн өкүлдөрү жакындатылбай, күч колдоно турган, камай турган, жазалай турган, пул камай турган кызматтардын жетекчилигине мурда дагы, азыр да жалаң быяктын өкүлдөрүнүн дайындалышы, “аяк-быяк” – деген аңдышмайды ого бетер күчөтүп, “бул эмне, Президентибиз менен Өкмөтүбүз биздин башкалардай эле эгемендүү Кыргызстандын тең укуктуу атуулдары экенибизди билбейби? Жанга күч келгенде “жылт” коюп, оноякты көздөй ооп кетип калып жүрбөсүн деп, биздин Ата-Мекенге берилгенибизге, кыргыздыгыбызга ишенбей, бийликтин күчү менен элди баш көтөргүзбөй турсун деп, баягы Маскөөнү туурап өзүнүн кызыл камчы “ наместниктерин” жиберип жатабы?” – деген суроого жооп издетип, көз көрүнөө намысы сынып кемсине түшкөн элди өзүн экинчи сорттогу атуул катары сезип, көргөн-билгенин ичине катып, аягына дейре эч кимге ачылбай, өз ааламында жыйрылууга алып келип такайт экен.

Ошон үчүн улуктардын өкүмүнө ынанса да, ынанбаса да “хөп” – деп коюп, “майлисин” айтпастан, өзүнүн көңүлдөгүсүн жасап жүрбөйбү түштүктүн эли көпчүлүк убактарда. А оштуктардын “майлиси” жок, “хобуна” ишенип алып иш туткан адам, акыры келип оңбой калаарын мурдагы жылкы Президенттик шайлоолордо кыйлалар жеке өзүнүн жон

терисинен өткөзүшпөдүбү. "Биз А. Акаевди Президент шайлап алдык" – деп референдумга жалгыз Ош облусунан 1 миллион 200 миң киши кол коюп берип, кийин шайлоо маалында 336 миң 500 гана шайлоочу А. Акаевди колдоп, калганы "майли" тарапка ооп кеткен. "Хоп" – деген шайлоочулардын жалпы санын ушуга жеткизиш үчүн да далай-далай аткаминердин куба жүзү бозоруп, самандай өңү саргарды го о-ов, аркыл форумдардын аксакалдары менен арак ичээрлерине малы, пулу, машинеси, ликап-сикап, калпагы тургай, жанынан өйдө төшөп.

Ушул жерден: "Ош, Жалал-Абад эки облустун шайлоочуларын бириктиргенде, 1 миллион 61 миң 900 адам болот экен, анан жалгыз Ош облусунан 1 миллион 200 миң шайлоочуну каяктан казып алышты, же чарайнадан чыгып келаткан баланы абалы референдумду колдотуп кол койдуруп алып, анан жөргөктөшкөнбү?.." – деген мыйзам ченемдүү суроолор туулуп, анын жообун тапкыча, урматтуу Рысбек Омоевичке эки элдин ортосунда жалгыз эле тоо турбастан, толгон-токой проблемалар топтолуп жатканын, жашыл көз айнекти чечип, чыныгы турмуш кандай болсо, ошондой түстө карап көрүңүз деген кеңешти беремин. Болбосо сиздин "Кыргыз Туусундагы" "Илим менен маданият дүркүрөп өсүп жатат!" – дегениңизди окуп алып, Нарындын артисттери, Көлдүн өнөргерлери, Бишкектин илимпоздору кайрылып атышат мага "Доке, сессияларда кайра-кайра кыйкырып чыгып атып, түштүгүңдүн илими менен маданиятын дүркүрөтүп өстүрүп ийипсиң. Ылайым эле, ошондой барчылык буйрусун аларга. Бирок, бизди дагы ошояктын бир ишине илинте көр бай болгур, кесиптештерибиздин чачпагын көтөрсөк да, колдон келгенди жасап бала-бакыраны бакпасак, биз жакта тирилик өтпөй калды" – деп.

Мактоонун дагы чеги болот да, коллега! Өзүңүз жактырган система менен бийликти ууру жолдор менен приватташтырып алган санаалаштарыңызды апендинин кызындай эле мактаптырсыз, майда-чүйдөсүнө токтолуп отурбай, "эрте боздугунан" өйдө "балп" дедиртип, үч уктаса түшкө кирбей турган эпостук эпитеттер менен.

Эми мынча болгондон кийин аягына чейин марттык кылып, "дүркүрөп өсүп аткан маданиятыңыздын" дарегин мага дагы

билгизип койсоңуз, “түндүк-түштүк” – деп агалдылап отурбай, Асек Жумабаев менен Болуш Мадазимовго ошол жердин эсебинен стипендия бөлдүртүп, азыр жарытылуу иши жок кысылып турган кыргыз журтуна аттын кашкасындай таанымал атактуу Т. Казаков, С. Момбеков, Г. Ажибекова, Ш. Утебаев, К. Турапов, Р. Козукеев, А. Нуралиев жана ошолор сыяктуу толуп жаткан кесиптештеримдин чыныгы атак-даңкына, аброюна жараша иш таап берип менин дагы баркым көтөрүлүп, санаам тынып калсын.

Эгерде бийликтин бардык деңгээлиндеги сиздин чөйрөңүздөгүлөрдүн эмитен 2000-жылдын убайымын тартып, “Любой ценой А. Акаевичти үчүнчү мөөнөткө алып калышыбыз керек. Андан кийинки Президент башка киши шайланып калса, буга чейинки мыйзамдуу-мыйзамсыз жолдор менен ичкен-жегенибизди иликтеп чыгып, кустуруп алып курутат” – деп масилээт кургандын ордуна, экономиканы оңдоо үчүн эмгектенип, бей-бечаранын көз жашын биротоло кургатып ийе албаса да, саал азайтыштын аракетин кылышкан болсо, азыр кыйланы кабатыр кылган “түндүк-түштүк” – деген сөз экөөбүздүн ортобуздан дагы чыкпайт эле. Тилекке каршы, алардын антели деген ойлору жок. Буга ачык айтып, ак сүйлөгөндөн тайсалдап, өзүнүн Пресс-борбору аркылуу “2000-жылга дейре референдум болбойт” – деп нары жагын табышмактатып коюп, Президенттин өзүнүн ойт берип кетиши орчундуу себеп болуп атпайбы... Муну жер-жерлердеги аткаминерлер “Ким, эмне деп келжиресе, каалаганынча келжирей берсин. 2000-жылы азыркы Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары бүтөт. Алардын ордуна жаңы шайланган Жогорку Кеңеш менен келишип туруп, же Конституцияга өзгөртүү киргизип, же референдум өткөзүп, ал аздык кылса, Оштун 3000 жылдык мааракесине чогулгандарды палоого тойгузуп туруп, алакан жайдырып, батасын алып ийсек, укугубузду канча керек болсо ошончого узартып алабыз!” – деген көрсөтмө катары түшүнүп, аппарат тарабынан ачыктан-ачык тапшырма берилбесе деле, өз демилгелери менен ушул өңдүү каңшаар таратып жыйрылган элди ого бетер жыйрылтып, акыры бир күнү жарылып чыкпай койбой турган ызасын ичине каттырып келет, түбү жакшылык менен бүтпөй турган.

Өгүнү бир жыйындагы айылдагылар аны Сашке деп коюшат экен, кер мурутчан тармал чач шайлоочумдун, карыжаштын көзүнчө мага акыл үйрөткөнүн төкпөй-чычпай жазып берүүнүн аракетин кылайын эми.

– Дооронбек ака, – деген анда Сашке, – биз быяктагылар өз алдынча түндүк көтөрүп, анысынан эгемендүү түтүн чыгарып, как будто бы, демократияга багыт алган мамлекетте жашап жатканыбызга сүйүнүп, убактылуу кыйынчылык, жокчулук, кылмыштуулук, кыйдылык менен зөөкүрдүк, түндүк жактагы бийлик мыкчып отурган туугандарыбыздын ачыктан-ачык бизди кемсинткенине чыдап келебиз тилибизди тишибизге катып, биз болбосок да бала-чака, небере-чеберелерибиз теңдиктин, адилеттүүлүктүн өлкөсүндө жашаар бекен деген илгери үмүт менен. Дал ошол жол менен баратканыбызга бизди ишендиргиңер келсе, урматтуу Президент, силер депутаттар, эл башкарган чоңдор эң биринчи кезекте өзүңөр мыйзамды сыйлаган адамдар экениңерди жумурай-журтка далилдегиле.

Ачыгын айтайын, биз тарапта силер жөнүндө булар каалаган күнү каалаган мыйзамын буйлалаган төөдөй кылып жетелеп барып, каалаган жеринин бөйрөгүнөн, каалагандай шыйракты чыгарып алышат деген сөз тарап жүрөт, кимдерди Эркештам тараптагы жолдун 300 метрин приватташтырып короолоп алып кербен-сарай куруп баштаганын, же Чүй боорундагы топурагынан бир тамчы нефти табылбай турган айылга алпарып, килейген бензин чыгаруучу завод куруп, болбосо Оштогу 90 миллион сомдук дүнүйөсү бар ишкананы болгону 1,5 миллионго сатып алышкандарынын даректери билине баштаганы бери.

Анан минтип, жолун тапкан эле адам Кыргызстандын жер байлыгын, кен байлыгын, тоосу менен суусун, адыры менен коктусун, жолу менен терегин, кыргоолу менен түлкүсүн, айлампасы менен сазын бака-саакасы менен менчиктештирип бөлүп алып жаткан таламайдын заманында түштүктүн эли кетменин ийнине салган бойдон оозун аңырайтып кала берип жатпайбы, колунда бийлиги, тилинде сөзү, чөнтөгүндө пулу бардын бардыгы түндүктөн келип өкүм жүргүзүп аткандыгынан. Ошолордон артканы гана бизге тиет. Ал эми аларыңыздан такыр эчтеме артпайт экен, ака...

Минте берсеңер, акыры жан кашайганда, "Кой туугандар, ортодон өөдө-төмөн сөз чыгарып, сен-мен дешип сексеңдешип отурбай, жакшылыкча бөлүнүп алып ар кимибиз маңдайга жазылганына жараша тирилик кылалы. Азыр саал кысылып турабыз, кийин турмуш оңолгондо биригип алаарбыз. Бизди азырынча өз тагдырыбыз, өзүбүздүн жамандык-жакшылыгыбыз менен, өз жайыбызга койгулачы, бай болгурлар" – деп айтууга аргасыз болобуз да...

– Анткенде мыйзам бузуп аласыңар.

– Ооба. Жогор жактагы бийлик ээлерине аз-аздан кыйтылдатып, буга чейин бузуп келишкендей, мыйзам тургай Конституцияны бузууга болот дагы, бизге бузууга болбойбу? Андайга баргандан кийин башка жагдайдын мыйзамдары менен аргументтери иштей башташын биз деле билебиз. (Өгүнү "Кылмыш кодексинин" мыйзам долбоору талкууланып жатканда, Д. Үсөнов тарабынан жазылып, Ө. Суваналиев тарабынан окулуп берилип, "Кимде-ким бөлүиүү жөнүндө сөз чыгарса, ал сепаратизмдин башталышы катары каралып, андай адам 10 жылга дейре эркинен ажыратылышы керек" – деген сунуш киргизилип, кудай жалгап, депутаттар колдобой койгонуиан өтпөй калды. Антип, момун элдин башын айлантып туш тарабына тузак салгандан көрө, "бардыгыңар потенциальный сепаратистсиңер" – деп, ар биринин мойнуна 10 жылдан илип туруп, Ала-Белдин нары жагындагыларды бүт эле камап салсаңар кантет, кожаин акалар?) Кашаанын ичиндеги менин жазгандарым. Эми кайрадан Сашкенин айткандарына кайрылайын.

Борбордон келген гезиттердин бетин бербей, күндө күн алыс "эркиндик аралчасы" деп жаздырганыңар чын болсо, алган багытыңардан жазбагыла. Эгерде антпейт экенсиңер, карапайым калктын арыз-муңун укпай кулакты жапырып коюп, түн жамынган уурудай болуп тоталитаризм менен диктатураны көздөй жыла берсеңер, бизде, жанаша мамлекеттерде бийлик жүргүзгөн эки диктатордун түзүгүрөөгүн тантап алгандан башка жол калбайт экен.

Анда баары бир курсакты тойгузуп, чекени жылытпагандан кийин, "демократия" деген түгөт менен сөз эркиндигинен айрылсак-айрылаарбыз, элинин кардын ток кармап, оору-

сыркоосун акысыз дарылап, балдарын бекер окута турган катуу болгону менен акылга сыярлык тартиби да, келечеги да бар коңшулаш өлкөнүн диктаторунун канатына калкалануу, бизге ң көрүнүп турат.

Анын көчөлөрүндө ууру-кески, таламандын тал түшүндө эч жазыксыз пенделерин мууздап, кыздарын зордуктап кетмейи жок, он жылдыкты бүтүргөн уул-кыздарын түп-түз эле түрмөгө эмес, жогорку окуу жайларына жөнөтүп, өтпөй калгандарына иш таап берип, улуттун келечегине кам көрүп аткан, бийликти ууру жолдор менен эмес, ачыктан-ачык күчкө салып, зордукка салып ээлеп алып эч кимге бербей тургандыгын жашырбаган, өзүн сыйлаган, сөзүн сыйлаган көөдөнү түктүү адам бир эмес бир нече жолу диктатор болсо-ям майли, ошону менен дагы анча-мынча жашап көрөлү, анан айтабыз кимиси түзүк, кимиси бузук экенин.

– Антебиз деп, элди бөксөртүп алып жүрбө, иничек. Жамандыр-жакшыдыр мамлекет делинип аталып калгандан кийин анын аскери, милициясы, КГБсы бар шыйрактарды чага турган...

– Бөксөрбөйбүз-этпейбиз. Элдин эрки менен эсептешкиси, ни за то бөлүнткүсү келбей жерибизди жанагы каруу-жаракчандарына каптатып ийип күчкө сала турган болсо, бир туугандарыбызга кантип кол көтөрмөк элек, "кожаиндин ачуусу келип калыптыр, саал жазылгыча баш паанектей туралы" – деп, Өзбекстанга кире качып кутулуп кетпей жан жокпу бизде... Дайыма кыйчалыш маалдарда ушинтип эле күн көрүп келгенбиз. Азыр ар ким өз өтүгүн өзүнүн төрүнө илип атканда башка мамлекетти көздөй ок чыгарып көрсүн, ошондой эле көөдөнү түктүү кыргыздар көп болсо.

Бул жалгыз эле Сашкенин айткандары. Көзүнө бийликке жармашкандардан башка эчтеке көрүнбөгөндөргө мындан да жаман: "Граждандык баш ийбөөчүлүк, жан барымта, бала барымтасы, индивидуальный терроризм" жана ушул сыяктуу үрөйдү учура турган "салмактуу" аргументтерди көтөрүп чыга тургандардын саны барган сайын арбындап келет, сиз мындайды уккуңуз келсе да, келбесе да. Бул ачуу чындык. Ынтымакта жашагыбыз келеби? Анын бир гана жолу бар. Президенттен карапайым адамыбызга дейре калыстыкта туу

кармап, инсандын укугун сыйлап эч кимге мыйзамды аттап өтүүгө жол бербешибиз керек. Эгерде сиз кимдир-бирөөнүн бийлигин же өмүрүн узартып алыш үчүн ууру жолдорго түшүп алып топтоголок мыйзамдын кырын издей баштасаңыз, бишкалар ошол сиз өлүп-талып атып тапкан кырды кызыл-ала кылыштын амалын издебейт деп кепилин ала аласызбы? Мен ала албаймын.

Так что, омуроолошпой, жардык тагышпай, ийри отуруп, түз кеңешип эстүү бүтүм чыгаралы.

Азырынча түндүк менен түштүк кыргыздарынын проблемасынын мага чейинкилер тарабынан оюлган четинен кашык менен калпып-калпып бир-эки гана жеңил мисалдарды келтирдим. Менин өзүмдүн айта тургандарым али алдыда. Ага дейре сиздин экинчи “чабуулуңузду” күтөм. Ошого жараша кандайдыр бир цифра, даректүү окуялар дарексиз миллиондогон сомдор менен турмуштук үлгүлөрдүн мисалын келтирип өзүңүз менен дагы азуулаша турган алым калгандыгын кабарлап сизди терең урматтаган кесиптешиңиз –

**Дооронбек Садырбаев.**

**Бул макала “Өлкөнүн биримдиги омуроологудай Омдун закону эмес” деген ат менен 4-10-июнда “Кыргыз Руху” газетасына басылган.**

# КИНДЕРБАЙ КИМДИН ЫРЫН ЫРДАЙТ ЭМИ?..

Шайлоочуларынын олчойгон бөлүгү орус тилдүүлөр болгондуктан, алдыдагы талкууга коюлганы жаткан маселенин же нары, же бери жагынан оой албай олку-солку болуп турган кээ бир кесиптештеримден өзгөчөлүгүм – менин электроатымдын басымдуу көпчүлүгү кыргыз тилинде сүйлөгөн титулдук улут өкүлдөрү. Демек, менин алды-артыма кылчактай, ар ким-ар кимдерге ырсактай турган жөнүм жок. Дилимдегини айтып салган тилимдин азабын тартуу дагы мен үчүн жаңылык эмес. Ошондуктан, жер менен суунун, нан менен көз жаштын, салык менен акчанын, тил менен дилдин жана улуттар аралык карым-катнаштын тегерегиндеги маселелер боюнча мага ишеним көргөзгөндөрүм менен ийри отуруп түз пикирлешкен жыйындарыбыз буга дейре эле болуп келгендиктен, азыр айтып жаткандарымды “кеңешип кескен бармак оорубайт операциясынан” кийин келип чыккан тыянак катары кабыл алышыңарды суранамын.

Бүгүн ким эмне дебесин, жеке мен өзүм жаман менен жакшынын канын кызытып, улуу менен кичүүнүн пикирлерин кагыштырып, кыйладан бери адилет чекит коюлушу кечиктирилип келаткан бул сыркоолуу маселени учурубуздагы эгемендүү Кыргызстандын бара жаткан багытын аныктап, жумурай-журттун күнүмдүк тирилигиндеги жыртылганын курап, үзүлгөнүн улай турган бирден-бир заманбап, бирден-бир маанилүү маселе деп айта албаймын.

Бирок, кыйладан бери өкмөттүк газеталардын бетин бербей, мынчалык ызы-чуу салып, мынчалык өөдө-төмөн сөз чыгарылып, мынчалык талкууга коюлуп калгандан кийин, эгерде айыл-кыштак жериндегилер ушул маселенин чечилишин күтүп, жазгы кош айдоо иштерине кирише албай жатышса,

эгерде Бишкек, Ош, Каракол, Жала-Абад сыяктуу шаарлардагы завод-фабрикалар жана аркыл-аркыл өндүрүш ишканалары ушул талкуунун бүтүмүн күтүп токтоп турса, анда келгиле, урматтуу депутаттар, кадырлуу замандаштар, маңдай жарылып, көзүбүз чыкса да талкуусун өткөрүп, чекитин коюп берели баарылап мүлдө кыргызды зарыктырбай.

Менин бул маселенин эки жагдайына токтолуп кетейин деген оюм бар. Ал – жүз жылга жакын убакыттан бери жамандыкта да, жакшылыкта да эне тилибиз менен эриш-аркак урунуп келген орус тилинин кыргыз тилине, кыргыз журтуна, кыргыз кыйыры менен аң-сезиминин калыптанышына тийгизген пайдасы менен зыянын таразалап көрүү. Мисалы, 1916-жылкы кыргыздарга кыргын салган же ошол сыяктуу кыргыз аттуунун башын каргашага кириптер кылган саясий, аскерий жагдайларга ошондогу орус мамлекетинин ашкере мыкаачы, ашкере басмачылык саясатынын же андан кийинки өзүн орусмун деп эсептеген айрым өкүмдарлардын керт баш инсандык касиетинин кесепети тийгенин айгинелеген документтер азыр абдан арбын, бирок, андай ыплас иштерге тилдин, өзгөчө орус тилинин кенедей дагы тиешеси жок экендигин далилдеген кыргыз улутунун кылым карыта басып өткөн жолу, колдо бар тарыхый документтер, ал аздык кылат десеңер, алиге дейре арабызда жүргөн акыл-эстүү, узун өмүрлүү карыларыбыздын эскерүүлөрү күбөлөндүрүп турганын баса белгилеп кетпесек, биз дагы чындыкка ниет булгап койгон болоор элек.

Ырас, социалисттик доордогу өлкөнү туташ коллективдештирүү, Улуу Ата Мекендик согуш, сенектик же маалымдуулук маалдарында кыргыз тили өзүнүн статусу менен тегине жараша ордун ээлей албай, орус тилинин көлөкөсүндө калып чабылды-чачылды, кендири кесилип, кейип кепчиди. Тил эмне болуп калыптыр, кыргыздан бүтүп, кыргыздан төрөлгөн кыйла жан орус тили менен оозандырылып, азан чакырылбай коюлган аттары өзгөрдү, кыргыз түгүл мусулман ысымдарынан алыстап, жүз үйрүп кеткендер болду. Тили гана эмес, атпай кыргызынан көңүлү калып, кыргызча сүйлөгөндөн корунгандар чыгып, үрөйү учуп, корккондор да болгон бул ааламга кыргыз болуп жаралып калганынан.

Ооба, мунун баары жан ачытып, намысты сындыра турган чындык. Бирок, ошонун баарын кара сөздүн алпы Лев Толстойдун тили, поэзиянын пири Александр Пушкиндин тили, акыйкаттуулуктун календери Андрей Сахаровдун тили, улуу орус тили жасаган жок да акыры. Анын баарын абалы падышалык Россиянын, анан большевиктик режимдин ырын ырдап, камчысын чаап, бир чымчым болсо дагы, чириген болсо дагы бийлик бутагына жармашып алган же ошентейин деп жанталашып жүргөн орус эмес, грузин эмес, хохол эмес, еврей да эмес өзүбүздүн эле "родной" Кыргызбай Кыргызбаевич Кыргызбаевдер жасашканын кантип танабыз.

Мен 20-кылымдын аралыгында бийлик жүргүзүп, улуттар менен элдердин тагдырын каалагандай калчап ойногон падышачылык, өкмөтчүлүк, партиялардын жарыялаган жардык, токтом, буйрук, мыйзамдарын кунт коюп карап чыгып, алардын арасынан орус кол коюп чыгарган бир дагы "Кыргыз тили экинчи сорттогу тил болсун, кыргыздарга же кыргыз эместерге ал тилде сүйлөп, жазганга тыюу салынсын!" – деп, кыргыз тилинин жолун тосуп, кендирин кесип кысым көргозө турган расмий документ таба алган жокмун.

Акыры СССРдин Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети, – "Кыргыздар балдарынын атын созсүз Колхозбек, БЧК, Ротор, Советбек, Сергей, Вил, Цилиндр, Совхозбай деп коюшсун" – деген бир дагы чечим чыгарбаптыр. Азыр кимдир бирөө наристесинин атын Сникерсбек, Киндербай же Памперскул деп коюп алса кайсы тилди айыпка жыгабыз. Баарынан кызыгы Памперскул кайсы тилде сүйлоп, Киндербай кимдин ырын ырдайт эми?

Акыйкаттык үчүн айта турган дагы бир чындык, азыркы бийлик ээлери деле кыргыз тилинин аброюн ылдыйлатып, кендирин кесе турган кенедей дагы аракет жасашпаганын белгилеп кетүүгө тийишмин. Ыраматылык Советтер Союзу күүсүндө, күчүндө турган мезгилде чыгарылган СССРдин Конституцияларындагы "орус тили мамлекеттик тил болуп эсептелсин" деген беренеси ошол кезде чындыгында эле дүйнодөгү эң бакубат өлкөлордүн бири СССРдин туусу астында баш кошкон 16 союздук республиканын бардыгына бирдей тиешелүү эле. Ал беренеге жараша орус тилинен башка

бир дагы тилге кандайдыр бир артыкчылык берилген эмес. Анда барынын шыбагасы ушундай болгон. Бирок, ошондой адилетсиздик кырдаалда дагы молдован, литва, латыш, грузин, армян, өзбек, тажик элдери эне тилин кор кылмак тургай, жылдан-жылга өнүктүрүп, өстүрүп жүрүп отурушпадыбы, Ата-Журтуна киргендин бакисин өзүнүн тилинде сүйлөөгө аргасыз кылып.

А биздечи? Баарыга маалим бир масалди айтып берейин. 20 кыргызга 2 өзбек аралашып калса, а экөө эч качан кыргызча сүйлобөйт, а кыргыздар болсо тилинин келген-келбегенине карабай, "мениям-сениям" деп бир четинен тантырап өзбекче сүйлөй баштап, чыныгы өзбектин кускусун келтирет. Казакча деле ошондой. Мен бул жерде моралдык, материалдык, руханий саясий басынууларды айтып жаткан жерим жок, анын темасы башка, өзүнчө талкууга татыктуу, бирок, орус тили кыргыздардын багына жараша түрк тилине тектеш эмес тил болуп калгандыгынын гана шарапатынан 70, 80 жылга дейре орустар үстөмдүк кылып бийлик жүргүзүп келгенине карабай, үркөрдөй кыргыздын эне тилинин тазалыгын сактап келгенин караманча кашайып тана бергенибиз кудайга деле жакпаса керек деп ойлоймун. 70, 80 жылды айтпай эле коеюн, биз кыргыздар, тектеш тилдүү түрк, казак же өзбек мамлекетинин составында болсок, 7-8 жылга жетпей, жапатырмак титулдук улуттун мамлекеттик тилинде сүйлөп калмакпыз.

Анан кыргыз тилин азыркы ахвалына кириптер кылган эң биринчи кезекте өзүбүз кыргыздар экенибизди билип туруп, эмне себептен анын айыбын кыргыздарды илим-билимге, дүйнөлүк адабият менен цивилизацияга жалгаштырган орус тилине тартказышыбыз керек экендигин түшүнсөм оңбой калайын.

Бүгүнкү күндө "орус тили расмий тил болсун" – деп кимдир бирөөлөр суранып, кимдир бирөөлөр талап кылып жатканы, жер-жерлердеги башка улуттардын өкүлдөрүнүн турмуштук муктаждыгынан келип чыккан жүйөлүү өтүнүч экендигинде кенедей дагы күмөнүм жок. Себеби, айыбын далилдебей туруп бир аттуу-баштуу, бала-чакалуу улгайган адамды он жылга эркинен ажыратып, үй-мүлкү коомдун пайдасына тартылып алынсын деп өкүм чыгарган, президенттик комиссиянын

сыноосунан өткөн соту бар мамлекетте, арыз-арманын айтып жардам сурап келген бир бечара кыргыз эмес кемпирди – “мамлекеттик тилде сүйлөп, эмне керектигин расмий тилде жазып келүүгө милдеттүүсүң” – деп, көзгө сайып, көчүккө тээп өзүнүн “жер киндиги” экендигин көргөзгүсү келген чиновник жер-жерлерден чыкпайт деп ким кепилин ала алат? Мен ала албаймын. Улуттук боштондук козголоңу жок, Теңир жалгап коммунисттердин өзүн-өзү мүдүрүлтүп оңкосунан кеткенинин аркасы менен мамлекеттүүлүккө ээ болуп, эгемендүү түндүгүбүздөн эркин түтүн булатып. Ата Журтубуздагы ар кыл улут, ар кыл дин, ар кыл көз караштагы атуулдун бакисине тирек болуп беребиз деп жар салып, бел байлап чыккандан кийин:

...Кыргыз Республикасы өзүнүн калкы сүйлөгөн орус жана башка тилдердин баарын сактоону, тең укуктуу, эркин өнүгүшүн жана колдонулушун кепилдикке алат.

...Мамлекеттик тилди билбегендигине байланыштуу граждандардын укугун жана эркиндигин чектөөгө жол берилбейт – деген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-статьясынын 2-3-пункттарынын 1996-жылдын 10-февралында өткөрүлгөн референдумда жумурай-журт 99,99% добуш берип колдогондон кийин, эми кылычты “алигиге” чаап, ач айкырыкты сала бериш адамгерчиликке да жатпайт, мыйзамга да сыйбайт.

Мамлекет кыргыз тили менен орус тилинин тең укуктуулугун жана анын өнүгүшүн, колдонулушунун кепилин алдыбы? Алды. Анда аткарсын өз милдетин. Анан калса, жумурай-журтту сүр-сүр кылбай Конституциянын гаранты, мамлекеттин башчысы Президент азыр өнүгүшү чүнчүп колдонулушу өксүп турган орус тилине “расмий тил” статусун мыйзамга таянган өзүнүн Указы менен берип койсо деле, өзүнүн сөзү менен айткандай “ит үрө бермек, кербен жүрө бермек”.

Сөзүмдүн акырында “Кыргыз тили өлдү, кыргыз тили жок болду, кыргыз тили кырылды!” – деп кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна айгай салган, орусча сүйлөп койгон өкмөт адамына, депутат же журналистке “кыргызды сатты” – деген жардык жармаштыра салганга маш, жанагы өзүлөрүн кыргыз

тилинин бирден бир жактоочусу деп ааламга жар салып жүргөн опур-топур оолукма агала баштуу албуут ага, кучунаштуу куу чирен, куйругу бир курбу же сүлөөсүндөй жылтылдап, сымаптай кылтылдап колго тургай ойго токтобой, баскан-турган жерине былгытып кетмей адаты бар, зайып жүздүү кер мурут хан көргөн элден чыгып, кошоматчылыктын академиясын бүтүргөн жыдытма ини сөрөйлөрдөн төмөнкү суроолорго жооп алсак жакшы болоор эле:

Биринчиси: акыркы алты жылдын аралыгында жардык жарыялап, буйрук чыгарып же жер-жерлерге эрежелүү кат жөнөтүп, кыргыз тилине кысым көргөзүп, укугун чектеп, эркин өнүгүшүнө тоскоолдук кылган мамлекеттик кызматкер, эл депутаты кайсыдыр бир бийлик адамынын атын атай аласыңарбы?

Экинчиси: “Орус тилине расмий статус берилсе эле кыргыз жок болуп кетет” – деп айкырык салгандан башка кыргыз тилинин өнүгүшүнө ар бириңер кандай салым коштуңар?

Үчүнчүсү: “Азыр Кыргызстанда миллиондогон сомдорду чарк айлантып байыгандар көбөйдү, үч кыргыздан бирөө “Мерседес” минип, турмуш барган сайын оңолуп келатат” – деген макалаларды эки күндүн биринде расмий газеталардын бетин бердирбей чыгарып атасыңар. Кыргыз тилинин өнүгүшүнө жардам катары он сом болсо дагы өз чөнтөгүнөн акча которуп ийген жападан-жалгыз бай кыргыздын атын атай аласыңарбы?

Бул суроолорду өзүнүн өнүгүш тарыхында кыргыз тилинен дагы арбынырaак азап-тозокту башынан кечирген вайнах тили тууралуу айтып берүү үчүн берип жатамын.

Баатыр десең - баатыр, намыскөй десең – намыскөй, азыр улуу десең да жарашат, чечен эли тили түгүл Ата Журтунан ажыратылып, Орто Азияга сүргүнгө айдалып келгенин баарыңар жакшы билесиңер. Чейрек кылымга жакын быякта жашаган жылдары алардын көпчүлүгү бала-чакалуу болушту. Ал балдар орус, кыргыз, казак, өзбектин балдары менен бирге өсүшүп, ошолор окугаи мектептерде окуду. Ал кездеги кырдаалга жараша “чечен тилин окута турган саат асып бергиле” – дегенге алардын бири дагы батынган жок. Кечээ жакында эле кара башын сайып, кашык канын төгүп, улуттук

боштондукка жетишкендердин басымдуу көпчүлүгү Орто Азияда төрөлүп орус, кыргыз, өзбек, казак мектептеринде окуп, башка тилдердин тумшугун канжалатып, өпкөгө тээп, өз тилине жол ачкысы келген адамдар эмес экенине карабастан, азыркы Ичкерияда эски СССРдеги 100гө жакын тилдин эң татаалы литва тилинен кийин экинчи орунда турган вайнах тилинде сүйлөй албаган бир дагы чеченди күндүз от жагып издеп таба албайсың...

Демек, кыргыз тилинин азыркы кездеги кейиштүү абалына, аны менен үзөңгүлөш келаткан орус же өзбек тилдеринин эч кандай тиешеси жок турбайбы...

Менин оюмча демократиялык өнүгүш жолун тандап алган мамлекетте калкынын көптүгүнө же аздыгына карабай, бардык тил бирдей шартта, тең укукта, алынын келишинче өз жолу менен өнүгө бериши керек. Муктаждык болсо орус түгүл өзбек, дунган, калмак тилдерине расмий статус берилсе дагы менин каршылыгым жок.

Кыргыз тилинин өнүгүшү үчүн жан кейиткиси келген суперпатриоттордун намысы курч, ниети таза болсо, кайсыдыр бир тилге, кандайдыр бир статус берилишине каршы “чоң казатка” аттангандан көрө, европалыктарды суктандырган гезит-журнал, адабий, окуу китептерин чыгарып, азиялыктардын үйрөнгүсү келе тургандай кылып уккулуктуу ырдап же сүйлөп, кыргыз түгүл жалпы Орто Азия калкы ОРТ, РТР, НБТ, Пирамиданын программаларын өчүрүп салып, кыргыз телевидениесинин программаларын эртеден керээли кечке кызыгып карай тургандай көрсөтүүлөрдү даярдап, кыргыз драма театрына билет алгысы келгендерди бир ай, бир ай бою театр кассаларына кезек күттүрө тургандай жогорку көркөмдүктөгү спектаклдерди коюп, кыргыз тилинин улуулугун, сулуулугун, түбөлүктүүлүгүн укумдан-тукумга аманат кылып калтырып кетүүнүн жолдорун издесеңер түзүк болмок. Тилди өнүктүрүштүн мындан башка жолу жок.

Акча, арак берип, батинке же ун таратып депутаттыкты утуп чыкса болот. Мансабынын аркасы менен өкмөттөн ири суммадагы кредит алып, анан биринин калпагын экинчисине кийгизип, чайкап жүрүп отуруп, ортодон чыккан айырмасынын пайдасын көрүп, капчыкты калыңдатып жан баккандар да

кезигиши мүмкүн. Арам кол, ууру жол, акылга сыйбаган арамзалык, кылымдын ариетин көөлөгөн кыйдылык менен бийликтин талпагына ач кенедей жармашып алып, көзү өткөнчө анысынан түшпөй койсо да болот. Бирок тилди ак ниет, ыйык максат менен өзүнүн табигый таза жолуна салып, ошол нукта гана өнүктүрбөй, чыйырына салып койсо, келип-келип кунары качып, улуулугунан, сулуулугунан ажырап, намысы сынып, ар кимиси – ар кимдердин көзүн карап, көргөзгөн жерин жалап күн кечирген жуундукордун кейпин кийип калат.

Менимче, кыргыздын тили азырынча андайга муктаж эмес. Ылайым эле Алла-таалам кыргыз тили түгүл, ааламдагы тилдин бакисин андай тагдырдан сактасын!

***"Кыргыз Руху",***
***1997-жылдын 28-марты***

# КОГО И В ЧЕМ ВИНИМ?

В отличие от тех коллег, чей электорат составляет преимущественно русскоязычное население, из-за чего порой приходится учитывать нюансы, на первый взгляд весьма далекие от существа вопроса, мне в этом отношении гораздо проще, ибо подавляющее большинство моих избирателей – представители титульной нации. А это значит, что я могу не огладываться по поводу высказанных собственных мыслей, поскольку их бесполезно трактовать с учетом политической коньюнктуры. К тому же, мое мнение представляет собой сгусток суждений тех, с кем я беседовал и о земле и воде, о налогах и пенсиях, о хлебе и соли, о душе и языке, а также всевозможным вопросам межнациональных отношений в нашей с вами стране.

Именно поэтому я прошу считать мои сегодняшние слова не только личным мнением одного депутата, а результатом долгих размышлений совместно с моими избирателями.

Вместе с тем хочу сказать, что какие бы разно полярные мнения ни высказывались сегодня, я лично считаю вопрос, вокруг которого вспыхивают в буквальном смысле бои государственного значения, так вот, я лично считаю, что любое решение по этому вопросу никак не может повлиять на будущее страны, не сможет способствовать облегчению участи моих соплеменников в повседневной жизни. Да и вообще этот вопрос я в самом деле не считаю вопросом, а уж тем более проблемой.

Но если разгорелся такой сыр-бор, если сельские труженики из-за этого не могут приступить к весенне-полевым работам, если из-за этого стоят заводы и фабрики, закрыты другие промышленные и хозяйственные обьекты таких городов, как Бишкек, Ош, Кара-Балта и Джалал-Абад, тогда и впрямь надо

все бросить, даже если для этого придется перейти от словесных баталий к рукопашным атакам.

Давайте, взвесим все то и хорошее, и плохое, что нам дало тесное общение с русским человеком и его языком за всю более чем вековую историю совместного общежития.

Изучая историю своей страны, я встречал немало документов, свидетельствующих о геноциде кыргызского народа царским самодержавием в 16-м году, знакомился с фактами кровавых насильственных событий, которые обрушивались на головы кыргызов в 17-м и 37-м годах, в начале 50-х, в 70-х и 80-х, в 90-м году. Было множество причин географических,... но не было ни одного случая лингвистического.

А также не существует в природе ни одного документа, ни одного живого свидетельства о том, что какие-то кровавые злодеяния вспыхивали из-за того что русский язык ущемил интересы других языков. Не было ни одного случая из-за того, что какие-то желтые или белые, черные или синие люди в один прекрасный день вдруг заговорили на каком-то языке, по чьему-то указу, вследствие чего возникла конфликтная ситуация.

Конечно, в эпоху социализма, в годы сплошной коллективизации или во время Великой Отечественной войны, в годы застоя и гласности кыргызский язык не занимал место. Достойное его притязаний, многие десятилетия оставался в тени русского языка.

Но разве русский язык был виноват в том, что сами кыргызы отворачивались от своей национальности не только по языковым признакам, но и даже имена своим детям давали не только не кыргызские, но и даже не мусульманские. Что, существовало разве постановление ЦК КПСС, обязывающее называть своих детей Колхозбаями, Советбеками, Сергеями, тем более Цилиндрами и Совхозбеками? И какой язык мы будем обвинять, если завтра появятся Сникерсбеки, Киндербаи и Памперскулы? Нам, кыргызам, не привыкать бежать впереди паровоза, мы способны и впереди самолета лететь, однако зачем кого-то винить за такой вот свой «летающий» менталитет?

Ведь было время, когда кыргызы не только чувствовали дискомфорт, но и элементарно стыдились говорить на родном

языке, и мы сами же называли не знающих в совершенстве русский язык лашпеками, за что вчерашних архи русистов индейцами. Никто не заставлял нас вести такую пакостную жизнь, а уж тем более нет в этом вины языка гиганта мысли Льва Толстого, меджнуна поэзии Александра Пушкина, языка великого акына справедливости Андрея Сахарова. То есть – русского языка.

А все эти унижения и оскорбления, равно как и кровавые злодеяния принесли кыргызскому народу, его языку Кыргызбаи Кыргызбаевич Кыргызбаевы, которые сверхусердно выслуживались, что перед русским царем, что перед тоталитарным режимом разноликих коммунистов, желая любыми средствами хоть на высоту мизинчика выделиться среди себе подобных обычных кыргызов, чтобы иметь прохладное местечко под горячим солнцем.

Если уже Хрущев танцевал перед Сталиным гопака, то какие только коленца не выкидывал Кыргызбай Кыргызбаевич перед Путиловским рабочим в своем неуемном желании дорваться до хоть какой-нибудь власти.

Я достаточно серьезно ознакомился практически со всей документацией, которая имеется в распоряжении госархивов по истории кыргызов XX века. И ни в документах царя, и ни в постановлениях коммунистов, ни в даже указах серо-буро-малиновых режимов не встретил подписи не кыргыза, которая бы фиксировала ущемление прав кыргызского языка или переводила его в второсортный разряд. Истины ради следует признать, что и нынешний режим не сделал ничего такого, что прямо или косвенно тормозило бы развитие кыргызского языка.

Русский язык объявлялся государственным еще Конституцией СССР, но она распространялась на все союзные республики. Этой же Конституцией не родной республике не представлялось каких-либо льгот. Грузины и армяне, узбеки и таджики, молдаване и латыши – все были в равных условиях. Но они не только сохранили свои языки, они постоянно развивали их. Более того, кто искренне хотел связать свою судьбу с этой страной, тот начинал с изучения их языка. А мы?

Общеизвестно, если в компанию двадцати кыргызов попадут два узбека, то кыргызы, как правило, начнут

подлаживаться под узбекский язык, прибавляя окончание «ям» к любому кыргызскому слову, отчего всякому узбеку становится тошно.

Аналогично будет и в случае с казахами.

И неужели даже теперь мы не в состоянии осознать простейшую вещь: только благодаря тому, что оказались в разных языковых группах, кыргызский язык не только выжил, но и сохранил свою самобытность при 70-80-летнем господстве русско-язычных вождей.

Окажись кыргызы автономией в составе Турции, Казахстана или Узбекистана, мы бы за считанные годы все поголовно заговорили на языке господствующей титульной нации.

Я уже не говорю о той великой роли русского языка, которую он сыграл в приобщении моего народа не только к советской науке и культуре, но ведь русский язык стал еще и связующим мостом на пути к всепланетной цивилизации, к высшим ценностям мировой культуры.

И вот настало время, когда отдельные категории людей обращаются с просьбой с властьприватизировавшим дать статус официального уже русскому языку. Помимо всего прочего, о чем я уже сказал, это свидетельствует о том, что проблема существует, и для кого-то проблема действительно насущная. И я не вижу ни одного сколько–нибудь разумного довода, чтобы не решить положительно эту проблему законодательным путем.

Ибо кто может гарантировать, что, когда столичный судья, прошедший аттестацию президентской комиссии, без доказательств не только вины, но и даже причастности к рассматриваемому делу, осуждает пожилого человека, отца пятерых детей, на десять лет, да еще и с конфискацией имущества, то не найдется госчиновник, считающий себя пупом той земли, где восседает, который не откажет в помощи какой-нибудь русскоязычной старушке только потому, что ее заявление написано не на государственном языке.

Кто-то может дать гарантию, что такой госчиновник по имени Кыргызбай не найдется? Я – нет.

С тех пор, как волею счастливого случая мы обрели собственную государственность, мы в одночасье превратились в самую важную, в самую титульную нацию. При этом, кроме прав, положенных по титулу, взвалили на себя и обязанности, предусматривающие заботу о малых народах – русских и евреях, узбеках и украинцах, казахах, а теперь и таджиках. Так что если какая-то группа людей просит придать какому-то языку статус официального, то и – ради Бога. Или ради Аллаха! В общем, ради Всевышнего – надо давать!

Тем более, что в нашей суверенной Конституции, подержанной, кстати 99,99 % населения 10 февраля 1996 года, черным по белому сказано:

«Кыргызская Республика гарантирует сохранение, равноправие и свободное развитие и функционирование русского и всех других языков, которыми пользуется население республики. … Не допускается ущемление прав и свобод граждан по признаку незнания и невладения государственным языком».

Может быть, нам и не стоило разводить здесь философские словоблудия, ибо есть у нас, ко всему прочему, еще и гарант Конституции – Президент.

Неужели так трудно издать соответствующий указ, опираясь на подержанную народом Конституцию? И пусть бы караван двигался, как он любит повторять, а собаки бы лаяли!

Честное слово, не понимаю медлительности и нерешительности нашего президента в этом вопросе, Президента, который не раз и не два уже доказывал, что для него не существует никаких преград на его пути. А тут лишь тявкнули одна-две шажки, а караван чуть ли не попятился вспять. Может быть, стоит Президенту свою безграничную власть употребить наконец-то ради благой цели?...

В заключение хотелось бы задать несколько вопросов тем архи защитникам кыргызского языка, которые вопят при каждом удобном и неудобном случае, на каждом бишкекском перекрестке о грядущей гибели кыргызского языка, гибели нации, задать вопросы как архи усердным одобрянтам, так и «тайным друзьям» – «тихушникам» с черными усиками, в том числе высоким профессионалам навешивать ярлыки.

Первое. Назовите, пожалуйста, хотя бы одного госчиновника, депутата, представителя хоть одной ветви власти, который каким-либо официальным действием своим ущемлял интересы кыргызского языка?

Второе. Назовите, пожалуйста, ваш личный вклад в подлинное развитие кыргызского языка – стихотворение, роман, указ или правительственное распоряжение, при чтении которых захотелось бы все бросить и сделать возможное и невозможное, чтобы познакомиться с творчеством на языке оригинала?

Третье. Радетели кыргызского языка, любящие сообщать на страницах официальных газет о появлении кыргызов, которые ворочают миллионами, каждый третий из которых ездит на «мерседесе», так вот, назовите хотя бы одного кыргыза, который внес бы пусть десять, но личных сомов в развитие кыргызского языка.

Эти вопросы я задаю для того, чтобы глубже понять один пример из нашей общий истории.

Всем известно, что в свое время вайнахский народ был насильственно переселен в республики Средней Азии. Не одно десятилетие они жили среди кыргызов и узбеков, казахов и таджиков при безусловном господстве русского языка. В силу обстоятельств ни одному чеченцу даже в голову не пришло попросить власти включить в школьную программу изучение чеченского языка хотя бы для своих детей.

Десятилетия спустя они вернулись на родину, в боем отвоевали себе свой сегодняшний день. У многих и многих их них местом рождения обозначены наши края, тысячи и тысячи из них росли вместе с нами, ходили в наши школы, посещали наши библиотеки и театры.

И при всем при этом нет сегодня в многострадальной Ичкерии ни одного чеченца, который бы не владел родным языком. Более того, я ни разу не слышал, чтобы кто-то обвинил хоть в чем-то русский или другой язык, который в силу жизненных обстоятельств их вынуждали изучать.

Так что, господа, вы очень любите свой родной кыргызский язык, ради Бога, развивайте его, создавайте поперечно-полосатые и квадратно-гнездовые словари, пишите письма и

стихи, издавайте газеты, книги и учебные пособия, но зачем при этом другой язык пинать, стремиться всенепременно ткнуть его мордой об асфальт. Создавайте на кыргызском языке такие телепроизведения, чтобы мы забывали переключаться на всевозможные ОРТ, РТР, НБТ и прочие «Пирамиды». Ставьте такие спектакли, чтобы люди выстраивались в очереди у театральных касс, как это происходит в Москве и Ленинграде, Париже и Нью-Йорке.

Создавайте для потомков такие образцы родного языка, без которых китайцы и японцы, африканцы и европейцы признавали бы себя духовно обделенными.

Ко всему этому нужно стремиться при равных условиях развития всех языков, не выклянчивая для кыргызского каких-то особых льгот, да еще непременно следует подниматься ко всему Олимпу всем доступным, парадным ходом, а не воровато выискивать лукавые проходики, через которые мы так любим добиваться своих вожделенных целей. По моему разумению, это единственно верный путь сохранения и приумножения нашего языка.

Другого попросту не существует.

Можно разбогатеть с помощью воровства или мошенничества.

Можно поймать по случаю власть беспредельную, чтобы потом путем любых изощрений, интриг, даже кудством приватизировать ее своей собственностью.

Нельзя ни силой, ни властью, ни богатой мошной утвердить один язык другим, а тем более развивать его. Это все равно, что просить милостыню, в другой руке зажав полицейскую дубинку.

Язык – не физическая категория, он тем богаче, чем богаче мы нравственно, и развит настолько, насколько развиты мы.

***Д. Садырбаев, депутат Законодательного собрания***
***Жогорку Кенеша Кыргызской Республики***
***«Наша газета», 28 марта 1997 года***

# БҮКҮР ДЕМОКРАТИЯНЫН ИЙРИ КЫЛЫЧЫ

Бир аз мурдараак "Асаба", "Республика" газеталарына А. Акаевдин үчүнчү президенттик мөөнөттүн шайлоосуна чыгып жатканын адыйзамсыз деп эсептеген Кыргызстандагы сегиз саясий партиянын лидерлеринин мамлекет башчысынын өзүнө кайрылган ачык каты жарыяланган эле.

Андан көп узабай, 2000-жылдын 22-сентябрында Кыргыз Өкмөтүнүн каражаты менен күн көрүп, Президенттин кандуу камчысын чапкан "Слово Кыргызстана" газетасына, жогорку сегиз партиянын лидерлеринин ар бирине азуусун көргөзүп, муштумун кезеген дагы башка алты партиянын жетекчилеринин, ашкере, итиркейлүү жообу чыгыптыр.

Мунун эч кандай деле эрөөн-тервөнү жок дегилечи, "заманына жараша партиясы" дегендей, азыр эч кимден көз карандысыз басмалар түгүл, бийликтин акырынан жем жеп, өкүмдардын шарапаты менен жарык көрүп жаткан гезиттер деле кээде бири-бири менен коколошуп калып жатышпайбы...

Ошону үчүн мындай-мындайга кан кызытып каяша жазып, ачууланып акыйнек айтышпай койсом деле болмок. Бирок, дайыма ак десе да, көк десе да кожоюнду колдоо үчүн оң келгендин омурткасын сындырып, көңүлүнө жакпаганды көкбөрү тартып "кытай кыйноого" алганга көнүп калган, жанагы, кайсыдыр бир жагдайга кайчы пикирин билгизип эле тим болбостон, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-статьясынын 1-пунктундагы: "Кыргыз Республикасынын Президентинин ар-намысы жана аброю мыйзам менен корголот" деген сүйлөмүн баса белгилеп, ушуга дейре сары майдай сактап келген уулуу жылаандын башын кылтыйтып чыгарып коюшу, азыркы шайлоо компаниясы дагы арамзалыгы арбын, адилеттүүлүгү аз 1995-жылдагы чыйыры менен барат

турбайбы деген карапайым калктын түкшүмөлүнүн чындыкка жакын экендигин айгинелеп олтурат.

Себеби, "Слово Кыргызстана" газетасы кыйла жылдардан бери кожоюндун эл алдына чыгып ачык айталбай, бирок, абдан каалап турганын бир ай, жарым ай мурун жарыялап, анан аны мыйзамдуу мыйзамсыз жолдор менен ишке ашыруунун жолун издөө жагынан алдына эч кимди чыгарбаган басылма экендиги баарыга белгилүү эмеспи...

Илгери, СССРдин маалында, "Правда" газетасы ушундай эле. "Правдага" макталып чыксаң, мартабаңдын жогорулаганы, жаза тайып, эки ооз эле сөз менен сындалып калсаң, шоруңдун кайнап, кендириңдин кесилерин боркүңдөй көрө берчүсүң.

Демек, жылаандын башын азыркынын айбалталуу апыртма мыкчыгерлеринин колу менен "Слово Кыргызстана" газетасы өзү кылтыйтып жаткандан кийин, аргасыздан 1995-жылдын окуялары сөзсүз кайталанышы мүмкүн деген ойго келет экенсиң.

Демек, дагы кимдир бирөөгө Президенттин ар-намысына шек келтирип, аброюн ылдыйлатты деген айып тагылып, дагы бир кешиксиздин кендири кесилет турбайбы...

Мындай зомбулук болуп келген, болуп атат, дагы кыйлага дейре боло берет окшойт...

Анда кайсы шоркелдейдин асманы караңгылаар экен эми? Ким 2000-жылдагы президенттик шайлоолорунун курмандыгына чалынат? "Үйрөнүшкөн жоо сайышканга жакшы" дегендей, мындайга Топчубек Тургуналиев ылайыктуу эле, Ат-Башыда адам укугу тууралуу кеп чыкса, Бишкектеги Топчукеңди чыркыратып баса калып камап ийгенге. Ал кешиксиз он алты жылды мойнуна илип түрмөдө отурат азыр. Акаевдин ар- намысын басмырлап, өмүрүнө коркунуч туудурмак түгүл, күнүмдүк көр оокаттын сазынан чыга албай жүргөнүн айтып бүлбүлдай сайраса дагы, Кыргызстанда анын созүн уккан, актыгына ишенген адам калбаганынан.

Же Феликс Күловду ошентишеби? Жо-ок, Феликс Кулов эле эмес, башына чаптырбай, башка жагына тептирбей, "көсөмдүн" көргөзгөн жагы эмес, өзүнүн жолу менен басканга көнгөн "Дело №", "Асаба", "Республика" газеталары жана аларга жан тарткан жарандардын бакиси башка маселе, башка

иштер боюнча эбак сыйыртмакталып коюлган. Буларды шайлоо-майлоого байланыштырбай эле, сыйыртмакты "дүжүр чалдардын" бирөөнө карматып койсо болгону, ал кургурлардын ар биринин башына акыр заман алааматты салмайын, жиптин учун колунан чыгарбай турган ээгинде эки кылы жок болгону менен кармаган жеринен кан чыгарган чылгый тарамыш "аксакалдар" алар.

Анда бул жолку кезек Өмүрбек Текебаевдеби? Жо-о, анттириш дагы опурталдуураак болуп калат, Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына кандидат болуп катталып калган азаматка антип айып тагамын деп, азыр Ала-Тоо аймагы, кыргыз кыйырында коргой албай аткан азыноолак абройду, бүткүл дүйнөнүн элдеринин көз алдында абдан ылдыйлатып алуу коркунучу бар. Ошондуктан, бийликти жин уруп эле кетпесе, Өмүрбек Текебаевдин баскан-турганына кылтак салганга даай албайт го деп ойлоймун.

Анда кимдин мойнуна чабылаар экен, Кыргызстандагы жанагы бүкүр демократиянын ийри кылычы мениби? Мурдагы ачык катка кол койгон партжетекчилердин катарында мен дагы бар эмес белем. Жаңы кылымдын Топчубек Тургуналиевинин ролуна мени тандап алышканбы итиркейлүү жазгычтар менен кожоюнду колдогуч партмыкчыгерлер? "Кыргыз Туусу" го эртели кеч эриккенде, чоочун эмес, өзүмдүн эле, бир "оштук" андабачы үкамдын колу менен шыбай берчү эле мени, башыман ылдый карата башка жактарыма дейре балжыратып. Бирок, анын ак же көк деп айкырганынан мен тургай, менин таргыл мышыгымдын бир тал кылы кыйшайчу эмес буга дейре. "Кыргыз Туусу" мен үчүн Осмонаалы, Калдарбай, Эсенаалы, Калыбай, Салыбайы менен биригип келгендеги кадыр-баркы "нөл-нөлдүгүнөн". Эми болсо, мурда менин республикалык деңгээлдеги саясий талаш-тартыштарыма такыр аралашпастан, жеке көз карашымды жактабай дагы, боктобой дагы, дайыма бейтарап болуп келген Жалал-Абад областынын мамлекеттик администрациясы менен облкеңешинин басмасы "Акыйкат" деген газета аркылуу жакында Эргешов деген жашыруун фамилиялуу дагы бир "оштуктун" колу менен мени шыбай баштаганынан, кайрадан кыргыз кыйырында зомбулуктун дарбазасы аңырайып ачылып, бүкүр демократиянын ийри

кылычы эми чындап эле кимдир-бирөөнүн эмес, менин мойнума чабылганы калганы ырас окшойт деген чечимге келдим. Себеби үкаларимдин колунан эмне келип, эмне келбесин, жана андай-андай иштерди эмнеден башташаарын башкаларга караганда өзүм жакшы билет эмесминби. Бул жолу чындап эле мени күм-жам кылгысы келип калганын жашырышкан эмес экен. Анда эмне кылмакчымын? Омуроолоп атып болсо дагы оюмдагыны орундаткыдай үймөк-үймөк кылып басып койгон өлүү-тирүү дүйнө болбосо менде. Досум эмес, касым эмес, бирок, бийликтин камчысын чапканга дилгир озүмдүн карачечекей "ожурай-мундуз" туугандарымдын көпчүлүгү отура калсам жакадан алып, тура калсам шыйрактан чалып, мени чөгөлөтүштүн аракетин жасап жанталашып жаткан маалда, байыркы бабаларыбыздын "жалгыз башка жалгыз өлүм деген кеби бекеринен айтылган эместир. Эчкинин жашындай өмүр, чокойдун боосунчалык бийлик үчүн, ар-намысы ботко, арамзалыгы арбын кимдир-бирөөгө жагынуу үчүн жанталашкыча, туулдум-өлдүм" деп, башынан бери карай бара жаткан багытымдан айныбай, түз кете бергенден башка жолум дагы калбаганына көзүм жеткенден кийин, ымандай сырымды жая салып, ушул саптарды жазууга аргасыз болуп олтурамын.

Ооба, азыр менде эсепсиз байлык, эбегейсиз бийлик, ысыгыма күйүп, суугума тоңо турган алдуу-күчтүү, акчалуу, бели бекем тууган жок. Буудай кууруган тилим, жылаандын баласына жамандыкты ыраа көрбөгөн дилим, айдын он беши жарык болсо, он беши караңгы, өз элине кас болгон арамзанын башына алла-таалам эртедир-кечтир акыр заман алааматты салбай койбосуна терең ишенген, аздыр-көптүр момун элимден башка эч кимим жок менин. Ошого деле каниет. Аздыгына-көптүгүнө карабай эл деген эл. Элдин ар-намысы аёолуу, эрки-ыйык. Түбү келип, элдин эркине зөөкүрлүк кылгысы келгендин тилеги таш кабаарын бул күндөрү Югославияда болуп жаткан окуялар эле күбөлөндүрүп турбайбы...

Ошондуктан, мени көзү тазалансын же токтоосуз камалсын деп (Жогорку Кеңештин депутаттарынын кол тийбестиги алынып салынгандыгы бекеринен эместир), жанагы дайыма кожоюнду колдогуч партиялардын мыкчыгерлери астейдил талап кыла турган болсо, бийлик ээлери чыпчыргасын коротпой

туруп, Топчубектин же З.Сыдыкованын тарткылыгын менин башыма үйүп, кандайдыр бир шарттуу мөөнөткө кесип жиберүүгө да даяр экендигин сезип эле турам. Себеби, коомчулуктун аң сезиминен алиги каргыш тийген, "арамза шайлоо, мыйзамсыз үчүнчү мөөнөт" деген түшүнүктү тездик менен өчүрүп таш-таш керек болуп атпайбы... Антиш үчүн мага окшогондун тилин кесип, карапайым калктын эркин мокотуш үчүн жер-жерлерде күч колдонбосо болбой калды. Ал эми биздин аткаруу бийлигиндеги ноёндорубуз мамлекеттик күчтү жөнөкөй адамга каршы кандай колдоно алаарын башкалар билбесе да, мен жакшы билет эмесминби...

Мисалы, дүйнөлүк коомчулук жана Республиканын Баш прокурору, Борбордук шайлоо комиссиясы эң жакшы билген бир окуяны айтып берейин. Жакында эле, үстүбүздөгү жылдын август айында менин президенттик кызматка талапкерлигиме көмөктөшкөн кол чогултуу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүм Таалайбек Турумбековду Жумгал районундагы Жаңы-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы С. Кадыралиев деген неме өкүртө сабап туруп, менин Президенттик шайлоолорго катышышымды каалаган 4200 кишинин колу коюлган бланкаларды тартып алып, тытып салган. Бул тууралуу маалында көптөгөн газеталарга жазылды. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен Республиканын Баш прокуроруна маалымдалды. Бирок, ушул күнгө чейин не Башкы прокурордон, не БШКдан же башка укук коргоо органдарынан алгылыктуу жооп эмес, анча-мынча ишаарат да болгон жок. Жада калса башкалардай эле укугу бар адамды сабоонун фактысы боюнча цивилизациялуу мамлекеттер түгүл, өзүбүздүн эле Кыргызстандын закондоруна жазылган тартип боюнча кылмыш иши дагы козголбоду! Эгерде окуя тескерисинче болуп, башкача айтканда, менин ыйгарым укуктуу өкүлүм, жаза-тайып, мыйзамга туура келбеген кенедей эле аракет жасап койгон болсо, айгайы ай асманга угулган чуу чыгарылып, кылмыш ишин козгоп эле тим болбостон, ошол замат ыйгарым укуктуу өкүлүмдү өзүмө кошоктоп туруп, отургуза турган жерге отургузуп тынышмак. Ушул сыяктуу мисалдар Кыргызстандагы бийлик органдарынын мыйзамга, адам укугуна мамилеси кандай экендигинин далили эмеспи.

Биздин мамалекетибизде буга окшоп, бийлик өкүлдөрү көз көрүнөө конституциялык эрежелерди басмырлап, мыйзамга зөөкүрлүк кылган учурларды күн өткөн сайын көбүрөөк учуратчу болдук. Бир мезгилде жаны кашайып кетип, "Кыргызстанда оппозияны коргоо эч-качан ишке ашпай турган куру кыял экен" деп боздоп жиберген атактуу адвокат
Ю. Максимовдун кейип-кепчигени аргасыздан эске түшүп, бүгүнкү Кыргызстанда карапайым адамдын укугу эмес, конституциялык норма, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын өзүлөрү коргоого абдан муктаж болуп турганына көзүм жеткенинен, тобокел деп башка салганды көрүүгө бел байладым.

Аны үчүн эң оболу (мени дагы Т. Тургуналиев менен З. Сыдыковага окшотуп абагына айдап кире электе) айып тагуучулар, мени өлкөнүн Президентинин ар-намысына жана аброюна шек келтирди деген шылтоо менен соттотуп ийгиси келип калса, алардын койгон дооматына мыйзамга жазылган нормалар менен жооптошуп, өзүмдү-өзүм коргоп калуунун аракетин кылып, күн мурунтан даярданган далилдеримди ортого салмакчы болдум.

Алардын эң биринчиси: Дүйнөлүк жана республикалык коомчулуктун, ошондой эле жогоруда аты аталган партмыкчыгерлердин көңүлүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 43-статьясынын 2-пунктундагы: "Бир эле адам Кыргыз Республикасынын Президенти болуп катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт", деген жобосуна кайра-кайра бургум келет. Ал эми "Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндөгү" мыйзамдын 3-статьясына ылайык, 1993-жылдын 5-майында;

"Кыргыз Республикасынын Конституциясы күчүнө кирген күндөн тартып Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Президенти болуп саналат жана ушул Конституция тарабынан каралган ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Президенттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал Кыргыз Республикасынын Президенти болуп бүткүл эл тарабынан шайланган күндөн тартып башталат" деген жобо А.Акаевдин өзү тарабынан кол коюлуп, тастыкталган эле.

Биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев бүткүл эл тарабынан 1991 -жылдын 12-октябрында шайланган. Дагы бир жолу эске салып кете турган жагдай: ошол эле мыйзамдын 1 -статьясында: "СССРдин мыйзамдары жана башка нормативдик актылары Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына каршы келбесе колдонула берет" деп айтылган. Бирок, 1978-жылдагы гана эмес, 1993-жылдын Конституциясында да: "Бир эле адам Кыргыз Республикасынын Президенти болуп катары менен эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт" деген талапка эч кандай озгортүү же толуктоо киргизилген эмес. Демек, жаңы Конституциянын бул бөлүгүндө эски Конституциянын эч жерине карама каршылык жок. Андай болгондон кийин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, СССРдин Конституциясы үчүн жооп бербей тургандыгын менин деле жерий турган оюм жок. Тескерисинче, Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы Аскар Акаев мыйзам чегинде эки жолу президент болуп шайлангандыгын, бүгүнкү күндө ал бийлик мунарасына үчүнчү жолу мыйзамсыз тепкичтер менен чыгып бара жаткандыгын кашкайта көргөзүп, аныктап турат.

1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынып жатканда, Кыргыз Республикасынын Президенти 1978-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде шайлангандыгы тууралуу өөдө-төмөн сөз чыгып, ошол мезгилдин оппозициясы жандана баштап, жагдай А. Акаевдин пайдасына чечилбей турган кырдаалга жакындап келатканда, 1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын негизинде ал шайланган мөөнөттү тактап, Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын мыйзамдаштырып алуунун зарылчылдыгы келип чыккан. Ал 1994-жылдын 30-январында Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзүлгөн референдум аркылуу ишке ашырылган. Ал эми "Кыргыз Республикасындагы референдум жөнүндөгү" мыйзамдын 36-статьясында референдум менен кабыл алынган чечим эң акыркы чечим гана Кыргыз Республикасынын аймагында анын аткарылышы милдеттүү күчкө ээ экендиги айтылат. Ошонун

өзү эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 1993-жылдын 29-ноябрындагы 320 номерлүү "1994-жылдын 30-январында Кыргыз Республикасында референдум өткөрүү жөнүндөгү" Указы менен ырасталып, анын 4-пунктунда: "референдум аркылуу кабыл алынган чечим жогорку юридикалык күчкө ээ болот жана эч кандай ырастоого муктаж эмес" деген эреже менен бекемделген.

1994-жылдын 30-январында "Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 12-октябрында жалпы эл тарабынан 5 жылга шайланган Президенттин Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясында белгиленген ыйгарым укуктарга ылайык, ал шайланган мөөнөткө Кыргыз Республикасынын Президенти болуп саналаарын жана укуктарын ишке ашыраарын ырастайсызбы деген суроо менен референдум өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы дагы 1994-жылдын 4-февралында "1994-жылдын 30-январында Кыргыз Республикасында болуп өткөн референдумдун жыйынтыктары жөнүндөгү" 175-номерлүү токтому менен "Кыргызстандын эли 1991-жылдын 12-октябрында беш жылга бүткүл эл тарабынан шайланган Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Президенти болуп саналарын жана 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген ыйгарым укуктарын өзү шайланган мөөнөтүн аягына дейре жүзөгө ашыра тургандыгын ырастады", - деп мыйзамдаштырып койгон эле.

Эгерде референдумдун чечими А. Акаевдин президенттик мөөнөтүн 1991-жылдын 12-октябрынан тартып аткара баштаганын аныктаганына макул болсок, анда 1995-жылдын 24-декабрында Аскар Акаев Кыргыз Республикасынын Президенти болуп экинчи жолу шайланган деген тыянак өзүнөн-өзү чыгып атпайбы...

Экинчиси: Эгерде менин оппоненттерим кастарын тигип, Конституциянын 49-статьясынын 1-пункту боюнча мага олкөнүн Президентинин ар-намысы менен аброюна шек келтирди деген айып тагып, жоопко тартылышымды талап кыла беришсе, мен Кыргыз Республикасынын Конституциясы гана

эмес, башка мыйзамдарынын негизинде дагы жооп берүүгө даярмын. Бирок, андай болгон учурда урматтуу Аскар Акаевичти дагы сотко чакырып, менин катарыма отургузуп, мага окшотуп суракка алууга туура келет. Себеби Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жаза Кодексинин 7-главасынын "Кылмышка шериктеш болуу" деген 30-статьясында "... Кылмыш жасагандар менен бирге андай ишти уюштуруучулар, шыкакчылар жана көмокчүлөр дагы кылмыш жасоонун катышуучулары болуп эсептелинет" деп дапдаана айтылган. Бүгүн мен бул маселе боюнча, мага шыкак салып, эл алдында оз түшүнүгүмдү ачык айтууга көмөктөшкөндөрдүн атын атап кетейин деп турамын.

Алардын эң башкысы – Аскар Акаевдин өзү. Ал 1995-жылы кезектеги экинчи жолку шайлоонун алдында Кыргызстандын элине расмий кайрылып, “Эгерде элим мага президенттик мандатты экинчи жолу ишенип берсе, анда мен башталган реформаларды аягына чыгаруу үчүн колумдан келгендин бардыгын жасайм", – деп суранганын ошол мезгилдин басма беттериндеги документтер менен далилдеп беремин. Бул аздык кылат десеңер, 1995-жылдын 24-декабрында эптеп-септеп атып шайланып алгандан кийин деле А.Акаев элге ыраазычылык билдирген телеграммасын жиберип, өзүнүн экинчи мөөнөткө шайланганын жашырган эмес. Ал мына: "Кыргыз Республикасынын Президенти болуп экинчи мөөнөткө шайлангандыгым менен куттуктаганыңар мени абдан толкундантты..." – деп жазган анда А. Акаевдин өз колу.

Эгерде мен калп айтып жатсам, эгерде мен кагаз бетине жазылгандын маанисине туура түшүнө албаган "келесоо” болсом, ошол эле "Слово Кыргызстана" газетасынын 1996-жылдын 11-январында чыккан номеринен өзүңөр окуп көргүлө, кудай акы, эчтеке таба албасаңар, мен дагы калган өмүрүмдү мыйзамдын чегинде гана жашагым келгендигим үчүн айыбымды тартууга даярмын.

Үчүнчүсү: Албетте, азыркы абалдын эң өкүнүчтүүсү, "билбеген адам уу ичиптир" дегендей, айрым бейкүнөө замандаштарымдын маселенин чоо-жайын билбей, оң-

тегирисин таразалабай туруп, маалында "колдойбуз" деген коогаландуу компанияга кошулуп кеткендиги үчүн, менин жанымa келип олтуруп калышы ыктымалдыгы болуп жатпайбы...

Ал 1996-жылдын 11-январында Кыргызстандын элине: "...өлкөбүздү кризистен алып чыгуу үчүн Президентке ишеним көрсөтүп, аны экинчи мөөнөткө шайлоо аздык кылат. Ага жетиштүү түрдө ыйгарым укук бериш керек. Мына ушуга байланыштуу референдум өткөрүү учурдагы зарыл кадамдардын бири", – деген кайрылуу менен чыгып, мамлекетибиздин Президентинин "ар-намысы менен аброюна таш ыргытып, аны жаманатты кылган таанымал инсан, "Дыйкан ордо" бирикмесинин төрагасы, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Т. Акматов. Сотто Таштакем сөзсүз менин жанымa келип отурушу керек.

Төртүнчүсү: Мамлекетибиздин баш мыйзамына эки ачакей түшүнүк киргизип коюшкан "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын" авторлору. Буга өзүңөр эле күбө болгулачы. Жаңы Конституциянын 45-статьясынын 4-пунктунда: "Президенттик мандаттын башталыш мөөнөтү ал ант берген күндөн башталат", – деп ташка тамга баскандай даана жазылып турса, "Кыргыз Республикасынын (ошол эле ред.) Конституциясын ишке киргизүү жөнүндөгү" мыйзамдын 3-статьясына: "Кыргыз Республикасынын Конституциясы күчүнө кирген күндөн тартып, Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Президенти болуп саналат жана ушул Конституцияда каралгандай ыйгарым укугун жүргүзөт. Президенттик мандаттын мөөнөтү анын жалпы эл тарабынан шайланган күнүнөн тартып эсептелине баштайт", – деп жазып бурмалап коюшканы үчүн деле, алардын бардыгы менин жанымa келип отурбаса "бовойт".

Эсеби маселен, мен буга деле макулмун. Конституциянын 45- статьясынын 4-пунктун же "Кыргыз Республикасынын Конституциясын ишке киргизүү жөнүндөгү" мыйзамынын 3-статьясын болобу, кайсынысын колдонсо дагы каршылыгым жок. Экөөнү тең колдонгон күндө да А. Акаев 1991-96-

жылдары эки жолу элине ант берип, 1991-95-жылдары эки жолу жалпы эл тарабынан шайланган. Бул маселедеги анын сакасы каягынан өкчөсөң дагы, чик түшүп жатып калып жатпайбы... Ошентип, А. Акаев Кыргызстандын Президенти болуп:

1. Биринчи жолу 1990-жылдын 27-октябрында Жогорку Кеңеш тарабынан биринчи мөөнөткө шайланган.

2. Экинчи жолу 1991-жылдын 12-октябрында жалпы эл тарабынан кайрадан биринчи мөөнөткө шайланган.

3. Үчүнчү жолу 1994-жылдын 30-январында референдум өткөрүлүп, 1991-жылдын 12-октябрында Президент болуп биринчи мөөнөткө шайлангандагы ыйгарым укуктарын жаңы Конституциянын негизинде мыйзамдаштырып алган.

4. Төртүнчү жолу 1995-жылдын 24-декабрында жалпы элдик шайлоолордон экинчи мөөнөткө шайланган.

5. Бешинчи жолу 2000-жылдын 29-октябрында кулакты жапырып, эки көздү чылк жуумп салып, үчүнчү мөөнөткө шайлоого баратканын "экинчи мөөнөт" деп тааныган Конституциялык соттун курамы шыкакчы эмес, Кылмыш-жаза кодекси таамай аныктагандай, мыйзам бузуунун түздөн-түз көмөкчүсү деп каралышын талап кылууга аргасызмын. Ал тууралуу менин далилдеримдин бешинчи бөлүгүндө айтылат. Анда эмесе:

6. Бешинчиси: Жеке адамдын керт башына сыйынуунун көз көрүп, кулак укпагандай үлгүсүн көргөзгөн кожоюнду колдогучтардын ана башы Конституциялык соттун курамы. Ал 1995-жылдын 28-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 82-статьясындагы 3-пунктуна таянып, 1995-жылдын 24-декабрында өткөрүлгөн шайлоолордун жыйынтыгын бекитип жатып: "Аскар Акаев биринчи жолу Президент болуп 1990-жылдын 27-октябрында шайлангандыгы жана ошол күндөн тартып мамлекет башчысынын милдетин аткарууга киришкендиги талашсыз чындык. Демек, Аскар Акаевдин Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктарын аткаруунун биринчи мөөнөтү ал бул ишке киришкен күндөн, башкача айтканда, 1990-жылдын 27-октябрынан бери

карай эсептелине башталат", - деген аныктама бергенин жалгыз эле мен эмес, жумурай журт жакшы билчү эмес беле.

Бирок, арадан эки жыл өтүп-өтпөй, 1998-жылдын 13-июлунда Конституциялык соттун ошол эле курамы, мыйзамдуулугу даргүмөн бир нече депутаттын талаш-тартышына гана таянып, Аскар Акаевдин 2000-жылдагы президенттик шайлоого катыша турган укугу бар деген бүтүм чыгарып бериши, "эки жерде эки-төрт эмес, кожоюнга канча керек болсо, ошончо болот" деген шакаба менен барабар бүтүм болуп калганын, өзгөчө далилдеп олтуруунун деле кажети жоктур...

Мен Конституциялык соттун кийинки чечими Кыргыз Республикасынын баш мыйзамынын 43-статьясындагы 2-пунктунун жоболору түгүл, ошол соттун өзүнүн 1995-жылдын 28-декабрында чыгарган чечимине карама-каршы келип жатканын айтып, Конституциялык сот, менин жанатан бери далилдеп жаткан ой-пикирге келишиме шыкакчы болуп, ал эми А. Акаевге чексиз бийликти биротоло энчисине басып алышына шарт түзгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин ар-намысы менен аброюна шек келтиргендердин катарында А. Акаевден кийинки эле орунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун курамы толугу менен отурушун талап кылууга толук акылуумун деп ойлоймун.

Алтынчысы: 1996-жылдын январь айында А. Акаевди экинчи мөөнөткө Президент болуп шайланышы менен чын дилинен куттуктоо телеграммаларын жиберген: Кытай Эл Республикасынын Президенти Цзян Цземинь, Белорусь Республикасынын Президенти Александр Лукашенко, Литва Республикасынын мурдагы Президенти А.Бразаускас, Корея Республикасынын мурдагы Президенти Ким Ей Сам, Афганистан Ислам Мамлекетинин Президенти Б.Раббани, Пакистан Ислам Республикасынын мурдагы Премьер-министри Б. Бхутто сыяктуу башка өлкөлөрдүн мамлекет башчыларын айыпталып жаткан адам катары болбосо да, күбө катары сот процессине чакырууга туура келет.

Ал жарыктыктар Кыргыз Республикасынын Президентинин атына расмий түрдө жиберген куттуктоо телеграммаларына өзүлөрү кол койгонун танып ийишпес. Танган күндө деле алардын бардыгы "Слово Кыргызстана" газетасынын 1996-жылдын 11-январындагы номерине жарыяланганы менин жаныма аралжы болооруна ишенемин.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип, 1991-жылдын 27-октябрынан бүгүнкү күнгө дейре карапайым адам эмес, бийликтин туу чокусунда отургандардын өзүлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын басмырлап, Конституциясын болсо буйлалаган тоо сыңары каалаган жагына жетелеп келаткандыгын кадыресе көрүнүш деп тыянак чыгарууга болот. Ал эми "Кыргыз Республикасындагы шайлоолор жөнүндөгү" шайлоо кодексинин жоболору дагы одоно бузулуп жаткандыгы тууралуу азыноолак айта кетпесем да болбойт. Айталы, "Шайлоо кодексинин" 30-статьясынын 7-пунктунда: "Шайлоо өткөрүү маалындагы үгүт иштерине: башка мамлекеттердин, чет өлкөлүк уюмдар жана жарандардын, жарандыгы жок адамдардын, эл аралык уюмдардын жана эл аралык коомдук кыймылдардын катышуусуна жол берилбейт", же Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-статьясынын 4-пунктундагы: "Диндик уюмдардын жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүгө тыюу салынат" деген так эрежелердин баса көрсөтүлгөнүнө карабастан, 1995-жылдын 20-декабрында, башкача айтканда, шайлоого төрт гана күн калганда, ошол эле "Слово Кыргызстана" газетасы аркылуу Орто Азиянын архиескопу Отец Владимир: "Алла таалам А.Акаевдин тарабында. Биз дагы өз кудайыбыздан 24-декабрда Аскар Акаевичтин жеңип чыгышына жардам бер деп тилеп сурайбыз"деген үгүтүн жарыялаган эле. Газета ошондой эле чет өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын шайлоо алдындагы А. Акаевдин пайдасына айтылган үгүт сөздөрүнөн үзүндүлөрдү баскан. Буга бир эле мисал келтирейин. 1995-жылдын 20-декабрында Өзбек Республикасынын Президенти Ислам Каримов Кыргызстандын элине "Эгерде бул шайлоолордо мен

дагы добуш бергенимде, анда мен реформанын алгач баштоочусу деп өз добушумду А. Акаевге гана бермекмин. Реформаны баштаган соң, аны аягына өзү чыгарышы керек" деген чакырыгы менен кайрылган.

Ошол эле коңшулаш өлкөнүн мамлекет башчысы Ислам Каримов күнү бүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын нормаларын дагы бузуп, Кыргызстандын элине ("Вечерний Бишкек" 2000-жылдын 27-сентябры) "Эгер мен кыргыздын катардагы шайлоочусу болгонумда, анда өзүмдүн досум Аскар Акаевич Акаевге гана добуш бермекмин" деген үндөө менен кайрадан кайрышып отурат. Эгерде Өмүрбек Текебаев же Мелис Эшимканов үчүн чет өлконүн мамлекет башчысы эмес, катардагы адамы эле ушундай үгүт жүргүзүп көрсүнчү, Боршайком мамлекетибиздин баш мыйзамына кыл келбеген иш тутту деп, экөөнү тең талапкерлердин тизмесинен токтоосуз өчүрүп салмак. А. Акаевге келгенде гана андай башкаларга тыюу салгыч, оппозицияны жазалагыч мыйзамдардын бири дагы өз милдетин аткара албай апкаарып калып жаткандыгын кантип жашырабыз?

Мен биерде бийлик мингендердин Шайлоо Кодексинин беренелерин одоно бузуп жаткандыктары тууралуу кенен кесири сөз кылайын деген оюм жок. Антсем том-томго жеткен "амбарная книга" болуп кетмек. Мисалы, А. Акаевдин шайлоо алдында Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер катары эсеп-чоту жок каражат сарптап, Кыргызстандын кыйырын кааласа самолёт, кааласа вертолёт минип, түп көтөрүп түрө кыдырып жүргөнү, же жер-жерлердеги өпкөсү желкесиндеги аткаминерлердин шайлоо компаниясынын ишине зөөкүрлүк менен кийлигишип, токмоктун күчү менен шайлоочулардын эркине таасир тийгизип жатышы, бул аздык кылса, мамлекетке баш ийген массалык-маалымат каражаттары көпчүлүктү жапатырмак бир адамдын керт башына сыйындыруунун аракетин кылып, жанталашып жатышынын мыйзам түгүл цивилизацияга кенедей дагы тиешеси жок зомбулук экендигин кимге айтып, кимге даттанасың, мындай

иштердин бардыгын ошол даттана турган адамдарың өзүлөрү жасап жатышса?

Азыр президенттин акырынан жем жеп күн көргөн айрым басмалар А. Акаевден башка Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына талапкерлердин ар-намысын кордоп, аброюн маскаралап, кара көөнү армансыз "шыбап" жатышса да, БШК, итиркейлүү партмыкчыгерлер түгүл А. Акаевдин өзү "Койгула. Сый-урматтын чегинен чыкпагыла!" дегенге жарабай жатышы, алдыда келаткан шайлоолордун калыс, адилеттүү өтөөрүнө шек туудурбай койбойт. Ал эми "А. Акаевге альтернатива жок!" деген бүгүнкү күндүн чакырыгы, "шайлоо" деген түшүнүктүн тамырына балта чаап жатканы менен эч кимдин иши жок. Эгерде чындап эле бүгүн А. Акаевге альтернатива жок болсо, анда ыгымынан-чыгымы көп шайлоо сөөрөй өткөрүп, карапайым калкты өөдө-төмөн, сүр-сүр кылыштын кимге кереги бар? Өгүнү телевидениеден Бишкек шаарындагы Свердлов районунун шайлоочулары Ө. Текебаев депутат шайланып жаткандагы өзүнүн убадаларын жана алардын азыркы наказ-талаптарын аткарбагандыгын кыжырдануу менен айтышып, "Текебаев Президенттик кызматка татыксыз" деп кыйкырып чыгышты. Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Ө. Текебаев, менин билишимче, Жогорку Кеңешке Жалал-Абад областынын Базар-Коргонунан шайланса керек эле?

# КЫЗДЫН КЫРК ЧАЧЫ УЛУУЛУГУН ТОКТОТТУ

Олдө кашайган опаасыз дүнүйө ай, тагдырларды каалаганындай калчап, өмүрлөрдү кыркып, ар-намысты өөдө-төмөн тепкилеп ойногонун токтотпогон... Көз көрүп кулак уга элек салтта жок, наркта жок кара муруттарды куйкалап, буурул сакалдарды өрттөп, буудай ырандарды карарта турган жосунсуз жоруктар арбыды го Ата-Журтубуздун узун-туурасын сезгендирип жылаандай соймондогон.

Орус эмес, кытай эмес, грузин эмес, талибан да эмес, өзүбүздүн эле кыргызбайлардын кыйын чыкмалары досуна ниет булгап, сапарлашын аксатып, санаалашына дил карартып, кайран элдин башына камчы үйрүмөйдү адат кылып келет, демократия деген ноктосуз неме күч алган сайын.

Же бир киши өлтүргүч мыкаачы кылмышкер болсочу ал бейбак...

Мал карактаган уурулугу кармалса да, "колу менен жасаганды мойну менен тартсын" деп коймокпуз...

Мамлекеттин мүлкүн кымырып, элдин байлыгын жымырып кетмейи бар колу туткак кокуйгүн болсо да бир жөн эле...

Кудай жалгап андайдан алыс экен, абройлуу сот, атактуу прокурор, тил азар тергөөчүлөр баарылашып, күндүзү чырак жагып издеп деп дагы таба албагандан кийин...

А бирок, бул саптарды жазып жатканымда буурул сакалым ылдый жаш кулатып сынып турам, адам болуп жаралып калганыма бушайман жеп, эркектигиме доо кетип, муун-жүнүм бошошуп.

Денем сууп өлүп турам, "Кыздын кырк чачы улуу" деген тээ Кыргыз Атаман бери карай оодарылбай-чайпалбай келаткан

ыйык сөз менин үзөңгүлөштөрүмдүн заманында өзүнүн нарктуулугун, ал эми кыргыз кызынын чачы улуулугун токтотконуна күбө болгонума зээним кейип.

Ата көрү ээй, эгемендүү кыргыз мамлекетин башкарган, анын өкмөтүн жетектеген, Жогорку Кеңешинин төрүндө отурган, Баш прокурордун тизгинин жайып, улуттун коопсуздугуна, ички иштерине, куралдуу күчтөрүнө ээлик кылган, баш аягы 6 губернатор, жалгыз мэр, жүздөй депутат жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн туткасы бийликтин бутакшагы делинген улуу-кичүү, чоң-кичине, аркыл жаш, аркыл түстөгү чиновник, койчу, тебетей кийген эркек аттуунун бакиси биригип, айыбын мойнуна алдырбай туруп, “айдаган жакка баспады, айткан сөзгө көнбөдү” – деген дooматка таянып, түшүнүгүнө жараша, алына жараша саясатка аралашып, арабызда жүргөн жалгыз зайып, ай-чолпондой болгон бир эмес, эки ымыркай кыргыз баланын энеси, орус-кыргыз тилдеринде чыгып, карапайым калктын сүймөнчүгүнө айланган “Res Publika” газетасынын энеси, айгашка калемгер Замира Сыдыкованы өтө коркунучтуу кылмышкер катары жыйырмага жакын каруу-жаракчан мылыйса балдарга айдатып барып, Бишкек шаарындагы СИЗО деген терезеси жок, темир эшиктүү түрмөгө тыгып салдык, 18 ай колонияда отуруп тилин тыйганга, мансаптууга малдуурга, пулдууга, алтындуурга кол куушуруп, кошомат кылганга үйрөнүп келсин деп.

Алты жашар Тенгиз аны түшүнбөй эле, “мамам качан келет?” – деп кайра-кайра сурап, маал-маал бышактап, он үч жаштагы бир тууганы Чынгыздын мазесин алып атпайбы үч күндөн бери кирпик какпай...

Атаны айланайындарым ай, убалыңар заманга жетсин мансаптуу менен малдуурга зор, башкалардын бакисине кор тагдырды аркалатып койгон.

Ыйыңар касиеттүү Сайкал энем менен кабылан Манас бабамдын арбагына угулсун, урпактарын мындай пастыктан калкалап, аң-сезимине айкөлдүктүн, адамгерчиликтин үрөнүн чачып кетишпеген.

Башынан бул ишке аралашпадым эле. Аки-чүкүсүн анча жакшы билбейт экенмин. Билгеним, он жылга жакын убакыттан бери карай Михаил Горбачевдон Борис Ельцинге чейинки орустун мамлекеттик ишмерлерин, саясий лидерлерин Валерия Новодворская деген бир зайып оозуна кирген сөз менен ашата сөгүп, оңду-солду шыбап келет, ал кургурлардын сөөгүнөн өткөзүп, чучугуна жеткизип...

Россияда бизден арбын кошоматтын генералдык погонун тагынган прокурор, коңузду –доңуз деп далилдей ала турган тергөөчү, чымчыкты – чырпык деп өкүм чыгарып бере турган билерман соттор, бирок, Новодворскаянын алиге дейре эркиндикте жүрүшү жогоруда аты аталган адистердин ыкшоолугунан, мээрмандуулугунан эмес, орус саясатчыларынын, мамлекеттик ишмерлеринин алиге дейре айкөлдүктөн, адамгерчиликтен тайый электигинен болсо керек деп ойлоймун. Андай болсо, орустун улуулугуна, орустун айкөлдүгүнө, орустун адамгерчилигине миң таазим! Жо-жок, миң жолу миңден таазим!

Новодворскаяга караганда кез-кезде жаңылып жазса да, калп айтпай каңырыш угуп алса да, Замира орду менен сүйлөп, бей-бечара, кыз-келин, орус-кыргыз мекендештеринин тагдырына жан кейиткен жөндүү-жөнсүз, талаштуу-талашсыз көз карашын жашырбаган ишинин актыгына, колунун тазалыгына ишенген, мансапкор үчүн издесе табылгысыз оппонент, жумурай-журтка таанымал калемгер эле го...

...Байыркы Египетте бир жаангер Фараон жашаган имиш...

Бул депутат Текебаевдин тосту. Өзүм окуган эмесмин. Өмүрбектен эки-үч жолку отурушта укканым бар.

...Күндөрдүн биринде ошол Фараондун шакирттери:

– Душманыбыздын кол башчысына ок жаңылып, ааламдан отүптүр, – деген кубанычтуу кабар жеткиришет. Ошондо фараон:

– Үч күнгө дейре биздин тууну ылдый түшүрүп, айкашты токтоткула. Аза күтүү каадасы биздин салтка жараша өтсүн! – деген буйрук берип, анан... – О эсил кайраным... – деп өкүрүп ийген имиш.

Фараон ыйлап басылганда, таң калган шакирттери:

– Он беш, жыйырма жылдан бери айыгышып согушуп келаткан адамыңыз ааламдан өтсө, ага мынча үзүлүп түштүңүз? – деп сурашат. Анда фараон:

– Эгерде ал бейиши болгур мынчалык акылман, мынчалык баатыр колбашчы болбосо, менин атак-даңкым, жеңилиш, жеңиштеримдин салмагы жеңилирээк болуп калмак. Айкаштардан ага алдырып койбоюн деп, дайыма сергек жүрүп, аскерий адистиктин туу чокусуна чыкпадымбы. Ошону үчүн мени ушул даражама жеткире тарбиялаган адамдын ааламдан өтүшүно чын дилим менен кейип турам, – деген экен.

Анан кантсин Адам Смиттин эмгектерин окубаса, жүйөолү сөзгө жыгылып, акылына, айкөлдүгүнө, сезимталдыгына жеңдирип жүргон эр неме болсо кейийт да, жарыктык. Тилекке каршы, азыр андай адам калбаптыр бул жалганда. Кыргызда болсо дегеле фараон аттуу болгон эмес дешет.

Жокко айла да жок. Ошону үчүн, кадырлуу Замира калемдешим, болбой турган жагдайды жазып, сени да өзөк карарта бербесин дедим курулай үмүткө алданып.

Ачыгын айтсам, сенин, наристелериңдин, кыргызыңдын, демократияңдын тагдырына жан кейитип жергебизге адилдик келип, калыстык конушуна өбөлгө түзө турган тилинен сөз, колунан иш келген, чокой боолук болсо да бийликтүү кыргыз барлыгына көзүм жетпей турат.

Ошондуктан, маңдайыңа жазылганын көрөт окшойсуң, бейбагым. А балким сенин түрмөдө отурганыңдан Кыргызстандын экономикасы жогорулап, жер-жерлерде уурулук тыйылып, бей-бечаранын көз жашы кургап, турмуш жакшырып кетсе, башкаларыбыздын деле сенин жаныңда отурушуп бергенибиз оң болуп жүрбөсүн?

Жеке менин өзүмдүн колумдан эмне келмек эле? Адаттагыдай депутат кесиптештеримдин басымдуу көпчүлүгүнүн эркине багынып, 1997-жылдын май айынан баштап “Кыргызстанда кыздын кырк чачы улуулугун токтотту” деген мыйзам долбоорун өткөзүп ийгенден башка арга калбады менде.

Улуулугу жок элдин кызынын кырк чачы кантип улуу болмок эле...

Кечирип кой мени, карындашым, айтышканга алым, күрөшкөнгө күчүм жете турган маалым өтүп кетип, азыр бел солкулдап турганда, бир тебетей силкип, сага арка-бел боло албай калгандыгым үчүн.

Сага узун омүр, эркиңе бектик тилеп, намысы барчаланып турган агаң –

*Дооронбек Садырбаев,*
*"Республика", 1997-жылдын 2-июну*

# КУРМАНБЕК БААТЫРДЫН 500 ЖЫЛДЫГЫНА БАРБАЙ КАЛГАН САДЫРБАЕВ

## ТОГУЗ ДЕПУТАТТАН АЛГЫ СӨЗ

Урматтуу Жалалабаддыктар!

Биз төмөндөгү кол койгон, Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаттары, учурубуздагы карапайым калктын дасторкону жукарып турганына карабастан, алыс-жакынды чогултуп, Жалал-Абад шаарында откөрүло турган Курманбек баатырдын 500 жылдыгына арналган үлкөн мааракеге барып, өзүңөр менен баарлашып, кез келгениңе, жок дегенде, жылуу сөзүбүздү айта келели деп ниеттендик эле. Болгону, мааракенин салтанаттуу болүгүндо Мыйзам Чыгаруу жыйынындагы Жалал-Абад орөөнүнүн эн аксакал депутаты, Кыргыз эл артисти, 3-даражадагы “Манас” орденинин ээси, кинорежиссер Дооронбек Садырбаевге башкалардын катарында сөз берип коюусун суранган болчубуз.

Тилекке каршы, мааракеде Дооронбек Садырбаевге сөз берилбей тургандыгы белгилүү болду. Башканы айтпай эле коёлу, тээ атамзамандагы канкор падышалардын маалынан бери оодарылбай - чайпалбай келаткан "баш кесмей бар, тил кесмей жок" –деген нусканы дагы "приватташтырып" жиберген мындай мааракеге катышууну ылайык корбөдүк. Мааракеңер тынч өтсүн, өзүңөр аман болгула. Биздин катышпай калганыбыз үчүн кечирип койгула. Ал эми Д. Садырбаевдин ошол жерде айта турган сөзүндө кайсыл даражада арамзалык, зөөкүрлүк, митайымдыкже мамлекетке каршы сөздөр бар

экендигин эл өзү аныктасын деп, анын күн мурунтан даярдалган текстин жарыялап коюуну туура көрдүк.

**ЖК депутаттары: А. Бекназаров, А. Абдумомунов, Ө. Текебаев, Б. Асанов, А. Мадумаров, И. Исаков, И. Кадырбеков, Д. Чотонов, Б. Бекбоев...**

# БААТЫРГА ШООРАТ, ПЕЙИЛГЕ ТААЗИМ

**Урматтуу замандаштар!**
**Кадырлуу меймандар!**

Жалал-Абад дубанынын эли, мамлекеттик администрациясы учурубуздагы саясий агымдын оң жак, сол жагындагы аялзат, эр-бүлө, алты нөлдүү цифраны алкымдаган калкы бар областтын жамааты, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, мындан жүздөгөн жылдар илгери, жылт эткен жылдыздын жарыгындай кыска өмүр сүргөн, кыргыз баатырларынын арасынан эң даректүүсү жана эң аянычтуу тагдырлуусу Курманбек баатырдын арбагына ызаат көргөзүп, жеткинчектерге арам менен адалдын айырмасын дагы бир ирээт таанытып коюу үчүн баарыбызды ушул жерге чогултуп отурат.

Тээ Манас бабабыздын заманынан бери карай, "журт баатыры" делинген уул-кыздын дареги мол болуп келген, касиеттүү кыргыз жергесинде. Азыр да кудайга шүгүр, уучубуз куру эмес, билими терең, дили таза, жүрөгүндө жалы барлыгынан улуу-кичүү мекендештеринин сый-урматына бөлөнүп, мамлекет тарабынан да расмий жол-жобосу менен таанылган баатырлар жүрөт арабызда биз көргөндү эле көрүп.

Бирок, көзү өткөн, көзү тирүү, даректүү-дарексиз кыргыз баатырларынын эң жашы, эң сүйкүмдүүсү жана эң өксүгү Курманбек баатыр аттын кашкасындай болуп, башкалардан айырмаланып келет кылымдарды кылымдарга жалгаштырып.

Азыркы мезгилде жашап жаткан беш кыргыздын бирөөнүн аты – Курманбек.

Карапайым калкты айтпай эле коёюн, бүгүнкү эгемендүү кыргыз мамлекетинин эң жогорку беш жетекчисинин бири, республиканын Өкмөт башчысынын аты да Курманбек.

Эмне себептен Курманбек деген ысым кыргыз аттуунун кулагына жагымдуу да, жүрөгүнө жакын болуп калган?

Маалында азуусу курч, айбаты зор бийлик тизгинин талашкан, же алтын-күмүш чогултуп аркыл байлык жыйнаган адам болбоптур Курманбек...

Кыргыз кыйырына дин жайылтып, же эң эле жок дегенде, кайсыдыр бир партиянын туусун көтөрүп чыгып, кимдир-бирөөлөр менен пикир кагыштырып жүргөн саясаттын майдангери да эмес экен курган бала...

Балким, күлгүн курак чагында улуттун намысын туу кылып көтөрүп чыгып, кыргыздын элин эч кимге басмырлатпай, эки саржан бир кулач эмес, жарым карыш жерин душмандын таманына тепсетпей, же Ата Журттун кокту-колоту тургай, котур ташын бөлөк-бөтөндүн канжыгасына шыралга байлап же соодалашып пулдап жибербей, 30га дагы жетип-жете элек кырчын өмүрүнүн кыйылганына кайыл болуп, жаш башын өлүмгө байлап кете бергенинен улам анын ысмы алиге дейре кыргызмын дегендин жүрөгүнөн түнөк таап келаткандыр.

Кыргыздын ак тандай акыны Калык Акиев кыш чилдесинин кычырап турган маалында күндөп-түндөп тыным албай "Курманбек" дастанын айтып атканда, боз үйдү тегеректеп отурган бир адам "чук" этип, бир адам ордунан козголуп койчу эмес экен.

Улуттук адабияттын классиги Касымаалы Жаитөшевдин "Курманбек" драмасы 50 жылга жакын убакыт сахнадан түшпөй, элибиздин бир нече муун уул-кыздарын аруулукка, адилдикке, ар-намыстуулукка тарбиялады.

"Курманбек менен Айганыштын ролун бир жолу ойносом" деп тилек кылбаган бир дагы кыргыз артисти болгон эмес.

Эгерде менин өзүмдүн дагы күүдөн-күчтөн кайталек маалым кайра келип, "Кайран эл", "Махабат дастанын" жараткан кездегидей кинорежиссерлук кесибим колумда турса, "Курманбек" дастанын тасмага тартасың деген тапшырмам болсо, мен ал киномдун атын "Курманбек" эмес, "Армандуу баатыр дастаны" деп атамакмын.

Себеби, бул дареги дайын, кереметы мол "Курманбек" дастанында кыргыз гана эмес бүткүл адамзатка мүнөздүү эки көрүнүш. Биринчиси, кыйдылыгы арбын, арамзалыгы ашынган

дили караныn жүзүн ашкерелесе, экинчиси, инсан ыймандуулугунун ажарын ачкан ачуу- таттуу чындыгы бар эки улуу арман, эки улуу өрнөк жатат.

Түпсүз талаа, мейкин түздүн кокжал бөрүсү айтылуу Чынгызхан баатыр маал-маал:

– Зарлап тапкан жалгыз балаңдын боорун жесең да, бийликти колдон чыгарбашың керек, – деп уулдарына осуят айтканы менен, көзү тирүүсүндө канкордун өзү дагы мындай наамарттыкка, мындай мыкаачылыкка бара албаптыр.

Каапыр делинген калмак же монгол эмес, мусулманбыз деген өзбек же казак эмес, өзүбүздүн эле чала молдо, дин бузар өзоктошүбүз кыргыздын ханы Тейитбек жасап жатпайбы, мындай олчөөсү өзү менен кеткир тарыхтын каргышына кала турган жосунсуз жорукту.

– Курманбек душманын женсе, акыры келип менин бийлигиме тап бербей койбойт. "Мындай перзенттүү болгуча, кыргыздын чалдары куубаш, катындары туубас болуп өткөнү жакшы. Бийликти мерчемдеген баланын барынан жогу, – деп, жоо тумандай болуп каптап келаткан сансыз жоого аттанганы аткан, болөк-ботөн эмес, өзүнүн карачечекейи, болгондо да зарлап тапкан жападан-жалгыз перзенти жаш баатырдын белин мертиндирүү үчүн, айкашта сыналган аргымагы-теке жоомарт Телторуну бербей, балтыр эти толо элек, баралына келе элек тай күрөңдү мингизип, аны көз көрүнөө өлүмгө айдап, өзү эле эмес бүткүл кыргыздын туу жыгар уулуна дил карарткакы үчүн Тейитбектин ысымы "какбаш" деген кошумчасы менен кылымдардын каргышына калып келатат.

Ошону үчүн 500 жылдан бери бир дагы кыргыз жарык дүйнөгө жаңыдан келген перзентинин атын Тейитбек деп койгонун көз көрүп, кулак уга элек.

Арадан миндеген кылым өтсо да, "кыргыз" аттуу көрпенде жер бетинде тирүү басып жүргөндө, "Тейитбек" деген ысым жандап өткөн жерине ашкере наамарттык, өлчөөсүз куйтулуктун үрөнүн чачып, иниси агасын мууздап, атасы-баласын айбалталаган ымансыздыкка эшик ачкан кесепет катары каралып, уккан адамдын денесин уулуу жылаан оролo түшкөндөй жыйрылтканы менен, негедир, Тейитбектин бул

өрнөгү алиге дейре жашап келет, буурул жер бетине арамзалык былгытып...

Ал эми экинчи улуу өрнөк, касиеттүү Көкө-Теңирим ойдон-бойдон кебете-кешпирден, балбан билек, баатыр жүрөк, тунук акылдан, койчу, эчтекеден өксүтпөй жараткан Курманбек, түмөн жоону түбү менен түрө чапканга жараган баатыр, Тейитбектей телпейген чалдан сурабай-нетпей эле аргымакты минип, душманынын пачак-пачагын чыгаргандан кийин бардык бийликти өз колуна алып каалаганын жасаса болот беле? Албетте, болмок. Себеби, "кыргыз" деген кай заман болбосун, каерде болбосун өзгөрүлбөй-чайпалбай кыргыз бойдон кала берээрин бүгүн эч ким талашпаса керек деп ойлоймун. Ошондогу кыргыздар деле "Какбаш чалдын сазайын берген, аябагандай айкөл, көптү билген көсөм, журтубуздун бактысына миң жылда бир жаралган баатырга шоорат!" деп жапатырмак алакан чаап, тебетейин көккө ыргытмак.

Бирок, Курманбек антпеди. Өзүн жарык дүйнөгө жараткан атага акаарат айтмак түгүл, акырая кароого болбой турган перзенттик эрежени бузган жок. Бул жолку чабуулунда душманга алдыраарын, жери тепселип, бели сынаарын, акырында жаш өмүрүнүн кырчын талдай кыркылаарын билип-туюп туруп, бирок, атанын ыктыярына моюн толгой албай, өлүмгө башын байлап кете берди, кайран бала!

Ошону үчүн кыргыз жергесине баатырлыктын гана эмес, адептүүлүк менен ыймандуулуктун таалимин калтырган нарктуу уул деп, Курманбекти ар мезгилдин карылары урматтап жүрөт, арбагына багыштап куран окуп...

Ошону үчүн жерин сүйүп, эл милдетин аткара турган кеменгердин үлгүсүн муундан-муунга мурас кылып таштап кеткен, эсил-кайран Эр Бабабыз деп жаштар дагы жакшы көрүшөт Курманбекти.

Ошону үчүн үркөрдөй кыргыздын башына үйдөй балээни үйүп, жатындаш бир туугандардын арасына бузукулук менен көрө албастыктын, ниети каралык менен адепсиздиктин уругун гаштаган Тейитбек какбаштын арбагына жыйырма биринчи жүз жылдыкта айтыла турган наалат сөздү баштап берейин деп, мен дагы бул жерге чыгып отурамын.

Ал эми бүгүнкү маареке тууралуу айтарым бул: өз мезгилинде, андан кийин деле жер ээси, эл туткасы делинип келген Курманбек баатырдын арбагына таазим кылып куран окуп, ысмына ызаат көргөзүп чыгарып коюу үчүн алыс-жакындагы куда-сөөк, жар-жоро, агайын-тууганды топтоп, буга окшогон үлкөн маарекенин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, өз ыктыяры менен түйшүгүн аркалап турган жалалабаддыктардын элчилик-журтчулук ынтымагына ыракмат. Токчулук жыттанган пейлине таазим.

Ылайым, бул элдин бөйрөгү бөксорүп, бүтүнү бүлүнбөсүн. Жаштары Курманбектей уулдуу болуп, карыларын Тейитбектин кейпин кийип, тагдырын аркалагандан сактасын Теңирим.

Кыргыз мамлекети жана анын жарандарынын бөөдө кырсыктан сырткары болуп, өсүп-өнүшүн арбагы менен колдоп жаткан баатыр Бабабыздын, ошол жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун! Оомийин!

***"Агым", 2001-жылдын 23-октябры***

# ЧЕСТЬ ИМЕЮ

**Миражи благих намерений.**
**Непроизнесенная речь на несостоявшемся митинге.**
**Уважаемые сограждане!**

Я надеюсь, что вам достаточно известна моя партийная непринадлежность к кому-либо или к чему-либо.И не потому, что я такой аполитичный, нет, просто на сегодняшний день в нашем Кыргызстане отсутствует сообщество, идеология которого я бы воспринимал целиком и полностью. Вместе с тем, я отдаю себе отчет в том, что если кто-то тебя приглашает на собрание людей, которые вознамерились чо-то провозгласить, то от тебя хотят услышать нечто в собственную поддержку. И это правильно. Кто же станет приглашать человека, чтобы услышать от него что-нибудь нелицеприятное про себя. В принципе, у меня нет никаких возражений против вашего желания остановить войну в Чечне или в Таджикистане. И война в Югославии мне противна, и в Эфиопии, Сомали, в Пакистане. Мне любая война противна, даже когда она ведется на газетных страницах. Бог сказал: «Не возлюби жену ближнего своего даже в мыслях». Потому что возжелав жену ближнего даже в мыслях, ты еще больше возжелаешь ее, когда встретишь. То же самое касается войны, которая всегда начинается в слове, а обретает свой законченный облик в артиллерицском снаряде. Так что я поддерживаю ваше стремление остановить войну в Чечне и в Таджикистане. Но, честно говоря, мне хочется несколько иного, чтобы вы, мои дорогие соплеменники, в конце концов спустились на грешную землю. Мне кажется, пять лет болтаться в проруби между небом и землей, это достаточный срок, чтобы даже пьяный протрезвел. Спуститесь на землю, посмотрите на себя, на власть предержащих, на свой народ.

Посмотрите осознанно, твердо стоя на ногах, а не испытывая блаженной болтанки от полета в никуда.

Я, например, считаю, что сегодня именно кыргызский народ, а не какой-нибудь другой нуждается в объективном осмыслении своего прошлого, настоящего и будущего положения как на Земле своих предков, так и в мировом сообществе людей.

Кто мы? Зачем? Куда мы?...

Простите за пошлость, однако нормой жизни должна быть трезвость. И скажите мне тогда, как вы собираетесь остановить более могущественные государства и многочисленные племена, чем очумелые от похмелья после самопала и внутренних передрязг кыргызы?

Ну, поговорим! Ну, провозгласим! Ну, выдвинем… А дальше что?

Допустим, что мы произнесем самые искренние, самые красивые, самые мудрые фразы, которые войдут в Коран, в Библию и даже в программы политических партий и платформы кандидатов в президенты. А дальше что?

Вы уверены, что ваши голоса будут услышаны? И не теми услышаны, кто ушел из дома, от семьи с автоматом в руках, а теми, кто заставил этих людей поменять домашний уют на вшивость окопов? И вы уверены, что знаете этих политических монстров, которых еще Хемингуэй предлагал расстреливать в первую мировую войну? Я не уверен. Я не уверен даже в том, что нас с нами услышат хотя бы наше родное Кыргызское Правительство, не говоря уже о всевышнем Президенте. Не услышат нас до такой степени, что даже не станут отпихиваться как от назойливой мухи. И это вовсе не свидетельство, что у нас дурное правительство, Президент. Это свидетельствует, что времена уличной демократии, времена блаженно-массовых объядинений, движений, комитетов и прочих в лету неумолимого времени. Что мираж американской демократии, сошедших в наш благословленный горный край, равен миражу турецких денег в наших дырявых кошельках. Никто и никогда не поддержит кыргыза по одной простой причине хотя бы, что в мире не существуют вечные личные интересы. Личные интересы одного человека, личные интересы группы людей,

личные интересы общества, составляющего определенное государство. И основная беда личных интересов заключается в том, что они законченных границ не имеют. А существуют исключительно в постоянном росте. В этих чьих-то интересах оказалось неважным, льется ли кровь в Таджикистане или Ичкерии, не льется ли… А может быть наоборот – в чьих-то интересах нужно большое количество пролитой крови именно русских пацанов? О когда этой крови кому-то показалось мало, вновь на ОРТ появился небезизвестный Невзоров, только теперь с отрезанными чеченскими за отворотами рукавов гимнастерок нескольких российских боевиков. И поток русской крови, естественно, увеличился… Чеченской тоже. Вполне возможно, что сейчас в чьих-то личных интересах намного важнее протащить через очень «всенародные» выборы или слишком лукавые референдумы какого-нибудь Султана Абрамовича Хачикашвили в реформаторские президенты где-нибудь в Зазибарии.

Вы, мои дорогие сограждане, знаете, чьи здесь режет интересы? К кому вы обращаете свой голос? Как намереваетесь довести свой голос до адресата?

Я не могу ответить ни на один из этих вопросов, поэтому считаю цель этого собрания аморфной, а значит по большому счету бессмысленной. Могу допустить, что через общую боль за проливаемую кровь в Таджикистане и в Чечне делается очередная попытка объядинить Кыргызов. Сделать то, что не удалось в древние времена сделать Манасу, а во времена советские сделать Айтматову. Пусть так. Но закономерный вопрос: Зачем? Чтобы мощным объединенным кулаком размахнуться и ударить…Куда? По кому? И опять же – зачем? Вопросов значительно больше чем ответов. Да еще за каждым следует, словно тень, объективный вывод генерала Феликса Кулова о том, что настоящих демократов в Кыргызстане едва ли на один автобус наберется. Как по партийному песенно-звонкоголосые, так и по человечески трусливо-молчаливые.

Так, может, многовековая история кыргызов свидетельствует именно о том, что не предначертано нам быть на Земле единым кулаком? Что суждено быть либо изнасилованной, либо удавольствие получившей. Рожать все

равно придется, но, согласитесь, одно дело плод вынашивать и растить его, когда твоя душа живет с ощущением удовлетворения, и совсем другое, когда поругана честь и растоптано достоинство.

И не лучше ли навсегда оставить в сказках несбыточную мечту о единстве нации, потому что не изменить соотношения, когда на 4 кыргыза приходится 7 мнений. Конечно, любить всех, переживать за все человечество значительно проще, чем души не чаять в своем ближайщем соседе и переживать его боль. Давайте, просто рожать обыкновенных кыргызят, обеспечивать их полноценной пищей, добротным кровом, передавать им родной язык, нисколько не обращая внимание на то, сколько языков числится в государственных, а сколько в официальных. А чужую боль не отвергая, давайте, хранить каждый в своем сердце. Не будем забывать, что личный интерес в итоге определяет и государственные интересы, а чистота индивидума может стать залогом здоровья всего общества.

Мне искренне жаль своих братьев-вайнахов, целое поколение которых выросло на Земле кыргызов и под солнцем нашей обшей Родины. Печально, что в чьих-то интересах льется кровь людей, с которыми я вместе вырос. И вместе с тем я не могу не восхищаться теми, для кого честь и достоинство не является пустым звуком. Я знаю, что даже самые отважные генералы порой ломаются, поподая в плен или оказываясь в заложниках у своего более сильного соперника. Мы хорошо помним, как этот же сильный поднимал брата против брата, отца против сына.

Мне доводилось встречаться с вдовой Джохара Дудаева, Аллой Федоровной, из ее рук принимать хлеб, слышать, как она читает свои стихи. Смею утверждать, что я знаю эту умнейщую и мужественую женщину. Тем не менее я не могу сегодня давать оценку ее состоянию, если даже она призывает своих соплеменников отдать голоса на выборах за ныне действующего Президента России. Ибо свои поступки только ей самой доступно оценить. И России тоже свои внутрение дела – только самой решить. Я лишь сохраню боль в своем сердце за Аллу Федоровну. Ровно как сохраню боль за безвременно ушедшего из жизни поистине великого сына вайнахов в конце

двадцатого столетия – Джохара Дудаева. Судьба оказалась благосклоннее к Джохару, чем к его далекому предшественнику имаму Шамилю, избавив от участия закончить свой славный земной путь в плену. Джохар Мусаевич Дудаев жил в наше время свободным и покинул этот мир непобежденным.

Не сомневаюсь, что много противоречивого мы еще услышим о жизни и смерти Д.Дудаева. Но для меня эти мнения не имеют ровным счетом никокого значения, потому что не один час, не один лень продолжалось мое личное знакомство с ним, и я искренне буду гордиться этим до конца своих дней.

Я никуда вас не призываю, мои сограждане, разве что вернуться в свои дома, подправить стены и кровлю, восхититься своими любимыми и стать несколько терпеливее к своим соседям, даже если пост у них приходится на другие дни.

Ни я, ни вы, ни чем ни можем помочь сегодня народу Ичкерии. Единственное, что я могу сделать память моего брата Джохара, прочитав суру из Корана, чтобы попросить у Аллаха определить ему лучшую долю там, чем она была на земле. И даст Бог, это сможет помочь и нам преодолеть тревожную тишь и наскудное ожидание следующего воскресного дня, в котором иные видят возможность отречься от собственных грехов, а то и возложить их на плечо своего соседа…

***8 июня 1996 года, город Бишкек***

# «КАЗНИТЬ НЕЛЬЗЯ ПОМИЛОВАТЬ»

Обучаясь четыре года в медицинском институте, я не мог не соприкоснуться с вечными понятиями, которые питали человеческий разум на протяжении многих веков. С тех далеких студенческих лет и осталось в моей памяти крылатое латинское выражение: «Tempora mutantur. And nos mutamur in illes», то есть: «Времена меняются, и мы меняемся вместе с ними».

Спорить с этим постулатом, конечно же, бессмысленно, однако вот что меня удивляет несказанно: фантастическая скорость, с которой мы меняемся сами. Порой даже быстрее, чем само изменяющееся время. Воистину – космический век!

История, например, сохранила мнение Гитлера о Советском Союзе как о колоссе глиняных ногах. И он попытался за считанные недели стереть с лица земли уродливое, как он считал, образование, но на этом лишь свернул себе шею.

Десятилетия спустя уже президент США Рональд Рейган бросил клич по всей планете объединиться в борьбе с «империей зла», под которой подразумевал СССР. Но и Рейган ушел с политической арены, а Союз оставался, занимая шестую часть земли.

Да что там 10-15 лет назад! Еще совсем недавно и стар и млад прилипали к телевизору, чтобы посмотреть, как молодые и здоровые нардепы СССР, в том числе и мои земляки-среднеазиаты, изгалялись над физически немощным, но духовно бесконечно сильным Андреем Дмитриевичем Сахаровым; когда Борис Николаевич по-молодецки летел с высоченного моста в студеные осенние воды подмосковной речушки; когда Егор Кузьмич вел тотальное наступление на интернационального Кощея Бессмертного – всесоюзного алкоголика, так вот, тогда ни один человек и мысли не

допускал, сто «Союз нерушимый республик свободных» очень даже рушимый. И развалился он в одночасье. И главное, без чьих-либо усилий извне. Только щепки полетели. А в большинстве своем недавно еще опереточные президенты вмиг превратились в олицетворение высшей государственной власти.

Одной из таких щепок, полетевших в тартарары, оказалась и моя республика, получившая так называемую независимость, если честно, исключительно благодаря братьям-славянам, что-то сообразившим на троих в Беловежской пуще… Ну, не называть же, в самом деле, национально-освободительной борьбой трехдневную голодовку Т. Тургуналиева у стен здания Центрального Комитета Компартии Киргизии с требованием отставки тогдашнего лидера кыргызских коммунистов А. Масалиева…

Это, впрочем, к слову. Важно то, что в мизерный по меркам истории срок изменилась наша государственность. Ну и мы, конечно, изменились. Ибо уже никто – ни Тамерлан, ни Бухарский Эмир, ни русский царь – будь то Николай, Ленин или Горбачев – не овладел уже над нашим суверенитетом. Правда, очень быстро выяснилось, что «горе горькое по свету шлялося и на нас невзначай набрело», и мы за еще более короткий отрезок времени оказались едва ли не самыми нищими на земле. Даже среди стран бывшего Союза. Даже среди тех, кого раздирают гражданские войны.

Чем наша страна кичилась при развитом социализме? Правильно: самой дешевой электроэнергией, самым голубым Иссык-Кулем и самым большим поголовьем овец на квадратный сантиметр пастбища. Сегодня же, окунувшись в реальность, обнаружили себя у разбитого корыта. И тоже в одночасье. И тоже без чьих-либо малейших усилий извне.

Иссык-Куль оказался беспросветно загаженным, и в нем искупаться все меньше желающих не только из числа зарубежной знати, но и своих кыргызстанцев.

Электроэнергия оказалась тоже чуть ли не самой дорогой в мире, если судить по соотношению к заработной плате.

А бараны и вовсе так быстро невесть куда исчезли, что, дай Бог, если на 1000-летие эпоса «Манас» гостям, приглашенным

со всего света, хоть кусочек мяса достанется. Но больше, чем гостей, мне жаль наивных турков-бизнесменов, построивших в разных регионах республики заводики по обработке кожи из расчета на многие миллионы овец! А шкуру-то уже снимать и не с кого, разве что с самого кыргыза…

Многовековое пребывание моего соплеменника на планете подтверждает непреложную истину: и самый нищий кыргыз не лыком шит. Не может он позволить себе кануть в Лету, исчезнуть в безвестности. Чем ничем, а должен заявить о себе! В наше время и пригодился этот самый суверенитет, в котором главное – де-мок-ра-тия! Мой брат – кыргыз очень шустро уловил, что все богатые дядюшки, по-современному – инвесторы и спонсоры, только под неустанное заклинание этого слова и готовы были раскрыть свои кошельки. И, бисми-лляхи-рахмани-р-рахим, скоренько создали у себя всю внешнюю атрибутику демократического государства – парламент, правительство, президент.

Я искренне жалею, что многое было сделано с бухты-барахты. Но кого винить, если времена менялись куда стремительнее, нежели мы сами? Хотя должны были помнить, когда именно нужна поспешность. И что получается, когда поспешишь, тоже должны были знать.

И началось… Началось, конечно же, с правительства, потому что и пустой желудок, и тугой кошелек имеют одно общее свойство: их надо регулярно пополнять, иначе они прикажут долго жить. А поскольку правительство находится между молотом и наковальней, то прихлопнуть его – как два пальца обсосать.

Следующей на очереди оказалась наковальня, которая, пока по ней молотили, прихлопывая правительство, дала трещины. Несмотря на то, что со дня своего рождения наш парламент признавался нашей прессой самым революционно-преобразующим, самым «легендарным», словом – чуть ли не эталоном для нынешних и будущих поколений парламентариев. Однако вскоре выяснилось, что и Конституции он хреноватенькую породил, и нормальных законов не принимает, и ваще…

Но все эти перемены – чихня по сравнению с той головокружительной быстротой, с которой менялся наш дорогой президент. Оно и понятно: чтобы удержаться в седле, надо, как минимум, не отставать от скакуна-времени.

Вполне вероятно, что пресловутая поспешность, в конце концов, и подвела нашего дорогого президента, явившись причиной всех его ошибок. Одна из них заключается в том, что в интервью российской газете он вдруг сообщил, что является прямым потомком Шабдана – последнего поистине великого хана кыргызов. Ну и что с того, казалось бы… Но так может отреагировать какой-нибудь француз или американец, только не наш недавно советский кыргыз. Ведь еще лет пять назад, находясь не у власти даже, а лишь на самых дальних подступах к ее низшим ступеням, не упускал он случая постучать себя в грудь бесспорными доказательствами своего бедняцко-крестьянского происхождения. И тут вдруг… Пустячок, а приятно, что к новому «светлому» будущему тебя ведет не последыш чумазого кедей-кадыка, но потомок знатного рода… Думаю, узнай об этом нардепы исторической сессии Жогорку Кенеша, утвердившей институт президента в Кыргызстане, Акаев победил бы не с перевесом, если не ошибаюсь, в 3-4 голоса, а куда внушительнее.

И все было бы хорошо, не возникли одновременно подозрения: указывал ли наш дорогой президент свое ханское происхождение в недавние благословенно-социалистические времена, когда заполнял анкетные листы, вступая в ряды Коммунистической партии, при назначены завотделом ЦК КП Киргизии, потом и президентом республиканской Академии наук? Если да, он тогда не просто дорогой, а действительно уважаемый человек. Если нет… Бр-р! Ни за какие коврижки не соглашусь быть гражданином самой процветающей страны, высший руководитель которой – лицемер. Но как снять эти подозрения?

Здесь можно было бы поставить точку, да есть одна закавыка. А чтобы она стала понятной, перелистнем одну из страниц трагического для республики 1990 года. Тогда журналисты из Центра, особо ретивые ура-патриоты, стоящие одной ногой в Москве или Питере, а другой – на исторической

родине, взахлеб, стараясь перекричать друг друга, принялись «поливать» кыргызов, обвиняя чуть ли не во всех смертных грехах, и прежде всего и безжалостном притеснении моих кыргызских русаков, приводя множество фактов нарушений элементарных человеческих прав зарывшимся коренным населением.

Нет народа, не гордившегося бы своими лучшими представителями. Вот и среди моих ленивых кыргызов нашлись такие, что закопались в библиотеки и архивы. Сначала даже не для выяснения истины, а жон эле, просто так, скорее, для любопытства ради. И отыскалось немало документов, подтверждающих выводы супер защитников русского народа с точностью до наоборот. Всплыл геноцид 1916 года, упорно замалчиваемый советской идеологией многие десятилетия; 37 год (что русским, грузинам, да любым нациям советской империи доставалось не меньше, это моего брата-кыргыза не волновало, он всегда и во всем велик, даже в притеснениях). В общем, достаточно паскудных фактов набралось, чтобы некоторым русским, как правило, совершенно невинным, и впрямь досталось по первое число, поскольку намеренно или по скудоумию, но русские ура-патриоты разбудили прежде всего тех кыргызов, для кого примитивный национализм был единственным шансом политически заявить о себе.

Потом опять мой брат-кыргыз жил просто так, «жөн эле», доедая старых баранов и новую порцию тухлой гуманитарной помощи. И снова он встрепенулся, когда услышал о знатных конях своего дорогого президента, и снова любопытство погнало его в библиотеки и архивы. А о том, что интересного было найдено, поспешил сообщить не только через кыргызскоязычные, но и русскоязычные газеты – президент-то один у нас на всех общий.

Интересного же и впрямь было много. Оказалось, например, что Шабдан действительно имел определенное отношение к родовой ветке нашего дорогого президента: приютил тот когда-то казаха-конокрада, изгнанного из родных мест за какие-то еще более тяжкие грехи. Вот он, ушлый, и является прямым предком нашего верховодителя.

– Ну и что? – скажет какой-нибудь простой советский человек, поверивший Сталинской мудрости: «Сын за отца не отвечает», а уж за прадеда – тем более.

Согласен. Однако опять же закавыка. Наш дорогой президент, получается, и не кыргыз вовсе, а казах.

– Ну и что? – какой-нибудь американец. – Я родился в США, значит, я американец. Со всеми правами и обязанностями. Могу безработным влачить существование в трущобах, но могу и президентом в Белом доме быть. Все в руках Бога!

Согласен. У них, в Америке, возможно, и в руках Бога, а у нас в кыргызском менталитете… А что такое кыргызский менталитет, мне объяснили недавно, когда я собирался выступить на сессии Законодательного собрания со своей болью, рожденной чеченской трагедией. Один из коллег-депутатов, ознакомившись с тезисами моего выступления, воскликнул:

– Вот это народ – чеченцы! Миллионнорукая силовая Россия не может достать в крохотной квартирке одного Дудаева… Да окажись в дудаевском положении наш президент – его бы через минуту преподнесли на блюдечке с голубой каемочкой и под любым соусом. И не враги преподнесут, не южане там или северяне, а обыкновенный среднестатистический кыргыз. Ну, менталитет у нас такой, у кыргызов, не убивать же за это!

Согласен. «Казнить нельзя помиловать». И перебирая, словно четки поступки и действия нашего первого президента, в силу своего положения олицетворяющего кыргызский менталитет (каков приход, таков и поп), я с каждой новой костяшкой четок прихожу все в больший ужас. Единственное. в чем наблюдается рост в республике, это-сумма и количество долгов. Да еще, простите, в количестве референдумов.

Сколько их проведено за считанные годы существования независимой республики – сразу вряд ли кто назовет, ибо начиная от самого президента и кончая рядовым избирателем, все, можно сказать, уже окончательно зареферендились. А потому бесспорно одно: каждая новая заявка на очередной референдум вызывает судорожную икоту, переходящую в

саркастических смех. Потому что одновременно с заявкой вдруг выясняется, что и депутаты, и их избиратели давным-давно, оказывается, вынашивали высказанную очередным супер усердным активистом от депутатского корпуса идею.

Было время, когда я сносил эту политическую клоунаду Было и прошло. Поскольку, встав на тропу кандидата в депутаты, мне довелось обращать в свою веру почти 70 тысяч избирателей, при этом, естественно, вникая в их заботы, надежды и помыслы. Поскольку, став депутатом, я облачен верой моих избирателей в мою честность, непредвзятость и объективность.

И я не могу не возразить глаголящим от имени народа не истину, но закамуфлированные под истину своекорыстные политические либо коммерческие цели. Делается это, оказывается, до элементарного примитивизма просто. Вот послушайте…

…Во время нашей предыдущей сессии мне в руки попадает коллективное письмо из Базар-Курганского района, где одновременно выражается просьба: ознакомиться с содержанием и передать в секретариат сессии. В письме 1100 избирателей района, рассказав о своем чрезвычайно бедственном социальном положении, призывали всех депутатов не поддерживать идею проведения референдума по продлению президентских полномочий до 2001 года.

Я мысленно согласился со своими земляками, потому что и впрямь почти полугодовая гонка за депутатскими мандатами и двухпалатный Жогорку Кенеш основательно выпотрошила и без того тощий республиканский кошелек. С одной стороны. С другой – изрядно поистрепалась терпимость между родами и племенами.

Ознакомился и предал письмо в секретариат.

Каково же было мое искреннее изумление, когда через несколько дней в конце одного из текущих заседаний дежурный по секретариату депутат палаты Представителей, потрясая конвертом, заявил, что жители Базар-Курганского района целиком и полностью поддерживают идею скорейшего проведения референдума по продлению президентских полномочий до 2001 года.

И кто меня теперь убедит, что под «мудрым» и тщательно продуманным руководством акимов и акимчиков, неиссякаемым усердием депутатов и депутатиков не последует оттуда 99,99% "одобрямся" по любому для кого-то угодному вопросу? И сколько еще раз будут потрясать подобным образом любыми письмами представители народа? А если такие или другие письма вообще не выберутся из лабиринта иного района, где власть акима покруче Базар-Курганского?

А потому я совершенно убеждено говорю президенту: ГОСПОДИН АКАЕВ, НЕ ВЕРЬТЕ СВЕРХОПЕРАТИВНО ОРГАНИЗОВАННОЙ ДЛЯ ВАС ЕДИНОДУШНОЙ ПОДДЕРЖКЕ! Как и вы, мы хорошо помним брежневско-черненковских дежурных аксакалов, подписывавших любую бумажку партийно-чиновничьего аппарата. С началом перестройку они почувствовали было себя ненужными, лишними, но тут вдруг выяснилось, что новоявленные демократы не стали велосипед изобретать, и вымуштрованные аксакалы оказались не только исправными "подписантами", но и с орденом наперехват, прекрасными "встренчатами" и "провожантами". Что касается последователей этих аксакалов, то ИНЫЕ ДЕПУТАТЫ ПОДПИСЫВАЛИ ВООБЩЕ ЧИСТЫЕ БЛАНКИ, В КОТОРЫЕ ПОЗЖЕ ВПЕЧАТЫВАЛОСЬ ОДОБРЕНИЕ ПРОВЕДЕНИЯ РЕФЕРЕНДУМА. А если какой-нибудь хохмач впишет туда требование о вашем отречении? Или чтобы вы принесли с собой веревку?

Не надо иметь семь пядей во лбу, чтобы осознать элементарное: если ты не видишь иного пути накормить народ уже не красивыми обещаниями, а красочными обещаниями, ЕСЛИ ЗА ГОДЫ ТВОЕГО ПРАВЛЕНИЯ, ПУСТЬ ДАЖЕ ПО НЕ ЗАВИСЯЩИМ ОТ ТЕБЯ ПРИЧИНАМ, 90% ЖИТЕЛЕЙ РЕСПУБЛИКИ ОКАЗАЛИСЬ ЗА ЧЕРТОЙ БЕДНОСТИ, НЕ МОЖЕТ БЫТЬ, ЧТОБЫ 96% ЭТОГО ЖЕ НАСЕЛЕНИЯ, НЕ РАЗДУМЫВАЯ, ХОТЕЛИ БЫ ТАКОГО ПРЕЗИДЕНТА ЕЩЕ НА 5, 10 И БОЛЕЕ ЛЕТ.

Ладно, я понимаю, страна зареферендилась, но не до такой же степени!

Допускаю, что президенту за бесконечной суетой встреч на высшем уровне и подсчету будущих прибылей от

предполагаемых зарубежных инвестиций некогда задуматься об этом. В таком случае, пусть, президентские референты подготовят выжимки из многочисленных статей прихлебателей референдума. И тогда господин Акаев прочтет: да, им сделано не мало ошибок и многое вообще не сделано, а потому пусть президент властвует бесконечно... Лучшей критики президента не достиг еще самый отьявленный его оппонент!

Но давайте оставим в стороне шутки и сарказм. Оглянемся, беспристрастно оценим наши первые демократические шажки. И пусть никому не надо быть абсолютно объективным, даже рассматривая жизнь какого-нибудь пингвиньего стада в Антарктиде, попытаться все-таки стоит.

Когда Верховный Совет Киргизской ССР утверждал пост первого нашего президента, Аскар Акаев стал им во многом из-за неуступчивого желания занять эту должность двух заклятых друзей-товарищей – Масалиева и Джумагулова. Свои громкие и, на мой взгляд, единственные аплодисменты Акаев сорвал в августе 91 года, первым после Ельцина выступив против пресловутого ГКЧП. На волне эйфории от сплошного суверенитета и под бессмертным лозунгом единства с братской Россией были скоренько организованы весьма лукавые безальтернативные выборы, один к одному смахивающие на референдум, и Аскар Акаев стал президентом как будто бы легитимным. А чтобы отсечь возможные поползновения особо пытливых мыслей последних сомневающихся, вскоре был проведен второй, теперь уже всамделишный референдум о доверии президенту. Поскольку пропаганда велась под громким лозунгом: «Не дадим в обиду русских», то… Помните загадку, почему дунганские фамилии оканчивается на «за»? Шиваза, например, Бундиза, Хаваза… Да потому, что тех, кто говорил «нет», уже давно нет. А мы, кыргызы, народ восприимчивый. Правда, предсоветов едва не перестарались на этом референдуме, но общую цифру все-таки сумели не увести за 100%...

Ну и всем нам памятен референдум конца октября 1994 года, фактически вновь давший карт-бланш Аскару Акаеву. Нет, согласитесь, господа-товарищи, серьезно говорить о референдуме по меньшей мере несерьезно, ибо их количество

на душу населения у нас не лезет ни в какие ворота. И невольно мне вспоминаются слова одного из героев советского фильма «Джентельмены удачи», пожимающего плечами: «Все бежали, и я побежал…»

Первым «побежал» Сапармурад Ниязов, за ним Ислам Каримов, Нурсултан Назарбаев, Эмомали Рахмонову не до жиру, быть бы, в прямом смысле слова, живу.

Конечно, каждый президент решал свои задачи проводимыми референдумами. Одни шли на него от беспредельной уверенности в своем положении, другие воспользовались тем, что пока не достигли критической точки падения. Пусть их! Мне же при всем неоднозначном отношении к президенту России именно позиция Бориса Николаевича наиболее симпатична. Не сомневаюсь, Ельцин прекрасно понимает, что психологически гораздо труднее сказать «нет» безальтернативному президенту на референдуме, нежели отдать предпочтение кому-нибудь из претендентов на выборах. Тем не менее, он быстро погасил волну разговоров об узурпации власти, официально заявив, что выборы состоятся в сроки, определенные Конституцией. Заявил до того, как ЕЭС недвусмысленно предупредило, что проведение данных референдумов является нарушением конституционных норм. А значит, ставится под вопрос оказание экономической помощи…

Кыргызстану, как, может, никакому другому государству, не обращать внимание на подобное предупреждение, по меньшей мере недальновидно.

Аллах свидетель, я ничего не имею против лично господина Акаева. Но иметь свою точку зрения на деятельность президента моей республики – кто мне запретит?

Я беру чистый лист бумаги, расчерчиваю на две половинки: пассив и актив. И записываю в первую колонку агонию промышленного и сельскохозяйственного производства, курьезное количество высших учебных заведений, офицерских чинов, народных писателей и артистов, докторов наук и генералов, не поддающееся исчислению количество безработных в городе и на селе, количество «дикарей», торгующих на базарах, уличных перекрестах, в «комках»,

количество разбитых дорог и темных ночных улиц, количество преступлений и самоубийств. Очень скоро лист с первой колонкой потребовал продолжения, несмотря на то, что пока даже не коснулся открытого посягательства президентских пацанов на незыблемость Конституции.

Актив? Разве что относительная межнациональная стабильность и стабильность кыргызского сома, ставшая возможной, впрочем, исключительно за счет стабильности американского доллара.

Мне могут сказать: проведение выборов президента в 1996 году неизбежно приведет к обострению всевозможных, в том числе самых страшных на сегодня – меж клановых разборок в обществе. Только вот если одни лишь разговоры о возможности проведения референдума уже расшатывают лодку, то нетрудно представить, что начнется после того, как будет официально определена дата… Положение грозит оказаться совершенно непредсказуемым в связи с тем, что новый парламент еще не только не обрел должной уверенности в себе, но даже не избавился полностью от груза проблем своих предшественников.

Мне еще многое, что могут сказать, но я произнесу риторическое: «Если референдум проводят, значит, это кому-нибудь очень нужно». Кому? Думаю, что главным образом президенту. Потому что ВЕСЬ ПРЕДЫДУЩИЙ ОПЫТ ЕГО ВОСХОЖДЕНИЯ НА ПОЛИТИЧЕСКИЙ ОЛИМП СВИДЕТЕЛЬСТВУЕТ О ЯВНОЙ НЕУВЕРЕННОСТИ АКАЕВА.

НЕУВЕРЕННОСТИ в правильности намеченного пути.

НЕУВЕРЕННОСТИ в правильности принимаемых решений.

НЕУВЕРЕННОСТИ в кадрах, призванных эти решения претворять в жизнь.

НЕУВЕРЕННОСТИ в себе и, самое главное, панического страха перед собственным народом.

Говорю так потому, что ничем иным не могу объяснить его целенаправленного стремления избежать малейшей честной борьбы за президентскую должность, всякий раз прятаться за так привычное «это решил народ» или пользоваться, любимы

черными ходами, баррикадируя парадные подъезды лишь, и броскими лозунгами о демократии. Ситуация для президента Акаева осложнена тем, что последние полгода с таком он фактически единолично руководил страной. При этом наблюдалась единственная стабильность – в неуклонном падении жизненного уровня населения республики на дно социального не развития даже, а элементарного бытия, за чертой которого остается последнее: само существование.

… Почему-то мне очень часто вспоминаются слова отрицательного персонажа моего фильма «Песнь о любви»: «Ради власти можно пожертвовать и жизнью своего единственного сына…»

Похоже, наш президент решил действительно пойти другим путем. Своих детей он надежно пристроил в странах благополучного зарубежья, чтобы если и жертвовать ради власти детьми, то чужими. То есть – нашими.

Что же дальше? Если в кого-то постоянно тыкать пальцем и повторять: «свинья, свинья», он может и захрюкать. А может и нет. Акаеву не раз, наверное, приходилось читать и выслушивать, что многие поступки его слишком уж напоминают страусиные: сунул головы в песок и – хрен по деревне.

Так, может, пора уже президенту решиться на резкую отповедь своим критикам? И пусть не отказаться от вожделенного поста, но провести нормальные президентские выборы. В конституционные сроки. Не раньше и не позже. Альтернативные. Открытые. Честные. Без выкручивания рук. Не исключено, что в таких выборах он и победит. Тогда всем его оппонентом останется публично признать свою неправоту и пожать руку. Как мужчина мужчине.

Понимаю, что нашему дорогому президенту нелегко сделать выбор, что вообще ни один президент не захотел бы оказаться на его месте. Отсюда и лихорадочные увертки от конкретного ответа, использования любой возможности потянуть время. А ведь ситуацию еще больше ухудшают подозрения, которые всегда и всюду имеют тенденцию обрастать слухами и домыслами. Но “tempora mutantur…”, Аскар Акаевич!

Поэтому знак препинания во фразе, внесенной в заголовок, должен поставить сам президент. И только он. Ибо фраза эта – символ его судьбы, преломленный через судьбу народа Кыргызстана.

***Дооронбек Садырбаев,***
***“Res Publica”, 27 июня 1995 года***

# ЫРАЙЫҢАРДАН КАЙТКЫЛА, КАГЫЛАЙЫНДАР...

Бүткүл Кыргызстан боюнча "Бекназаровго боштондук!" же "Акаев отставкага!" деген талап коюп, ачарчылык жарыялап чыккан 300гө жакын улуу-кичүү, урматтуу замандаштарым!

Кыйла жылдардан бери силердин айрымдарыңар менен жар-жоро, кээ бирөөлорүңор менен санаалаш-пикирлеш болуп келатам. Араңарда саясий майдан же көртириликте кайнаса каным кошулбай турган "жөн эле" замандаштарым да бар. Көпчүлүгүңөр менен дегеле жүз көрүшкөн эмесмин. Бирок, кыйлаңардан жашым улуу, болбосо даражам жогору (мен өзүмдүн "Кыргыз Республикасынын эл артисти" деген ардактуу наамымды айтып жатамын) экендигинен пайдаланып, бардыгыңарга бир гана өтүнүч менен кайрылып отурамын.

Ардактуу ини-карындаштарым! Кыргызчылыктын, мусулманчылыктын тарыхында болбогон жорукту жасап, бөөдөн-бөөдө өз өмүрүңөрдү тобокелге салбагыла. Менин өтүнүчүмдү окугандан кийин, ачарчылыкты токтотуп, үй-үйлөрүңөргө тарап, ар кимиң ушунча күндөн бери кезерип отургандын кесепетинен тапкан ички органдарыңардын илдетин өтө этияттык менен сакайтып алуунун амалын кылгыла! Бийликтин кызылчоктору үчүн силердин эл арасында тирүү жүргөнүңөрдөн көрө, ушинтип бир четинен соолуп, бу дүйнөдөн кете беришиңер абдан керек болуп жаткандыгын түшүнгөн жоксуңарбы?

Кудай бетин нары кылсын, минтип өчүгүшүп отуруп, эки-үчөөң набыт болуп кетсең, алар алакан чаап, ого бетер сүйүнүп, түлөө өткөзгөнгө чейин барышып, кайра эле өзүңөрдүн агайын-тууган, жар-жоро, бала-чакаңардын кара көзү кашайганы айтпайбы.

Силер Европа тараптагы цивилизациялуу мамлекеттердин жарандары жасап жүргөн саясий күрөштүн бир ыкмасын колдонууга аракеттенип атасыңар. Цивилизация деген үч уктаса түшүнө кирбеген Кыргызстанга бул жол таптакыр туура келбейт. Өз эрки менен ачкачылыкка чыгып набыт болгон адамдын кунун кимдир-бирөөнүн мойнуна сала турган мыйзам да жок бизде. Мусулманчылыкта деле өзүн-өзү өлтүргөндөргө жаназа буйрубай тургандыгын билсеңер керек. Ал эми силердин бул акцияңарга чет элдиктерден кенедей дагы колдоо болбой тургандыгын билип койгула.

Башкаларды айтпай эле коёюн, демократиянын туусу делинип жүргөн Америка мамлекетинин жарандарынын үчтөн экиси "Американын эч жерде түбөлүк досу жок, бирок, бардык жерде түбөлүк кызыкчылыгы бар" деген накыл сөздү оозунан түшүрбөй айтып жүрүшкөнүн мен эбак эле кыргызча жазып чыкпадым беле...

Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы демократиянын принциптерин эмес, "өгүз болмоктон бука болсун, бирок бизге сүт берсе эле болду" деген ураан менен азыркы кыргыз мамлекетинин бийлигин колдоо америкалыктардын кызыкчылыгына шайкеш келип турганы көздүүгө эмес, сокурга деле көрүнүп турбайбы.

Ошондуктан, кайсыдыр бир бакубат мамлекет же атактуу адам Кыргызстанга адилеттүүлүк алып келип берет деген куру кыялга жеңдирбей, эстүүлүк менен иш тутууга чакырамын баарыңарды.

Кыргыздын тагдырына кыргыз эле күйбөсө, башка эл, башка жердеги диндешиңе, партиялашыңа же өнөктөшүңө сен кыргыздын кенедей дагы керегиң жок.

Бул аздык кылат десеңер, силерди ачкачылыктан чыгууга үндөгөн эң акыркы аргументим: силер өзүңөр менен кошо жамандыр-жакшыдыр аң-сезимди аралап чыркырап жүргөн чындыкты дагы апат кылганы атасыңар. Жок дегенде силер аркылуу карайлаган эл маал-маал бугун чыгарып алып жүрдү эле. Эми эмне болот? Силер болбосоңор, жергебизде акты ак, караны кара дей турган бир дагы адам калбай калса деле, элиңер көзү кор, кулагы дүлөй экенине кайыл болуп, өлбөстүн күнүн көрүп жашай берет, кадимкисиндей эчтеке менен иши жок.

Силер Кавказ же Европа өлкөлөрүндөй болуп ачкачылыкта отургандарга жан тарткан эл жапа тырмак көчөгө чыгып, бийлик өкүлдөрүн силер менен мунасага келүүгө аргасыз кылат ...ген үмүт менен бул акцияны жасаганыңарды түшүнүп эле ...урам. Бирок, эч качан андай болбойт. Мен бул жолду басып өтүп, мындай жазмышты башыман кечирген адам катары айтып жатамын. Мен кыргыз аттуунун баары абдан "кыйтыр" болоорун жакшы билгенимен силерди "койгула" деп жатамын.

Мынча болуп калды, эми "кыйтырлык" тууралуу илгери Түгөлбай Казаковдон уккан бир болмушту айтып берейин.

Түгөлбай айтып жаткандан кийин, бул окуя Талас тарапта болсо керек. Бир орто кызып алган үч жигит бетон айыл аралап өткөн чоң жол менен базардан келатышса, ошол айылдык дагы үч жигит булардын жолун тороп, тийишип, мушташа кетишет. Мушташ бир топко созулуп, базардан келаткандар оозу-мурдун канжалатып, бети-башын томуйтса да, аксап-тексеп айылдан аман-эсен чыгып кетет. Нарыраактагы чакан арыкта агып жаткан сууга жетип, бети-башындагы кан-сөңүн жууп жатышса, үч жигиттин бирөө жөн эле отурат дейт, чылымын түтөтүп. Бети-башы да таптаза, кенедей жери чийилбеген.

– Ай, сен кантип таза чыктың бул мушташтан? – деп шериктери сураса, берки айтат дейт: – Себеби мындай-мындайда мен жеткен кыйтырмын да. Ошону үчүн таяк жеген жокмун. Жанагы үчөө бизди карай келатканда эле билгенмин, арабыздан бир балакет чыкпай койбой турганын. Анан шуу деген бойдон көпүрөнүн түбүнө кирип кеткенмин. Мушташ бүткөндөн кийин чыктым.

Анын сыңарындай, азыр кыргыз аттуунун бакиси кыйтыр болуп турганда, жөн эле жаш өмүрүңөрдү тобокелге сала бербегиле деп кеңеш бергим келет. Биздин элибиз андай ар-намыстуу элдер жасай турган тобокелчинин ишин жасаганга азырынча калыптанып жетиле элек. Бизде андай традициялар да жок.

Дагы бир болмуштан мисал. Илгери Союздун маалында Грузиянын эл артисти Вахтанг (Буба) Кикабидзенин Тбилисидеги квартирасына ууру кириптир. Эч ким жок маалда. Ала тургандарын алып сыртка чыгып баратып, оозгу бөлмөдөн Вахтангдын портретин көрүп калышат да, кайра кайрылып дагы

башка бөлмөлөрүн карап көрүп, бул Грузиянын эл артистинин квартирасы экенине көзү жеткенде, алгандарынын баарын бөлмөнүн ортосунда калтырып, портреттин алдына өзүлөрү алып келген эки бөтөлкө коньякты коюп коюшат.

Коньяктын астына "Буба! Бул сенин квартираң экенин билбей, уурулукка кирип алыптырбыз. Кечирип кой. Ал эми бул эки бөтөлкөнү биздин ден-соолугубуз үчүн өзүң досторуң менен ичип койгула. Каалгаңдын кулпусун жаңылатып албасаң, эскиси оңой ачыла турган болуп калыптыр", – деп жазып таштап кетиптир.

Муну мен эмне себептен айтып жатамын?

Илгери биздин квартирабыз дагы биринчи кабатта эле. Кемпирим эртели-кеч "Терезелерге темир чамбар жасаттырып кой!" деп, кулагымдын кужурун ала берчү. Вахтангдын окуясын уккандан кийин:

- Мына, темир тордон да бекем кароолчуларды алып келип койдум үйүңө , – деп, М. Рыскулов, Ч. Айтматов, Т. Океев. Б. Шамшиев, Ж. Сейдакматова, Т. Турсунбаева жана өзүмдүн портреттеримди беркилердин ал сүротторду мага белек кылган автограф кол тамгасы менен, кире бериштен төргө чейин жакшынакай кылып илдирип койдум. – Муну көргөн кыргыз аттуу бизден болбосо да, ушулардан уялганынан деле сени тонобойт эми, – дедим кемпириме көтөрүлө сүйлөп.

– Ооба сага, көрөм...

Ошентип жүрүп биздин квартирага да ууру кирди күндөрдүн биринде. Телевизор-селевизорлорду бүт көтөрүп кеткени аз келгенсип, жөн эле кете бербестен, бычактын учу менен портреттеги Айтматовдун көзүн чукуп, Турсунбаеванын бетин тилип, менин оозумду кесип, иши кылып бир дагы сүрөттү соо калтырбай, оюна келген "кыргызчылыгын" жасап кетиптир.

“Сиздин ууруларыңыз орус же башка улуттан болушу мүмкүн эмеспи?” деген суроо дагы туулушу мүмкүн. Жок, андай эмес. Илгерки социалисттик милиционерлер депутаттарды толорсуктан алып, өөдө-төмөн сүйрөшпөгөнү менен кээ-кээде ууру-кескилерди дагы кармап алышаар эле.

"Менин" ууруларым алып кеткендерин эбак пулдап ичип алышса да, акыры табылып, соттолуп кеткен. Айтайын

дегеним: экөө тең кыпкыргыз эле жигиттер экен. Анан жумурай-журттун сүйгүнчүгү болуп турган маалында, Айтматовдун көзүн чукуп алган кыргыз, азыр силерге кандайдыр бир жакшылык иш жасаарына, чынын айтсам, көзүм жетпей турат.

Ошону үчүн "элим-элим" деп эле көкүрөктүн азабын бере бербей, үйдө отурган жубайдын, күнүгө үч маал тамак жей турган уул-кыздын, небере-чеберенин тагдырын ойлосоңор түзүк болот эле.

Силер адилетсиздикке каршы жасала турган цивилизациялуу аракетти колуңардан келишинче жасадыңар. Аны Бекназаров деле, анын күйөрмандары деле туура түшүнүшөт го деп ойлоймун. Силердин ачка отурганыңардан натыйжа чыкса да бир жөн эле, анан, мунуңарга бийликпаздардын кылы кыйшайбай турганына өзүңөрдүн деле көзүңөр жетип туруп, нукура кыргызча кошөрө бергениңерге кошула албаймын. Кайткыла ырайыңардан, кагылайындар. Битке өчөшүп, көйнөктү отко салбайт кыргызда.

Бардыгыңа узун өмүр тилеп, ак сакалын арага салып, силерден сабыр сурап, ынтымак сурап, бир сындырым нан, бир чыны чайга чакырган агаңар Дооронбек САДЫРБАЕВ.

P.S. Силерге ушул кайрылуумду жөнөткөнү атсам, байыркы Римдин философу Эпиктеттин урпактарга калтырган бир насаатынын орусча котормосу эсиме түшүп, таап алдым да аны кыргызчалатканга буямам келбеди. Орусча деле түшүнүшөт го деген үмүт менен болгонун болгондой жазып, өзүңөргө жөнөтүп жатамын. Ал мына:

«...Господи, помоги мне спокойно принимать то, что я изменить не в силах, отзываться на то, что я могу изменить, и дай мне мудрости отличать первое от второго...»

Муну кандай түшүнүштү өзүңөргө койдум...

***«Агым», 2002-жыл***

# БЫШЫРЫП ЖЕГИЛЕ МЕНИ

Урматтуу Төрага!

Урматтуу жана урматсыз депутаттар!

Үч айдан бери карата Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаты Азимбек Анаркулович Бекназаровдун тегерегиндеги өөдө-төмөн сөз, ыйкы-тыйкы ызы-чууга анча аралашпай "аксакалдык кылайын, сабырым жанып кетип жүрбөсүн, ачууга алдырып койбосом экен" – деп тилимди тишиме катып, оң колумдун ызасын сол колум менен басып, азыр, ипичке жип менен эптеп-септеп туташып турган түндүк менен түштүктүн, батыш менен чыгыштын, дыйкан менен соодагердин ынтымагын ыдыратып албоонун амалын ойлоп, өзүмдү-өзүм зордоп эч кандай партиялык топко, эч кандай депутаттык фракцияга кошулбастан, бейтараптыкты кармап келатканыма өзүңөр күбөсүңөр. Силер анткиңер келбесе, радио тыңшап, кат тааныган кыргыздын жумурай-журту күбө.

Минтүү менен, мен, Дооронбек Садырбаев, жердештеримдин, андан да тагыраак айтсам, агайын-туугандарымдын намысын сындырып, капшытын бөксорткону келаткан бөөдо кырсык, кан төгө турган каргашаны токтотуп калалбай, мекендештиримдин тагдырына кайдыгерлик кылып, зор чекилик кетирип койгонумду, өткөн жумада Аксы районуна кетип баратышкан парламенттик комиссиянын мүчөлөрү менен массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн коопсуздугун камсыз кыла турган жан сактагычтын милдетин аткарып барганымда түшүндүм.

Албетте, аерден коргөн-билгенимди парламенттик комиссиянын билдирүүсүн угуп, талкууга алганыбызда мен дагы ортого салармын. Ага дейре боюнда бар келинди токмок менен сабаган кыргыз милиционеринин мыкаачылыгы же таяк жегендин айынан бүткөн бою жанчылып, мээси чайкалып

ооруканада жаткан Бозпиек айлынын тургуну, 1975- жылы туулган Ниязбеков Сапаркулдун жүрөгүнүн үшүн алып, коркутуп атып "алмадан жыгылып түшүп ушинтип калдым" дедиртип, түшүнүк кат жаздырып алган милициянын капитаны Ниязматов дегендин зөөкүрлүгүн, же болбосо пикет-микет, демонстрация, митинг-ситинг, депутат-сепутат, Бекназаров - Кудайбергенов, Акматалиев- Сакматалиев дегендериң менен чатагы жок, "жөн эле" арыктын жээгинде оттоп турган эшектин кодолегинен өйдө атып кеткен автоматчан кыргыздын наадандыгын айтып, коомчулуктун бүйүрүн кызытпай коё турайын, азыр көөдөн тирештирип турган эки тарап бир пикирге келип, "чоңмун" деп көрүнгөнгө чочоңдой бербей, эл менен сүйлөшкөндү билген Таш-Көмүр шаарынын акими Маматназар Жакыповдун, бей-бечаранын жеңилин жерден, оорун колдон алгысы келген Айыл чарба министри Александр Костюктун, каргашалуу күндөрдө да карамагындагы дарыгерлерине чындыкты бурмалаттырбаган Саламаттыкты сактоо министри Тилекбек Мейманалиевдин же аксылыктардын коделеги эмес, чыныгы кулуну Женишбек Бекболотовдордун аракеттеринин акыбети кайтып, бул маселенин оң чечилип калгысы бардыр деп, өзүмдү-өзүм араңдан зорго сооротуп отурсам, эки жыйындын 55 депутаты кол коюп, өзүлөрүнүн эмес, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атынан жумурай-журтка кайрылышы бүгүн мени силердин алдыңарга чыгууга аргасыз кылып олтурат.

Анын авторунун "Массовые беспорядки, происходящие в Аксыйском районе легли позорным пятном на наше отечество в глазах мирового цивилизованного общества" деп кайрылууда баса белгиленген "массовой беспорядоктон" бир күн мурун ээн талаа, эрме чөлдө "пикетке туралы" деген ниети болгону менен, ошол маалда мыйзам боюнча "жолдо бараткан гражданин" деген гана статусу бар көпчүлүктөн эгемендүү Кыргыз мамлекетинин 4 жаранын тоок сыңары кууп жүрүп атып салган каруу-жаракчан бийлик өкүлдөрүнө эч кандай аныктама берилбеши, мени жанагы калыстык түшүнө кирбеген 55 депутатка кошулмак түгүл, жанына жакындагандан жийиркентип турат.

Алардын Мыйзам чыгаруу жыйыны атайын шайлаган парламенттик комиссиянын ишнннн жыйынтыгы чыкканча, ак менен кара аныктала электе, коомчулуктун пнкирин өзүлөрү каалаган багытты көздөй жетелеп, бүтүндөй бир региондун элине, айрым депутаттарга "безответственные разжигатели противоправных проступков" деген айып тагып, көз көрүнөө "шельмовать" этип ийгенге, эмне үчүн мынчалык шашканына түшүнсөм оңбой калайын...

Менин түшүнгөнүм: ырайымсыз кан төгүүдөн кийин жаңыдан карттанып келаткан каралуу эне менен армандуу атанын көңүл жаратын кайрадан жаңыртуу үчүн жасалып жаткан аракет болсо, бул кайрылуу түпкү максатына жетти деп, маараке өткөрө берсе болот, жанагы, ашкере демилгелүү "хоп майли, колдойбуз" жамаатынын эмгек сиңирген ветеран "поднисанттары".

Карасуулуктар кайрадан көтөрүлгөнү атышыптыр.

Мени кызыктырган дагы бир маселе, алиги арамза кайрылууда "күдүк божомол" менен соккон "отдельныйлардын" арасында, мен, 13-округдан шайланган депутат Дооронбек Садырбаев бармынбы деп сурайын дедим эле. Башкалар айтпаса да, алардын катарында жүргөн пайгамбар жашындагы теңтушум Бөрүбай Жураевич айтат го деп ойлоймун. Анткени, бу киши менен азыноолак ашначылыгым бар. Арабыздан жаман-жакшы сөз өткөн эмес. Депутат десеңер депутаттык, ажы десеңер ажылык статусту бучкактап келебиз. Экөөбүз тең 90-жылдагы Ош каргашасына аралашып жүрүп, андагы кырчын өмүрлөрдү канавайран кылып кан төгүлгөн кагылышуулар, ушуга окшогон, бир караганга "безобидный" болуп көрүнгөнү менен, "отдельный улутчулардын" Горбачевго кайрылуусунан башталганын эң жакшы билет элек. Анан кайсы ырысыбызга тейтектейбиз дейм да... Башкалар ошентсе да, мындай опурталдуу маселелерде теңтушум экөөбүздүн көчүгүбүздү кысып отурганыбыз оң болмок.

Сөзүмдүн акырында, мындай бүйүрдү кызытып, кандай кайнаткан калыстыгынан арамзалыгы арбын кайрылууга кол койгон 55 "подписант-депутаттын" Аксыдагы "кандуу жекшембиге" тиешеси бар деп эсептеген "отдельныйлардын"

аты-жонүнүн ачык жазганга дагы кайраты жетпептир. Менин силерден айырмам – бул кайрылуунун демилгечиси жана автору Турдакун Усубалиев деп, мынча депутаттын көзүнө тике карап туруп айтып жатамын. Буга дейре бу кишини абдан урматтап, өзгөчө сыйлап келгенимди дагы тангым келбейт.

Турдакун Усубалиевич!

90-жылдары азыркы мен сыяктантып, мамлекеттик деңгээлде сизге дагы "усубалиевщина" деген жардык тагып, сиздин ишмердигиңизге тиешеси барлар да, жоктор да омуроолоп турганда, алгачкылардан болуп "аксакалга тийишпегиле" деп, ачык айтып чыгып, алымдын жетишинче, колумдан келишинче сиздин ариетиңизди коргоонун аракетин кылганымды унута элек болсоңуз керек. Ошондон ушул күнгө дейре алдыңыздан кыя өтүп, өзүңүз тургай, айылыңыздын итине акырая карап, акаарат сөз айткан жок элем.

Азыр минтип, менин жердештеримдин башына караан түн түшүп, кары-жаш акылдан шашып, калыстык издеп карбаластап турганда, оң жакты да, сол жакты да жылуу сөз менен сабырга чакырып, жоошутуунун ордуна бир тарапты жактап, экинчисин боктогон катты өзүңүз жазып, эл шайлабай сот дайындаган, же куйругунда калбыры барлыгынан ичкени ирим, жегени желим болуп жүргөн депутаттарды бирден-бирден кабинетиңизге чакырып "маданияттуу кысымга алып", жаңыдан тынчып келаткан элдин жоорун чукуй турган кайрылууга кол койдуруп, жалгыз эле Бекназаровдун камалганы эмес, күнүмдүк көр оокаттын айынан ушундайга барган менин чаарасыз элимдин, алардын аксакал депутаты Садырбаевдин ар-намысын басмырлагыдай мен сизге эмне жамандык кылдым эле?

Кетпеген кегиңиз болсо, жаш балдардын бетине "позорный пятнону" жабыштыра салбай, өзүмдөн албайсызбы... Акыры мен Абсамат Масалиев эмес, Доорoнбек Садырбаевмин го...

Сөздүн чынына келгенде, менин ар-намысымдын мертиниши, элимдин токчулугу менен жокчулугу, эртеңи менен бүгүнкүсү эмне болуп калыптыр, мындай кайрылуулар бир карын майды чириткен кумалак сыяктанып, бийлик менен бей-бечаранын мамилесин акырындык менен иритип отуруп, ата менен баланы кагыштырып, айыл менен айылды

чабыштырып, мамлекеттин ичиндеги коомдук тартипке бүлүк салып, акыр аягында өлкөнүн президентинин аброюнун ылдыйлашына чыйыр жол чаап келаткандыгын, Аскар Акаевдин өзү эле түшүнбөй калбаса, Аксы багытындагы жер тырмалап күн көргөн карапайым калктын экиден бири ушундай ойдо экен. Алардын арасында сиздин заманыңыздын атка минерлери да бар экендигин өз кулагым менен угуп, өз көзүм менен көрүп кайттым. Ошону үчүн мен дагы силердин бул кайрылууңарды журтту биримдикке чакырган эмес, ынтымакты ыдырата турган бузуку кайрылуу деп эсептеймин.

Ал эми үч айдан бери дуу-дуу болуп жатса да, Аксы жергесине бир жолу барбай туруп, карапайым калктын акыбалынан кабар албай туруп, карасуулук Кадыркул Сапаралиевдин жыланаяк, жылаң баш чиедей болгон кыздарынын, депутат тургай, кудайдын зээнин кейите турган сыздаган үнүн укпай туруп, каргашанын каерден келип, каякты көздөй кетип бараткандыгынын аныгына жетпей туруп, мындай ниети бузук кайрылууга кол койгон депутаттар менен бир залда отургандан жийиркене турганымды жашыргым келбейт.

Сөзүмдүн эң акырында айтайын дегеним, Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынан Мамлекеттик Комиссияга кошулган депутат Курманбек Осмоновдун андай иште бир ооз калыс сөзүн айта алаарына көзүм жетпейт эмес, караманча ишенбейм. Себеби, комиссиянын иши баштала элек жатып, "айрым депутаттарды осуждениуга" чакырган мындай кара ниет кайрылууга кол коюп, ал өзүнүн бул маселеге болгон көз карашын күн мурунтан билгизип койду. Мыйзам Чыгаруу жыйынын парламенттик комиссиясынын мүчөсү депутат Тайырбек Сарпашев дагы куду ушундай эле иш жасаган. Мындай депутаттардын кимдир бирөөнүн тагдыры чечилип жатканда, калыстык сөзүн айта аларына караманча ишенбеймин. Бийликтин камчысын чабамын деп, өз жакындарынын белин мертингип ала турган Курманбек Осмонов менен Тайырбек Сарпашевдер арызын жазып, өз эрки менен андай комиссиялардан чыгып кетүүлөрү керек. Болбосо булардын айынан эки комиссиянын тең абрюю аксылык капитан Ниязматовдун жасаганынан айырмасы жок болуп калат.

"Сыйга-сый, сыр аякка бал" деген кеп бар кыргызда. Анын сыңарындай, мени сыйлабаган, менин элимди сыйлабаган, саясат майданыдагы менин санаалаш устат-шакирттеримди сыйлабаган көтөн зордукчуларды мен эмне үчүн сыйлашым керек? Менин да мөңкүй турган маалым келди. Албетте, силер көпсүңөр, мен азмын, жалгызмын деп койсом да болот. Бийлик байлыктын бакиси силерде, кааласаңар каматып, ачуулансаңар аттырып таштоо деле колуңардан келет. Мен бардыгына даярмын. Маа демектен эми мени бышырып жегиле, себеби азыр аябай тилим кычышып, жанагы жан кашайткан кайрылууңарга "Я положил продукт, который считается не слаще редьки" деген гана жоопту бергим келип турат!

У меня все. Приступайте господа!

***"Кыргыз Ордо", 2002-жыл***

# АРАМЗА БИЙЛИКТИН ДӨӨПӨРӨС ДӨЛӨҢГҮТТӨРҮ

**Дооронбек Садырбаевдин 2002-жылдын 17-июль күнү Аксы районунун Бозпиек айлынын тушундагы жол бөюна 17-мартта бийликтин огуна учуп шейит болгондорго арналып, эстелик тургузуу аземинде сүйлөгөн сөзү**

Урматтуу замандаштар!

Кадырлуу агайын-тууган!

"Бир уйду мүйүзгө чапса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт" дегендей, алты айдан бери карата азыркы арамза бийликтин алөпкө дөлөңгүттөрү Аксы багытынын карапайым адамдарынын кээ бирөөлөрүн чыкыйга чаап, айрымдарынын арка жагына тээп, зөөкүрлүгү ашынган сайын, тиякта, Бишкек тараптагы ар-намысы майышкандарга жан тарткан өзөктөштөрүңөрдүн мүйүзү эмне болуп калыптыр, жүрөгү зыркырап, сай-сөөгү сыздап, намысы сынып, ааламы караңгылап жатканын билгизип коёюн деп, минтип алдыңарга чыгып отурамын.

Ал аздык кылса, кечөөтөн бери көчө-көйдөн жөлуккан улуу-кичүү аксылыктын “Биз сизди Жалал-Абад областынан чыккан чыгаан уулубуз эле. "Букарда пулу бардын көңүлү ток" дегендей, депутаттыкка адал шайланып, көртириликте адилдиги менен эл ишенимине ээ болгон Дооронбек деген акебиз эсен-соо турса, бизди канаттууга кактырбай, тумшуктуута чокутпай, бөөдө кырсыктан калкалап калат деп, көңүлүбүз ток жүрсөк, кийинки кезде дайныңыз билинбей, дүбүртүңүз угулбай баратат да жарыктык... Карылыкка моюн сунуп, же арамзага алданып калдыңызбы? Алты айдан бери тоо койнундагы беш айылдын бир ууч калкы өз киндигибизди өзүбүз кесип, төгүлүп келебиз, чачылып келебиз... Бөксөрүп да

алдык. Мындай-мындайда алыс-жакынды эсептейт экенсиң... Жол карайт экенсин, кимисинин башы көрүнөөр экен деп. Туу жыгар акебиз буурул жер бетинде тирүү жүрөт болду бекен деп, сиз үчүн дагы кыжаалат болуп атабыз... Деги аман-эсен барсызбы?" – деген сыяктуу суроолоруна мен дагы үзүл-кесил жооп берип коёюн дедим эле.

Тирүүмүн агайындар! Тирүүмүн!

Бирок, өлүк эмесмин деп дагы айта албаймын. Бүгүн арбагына куран окутуп, айкелин тургузуп көёлу деген ниет менен узун элдин учунан, кыска элдин кыйырынан атайын ат арытып, жол карытып келип, бакибиз биерге чогулуп, болгону өзүнүн граждандык укугун коргоп, пендечилик ар-намысын эч кимге тебелеттиргиси келбегенинен жат-жабандын эмес, сарт-сабандын да эмес, озүбүздүн эле Кыргызстандын арамза бийлигинин дөөпөрос дөлөңгүттөрүнүн огуна учуп шейит болгон беш азамат жарк этип жарык дүйнөгө бир жолу жаралганындай эле, бир жолу өлгөн ооматтуу уулдар экенин айтайын дедим эле, бейиши болгурлардын. Мага андай шыбага буюрбаптыр. Мен утур-утур өлүп, маал-маал кайра тирилип, жазмышымдын азабын жакшы эле тартып келем кыйла жылдардан бери.

90-жылдагы "Ош каргашасы" маалында бир өлгөнмүн билгиңер келсе, мырзакелик, озгөндүк, оштук кыргыздардын киндик кесип кир төккөн журтунан үркүп, өзүнүн Ата Мекенинде "качкындардын" тагдырын аркалап, мусаапырдын кейпин кийии жетимсиреп калганын көргөнүмдө, көз жашымды көлдөтүп, оо "Кайран эл" деп өкүрүп жүрүп, тасма тартып, шагымды сындырган тагдырыма таарынган ырларды жазып. Ошондо:

Кыдырып кыйла сапар чыгып келдим,
Кыйла элдин кыраандыгын угуп келдим.
Кыргыздан кор эл таппай жер бетинен,
Кыйналып кыйын шагым сынып келдим.
Көп жерден көз жашымды төгүп келдим,
Көңүлүм карангылап чөгүп келдим.
Менден кор эркек таппай жер бетинен,

Мезгилсиз денем сууп өлүп келдим, – деп, бул дүйнөнүн жыргалынан аша кечип, эң алгачкы жолу тирүүлүктөн көңүлүм калганын билгиздим эле.

* * *

Андан бери кыйла убакыт өттү. Журттун ошондогу жараты карттанып, бөксөсү толуп, көңүлү тазарып, мен дагы кайрадан тирилип келатканда,минтип "Аксы трагедиясы" чыкты кыйлабыздын кара көзүбүздү кашайтып, белибизди мертинте турган. Аны Азимбек Бекназаров чыгарган жок. Рамазан Дырылдаев же Топчубек Тургуналиев, Замира Сыдыкова же Турсунбек Акуновдор деле чыгарышпады. Бүгүн бул каргашанын башында Аскар Акаевдин өзү турат деп айтууга толук акылуумун деп ойлоймун. Себеби, Азимбек Бекназаров камакка алынгандын эртеси күнү, 2002-жылдын 6-январында, Курманбек Бакиевдин атасы Салы аканин тажиясына мамлекеттик катчы Осмонакун Ибраимов менен бир самолётто келдим Жалал-Абад шаарына. Жолдо келатып, областтык прокуратуранын мыйзамсыз токтомун ага көргөзүп, "Болгон аброюңду ортого салсаң да, ушул ишти тынчытып койчу, укам" деп сурандым. Осмонакун: "Эки-үч күн жатып чыгат да Азимбегиңиз. Мен бул ишке кийлигише албайм" деп сырдуу жылмайып койду. Ошол эле күнү областтын прокурору Зоотбек Кудайбергенов менен дагы жолугушуп, "Иним, жок жерден чыр чыгарганы атасың. Мунуңдун түбү келип, жакшылык менен бүтпөйт. Азимбекти депутат И.Кадырбеков экөөбүздүн кепилчилигибизге байлап туруп, камактан чыгарып берчи. Суракка чакырганыңа ал баланы өзүм жетелеп келип, колуңа салып берип турайын. Мен муну бир облустун аксакал депутаты катары айтып жатамын сага. Колуңдан келсе, ушул өтүнүчүмдү аткарып, башкалардын алдында агаңдын баркын бир көтөрүп койчу, балакетиңди алайын", – десем да, Зоотбек көшөрүп болбой койду.

Мына ошондон баштап райондун аткаминерлеринен тартып, мамлекет жетекчиси Аскар Акаевдин өзүнө дейре олкөдөгү бардык бийликти менчигине басып алгандардын, А. Бекназаровдун эркиндигине, анын шайлоочуларынын ар-

намыс, ариетине, дагы бир топ башка депутаттардын жүйөөлүү сөзү менен кадыр-баркына, өкмөттүк эмес укук коргоочу уюмдардын отүнүчүно жаба-жаба түкүрүп, конституциялык нормаларды тебелеп-тепсеп, жер-жерлердеги аксакал-көксакалга азуусун көргозгон ашкере зөөкүрлүгү башталды.

"Мыйзам" деген кургурду буйлалаган төө сыңары өйдө-төмөн жетелеп эле тим болбостон, кырчаңгы эшектей кылып минип алып, башка-көзгө сайгылап атып билгенин жасады, кааласа "дубинка" менен кош, бойлуу келинди куймулчак талаштыра бала салдыра чаап, кааласа автомат менен он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек кер мурут жигиттин мээсин чачырата көзго атып. Жоокерчиликте уруш маалында душман жасаса да бир жон эле мындай ишти. Кыргыз кыргыз болуп жаралганы, өз балдарынан, өз падышасынан, өз мамлекетинен мындай кордук, мындай мыкаачылыкты, мындай карамүртөздүктү көрө электигин карт тарыхтын барактарынан издеп таап, мындайдын арты жакшылык менен бүтпөй тургандыгын дилинде туюп, бирок, буга окшогон арамза бийликти мыйзамдуу жолдор менен бир жаңсыл кылып, канкордун азуусун жулуп, тишин кагып салганга алы келбей аткан Дооронбек акеңер өлбөгөндө, ким өлөт бүгүн?

Ырас, жан кургур да таттуу болот экен, өлөм дегендин бардыгы эле каалаган маалында, каалаган жеринде өлө бербейт тура. "О кудай, өзүңдөн кийинкилердин жамандыгын көргөзбөй, эртерээк алып кетип, калыстык кыла көр" деп канчалык жаратканга жалбарбагын, ичээр сууң түгөнүп, көрөөр күнүң бүтмөйүн, ушинтип эл аралап жүргөндөн башка арган да калбайт экен бул жалган дүйнөдө...

Баягыда Бекназаровду жактап Бишкектеги ачкачылык жарыялагандардын саны элүүдөн аша электе, алар жаткан жерге чай-пайымды көтөрүп жетип барып:

– Койгула, уул-кыздарым. Битке өчөшүп койнөктү отко салбайт. Силер мыйзам дегенинди уруп ойнобогон ааламдагы эң мыкаачы, эң арамза бийликпаз зөөкүрлөрдүн зордугуна каршы мыйзамдуу жолдор менен күрөш жүргүзгүңөр келип атат. Андай болбойт. Кимдир бирөөңөр набыт болуп кетсеңер, булар ого бетер сүйүнбөйбү. Эки-үч күн үлпөт куруп арак ичишет, биз уттук дешип. Кой, ден-соолугуңарга залалы тиет

мындайдын. "Ак үйдүн алдында Топчубек ачка отуруптур" деп бийлигин таштап кете бергидей, Акаев – Масалиев эмес. Акаев деген – Акаев. Ачка отурган эмне болуп калыптыр, бириң өлбөй миңиң өлсөң да, миниң өлмөктөн он миңиң доңуз көпсөң да, Акаевдин кылы кыйшайбайт, күлкүсү тыйылбайт. Эмдиги референдум же шайлоолорго чейин эч кимиңдин керегиң жок ага. Андан көрө үй-үйлөрүңөргө тарап, тирилигиңерди кылгыла, – десем, силер да тилимди албадыңар, туурабы, Турсунбек? Жыйынтыгы дагы бир кыргыз Шералы Назаркулов бөөдөдөн-бөөдө апат болуп кетти.

Тиягыңа үнүм жетпесе, быягыңа сөзүм өтпөсө, ортодо акылга сыйбай турган иплас иштер тынымсыз жасалып, канат сынып, кан төгүлүп, маал-маал маңдай жарылып, кырчындай өмүрлөр кыркылып, ынтымак ыдырап атса, анан кайсы ырысыма тирүүмүн деп мактанмак элем?

Биз, Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйышын депутаттарынын бир тобу, А. Бекназаров менен аксылыктардын күндөн-күнгө ырбап бараткан көйгөйүн тынччылык жолдор менен чечүүнүн акылга сыярлык, мыйзам чегиндеги аракеттеринин бакисин жасадык. Башкалар жөнүндө айтып отурбайын, жеке мен өзүм А.Бекназаровдун тегерегиндеги маселелер каралган жыйындардын биринин дагы сыртында калган жокмун, алардын ар биринде учур менен жагдайга жараша өз көз карашым, өз пикиримди ортого салып. Азимбектин камакта отуруп, А. Акаевге, Жогорку Кенешке жазган катын Мыйзам Чыгаруу жыйынынын пленардык заседаниесинде мен окуп бергендигимди айтсам эле силерге түшүнүктүү болоор, алты айдан бери бул маселеде менин кай тарапта жүргөидүгүм. 2002-жылдын 5-январынан бери карай Америкадан Африкага, Азиядан Европага чейинки бүткүл аалам уккан А.Бекназаров менен аксылыктардын тегерегиндеги уу-дуу сөз, депутаттардын билдирүүлөрүн, жыйындардын чечимдерин, уюмдардын сунуштарын, айрым атуулдардын өтүнүчтөрүн, журттун чыркыраган чындыгын жападан-жалгыз А.Акаев гана уккан жок. Укса да ошол маалда анын чындыкты уга турган кулагы ийненин көзүндөй болуп тарып, ал эми Масалиевди шыбаган, Мадумаровду боктогон, Бекназаровду көөлөгөн, Садырбаевди жөөлөгөн иш-аракет менен короо

кайтарып, босого сагаалаган журналисттердин кошомат сөздөрүнө ошол эле "кулак", жаңы курулган Жалал-Абад шаарынын дарбазасындай болуп жайылып, дайыма апачык, дайыма кеңейип турду.

Албетте, андай "кулактын" кызматын аткарган алөпкө аким, соодагер сот, жалдырама прокурор, копол милиционер, дүмбүл кемпир, дүжүр чал, чөнтөк карама губернатор-субернатор сыяктуу кожоюндун арыгын чаап, ажатканасын тазалагандар, 21-кылымдын башталышында Кыргызстандагы мыкаачылык менен зөөкүрлүктүн туу чокусуна чыкты, Ата-Журттун кунарын качырып, кара көңүлү кармаганда гектар-гектарлаган жер-сууну илгеркидей байтал-сайтал деп баш оорутуп отурбай, океандын нары жагынан келген жашыл пулга сатып, ак коңүлү кармаганда коктусун коктудай, колотун колоттой, мал-жаны менен кошо "мың" жылдык куда-соөктүн канжыгасына байлап.

Жери эмне болуп калыптыр, элинин эсин эки кылды асмандагысынын канатын кайрып, жердегисинин куйругун жулуп, ыгы келген, келбеген жердин баарынан көртириликтин көйгөйүндө жүргөн бей-бечаранын башын жара, козүн чыгара чаап.

Ырас, азыр Кыргызстандагы өйдо-төмөн, жаман-жакшы иштин бакисин аркыл-аркыл кызмат даражасы бар адамдар, силер менен эле биздин алыс-жакындарыбыз жасады, албетте, өзүнүн атынан эмес, мамлекет башчысы А.Акаевдин атынан жасалды, он бир жылдан берки айкөлдүк, арамзалык, мыкаачылыктын баары.

Азыркы Конституциялык мыйзамдарга жараша, тээ, атам заманынан бери карай оодарылбай-чайпалбай келаткан улуттун каада-салтына жараша коомдун коломтосун очүрбөй, колдо барды коротпой сарамжалдуу иш тутуу үчүн өлкөдө болуп жаткан окуялардын кичинесинен чоңуна дейре Республиканын Президенти күндүр-түндүр кабардар болуп туруусу керек, эч качан мамлекеттик түзүлүштүн күрөө тамырынан бир колун үзбөстөн.

Анте албайт экенсиң, озүңдү да, элди дагы бөөдө убара кылбай, Үч-Коргонду көздөй жөнө, энең менен учурашып келгени.

Жеке мен өзүм башынан бери карай Азимбектин кый-кыяңында жакшы эле токтоолук кылдым окшойт деп ойлоймун, "ачууга алдырып, ашепке сүйлөп албайлы, бардыгыбыз мыйзамдын чегинен чыкпаган иш тутканыбыз оң" деп, эки тарапты тең сабырга чакырып. Бирок Т. Усубалиев аксакал башында турган эки жыйындын 54 депутаты кол коюп, алардын арасында жалалабаддык депутаттар да бар, "Аксылык сепаратист, экстремист, террористтердин эки бутун бир өтүгүнө тыгып, көкөсүн көргөзгөнгө көмөктөшүп койгула" деген маанидеги бузуку чакырык менен бүткүл Кыргызстандын элине кайрылуусун жарыялашканда, мен дагы арка-алдыма карабай, бир жарылып алганымды танбаймын. Аны уккансыңар, окугансыңар, орундуу жарылдымбы, орунсуз болуп калдыбы ал жарылуум, ага баа бериш силердин ыктыярыңарда.

Ал эми 17-мартган 20-мартка дейре Аксы районунун Кербен кыштагындагы коомдук тартип бузууларга, эл менен милиция кызматкерлер инин ортосундагы кагылышты чагылдырган окуялардын ар бир күнүн өз-өзүнчө карагыла деп, башынан бери карата зар какшап айтып келатамын, азыр дагы ошол оюмдан айныйын деген ниетим жок. Мисалы, 18, 19, 20-марттагы тирешүүлөргө тиешем жок, аны укук коргоо органдары териштирип алганына каршы эмесмин. Ал эми 17-март күнкү каргашага карата, кыйшаң-мыйшаңы жок түп-түз, дапдаана жазылган эреже-мыйзамдар бар ар кимди жасаганына жараша айыпка жыга турган. Азыр дагы ошону жетекчиликке алып иш тутууну сунуш кыламын.

Биринчиси: 17-март күнү Кербенди көздөй келаткандардын бардыгынын "жол жүргүнчүсү" деген жападан-жалгыз мыйзамдуу статусу бар эле. Мамлекеттик жолду тосуп алып, кимдин каякка кетип бара жатканын териштиргенге эч кимдин акысы болгон эмес. Демек, кийинки июнь айындагы Таш-Көмүр шаарынын жанындагы мыйзамсыз жол тосуулардын башталышын, демилгечилерин, быяктан, мамлекеттик кызматтагы адамдардын арасынан издеш керек айыбын тарттырып, ыгым-чыгымын мойнуна салганы.

Экинчиси: Жолдо келаткандар өтө каалап турушса да, дал ушул жерден коомдук тартипти буза алышмак эмес. Азыр дагы,

өзүңөр көрүп тургандай, мамлекеттик ишкана, жеке менчик турак-жай, же бир дүкөн-сүкөн тургай, коомдук тартиптин жыты жок ээн жерде келаткан адамдардын жолун кан буугандай бууп, пикетке чыга турган ниетиңер бар экен деп, ооруканага, базарга же тууган-уругу менен учурашканы бараткандарды дагы тоок сыңары кууп жүрүп атып салгандарга мунапыс берүү буга дейре дүйнөнүн бир дагы мамлекетинде, бир дагы мезгилинде боло элек ашынган көтөн зордук экенин айта кетүүгө аргасызмын.

Мыйзам Чыгаруу жыйынындагы бул мунапыска каршы добуш берген он депутаттын бирөөнүн дагы Бозпиекте ок чыгаргандар менен душманчылык же тууганчылык жагы, аласа-бересеси, же жеке карым-катнашы болгон эмес. Кимдир бирөөгө кастарын тигип, паланча прокурор, түкүнчө милиционерди каматмайын, кестирип иймейин көксөм суубайт дегендери деле жок экен алардын арасында. Айыбы такталып, мыйзамга жараша тарта турган жазасы аныкталгандан кийин гана андайлардын ден-соолугуна, үй-бүлөлүк шартына, ата-энесинин ал-ахвалына жараша элчилик-журтчулуктун каадасын алдыга салып, "боорукерлик кылып, мунапыс берип койгула" деп келсе, бирибиз дагы жок демек эмеспиз. Бирок, кимдин күнөөсү бар, кимдин күнөөсү жок экендигин тактабай туруп, ак менен каранын айырмасы аныктала электе, ушуларга оптом кечирим берели деген мыйзам долбоорун колдоп, добуш бербегенибиз чын. Мунапыс долбоору талкууланып жатканда, 10 депутат башыбызды ташка урсак да, анын илинчээксиз өтүп кетээрине көзүм жеткенде, мыйзамдын баш түшүндүрмөсүндөгү "гуманизм жана боорукердик принциптерди эске алып"... деген сөздөрдүн таптакыр кереги жок экенин айтып, аларды алдырып салганга араң жетти менин күчүм. Чындыгында эле мындай мунапыс кылмыш жасаган милиционер, министр, прокурор-срокурор үчүн өтө зор гумандуулук, боорукерлик болгону менен, апат болгондордун ата-эне, бала-чака, тууган-урук, жек-жааты үчүн орду толгус жоготуу, өзөктү өрттөгөн кайгы, эң ырайымсыз, эң мыкаачы, эң адамкерчиликсиз мыйзам болоорун анын долбоорун Жогорку Кеңешке сунуштап чыккан Өкмөт мүчөлөрү да моюнга алууга аргасыз болушту. Ошентип, кылмышкерлерге эч кандай

гумандуулукту, боорукерлик же боорукерсиздикти көргөзбөй эле, "карга карганын көзүн чокубайт" деген маанидеги арамзалыгы арбын кечирим берилди. Бул Мыйзам Чыгаруу жыйынындагы 40 депутаттын колу менен Кыргызстандагы калыстык, адилднк, мыйзамдуулук биротоло өлтүрүлдү дегендикке жатат.

А. Бекназаровдун кылмыш ишн дагы сойкунун жүрүм-турумундай болуп бүттү, анча-мынча айыбы бар, саал-паал айыбы жок деген кыйдылыгы арбын аныктама менен. Мындай өкүм тээтиги келинди карап туруп, анча-мынча боюнда бар, саал-паал боюнда жок келин экен деп айткандай эле болуп калды. Жаратылышта такыр андай болбойт. Түз эле боюнда бар, же жок делинет. Жанагы өзүнөн-өзү жүдөгөн сот А. Бекназаровду же күноөлүү же күнөөсү жок деп табышы керек эле. Тнлекке каршы, андай калыстыкка соттун дагы, бүткүл Кыргызстандын начальнигинин дагы кудурети жетпеди.

А. Бекназаров айыбы болсо, айыбын тартып, болбосо акталышы керек эле. Мунун баары жасалбады. Мындай болгондон кийин айлап-жылдап чай-нан менен жашап, өлбөстүн күнүн көрүп келе жаткандардын аргасын кетирип, ай сайын салык жыйнап, миңдеген, он миңдеген, же жүз миңге жакын адамдарга айлык төлөп милиция, сот, прокуратура, улуттук коопсуздук кызматын кармаштын кажети барбы биздин томояк мамлекетибизге? Менимче, таптакыр кажети жок.

Ушинтип эле улак уурдагандарды да, киши өлтүргөндөрдү да бир жерге чогултуп туруп, алты айда бир камап, алты айда бир мунапыс берип жашай берсе деле болот турбайбы, маал-маал "ашууда ат алмашылбайт" деген идеологияга сыйынып коюп.

Баса, "ашууда ат алмашылбайт" деп, аткана жыттанган ураан менен 11 жылдан бери карай жашап келатабыз. Мурдагы жылы эле, ушул жерде турган карыялардын айрымдары "ашууда ат алмашылбайт эле, ат алмашылбайт" дегенди курандай жаттап, айылма айыл кыдырып кыйкырып жүргөнүн көпчүлүгүңөр көргөндүрсүңөр, көрбөгөнүң уккан болушуңар керек. Мыйзамдуу-мыйзамсыз экенине карабай, анысына да көндүк э, жерге кирсинчи, ушул кырчаңгыны ашуудан нары

ашырып ийип, биротоло кутулуп алалы деген үмүт менен. Кайра эле болбой, арабызда жүрөт аныбыз, баягысындай эле желип өткөн жерин былгытып, басып өткөн жерине чөп чыгарбай.

Эми 17-марттагы биердеги каргашадан кийин Кыргызстандын диний мекемесинин муфтийи Кимсанбай ажы баш болуп эл кыдырып, "атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер" деген атакананын жытынан дагы бүксүк жыт чыгарган ураан тарата баштады, бейкүнөө пенделердин канын төгүп, кылмыш жасагандарды жоопкерчиликтен куткарып кетүүнүн далалатын кылып... Бу дагы демейдегидей эле Ак үйдүн 7-кабатынан, баягыдай А. Акаевдин унчукпаган макулдугу менен жер-жерлерге таркатылып, кыргыздардын уруу-урууга кандай бөлүнүшүн иликтеген анкета сыяктуу эле кыйдылыктын кезектеги кесепети, документи.

Буга деле көндүк деп коёлу. Анда азыркы мамлекеттик бийликтин ташын чарк айлантып аткандар алышпайбы бирден-бирден быяктагы жесир калган келиндерди. Мисалы, Зоотбек Кудайбергенов бирөөнү, Темирбек Акматалиев экинчисин, ал эми үчүнчүсү, төрт кыздын энеси, 17-мартта окко учкан карасуулук жигиттин жесирин Аскар Акаевдин өзү алсын, мен арага түшүп, бейбак келинди көндүрүүнүн аракетин кылып көрөйүн...

Ээй Аскар! Ишиңдин актыгына, идеологияңдын тактыгына ишенген, сөзүндө турган, улуу ишке, улуу ишааратка жөндөмдүү жоомарт жигит болсоң, ак никелеп алгын, жанагы доопөрөс дөлөңгүттөрүң түбүнө жеткен жигиттин жесирин. Азыр ааламы өрттөнүп, заманы тарып, ботодой боздоп турган, чиедей болгон төрт жетим кыз чаарасыздыкка моюн сунуп, атасын өлтүргөнгө энесин алып берүүгө макул болгону калды. Кол куушуруп алдына түш, кешиксиздердин...

Жесири макул болсо, Бишкектеги Ала-Арча төргө алып барып баккын ал бейбактын 4 кызын канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, өз перзентиңдей көрүп. Ошондо ишенем мен сенин жүрөгүңдүн "элим үчүн, элим менен" деп тыным албай какканына.

Болбосо өз элине өк чыгарып, жазыксыз жаштарды өлтүргөндөргө кечирим бергенди, кылмыш жасаган,

кожоюндун жан-жөкорлөрүн жоопкерчиликтен куткарып кетиш үчүн эле эмес, дагы кайсыдыр-бир жерден, кандайдыр бир топ, кайсыдыр бир проблема боюнча конституциялык укугун пеш кылып көчөгө чыкса, аларды "ат" дегенде каруу-жаракчан милиционерлер атпай коюп жүрбөсүн деп коркуп, кийин боло турган оош-кыйыш окуялардын катышуучуларын Бозпиектегидей кылып ата тугандарды күн мурунтан кылмыш жоопкерчилигинен куткарып, доөпорөс дөлөңгүттөрдү алдын ала актап коюунун аракети катары кароого мажбур боломун, өгүнү Мыйзам Чыгаруу жыйынын 82 пайыз депутаты, Эл Өкүлдөр жыйынынын депутаттарынын 99 пайызы кабыл алган мунапыс тууралу мыйзам долбоорун. Бул менин тирүү кезимде жасаган жана жасай турган иштерим.

Эми, ардактуу агайын-тууган, мынча болгондон кийин дагы бир аз чыдап турсаңар, дагы бир орчундуу маселенин башын ача кетейин дедим эле.

Азыр бангиликтин туткунунда жүргон нашакор макулук менен эле тубаса дудук унчукпайт дебесек, депутат аттууну сөкпогон, депутатты боктобогон, депутаттын огородуна таш ыргытпаган адам тургай, милиционер калган жок бүткүл Кыргызстанда.

Балким мунун дагы жүйоолүү себептери бардыр. Балким өзүбүздөн, депутаттардан да кетип жаткандыр. Кайдыгер карабаган көзгө оркоюп дароо уруна турган одоно кемчиликтер. А балким кыйчалыш маалдарда чукул чечиле турган маселеден көпчүлүктүн коңүлүн буруп кетиш үчүн депутаттарды боксерлор машыга турган саман салынган кап сыңары пайдаланып жаткандыр, баягы эле биттин ичегисине кан куйуп жүргон арамза. Иши кылып, күнүгө бир маал депутатты тилдеп алмайын, баш оорусу басылбай тургандар да жок эмес араңарда. Бирок, бир аз сабыр тутуп, жакшылап ойлонуп көрсөңөр, биз, депутаттар деле силер өңдөнгон эле күлкү менен ыйга, кайгы менен кубанычка, өмүр менен олүмго байлануу көртирликтин убарасында жүргон ысык жан пенделербиз. Бийликтин каарынан калкалап кала турган өзгочө укугубуз деле жок экендигин, алты айдан бери өзүңөр аралашып жүрүп, Азимбектин койгойүнон көрдүңөр. Силер катуу турбасаңар, силердин ынтымагыңар жок болсо, Азимбектин көзү эбак

тазаланып кетмек "арданганынан өзүн-өзү асып алды", же "мээсине кан куюлуп өтүп кетти бул ааламдан" деген дүжүр шылтоо менен. Аксылыктарга таазим! Карасуулуктардын ынтымагына миң рахмат! Авлетим менен пачаталыктардын сабырына кулдук! Баарыңардын ар-намысыңарга шоорат, ушул каргадай болгон бир уулуңарды азуулууга чайнаттырбай, акмакка омуроолоттурбай, адамдык ариетин коргоп калган эрлигиңер үчүн... Биздин, депутаттардын дагы силерден башка карманар бутак, таянар тообуз жок. Акыры бизди жакшы көрсөңөр да, жаман көрсөңөр да саясатта, экономикада, кортириликте болобу, биз силердин эле күзгүңөрбүз. "Эшегине жараша тушагы" деген кеп бар кыргызда. Ар жердин элине жараша депутаты болот турбайбы. Башка тепсе "каңк" этпеген момун же жасакер жарандар шайлаган депутаттын оозунан эч качан "хоп - майлиси" түшпөй, эки жерде эки канча деп сурасаң, "кожоюнга канча керек болсо, ошончо болот" деп бүгүлүп турат экен, күн болобу, түн болобу... Аларды дагы силердей эле шайлоочулар шайлаган.

Тилекке каршы, бүгүнкү бүткүл Кыргызстандын начальнигинин колу менен жасалган осол саясатты жылмалап-сылмалап жүзөгө ашырып, силердин тагдырыңарды, биздин тагдырыбызды, мамлекеттин тагдырын, болочок муундардын тагдырын каалаганындай калчап, баарыбыздын бара жаткан жолубузга багыт беримиш болуп турган күн карама эмес, соөмөй же чыпалак карамалар мына ошолор.

Азыр ал депутаттар А. Акаев "Күнгө бетин, шамалга... ошоягын тосуп, асманды карап, мурдунан дем алгандын бардыгына кошумча салык салынсын" деген мыйзам долбоорун сунуш кылса дагы, "кыңк" этпестен бекитип бере коюшат. Себеби, биз, айлыкка карап отурган депутаттар абдан азбыз, берки, оокаттуулар ого эле көп. Күрөшсөк күчүбүз, алышсак алыбыз жетпейт аларга. Талкууга салынган мыйзамдын тагдыры сөз менен эмес, муш менен дагы эмес, кнопка менен чечилээрин бардыгыңар жакшы билесиңер... А кнопка басканда, алар бизден 4,5 эсеге көптүк кылып кетет. Аларды дагы силерге окшогон эле Кыргызстандын эли шайлап берген.

А балким Мыйзам Чыгаруу жыйынындагы 60 депутаттан акыркы Ак үйдү ачыктан-ачык колдоп туш тарабынан туура иш жүргүзүп, берки жыйырмага жетип-жетпеген калгандарыбыз жаңылыш жашап аткан болуп жүрбөйлү... Билбейм. Билгеним "Үзөңгү-Кууштун" маселеси каралып жатса да, А. Масалиевдин пикири кожоюнга жакпай калса, 90- жылдагы Ош каргашасын, Ө.Текебаев улукту колдобой койсо, "байпак маселесин", (илгери Ө.Текебаев "легендарлуу парламенттин" депутаты болуп турганда, бир кыргыз жигитке жардамдашып койбойсузбу деп байпак фабрикасынын директоруна телефон чалган экен. Ал жигит дагы алчы-таасын жеп түгөткөн шылуун неме көрүнөт, директордун башын айлантып, сатып берет элем деп, 10 миңби, 15 миңби даана байпак алып кетип, ошол бойдон изин сууткан имиш... Бул юридикалык жактан ошол кыргыз жигит менен байпак фабрикасынын директорунун гана ортосундагы соода-сатык. Буга Ө. Текебаевдин кенедей дагы тиешеси жок экендигин эбак эле сот аныктап берген). Бирок алиге дейре Ө. Текебаевди жамандагысы келсе байпакты, ал эми И. Кадырбековдун белин мертинтүү үчүн эмнегедир эки жеринен сынып бирок, алты жеринен кайра бүткөн Т. Шайлиеванын чыпалагын, А. Мадумаровду шыбаш үчүн 1998-жылы бийликтегилер өзүлөрү тараткан Жалал-Абад шаарын чаап келебиз деген Өзгөндүн 500 атчаны тууралуу ушак-айыңды жамачылуу бокчосунан көтөрүп чыгып, а эгерде менин пикирим кожоюндукуна окшошпой калса, "Садырбаев түштүктү бөлүп кетип, Президент болгусу келип атат" деп өкүмдардын эшигин шыпырган бардык массалык маалымат каражаттары ызу-чуу түшүп эле жатып калышат, бир жери айрылып кеткенсип. Алардын жанагы Карыпкуловдун кара жашигине отуруп алып, ач кыйкырык кур сүрөөн салган дүңкүлдөгүн угуп, жүйөөлү сөз тургай, автоматтын огу өтпөй турган териси калың кебете-кешпирин көрүп, ушунчалык жанталашып жатып дагы биздин кылыбыздан кыйкым таба албаганынан жылдан-жылга, соттон сотко Шайлиеванын чыпалагы, менен Өмүрбектин байпагын көтөрүп алып чуркап жүрүшкөнүнө караганда, туура жашап, туура иш кылып атат

окшойбуз деген ойго кетет экенсиң. Себеби, мени депутаттыка түштүктөгү Ноокен районунун эли шайлаган. Дегеле меним тилимде, дилимде турган турпатымда кыргызды түндүк-түштүк, батыш- чыгыш деп бөлө турган илдетим жок экенин жакшы билесиңер. Бирок, расмий жыйындарда эң биринчи кезекте өзүмдүн шайлоочуларымдын проблемаларын көтөрүп чыкпаганда, Назарбаевдин кызынын жүрүм-туруму тууралуу сөз кылмак белем... Айтып атам, Ноокенге кошуп, Аксы менен Токтогулдун, Базар-Коргон менен Сузактын, Чаткал менен Ала-Буканын күнүмдүк проблемаларын...

Өзүңөр билесиңер, жалпы түштүк эле эмес, жалгыз Ноокен районунда Азимбектин айылдаштарындай жүрөгүндө жалы бар, жолборс мүнөздүү тууган-урук тургай, дадилирээк чай кайнатып бере турган кишим деле калган жок менин. Калса да алардын үйүнө барып учурашып өткөндөн заарканып, иш боюнча келгенде мейманканада конуп-түнөп, эл катары эле жол боюндагы ашканалардан тамактанып кетип жүрөм, кимдир-бирөөлөргө залакам тийип калбасын деп этияттангандыгымдан. Себеби, мен Бишкекти көздөй жөнөөр замат, андай үйдүн ээси, бала-чакасы, куда-сөөгү тургай, кылы-кыштысына дейре жергиликтүү бийликтегилер тарабынан куугунтукка алына баштайт, бир сотых, эки сотых ашыкча жери бардын жерин тартып алып, кемпир-чалдын пенсиясын кечиктирип берип, болбосо кары-картандын эптеп-септеп элге аралашып жүргөн уулун же келинин кызматтан айдаттырып. Жер-жерлердеги менин галамымды талашкандардын башын жара, көзүн чыгара чаап, көгала койдой кылып сабап салган учурлар да жок эмес. Жети жыл мурун өткөн кылмыштуулугу даргүмөн окуя үчүн А.Бекназаровду камаганга шашкан прокурорлор, бир бечаранын көзүн чыгара чапкан зөөкүрдү өзүбүз кармап келип берсек да, ал кешиксиз мага жакын адам экенин билээр замат кайра коё берип атпайбы, айып токмок жегендин өзүндө экен деп.

Баса, учурдан пайдаланып, дагы бир маселе боюнча силер менен убадалашып алайын дедим эле. Жашырганда эмне, мынабул кылкылдаган элдин арасында саламыбыздан жазбаган

менин жакын санашкандарым, куда-сөөк, жек-жаат, агайын-тууганадарым дагы бар экендигин көрүп турамын. Бирок, менин силерден көптөн-көп суранганым, "Садырбаевдин тууганы болобуз" деп эч кимге айта көрбөгүлө... Мен эч кимиңе таарынбаймын. Силер да мага таарынбагыла! Себеби, азыркы кырдаалда, өзгөчө, бүгүнкү сөзүмөн кийин, Азимбектин туугандарындай эле Садырбаевге тууган болуш дагы абдан опурталдуу, өтө коркунучтуу болуп калат. Кимдир-бирөөнүн Садырбаевге жакындыгы барлыгынан кайра-кайра куугунтук жеп, бөөдөдөн-бөөдө камалышын же жөнү жок жерден сабалышын каалабас элем. Бүгүнкү бийликтегилер дал ушундай кылаарынан кенедей дагы күмөнүм жок. Ошону үчүн өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбай, жөн эле жашагылачы, башын өскүрлөр, мен дагы маңдайыма жазылганын көрөөрмүн.

Мен булардын бардыгын өзүмдү силердин көзүңөргө аргасыз бечара көргөзүп, боор ооруттуруп алайын деп айтып жаткан жерим жок.

Мына азыр дагы Кыргыз телевидениесиндегилерге окшоп калпты чынга окшотуп каңкылдай берсем, ушул турганыңар эле ышкырып, кыйкырып, ызы-чуу түшөсүңөр, акаарат айтканга чейин барып. Ал эми бүгүнкү күндүн чындыгын сүйлөп, бей-бечаранын таламын талашып жүргөн бардык депутаттын өзүлөрүнүн, үй-бүлө, тууган-урук, жакшы санаш кандарынын көрөөрү, жанагы мен айткандар: Азимбектин тарткылыгы, меним тарткылыгым, Ишембайдын тарткылыгы... Туурабы, урматтуу депутаттар?

Анан, бир көзүңдү бир көзүңө андытып коюп, жумурай-журтту ушундай итке минген ахвалга жеткирген бийликтин адресине бүгүн мен кандай жакшы соз айтышым мүмкүн? Мүмкүн эмеспи? Ошону үчүн, "моминтип ынтымакка келели, тигинтип, биргелешип иш туталы. Силер тигинисин жасап, биз мунусун бүтүрүп, өлкөдөгү абалды жакшыртып, кыйын кырдаалды түзөп кетели" деп айта албаймын. Себеби, Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүндөгү, батышы менен чыгышындагы карапайым элге ишенсем да, азыркы бийликтин бардык бутагындагы, мейли ал мыйзам чыгаруу, же, аткаруу

бийлиги болсун, сот бийлиги болсо деле баары бир, иши кылып мамлекеттик эң жогорку, орто же ылдыйкы даражадагы кызмат адамдарынын бирөөнө дагы ишенбегендигимден "Тээтиги сөзүндө турган адам экен" деп кимдир бирөөнү көргөзө албаймын. Бүгүн менин "ишенген кожоң суугa акты, алды-алдындан тал карма" дегенден башка силерге дагы айта турган нускалуу сөзүм да жок.

Болгону, эч күнөөсү жок туруп, мыкаачылардын огуна учуп шейит болгон беш баланын арбагына арнап куран окуп, бардыгынын жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун деп бата кылып, үч айдан бери Акаевдин оозу барбаган жүйөөлүү сөздү айтып, өлгөн балдардын ата-эне, үй-бүлөсүнөн кечирим сурагандан башка, менин биерде жасай турган жумушум деле жок.

Урматтуу орду толгус жоготууга учураган мекендештер!

Жаман болсом да, жакшы болсом да бийликтин бир бутагындагы аламандын арасында жүргөндөн кийин, кара тумандай болуп каптап келе жаткан каргашанын жолун тосуп токтотуп кала албаганым үчүн күнөө менде да бар. Аны танбаймын. Сактай албай калдым, кайран балдарды... Колуңардан келсе, кечиргиле мени... Кечире албасаңар мына, башым ийилүү, мойнум сунулуу. Билгениңерди кылгыла. Мындай кырдаалда Дооронбек акеңерди тирүү дегендер менен да, өлүк дегендер менен да талашпаймын. Ким кандай айтса, ошонуку туура. Эмне үчүн мындай экенин кийин кенен кесири түшүндүрүп берээрмин...

Ага дейре төгүлбөй-чачылбай, бөксөрбөй-нетпей бүтүн бойдон туралычы, ардактуу замандаштарым... Бар болгула, аман болгула, бөөдө кырсыктан сак болгула...

***"Республика", 2002-жылдын 16-июлу***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ПАРЛАМЕНТТИК КОМИССИЯСЫ

# АБИЙИР СОТУ

***Бишкек, сентябрь, 2007-жыл***

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты С.И. Урманаевди кол тийбестик иммунитетинен ажыратып, ага каршы кылмыш ишин козгоого уруксат берүү боюнча Парламенттпк комиссиясынын төрагасы, депутат Д. Садырбаевдин доклады**

**Абийир соту**

Кадырлуу мекендештер! Урматтуу коммунисттер!” – Мындан он жети жыл илгери менин асылкеч курбум жана классташым, ыраматылык Абдразак Кадырматович Султанов Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин кезектеги пленумунда өзүнүн тарыхый сөзүн ушундайча баштап, кичинекей Кыргызстан түгүл, килейген Советтер Союзун титиреткен мезгилдин эң жашыруун, эң ырайымсыз мекемеси, “мамлекеттеги мамлекет” – делинип жүргөн КГБнын биздин республикадагы жетекчиси Москванын Кыргызстандагы Кызылчогу В.А. Рябокондун былыкчылык иштеринин бетин ачкан эле. – Менин бүгүнкү сөзүмөн кийин мага кандай гана жамандык жасалаарын, башыман ылдый карай эмне гана деген жугундунун жугундусу куюлуп, өз сөзүм өз башыма таяк болуп тийип, өмүрүм коркунучта калаарын бөркүмдөй көрүп турсам да, байыркы грек акылманы

Аристотелдин: **“Платон менин досум, бирок мага чындык андан да кымбат”** деп акыйкаттыкты гана кармanганын туурап: элимдин тагдыры, партиямдын келечеги үчүн ушундай опурталдуу ишке бел байлап, чыркыраган чындыкты ачык айтууга аргасыз болуп олтурамын...”

Элинин, жеринин жаркын келечеги үчүн башын сайып, ушундай опурталдуу ишке бел байлап чыккан кайран досум, көрөгөчтүк эле кылган экен. Аны дароо Борбордук Комитеттин мүчөлүгүнөн чыгарып, бөлүм башчылык кызматынан да бошотуп коюшкан. Кечээ күнү эле “өйдө чыксак, бир дөбөдө, ылдый түшсөк, бир чуңкурда болобуз, арт жагыңа кылчактабастан бара бергин. Биз быяктан жөлөп-таяп турабыз сени!”, – деп көкүткөн кызматташ жолдоштору, кесиптеш теңтуштары пленумдун эртеси эле тымтыракай түшүп, туш-тушка тарап кетип, кайран досума караандарын да көргөзбөй, ар кимиси керт башын, кызматын сактап калыштын далалатын кылып, бет келди житип-житип жоголушкан.

Арадан азыноолак убакыт отүп-өтпөй, Абдыразактан да ажырап калганбыз анда...

Ооба, аны Баяман Эркинбаев же Жыргалбек Сурабалдиев сыяктантып, эч ким таламандын тал түшүндө тапанча менен атып кеткен эмес. Т. Тургуналиев менен Ф. Куловго окшотуп түрмогө дагы сала алышкан жок, кое турган олуттуу дооматы жоктугунан. Бирок, ал мезгилдеги Москванын арыгын чапкан майлибай аткаминерлердин, бейиши болгур курбумду адам чыдагыс өйдо-төмөн сөзгө чулгатып, илгери Иса пайгамбардын дилин ууландырган Иуданын ушагындай, анын тегерегине дагы узун-кыска, ирик-чирик сөздүү жалган-чынды жаадырып атышып, намысы курч, журттун туу жыгаар уулдарынын биринин жүрөгү токтоп калган абалга чейин жеткиришкен.

Ошондуктан, мен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Дооронбек Садырбаев, бүгүнкү сөзүмөн кийин мага дагы Абдыразак теңтушумун өмүрүн кыскарткан жалаалардан ашса ашкан, асти кем эмес, адам түгүл айбандын дити чыдагыс асылуулар болоорун, аны өзүбүздүн эле мамлекеттик телекиллерлер, хансарайдагы арзымат ырчылар менен аягы суюк жазмакейлер, албетте, 20 жана 21-кылымдардын тогошунда Кыргызстандын эң жогорку

бийлигин жеке менчигине басып алгысы келген, нысапсыздыгын жашырбаган азыркынын саясий кызыл кулактары ишке ашыраарын мен дагы сезип турамын. Мындайдын далайын башымдан кечирбедимби. Бирок, менин асылкеч курбуман айырмачылыгым: бул ааламда жамандыр-жакшыдыр андан 17 жыл ашыгыраак өмүр сүрүп, кудайга шүгүр, тагдырыма буйруганына жараша ашаарымды ашап, жашаарымды жашап, маңдайыма жазылган жакшылык-жамандыктын бакисин аркалап келатам. Ушунусуна каниет! Бирөөдөн чокой боолук бирдеме үмүт этип, же КГБнын кызыл ала "матрешкасынан" коркуп, Кыргызстандын Ак үйүнүн жетинчи кабатындагы "буркулдаган букасынан" үркүп, же болбосо андан ылдыйраакта "сайгак сайып дыргаяктаган кунаажынынан" жалтана турган курактан эбак өтүп кеткенмин. Мунун баары аздык кылат десеңер, өмүр жолумдун кыр-чокусуна жакындап келаткан чагымда, мен кимден коркуп, эмнеден жалтанмак элем? Коркпойм-этпейм. Аксакалдык ыйманыма шек келтирмек болгонун болгондой айтам, аңдышкандар менен ымдашкандар, мага десе, көтөрүп турган көк асманын так төбөмө таштап ийишсе дагы...

Көп жашап, көптү көргөн адам катары, ал гана эмес, азыркы карала турган маселе боюнча парламенттик комиссиянын төрагасы катары, өз сөзүмдүн эң алды кылып, учурда **"Аксы окуясы"** Кыргызстан үчүн мамлекеттик стабилдүүлүктүн өзүнчө бир сыр сандыгына айланып калганын эсиңерге салып, ачыгын айта кетүүгө тийишмин. Бул кандуу каргашанын себептерин аныктап жатканда, акыйкат менен чындыктан алыстап, адамдык абийирге кенедей эле көлөкө түшүп калса, андай жагдай карапайым калкты кайрадан буркан-шаркан түшүрүп, кайрадан толкундатып, кайрадан пикет, митинг, жүрүш кыймылдарын жандантып, айрымдардын эки бутун бир өтүккө тыккан баш аламандыкка кириптер кылышы ыктымал.

Ошондуктан, урматтуу депутаттар, өзүңөр көрүп тургандай, бул окуяны объективдүү жана өтө кылдат иликтеп, кылмыштын түздөн-түз айыпкерлерин таамай аныктап, аларды этияттык менен жазага тарткандан башка жол жок бизде. **"Аксы окуясына"** кайра кайрылып, анын акыркы чекитин коюу үчүн кыргыз элинин **"Туура бийде тууган жок,**

**туугандуу бийде ыйман жок"** деген байыркы накылын туу көтөрүп турган кесиптештериңерди Италия эл жомогундагы **"аты-жонү белгисиз, ат-журтунун дайыны жок, таштанды тагдырын аркалап жүрүп, тууган-уруктан кур жалак калган атактуу Арлекино"** деп койсоңор туура болчудай.

Антпесем, "Аксы окуясынын" кесепетине себепкер кимдир-бирөөнү туугансып, экинчисинин куда-сөөк, элдеш-жердеш, экендигине карап ылымсанаймын деп жазатайып, акыйкаттан адашып, сакалым куйкаланып, ыйманым өрттөнүп, эл караган бетим жер карашын мен дагы каалабайм.

Анда эмесе, улуу-кичүү кесиптештерим, ушул кудайдын куттуу күндөрүндө мени **"туугансыз туура бий",** же болбосо **"Арлекинодой"** көрүп, алакан жайып "Алла таалам колдосун" деп ак батаңарды берсеңер, мен, айта турганыма кирише берейин...

Биссмиллахи рахманир-рахим!

Урматтуу Төрага Марат Абдразакович!

Кадырлуу депутаттар жана ардактуу коноктор!

Касиеттүү кыргыз элим!

Кайсыл мамлекет, кандай эл болбосун, анын ар бир мууну өз заманында эмнени көрүп, эмнени угуп, кандай ган окуяга кабылбасын, өзүн кызыктырган маселе боюнча дайыма кара кылды как жарган калыс чындыкты гана билгиси келет. Аны үчүн адамдар өзүнүн эң кымбат нерсеси – кара жанын садага чапкандан да кайра тартпайт. Учурунда канчалык оор, канчалык кейиштүү болгонуна карабай, биз элибиздин бүгүнү жана келечеги үчүн, Аксыда болгон окуя тууралуу жападан-жалгыз **Чындыкты** гана айтууга милдеттүүбүз! Ошондой **Акыйкат** чындыктын көзүн таап, Көкө-Теңир, Жараткан - Эгемдин алдында миң ирээт тобо кылып, азыркы тирүү жүргөндөр пендечиликте кетирген азайып, көп күнөөбүздөн арылышыбыз мүмкүн. Бүгүнкү башына жоолук салынып, тебетей кийип мурдунан тынып жүргөндөр – бакибиз өзүбүздүн чиеленген маселелерибизди өзүбүз бүгүн чече албасак, аны баарыбир келечек муундар чечүүгө аргасыз болушат. Жетик ойлонбогон жетесиз пейлибизге жараша чиелентип алган түйдөк маселелерибизди өзүбүз чечиштин ордуна, алардын баарын биздин аки-чүкүбүз менен иши жок келечек муундарга,

балдарыбыз менен неберелерибизге мурас калтыруунун таптакыр кереги жок! Алардын да өз замандарына жараша өзүлөрү чече турган маселелери жана милдеттери арбын болот. Мен ошону үчүн орустун учурдагы улуу философу Александр Солженицындын **"...ак пейили, чын дили менен өз айыбын моюнга ала билген сезими сергек улут гана өзүнүн ички илдетинен арылышы мүмкүн"** – деген сөзүнө эки колумду тең көтөрүп, чын жүрөктөн тилектеш экенимди билдиргим келет.

2002-жылдын 17-мартында Аксы районунда гөр тирликтин убарасында бүргөн жеринен, кыргыз мамлекети тарабынан атылып, алардын ичинен шейит болгон жаш жигиттердин арбагы чыркырап, бүгүн биздин адилеттикке чакырып, өздөрүнүн ошо алгачкы кагылышууда ок жаңылып жарадар болгон, андан кийинки жылдары күнөөсүз мазакталган же токмок жеп жаны кыйналган ондогон жана жүздөгөн мекендештерибиздин намысын коргогон **Абийир Сотунун** жараянын баштап акыйкат өкүм чыгарууну талап кылып жатат. Кейпи, алардын да, биздин да мындан башка барар да, табар да жолубуз калган эместей. Алардын арбактары түнкү чыракты тегеренген жетим көпөлөктөй болуп бырпырап, бизди тегерене учуп, адамзатка каршы ошо кылмышты жасагандардын анык жүзүн калыс тескөө, акыйкат жазалоо аркылуу, мындай каргаша Ата Журтубузда экинчи кайталанбай тургандай жыйынтык чыгарууга чакырып жатат! Бул – менин эле көз карашым эмес, бул – жарык дүйнөдө татыктуу жашоонун мыйзам ченеми жана бейкүнөө жеринен мүрт кеткен эр-азаматтардын саясий керээзи.

Коомчулук Аксы коогалаңын "каргашалуу окуя" деп жүрөт. Кудай акы – андай эмес! Бул жөн эле "окуя" же "кайгылуу каргаша" да эмес. Бул – мамлекет башчылары мансабына манчыркап, өз элине түздөн-түз караниеттик менен атайылап жасаган, пенде бүткөндүн түшүнө кирбей турган тири укмуш кылмыш! Бул – Акаевдин жана анын жан-жөкөрлөрү менен табакташтарынын карапайым калктан талап-тоноп, чогултуп алган байлыгын жана арамза бийлигин биротоло сактап калууга жан талашып, аны үчүн мекендештеринин канын төгүүдөн дагы кайра тартпаган мыкаачы айла-амалы жана алдын-ала атайын

даярдалган ыпылас иш-планы. Тынч жаткан жарандардын кайсыдыр-бир бөлүгүнүн көзүн тазалап ийип болсо дагы жамы журттун жүрогүнүн үшүн алып, “пендемин” деп мурдунан тынгандын бакисин жеке менчигиндеги байлыгына жакындатпаштын алдын-ала көргөн чарасы. Муну биздин парламенттик комиссияга топтолгон документтердин басымдуу бөлүгү ачык-айкын далилдеп турат.

**Урматтуу депутаттар!**

**“Легендарлуу”** делинген Кыргыз парламенти 1993-жылы жергебиздеги мамлекеттик бийликтин бардык кулпуларынын сыйкырдуу ачкычын бир адамдын колуна салып бергени эсиңерде бардыр. Муну менен ал парламент бир кишиге чексиз бийликтин тизгинин карматып, келечектеги “авторитардык” режимдин тамыр жайып, өсүп-өнүгүшүнө даңгыр жол салып берген менен барабар иш кылган болуучу. Анан адамгерчилиги кирди-чыкты, журт башкаруу жөндөмү мөртө-шөртө бир, “бөйлө-шөйлө” көрпендени **“Конституциянын гаранты”** деп көтөрмөлөй берип, зоболосун ого бетер көкөлөтүп атып, ал бара-бара мындай артыкчылыктан пайда көрүүнүн кынычын таап, өлкөнүн Баш мыйзамдарын жамынып алып, “кызый-кызый, кыздын койнуна кириптир” дегенди туурап, “кызып кетип”, өз үй-бүлөсүнүн, балдыз-бажаларынын жана табакташтарынын курсагын дайыма нык толтура турган баргерчилик турмуштун кепилине айланганын көз көрбөдүбү.

Ошентип, Аскар Акаевич күтүлбөгөн жерден асмандан учуп келип колуна конгон бакыт кушунун пайдасын жүдаа көрдү, “мөмөсүн” тойгуча жеп, “ширесин” канганча соруп. Ал караламан калктын кулагына эртели-кеч демократия деген сөздү, кумдай куюп жүрүп, өзүнүн “былык авторитаризмдүү” бийлигин өтө айлакерлик, жеткен арамзалык менен “бутуна тургузуп” алып, анысы үй-бүлө, жек-жаат, куда-сөөгүнүн гана кызыкчылыгын коргоп, кыргыздын кызылын чокуй турган таз жоруга айланды да калды. Кандай гана авторитаризм болбосун, ал түлкүдөй кылтылдак же жыландай жылтылдак болобу, баары бир, үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааттын зордук-зомбулукка таянган бийлигине айланып алса, акыр-аягында наразылыгы күчөгөн элдин бир көтөрүлүшү менен күм жам болоорун 2005-жылдын март айындагы окуялар даана көргөзбөдүбү... Мындай

бийлик өкүм сүргөн жерде, албетте, мыйзам аткарылбай, бийлик бутактары солгундап, кызмат эрежелери толук кандуу иштебей калат. Иштеген күндө да кожоюндун гана пайдасына иштеп, карапайым калк унутта каларын ар кимибиз өз көзүбүз менен көрүп, жон терибнз менен сездик го.

Ошондуктан, Акаевдин режими акыркы мезгилдерде Кыргызстандын букараларынын укуктарын тебелеп-тепсеп, кыз-кыркын, катын-калачты оңду-солду омуроолоп, бала-чака, кары-картандын каадасына жаба түкүргөн зөөкүрлүгүн жашырбай, мамлекеттик кызматтардын “майлуу-сүттүү” орундары, каруу-жаракчан күч органдарынын күзөт үстөлдөрүнө чейин акчага сатыла баштаган. Мунун себебинде Кыргызстандагы ылыгышкан кылмыштуулук кадимки эле турмуштук көрүнүшкө айланып, эң жогорку даражадагы атка минерликти мындай кой, бир кулак сууну башкарган мураптык эле тийген бажа-бакыранын жашоо минимумунун башкы булагы же орусча айтканда, “визиттик карточкасы” болуп калганы да жашыруун эмес.

2002-жылы Акаевдин бийлнгн өз “демилгеси” менен ичинен ирип, сыртынан чирип баратканы билине баштаганда, анын жан-жөкөрлөрү карапайым калк өз нааразычылыгын ачык айтып, митинг, пикеттерге, көчө-көйгө жөө жүрүшкө чыкпасын деп, аларга каршы колуна курал кармаган пешенеси дөң дөлөңгүттөрүн “бордоп семиртип”, кан төгүүдөн кайра тартпас кармашка кандай баштаган эле.

Бийликтин чектен чыккан мыйзам бузуулары, аткаминерлердин элди көз көрүнөө, ачыктан-ачык тоногон зөөкүрлүгү, мыркымбайлыгы мол кылык-жоруктары, Кыргызстандын бардык аймактарындагы алыскы булуң-бурчуна чейинки элдин кыжырын кайната баштаганын Акаевчилер эң сонун билген. Ошондуктан, режим митинг, пикет, ар кандай жүрүштөргө чыккан өзүнүн карапайым калкына каршы каруу-жарак колдонуп, керек болсо, провакациялык жолдор менен болсо да алардын айрымдарын кандайдыр бир айыпка жыгып, уруп-сабап, камап, тынчытып коюунун жолун издеп калган. Өз өкүмдарлыгын кандай гана болбосун узак жылдарга дейре сактап калуу жандалбасында жүрүп, өз элине ок чыгаргандан да кайра тартпаган мындай

кыйды мамлекет башчысына жана анын жүргүзгөн арамза саясатына кандай баа берүүгө болот? Менимче, **"өз мамлекетин, өз элин бүткүл денеси менен жек көргөн арамзаиын макүрөө бийлиги"** дегенден башка сыпаттуу сөз табуу кыйын.

Ошондуктан, биз болуп өткөн бул окуянын тереңдерде жаткан себептерин кылдат жана ар тараптуу изилдебестен туруп, кимдир-бирөөлөрдү, мейли ал депутат С.Урманаев болобу, же карапайым сантехник, ал тургай аты унутулуп калган бир бечара аракеч болсо деле баарыбир, иши кылып, адам аты бардын тагдырын чечүүдө анын, кылган-турганын узун-туурасынан иликтебестен, өкүмзорлук менен айыпка жыгып, дагы бир калпыстыкка жол бербешибиз керек.

**Урматтуу депутаттар!**

Парламенттик комиссиянын төрагасы катары өз баянымда мен эмне себептен "кой" десеңер деле болбой эле, "Аксы окуясына" саясий баа берүүнүн далалатын кылып жатамын? Анткени, менин жеке көз карашымда, эгер биз бул иш боюнча караманча **Чындыкты** билгибиз келсе, **Адилеттиктин** жеңишин, **Акыйкаттыктын** орношун каалап, сөзсүз күнөөлүүлөрдү таап, татыктуу жазага тарткыбыз келсе, анда эң алды бул кылмыштын түпкү тамыры саясат менен чиеленишип калганын таанып ийгенге шашпай аны ачык-айкын айтышыбыз керек. Андыктан, мен Жогорку Кеңештин бул бийик жана ыйык трибунасында туруп, 2002-жылдын 17-19-мартындагы **"Аксы каргашасы"** өзүнүн жарандык укугун пайдаланып, тынч митингге чыгуу үчүн каруу-жараксыз келаткан карапайым калкка каршы өз мамлекетинин ырайымсыздык менен жасаган эң мыкаачы саясий кылмышы болгонун зор жоопкерчилик менен ачыктан-ачык айта аламын. **Юридикалык жана моралдык жактан да бул окуяны кайсыдыр бир региондун бир ууч калкы, же Кыргыз Атадан тарагандарга эле эмес, бүткүл адамзатка каршы жасалган эң кесепеттүү, эң маскара кылмыш катары караганыбыз абзел.** Ошондо гана биз өз абийирибизди да, күнөөсүз апат болгондордун ыйманын да таза сактап кала алабыз.

Дал ошондуктан, кырчын өмүрлөрү кыйылган 6 кыргыздын арбагын ыраазы кылып, ыйманын тазартып коюу, ошол эле

учурда өз абийирибизди да агартып алыш үчүн бул ишти **Абийир сотунун** жараяны аркылуу гана жыйынтыкташыбыз керектигин айтып, чыркырап жатпайбы...

Дал ошону үчүн биздин шоркелдей элибиз дагы беш жылдан бери улам толкуп, кайра басылып, бул кылмыштын мыкаачы жүзү толук ачылышын, анын башкы айыпкерлеринин адилет жазага тартылышын талап кылып келатышат. Себеби **"Аксы окуясы"** сыяктуу каргаша Кыргызстандын атка минерлеринин чакан тобунун кыргыз эмес бүткүл адамзатка каршы жасаган мыкаачылыгы кайталанып, адам канын агызган мындай кылмыштуу иш Кыргызстандын дагы бир жеринде, кайсы бир мезгилде кайрадан жаралып кетиши да мүмкүн. Кудай анын бетин нары кылсын, анда ал каргаша мындан да кандуу, мындан да чыгашалуу масштабда кайталанышы ыктымал. Анткени, **"Аксы окуясы"** – кокусунан болгон окуя эмес, арамза бийликтин акылына жараша мыйзам ченемдүүлүккө айланып кеткен жырткычтыктын кадыресе көрүнүшү. Ал акыры барып, **"Боспиек"** деген жерде, өзүнүн чыныгы жүзүн ачыкка чыгарып отурат.

**Урматтуу мекендештер!**

Мен ушул трибунадан башымды ийип, өз мамлекетинин адамгерчилик касиети апат болгон желдеттеринин огунан шейит болгон кыргыздын кырчындай жаш жигиттеринин аттарын дагы бир жолу кайталап коюууну туура көрүп олтурам. Алар:

**Үркүнбаев Сатимбай,** 1957-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн. (Бейиши болгур Сатимбай өзү олөр-өлгөнчө "Мени тапанча менен Баймурат атты", – деп кан жөткүрүп жатып, жанындагыларга кайра-кайра айтканы "мен аксылыкмын" дегендин бакнсине белгилүү болсо дагы, эмнегедир тергөө ошол кездеги Улуттук коопсуздук кызматынын райондук бөлүмүнүн начальннгн Абдразаков Баймуратка каршы эч кандай кылмыш иши козголгон эмес).

**Сапаралиев Кадыркул,** 1965-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн.

**Четимбаев Эркиналы,** 1971-жылы туулган, 2002-жылы 17-мартта Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн.

**Тагаев Советбек,** 1977-жылы туулган, Боспиек айылынын жанындагы чоң жолдо атылып өлтүрүлгөн.

Шейит болгон жигиттердин аты-жөнү кыргыз коомчулугунун мурдатан бери эле белгилүү. Эми ошол эле күндөрү киши колдуу болуп, мүрт кеткен дагы эки жарандын атын атоого уруксат кылыңыздар. Расмий бийлик, эмнегедир алиге дейре алардын атын атаганга батына албай келатат.

Алар:

**Үмөталиев Элдияр** 18-мартта көчөдө жөн-жай кетип бараткан бул өспүрүм бала генерал-прокурор К.Абдиевдин көзөмөлүндөгү Кербен кыштагында генерал-милиционер К.Садиев жетектеген күч органдарынын кызматкерлери тарабынан атылып өлтүрүлгөн. Кырдаал коогалаңдуу болуп турган маалда эч нерсеге түшүнбөй, бейтааныш каруу-жаракчандардан үрөйү учуп, качып жөнөгөн айылдык мектеп окуучусун УАЗик машинасын айдаган маскачан милийсалар райондун борборунун көчөсүнөн-көчөсүнө өткөзө кууп, аң уулагандай артынан сая түшүп, акыры атып салып, көңүлдөрү тынчыган.

**Бекмуратов Медетбек** 2002-жылдын 19-мартында Аксы районунун укук коргоо органдарынын мыкаачылары тарабынан сабалып өлтүрүлгөн. Билген-көргөндөрдүн айтуусуна караганда, ал Премьер-министр Аксыга жөнөткөн "тайфунчулардын", а балким "буранчылардын" акылга сыйбай турган мыкаачы буйругун аткаруудан баш тарткандыгы үчүн өлтүрүлгөн. Себеби милициядан чыккан жырткычтар өздөрү кылган кылмышты республиканын коомчулугу билип калышынан коркуп, өз колдору менен жасаган мыкаачылыктарын жаап-жашыруу үчүн, буга тиешеси жок жаш жигиттерди кармап алып, алардын колдору менен өлгөн адамдардын жараатын "жамап, жаскап", кийин сот маалында милициянын пайдасына "далил" боло турган, ок тийбестен, темир менен чаап салгандай түргө келтирип, дөлөңгүттөр жасаган кылмышты карапайым адамдарга гүртө салуу далалатын кылышкан. Аны үчүн өлгөн адамдардын ок тийген

жерлерин арматура менен чукуп кеңейтүүгө, милиционерлер тартип бузду деп көчөдөн кармап алган жаш балдарды мажбурлашып, өлүктөрдүн жараат тактарын өзгөртүү жандалбасында таш менен жанчып, мокок бычак менен кескилеп же темир-тезек менен бети-башынан балжа-булжасын чыгара чабышын талап кылышкан. Айтмакчы, өлүкканaнын кызматкерлери ушундай адам дити барбас ишти жасоодон баш тартышкан... Ал эми М.Бекмуратов болсо, дал ушундай буйрукту аткарбагандыгы үчүн таяк жеп жатып жан берген.

Илгери жырткычтыгы менен бүткүл дүйнөгө таанымал фашисттик Германиянын канкор гестапочулары дагы өз өлкөсүнүн атуулу эмес, душманын өлүгүн мынчалык мазактап, ок тийген жерин арматура менен чукуп кеңейтип, кулагын кесип, тишин кагып салган жырткычтыкка барган эмес экен. Биз, 21-кылымдын башталышындагы мамлекеттик кызматта жүргөн кыргыздар ушуну жасабадыкпы. Антип өз өктөшүнүн өлүгүн кордогон эбегейсиз наадандык бизден башка эч жерде, эч бир элде болбоптур. Анан ушунун баарын өз кулагы менен угуп, өз көзү менен көргөн шейит болгондордун ата-эне, тууган-уруктарын:

– Болбодубу эми, өлгөн балдарыңдын кунун армансыз алдыңар го, – деп омуроологон омуртқаң сынгырларга айтаарым, дөгүрсүбөгүлө! Мындайдын куну – кан, Адам өмүрүн акча менен ченеймин деп, Ата-Бабанын арбагы уруп, кылымдын каргышына калып, бир ууч мансапкордун кесепети жумурай журтка тийип, кара көзүбүздү кашайтпаса эле болгону...

Ошону үчүн ушул буурул жер бетинин кыргыздын шыбагасына тийген алакандай бөлүгүндө болуп өткөн мындай мыкаачылыкка азыр ар кимибиз өз мамилебизди билгизе албасак, баарыбызды, жанагы жаштайында жайраган жигиттердин убалы деле уктата койбос...

Өзүңөр байкап тургандай, урматтуу депутаттар, М. Бекмуратов менен Э. Үмөталивдин ажалынан мурда окко учушу, Премьер-министр К.С. Бакиев “Тайфун” жана “Буран” операцияларын аракетке киргизген токтомго кол коюп, Жалал-Абад облусунун укук коргоо органдарынын оперативдүү штабынын жетекчилигине генерал К. Садиевди дайындап, ага

облустук жана райондордун мамлекеттик администрацияларынын жетекчилерин түздөн-түз баш ийдирип, анын айтканын-айткандай так аткарууга милдеттендирген чечим чыгарып, ал иш-аракетте Кыргыз Республикасынын мыйзамдары так сакталышын көзөмөлдөө үчүн генаралдык прокурордун орун басары К. Абдиевди Аксыга жөнөткөндөн кийин болуп атпайбы... Э. Үмөталиевдин өлтүрүлүшү эмне болуп калыптыр, башка тестиер балдарга дагы ок жаңылып, кыйласы токмок жеп, (8-класстын окуучусу Шүкүрүлла Байматов, 11-класстын окуучусу Санжар Кутманов) бардыгы болуп, ал күндөрү Аксы районунун 50гө жакын адамы ар кандай деңгээлдеги жаракат алган.

Менде укук коргоо органдарынын кызматкерлери жаш жигитттер менен өспүрүм балдарды эстен танганча уруп-сабап, жыгылып калгандарынын үстүнө чака-чака муздак суу жаба чачып, эсине келтирип алып, өз ойлорундагыны аткартып, “айыбын” мойнуна алмайынча кайра-кайра сабай бергени тууралуу ошо жабыр тарткандар жазып берген түшүнүк каттар менен видео тасмага тартылып алынган эпизоддор алиге дейре сакталуу турат. Негедир прокуратура органдары бул кылмыштарга эч кандай иш козгогон эмес, же кандайдыр бир болбогон шылтоолор менен аны жаап-жашырып, эч кимге билгизбей, күм-жам кылып салышкан. Баш прокуратуранын тергөө тобундагылар үчүн бул эмне кылмыш эмеспи?

Же болбосо, бир эле күндүн аралыгында аксылык 20га жакын адам алмадан жыгылып, ар кандай жаракат алганын билдирип, “өз ыктыяры” менен жазып берген түшүнүк каттарынын фактысы боюнча кылмыш иши козголмок тургай, кызыкчылык үчүн болсо дагы иликтөөгө да алынган эмес. Март айынын орто ченинде Аксы тарапта алма багы гүлдөмөк түгүл, бүрдөбөйт экен. Анда неге караламан көпчүлүк жапа тырмак алма дарагынын башына тырмышып чыгып алып, кайра топ-топ этип жыгылып түшүп, бири колун сындырып, экинчиси бетин тыттырып, үчүнчүсү көзүн же башка жерин чукутуп, ар түркүн жаракат алгыдай аксылыктарга, ошо жылы, ошо күнү жин тийди беле? Балким, алар милиция кызматкерлери уруп-согуп, денелерине зыян келтирген эместигин далилдеш үчүн, “20га жакын адам жапа тырмак алма дарагына чыгып, кайрадан

жабыла жерге кулап түшүп, жаракат алган" дегендердики чын болуп жүрбөсүн? Билбейм. Билгеним борбордон келген генерал-прокурор К.Абдиев, генерал-милиционер К.Садиев Жаңы-Жолдун жагдайы менен тааныш эместигинен кол алдындагыларга "аксылыктар алмадан кулап түштү кылып кутулгула!" деп буйрук беришти деп деле коелу, ал эми 20га жакын аксылыктан "мага милиция катылган жок. Алмадан жыгылып ушинтип калдым" деген түшүнүк кат жаздырып алган жергиликтүү милициянын капитаны Ниязматовду кайсыл "кара теке" сүзгөнү тергөөчүлөргө да бизге да белгисиз бойдон келатат.

**Урматтуу Эльмурза Сатыбалдиевич!**

Жок дегенде ошол капитандын тебетейин тескери кийгизе сүзгөн "кара текени" мага кармап берсеңиз, бир энесин үч коргондон көргөзүп коеюн дедим эле...

Баса, милиция өзүн-өзү кантип коргой ала тургандыгы тууралуу дагы азыноолак айта кетейин. "2002-жылы "Тайфун" жана "Буран" пландары кантип аракетке келтирилди эле?" деген менин депутаттык суроо-талабыма 19.07.2007-жылы Республиканын азыркы Ички иштер министри Б. Ногойбаевдин колу коюлган расмий жооп келген. Ал минтип жазат: "Сиздин суроонуз боюнча төмөндөгүлөрдү билдирем. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги "Тайфун" жана "Буран" пландарын аракетке келтирген эмес. Мындан сырткары 2002-жылы "Тайфун" жана "Буран" пландары КР ИИМнин коомдук коопсуздук башкармалыгынын 2002-жылдын 13-майдагы №1-33-актысы менен жок кылынган. Анын ордуна ИИМдин коомдук коопсуздук Башкармалыгы тарабынан "Шит" деген план иштелип чыгып, бекитилген. Андай пландар ар жылы жаңыланып, эскилери жок кылынып турат...".

Эми, урматтуу депутаттар, менин ошондой эле суроомо 2007-жылдын 19-июлунда Республиканын Премьер-министринин аппаратынын жетекчисинин азыркы орун басары М. Сатыбековдун колу коюлган расмий жооп келген. Ал мына: "Сиздин суроонузга ылайык, 2002-жылы 17-мартта Премьер-министр өткөргөн чогулуштун №31-23 Протоколунун көчүрмөсүн жибердик. Ал чогулушта "Жалал-Абад облусунун

Аксы районундагы элдик пункттардагы оперативдик абалдын татаалданыш" маселеси каралган.

Ошондо Премьер-министр К. Бакиевдин өз колу коюлган токтомдо мындай көрсөтмө жазылыптыр. Анын бир нече пункттарын окуп берейин:

"1. Аксы районунду жаралган кооптуу абалды жакшыртуу үчүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн оперативдүү штаб түзүлсүн, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри:

"Тайфун" (массалык башаламандыкты жөнгө салуу) жана "Буран" (административдик имараттарды коргоо) пландарын аракетке келтирилсин:

Окуя болгон жерге жагдай талап кылынганга жараша, маселе чечүүгө жөндөмдүү (керектүү санда) милициянын атайын тапшырма аткара турган кужүрмөн отряды жиберилсин".

Эми, урматтуу депутаттар, дагы бир үчүнчү расмий жоопко көңүл буруп койгула. Аны 2002-жылдын 4-апрелинде Республиканын мурдагы Ички иштер министри Темирбек Акматалиев 1-1029 номери менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынына жибериптир. Мурдагы министр ал катында "Республиканын Ички иштер министри 2002-жылдын 17-мартында 03-номери менен: "Жалал-Абад облусундагы массалык башаламандыкты жөнгө салуу боюнча" деген буйрук чыгарып, өлкөнүн Премьер-министринде өткөн кеңешменин 2002-жылдын 17-мартындагы 31-23 номерлүү токтомуна жараша Республиканын ички иштер кызматынын өзгөчө отряды, Ички аскер күчтөрүнүн катышуусу менен, "Тайфун" жана "Буран" операциясын ишке киргизүү үчүн Жалал-Абад областына милициянын генерал-майору
К. Садиев командировкага жиберилди. Генерал Садиев Жалал-Абад областынын жана Аксы районунун укук коргоо жана күч органдарынын штабынын жетекчиси болуп дайындалып, Аксы районундагы башаламандыкты жөнгө салуу үчүн ал аймакка (А. Абдыгапаров айткандай, дары-дармек, азык-түлүк эмес – *ред. автор.*) 506 автомат, 193 тапанча жана башаламандыкты басканга жетиштүү өлчөмдөгү ок-дары, ички иштер кызматынын өзгөчө отрядынын жана ички аскер күчтөрүнүн

1521 кызматкери жөнөтүлдү. Буга дейре Жалал-Абад областынын милиция кызматкерлеринин карамагында 50 даана ок өтпөс кемсел, 270 резина таяк, 330 даана калканы болгон"...

О, эзели жамандык көрбөгүр азыркы кыргыздын мыкты чыкмалары, өзүңөр бардык өкмөттүк маалымат каражаттарында билдиргендей, пикетке чыккан 200гө жакын аксылыктарга каршы ушунча көп каруу-жарак менен куралданган дөлөңгүт жөнөткүдөй кара башыңарга эмне күч келди эле? Отузга жакын сакалчан мамлекеттик чек араны бузуп, Баткенге кирип келип, айыл-кыштактардын чаң-тополоңун чыгарганда, булардын бакиси каякта жүргөн? Же чындап эле "менин милициям үйдө баатыр, жоодо жок милициябы?".

Эми булардын баарынан кызык дагы бир төртүнчү расмий документ: Бул Жалал-Абад областынын Ички иштер башкармасынын начальниги К. Токобаевдин Премьер-министр менен министрдин буйругун күтүп отурбай, 2002-жылдын 15-мартында эле **"Тайфун", "Буран" операциясы аракетке киргизилсин** – деген өзүнүн буйругу. Токобаев 17-март күнү Кербен тарапка тынч бараткан элди куралчан тостурганы мына ошо өз буйругуна жараша болгону калппы?

Мунун далилин Башкы прокуратуранын кылмыш ишинин 1-приложениясынын 5, 6 бетинен табууга болот. Мына сага! Он колунун жасаганын сол колу билбеген мамлекет болбосон кое кал!

Бул жерде, урматтуу депутаттар, кан кызытып, сөгүнүп-сөздөнүп, кимгедир бирдекени түшүндүрүп отуруунун кажети жок болсо керек деп ойлойм. Эгерде Б. Ногойбаев мырзанын бүгүнкү катындагы 2002-жылы "Тайфун" жана "Буран" пландары аракетке келтирилген эмес дегенине ишенели десек, анда 2002-жылы 17-18-19-март күндөрүндө Аксыда ким "массалык башаламандыктарды жөнгө салды?" Ким "административдик имараттарды коргоду?" Анда 17-марттан 18-мартка караган түндө жана 19-март күнү аксылыктарды ким кубалап жүрүп атып өлтүрүп, жарадар кылып, ким уруп-согуп, токмоктоп, кыйноого салып сурак жүргүздү? Деги булардын баарын ким жасады? Б. Ногойбаевдин айтканына абай салсак, анда аксылыктар "жылкы теппей, жылан чакпай", бирин-бири

жыга чаап, өз балдарын өзүлөрү өлтүрө атып салышкандай түрү бар. Андай болсо, ал кездеги ички иштер министри Т. Акматалиев Премьер-министрдин К. Бакиевдин **"Тайфун" жана "Буран" пландары "аракетке келтирилсин!"** деген чечимин аткарбай коюуга акысы бар беле деген мыйзам ченемдүү суроо туулат. Балким, өзүнүн түздөн-түз жетекчиси – Премьер-министрдин буйругун аткарбай койгон терс аяк министр өз учурунда кандайдыр бир жазага тартылгандыгы тууралуу расмий маалымат бардыр? Бар болсо, бизге дагы билгизип коюшса сонун болоор эле.

Кечөө жакында эле Президент К. Бакиевдин дагы бир жаңы жандоочусу А. Абдукапаров деген мырза А. Акаевдин заманында жасап жүргөн адатын карматып, жаңы кожоюнун жата калып да, тура калып да жактап жатып, жумурай журтка такталбаган маалымат таратып, Президенттин ансыз дагы агара албай жаткан аброюна көлөкө түшүрүп, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылганын айтпай койсоң деле болот эле. Бирок, 2007-жылдын 24-августунда "МСН" газетасында жарык көргөн маегинде А. Абдугапаров мырза: **"2002-жылдын 17-мартында өкмөт үйүндө болгон жыйындын токтому каргаша болуп өткондон кийин жазылып, Премьер-министр Бакиев мырза дагы кийин, (задним числом) кол койгон"** деп, кожоюндун кирпигине кир жугузбаштын аракетин кылып далбас уруп жүрүп, кимдир-бирөөнүн "чылпагын тазалаймын деп, көзүн чукуп алган" Кемчонтойдун жоругуна окшош иш кылганын кантип айтпай кое алам?

Абибилла мырза, сиз аз жерден Республиканын Баш прокурору болбой калган абдан тажрыйбалуу юрист элеңиз го... Же К. Бакиевдин беделин ылдыйлатыш үчүн атайылап, ушинтип жатасызбы? Мен сизди жакшы түшүнө албай турам...

Артында апат болгон адам өмүрлөрү, кан төгүлгөн каргашасы бар, болочокто козголо турган кылмыш ишинде кылдат иликтене турган мамлекеттик маанилүү документ тургай, жөн-жай эле күнүмдүк иш кагазына деле (задним числом) кол коюп, түзөтүү киргизүүгө таптакыр болбой турганын билчү эмес белеңиз?

Анткени, К. Байболовдун Кылмыш кодексинде **"служебный подлог"** делинип, кыргызчага **"Кызматка**

**арамзалык"** деп которулат экен. Мындай жорук ким тараптан болбосун кызмат кагазына карасанатайлык менен түзөтүү киргизгендик катары бааланып, Кылмыш кодексинин 315-беренесинде... **"Иш кагазына жаман ниет менен оңдоо киргизип, (задним числом) кол койгон мамлекеттик кызмат даражасы өто бийик же орто кызматкер экенине карабай, ошол киргизген түзотүүлөрү документтин мазмунун өзгортүп, же кимдир-бирөөнүн кызыкчылыгын көздогөнго багытталып калса...**

**...Эң аз айлыктын жүздөн эки жүз эсеге чейинки суммасындагы айып төлөп, же үч жылга дейре мамлекеттик жооптуу кызматта иштегенге тыюу салынып, же болбосо эки жылга эркинен ажыратылат",** – деп жазылып турат.

Урматтуу Абдыгапаров мырза, мурдагы Премьер-министрдин мамлекеттик кызмат кагазына арамзалык жасаганын 10,000 нускалуу газета аркылуу жарыя кылып, өзүңүз далилдеп чыккандан кийин, Кылмыш кодексинин 315-беренесинде каралган үч айыптын кайсынысын К. Бакиевдин мойнуна салдырарды өзүңүзгө койдум, алиги биздин балалыгыбыздын ырындагы "Боосу сенде ал катынган жүгөндүн" дегендей, эми ак десеңиз да, кок десеңиз да менин сизде чатагым жок.

Кагылайын журт, мына ушулардан кийин учурдагы кыргыздын мыкты чыкмаларынын кимисине ишенеримди дагы билбей калдым. Өлкө бийлигинде абройлуу-абройлуу орундарды ээлеп отурган аттуу-баштуу чиновниктер жапатырмак жалганчылыкты саясатка айлантып алып, каратып туруп калп айтканын угуп отуруп, тим эле кара жанындан түңүлүп кетесиң.

Жетишеттир эми, мырзалар. Бардык нерсенин чеги болот, башканы айтпай эле коеюн, силер жадегенде таптакыр болгон эмес десем, аша чабаттырмын, кылым карытып айтылып келаткан, кыргызча "калп" айтуунун дагы кадырын кетирип, ышпалдасын чыгара турган болдуңар го, кысталактар.

Милийсасы жалганчы, прокурору алдамчы, соту алардан өткөн шыпыр, ал тургай Премьер-министри дагы

жалганчылыктан жалтанбаган, калп айткандан кайра тартпаган “казаны кайнабастын” өлкөсүнө айланып баратабызбы деги?...

“Элдин баары калп айтып атса, менин алардан эмнем кем эле?” дедиби, айтор, экс-президент Акаев да эл көзүнө өзүн аппапак көрсөтүп, актанып алуу үчүн кыргыз элине кайра-кайра кайрылуу жөнөтүп, Аксыда тынч келаткан элге МВДнын желдеттери ок чыгарган маалда өзүнүн журт сыртында жүргөнүн айтып, ал каргашада кенедей да айыбы жок экенин далилдөөнүн аракетинде. Экс-президент мырза көнгөн адатынча бирде кыйдыланып, бирде митаамданып, ачыгын айтканда, алиге дейре арамзаланып жүрүп, мекендештеринин башын айлантчу “Кыргызбашылыктан” эбак түшүп, Ата Журтунан куулуп кеткенин унутуп калган окшобойбу. 2002-жылдын январь айында Аксыдагы кандуу окуянын “увертюрасы” ойноло баштаган учурда ал кыргыз “Ак үйүнүн” жетинчи кабатында, жылуу-жумшак кабинетинде, өз ордунда эле отурбады беле? Ошол кезде ал бир эле ишаарат же бир ооз сөз менен депутат А. Бекназаровдун айланасында башталган жасалма жаңжалдын акыры кан төгүү менен бүтөөрү белгилүү боло баштаганда, ыйкы-тыйкыны токтотуп койсо болот беле? Албетте, болмок. Ал турсун, “Боспиектеги атуудан” эки ай мурунураак Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруучу жыйынынын депутаттары **“Аксы элинин башына алаамат салганды токтотуу керек”** деп талап койгон кайрылуу катына канааттандырарлык жооп берип иш тутканга толук мүмкүнчүлүгү бар болуучу. Акаев анткен жок, тескерисинче, ал өз үйүндө, өз мамлекетинде бейпилдик болушун каалабагандай түр менен дулдуюп отуруп алып, бирин-бири түшүнгүсү келбей, тирешип турган тараптардын ыйкы-тыйкысынын күчөшүнө өбөлгө түзүп, кандуу кагылышуунун саатын жакындата берди.

Анан каргаша чыккандан кийин деле, анын чыгышына тиешеси бар жан-жөөкөрлөрүн адилеттүүлүк менен жазалоонун ордуна, аларды жоопкерчиликтен куткарып кетүү үчүн мүмкүн болгон, ал турсун мүмкүн эмес аракеттерден өйдө жасап, армансыз кытмырланды. Анын мындай арамза оюу бар экенин өлкөдөгү өтө маанилүү орган болгон Коопсуздук кеңешинин 2 айдан кийин гана чакырылышы эле далилдеп турат. Аксы

окуясынын оту тутанган күндүн эртеси эле Коопсуздук кеңешин чукул чогултуп, тынч келаткан карапайым калкка ок чыгаруу фактысы боюнча тиешелүү жыйынтык чыгарууну талап кылышы керек эле. Анын ордуна, эки айдан кийин чакырылган Коопсуздук кеңешинин жыйынында оозунан көбүк чыкканча өзүн-өзү актаган, бирин-бири жактаган, ал аз келгенсип, Акаевди мактаган сөздөр гана угулуп турду. Акыр аягында окуянын башка айыпкерлеринин бири да жазаланбастан, кызмат орундарын узун-туурасынан алмашуу менен гана чектелди. Ошондо гана биз, карапайым калк, бийликтин бийик тепкичиндеги ойрондордун коррупциянын сазына малынып, авторитаризмдин баткагына батып калганына ынандык.

Кыргызстандын эле эмес, дүйнө коомчулугу өлкөбүздө болуп жаткан окуяны (Коопсуздук кеңешинин ал жыйынынын видеоматериалы менде алигиче сакталуу) өз көзү менен көрүп, өз кулактары менен угуп, республиканын жогорку кызматтарын ээлеген адамдарынын буркулдаган “букалыгына”, арамзалана ойт берген “түлкүлүгүнө” бир эсе таңданып, бир эсе кыжырланганын жашырган жок. Утур-утур ыйлап жиберчүдөй болуп балбалактаган Акаев өзү шакирттерин “алдап-соолап” болсо да, коомчулуктун “мораль” деген абстракттуу түйшөмөл түшүнүгүн канааттандыруу үчүн , “убактылуу” отставкага кетүүгө үгүттөп жатты. Бирок, кожоюндун эмнени каалап жатканын көпчүлүк жан-жөкөрлөрү түшүнө албай коюшту. Ошол кезде алардын тунжураган жүзүнөн “биз баарын эле өзү айткандай жасабадыкпы, эми буга дагы эмне керек?” деген ойду окуса болор эле. А. Акаев менен О. Ибраимов экөөлөп, мурдараак кайсыдыр бир “макулдашуу” ич ара “келишүү” болгонун коопсуздук жыйынынын жүрүшүндө үзөңгүлөштөрүнө этият эскертип, улам нарылаган сайын ачык айтып, Президенттин администрация жетекчиси менен Премьер-министрдин оозунан элдин баары күткөн “отставка” деген сөздү угуунун аракетин канча жасабасын, бул “сыйкыр” сөз чагымда тамагына сөөк тыгылып калган сыяктанып (мага эле эмес бардык телекөрүүчүлөргө деле ошондой сезилген окшойт), алардын оозунан таптакыр бери чыкпай койду.

Министр Т. Акматалиев менен генпрокурор Ч. Абышкаев экөө гана айлалары түгөнгөндө, ооз учунан болсо дагы отставка сурамыш болушту. Ал эми калгандары анын ичинде К.Бакиев да, өз төркүнүн түшүнбөгөн ойноо баладан бетер ийиндерин улам куушурганы эле болбосо, "лям" дегенге кайраты жеткен жок. Кээ бирөөлөрү ошол күнкү жыйындын жөн-жайына деги эле жарашпаганына карабай, кыргыздын "сүйүктүү" жана "теңдешсиз" президенти А. Акаевдин мартабасын бир сыйра мактап жибергенге дагы үлгүрдү. Алардын арасында К. Бакиев дагы бар эле.

Кийин жыйындын аягында "Кыргызбашы" алардын ар бирине сөөмөй кезеп, кызматтан кетүүсүн катуу талап кылганда гана, Президенттин администрация жетекчиси А. Карыпкулов менен Премьер-министр К. Бакиев кызматтан кетүүгө аргасыз болушкан. Мейли, "кетели" деген арызын 2002-жылдын 22-майынын 23-майына караган түнүндө гана көпчүлүктүн көзүнчө эмес, өздөрүнчө калганда жазып берип, анткен себептерин "...Аксы районундагы каргашалуу окуяга байланыштуу..." деп гана чиймелей салышкан. Атаны кокуй арман күн ай, эгерде силердин андай оюңар бар экен, каргаша болгон күндүн эртеси эле арызыңарды жазып, кызматтан кетип калсаңар, бүгүн мен силердин эң башкы коргоочуңар болбойт белем. Силер өз арызыңарды 22-майдын 23-майга караган түнүндө өз эркиңер менен эмес (муну далилдеген, монтаждалбаган видеотасма менде сакталып турат го), Коопсуздук кеңешинин отурумунан кийин жазууга мажбур болуп жатпайсыңарбы... Ооба, "отставкага кетирүү" арызын жазып бердиңер, бирок, бийликтин биринчи, экинчи, үчүнчү тепкичтерин ээлеп отурган бир да бирөөң болуп өткөн окуяга өзүңөрдүн моралдык жоопкерчилигиңер бар экендиги тууралуу бир ооз сөз жазып койгонго жарабапсыңар. Урматтуу мамлекеттик ишмер мырзалар, силердин ушунчалык аргасыз күнкорлугуңарга азыр мен уялып олтурам...

Ооба, видео тасмадан көрүнүп тургандай, мурдагы Премьер-министр К. Бакиев отставкага өз эрки менен кеткен эмес. Аны мурдагы Президент А. Акаев ары түртүп, бери түртүп, зордоп атып араң кетирген. Ага карабай, К. Бакиев 2002-жылы 1-ноябрында "Моя столица" гезитине берген

интервьюсунда келечекте калпычылыгы кармалып каларын ойлобой туруп: "... бул окуя мен кыргыз өкмөтүн жетектеп турганда болгондуктан, мен өзүмдүн бул ишке тиешем жоктугуна карабай, отставкага кеттим. Ал эми бул окуянын жаралышына тиешеси бар, себепкер адамдар алигиче жетекчи кызматтарды ээлеп келатышканы – алардын уят-сыйытынын, ар-намысынын иши..." дейт.

Мен сизди аябай түшүнүп турам, урматтуу Курманбек Салиевич, Аксы окуясы сизди канчалык далбас урсаңыз да, тырмышып чыгып кете албай турган капкараңгы туңгуюкка алпарып такап салыптыр. Чынын айтканда, мындайы да жаман, андайы деле чеке жылытпаган жагымсыз абалда калыпсыз. Бирок, сиз өкүрүп-бакырып минген атын сүрөп көкбөрү тартып келаткан каны суюк шаа мурут улакчы жигит эмессиз да, акылы жетик, элге төбөсү көрүнгөн мамлекеттик ишмер, канткен күндө да өлкөдөгү экинчи адам, Өкмөт башчысы катары, кожоюнуңуз адатынча кылтылдаган күндө да бардык бийликти өз колуңузга алып, карамагыңыздагы кызматкерлер мыйзамдардын так аткарылышын камсыз кылышына жетишүү менен эле чектелип калбастан, жөө тумандай каптап келаткан каргашаны Ата Журтубуздан оолактатып кетүүгө толук мүмкүнчүлүгүңүз бар эле да. Ошол кыйын тарыхый мезгилде сиз кылмыштуу режимге эмес, өз элиңиздин тагдырына жан кейитишиңиз парз эле... Ооба, башка айла жоктой көрүнгөнү ырас, бирок, өзүңүздүн атуулдук позицияңызды жумурай-журтка билдирүү менен ар-намысыңызды гана эмес, мамлекетиңизди да каргашадан аман сактап калуу мүмкүнчүлүгү сизде толук болгон анда. Тилекке каршы, сиз анте албадыңыз, "сүйүктүү ажоңуздун" ыктыярынан чыга албай, кызмат креслосуна жармашкан коркок билиштин ишин жасап, кыңк этпей туруп бердиңиз.

Ооба, сиз "бул окуяларга түздөн-түз тиешем жок" деп атасыз. Андай болсо, өлкөнүн Конституциясында так көрсөтүлгөн ыйгарымдуу жоопкерчилигиңизди кантебиз? Конституциянын 73-статьясында "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Жогорку Кеңешинин компетенциясына

берилген укуктардан башка мамлекеттик башкаруунун бардык маселелерин өзү чечет” деп жазылып турбайбы...

Же:

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Премьер-министринин нормативдик мыйзам актыларынын аткарылышын; мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырууну камсыз кылат;

2) Мыйзамдуулукту, жарандардын укуктары менен эркиндигин камсыз кылуу коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча аракеттерди ишке ашырат.

Өлкөнүн Конституциясынын **52-статьясы** (кандайдыр бир себептер менен) Президент өлкөдө жок маалда Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ыйгарым укуктарынын зоболосу ого бетер өөдөлөнөт. Анда “...Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн милдетин аткара албай калган учурларда... ал милдетти Кыргыз Республикасынын Премьер-министри аткарат” деп көрсөтүлүп турбайбы...

Анан анда, урматтуу Курманбек Салиевич, А. Акаев “Аксы каргашасы” маалында республикада болгон же болбогонуна карабай, 2002-жылы 17-мартында өткөрүлгөн өкмөттүк жыйында “Тайфун” жана “Буран” пландарын аракетке киргизүү боюнча токтомго сиз кол коюп отурбайсызбы. Эми аны кантебиз? Сиз өз каалоңуз боюнча отставкага кеткениңизди эле айтып келатасыз, Коопсуздук кеңешинин отурумунда сиз өз эркиңиз менен отставкага кетишиңизди ал жыйындан жазылып калган видеотасма төгүнгө чыгарып атканын кантебиз? Анда, урматтуу мекендештер, деги чындык деген кайда?! Эмне үчүн биздин мамлекеттин жетекчилери ушунчалык уятсыздыкка малынып, бири-бирине, жумурай-журтуна, ыгы келсе да, келбесе да оңду-солду калп айта беришет?

Алардын жалган айтмай “адаты” Аксы коогаланы болуп жаткан күндөрү өзгөчө оркое түшпөдүбү. Мисалы, 2002-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри Т. Акматалиев менен өлкөнүн Баш прокурору

Ч. Абышкаев Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын отурумуна келишип, региондо тузүлгөн абал боюнча элге, коомчулукка объективдүү чындыкты айтуунун ордуна, милиционерлерге "жамгырдай жааган" таш, прокурордун башын балжа-булжа кылган темир арматура, мергенчинин мылтыгы менен райондун акимин "атакалаган" мас адамдар (кийинки тергөө иштери анын баары жалган экенин далилдеди) жөнүндө укмуштуудай дезинформация, ушак-айың таратышты. **(Кыргызстандын Кылмыш кодексинин беренелерине, ал турсун Т. Акматалиевдин 2002-жылдын 18-мартында Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынында айткан жеке пикирине жараша, жалган маалымат таркатуунун кесепети тийип, аягы адам өмүрүнүн кыйылышы менен бүткөн каргаша чыгарганы үчүн булар сөзсүз жоопко тартылышы керек).** Ошондо бул эки мырза эң биринчи кезекте **куралсыз келе жаткан элге каршы ок чыгарып каруу-жарак колдонулган фактысы"** боюнча кылмыш ишин козгоону камсыз кылса болмок. Бирок, тилекке каршы бул мырзалар аны жасашкан жок.

Дал ошондуктан, бүгүн мен республиканын укук коргоо, прокуратура, сот органдарынын мыкты чыкмаларына учурап калсам, итиркейим келе түшөөрүн жашырбайм. Алар ошондой опурталдуу кырдаалда өздөрүнүн эң башкы милдети: укук мейкиндигинде акыйкаттыкты сактай турган чечкиндүү кадам таштай алышкан эмес. Андай кадам жасоого аракет жасалганда да, өтө оркойгон катачылыктарга, кылмыш фактыларын өз каалоосундай калчаган тергөөчүлөр менен прокурорлор жалаң күноосүз адамдарды камакка алып, каргашанын чыныгы себепкерлерин А. Акаевдин колуна салып берип, кожоюн аларды министрлик же андан да бийик орундарга отургузганын натыйжасында, өлкөдө "бузук телефон" оюну күчөп, бийлик бирди айтып, коомчулук башкача угуп, чындыкка жакындабаган уу-дуу ого бетер күчөгөн.

Мындай "бузук телефон" оюну бүткүл Кыргызстанды кимдир бирөөнү ачкычы жок автомашинанын моторун от алдырууга, же аны алдыңкы же арткы дөңгөлөктөрү жок өйдө-төмөн айдоого мажбурлагандан айырмасы жок, "кыйшык" кырдаалга дуушар кылды. Мына ушундан улам мен Аксы

капсаланынын бардык материалдарын чогултуп туруп, кайсыдыр бир эл аралык аскер трибуналына өткөзүп бергенден башка натыйжалуу жолун таба алган жокмун. Чынында эле, мен кыргыздын мындай маскара кылмышын, биздин "былык-чылык" оору, "түндүк-түштүк" кеселибизге чалдыга элек бөтөн эл, бөтөн жердин калыс адамдары, профессионал юристтери тергеп-тескеп, жыйынтык чыгарып бергенин туура көрүп турам.

Жанын жеп жалган маалымат тараткандардын тегерегиндеги дагы бир мисал. Ошол кездеги бийлик төбөлдөрү "жаш милиционерлер коркуп кетип, каптап келаткан эл тарапка автоматтан ок чыгарып жиберишиптир" деп жанталашпадыбы. Эми элестетип көрүңүздөрчү, элдин деминен үрөйү учкан жаш милиционерлер көпчүлүк тарапка автоматтан бир ирээт ок жаадырып өттү деп эле коелу. Андай болсо, автоматтан чыккан ок Боспиектин жанындагы жол менен төрт-төрттөн сапка тизилип келаткан элдин эң алдыңкы катарындагы аялдар менен аксакалдарды чалгы чапкан чөптөй жыгып, кыйратып кетпейт беле?

Милициянын өздөрү тартып алган видеоматериалдардан ачык көрүнүп тургандай, бет маңдайдан атылган автоматтын огу эң алдыңкы катарларда келаткан чалдар менен кемпирлердин, келиндер менен кыздардын бир да бирине тиймек түгүл, денесин чийип өткөн эмес. Эмнегедир ок бешинчи, алтынчы катарда келаткан жаш жигиттердин төшүнө же курсагына да тийбестен, так маңдайына тийип атпайбы... Демек атайылап, мээленип туруп атылган. Жашарынып жаткан киши аткыч "мергенчилердин көзүнө ал жаш жигиттер кекиртегине чейин куралданган милициянын бир ротасына каршылык көрсөтсө, тополоңун тоз кыла турган баатырлардай болуп көрүнгөндүр. Коркуп кеткен жаш милиционерлер, балким, автоматтарынан асманды коздөй ок чыгарышы деле мүмкүн, ал эми анын тарса-турс, ызы-чуусунан пайдаланып, алдын-ала даярдалган, киши аткыч мергенчилер солк этип койбостон, **З. Кудайбергенов, Т. Акматалиев, А. Карыпкулов, О. Ибраимов** өңдүү жана ошолорго окшогон аткаминерлер менен алардын кожоюнунун каалаганын аткарып, кычуусун кандыра турган ишти жасашкан.

Албетте, бул жерде карапайым калкты атууга даярдык көрүлүп жатканын мамлекеттин туткасы, бүткүл кыргыздын “раиси” А. Акаев билгенби же жокпу деген суроо туулушу мүмкүн. Буга мен депутат Д. Садырбаев өзүмө тиешелүү инсандык жоопкерчилигим менен “билген” деп жооп бере алам. Ооба, А. Акаев баарын билген! Билмек турсун, андай иш аткарылуучу күн менен саатты чыдамсыздык менен күтүп отурган. Анткени, ал кайда жүрбөсүн, качан болбосун, ыйгарым укугуна ылайык өлкөдөгү ар бир орчундуу, орчунсуз окуянын ийнесинен-жибине дейре кабардар болгон. Ал 2002-жылдын 10-январынан 17-мартына чейинки, андан кийинки окуялардын жүрүшүнөн толук маалымат алып турган. Жакындап келаткан алаамат жөнүндө ага Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын айрым депутаттары, УККнын төрагасы
**К. Иманкулов** түздөн-түз, республиканын Баш прокурору
**Ч. Абышкаев** Коопсуздук кеңешинин катчысы
**М. Ашыркулов** аркылуу, Жалал-Абад облусунун губернатору **С.И. Урманаев** Президенттин администрация жетекчиси **А. Карыпкулов** аркылуу, Жалал-Абад облусунун ИИБ начальниги **К. Токобаев** ИИМ министри **Т. Акматалиев** аркылуу үзгүлтүксүз билдиришип, кандай калайман болушу ыктымалдыгын кайра-кайра эскертип турушкан. Ушулардын баара документалдуу далилденген жана Баш прокуратуранын №50-07-47 кылмыш ишинин папкесинде тиркелүү бойдон сакталып турат.

Булар аздык кылса, урматтуу депутаттар, анда менин депутат катары 2002-жылы 10-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынына заседаниесинде өз коллегаларымдан, мамкатчы
**О. Ибраимовдон,** Коопсуздук кеңешинин катчысы
**М. Ашыркуловдон** кайра-кайра өтүнүп, мамлекет башчысы
**А. Акаевге** менин **“Аксылыктарга болгон кысым токтотулсун, антпесеңер кан төгүлүп кетиши мүмкүн”** деген кооптонуумду жеткирип коюуларын талап кылганым бар. (Ошондогу сөзүм Жогорку Кеңештин архивинде алиге дейре сакталуу).

Угушкан жок. Атаганат десеңчи. Эгер ошондо кулак кагып коюшканда, бүгүн мен “Аксы окуясына“ кайра кайрылып,

күнөөлүүлөрдү мыйзамдуу жазалоо талабын коюп, алыс-жакынга жаман көрүнгөндүн ордуна, Ата журттагы күнүмдүк турмуштун өтө зарыл башка проблемалары жөнүндө сүйлөйт болчумун.

Эми, урматтуу мекендештер, Аксы районунда тынч өтүп жаткан митингди атууга даярдык көрүлүп жатканын мамлекет башчысы, жогорку кызматтагы адамдар билбей калышкандыгы жөнүндөгү айтылып жүргөн “жөө жомокко” эмне үчүн ишенбей турганымды дагы түшүндүрүп берейин... Анткени, мындай иштер ааламдын бир дагы өлкөсүндө, деги эле таптакыр эч кимге кадыры жок делинген мортө-шөртө биринчи жетекчисинин дагы уруксатысыз жасалбайт. Ал билмейин, ал уруксат бермейин, эл эмне болуп калыптыр, там аркасында жайылып жүргөн тооктор тарапка токмок шилтенип, ок чыгарылбайт.

Мисалга, мындан 45 жыл илгери Новочеркасск шаарындагы митингге кантип ок атылганы жөнүндө жакында **“Совершенно не секретно”** гезитине жарыяланган архивдик материалдан үзүндү окуп берейин. “... Кийинки күнү чогулган көп эл кызыл байрактарды, Лениндин сүрөттөрүн жана “эт, май, айлыкты жогорулатуу” боюнча чакырык-лозунгдарды көтөрүп, биерге келишкен СССР компартиясынын Борбордук Комитетинин президиум мүчөлөрү Фрол Козлов, Анастас Микоян, Андрей Кириленко, Дмитрий Полянский, БКнын катчылары Леонид Иличьев жана Александр Шелепиндер отурган Новочеркасск шааркомунун имаратын көздөй жөнөштү.

Демонстрацияга чыккандар жер-жерлерге тизилип коюлган милициянын, аскерлердин саптарын бузуп өтүшкөнүн уккан ошол мезгилдин партжетекчилери да кыргыз аткаминерлерине окшоп, “коркуп” кетип аскер шаарчасына кире качышып, жоокерлердин далдаасына жашынышат. Ал аңгыча партжетекчиликтеги жана мамлекеттеги экинчи адам, дүйнөлүк масштабда деле жетишерлик деңгээлдеги таанымал саясий ишмер Ф.Р. Козлов өлкө башчысы Н. Хрушевдон “элге ок атууга” (телефон аркылуу) уруксат алган соң гана митингчилердин канын төгүүгө макулдук берген... Кызыгы бул жерде да милиционерлер менен жаш жоокерлер асманды карай ок чыгарып, көп кабаттуу үйлөрдүн үстүнө жашырынган киши

аткыч мергендер митингге чыккан жигиттерди чекеге атышкан...

Bоспиекте да ушундай болду. Кыргызстандагы кан төгүүнүн Новочеркасскиден айырмасы, күн мурунтан координациялык жана оперативдүү штабдар түзүлүп, кекиртегине чейин куралданган укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин өзүлөрү демонстранттардын алдын торой тосуп чыккан. Андыктан, Боспиектеги элге ок атуу буйругун кожоюндун уруксатысыз Жалал-Абад облусунун ИИБ начальниги, жанагы К. Токобаев деген неме эмес, кылымга тете жашап отко салса күйбөгөн, сууга салса акпаган Анастас Микояндын өзү болсо дагы да бере алмак эмес.

Урматтуу мекендештер, Аксыдагы кайгылуу окуяда
А. Акаевдин гана эмес, анын айланасындагы жан-жөкөрлөрүнүн колдору дагы кара кочкул канга боелгонун айта келгем, азыр дагы айтып жатам, мындан ары дагы айта бермекчимин.

Акаев жана анын жан-жөкөрлөрү татыктуу жазасын алмайын, мындан ары деле Кыргызстандын жарандары өлкөдө өтө катуу кылмыш жасагандар акыйкат жазаланаарына ишене турган түрү жок. Андай акыйкаттык болбогон жерде, калыстыгы жок элде кайрадан А. Бекназаров, Б. Эркинбаев,
Б. Асанов, Д. Чотонов өңдүү тайманбас уулдар баш көтөрүп чыгып, кайсыдыр бир “катын гейтти” шылтоолоп, мамлекетибизде дагы бир жолу “бука” төңкөрүшүн уюштуруп жибериши да ыктымал.

Ыңкылаптын артынан жасалган ыңкылапты кыргыз эли, кыргыз мамлекети көтөрө алабы? Менимче, көтөрө албайт. Анда эмне кылуу керек? Бир гана жол – мыйзам диктатурасын орнотуу керек! Ар бирибиз: Президент же фермер, депутат же дыйкан, министр же имам, аял же эркек тургай, сайпана кызтеке, эркек чалыштан өөдө мыйзам алдында бирдей жоопкер болууга тийиш.

Эгер биз элдин каада-салты кадыр-барктуу мамлекетте жашагыбыз келсе, анда азыртадан баштап “Аксы окуясына” түз же кыйыр тиешеси бар адамдарга каршы, кызмат абалына, жаш өзгөчөлүгүнө, жыныстык белгиси менен улутуна, ал эмес, диний ишенимине карабай туруп, кылмыш ишинин козголушун

талап кылышыбыз керек. Аларды күнөлүү же күнөлүү эмес деп табыш – соттун иши.

Биз улуттун Конституциясына “мыйзам алдында баары бирдей” деген түшүнүктү бадырайта жазып алып, 16 жылдан бери ошол эреже менен жашагансып келатабыз. Бул түшүнүк бардыгын кучагына алып, өзүнө конституциялык, укуктук, жарандык, моралдык аспектилерди да камтып турат. Бул деген – толуп-ташып, татыктуу жашоонун айныксыз эреже булагы. Мына ушуга байланыштуу биздин мамлекетибизди аыйкпас дарттын шишигиндей болтоюп, коколоп, жашоо-тирилигибизди ичтен иритип келе жаткан бир, **“артыкчылык”** деген көйгөйү мол көрүнүш тууралуу айта кетпесем, сөзүм өксүп калганы турат.

**“Артыкчылык”** – кыргызстандыктардын башынан кетпес балакетинин бирден бир булагы. Менин оюмча, калкыбыздын кайсыдыр бир бөлүгүнүн тырнактай болсо да жанагы, **“артыкчылык”** – деген каргашалуу нышан менен жашоого жанталашкандыгында. Өзүн башкалардан өөдөрөк санап, кудайдын эрке талтаңы катары сезип жашоо деле күнөө болуп эсептелсе керек. Атам заманынан бери орто сары делинген кыргыз “нан жебесем деле мейли, о, кудай, эгер сен мени пендем деп эсептесең, анда мага кур дегенде бир кишиге чочондоп, чоңдук кыла турган, чокой боолук болсо дагы кызмат бере көр” деп тилек кылат. Менин гана өзөктөштөрүмө тиешелүү мындай үргүлжү үмүт кыргыздын паракорлугу менен кошоматкөйлүгүнүн, келжеңбайлыгы менен мыкаачылыгынын, акмакчылыгы менен анткорлугунун, койчу, башка дагы толуп жаткан көрпенделик кемчиликтеринин дагы булагы болуп саналат.

Өзүңөр жакшы билесиңер, урматтуу журт каймактары, жадегенде кудайдын элчиси делинген Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммед пайгамбарлар да өздөрүнүн жасаган иш-аракети үчүн Кудай алдында, өз жарандарынын алдында жоопкер болушкан. Ал эми азыркы кыргыздарга деги эле эч кимдин, жадегенде, кудай алдында да жооп бербей турган абсолюттук жоопкерчиликсиз артыкчылыгы бар кызмат таап берүү керек болуп атпайбы кашайып... Азыркынын тили менен айтканда, **“кол тийбестик иммунитетин”** жамынып алып,

экономикалык оор кылмыш жасаганды мындай кой, адам өлтүрсө дагы эч кимге жооп бербеген бийиктен-бийик бейиштин төрүндө гана жашагысы келет.

Бүгүн биз кеп кылып отурган коллегабыз С. Урманаевдин депутаттык кол тийбестиги дагы – азыркы кыргыздардын каалоо тилегинин, кыялдануусунун туу чокусу экени дагы айныксыз чындык.

Өткөн тарыхыбызга кайрылсак, килейген Совет өлкөсүнүн оодарылбас-чайпалбас кадыр-баркына эң алды анын коммунист жетекчилеринин ар кандай **"артыкчылыктарды"** орунсуз пайдаланып ийишкени, элдин нааразычылыгын күчөтүп, империяны туңгуюкка көмөлөтө түрткөнү, бүгүн эч кимге жашыруун сыр эмес...

Ооба, эли да аз, жери да чакан биздин кичинекей мамлекетибизде эч нерсеге жооп бербес "артыкчылыгы" бар, чың тийбес адамдар соңку мезгилдерде өтө көбөйүп кетти. Анын ачык мисалы – Аксы каргашасына түздөн-түз же кыйыр тиешеси барлардын бир да бирөө жазаланбай, алиге дейре эркиндикте тайраңдап жүргөнү... Учурда кыргыздардын арасынан өзүлөрүн Далай Лама же пайгамбарлык мындай турсун, жарым кудай да эмес, **"нака кудай"** санагандар көбөйүп баратат.

Кичинекей Кыргызстан үчүн мындай **"нака кудайлар"** өтө көптүк кылбайбы? Өздөрүнүн ар кайсы дин ишенимине карабай, адамдардын аң-сезиминде бир гана Кудай бар. Ал – **Алла Таала.** А бизде болсо, өзүлөрүн **"нака кудайбыз"** дегендер көбөйүп эле баратат. Азыркы Кыргызстанда өзүн куду ошондой кудай санагандардын эсеби 500гө чамалап калды. Дагы көбөйүшү мүмкүн. Так санын билген эч ким жок, мен ал билбейт экенмин. Бирок, менин билгеним – ушу 500 **"нака кудай"** биздин арабызда, биз менен күндүн жарыгы, аба менен сууну тең бөлүшүп жашап турганда кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бырын-чырыны чыгып, кыргыз улутунун жер бетинен тыптыйпыл болуп кете турган күнү, секунд сайын, мүнөт сайын, ушунчалык зор ылдамдык менен азыркы Ата Журтубузга жакындай бермекчи.

Эгер билсеңер, мен мамлекетимдин мындайча талкаланып, элимдин мындайча жок болуп кетишин таптакыр каалабаймын,

силер деле ошентет болушуңар керек. Анда келгиле, урматтуу эл ишеним артып тандап алган жакшылар, жабыла добуш берип укук талаасынын чегинде, асмандап кеткен андай "мутанттарды" жерге түшүрүп, өздөрүнө өздөрү берген **"нака кудай"** деген статустарынан ажыратып салалы. Муну үчүн биз болгону мыйзам жолу менен.

**Мурдагы жана азыркы Президенттерди кол тийбестик иммунитетинен ажыратуу керек.**

**Жогорку Кеңештин депутаттарын дагы кол тийбестик иммунитетинен ажыраткан абзел.**

**Бардык деңгээлдеги сотторду (мунун ичинде Конституциялык соттун мүчөлөрүн да) кол тийбестик иммунитетинен ажыраткан туура.**

**"Манас" аэропортунан орун алган "Ганси" авиабазасынын аскерлеринен кол тийбестик иммунитетти алып салуу өтө зарыл.**

**Кыргызстандын бардык территориясында иштеп жүрүшкөн "Ага-Хан" фондунун бардык кызматкерлерин кол тийбестик иммунитетинен ажыратуу абдан туура болот.**

Ал эми депутаттык кол тийбестиктен, кадырлуу коллегалар, эч кимдин мажбурлоосун күтүп отурбай, баарыбыз чогуу, өз эркибиз менен баш тартууну сунуш кыламын.

Ак ниет, татыктуу адам, принципиалдуу депутатты эч бир диктатордун зордук-зомбулугу эң ашып кеткенде майыштырышы мүмкүн, бирок, биротоло сындыра албайт. Ага А. Бекназаровдун окуясын, же менин өзүмдүн келишпес оппозицияда жүргөн жылдарым мисал боло алат. 2000-2005-жылдардагы депутаттык милдетти, кол тийбестик иммунитетим жок эле аркалап жүргөн кезде мен Президент А. Акаевдин өзүнө, анын желдеттерине бир жолу дагы бүгүлүп кошомат кылбай эле, элдешпес оппозиционердин "кужүрмөн" күзөтүндө бекем турсам да, эч нерсе кыла алышкан жок, сиздер көрүп тургандай, типтирүү бойдон, аман-эсен эле жүрөмүн.

**Эгерде кимдир-бирөө кайсыдыр бир артыкчылыктын караанына далдаланмайын өлкө башкара албаса, же кол тийбестик иммунитетисиз өз шайлоочуларынын кызыкчылыгын жактаганга жарабаса, же "мантия" деген кара чапанын жамынмайын башкалардын кылмыштуу**

**кылык-жоругуна баа бере албаса, анда алар Президент да, депутат да, сот болуп иштеп эч кимди, эчтекени жарыта албайт.**

Андан көрө өзүнүн жүздөгөн, миңдеген, миллиондогон замандаштарына окшоп саясатка аралашпай, өлкө башкарам деп өзүн да, эли-журтун да убара кылбай, ыгы жок оолуга бербестен, кысар жерин бек кысып, эл катары тирилигин кылсын. Ошентсе, эч кандай ишке кыпчылбай, маанилүү маселелер башын маң болбойт. Эгерде ага болбой эле жулуна бере турган болсоң, анда кол тийбестик иммунитетисиз эле, элиң менен жериңе жакшылыктын жарыгын чачып, ак ниет, чынчыл жана калыстык менен кызмат кылышың парз. Ал эми сенин заманыңа кандай эмгек сиңиргениңе, өзүң эмес, мезгилиң менен замандаштарың татыктуу баасын бербей койбойт.

**Урматтуу депутаттар!**

Бүгүн биздин колубуздан баары келет, керт башыбыздан иммунитет-артыкчылыктарды алып салгыбыз келсе, алып салабыз. Өлкөдөгү кайсыдыр бир шиши толгон мамлекеттик мансапкорду кызматынан кетирүү керек болсо, аны да кетире алабыз. Мындан да күтүлбөгөн чечимдерди кабыл алуу түгүл, өзүбүздү-өзүбүз таратып жиберүү да колубуздан келет. Бирок, мунун баарын 2005-жылкы депутаттык ат салышууларда шайлоочулардын ишенимине ээ болбой , экинчи, үчүнчү... он үчүнчү орундарга араң жетип, парламенттин ыйык имаратын сыртында калгандар, кийинчерээк ар кыл жолдор менен аким, губернатор, министр, ал турсун Президент болуп алгандар деле эмес, биз өзүбүз гана чечишибиз керек.

Чынымды айтсам, өз учурунда депутат болуп шайлана албай калышып, бүгүн көчө-көйдө, алтын сарай менен маданий жайлар, сейил бактардын кире беришине, пивоканалардын жанындагы акча төлөп кире турган ажатканалардын туурасына туруп алып, каңгып калган карышкырча улуп-уңшуп, күнү-түнү, асман ачык же жамгыр жаап жатканына карабай, ач айкырык-куу сүрөөн салып, “парламентти таркатуу керек эле, таркатуу керек” деп озондогондорду көрсөм, баштагыдай күлбөстөн, боорум ооручу болду.

Мындай “оолукма демократтардын” жаагын биротоло жап кылуу үчүн мен, Кыргыз Республикасынын Жогорку

Кеңешинин депутаты Дооронбек Садырбаев, бүгүнтөн баштап өзүмө бардык кол тийбестиктерден, анын ичинде депутаттык иммунитетимден да баш тартамын деп расмий түрдө жарыя кылам жана мындай чечимимен келип чыккан бардык жоопкерчиликти өз мойнума аламын. Кайсы тергөөчү, кайсы прокурор, кайсы сот, кандай айым, кайсы жерге чакырбасын, кыңк этпестен жетип барып, сөзүм мененби, ишим мененби мыйзамга ылайык келбеген жорук-жосунумду мойнума койсо, колум менен жасаганды мойнум менен тартканга даярмын.

Тебетейди көккө ыргытып кубана берсеңер болот, прокуро мырзалар, чоң-кичине начальниктер, "сотпуз" деп созула сүйлөгөн арык-семиз айымдар, депутаттык милдетти аркалаган 15 жылдын аралыгында көпчүлүгүңөрдүн көңүлүңөргө көк талкандай тийгеним бар. Мындан ары да ошондой эле жашап, ошондой эле иштеп, ошол багытымдан айныйын деген оюм жок. Эми силердин дагы кезегиңер келди. Мен мурдагыдай эле, кайсыдыр бир артыкчылыкты жамынган жокмун. Мындан ары каргасыңарбы, кузгунсуңарбы, мага баары бир, эми ачыктан-ачык бетме-бетке чыгып менин башыма алааматты салсаңар болот. Колуңардан келеби, тиреп турган асманыңарды таштап ийгиле. Мына качканым жок, шашканым жок, Аккуладай азынып, алдыңарда турамын.

Сөзүмдүн бул бөлүгүндө, урматтуу депутаттар, баарыңарды бу "караан калгыр" кол тийбестикке жанталашып жармашпоого чакырам, андан көрө ар кимибиз жеке өзүбүздүн, элге-журтка өрнөк болоорлук жүрүм-турумубуз менен Ата Мекенибизди, Кыргыз Мамлекеттүүлүгүздү сактап калалы! Кыргыз улутунун урмат-сыйга бөлөнө турган **улуулугун улайлы.**

Урматтуу мекендештер!

Цивилизациялуу өлкөлөр мезгилдин бир мезгилинде, жылдардын бир жылдарында жазатайып жалпы улуттук трагедияга кабылып калса, бийликтин аттуу-баштуу адамдары эч кимди түрткүлөтпөй эле бардык жоопкерчиликти өз моюнуна алары бышык.

Өзүнүн жеке аброю же бийлигинин кадыр-баркы берген мүмкүнчүлүгү аркылуу жагдайды жакшыртуу, каргашаны ого бетер ырбатып ийбей, болгон иштин кыртышына жараша чара көрүү – мамлекет башчасынын бирден бир ыйык милдети.

Албетте, президенттер мындай учурларда отставкага кетпейт, бирок, өлкөнүн бейпилчилигине зыян келтирген тармактарды тейлеген жана ага жооптуу чиновниктерди сөзсүз түрдө кызматынан четтетип, жана башка мыйзам алкагындагы жаза-чараларын колдонот.

Өлкө масштабында кандайдыр бир каталыктар кетирилсе, анда каадалуу мамлекеттерде Өкмөт башчылары эмне кыларын биз жакшы билебиз. Жакында эле Япониянын коргоо министри мекендештеринин улуттук аң-сезимине шек келтирчү сөздү айтып аламын деп, тилинин азабын тартып, кызматынан өз эрки менен отставкага кетүүгө аргасыз болду. Мындан бир нече жыл илгери Түштүк Кореянын шаарларынын бириндеги кайсыдыр бир көпүрө кулап түшүп, аны менен өтүп бара жаткан машинелер кошо кулап, ондогон адамдар курман болгон. Көпүрөнүн курулушуна деги эле тиешеси жок, бирок, көпүрө кулаган кездеги транспорт министри менен шаар башчысы өз эрки менен отставка сурап, кызматтарын өткөрүп беришкен. Чындыгында, бул көпүрө алар жарык дүйнөгө жаралардан бир нече жыл илгери курулган көпүрө экен.

Албетте, каргашалуу окуялар телегейи тегиз же капшыты бүтүн мамлекеттерде деле болушу мүмкүн, болуп деле жатат. Мындай учурда цивилизациялуу өлкөлөрдө канткен күндө да цивилизациялуу мамиле жасалат. Бирок, мен бул жерде, урматтуу депутаттар, Аксыдагы элге ок атуу Президенттин өзү, анын үй-бүлөсү жана анын арыгын чапкан жан-жөкөрлөрү тарабынан атайылап уюштурулган, башкача айтканда, анын күн мурунтан пландаштырып, ырааттуу жүргүзгөн саясаты болгондугун баса белгилеп кетким келип жатат.

Андыктан, ал Президент жана анын үй-бүлөсүнүн бийлиги, кийин кимдин саясий заказын аткарып, мындай ылыгышкан кылмышка катышкандардын баарын дебейин, жалгыз жарым болсо дагы, кимдир-бирөөнү жазага тартып соттотушу мүмкүн беле? Мамлекеттин үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааттык башкаруу бийлигине өзүнүн жан-дили менен берилгендигин, бийлик эмнени жасабасын, аны кош колу менен колдой тургандыгын билгизүү үчүн кожоюндун көзүн карап, көргөзгөн жерин эчтеке калтырбай жалаганга даяр, мамлекеттик жогорку кызматтардагы чиновниктер обу жок кошоматкөйлүгү менен

окуяны ого бетер курчутуп отуруп, акыр аягында каруу-жараксыз митингге чыккандарды уруп-токмоктоп, таркабай койсо, ок атууга чейин барышты. Кыргыздын Ата-Бабасынан калган мурастуу менчиги Үзөңгү-Куштун 90 миң гектар жерин Кытайга өткөрүп берүүнү жалгыз өзү чечип салган Президентти сындоого батынган Жогорку Кеңештин депутаты А.Бекназаровдун артынан Президент менен анын үй-бүлөсү сая түшүп, ырайымсыз куугунтукка алышына эл чыдай албады, карапайым калктын моюнуна минип, бутун салаңдатып алган Акаевдин бийлигинин эрке талтаңдарынын жоругуна кыжырданган жарандар наразычылыктарын жүрүш, пикет, митингдерди уюштуруп ачык айтып чыкты. Итиркейи келгенин жашыра албаган үй-бүлө жакын санашкан үзөңгүлөштөрүнө эл депутатын жазалоону ойлонгула, ага компромат таап, ишин соттоого чейин жеткиргиле деген саясий заказ жасагандан кийин, А.Бекназаровдун Токтогул районунун прокуратурасында жети жыл мурда терген (баарынан кызыгы ошол иштин жабылганын тастыктап, кол койгон райондун, областтын алар тургай, Республиканын Баш прокурорунун ысымдары бир жерде да аталып койгон эмес) жабылып калган ишин көтөрүп чыгышып, кырынан кыйкым издей башташты. Бат эле бул иш боюнча арыздануучуларды, айгакчыларды, аткаруучуларды кызылдай акчага сатып алышып, тергөөчү, прокурорго өзгөчө тапшырма тагылып, А. Бекназаровго каршы кылмыш ишин ачышты. Аны ары сүйрөп бери сүйрөп атып, кечээки А. Акаевдин бийлигинин эң иштерман тергөөчүсүнүн өзүн түрмөгө салып (кийинчерээк түзүлгөн мамлекеттик комиссия А. Бекназаровго каршы козголгон кылмыш ишинин негизсиз экендигин аныктап кеткен), А. Бекназаров аркылуу кыргыз журтчулугунун асманын караңгылатып, тике карап, тикенектүү сүйлөп койгондордун “акесин таанытуунун” амалын кылышты.

Менин билишимде, депутат А. Бекназаровго кастарын тигип, карасанатайлык менен ойлонуп табылган дал ошол кылмыш иши келечектеги кылдат иликтеп-тергөөнүн негизги материалы гана болбостон, Акаевдин үй-бүлө, жек-жаат, куда-сөөгүнүн башкаруу режими Кыргызстандын бардык бийлик бутактарынын чып-чыргасын коротпой, өзүлөрүнө баш

ийдирип, кыбыр эткендин бакисин жеке менчигине басып алуу максатында, аксылыктардын башына салган алаамат аркылуу бүткүл кыргыз элинин жүрөгүнүн үшүн алуу далалатынын багыттуу даярдыгынын далили болуп эсептелиниши керек.

Дагы башка фактыларга кайрылалы. Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, эгер үй-бүлө Кыргызстандын элин коркутуп-үркүтүп, алардын жарандык укугун талашып, өз үнүн өзгөчө пикирин билдирген, же ойлордун ар түрдүүлүгү менен эсептешүүгө чакырган сыяктуу демократиялык талаптарын токтотмокчу болгон өзүнүн жалпы планына К. Букееваны (окуя башталаардан жарым жыл мурун 2001-жылы) киргизбесе, Токтогул районунун акими К. Паязов мырза, же ошого окшогон дагы башка улук эл ичиндеги эсепте жок, айылдаштары айткандай, арактан оозу бошобогон, бир, сайда саны жок аялдын менчик квартира сатып алышына кызыкдар болуп, мамлекеттин эсеби же өз чөнтөгүнөн ири суммадагы нак акчаны берет беле?...

Эгерде андай “арамзалыгы арбын иштин жалпы планы” болбосо, аракечтиктен башка кылган ишинин дайыны жок, эт менен челдин ортосундагы аялга райондун прокурору Р. Сатаров мырза өз жанынан акча чыгарып, аны азык-түлүк менен камсыз кылып, жардамчысынын жеке менчик машинесине эки бир тууганы менен К. Букееванын салып алып, Бишкекке сейилдетүүгө алып келет беле? (Деги, урматтуу мекендештер, кандайдыр бир өзгөчө кызыкчылыгы болбосо, кайсы прокурор же тергөөчү кайсыдыр бир кылмыштын деги эле туруктуу сөзү жок айгагын өзүнүн жеке менчик машинесине салып алып, ага шоопур болуп кызмат кылганын укканыңар барбы?) Мен уккан эмесмин. Анан, аларды Бишкектеги кымбат баалуу “Ысык-Көл” мейманканасына жайгаштырып, “материалдык жардам көрсөтүүлөрүн” өтүнүп, Токтогул районунан шайланган депутат, укук коргоочу Т. Уметалиева жана ОБСЕнин өкүлдөрү менен жолугушуусун уюштургудай, райондун прокурору менен анын жардамчысы, мамлекет кызматынан сырткары дагы “совместитель” болуп филантроп Соростун кайрымдуулук фондусунда иштешчү беле? Ушулардын баары материалдык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен акимиатка кайрылуу, мамлекеттин эсебинен ири

суммадагы акча бөлүп берүү, Токтогул шаарчасынан сатылып алынган жаңы квартирага Торкенден көчүп келип кирүү анан ошол эле күнү Бишкекке жетип келип, өтө керектүү жана чоң кызматтагы адамдар менен жолугушууларды өткөзүү, ушунун бакиси бир күндүн ичинде, тагыраак айтканда, 2002-жылдын 23-январында болгонуна, алиге дейре акылым жетпей айрантаңмын. Эгерде айыпталып жаткан адам А. Бекназаров болбогондо, ал эми ага айгак түшкөн К. Букееваны мамлекеттеги эң жогорку кызматтын бирин ээлеген Президенттин администрация башчысы А. Карыпкуловдун дал өзү канатынын астында калкалап турбаганда, Токтогул районунун акими, прокурору, прокурордун жардамчысы жана областтык деңгээлдеги аркыл-аркыл чиновниктер ал аялга кулундай кызмат кылып, көзүнүн кареги менен тең айланып турат беле? Кыскасы, мунун бардыгы кожоюндун кирпигинин кашына жараша пландуу түрдө жүргүзүлгөн, мындай "генералдык" планды ойлоп тапкандар менен аны турмушка ашыруу милдетин алгандар ошол кездеги Президенттин администрациясында, аткаруу жана сот бийлигинин бутактарына "конуп отурган" же мамлекеттин мансабын минген адамдар болушкан.

Өлкөнүн каруу-жараксыз калкына каршы өкүмзорлук акцияга даярдык көрүүдө үй-бүлөлүк – кландык башкаруудагы мамлекеттик машинанын бардык механизми аракетке келтирилген. Ал "жалпы планга" үлүш кошуу үчүн акаевдик режимдин башкы идеологу, ошол кездеги мамлекеттик катчы О. Ибраимов чекеси эле эмес, жонунан жоон санына дейре тер төгүлгөнчө иштеген. Өзүнүн маалымат таратуучу бригадасындагы **Б. Мамбетакунов, А. Матисаков, Э. Калдаров, Н. Кочкоров, Б. Алыкулов, У. Касыбеков, Д. Кыштообаев, К. Сыдыков** сыяктуу Ак үйгө өбөктөгөн ММКлардын жетекчилери жана журналисттери, элдин нааразычылыгынын башкы себептерин көз көрүнөө жаап-жашырып, күндөп-түндөп жалган маалыматтарды жаадырып, коомчулуктун аң-сезимин чындыктан алыстатуу максатын көздөгөн идеологиялык калканычты камсыз кылууга катуу жанталашкан.

А. Бекназаровдун "ишинин" айланасында болуп жаткан окуялар боюнча Өкмөттүн ММК каражаттарында жалган маалымат менен " ушак-айың" үстөккө-босток жарыяланып, калкты каргашага кириптер кылып карайлаткандар жөнүндө бир сөз жок, калыстык кыламын дегендердин башынан ылдый карата жугундуунун – жугундусуна чылаган айыптоолорду тынымсыз куюлтушуп, бийлик каалаган позицияны туу көтөрүү аракети абдан көрүнгөн.

Жалган кабар таратуу жагынан кыргыз журналистикасындагы өңү-түсү таанымал телекиллер атанган Н. Кочкоров бийликке жагынуу жана жалган кабар таркатуу жагынан жанталашып, эч кимди алдына салбады. Бул журналист сөөрөй журналисттик этиканы мындай кой, адамзатка тиешелүү адеп-ахлак ыйыктыгын тебелеп-тепсеп, арбакка шек келтирген иш жасоого чейин барды.
А. Бекназаровдун иши боюнча "жабыркоочу" деп табылган айтылуу К. Букееваны бир белгисиз көрүстөнгө алпарып, "иниңдин мүрзөсү ушул" деп, аны боз топуракты кучактатып ыйлатып, ал көрүнүштү телекамерага тартып алып, көпчүлүктүн көңүлүнүн үшүн алган телерепортаж жасап, экрандан көрсөткөн бул "телекиллер" кийин ал прокуратура кызматкерлеринин алдында К. Букееваны кантип "баплаганы" жөнүндө мактанганы көрсөтмөлүү күбөлөндүрүлүп, анысы республиканын Баш прокуратурасынын №50-07-47 кылмыш ишинин барактарында сакталуу бойдон турат. Цивилизациялуу мамлекеттердин журналисттери мындай пастыкка эч качан барышкан эмес, жана барбайт да болушу керек.

Бийликтин кылмыштуу иштерге кастарын тигип, баш койгонун далилдөөчү дагы бир фактыны айта кетейин. 2002-жылкы жаз алдында КР ЖК Мыйзам Чыгаруу жыйынынын соттук-укуктук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча комитетинин төрагасы, депутат А. Бекназаровдун наамына прокурор З. Кудайдергеновдун мыйзамсыз иш-аракеттеринен жапа чеккен Баткен облусунда жашаган 26 адамдын колу коюлган арыз келип түшкөн. Ал арызда прокурор
З. Кудайбергенов Кыргызстандын жараны, облустун губернаторунун орун басары О. Бербаевге өз үйүн райондук администрацияга кымбат баада саткансың деген айып тагып,

адамдын намысын кемсинткен жырткыч сымал тергөөгө алып, элементардык санитарлык шарттан ажыратып, адам чыдагыс жагдайга кириптер кылып, анын катуу оруп калуусуна себепкер болгону далилдүү жазылган. Баласынын мындай азап-тозокко дуушар болгонуна өзөгү өрттөнгөн О. Бербаевдин атасы жарык дүйнө менен мезгилсиз кош айтышып, уулунун акталганын укпай, Баткен жерине акыйкаттык келгенин көрбөй кете берди. Мунун айынан райондун мамадминистрациясы башка бир үйдү О. Бербаевдин үйүнө караганда бир топ кымбат баада сатып алууга аргасыз болгон. Ошондон кийин райадминистрацияга кымбатка сатты делинген үй ошол эле наркта райондук прокуратурага сатылып алынган.

З. Кудайбергенов өзүнүн мындай мыйзамсыз "иштери" менен республикага мурдатан эле белгилүү "адис" экенин анын прокурордук өмүр баяны эң сонун баяндап турат. Бул маалымат өз кезегинде гезит беттерине жарыяланыптыр. Анда эмесе ошол фактылардын айрымдарына кайрыла кетели.

Баткен облусунун салык полициясынын ага тергөөчүсү М.Абдуллаев мамлекетке 68 млн сомдон ашыгыраак салык төлөбөгөндүгү үчүн "Универсал табак Кыргызстан" фирмасынын жетекчилеринин үстүнөн кылмыш ишин козгойт. Бирок, З. Кудайбергенов эч ким менен кеңешпей, өз билгенин жасап, бул ишти жаап салып, Баткен облусунун ошол кездеги губернатору М. Айбалаевдин маалыматына караганда, мамлекетке 77,422 миң сом зыян келтириптир. Анысы аз келгенсип, З. Кудайбергенов ошол компаниянын баасы 2 млн сомдук "Тойота Ленд Крузер" маркасындагы джип автомашинасын соттун чечимисиз-мыйзамсыз тартып алып, Баш прокурорго белек кылмакчы болуп, оболу облустук прокуратуранын балансына каттатат. Республиканын Баш прокурору мындай " көркөм чыгармачылыкты жактырбай турганын айткандан кийин, ал машинени пулдап ийүү максаты менен Казакстанга жөнөтөт. Ошо бойдон анын өз кишилери коңшу мамлекетке айдап бараткан Ош – Бишкек жолунда жапжаңы кымбат баалуу автомашина түзөтүүгө болбой турган аварияга учурады делинип, дайынсыз жоголот. Анткени, автомашинанын оор авария болгонун тастыктаган актыны көргөн адамдар көп да, анын "түзөтүүгө болбой тургандай"

талкаланган турпатын, жадегенде бир томолок темирин көргөн жан адам, жалгыз күбөсү жок экен...

Мен убакыт тардыгына байланыштуу З. Кудайбергеновдун прокурордук ишмердүүлүгүнүн көптөгөн кесепеттүү эпизоддорун санабай эле коеюн. Ансыз да кыйла жылдардан бери "З. Кудайбергеновду бир кучактап алмайын арманым арылбайт", – деп Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин кыйла беренеси ботодой боздоп, көз жашын көлдөтүп издеп жүргөнүн айтсам эле, сөзүмдүн төркүнү каякта экени түшүнүктүү болоор деп ойлойм.

Ошентип, З. Кудайдергенов жөнүндө Баткенден келген арыз каттагы фактыларды кылдат текшерип чыккан Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын соттук-укуктук жана мыйзамдуулук маселелери боюнча комитети Президенттин администрациясынын алдындагы мамлекеттик кызматкерлердин этикасын тескей турган комиссияга кайрылуу жөнүндө чечим кабыл алат. Комитеттин ал чечиминде З. Кудайбергеновду ээлеген кызматынан четтетүү жөнүндөгү маселени кароо жана Баткен облусунун мурдагы прокурорунун жарандардын укугун тебелеген фактылары боюнча расмий иликтөө жүргүзү сунушу киргизилет. Комитеттин чечимине анын төрагасы А. Бекназаровдун колу коюлат жана Президенттин администрациясынын жетекчиси, 2001-жылдын жаз айынан баштап мамлекеттик кызматкерлердин этикасы боюнча комиссияны жетектеп келе жаткан А. Карыпкуловго жиберилет, ал эми А. Карыпкулов болсо бул маселени өз билгениндей "жалпы планга" жараша чечип, 2001-жылдын августунда баш прокурор Ч. Абышкаевге телефон чалат (кандайдыр бир чечим, буйрукка кол коюу, кийин келтире турган далилге "из" калтырбай "телефондук укук" аркылуу иш жүргүзүү, бардык авторитардык жана коррупциялык системанын аткаминерлерине мүнөздүү көрүнүш).

Ошентип, А. Карыпкулов оппозициячыл депутат А. Бекназаровдон өч алууга мүмкүнчүлүк түзүп, "З. Кудайбергеновду Жалал-Абад облусунун прокурорлугуна дайындайсың!" деген туура же натуралыгы талкууланбай турган кескин буйругун берет, ошону үчүн З. Кудайбергенов депутат А. Бекназаровго каршы кылмыш ишин козгоонун

автору гана эмес, аткаруучусу да болот. Дал ошол З.Кудайбергенов деген неме пысмык үй-бүлөнүн жана анын арам тамак жан-жөкорлөрүнү каалоосун канаттаандырып, ичтеп-септеп А. Бекназаровго чын-төгүнү даргүмөн компрамат таап, токтоосуз камакка алынсын” деген буйрук берет. Ошондой укук берилгенден кийинки күндөрү З.Кудайбергоновдун “Мени Ак үй колдоп турганда, бул жердин падышасы да, Кудайы да менмин!” деген кесирлүү сөзү узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына “дүнк” эле дей түшөт.

Дал ошону үчүн республиканын баш прокуратурасы, биринчи кезекте, прокурор сот Зоотбек Кудайбергеновду Чүй областынын Кемин районундагы, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы, Баткен областынын Баткен районундагы мыйзамсыз иштерин иликтей турган тергөөчүлөрдүн жаңы курамын түзүп, ага кылмыш ишин козгоп, ошондон кийин гана анын Жалал-Абад областында атайын багыт менен кандуу кагылуушуларды чыгарган өкүмзор кылмыш жоопкерчилигин өзүнчө бөлүп кароосу абзел...

Урматтуу мекендештер, бийликтин “кылмыштуу ой-тилегин” далилдеген дагы бир фактыны айта кетейин. Бул факты да Аксы боюнча козголгон кылмыш ишинде жазылуу. Аксы районундагы борбордук ооруканасынын башкы дарыгери К.Нарчаев, хирургия бөлүмүнүн башчысы А.Досонов жана башка күбөлөр “Боспиектеги кан төгүүнүн” алдында, же 2002-жылдын 16-март күнү облустук прокурордун орун басары Д.Момунов, райондун акими Ш.Осмонов жана райондун ички иштер бөлүмүнүн начальниги Д.Кулуевдер оорукананын жетекчилери менен кызматкерлерине жарадарларды жаткыра турган бош орундарды даярдап, жаракат алгандарга куюла турган кандын запасын камдап, хирургдар менен травматологдордун күнү-түнү дебей күзөттө турушун камсыз кыласыңар деген тапшырмасын беришкенин айтышкан. Дал ушул фактынын өзү эле бул кылмыштын алдын-ала, атайлап даярдалган канкорлук экенин далилдеп турбайбы!

**Урматтуу депутаттар!**

Кыргыз Президенти, анын үй-бүлөсү менен жан-жөкөрлөрү, бийликти өз менчигине басып алышканы жатканын ошол эле жылдары эл депутаттарынын чакан тобу, айрым партиялардын лидерлери, коомдук жана бейкмөт уюмдардын жетекчилери ачык айтып чыгып, Акаев – "Кыргызбашынын" авторитаризми күчөп баратканына каршылыгын билдиришкен. Алардын ушул багыттагы иш-аракетинин далили (алиги милиция алдырып ийген видео кассетанын табылышына менин дагы тиешем бар) өлдүм-талдым дегенде парламентке жеткендигинин натыйжасында гана, "Аксы окуясы" коомчулукка кеңири белгилүү болуп, быкыйы чукулган бийликти калтырап-титиреп, далдырап калган абалга чейин жеткизгени калп эмес.

Менин бул сөзүмө мамлекеттик комиссиянын ошол кездеги жыйынтык чыгарган расмий чечими даана мисал боло алат. Албетте, ал учурда мындай чечим кабыл алуунун өзү деле оңой эмес болгон. Аксы окуясын иликтөө боюнча мамлекеттик комиссияны Акаевдин табакташы вице-премьер Н.Танаев жетектеп, комиссия мүчөлөрү Акаевдин акырынан жем жеп арыгын чапкан, чыныгы арзымат аптабычылары өкмөттүк комиссиянын корутундусуна кол коюудан баш тарткан Жогорку Кеңештин депутаты Болотбек Эсентаевич Шерниязов менен өз пикирин өзгөчө жазып берген аксылык жети адамдын болгондугуна карабай, болуп өткөн окуя күбөлөрүнүн далилдүү билдирүүлөрүнө көңүл бурбай, акыйкаттыктын көзүн таныл жибере албай, алдарынын жетишинче, колдорунан келишинче, чындыкка жакын саясий баа берүүгө аракет жасашкан.

Ошол эле учурда "Аксы каргашасын" өз алдынча иликтеп чыккан көз карандысыз депутаттык комиссиянын атынан кошумча баяндама менен чыгып сүйлөгөн Жогорку Кеңештин депутаты Оксана Малеваннаяга татыктуу баа берсек, азыр деле кечтик кылбайт. Анын кошумча доклады эмоционалдуу болгону менен, конструктивдүү сунушу барлыгы менен башкалардан айырмаланып турган анда. Ошол далилдер менен анын айрым сунуштары мамлекеттик комиссиянын жыйынтык документине кийрилген.

Ал сунуштардын айрымдары булар:

“Мамлекеттик бийликтин борбордук органдарында жогорку кызматтарды ээлеген айрым жетекчилердин жеке жоопкерчилигин кароо маселеси Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевге сунуш кылынсын.

Өзгөчө: Президенттин Администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Башкы прокуратурасынын, Улуттук коопсуздук кызматынын жана Кыргыз Респуликасынын Жогорку сотунун жетекчилерин кызматтан бошотуу...

– Генералдык прокуратура бул справкада жазылган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол берген фактылар боюнча Аксы районунун мурдагы прокурору – А.Калдаров, Токтогул районунун прокурору – Р.Сатаров, Жалал-Абад облусунун прокуратурасынын бөлүмүнүн начальниги – С.Мамыров, Жалал-Абад облусунун прокурорунун орун басары Д.Момунов, Жалал-Абад шаарынын прокурору – Р.Усукеев, Жалал-Абад шаарынын прокурорунун орун басары – Э.Джунусов, Баш прокуратуранын тергөөчүсү Э.Төрөкуловдордун үстүнөн токтоосуз кызматтык иликтөө жүргүзүлсүн!”.

Тилекке каршы, комиссиянын талабы аткарылып, акыйкат иликтөө жүргүзүлмөк турсун, бир дагы киши суралып же кызматынан алынып, бир кишинин дагы кылы кыйшайган эмес.

Эгер ошо кезде, урматтуу депутаттар, ошол комиссиянын сунуш-талаптардын анча-мынчасы эле аткарылганда, балким, коомдогу чыңалууну жандыруу, элдин наразылыгын азыноолак болсо да басаңдатуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөк.

Бирок, Акаев аны жасаган жок. Башкача айтканда, ал өз бийлигинин оркойгон кемчиликтеринен объективдүү жана акыйкат жыйынтык чыгаргысы келбеди. Ошентип, мамлекеттик комиссиянын сунуш-талаптарынын баары кагаз бетинде гана кала берди. Балким, ал кезде Акаев өзүнүн эч качан жаңылбастыгына, Кудайым менен үзөңгүлөштөй улуктун – улугу экендигине чындап эле ишенип алган болсо керек. А балким, Ч.Баекова өз колу менен бычып, өз колу менен тигип, өз колу менен "кийгизип койгон” анда-санда буркулдап койгону эле болбосо, буйлалаган төө сымал жетеленген жакты көздөй кете берген кыргыздын чөнтөк Конституциясы анын өзүн жана

үй-бүлөсүн элдин кыжырдануусунан сактап каларына ишенип алып, ушинтип чиренип жүргөндүр?...

Анткен менен, Кыргызстанда 20-21-кылымдардын тогошунда өзүнүн журт башкарып жүргөн арамзалардын генийи экенин билген А.Акаев, эл бийлигин жеке менчигине басып алууга далалаттанган кара ниет аракеттеринин аягы кандайча кайгылуу болуп бүтөөрүнөн кабардар болушу керек эле. Авторитаризм – бул мамлекеттик бийликтин оорлоштурулган системасы менен мүнөздөлүүчү зордукчул режим жана эл массасынын ар кандай наразычылыктарын ырайымсыздык менен басуунун куралы болорун да мыкты түшүнгөн. Акаев авторитаризм жөнүндө окуп же угуп эле тим болбостон, ал Совет мезгилинде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы болуп иштеп, диктаторлуктун негиздеринин бири – тоталитардык башкаруу системасынын жердиги менен ичкериден тааныш болгон. Тоталитаризм доорунун диктаторлук чеңгели же ал жөлөп-таяп турган адамдардын бийлиги-коомдун жана жеке адамдын күнүмдүк жашоо тиричилигинин бардык көрүнүштөрүн катуу көзөмөлдөп, ийнесинен-жибине дейре тескеп турары менен өзгөчөлөнөрү белгилүү. Мындай бийлик учурунда диктатор-жетекчинин башкаруусуна жана жүргүзгөн саясатына макул эмес топтордун, өздөрүнүн акыйкат пикирин ачык билдире алган жеке адамдардын көзүн тазалап, апат кылуу көндүм көрүнүшкө айланары да маалым.

Адамзатка каршы атайылап кылмыш кылууга ниеттенгендерди жана аны жасагандарды адилет жазага тартуучу уюмдар бул ааламда бар экендигин уккан болушуңар керек. Улуу Британиянын лорддор палатасынын 1942-жылдын 7-октябрында өткөн жыйынында бир лордканцлер адамзатка каршы кылмыш жасагандар жөнүндө: "...журт сыртына чыга качкан адам ал жактан баш калкалоо укугуна ээ болуп, азаттык алат, бирок, ошол бойдон биротоло жоопкерчиликтен кутулуп кетет дешке болбойт... Эгер кимдир-бирөөлөр бөтөн элдин арасында жашырынып жүргөн болсо, ал өзүн ошол элде өмүрүнүн аягына дейре баш паанек тапты, ошол жерде биротоло калып калуу укугуна ээ болду деп эсептеш да

жарабайт...” деп тарыхый акыйкат кеп айтканы белгилүү. Муну А.Акаевич деле окуган болсо керек.

Мындай жарамсыз ишти жасаган кылмышкерлерди жазалай турган мыйзам беренелеринин күч-кубатынын мөөнөтү эч качан эскирбейт, урматтуу А.Акаевич, муну эч качан унутпай, дайыма эсиңизге сала жүргөнүңүз абзел. Ар бир иштин акыры, төгүлгөн кандын кусуру, түрмөктөлгөн жиптин учу болбой койбостугун, булардын бири болбосо биринин убалы акыры бир күнү ал арамза кылмышты жасаган адамды төбөсүнөн урары иттин уулу байашканга деле белгилүү. Бул оодарылбас-чайпалбас кашкайган чындыкты сиз да, биз да унутпаганыбыз оң. З.Кудайбергенов дагы унутпашы зарыл. Ал өзүнүн А.Бекназаровду түрмөгө камоого берген буйругунун адилеттүүлүгүн далилдөө үчүн “тергөө кызматкерлеринин кылмышын иликтөөнүн эрте-кечи болбойт. Андайды жазалай турган мыйзам беренелеринин күч-кубатынын мөөнөтү эч качан эскирбейт”, – деп келбедиби...

З.Кудайбергеновдун бул айткандарын төгүнгө чыгарууга менде дагы эч бир негиз жок! Туура, прокуратура, тергөө органдарынын кызматкерлери жасаган кылмыштын кысасы кыяматта да уланып, жазалоо мөөнөтү эч качан эскирбейт. Бул оодарылбас-чайпалбас чындык эң биринчи кезекте – З.Кудайбергеновдун өзүнө да тиешелүү, ал жасаган кылмыштарды иликтөөнүн, аны тескөөчү мыйзам беренелеринин мөөнөтү дагы эч качан эскирбейт. Ысык жан пенде кандай гана кызматты аркалабасын, колу менен жасагандын айыбын мойну менен тартышы парз. Бул адамдардын эле эмес, жаратылыштын дагы тирүүлөргө тиешелүү мыйзам ченемдүү акыйкат талабы...

**Урматтуу мекендештер!**

Аркыл-аркыл зомбулуктун, адамзатка каршы агрессиянын, геноциддин (тукум курут) идеологиясын жактаган саясат жүргүзүүнүн алдын алуу маселелери өтө зор мааниге ээ. Мындай кылмыштар, айрыкча, мамлекетти тоталитардык жана авторитардык башкарууга батынгандар тарабынан жасалат.

Ооба, менин бул докладда айткандарыма Кыргызстандын көптөгөн атуулдары кошулат болуш керек. Албетте, каршы чыкчулар да болбой койбойт. Учурда айрым адамдар ачык эле

айтып жатышпайбы: "Акаевдин үй-бүлө, куда-сөөк, жек-жааты орноткон режим алиге дейре эч өзгөрүүсүз улантылып жатат. Андыктан, коррупцияланган жетекчилик системасынын тамыры соолумайын "Аксы каргашасынын" башкы күнөөкөрлөрүн жоопко тартып, же ал ишти акыйкаттык менен аягына чыгаруу – деги эле мүмкүн эместей болуп сезилет. 5 жыл илгериректе өз элине ок аткан бийлик өзүн-өзү соттой албаган сыяктуу эле, учурдагы Акаевдин режиминин экинчи нускасы же, азыркы тил менен айтканда анын клону делинип келаткан Бакиевдин бийлиги өзүнүн корпоративдик кызыкчылыгын коргоодо, эбактан бери калыптанып калган усулдарды бек тутуп, өз бетин өзү сыйрууну ойлоп да койбогону сокур көзгө деле көрүнүп турбайбы...

Дагы бирөөлөр айтышы мүмкүн: "Конституциянын азыркы гаранты К.Бакиев өз бийлигин колуна курал кармап коргоп калууга даяр экенин кайра-кайра айтып атпайбы... Бул деген наразылыгын билгизмекчи болуп көчөгө чыккан элге же анын кайсыдыр бир бөлүгүнө ок жаадырыла турган күч колдонуларын билдирет. "Аксы каргашасы" боюнча тергөө процессинин создуктурулуп жатышы азыркы бийликтин жөндөмсүздүгүн жана кудуретсиздигин гана эмес, бийликти чөнтөк буюмуна айландыргандардын бул иштен акыйкат жыйынтык чыгарууга деги эле кызыкдар эместигин билдирет", – деп.

Ал эми үчүнчү бирөөлөр болсо: "Э.Сатыбалдиев мырза республиканын азыркы Баш прокурордун кызматына бекитилип жатканда, Аксы окуясынын кылмыш ишине айкындык киргизип, бир айдын ичинде аягына чыгып, биротоло бүтүрүп саламын деп убада берген эле. Бирок, бир топ узак убакыт өтсө да, бул ишке айкындык кирмек түгүл, тескерисинче, баш айланчудай болуп татаалданып баратат. Республиканын Баш прокурору эми кечээ жакында эле калыссыздыкка каяша айтчулардын катарына келип кошулган. Жогорку Кеңештин депутаты Султан Урманаевди "садага чабууга" аракеттенип, ошол эле учурда Аксы каргашасынын башкы күнөөкөрлөрүн аныктоо жөнүндө жакында болуп өткөн парламенттик угууда Генералдык прокурордун өзү аларды кугунтуктоо саясий жактан максатка ылайык келбейт деп

жатпайбы? Бүткүл республика боюнча мыйзамдардын так аткарылышын көзөмөлдөп туруу милдетин мойнуна алгандардын анабашынын оозунан ушундай сөз чыгып атса, калгандардын жасап жаткан ишинин саясий жактан максаттуу же максаттуу эместиги тууралуу сөз кылыштын кажети жок болсо керек деп ойлоймун... Бул деген азыркы аткаминерлердин бакиси кошомат кылып көзүн караган ырайымсыз режимдин ээсинин заманында "Аксы окуясынын" түйүнү оң чечилеринен үмүттү үзүү керек дегендикти билдирет.

Андыктан, эзели жамандык көрбөгүр замандаштарым, бул иштин оңой-олтоң бүтө койбостугун алдын-ала билип туруп, аксылыктардын карттанып айыгып келаткан жаратын кайра ырбатуунун кереги барбы? Албетте, жок. Бирок, бул кылмыш ишин кылдат иликтеп чыгып, мамлекеттик чиновниктердин кылык-жоругунда кылмыштын жышаанасы жок деп биротоло жаап салуу, улуттун мойнуна "маскарапоз мамлекет" деген жардыкты тагып койгон менен барабар иш болуп калганы турат. Ошону үчүн туңгуюктан шоола тапкандай, бир жарыгыраак жолго төшөп, бул иштин аягына чыкпасак, такыр болбойт.

Төртүнчү бирөөлөр ачык эле: "Аксы окуясынын" жоопкерчилигинен эптеп-септеп, айылдык, райондук деңгээлдеги мамчиновниктерди "садага чабуу" менен кутулууну көздөшү, азыркы бийликтин жоопкерсиздигин жана убадага туруксуздугун билдирет", – деп айта баштады... Учурдагы реалдуулукка карасак, бийликтин алсыздыгынын, анархиянын жана митинге көнгөндөрдүн чаң-тополоңунда "садага чабылгандардын" ар биринин тууган-туушкандары, жердештери, регион-региондон борбордук бийликке каршы көтөрүлүп чыгышы да ыктымал. Бийлик эмне кылат? Аларды алдап-соолайт, же кармалгандарды кое берип кутулат, же кайрадан курал-жарак колдонуп, ок жаадырат. Муну мүлдө кыргыз башыбыздан кечирип, беш жылдан бери акыйкат эмес, дегеле кандайдыр бир жагымсыз окуядан жарытылуу жыйынтык чыгара албай келатпайбызбы?! Мындай абал укук коргоо органдарында коррупциялык система куду мурдагысындай сакталып, жаңы үй-бүлө, жаңы куда-сөөк, жаңы жек-жааттын мамлекет башкаруусу мурдагы

башкаруунун учугун улап, мурдагыдан да коолап “өнүп-өсүп” келатат дегенди түшүндүрөт.

Ошентсе да, айрым адамдардын пикирлерине, негизинен, кошулса деле болот. Кудай буйруп, күндөрдүн бир күндөрүндө, мезгилдин бир мезгилинде биздин жаш Генералдык прокурорубуз ааламдагы прокурорлордун эң адилеттүүсү, ааламдагы юристтердин эң калысы болуп чыга келген күндө да, анын бүтүмүнөн кийин акыркы чекитти сот коет да.

**А соттор кимдер?**

Сиздер кыргыз сотторуна ишенесиздерби? Мен э-эч ишене албай турам. Мен эмес, Акаев деле ишенчү эмес. Өлкөнүн экс-президенти өзүнүн тактысында бейгам отурган, бийлиги күүсүндө-күчүндө турган маалында: “Кыргызстандын сотторунун 80 пайызы паракорлор жана коррупционер” деп канча жолу чырылдабады. Мурдагы “Кыргызбашынын” айткандары натуура дегенге менде дагы эч кандай негиз жок, акты ак, көктү көк дебесе болбойт. “Кыргызбашылар” деле кээ-кээде туура сүйлөп коюшу мүмкүн. Ошондуктан, өзүм билген бир кыргыз соту жөнүндө айтып бере турган типтирүү мисалым да бар. Ал мынакей, угуп көргүлө...

“Аксы окуясы” болуп өтөөрү менен профессионал юрист, мөртө-шөртө артист, эл шайлаган депутат, Акаевдин арыгын чапкандан астына адам салбаган “жөө күлүк”, архи демилгечил, бир мансапкор үкам ошо маалда кылмыш иши козголуп, айыбы мойнуна коюла элек адамдарды (өзгөчө өспүрүм балдарга ок чыгарган милиционерлерди) “дүңүнөн” актап жиберүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке сунуш кылган. Цивилизациядан анча-мынча кабары бар өлкөлөрдүн биринде дагы мындай обу жок окуя болбоптур, болушу да мүмкүн эмес экен. А биздин Кыргызстанда мындан жамандары да боло берет эмеспи. Кыскасы, бул мамчиновник өз кызыкчылыгы үчүн чындыкка ниет булгагандан кайра тартпаган “майлибай” экендигин далилдеп, кожоюндун катуу кысымы менен эки жыйындын көпчүлүк депутаттарын кол көтөртүп туруп, ошол мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш аркылуу өткөрүп алды.

Бирок, Президент Акаев күтүүсүздөн ага кол коюудан баш тартты. Жо-жо-ок... ал айтылуу демократ же ашынган

акыйкатчыл адам болгону үчүн анткен жок. Ал элдешпес оппозициянын бул маселе боюнча ээлеген принципиалдуу позициясынан чоочулап, кол койгонго батына албады. Мында бейиши болгур А.Масалиев башында турган "Кыргызстандын коммунисттер партиясы", Д.Нусупов жетектеген "Асаба" улуттук кайра жаралуу партиясы, Ө.Текебаев жетектеген "Ата Мекен" партиясы, Т.Тургуналиев баштаган "Эркиндик" партиясы, К.Турумбеков башында турган "Кайран эл" партиясы, Э.Алиев башында турган "Ар Намыс" партиясы, жаш жетекчи Г.Токомбаев баштаган "Республикалык партия", ошондой эле Р.Дырылдаев жетектеген "Кыргызстандын укук коргоо комитети", Азиза Абдарасулованын "Кылым шамы", Т.Исмаилованын "Жарандар коррупцияга каршы" укук коргоо борбору өңдүү бейөкмөт уюмдар, ошондой эле, З.Сыдыкова, Р.Приживойт, К.Мамбеталиев, А.Ким, К.Молдокасымов, Т.Казаков, Ш.Дүйшеев, А.Өмүрканов өңдүү жана башка көптөгөн коомдук ишмерлер, ысымы Кыргызстанда эле эмес, республикадан сыркары жерлерде кеңири таанымал инмандар катуу туруп беришти, бул маселе боюнча арамзаны чыкыйта сайып...

Ооба, Аскар Акаев ошондо калыстыкты эңсеген ички жана тышкы күчтөрдүн кысымынан чоочуп, ал мыйзам долбооруна кол кое алган жок. Айрыкча, ал Аксынын элинен коркту. Анткени, аксылыктар Жогорку Кеңештин депутаттары Б.Асанов, Д.Чотонов, эл ичинен чыккан лидерлер Т.Жунусбаев. Ж.Курбанов жана башкаларды алдыга салып алып: "Акаев отставкага кет!" – деген ураандарды көтөрүп алып, Аксыдан Ошко барып, Оштон Бишкекти карай жөө жөнөшкөн. Андай жүрүшко абалы 500дөй адам чыкса, кийин жолката Кара-Суу, Өзгон, Жалал-Абад, Базар-Коргон, Өзгөн, Ноокен, Үч-Коргон, Таш-Көмүр жана башка райондордун айыл-кыштак, шаарлардын жашоочулары кошулуп отуруп, буга катышкандардын саны он миңден ашып, кийинчерээк Бишкекке эки миңден ашууну келген эле. Ооба, кыргыз элинин намыскойлүгү жана акыйкатты талап кылган руханий бийиктиги А.Акаевдин жүрөгүн түшүрүп салган анда. Милициянын колу менен акаевдик режим борборго жөө жүрүш менен келген апапак сакал карыяларды мээ кайнаган ысыкта

көлкүлдөп ээриген асфальтка намаз окутуп отургузуп коюп мазактап, кыз-кыркын, боюнда бар келиндерди милициянын овчарка иттерине талатып, өспүрүм балдар менен кырчындай жигиттердин башын жара, көзүн чыгара чапканына карабай, эл өз намысына бек туруп, Президенттин отставкасын талап кылган акыйкаттык менен чындыкты көксөгон каалоосунда катуу турганы үчүн андай мунапыс долбооруна кол кое алган эмес. Акыры айтып жаткан зордук-зомбулукту генерал К.Дүйшөбаев жетектеп турган Бишкек шаарынын милициясы коргөзгөн. Бирок, андай арамзалыгы адилеттиктин бетине чиркөо болгон жасакерлигин жашырбаган документтин автору Курманбек Осмоновгө "Кыргызбашы", Республикасынын Жогорку Сотунун төрагалык кызматын тартуулап, "ыраазычылыгын" билгизген.

Арийне, эгерде азыркы баш прокурор Элмурза Сатыбалдиев мырза А.Акаев эптеп-септеп, комдоп-сомдоп эрезеге жеткизген мамчиновник Курманбек Осмоновго түздөн-түз баш ийип, анын кареги менен тең айланып турган, республикалык, областтык, шаардык, райондук деңгээлдеги соттор, прокуратура талап кылган чечимди чыгарып берээрине ишенеби? Мен, мисалы үчүн, түк ишенбейм! Андай болсо, бул маселени козгобой эле, Ала-Тоо койнунан акыйкаттык издебей эле койгонубуз дурус болуп жүрбөсүн?

Өзүңүздор баамдап турган чыгарсыздар, урматтуу депутаттар... Кайсы гана сот кечээ эле өз кызматынан кыянат пайдалангандыгы үчүн айыпталып жатканда, аны абакта отурган жеринен бошотуп алып, кайра ордуна отургузган кесиптешин эми айыпка жыга алат? Же кайсы прокурордун өзүн кече СИЗОдон бошотуп, жасаган кылмышын жаап-жашырып, башына боштондук берген кесиптешине эми кылмыш ишин козгойт? Менимче, эч кимисинин антүүгө кудурети жетпейт.

Андыктан, мен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Дооронбек Садырбаев өтө олуттуу жоопкерчилик менен, учурда Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин статьяларын колдонуу кимдир-бирөөлөрдүн кылмыш ишин иликтеген тергөөчүнүн, прокурордун, соттун чөнтөгүнүн терендигине же кылмышка

тиешелүү делинген адамдын капчыгынын калыңдыгына түздөн-түз байланыштуу деп ачык-айкын айта алам. Ошондуктан, учурдагы кыргыз милиционерлери, чекист, прокурор, соттору кокустан “айнып кетип”, акыйкаттыкты коргоп чыгарына көзүм жетпей турат. “Бүкүрдүн белин мүрзө гана түзөтөрүн” да унутпайлы, урматтуу коллегалар. Так ошондуктан, Кыргызстандын мындай категориядагы адамдары менен дегеле кандайдыр бир мамиле күткүм жок. Эгер чынымы айтсам, мен аларды таптакыр сыйлабай калгам...

Менин бул сөзүм республиканын укук коргоо органдарынын бардык кызматкерлеринин адресине айтылган жөнөкөй гана таарыныч сөз эмес. Тилекке каршы, бул – өзүнүн профессионалдык ишмердүүлүгү менен катардагы жарандардын тагдырына терс таасир эте алчу мамлекеттик кызматкерлердин ыйманынын таза эместигине болгон реалдуу мамиленин табигый көрүнүшү.

О, азыр биздин Кыргызстанда укмуштуунун төөсү жорго болуп турган чак. Ээлеген кызматы эң кенже тергөөчүнүн же бир болоор-болбос участкалык милиционердин, ал гана эмес “чөндөлөй курсактуу” салыкчынын деле карапайым адамдын тагдырына тийгизчү “таасири” ушунчалык ырайымсыздыгынан алар “таасир” эткенден кийин, таптаза адамдын дагы асманы караңгылап жарык дүйнөдө жашагысы келбей калат экен. Алар “илибой” мыйзамды өзү каалаганындай чечмелеп, адамдардын тагдырын өзү билгендей сындырып, коомдук жашоо нормалары менен эрежелерине жогоргодон түкүрүп салып, бардыгын өздөрүнө гана пайда алып келгендей кылып, өз билгендерин жасап жатса, жаныңдан түңүлбөгөндөн башка кандай арга жасамакчысың?

Албетте, кыргыз мамлекеттүүлүгү менен кыргыз улутунун качандыр бир кезде жок болуп кетишинен кудай сактасын дегилечи, бирок, мындай каргашалуу күндөр башка түшсө, андай кокустук биздин “күжүрмөн” милиционер, текебер тергөөчү, паракор прокурор, “согон жебес” сот, алаңгазар акимдердин чексиз наадандыктарынын, чексиз зөөкүрлүктөрүнүн кесепетинен ошентип, мамлекетибиз жоголуп, улут тымтыракай чачылып, тыптыйпыл болуп кетиши ыктымал.

Мисалы, жөпжөнөкөй эле маселени чечүү үчүн үч прокурор үч башка эмес, элүүдөн ашыгыраак божомол, эки жүздөй "версия" курап, кожоюндан кийин өз үй-бүлө, тууган-урук, куда-сөөк, жек-жаат, жакын санашкандарын тоюнтуу үчүн томуктай болгон проблеманы тоодой кылып көрсөтүү аракетин жасаган учурлары менде толуп жатат.

Андайлардын бир мисалы, мынакей.

Мен депутат катары Ноокен районунун мурдагы "Москва" колхозунун маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн мамлекеттик бюджеттен эптеп-септеп 4 млн. сом өндүрүп бербейминби. Жылдар өтүп, ал акчанын бир жарым миллион сомун укук коргоо органдарынын билмексен-көрмөксөн болгонунан пайдаланып, райондун жетекчиси уятсыздык менен өзүнүн жеке менчик ресторанын курчаган, бийиктиги эки метр коргон тургузууга буруп жибериптир.

Бардык мезгилдерде, бардык мамлекеттерде өз чөнтөгүн мамлекеттин чөнтөгү менен адаштырып алган кызматкерлер Кылмыш кодексинин нормаларына ылайык жоопкерчиликке тартылып келген, тартылып да жатат. А биздин мамлекеттеги вахта ыкмасы менен нөөмөттөшүп иштеген генералдык үч прокурорго (алар жыл сайын алмашып турса, ошентип ойлойт экенсиң) эки облустук, бир райондук прокурорго, заман аңтар-теңтер болуп, аалам өрттөнүп жатса да кылы кыйшайып койбогон, акыркы үч баш прокурордун оодарылбас-чайпалбас үч орун басары К.Абдиев, Н.Жээналиев, А.Нефоросныхтарга канча жолу депутаттык суроо-талап менен кайрылбайын, бул мырзалар, үч жылдан бери жеке адамдын чөнтөгү менен мамлекеттин чөнтөгүнүн айырмасын такыр ажырата албай, абдан кыйналып келатышат.

Акыйкаты, алардын бири, мурдагы генералдык прокурор А.Бекназаров гана ал айырманы түшүнүп, мага дайыма дежур жоопторун жөнөтүп турган, кайсы режим болбосун, сагызгандай сактыгы менен кара жанын гана эмес кызмат ордуна чаң жугузбай, адам тагдырын чемичкедей чагып ойноп келаткан "түбөлүк" орун басарларынын жоругу үчүн кечирим сурап, бул ишти кайра изилдөөгө жибererин убада кылды эле, үлгүрбөй калды, кайран жигит. Дал менин ишиме киришерде аны кызматтан шыпырып салышпадыбы кашайып. Анан мен

кантмек элем. А.Бекназаровдун ордуна дайындалып, андан кийин Республиканын Баш прокурору деген ээрге минген К.Т.Конгантиевге дагы ушул эле өтүнүч менен кайрылдым. Менин өтүнүчүмү карап коройүн деп ниеттенип калганда, аны дагы кызматынан жылдырып ийишпедиби... Кече жакында эле жагдайды жаш прокурор Сатыбалдиев мырзага айтып, ал экөөбүз да бири-бирибизди жакшы эле түшүнгөндөй болдук эле. Бирок, кайрадан кудай төбөдөн уруп, кийинки үч генпрокурордун, анын ичинде Сатыбалиевдин дагы мүнөзү темир бетондон бек орун басарлары, алиги маданият үйүно тиешелүү маселени иликтоөдо, алиге дейре жеке менчик чөнтөк менен мамлекеттик "чөнтөктүн" айырмасын түшүнө албай жаш-прокурор, баш прокурор экөөбүздүн жаман мазебизди алды да...

Алар алиге дейре "куруучу адистер тарабынан коргондун узундугу ченелди жана ага кеткен кирпичтердин саны эсептелди, жалпы наркы чыгымдалган акчанын суммасына туура келет, андыктан, кылмыш кыянаттыгы жоктой көрүнот" деген биринчиси экинчисине союп каптагандай опокшош эгиз козудай болгон "дүжүр" жооп каттарды жөнөтүп жатышат. Атаны кокуй, арман күн ай-е! Мени жана же шайлоочуларымды райондун мурдагы акими салдыргысы келген менчик саунасы менен рестранын курчай курдурган дубалдын узун-туурасы менен бийиктиги канча экени деги эле кызыктырбайт! Райондук деңгээлден генералдык деңгээлге чейинки кыргыз прокурорлору, жанагы айырманы түк түшүнө албай жүрүп, детективдүү окуяга айланып бараткан бул курулуштун бир квадрат метрине канча кирпич коюлуп, ага канча суммадагы акча жумшлганын билүүнүн мага дагы таптакыр кереги жок.

Бизди маалында элдин каражатына курулган, бир кезде атагы чыгып, үлгүлүү делинген азыркы "Москва" айыл өкмөтүнүн маданият үйүнүн тагдыры кызыктырып атат. Ремонтуна бюджеттен ири суммадагы акча бөлүнгөндөн кийин бул имаратка, жок дегенде дат баскан бир ийри мык кагылып коюлбай, жыл өткөн сайын өзүнөн-өзү бузулуп бараткаңына, али күнчө бир адам да жоопкерчилик тартпай келатат. Айрыкча анын капиталдык ремонтуна бөлүнгөн мамлекеттик каражатты

кымтып кеткен райондогу кызмат адамдарынын бир да бири жоопко тартылбай тайраңдап жүрөт.

А сиз, кадырлуу Баш прокурор, кагылайын жаш прокурор жогоруда айтылган жөпжөнөкөй жана ишпалдасы иштен чыккан кылмыш ишине үтүр койдура албай жатып, аяк-башы чиеленген "Аксы окуясын" иликтөөгө акыркы чекитти койдурам деп жатканыңыз кызык. Мен жогоруда мисал келтиргендей, экономикалык кылмыштар бүгүнкү Кыргызстанда иттин кара капталынан да арбын. Дал ошону үчүн Кыргызстандын көпчүлүк эли райондук болобу, генералдык болобу, мага десе башкасынын – башкысы болсун айырмасы жок, бир да тергөөчүнүн, бир да прокурордун же соттун качандыр бир кезде калыс жана акыйкаттуу адам болуп чыга келерине түк ишенбейбиз деп ачык-айкын айтып жатышпайбы... Депутат башым менен мен дагы ишене албаганымды жашырганым жок го... Анткени, укук коргоо органынын бир кызматкеринин кылыгын кулагым менен угуп эле тим болбой, көзүм менен да көргөнүм бар. Кайгылуу "Аксы окуясынан" бир мисал келтирейин. Аны алдын ала бир эски анекдот менен баштаганым туура болчудай көрүнүп турат, мага.

– Уу, тукумуң соолугур, арамза, билмексен болуп, зыңкыйып турасың э-э, – дейт милиционер, начальнигинин жол боюндагы телеграф столбасынан сөзсүз кыйкым табуу керек деген буйругун аткарып. – Зуулдап турганын көр шермендении! Демек, океандын нары жагындагы ант урган империалисттерге жашыруун маалымат берип жаткан экенсиң да...

Бул совет мезгилинде айтыла берип ашмалтайы чыккан анекдот. А бул болсо, Боспиек айылынын жанында тартылып алынган видеоматериалдан. Экрандан суверендүү Кыргызстандын милиционерлери түштүк-батыш тарапка, эл жашаган айыл тургай, адамдын буту баспаган куурай талааларга да эч кимди өткөзбөө тапшырмасын алгандыгы байкалып турат. Аңгыча милициянын А.Ракишев деген полковниги атчан келаткан аксакал адамды токтотуп алып, айдоочунун күбөлүгүн талап кылат.

Аксакалдын айласы кетип:

– Мен атчан баратсам, кайсы күбөлүктү сурап жатасың, – дейт.

– А-а... андай болсо, техпаспортуңу көрсөт.

– Эмне, эмне?

– Атыңын техпаспортун көрсөт деп жатам...

Эми жанагы анекдоттогу милиционерден полковник А.Ракишевдин кандай айырмасы бар экенин айта аласыңарбы? Мен үчүн эч айырмасы жок, же күлө албай, же ыйлай албай, жаман айлаң түгөнөт экен мындайда.

Кыргызстандын укук коргоо органдарынын жогорку чиндүү жетекчи составынын интелектуалдык деңгээлин далилдеген бул телекадрды көргөн соң, бийлик дал ушундай адамдарды кызмат тепкичтери боюнча атайылап жана бетпактык менен жогорулатуу аркылуу Боспиектин жанында тынч келаткан куралсыз адамдарды атууга алдын ала даярданганын тануу кыйын. Арамза бийликтин төбөлдөрү кимди, кантип жана кай жерде, кандай пайдалануунун жолдорун эң сонун билген. Эми ким мени кыргыз милициясынын капитандары менен майорлору "Кирзадбисау" мамлекетинин полковниктери менен генералдарынан дурусураак деп ишендире алат?

Биздин "төңкөрүшчүл" мезгилдин дагы бир мисалы. Райондук масштабда экономикалык талаш-тартышты карай турган бир сот (дагы жакшы футбол оюнунун соту эмес) өлкөнүн Президентине Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын орун басарын отставкага кетирүү, ал эми Генералдык прокуратурага анын үстүнөн кылмыш ишин козгоо боюнча өзүнүн сунушун кийириген токтом кабыл алгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Парламенти "биздин Президенттин өтө урматтуу үкаси Жаныш Салиевич Бакиевден кечирим сурашы керек" деген чечим чыгарып бериптир. Арийне, өлкө Президентине сунуш кийрүүгө же укук коргоо органдарына өтүнүч менен кайрылууга Парламент эле эмес, кимдир-бирөөдөн шек санаган ар бир жамаат, же журналист, же катардагы жаран укуктуу. Ал эми конкреттүү чечим кабыл алуу - өлкө Президентинин же укук коргоо, болбосо прокуратура органдарынын өз иши, аларга берилген өзгөчө укук. Бул жерде кыргыз элинин "кыз боозуп, энесин коркутат" деген

макалындагыдай болуп жатат. Акасине ишенген үкаси Жаныш Салиевич "ошол, курсагын төрсөйтүп алган кызга" окшоп, башкаларды коркутуунун ордуна, өзүн отставкага айдаган Президентти эмне үчүн сотко берип, анын кечирим сурашын талап кылбайт?

Бул жерде айрым мырзалар мени сөзгө жыгып, "Акаевдин режими милициянын линиялык бөлүмүнүн катардагы начальниги, полковник Ж.С.Бакиевди кызматтан бошотуп органдан айдап жибергенде, анын депутат агасы К.Бакиев, курбусу К.Конгантиев, же жанагы экономикалык соттун атасы, Акаевдин шакирти К.Осмоновдор "оозуна талкан тыгылгансып," бир сөз айта албай дулдуюп отурушканда, сиз аны коргоп, болгондо да маселени Жогорку Кеңештин трибунасына көтөрүп чыгып, Республиканын Ички иштер министрин аны мурдагы кызматына кайра коюуга мажбур кылбадыңыз беле" деп айтышы да мүмкүн. Ал чын, ошо мен болчумун. Бирок, дагы бир, башка чындык да бар. Өлкөнүн чек ара маселелерин тейлеген Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын биринчи орун басары, генерал Ж.Бакиев өлкөнүн башкы дарбазасы – "Манас" аэропорту аркылуу депутат Ө.Текебаевдин чемоданындагы килейген орус матрешкасын сыртка чыгарып жибергендиги үчүн дагы кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча генералдык прокуратурага сунуш кийриген Жогорку Кеңештин токтомун колдоп добуш бергеним чын. Ошондо добуш берип, туура иш кылганыма азыр да ишенип турам, себеби, Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын орун басары өлкө чегинен түркүн түстүү матрешка түгүл, кенедей болгон боз чычкандын чыгып кетпесин камсыз кылышы керек эле. Бул анын кызматтык ыйык милдети болуучу.

Жазатайып "байкабай калдыңбы", анда өз эркиң менен отставкага кетишиң керек. Анын түздөн-түз начальниги – Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасы, чынчылдыктан тайбаган, ак ниет генерал Б.Табалдиев ошентпедиби. Мамлекетиңди сыйлабасаң, кесибиңди сыйлабасаң өзүң бил. Бирок, "акаңди" сыйлашың керек эле. Сен сыйлаган жоксуң. Ж.Бакиев профессионалдык кызматтык милдеттерин так аткармак түгүл, тилекке каршы, өзүнүн, жанагы "курсагын

кызыктай кылып алган" кызга опокшош экендигин жумурай-журтка көргөзүп койду. Ошондуктан, ал мыйзамдуу түрдө жоопкерчиликке тартылышы зарыл. Эгерде бул жолу да, чтылуу К.Осмоновдун жардамы, же алиги ЛОМдун материалдык жана моралдык кысымы мененби, иши кылып "бакиевчилер" менен "акаевчилер" бир "тандемге" биригип баш кошуп келип, Жогорку Кеңешти Ж.Бакиевден кечирим суроого мажбурлаган күндө да, мен эч качан андан кечирим сурабаймын. Мен андан көрө Жогорку Кеңештин отурумунан чыгып кетип, тигинисине да, мунусуна да кыргызча "колуңдан келгенин кыл" деймин, андайга түшүнбөсө, "пошел ты, и ты пошел..." деп гана басып кеткенге аргасыз болом...

Кыргызстандын укук коргоо органдары кандай иштеп жаткандыгын айгинелеген дагы бир жапжаңы мисал. Кече эле болгон иш... Үстүбүздөгү жылдын март айында Базар-Коргон районунун аймагында кайсыдыр бир жаш аялдын өлүгү табылат. Ал өтө мыкаачылык менен, денесине сегиз жолу бычак сайылып, моюну үзүлүп өлтүрүлгөн. Жергиликтүү милиция кимдир-бирөөнүн айтымына таянып, аны мисалы, Майрамдын өлүгү деп аныктап чыгат да, тергөө ишине киришет. Дароо эле бул өлтүрүүгө шектүү делинип, Яркинай деген аял камакка алынат. Анан Яркинай бечара, "аки-чүкү" деп тергөөчүлөрдүн башын айлантып отурбай, өз "күнөөсүн" мойнуна алып, ага кошумча, өзүнүн бир тууган сиңдисинин күйөөсү Хусанбай кургурду да ала жыгылат. Кыскасы, иш сотко ашырылат... Анан Яркинайдын курдашы Мухабат деген башка келинге Жалал-Абаддын автобекетинен типтирүү жүргөн, жанагы Майрамдын өзү кокусунан жолугуп калса болобу. Көрсө, аны эч ким өлтүрбөптүр, өзбекстандык бирөөгө күйөөгө тийип, ошол жакка кеткендигине байланыштуу, Базар-Коргондо көптөн бери көрүнгөн эмес экен. Анын эртеси эле Базар-Коргон районунун милициясына келип, акыйкат көрсөтмө бергиси келген Мухабатка райондун абройлуу адамы делинген милициянын офицери:

– Мен иликтеген иштин ышпалдасын чыгарба, өзүңдүн көрсөтмөңдү да, Майрамдын көрсөтмөсүн да жогот, муну үчүн мен сени ыраазы кылам, – дейт.

– А эгер Майрам өзү сотко келип, болгонун болгондой айтсачы? – дейт Мухабат.

– Айтпайт, – дейт офицер. – Биз аны ага жеткирбей, Нарынга чөктүрүп, тамам кылабыз. Эгер сен тилиңи тишиңе ката албасаң, сени да ошентебиз.

Базар-Коргон районунун милициясынын оперативдүү изилдөө кызматкерлери кандай кылмыш болбосун, өздөрү каалагандай жол менен кантип "бетин" ачыштын жана кимдин мойнуна эмнени алдырыштын эң арамза жолун билишерине көзүңөр жеткендир, урматтуу депутаттар. Мындай жосунсуз жоруктар "Акаевдин" маалында деле болуп келген, азыр "Бакиевдин" мезгилинде деле болуп атат. Көрүнүп тургандай, мындай кыңыр иштерди жасаганга мүмкүндүк берген усулдардын маңызы эч өзгөрбөстөн сакталууда.

Жогорку Кеңештин депутаты С.Урманаев менин досум да, алыс же жакын тууганым да эмес. Жадегенде кошуначылыгыбыз да жок. Жаш курактарыбыздын айырмасы да бир топ бар. Акаевдин заманында областтын губернатору экөөбүз отубуз анча күйүшпөй жүргөнүнө карабай, мен аны өз колум менен Кыргызстандын "укук сойгуч" органдарынын кан жыттанган түктүү колуна салып бергенге, дитим чыдабай турат. Чынын айтсам, бүгүн мен Кыргызстандын азыркы "адилетчилерине" өзүмдүн парламенттеги коллегамдын тагдыры түгүл, жыландын баласынын тагдырын дагы ишенип бербес элем.

С.Урманаевдин өтө жупуну жана анча бетке чабарлыгы жок сыпайы мүнөзүн билип туруп, жогоруда айтылган Базар-Коргон окуясынан кийин, кыргыздын кайсы тергөөчүсү болбосун "кампир шабдоолу жегиче" аны үч уктаса түшүнө кирбеген кылмышты жасаганын моюнуна алдырып саларынан кенедей дагы шек санабаймын. Ал аздык кылса, Жогорку Кеңештин депутаты С.Урманаев мурда жазып бергендерине кошумча кылып, Германиянын рейхстагын өз колу менен өрттөгөнүн дагы мойнуна алышы ыктымал. А Кыргызстандын соттору болсо, анын рейхстагды өрттөгөнүн жана ал ишти аткарып жатканда, С.Урманаевдин жалгыз болбогонун кадиксиз далилдер менен мойнуна коюп берет. Акыр аягында

дал ушул С.Урманаев Берлиндеги рейхстагды жалгыз өзү эмес, А.Мадумаров экөөлөп өрттөгөнү "айкын" болуп чыга келет...

Мындай мисалдар улгайган сайын кыргыздын укук коргоо органдарынын адилеттүүлүгүнө, айрыкча адам тагдырына байланышкан маселелерде таптакыр ишенбеш керектигине кайра-кайра кайрылтып, биротоло ынандырып баратат. Эгерим биздин адилетчилерге ишенич арта турган болсок, анда алар өтө керек болсо, "Аксы каргашасынын" чыгышына ошол кездеги бийлик адамдары эмес, март айында же гүлдөбөгөн, же бүрдөбогон "Аксынын суволуч алмалары" (аны Намангандын алмасы менен адаштырып албагыла) айыптуу экенин деле "далилдеп" бере салышат.

**Урматтуу депутаттар!**

Менин баамымда, эгерде Акаевдин кылмыштуу жана калкына каршы жасалган касапчылыгынын үстүнөн өз убагында (Нюренберг жараянындай) соттук териштирүү жүргүзүлгөндө, андан кийин, балким, кошуна-ашыналарыбыздын "кызыл мечит", "Анжиян капсалаңы" болмок эмес жана да дүйнө жүзүнүн булуң-бурчтарындагы кандуу окуялардын жаралышы жатынында жайрамак. Ким билсин, балким, эл аралык мындай проңесстин дагы бир жолу өткөрүлүшүнөн кийин көптөгөн диктаторлор адам өмүрүнө өз билгениндей кыянаттык кылууга батына албай калышы мүмкүн. Ошондуктан, урматтуу депутаттар, менде мындай бир сунуш бар. Кыргызстандын укук коргоо жана сот системасынын чыныгы жүзүн анык билгендигибизге таянып, алардын эч качан адилет иликтөө жүргүзө аларына көзүбүз жетпегендиктен, Аксы трагедиясын обьективдүү чечмелөө үчүн, ага байланышкан тергөө документтерин толук жыйнап туруп, Бириккен Улуттар Уюмунун коопсуздук кеңешинен жардам сурап кайрылганыбыз туура жана акыйкаттуу болчудай сыяктанат, мага. Муну үчүн бул уюмга Кыргызстандын Президентинин, Өкмөтүнүн жана Жогорку Кеңешинин атынан расмий кайрылып, Европалык сот уюмунун мүчөлүгүнө катталып өз убагында экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бүткүл дүйнөгө көрсөтмөлүү – үлгү болуп берген Нюрнберг жараянын уюштурган эл аралык Аскер трибуналынын ишин кайра жандандырууну өтүнүшүбүз зарыл. Биз, кыргыздар аз болсок

да, бүткүл дүйнөдө жашаган адамзат тукумунун кичинекей бир тутумубуз. Кыргызстандын территориясы – чакан болгону менен, жер шаарынын бир үзүмү. Бирикккен Улуттар Уюму – жер жүзүндө жашаган баардык элдин жана улуттардын чоң жана кичине маселелерин адилеттүү чечүүгө багытталган үлкөн уюм. Анан да биздин мамлекетибиз бул уюмга мүчө болуп, жарандарыбыз алына жараша салык төлөп турушат. Андыктан, бул уюм "Аксы окуясынын"мисалында XXI кылымда Кыргызстан гана эмес, бүткүл дүйнө өлкөлөрүндө бир дагы диктатордун дини мусулман, же христиан, же атеист болобу, айырмасы жок, иши кылып адам өмүрүн кыйгандыгы үчүн сөзсүз жазаланаарын так билип, кысар жерин бекем кысып жүрүшүн дагы бир жолу эскертип коюу максатында, "Нюрнберг – 2" жараянын уюштурулушу зарыл. Бул жашоодогу эң теңдешкиз, эң кымбат нерсе – адам өмүрү. Ага ниет булгаганга, көл көтөргөнгө, инсанды кан кустурганга эч кимдин акысы да, укугу да жок. Андыктан, адам баласынын адамдык касиетин сактоонун бирден бир көрүнүшү болгон адам өмүрүно ниет булгабоо боюнча, өзүн адаммын деп ойлогон пенде, ал диктатор болобу, же каракчыга тонотуп ийген ууру болсо деле, баарыбир ушундай сынактан өтүшү парз. Кайсы бир идеяны ишке ашырып анын пайдасын көрүү үчүн өзү сымал аң-сезимдүүнүн өмүрүн кыюуга жол берилбейт. Айрыкча, колунда куралы жок жарандарды өлтүрүү, адам эмес, адамзатка каршы ар качантан бир качан өтө оор кылмыш делинип эсептелинип келатат. Бизге К.Бакиев менен А.Атамбаев колдоо көрсөтөрүнө менин үмүтүм зор, анткени Бириккен Улуттар Уюмунун жардамы менен биздеги юридикалык өтө татаал бул маселе өтө жогорку профессионалдык деңгээлде чечмеленишине бизден дагы бул эки жетекчи биринчи кезекте кызыкдар болушу керек. Так ошондо гана бийликтегилер өз пайдасы үчүн административдик ресурстарды шермендечилик менен пайдаланып жаткандыгы жөнүндө эл ичиндеги күбүр-шыбыр айың сөздүн аягы тыйылат. Так ошондо гана Бакиевдин дагы, Атамбаевдин дагы мамлекетти таза башкарышына даңгыраган жол ачылат. Башкача айтканда, алар өткөнгө кылчактабастан, өз бийлигин жаңы жана таза бapактан башташат. Бул деген ар

бир бийлик адамынын жана өлкөбүздүн бүткүл калкынын көктөн тилегени, жерден табылып жаткандай эле иш эмеспи...

Эгер Кыргызстандын биринчи жана экинчи президенттери экөө тең оздөрү тандаган жолу туура экенине, эгер экөө тең "Аксы окуясынын" чыгышына өзүлөрүнүн айыбы жоктугуна ишенсе, анда алар эч нерседен: эл аралык Трибуналдан да, паракорлугу ашынган осмоновдук соттон дагы э-эч коркпошу керек. Күноөсү жок адамды Нюрнберг эмес, жети баштуу желмогуз да майыштыр албайт...

Бирөк, эски жана жаңы Президенттер өзүлөрү жөлөп-таяп, юридикалык талаада тай-тайлап бастырып чоң жолго салып койгон Кыргызстандын тергөө, сот органдарында иштеген шакирттерине ишенишпей, суракка келбей жатышса, анда мен эмне үчүн аларга ишенип, С.Урманаевдин же башка бирөөнүн тагдырын өз колум менен алардын өлүм жыттанган колдоруна салып беришим керек? Жанагы депутаттыктан баш тарткан мен сыяктанып, Акаев менен Бакиев дагы өзүлөрүнүн кол тийбестигинен баш тартып тайманбастыктын, тазалыктын чыныгы жигиттиктин өрнөгүн коргөзсүн жумурай-журтка... Ошондо баарыбыз "кыңк" этпестен алардын артынан ээрчийбиз.

Эмне себептен мен Нюрнберг процессине окшош сот болушун кайра-кайра кайталап айтып жатамын? Себеби, дал ушу дүйнөлүк маанидеги жараяндын болгондугунун натыйжасында, адамзатка каршы арамза аракеттердин маани-маңызы, жумурай-журтка кеңири жан айкын ачылган. Айталы, "Трибуналдын юрисдикциясына таандык кылмыштардын жана анын натыйжасында жеке жоопкерчилик тартуунун аныктамалары бар. Мисалы:

а) Бейпилчиликке каршы кылмыш...

б) Аскерий кылмыш...

в) Адамзатка каршы кылмыш.

Жарандык жамааттарга каршы мыкаачылык жана душмандык аракеттер, адам өлтүрүү, тукум курут кылуу, абакка салуу, кыйноо, зордуктоо жана башка ушул сыяктуу зомбулуктар өз олкөсүнүн мыйзамдарын бузабы же жокпу, ага карабай адамдарды саясий негизде куугунтуктоо кылмыштарын жасоо...

Жогоруда көрсөтүлгөн кылмыштардын жасалышына багытталган жашыруун макулдашууларды же жалпы пландарды түзүүгө катышкан жетекчилер. уюштуруучулар же аларды азгыргандар жана жардам берип, колдоо көрсөткөндөр ушундай аракеттери үчүн сөзсүз жоопкерчиликке тартылышы керек. Ким гана болбосун, улутуна, динине жана ээлеген кызматына карабай, төмөндө көрсөтүлгөн учурларда кылмыш жасаган адам болуп эсептелет:

а) кылмыштын негизги катышуучусу болгондо же

б) бул кылмыштарды жасоого буйрук бергенде же шериктеш катары ага айгак болгондо:

в) ага катышууга макулдук бергенде:

г) бул кылмыштарды жасалышына айгак болгон пландарды жана иш-чараларды түзүүгө катышканда:

д) бул кылмыштарды жасоого катышкан уюмдардын же топтордун бирине мүчө болгондо...

Мындай кадамдарды жасаган адамдардын кимиси болбосун, расмий жагдайына карабай, ал мамлекет башчысы же өкмөттүн кайсы бир департаменттин жетекчиси болбосун кылмыш жоопкерчилигинен бошотулбайт жана жазалоодо жеңилдик берилбейт.

Ким гана болбосун, өкмөтүнүн же өзүнөн жогору турган начальнигинин буйругун аткарып, анысы кылмышка малынган иш болсо, андай адам мыйзам алкагындагы жоопкерчиликтен куткарылбайт ж.у.с.”.

Мындай учурда биз, урматтуу депутаттар, айыптоонун үчүнчү пунктундагы “адамзатка каршы кылмыш жасоо” деген түшүнүккө абай салышыбыз керек. Себеби, куралсыз жарандарга ок атуу дал ушул беренеге туура келет экен. Өзүңөр көрүп тургандай, мындай кылмыш үчүн айып тагуунун тизмесине Аксыдагы адам өлтүрүүгө түздөн-түз жана каймана катышкан күнөөкөрлөрдүн бардыгы кирет. Мына ошондуктан, кыргыз бийлигинен Аксы районунда адамдарды аң-сезимдүү өлтүрүүлөрдү, кыйноолорду, уруп-токмоктоолорду, шылдыңдап маскаралоолорду саясий кылмыш катары баалоого моралдык акыбыз бар. Бул кылмыштын жетекчилери, уюштуруучулары, айгактары шериктештери, тымызын катышуучулары, баары болгон. Саясий кылмыштардын

жетекчилери менен уюштуруучулары өз колдорун каракочкул канга булгабаш үчүн ар дайым жогорку кызматтарда отурушат. Алар кол алдындагы майда адамдарды кантип жана кандайча пайдаланууну эң жакшы билишет. Ошону үчүн кызматынын канча даражада чоң болгонуна жараша кылмыш жоопкерчилиги да ошого тете болушу абзел. Себеби, алдын-ала ойлонулуп жана атайылап жасалган мындай аракеттер моралга жана мыйзамга каршы жасалган чоң кылмыш болуп эсептелет.

**Урматтуу мекендештер!**

Жанаша жашоого багыт алган акыркы заманда, биз жалпы адамзаттык аксиомаларды өздөштүрүп, анын талаптарына жараша жашоого тийишпиз. Качан болбосун, каерде болбосун эки жерде эки – төрт экенин эч ким тана албайт, же машинеси менен бир жакка бара турган айдоочу эң алды ачкычы менен кулпуну ачып, моторун от алдырып, эгерде кыргыз беш бармак жегиси келсе, оболу кой соеру – эки жерде эки төрт дегендей эле түшүнүк. Бирок кыргыз акең, мейли ал Кыргызстандагы эң чоң кызматты ээлеп турса дагы, койдун мээсин чыгарып, көзүн чукуп жегенди билерин бүткүл дүйнөгө көрсөтүп отуруштун эч кажети жок болсо керек. Ааламда адамзаттын жашоосунун, жүрүш-турушунун улутка, урууга, топко тиешелүү бири-бирине шайкеш келбеген аркыл-аркыл этикалык нормалары бар....

Дүйнөлүк юриспруденциянын оодарылбас-чайпалбас эрежелеринен азыноолак болсо да мисал келтирип көрөйүн...

"Эгерде эки же андан көп адам биргелешип банк урдоону ойлонуштуруп, кылмыштуу бул ойду ишке ашырууда алардын бирөө эле адам өлтүрүүгө чейин барса, анда ал банкты уурдоону пландаштырууга жана карактоого катышкан бардык адамдар, адам өлтүрүүгө түздөн-түз тиешеси бар же жоктугуна карабай, адам өлтүргөнү үчүн күнөөлүү деп табылат...".

"Мыйзамдык жашоо таризи логикага эмес, тажрыйбага негизделет... Ошондуктан, жалпыга кеңири белгилүү фактылар далилдөөнү талап кылбайт жана сот тарабынан далилдөөлөрсүз эле кароого алына берери бардык юриспруденция тажрыйбасында таанылып келет. Буга далилдөөгө муктаж болбогон фактыларга, тарыхый кеңири белгилүү окуялар эң сонун мисал боло алат. Эгер соттошо келсе, бир да бир сот 1961-

жылы орус падышасы Александр 2 крепосттук укукту жойгондугу жөнүндө далилдөө талап кылып, ал учурда АКШнын Президенти Джорж Вашингтон беле, же Англиянын шаасы Георг 3 беле деп мээ кайнатып, эч кимди убайымга салып убара кылбайт.

Эми жогоруда көрсөтүлгөн аксиомаларга дагы бир сүртүм боек кошо кетейин: "Бир да бир сот А.Акаев Кыргыз Республикасынын биринчи Президенти болгонуна, а К.Бакиев 2002-жылы Кыргызстандын Премьер-министр экендигине далил талап кылбайт..."

**Урматтуу депутаттар!**

Аксы трагедиясын объективдүү, акыйкат жана биротоло аягына чыгара чечүү үчүн, бул оор жүктү келечек муундарга оодара салбаш үчүн, күнөөсүз өлтүрүлгөн, майып болгон жана руханий жана дене боюнан жаракат алган жарандарыбыздын саясий мурасын аткаруу үчүн, акыр аягы кыргыз улутун биротоло оңолуп, сакайышы үчүн бүткүл дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, баарыдан мурда мыйзамдарга кылдат таянуу менен көрсөтмөлүү жана ачык-айкын "Абийир сотун" өткөрүүгө милдеттүүбүз.

Мындай эл аралык сот кандай гана бүтүм чыгарбасын, биз кыргыздар аны "кыңк" этпей, эң акыркы чындык катары кабыл алышыбыз керек. Кимдир бирөөнү күнөөлүү деп таптыбы – айыбын тартсын. Ал эми кимдир-бирөө узун-туурасынан акталып чыкса, ага макул болбой, тууган-урукту көчөгө алып чыгуунун кажети болбой калат. Эл аралык трибуналдын өкүмү канчалык катаал болбосун, кыргыздар тарабынан терең түшүнүктүүлүк менен кабыл алынаарына ишеним артып айтып жатам бул сөздөрдү.

Ошондо гана бул жыйынтык бүткүл Адамзатка тиешелүү моралдык жана руханий мыйзамдар жаманчылыкты жеңип, салтанат курат. Мамлекеттик чыныгы бийлик мыйзамдуулуктан сырткары жашабайт, же аны зордуктап, ээр токуп минип албайт, же ал жеке бир адамдын колунда да болбойт. Өлкөнүн ар бир карапайым жараны сымал бардык мамлекет башчылары бул жашоодо кудай алдында да жана мыйзам алдында да жоопкер. Мамлекет деген – кандайдыр бир абстракттуу көрүнүш эмес. Андыктан, мыйзамды бузган

адамдарды эч кандай мандат сактап кала албайт жана актап да кете албайт. Бардык адамдардын укугу да, милдети да бирдей, аракеттери да, жоопкерчиликтери да айырмасыз. Кайсы өлкөнүн кандай гана Президенти болбосун, өз жарандарынын алдында ант берип, милдет аркалаары менен, ал өзүнүн эркиндигин белгилүү бир өлчөмдө чектейт жана кандай гана саясий жаңылыштык болбосун, жоопкерчилик тартууга милдеттүү. Адамзатка каршы кылмыш жасалса, анын андан бетер жоопкерчилиги оор болот.

**Урматтуу мекендештер!**

Эч бир улут биримдиксиз коомдошуп, жашоонун эрежелери боюнча жалпы жарандардын ынтымагы жана бирдиктүү моралы болмоюн түбөлүгү түз жашай албайт. Андыктан, мен, Дооронбек Садырбаев, көп жашап, көптү көргөн карапайым кыргыз жараны жана республиканын Жогорку Кеңешинин үч жолку чакырылышынын депутаты катары, бүгүн олкөбүздүн бардык мекенчил атуулдары менен ак дил жарандарын, демократиялык күчтөрүн Кыргыз мамлекетинин, кыргыз улутунун келечеги үчүн бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, биригүүгө чакырамын. Мен партия лидерлерин, жарандык жана бейөкмот уюмдардын жетекчилерин, ошондой эле ар кандай кландардын акыл-эстүү башчыларын өз кызыкчылыктарын жана жеке амбицияларын жыйыштырып жана мансапсыз кайсыдыр бир режимге эмес, өз элине кызмат кылууга үндөгүм келет. Демократиянын салтанат курушу үчүн бардык акыл-эстүү жана карапайым жердештерими да биригүүгө чакырам! Биздин жарандар да жакшы жашоого, эркин жана акыйкат, бардагер турмуш өткөрүүгө укуктуу. Мына ушундай биримдик үчүн мен өзүмдү курмандыкка чалууга даярмын!..

**Урматтуу депутаттар!**

Эми өз докладымын жыйынтык бөлүгүнө өтүүгө уруксат этиңиздер. Жалал-Абад облусунун мурдагы губернатору, депутат С.Урманаевди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүүсүн Жогорку Кеңештен суранып жазган катында Баш прокурор негизинен көп маселелерди туура аныктаган экен, бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык мамлекеттик

жогорку мүмкүнчүлүктөр берилген кызмат адамдарынын конституциялык, фукнционалдык жана иерархиялык жоопкерчиликтери боюнча акценттери гана так коюлбай калыптыр...

Баш прокурор мындай деп жазат: “Жалал-Абад облусунун губернатору, принцибинде, областтын территориясында мамлекеттин аткаруу бийлигин жетектеген жападан-жалгыз кызмат адамы жана бийликтин бирден-бир өкүлү катарында ага өтө жооптуу орун, уюштуруу-буйрук кылуу жана көзөмөлдөө функциялары, сыяктуу мамлекеттин эң жогорку мүмкүнчүлүктөрү берилгендиктен ал:

1.Чукул кырдаалдардын алдын алуу жана аны болтурбоо чараларын координациялоо жана ишке ашырууга милдеттүү болучу...”.

Биринчиден, Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруучу жыйынынын протоколдук тапшырмасына ылайык, бул функцияларды 2002-жылдын 10-январынан баштап, биринчи кезекте Президенттин администрациясы, өлкөнүн Коопсуздук кеңешинин катчысы, Баш прокуратура, Мамлекеттик катчы, Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасы, Ички иштер министри аткарууга тийиш болгон, ал эми Жалал-Абад облусунун губернаторунун дагы бул иш-чараларга катышуусу сөзсүз керек эле.

Экинчиден, урматтуу Баш прокурор качантадан бери, тынч митинг, пикет, жүрүштөрдү жана демонстрацияларды “чукул кырдаал” деп жүробүз? Же бул термин өздөрүнүн конституциялык мыйзамдуу укугунун негизинде куралсыз, жүрүшкө чыккан аксылыктарга тиешелүү эрежеби? С.Ожегов түзгөн орус тилинин сөздүгүндо Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы жана Кылмыш кодексиндеги юридикалык аныктамаларда сырткы куралдуу агрессияны, же табигый жана техногендик кыйроолорду, суу каптап, сел көчкү жүрүп, өрт чалып, жер титирөө болгондогу абалды “чукул кырдаал” деп коюшат экен. Эгерде Генералдык прокуратуранын баарыга барабар мыйзамды өз билгениндей жоруганына жол бере турган болсок, анда мен “кичинекей Кыргызстандын калкы жана мамлекети үчүн “чукул кырдаал” дал ушундай адилетсиз укук коргоо, соттук жана прокурордук

системанын түзүлүшүнөн башталат" деп айтсам деле болот турбайбы...

Ошондуктан, урматтуу баш прокурор, Жогорку Кеңешке жазган сунуш-катыңызды үргүлжү чиритип алгыңыз келбесе, анын биринчи пунктунда С.Урманаевге коюлуп жаткан айыптоону тезирээк кайта "алып кетиңиз" деп кеңеш берер элем.

2. "Мамлекеттик жана коомдук тартипти катуу сактоону жана жарандардын укуктарын, эркиндиги менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууну көзөмөлдөө жана ишке ашыруу...".

Бул, биринчиден, бийликтин борбордук аткаруу бутактарынын Баш прокуратуранын, Улуттук коопсуздук кызматынын, Президенттин администрациясынын функционалдык милдети, анан да, албетте, жергиликтүү мамадминистрация да мындан четте калбашы керек эле.

3. "Аксы районундагы коомдук-саясий оор абалды жеңилдетүү жана туура нукка салуу маселесинде облустун бардык мамлекеттик органдарынын бирдиктүү жана өз ара аракеттенүүсү, эл алдында жоопкерчилиги, облустун коомдук ички саясий коопсуздугун коргоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, комплекстүү иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу..."

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын пленардык заседаниесинен кийин 2002-жылы 10-январдан баштап, Жалал-Абад облусунун губернаторун андай көзөмөлдөөнүн жана башкаруунун бардык рычагдарынан четтетип салышса, ал бул функцияларды кантип аткарышы мүмкүн эле? Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен облустук бардык күч структураларынын координатору болуп Жалал-Абад облусунун прокурору З.Кудайбергенов дайындалып, андан соң Премьер-министрдин токтому менен областтагы "жетекчилик" ИИМ министринин орун басары К.Садиевге жүктөлүп жатпайбы. Облустук мамадминистрациянын жетекчиси оперативдүү штабдын жетекчисине баш ийип калган соң, республиканын Премьер-министринин 2002-жылы 17-марттагы токтому менен С.Урманаевге болгону региондун аксакалдары менен сүйлөшүү

милдети гана тапшырылган. 2002-жылдын 17-мартындагы Премьер-министр кол койгон протоколду окуңуз.

Жергиликтүү администрациянын жетекчисин күнөөгө жыгуу аракетин жасоонун алдында ар бир мамчиновниктин укугун жана милдетин тактаган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын статьяларына таянуу керек эле.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана мамлекеттик администрациялары жөнүндөгү" мыйзамынын 63-статьясынын экинчи пункту мындай дейт:

"Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы мамлекеттик бийлик органдарынын бардык бутак-шагынын ишмердүүлүгүн координациялайт, сот, прокурор, мамлекеттик органдардын, улуттук коопсуздуктун жетекчилеринен башканын баарын дайындоого макулдугун берет.

Бул мыйзамга ылайык, губернатор өзү өтө каалап, жулунуп-жулкунса да, күч структураларынын эч кимисине кенедей дагы таасир эте алмак эмес, андыктан, бул пункт боюнча анын аракеттеринен кылмыштин изин табуу кыйын. Ал кезде жаралган коомдук-саясий оор абалды жеңилдетүүгө, негизинен, А.Карыпкулов, М.Ашыркулов, Б.Жанузаков, Т.Акматалиев, К.Иманкулов, Ч.Абышкаев жооптуу болушу керек эле. Дал ошолорго баш ийген облустук уюмдар абалдын жагдайын күн сайын үзгүлтүксүз байма-бай билдирип турушкан.

Мындан сырткары Республиканын Баш прокурору Жогорку Кеңешке жазган катында Жалал-Абад облусунун мурдагы губернатору С.Урманаевге "А.Бекназаровдун баш коргоо чарасын озгөртүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүнүн, саясий партиялардын жана коомчулуктун көптөгөн кайрылууларына кош көңүл мамиле кылгандыгы... үчүн" деген күнөө жабууга аракеттенген.

Урматтуу Баш прокурор! Сиз бул жерде саал-паал "аша чаап" кетипсиз. Анткени, мамлекет башчысынын ааламга карай турган адилет көзү делинген жападан жалгыз адамга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так билбегендик, алгылыктуу аброй алып келбейт экен. Баш прокурор мырза, Сиз жакшылап угуп, жадыңызга түйүп алыңыз, Жогорку Кеңештин жаңыдан шайланган жаш депутаты түгүл, юридикалык факультеттин 1-

курсунун студенти дагы кимдир-бирөөнүн баш коргоо чарасын өзгөртүп бериңиз деген отүнүч менен Президентке да, Премьер-министрге да, губернаторду биякка кой, участкалык милиционерге да кайрылбайт. Бул аксиоманы башкалар билбесе да, сиз сөзсүз билишиңиз керек эле. Мындайда депутаттар прокурорго же сотко кайрылат. Андыктан, А.Бекназаровдун баш коргоо чарасын өзгөртүп бериңиз деп, С.Урманаевге бир дагы депутат, кайрылган эмес, кайрылбайт жана кайрылышы мүмкүн эмес, бул прокуратуранын коридорлорунда айтылып жүргөн адаттагы жөө жомогунун бири болсо керек.

4. "Облустагы коомдук-саясий абал боюнча объективдүү аналитикалык маалыматтарды жана ошондой эле ички саясат боюнча көрсөтүлгөн проблемалуу маселелер боюнча керектүү сунуштарды даярдоону жана жетекчиликке киргизүүнү камсыз кылуу.

– Бул – мамлекеттик катчынын жана анын маалымат бригадасынын бирден-бир функционалдык милдети жана өзгөчө ыйык парзы.

5. "Облустук жана райондук деңгээлдеги аткаруу бийлигинин милдеттик органдарына жана анын кызматкерлерине, областТын укук коргоо органдарынын жетекчилигине жана башкаларга, Аксы районунун мамлекеттик администрациясынын башчысына Аксыдагы абалдын курчушуна жол бербөө жана нормалдаштыруу боюнча керектүү тапшырмаларды берип, атайын милдеттерди аткартыш керек эле".

– Бул дагы Президенттин администрациясынын жана Өкмөт аппаратынын милдети.

6. Мамлекеттик бардык органдардын өлкөнүн ички саясатынын башкы багыттарын ишке ашыруусуна, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын аткаруусуна көзөмөлдүк кылуу жана башкаруу боюнча өз милдеттерин жүргүзүп, жергиликтүү мамлекеттик органдардын жетекчилеринин укук сактоо түзүмдөрүнүн ишмердүүлүгүндө учурдагы кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүүсү керек эле".

Бул Президенттин администрациясынын, Өкмөттүк жана Генералдык прокуратуранын Конституциялык милдеттери.

7. "Облустун тийиштүү мамлекеттик органдарынын өз ара биргелешип иштешин координациялап, алардын коомдук-саясий абалды балоо боюнча уюштуруу-башкаруусун керектүү деңгээлде камсыз кылып, окуянын өнүгүшүн прогноздоп, жаралган озгөчө кырдаалдарды басуу боюнча алдын алган чараларды көрүшү керек эле".

Бул дагы Президенттин администрациясынын, Өкмөттүн жана Улуттук коопсуздук кызматынын күн сайын, ай сайын тынымсыз жүргүзө турган функционалдык милдети.

8. "Облустун аймагындагы коомдук тартипти камсыз кылуу жана коомдук-саясий абалдын начарлашына персоналдуу жоопкерчилик гартуу...".

Мындай жоопкерчиликти каргашалуу окуя мамлекеттин кайсыл гана бир чегинде болбосун, биринчи кезекте, Президент А.Акаев, Премьер-министр К.Бакиев тартышы керек. Алар өз кызматтарынын абалынын бийиктигине жана функционалдык милдеттерине жараша тез аранын ичинде тийиштүү жыйынтыктарды чыгарышы, ыкчамдатылган чечимдерди кабыл алып, окуянын алдын албаган жана ага жол берген республикалык, облустук жана райондук масштабдагы бардык чиновниктерди, алардын ичинде Жалал-Абад облусунун губернатору С.Урманаевди да жазалашы керек болуучу.

**Урматтуу депутаттар!**

Парламенттик комиссия Кыргыз Республикасынын Баш прокуратурасынын, "депутат С.Урманаевдин кол тийбестигин алып таштап, кылмыш жоопкерчилигине тартууга Жогорку Кеңештен макулдук сураган сунушун "карап чыгып, 2002-жылдын 17-19- мартында болуп өткөн "Аксы окуясына" тиешелүү бардык материалдарды кылдат текшерүүдөн өткөрүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, өлкөнүн аракеттеги мыйзамдарына таянып жана жалпы адамзатка тиешелүү дүйнөлүк тажрыйбаларды эске алып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди.

1. Кыргыз Республикасынын Генералдык прокуратурасына сунуш кылынсын.

1). Аксы районунун куралсыз келе жаткан калкына ок атуу фактысы боюнча кылмыш иши козголсун.

2. Жалган маалыматтарды таратуу менен карапайым калкты тескери багытка азгырып жана жаштарды ээликтирип, тараптарды кагылышууга алпарган жагдайдын башкы идеологдору болгон, мурдагы мамлекеттик катчы **Осмонакун Ибраимовду**, мурдагы ички иштер министри **Темирбек Акматалиевди**, мурдагы генералдык прокурор **Чубак Абышкаевди**, улуттук телерадиокомпаниясынын мурдагы президенти **Бейшенбек Мамбетакуновду**, "Кыргыз Туусу" гезитинин мурдагы баш редактору **Абдиламит Матисаковду**, "Эркин Тоо" гезитинин мурдагы баш редактору **Эсенбай Калдаровду**, журналисттер **Нышанбек Кочкоров**, **Бекбай Алыкулов**, **Үсөн Касыбеков**, **Кален Сыдыкова**, **Данил Кыштообаевди** кылган кылмышынын салмагына жараша жоопко тартсын.

3. Аракеттери жана аракетсиздиктери адамдардын өлүмү менен коштолгон өтө оор натыйжаларга алып келген "Аксы окуясынын" каргашасын уюштуруучулар, уюштурууга шерик болгон, жана аларга жардам бергендер катары төмөндөгү аты аталган чиновниктерди жоопко тартууга кылмыш иши козгосун:

Президенттик администрациянын мурдагы жетекчиси **Аманбек Карыпкуловго**, Президенттик администрациянын жетекчисинин мурдагы орун басары **Болот Жанузаковго**, Аксы районунун мамлекеттик администрациясынын мурдагы акими **Шермамат Осмоновго**, мурдагы вице-премьер **Курманбек Осмоновго**, мурдагы вице-премьер **Николай Танаевге**, Улуттук коопсуздук кызматынын мурдагы төрагасы **Калык Иманкуловго**, Улуттук коопсуздук кызматынын Жалал-Абад облустук башкармалыгынын начальниги **Таштан Мамбеталиевге**, Улуттук коопсуздук кызматынын райондук бөлүмүнүн начальниги **Б.Абдразаковго**, республиканын ички иштер министринин мурдагы орун басары **Садырбек Дубунаевге**, республиканын ички иштер министринин мурдагы орун басары **Калмурат Садиевге**, Бишкек шаардык ички

иштер башкармасынын мурдагы начальниги, республиканын ички иштер миинстринин мурдагы орун басары **Кеңешбек Дүйшөбаевге**, Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын мурдагы начальниги **Кубанычбек Токобаевге**, Жалал-Абад облустук ички иштер башкармалыгынын кылмыш ишин изилдей турган бөлүмдүн мурдагы начальниги **А.Ракишевге**, Аксы райондук ички иштер бөлүмүнүн мурдагы начальниги **Данияр Кулуевге**, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун мурдагы орун басары **Ж.Досматовго**, өлкөнүн коопсуздук кеңешинин мурдагы катчысы **Мисир Ашыркуловго**, республиканын мурдагы генералдык-прокурорлору Мыктыбек Абдылдаевге жана **Камбаралы Конгантиевге**, ("Аксы окуясы" боюнча кылмыш ишин негизсиз жаап салышкандыктары үчүн), генералдык прокурордун мурдагы орун басары **Курмантай Абдиевге**, Жалал-Абад облусунун мурдагы прокурору **Зоотбек Кудайбергеновго**, Жалал-Абад облусунун прокурорунун мурдагы орун басары **Д.Момуновго**, Жалал-Абад облустук прокуратуранын мурдагы начальниги **С.Мамыровго**, Жалал-Абад шаарынын мурдагы прокурору **Р.Усукеевге**, Жалал-Абад облусунун прокурорунун мурдагы орун басары **Э.Жунусовго**, генералдык прокуратуранын мурдагы тергөөчүсү **Э.Төрөкуловго**, Токтогул районунун мурдагы прокурору **Р.Сатаровго**.

2.Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш кылынсын:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жазылган, жарандардын жашоо укугун, тынч митинг өткөрүү, жүрүш жасоо, эркин жүрүү жана башка укуктарын камсыз кыла алышпагандыктары үчүн мамлекеттик жогорку кызмаьарды ээлеп турган азыр кол тийбестик иммунитети бар төмөнкү жетекчилерди мындан ары кылмыш жоопкерчилигине тартуута аларды кол тийбестик иммунитеттен ажыратуу маселеси Жогорку Кеңештин пленардык заседаниесинде добушка коюлсун:

Кол тийбестик иммунитети алынып салынсын:

а) Кыргыз Республикасынын экс-президенти **Аскар Акаевич Акаевден**;

б) Кыргыз Республикасынын азыркы Президенти **Курманбек Салиевич Бакиевден**;

в) Азыркы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасы **Курманбек Эргешович Осмоновдон**.

2. Жогоруда аты аталган адамдардын бардыгынын тизмеси юридикалык нормалардын так сакталышы менен эл аралык сот уюмдарына өткөрүп берүүгө даярдалсын.

3.Депутат С.Урманаевди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук берүү маселесин кароо азырынча токтотула турсун жана Парламенттик комиссиянын сунуштарын генералдык прокуратура толук аткаргандан кийин, Жогорку Кеңеш бул маселени кароого кайрадан кайрылсын.

Мен бүттүм. Көңүл бурганыңар үчүн рахмат.

P.S. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик комиссиясынын дээрлик бардык мүчөлөрү колдоду.

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгын толугу менен колдогон комиссия мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары:

1. Абдылдаев Н. Т.
2. Байболов К. К.
3. Карабеков К. Ж.
4. Нышанов С. К.
5. Шерниязов Б. Э.
6. Садырбаев Д., Комиссиянын торагасы

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгына өзгөчө пикир билдирүү менен кол койгон комиссия мүчөлөрү, Жогорку Кеңештин депутаттары:

1. Жолдошбаев К.
2. Малиев А. К.
3. Мамасаидов М.

Парламенттик комиссиянын жыйынтыгына комиссия мүчөсү Жогорку Кеңештин депутаты Коркмазов Х.З. кол койгон жок.

# СУД ЧЕСТИ

“Дорогие соотечественники! Уважаемые коммунисты! Я знаю, какой гнев, какие мыслимые и немыслимые беды обрушатся на мою голову после моего сегодняшнего выступления, только, подобно древнегреческому мудрецу Аристотелю, который обреченно произнес: “Платон – друг, но истина дороже!”, и я вынужден повторить эти слова сейчас ради будущего моего народа, ради будущего моей партии, если даже эти мои высказывания будут стоить мне жизни”. Приблизительно так начинал 17 лет назад свое историческое выступление, развенчавшее тогда архигрязные дела руководителя самой могущественной организации не только в Кыргызстане, но и во всем Советском Союзе Комитета Государсвенной Безопасности Республики Рябоконя В.А., мой ровесник и одноклассник – царство ему небесное! – Абдразак Кадырматович Султанов на пленуме Центрального Комитета коммунистов Кыргызстана.

Да, дейсвительно, он как в воду глядел, его моментально сняли с должности заведующего отделом и лишили членства Центрального Комитета Компартии Киргизии. И сразу же, как всегда, куда-то исчезли, испарились, чисто по-кыргызски, друзья и товарищи, которые буквально накануне клялись в верности: быть вместе и в горе, и в радости, и которые так настоятельно рекомендовали ему выступить против охамевщего наместника “Москвы” – руководителя всесильного КГБ Республики.

Вскоре не стало и самого моего незабвенного друга.

Правда, его не расстреляли в упор как Баямана Эркинбаева или Жыргалбека Сурабалдиева, не посадили за решетку как Т.Тургуналиева и Ф.Кулова, но создали вокруг него такие невыносимые условия, запустили такие грязные сплетни,

похлеще, чем когда Иуда предавал Иисуса, и не просто отравили ему всю душу – как оказалось, широкомасштабной оголтелой клеветой остановили сердце гордого человека, достойного сына своего народа.

И я, пока еще депутат Жогорку Кенеша Кыргызской Республики Дооронбек Садырбаев, отчетливо сознаю, что после сегодняшнего своего выступления и на мою голову обрушатся все те же и человеческие, и скотские гадости от разных там телевизионных киллеров, придворных юристов-мелодистов и политтехнологов, "малиновых" журналюг, ну и, конечно, достанется мне от мерзких людишек, угробивших и распродавших всю верховную власть в Кыргызстане в начале 21 века.

Единственным утешением, воодушевляющим меня на такой непростой шаг, является то, что я на целых 17 лет пережил своего ровесника и друга, а потому мне уже не страшны ни "разъяренный бык", ни "ужаленная оводом корова", и даже ни многоцветные "матрешкины гейты" от КГБ, которые, наверное, способны кому-то изменить судьбу... Но только не мне. Я же, как говориться, сам слепил свою судьбу, да и по возрасту уже вышел на финишную прямую...

Кроме того, я являюсь председателем парламентской комиссии и прекрасно понимаю, что "Аксыйские события" стали для современного Кыргызстана своего рода лакмусовой бумажкой государственной стабильности. Любое отступление от истины, от реальности, от общеизвестных правил человеческой морали в расследовании причин этой кровавой трагедии может вновь аукнуться всенародными волнениями. Последствия могут стать необратимыми: гражданские неповиновения, массовые пикеты, митинги, шествия...

Как видите, альтернативы объективному расследованию этих событий и выявлению в конце концов непосредсвенных виновников этого преступления сегодня просто-напросто нет... Поэтому я предлагаю в качестве генеральной линии своего выступления использовать старокыргызскую пословицу: **"Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок"**, смысл которой в следующем: "У справедливого судьи не

бывает дальних и близких родсвенников, а если они есть, то тогда у него отсутствует совесть".

Вновь возвращаясь к "Аксыйским событиям", мне очень хочется, чтобы вы восприняли меня самым настоящим Арлекином – **"без рода и без племени, без имени и судьбы"**.

А потому, дорогие коллеги, не очень строго судите меня сегодня за Арлекина, а лучше благословите на это выступление.

Бисмилля рахман рахим!

С Богом!

Уважаемый Торага, Марат Абдразакович!

Уважаемые депутаты и гости!

Многострадальный народ Кыргызстана!

Кажое поколение хочет знать только истину, и непременно – настоящую истину. Ради нее человек готов пожертвовать самым дорогим для себя – собственной жизнью. Ради будущего своего народа, собсвенно ради и нашего настоящего, мы должны и обязаны сказать всю Правду, как бы больно и тяжело нам не было! Только так, только через покаяние, через очищение можно и нужно решать наши же с вами собственные ошибки и избавляться от заблуждений. Потому что, если мы сейчас не решим наши проблемы, то завтра последующим поколениям придется все равно их решать. Нельзя загружать своими не всегда разумными проблемами ни в чем неповинных наших детей и внуков. У них будут свои проблемы, и задач будет предостаточно. И я двумя руками, душой и сердцем абсолютно солидарен с великим русским философом современности Александром Солженицыным, который очень точно заметил: **"лишь чувство осознанной, доброволно признанной вины может быть залогом выздоровления нации..."**.

Молодые люди, расстрелянные 17-19 марта 2002 года в Аксыйском районе своим же родным кыргызским государством, взывают сегодня к нашей совести и требуют – за себя и за десятки, сотни раненных, покалеченных и избитых в последующие годы соотечественников – **Суда Чести!** Другого пути, видно, у них, да и у нас, наверное, уже и нет. Они требуют неотвратимого и справедливого наказания для тех, кто совершил, по сути, **преступление против человечества!** Это,

на мой взгляд, и есть их **политическое завещание.** Это и есть та **Правда,** и та **Истина,** которую мы обязаны просто с вами сказать. Давайте научимся называть вещи своими именами и давать трезвую и точную оценку хотя бы прошедшим событиям.

Мы говорим “трагические события”. Нет, и еще раз нет! Это не просто “событие”, и не просто “трагедия”. Это целенаправленное, **самое чудовищное преступление государства против собственного народа!** Это заранее подготовленный расстрел безоружных граждан режимом Акаева, руками его приспешников, прихлебателей, которые ради разграбления народного добра были готовы убивать своих же соплеменников. Об этом ясно и однозначно говорят все те документы, которые оказались в распоряжении нашей парламентской комиссии. И я, как ее председатель, убежден, что сегодня нельзя, чтобы не сделать еще одну роковую ошибку, решать судьбу любого человека, обвиняемого в преступлении, будь это депутат С.Урманаев или простой сантехник, или будь это даже безымянный бомж, без тщательного и всестороннего изучения всех глубинных причин произошедщего.

Вспомните, уважаемые депутаты! “Легендарный” кыргызский Парламент в 1993 году собственноручно передал все государственные “ключи” властных замков одному человеку. Тем самым Парламент фактически отдал неограниченную власть в одни руки, то есть сам же “благословил” будущий авторитарный режим. А потом еще сделал его гарантом Конституции. Чтобы он гарантировал, прикрываясь Основным законом страны, свое благополучие, сытую жизнь своей Семьи и своих прихлебателей. Аскар Акаевич, надо признать, гениально воспользовался этим правом. Искусно создавал, беспрерывно на людях декларируя идеи демократии, свой особый “тихий авторитаризм”, который потом обернулся банальным семейно-клановым режимом. А всякий авторитаризм, тихий он или агрессивный, и всякий семейно-клановый режим, как мы все хорошо знаем, может держаться только на преступном насилии. **Преступном, потому что законы при таком режиме, естественно, не**

**работают, а если они и работают, то только на пользу и в угоду власти.**

Поэтому акаевскому режиму, в конце концов, было просто наплевать на какие-то никчемные права людишек Кыргызстана. Поэтому и продавались за валюту все "масло-хлебные" кресла в государстве, вплоть до силовых ведомств. **Коррупция стала образом жизни, "визитной карточкой" и главным источником прожиточного минимума чиновноков всех звеньев и всех уровней.** Если за рубежом стараются все же тщательно скрыть факт воровства, то у нас воровства стало откровенным бахвальством и своего рода "героизмом".

Акаевский режим к 2000 году уже стал агонизировать, и все его приспешники были готовы с оружием в руках отстаивать награбленное и защищаться от публично выраженного гнева и недовольства собственного народа. Этот режим прекрасно понимал, что недовольство творящимся беспределом могло проявиться в любом месте Кыргызстана. И заранее готовился к тому, чтобы силой и провокациями подавлять волеизъявление народа на мирных митингах. Какое же тогда определение мы можем дать такому режиму, который, чтобы любыми средствами удержать власть, противостоит собственному народу? **Только – преступный и только – антинародный!**

Уважаемые депутаты! Почему я, как председатель парламентской комиссии, в своем докладе делаю упор на политической оценке "Аксыйских событий"? Я абсолютно убежден, если мы действительно хотим **Правды,** хотим, чтобы **Истина** восторжествовала, хотим **Справедливости,** хотим найти и наказать виновных,то тогда мы должны признать, что корни этого злодеяния лежат только в политике. "Аксы", я это со всей ответственностью заявляю с высокой трибуны Жогорку Кенеша – **Политическое преступление,** которое совершило государство 17-19 марта 2002 года. **И с юридической, и с моральной стороны его надо квалифицировать как преступление против человечности.** Вот только тогда мы можем спасти и свою **Честь и Честь невинно убиенных.**

Ведь именно об этом взывают к нам шесть погубленных душ кыргызов, которые просят, чтобы живые спасли хотя бы их **Честь.** Поэтому это дело и должно стать **Судом Чести,** если мы,

живые, действительно хотим спасти их невинные души, хотим спасти и свои души...

Именно поэтому наш горемычный народ уже больше пяти лет волнуется и требует внесения полной ясности и наказания главных виновников этого преступления. По той простой причине, что в любой момент “Аксы”, преступление отдельной группы людей против человечности, может повториться в любое время и в любом месте Кыргызстана. И повторится оно наверняка, не дай Бог, уже более крупных и кровавых масштабах. Потому что “Аксы” – это не случайность, это закономерность, которая проявилась в местечке “Боспиек”.

Я хочу здесь, в этих стенах, дорогие соотечественики, еще раз озвучить имена расстрелянных молодых людей, павших от рук “жандармов” кыргызского государства:

**Уркумбаев Сатимбай,** 1957 года рождения, погиб 17 марта 2002 года при обстреле у села Боспиек на центральной дороге. (Кстати, С.Уркумбаев до последнего своего вздоха всем, с кем хоть на миг соприкасался, многократно повторял, что в него стрелял Баймурат Абдразаков – начальник районного отдела Службы национальной безопасности – из своего пистолета. Удивительно, что следствие не обратило внимания на этот неопровержимый факт).

**Сапаралиев Кадыркул,** 1965 года рождения, погиб 17 марта 2002 года при обстреле усела Боспиек на центральной дороге.

**Четинбаев Эркиналы,** 1971 года рождения, погиб 17 марта 2002 года при обстреле усела Боспиек на центральной дороге.

**Тагаев Советбек,** 1977 года рождения, погиб 17 марта 2002 года при обстреле усела Боспиек на центральной дороге.

Эти фамилии хорошо известны общественности республики. А теперь позвольте мне назвать имена еще двух людей, погибших в эти дни действительно не своей смертью. Их имена официальная власть почему-то до сих пор произносит сквозь зубы.

Это:

**Бекмуратов Медетбек,** который в ночь с 17 на 18 марта 2002 года был до смерти забит озверелыми сотрудниками правоохранительных органов района. По словам очевидцев, он

был убит за отказ выполнить приказ "тайфуновцев" или, может быть, "барановцев". Их чудовищный замысел был таков: чтобы скрыть об общественности республики свои злодеяния, по горячим следам, они руками случайных молодых людей, задержанных милиционерами, "латали" трупы и приводили их в "вещдоковский" вид, чтобы потом отвести обвинения от силовых структур. огнестрельные ранения-пулевые отверстия-заставляли увеличивать арматурами, раскраивали камнями и другими тупыми предметами черепа трупов и места ранений. Кстати, работники моргов отказывались делать такие "зверские операции", несовместимые с человеческой психикой... Вот за такой отказ и был забит до смерти Бекмуратов М.

**Уметалиев Эльдияр.** Юноша, просто проходивший по улице, был зверски расстрелян 18 марта милиционерами, которыми уже руководил генерал-милиционер К.Садиев под одобрительным наблюдением другого генерала-прокурора К.Абдиева. Милиционеры в масках долго и упорно гонялись за ничего не понимающим школьником, сельским пацаном, по улицам районного центра на милицейском УАЗике, словно охотились за какой-то дичью, взяли его самым настоящим измором, и в конце концов пристрелили... Хладнокровно пристрелили, через 60 лет повторив злодеяния отморозков – гтилеровских фашистов, гестаповцев, которые совершили в свое время преступление не только против человечества, но и преступление против самого Всевышнего...

Заметьте, уважаемые депутаты, М.Бекмуратов и Э.Уметалиев были убиты, когда Премьер-министр страны К.С.Бакиев подписал протокол о введении в действие планов "Тайфун" и "Буран", назначил руководителем оперативного штаба правоохранительных сил Жалал-Абадской области генерала К.Садиева, наделив его широкими полномочиями вплоть до подчинения ему руководителей районных, областных государственных администраций, и направил его в Аксы вместе с заместителем генерального прокурора К.Абдиевым, чтобы тот собственноглазно надзирал за неукоснительным соблюдением законов Кыргызской Республики. Что из этого вышло, мы знаем на примере убийства школьника Э.Уметалиева и на пулевых ранениях пацанов-школьников (ученика 8-го класса

Шукуруллы Байматова, ученика 11-го класса Санжара Кутманова) и многих других, около 50 человек из Аксыйского района, также получивших огнестрельные ранения и телесные повреждения различной тяжести. Сохранились свидетельские показания и частичная видеосъемка, где видно как служители правоохранительных сил избивают задержанных в Кербене молодых людей до потери сознания, потом приводят их в чувства, обливая из ведер холодной водой, потом снова избивают их, до тех пор, пока эти бедолаги не начинают давать "нужные и правильные" для милиции показания. (Почему-то органы прокуратуры или вовсе не возбудили уголовных дел, или необоснованно прекратили их по этим фактам). Не было возбуждено уголовного дела и по факту "одномоментного получения различных телесных повреждений, о чем около 20-ти раненных "добровольно" написали в своих объяснительных, вследствие массового "падения" аксыйцев с яблонь. Понятно, что К.Садиев и К.Абдиев не очень-то знакомы с местными обычаями, но капитан районной милиции Ниязматов, который особо усердствовал в получении таких маразматических показаний, наверняка может объяснить нам: зачем аксыйцы **в марте месяце (!)** вдруг дружно полезли на яблони?! В это время, как известно нормальным людям, на яблонях не бывает не только плодов, но у них и цветы не цветут. А может быть, их просто "заставили" залезть на яблони, чтобы заранее подготовить оправдательные алиби для милиции в отношении телесных повреждений и различных ранений?..

Хотя на мой запрос о введении планов "Тайфун" и "Буран" в 2002 году пришел официальный ответ **19.07.2007 г.** за подписью министра внутренних дел Б.Ногойбаева. Вот что он пишет: "На Ваш запрос сообщаю, что планы "Тайфун" и "Буран" МВД Кыргызской Республики в 2002 году в действие не вводились. Кроме того, план "Тайфун" 2002 года был уничтожен по акту Управлением общественной безопасности (УОБ) МВД КР за №1-33с от 13 мая 2002 года. Вместо него УОБ МВД КР был разработан и утвержден новый план под названием "Щит". Все планы ежегодно обновляются, а старые уничтожаются...".

Но позвольте, уважаемые депутаты, привести другой ответ на тот же мой запрос, присланный за подписью первого заместителя руководителя Аппарата Правительства М.Сатыбекова от того же числа **19.07.2002 г.:** “В соответствии с Вашим запросом направляем копию Протокола совешания у Премьер-министра от 17 марта 2002 года №31-23, на котором был обсужден вопрос “Об осложнении оперативной обстановки в населенных пунктах Аксыйского района Джалал-Абадской области”.

Я зачитаю несколько пунктов из решения данного протокола, подписанного собственноручно тогдашним. Премьер-министром Кыргызской Республики К.Бакиевым:

"В целях локализации обстановки, возникшей в Аксыйском районе, образовать оперативный штаб из числа представителей правоохранительных органов,... а министерству внутренних дел Кыргызской Республики:

– задействовать Планы "Тайфун" (локализация массовых беспорядков) и "Буран" (защита административных зданий);

– направить к месту происшествия отряды спецназа в количестве, необходимом для решения задач, вытекающих из обстановки..."

Этот вышеуказанный приказ официально подтвержден документом, который был прислан в Законодательное Собрание Жогорку Кенеша Кыргызской Республики бывшим министром внутренних дел Т. Акматалиевым 1.04.2002 г. за номером 1-1029. В нём бывший министр пишет: "...МВД Кыргызской Республики издан приказ № 03 от 17 марта 2002 г. "О мерах по пресечению и ликвидации массовых беспорядков в Джалал-Абадской области". В соответствии с решением совещания у Премьер-министра Кыргызской Республики № 31-23 от 17 марта 2002 г. для осуществления руководства силами и средствами ОВД и ВВ по введению в действие операций "Тайфун" и "Буран" в Джалал-Абадскую область был откомандирован заместитель министра генерал-майор милиции Садиев К.С, который назначен руководителем оперативного штаба правоохранительных органов госадминистрации Джалал-Абадской области и Аксыйского района...". Кроме того, Т. Акматалиев подробно излагает все проведенные

мероприятия правоохранительными силами, действовавших в соответствии с планами "Тайфун" и "Буран". Он, в частности, указывает: "...в Аксыйский район для устранения конфликта было откомандировано 1521 сотрудников ОВД и военнослужащих ВВ с необходимым количеством табельного оружия: автоматов– 506 шт., пистолетов – 193 шт. .. .В ОВД Джалал-Абадской, на 17 марта, имелись следующие спецсредства: ЖЗЛ (жилет защитный, легкий) – 50 шт., изделия ПР (палка резиновая) – 270 шт., щиты – 330 шт., по Аксыйскому РОВД: ЖЗЛ – 3 шт., изделия ПР – 20 шт., щиты – 10 шт."... (Помилуйте, господа-чинуши, где это видано, чтобы столько оружия и спецсредств было направлено против разгона 200 - по официальной версии - безоружных пикетчиков?! Ведь такой "подготовки" и такого "оперативного" действия не было сделано даже в "знаменитой баткенской операции" в отношении отъявленных бандитов-отморозков, нарушивших государственную границу, а тут – против собственного народа брошено столько милиционеров с таким количеством табельного оружия!).

А вот еще один конкретный, с визой, как положено, документ (из приложения №1 стр. 5-6), в котором начальник УВД Джалал-Абадской области К. Токобаев взял и, не дожидаясь указаний ни министра, ни Премьер-министра, собственным приказом ещё 15 марта 2002 г. практически ввел в действие планы "Тайфун" и "Буран". Таким образом, становится понятно, почему К.Токобаев 17 марта встретил идущую толпу в сторону поселка Кербен не один и не "с пустыми" руками.

После вышеуказанных фактов, уважаемые депутаты, у меня просто иссяк запас крепких ругательных слов. Да и выматериться уже не могу (даже три буквы не идут в голову) - настолько я ошарашен очевидным обманом самых высоких руководителей силовых структур... Если верить господину Б.Ногойбаеву, который сегодня утверждает, что планы "Тайфун" и "Буран" в 2002 году в действие не вводились, тогда, спрашивается, а кто вечером 17,18 и 19 марта 2002 года "локализовывал" массовые беспорядки" и защищал "административные здания"? А кто тогда убивал, пытал,

избивал людей ночью 17, 18 и днем 19 марта? По словам Б.Ногойбаева получается, что сами аксыйцы ни с того, ни с сего вдруг начали "мочить" друг друга, стрелять на поражение в своих же детей... А с другой стороны напрашивается резонный вопрос: а кто в таком случае позволил тогдашнему министру внутренних дел Т.Акматалиеву не выполнять распоряжение самого Премьер-министра, и не задействовать планы "Тайфун" й "Буран"? Может, какое-нибудь наказание последовало в то время непослушному министру за его такую самодеятельность?

Если же верить другому новоиспеченному "защитнику" Президента К. Бакиева господину А. Абдугапарову, его советнику, который по старой своей привычке, как в эпоху А.Акаева, вновь отчаянно пытается ввести в заблуждение общественность (слава Богу, что он сегодня не генеральный прокурор, хотя буквально недавно реально претендовал на этот пост), жонглируя недостоверными фактами, даже не подозревая, наверное, что в данном конкретном случае он оказывает своему новому хозяину поистине медвежью услугу. Он утверждает в своем интервью в газете МСН от 24.08.2007 г.: **"Протокол совещания** (17 марта 2002 года - авт.) **был оформлен задним числом".** Но, господин Абдугапаров, Вы же юрист, и Вы обязаны знать, что подписание задним числом особо важного государственного документа, за которым стоят человеческие жизни, не только не освобождает от ответственности, но и усугубляет вину бывшего Премьер-министра. Ведь это самый настоящий служебный подлог. Слово подлог, как известно, образуется от слова подлость (другой его смысл – двуличие). Говоря простым языком, он тем самым совершил "служебную подлость". А вот Уголовный кодекс Кыргызской Республики сухим и официальным языком в **ст. 315** указывает:

**"Служебный подлог, то есть внесение должностным лицом, а также государственным служащим или служащим органа местного самоуправления в официальные документы заведомо ложных сведений, а равно внесение в указанные документы исправлений, искажающих их действительное содержание, если эти деяния совершены из корыстной или иной личной заинтересованности,**

**наказывается штрафом в размере от ста до двухсот минимальных месячных заработных плат с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет или лишением свободы на срок до двух лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет".**

Так какое наказание, господин Абдугапаров, Вы приготовили для своего нового шефа: штраф с ограничением права занимать определенные должности, или лишение свободы? Ей-богу, я не злорадствую, честно говоря, я даже не стану возражать, если Вы на пару с К.Бакиевым добровольно выберите любое из вышеперечисленных наказаний "за служебную подлость"...

Уважаемые депутаты! Повторюсь, у меня просто нет слов... Если честно, я не знаю, кому верить, настолько заврались высокопосаженные современные кыргызские чиновники, что они сегодня уже не помнят, чем вчера занималась правая, а чем левая рука? Полноте, господа! Всему должен быть предел, даже махрово-кыргызскому вранью...

Врет милиционер, обманывает прокурор, лжет судья и даже Премьер-министр не прочь лапшу навешать на уши, если подвернётся удобный случай.

Вот и наш с вами экс-президент сейчас пытается обелить себя перед народом. Пишет "послания" народу и утверждает, что он невиновен, мол, во время расстрела мирных митингующих его на месте не было. Господин экс-президент, как всегда, лукавит, а если говорить прямо – морочит голову своим соотечественникам. Еще в январе 2002 года, когда развёртывалась "увертюра" будущих событий в Аксы, он был на месте, в своем уютном кабинете на 7-ом этаже кыргызского Белого Дома. Президент мог тогда одним движением руки или одной лишь фразой прекратить ту мышиную, но, как оказалось позже – кровавую, возню вокруг А.Бекназарова, фактически еще за 2 месяца до "Боспиекского расстрела" он мог изменить ситуацию, если бы прислушался к просьбам 35 депутатов Законодательного Собрания Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, письменно требовавших прекратить

"УПВР деген уюмдун кызматкерлери бериптир" деп 3 мин доллар акчасы, 100дөн ашык запас паспорту менен аларды кармап, айдап кетип, үч күндөн кийин кайра коё берүү үчүн Улуттук коопсуздук кызматынын оперкызматкерлери жанагы "УПВРчилердин" ар биринен канчадан пара алганын болжолдоп болсо да айта аласызбы?

Эгерде андай эмес болсо, УПВРдеги бейкүнөө кызматкерлерди камап коюуга УКНнын оперкызматкерлеринин кандай укугу бар эле? Ал бейкүнөө кызматкерлер эмне үчүн үч күн СИЗОдо жатышып, төртүнчү күнү эчтеке болбогонсуп, эчтеке көрбөгөнсүп, өз кабинеттерине кайра келип, кайрадан элге паспорт тарката баштады. Алардын күнөөлүү экендигин так билбегенден кийин, УКНнын кызматкери телевидение аркылуу жар салбай коё турса жакшы болмок экен. Болуптур эми, тигилерден да, булардан да эч кимдин күнөөсү жок экен деп коёлу. Анда ошол кабинеттерден кармалып чыккан жашыруун 100 паспорттун

бланкы менен 3 миң доллар акча кимдин менчигине өткөрүлүп берилди?

Кыскасы, бул маселенин кайсы капталынан карабагын, ит ашы кара буламык болуп келаткан маселени көрүп туруп, көрмөксөн болуп койдуңуз.

Телевизордон өзүңүз деле "ар бир паспортту бул оңбогурлар миң доллардан сатат экен" дебедиңиз беле... Булар го колго түшкөнү, колго түшө элеги канча?

Ушунун баары Н.Танаевдин эмес, сиздин убагыңызда болуп жатат, урматтуу Феликс Шаршенбаевич! Башканы айтпай эле коёюн, жеке сиз өзүңүз ушул фактылар боюнча кимдир бирөөнү жазалай алдыңызбы? Жок дегенде, жанагы, өзүңүз кармап алган паспорттук столдун кызматкерин? Жазалай алган жоксуз... Анан кантип мен кыйынмын дегендин мээсин чириткен, татаал механизмдүү мамлекетти башкарабыз деп жүрөсүңөр?

Коктусу коррупция жыттанып, караңгы түндө криминалдык белгиси жаркырап жанып турган Лысогоров, Бирштейндин фирмалары менен коюн-колтук алышып, мандемдүү келишимге кол коюп, мындай карым-катнашты түштүктөгүлөр "макирөө" мамиле, ал эми түндүктөгүлөр "арам келишим" деп коюшат. Ушуну жана ушуга окшогон башка мамилелерди көрүп туруп, мисалы мен, Кыргызстанды криминал башкарган жок деп кантип айтам? Албетте, айта албаймын. Силер дагы айта албайсыңар. Антип айта албагандан кийин "баланчанын бала чагы криминалга аралашып өттү эле, аны депутаттыкка кандидат кылып каттабаш керек, түкүнчөнүн түбү чирик болчу, муну кароолчулук кызматка дагы жолотпош керек" деп, кимдир бирөөнүн адресине карата сөз былгытууга моралдык укугуңар барбы? Мен жок деп ойлоймун. Бирөөгө сынтагыш үчүн өзүңөрдүн сыңар өтүгүңөрдү карап көрбөйсүңөрбү, майрыйып калып жүрбөсүн... Журт башылардын мамилеси ууруга да, ууруга да бирдей, мыйзам талаасындагы эрежелерге жараша болуусу абзел. Ырас, дымагыңарга караганда азыр силер эч кимден коркпойсуңар, тапанча эмес, автомат менен атканды да жакшы билесиңер. Бирок, автоматтын огу жетпеген, тапанчанын коргошуну өтпөгөн, кылымдар карыса да, оодарылбай-чайпалбай, өзгөрүлбөй-нетпей, дайыма мезгилдин

күрөө тамырын колунан чыгарбай турган улуттун улуу тарыхы бар экендигин эсиңерге сала кетемин. Азыркы жасап жатканыңар үчүн ошол тарыхтын токонаалатына калгандан коркпойсуңарбы?

Мен шайлоочуларым менен жолугушууларымда дайыма бир чындыкты айтып жүрөмүн. Жылдардын бир жылдарында, мезгилдин бир мезгилинде, көпчүлүгүбүздүн көзүбүз өтүп кеткенден кийин, артыбызда деле атыбыз калат жасаган ишибизге жараша, алдуу-күчтүү маалыбызда журтка кызмат кылсам деген ниетибиз болсо...

Мисалы, **Нурсултан Назарбаев** ким дегенде, анын көзү тирүүсүндө жасаган жамандык-жакшылыгынын баары унутулуп калып, "ааламдын булуң-бурчуна чачылып кеткен казакты азыркы казак жергесине чогултуп, Манас абасы кейиптенип, "курама курап журт кылган" даңгел улук эле" деген ат калат, анын артында...

**Ислам Каримов** жөнүндө болсо, атаандаштарына ырайымсыздыгы болгону менен жалпы өзбектин жерин жок дегенде бир сантиметрге болсо да кеңейтүүнүн аракетин кылган, ашкере мээнеткеч, ар-намысы өткүр улук эле десем туура болсо керек...

Ал эми биздин кыргыздын улугу жөнүндө сөз болгондо, ал жалгыз айтылбайт. Силер тандемиңер менен каласыңар тарыхтын барагында. Бирок, силер жөнүндө мен айтпасам да, менден кийинкилер тарабынан, кыргыздын жерин сатып, элин чачып, мамлекеттүүлүгүнүн түбүнө жеткен, карысын тозутуп, жашын чилдей тараткан апааттуу тандемдин башында А.Акаев, ортосунда К. Бакиев, аягында Ф.Кулов деген кыргызбайлар турушкан делинип, айтылып калышыңар ыктымал.

Ошон үчүн өзүңөрдүн алыңар жетпеген, элдин купулуна толбогон ишти жасаймын деп, "жөн эле" көрүнгөндү омуроолой бербестен, кийинки кезде кыргыздын кыйын чыкмаларынын салтына айланып келаткан так талашмайдын опур-топуру ырбап кетип, силерди дагы Гвате-лупа же Лупа-гаскар тарапка ыргытып ие электе, иштин көзүн билгендерге кызматыңарды өткөрүп берип, эл катары эле тирилик кылганыңар жакшы болуп жүрбөсүн, эч качан жамандык көрбөгүр үкаларим... Өкмөттүн ишинин толук отчётун укканга

дейре паспорт маселеси боюнча булардын жасагандарын канааттандыраарлык эмес деп эсептей турууну сунуш кыламын. Бул маселе боюнча менин айтайын дегеним ушул эле...

***Дооронбек Садырбаев, "Кеңеш",***
***2006-жылдын 14-21-апрели***

# ДАРБЫЗ БЫШЫП КАЛДЫ

**Урматтуу мекендештер!**

**Урматтуу калемгерлер!**

Акыркы мезгилде «Кыргыз Туусу», «Слово Кыргызстана» сыяктуу өкмөттүк басмалар, борбордогу КТР жана аркыл-аркыл областтык радио-телевидениелер аркылуу, чоң-кичине губернатор, опколуу-опкөсүз аким-сакимдердин оозу менен менин ариетимди басмырлап, ар-намысымды кемсинте турган айкырык компаниясы башталды, Садырбаевдин көзү тазаланып, үнү өчсө эле кыргыз мамлекети миллиарддаган сырткы карызынан кутулуп, айыл чарбасы ууру - кескиден тазаланып, бей - бечера май кол, сүт көлгө малынып, макмалга оронуп кала тургансыган.

Мисалы, «Калкан» тобу менен Феликс Куловдун иши боюнча мен айтпаганды айтты, мен жасабаганды жасады деген пикирин көп нуска менен коомчулукка тараткан Улуттук Коопсуздук Министрлигинин тергөөчүлөрүнүн аты-жөнүн, кара кылды как жарган «калыстыгы» тууралуу айтпай эле коёюн, озүмдүн эле жакшы көргөн калемдештерим: **Асель Оторбаева, Ольга Безбородова, Чолпон Орозобекова** жана башкалар өзүлөрүнүн басмаларында мага таандык эмес кайсыдыр бир ойду же али тактала элек кандайдыр бир жагдайды мага жабыштырып жазып салышканынан, азыр, андай эмес экендигин айтып, журт алдында актанып ала турган дагы мүмкүнчүлүгүм жок экендигинен, кайрадан сиздерди чогултуп, мекендештериме бир билдирүү жасашка аргасыз болуп олтурамын.

Албетте, аты аталган айымдар же көз карандысыз басмалардын башка кабарчылары кастарын тигип, дайыма менин кылымдан кыйкым издеп турушат деп айта албаймын,

бирок, журналисттин бир эле ооз сөздөн кетирген этиятсыздыгы үчүн Осмонакун Ибраимовдой иниси, буга дейре өзү өтө сыйлап жүргөн, Дооронбек Садырбаевдей агасынын белин мертиндире чаап, өпкөсүн үзө тээп кетип атпайбы...

Ошондуктан, силер сыяктуу калемгер эле эмес, жумурай-журттун өзү эң сонун түшүнүп тургандай, эми президенттик шайлоолор бир жаңсыл болгуча, Республиканын салык төлөөчүлөрүнүн эсебинен, алардын арасында менин шайлоочуларым да бар, бардык мамлекеттик массалык маалымат каражаттары аркылуу мага, мен эле эмес, Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына талапкерлердин бакисине «артиллериялык атака» келатат, терибизди тескери сыйрып, ташыбызды талкан кыла турган.

Азыркыдай, чындыкты чыркыратып, азуулунун суусу өйдө агып турган ашкере зомбулуктун заманында башкалардын кандай чечимге келишээрин биле албайт экенмин, мен өзүм бара жаткан багытымдан кайра тартпашты туура көрдүм.

Акыры «жалгыз башка – жалгыз өлүм» деген кеп бар кыргызда. Маңдайга жазылганын көрөөрмүн.

Бүгүндөн баштап, ээсинин босогосуна такалуу куйруктарын чамгарактатып, азуусун кайрап арсылдап тургандар кандай дебесин, эмнени жазбасын, менин алар менен каяшалаша турган алым да, каражатым да жок.

Азыр мага араба толуп, кап-кап болуп коюлуп жаткан дооматтардын бардыгына Президенттик шайлоолор бүткөндө жүйөөлүү жообун берээрмин, а эгерде, жаза тайып, бере албай калсам, жашты энесин зордуктатып, карыны баласын саттырганга чейин жеткирген замандын ээсине кечирим бергенге жөндөмдүү кыргыз, менин дагы кайсыдыр бир жалаадан актана албай калган алсыздыгымды кечирип коёр...

Ошону үчүн кадырлуу калемдештерим, Президенттик шайлоолор бүткүчө, «оюңузду билгибиз келет же мынабул маселе боюнча маектешет элек» деп мени кыйнабагыла. Азыр менин жөн эле «дарбыз бышып келатыптыр» дегенимди дагы жан күйөр жакындарым чоң саясатка айландырып мага каршы пайдаланаарын баарыңар жакшы түшүнүп турасыңар...

ылаажы болсо, азырынча мен тууралуу жаман деп дагы, жакшы деп дагы жазбай эле коё тургулачы. Шайлоо маалындагы үгүт иштерин жүргүзүү деле өз нугу менен өтөөр...

Бүгүнкү жолугушуубузда билгизе кете турган дагы бир маселе, 2000-жылдын 29-июнунда Ноокен районундагы Кочкор-Ата поселогунун медсанчастында, поселоктун өзүн-өзү башкаруу бийлигинин ээси Адыл Жунусовдун жетекчилиги менен Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкерлерди көргөзүү жыйыны болуп өтүптүр. Жыйынга 128 адам катышып, эки кишинин талапкерлиги көргөзүлүп, ачык добуш берүү менен А.Акаев – 44, Д.Садырбаев – 46 добуш алып, калгандары экөөбүзгө тең каршы болуп коюшкандыгынан, жыйын Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына талапкер шайлай албай тарап кетиптир. Мунун эч кандай деле эрөөн-терөөнү жок, мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бирок, эртеси күнү райондун акиминин биринчи орунбасары, менин эң жакын тууганым, А.Токтогулов милиционерлер менен медсанчастка келип, мурунку күнү менин талапкерлигимди сунуштап чыккан врач-кардиолог Эркинбек Салимжановду, ал эми эчтеке деп сүйлөбөстөн, болгону Д.Садырбаевдин талапкерлигин колдоп добуш берип коюшкан мекемениинин терапия бөлүмүнүн башчысы Таштан Артыковду, профсоюз уюмунун торагасы Закир Эрменовду, врач-реаниматолог Турдуматовдорду медсанчасттын башкы врачы Эркин Кожомбердиев ичкери киргизбей, а да менин иним болот, А. Акаевдин кандидатурасын «бир добуштан өткөзүп алышыптыр». Буга деле көңүл бурбай койсо болмок, бирок, жыйындан кийин А.Токтогулов Эркинбек Салимжановдун ата-жотосунан баштап, бала-чакасына дейре таза жерин калтырбай сөгүп, жалгыз эле Салимжановду эмес, берки унчукпас үчөөнү дагы кызматынан кууп эле чыкпастан, Кыргызстанда жашатпай тургандыгын айтып коркутуптур. Анысынын тегин эместигинин далили катары аты аталган врачтардын төртөөнүн тең «өздүк делолорун» райондук милиция жана улуттук коопсуздук бөлүмдөрүнө алдырып кетип, ар бирине «кылмыш

ишин» ачтырууга даярдык көрүлүп жатат деген адреси дайын шайлоочумдан кабар келди мага Кочкор-Атадан.

Буга окшогон зомбулук Республиканын башка жерлеринде дагы болуп атканын, өзүңөр деле кабарлап жатасыңар, кадырлуу менин калемдештерим.

Мындай кырдаалда, менин эн акыркы кайрылуумду Кыргызстандын калкынын кулагына жеткирип коюшуңарды, коптөн-көп отүнүп, суранаар элем.

**Касиеттүү журт!**

**Кадырлуу мекендештер!**

Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына менин талапкерлигимди көргөзгүсү келип, маакулдугумду сурап телефон чалышкан: Ош, Талас, Ыссык-Кол, Нарын, Баткен тараптагы улуу-кичүү санаалаштарыма терең ыраазычылыгымды билгизүү менен, мындан ары Кыргыз Республикасынын президенттик кызматына менин талапкерлигимди көтөрүп чыкпай эле койгула деген отүнүч менен кайрылгым келет. Себеби башка облус, башка райондордо А.Токтогулов сыяктуу менин өтө жакын «үкаларим» жок деп кепилин ала албаймын. Менин күйөрмандарымдын тынччылыгы жана бир тал чачы он президенттик кызматтан артык экендигин унутпагыла! Жөнү жок тиреше бербегиле, адам кадырын, мыйзам тартибин билбеген бийликтин камчысын чапкыч өпкөсү жоктор менен.

Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына менин талапкерлигимди көргөзүп, обу жоктун омуроологонунан коркпой бир добуштан шайлап салышкан Ноокен районундагы Шайдан айылынын 152 шайлоочусунун чогулушунун протоколу эле жетишет мага, талапкер катары иш жүргүзгөнүмө. Бул аздык кылат десе, мына силердин көзүңөрчө кол коюп, Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына өзүмдүн талапкерлигимди өзүм көргөзгөн арызымды Борбордук шайлоо комиссиясына бүгүн тапшырмакчымын.

Эгерде «Шайлоо Кодексинин» эрежелерине ылайык катталып калсам, бүгүндөн баштап, силерди дагы, кадырлуу

калемдештерим, Кыргыз Республикасынын Шайлоо мыйзамдарынын чегинен чыкпаган карым-катнаш күтүүгө чакырамын.

Бар бололу, аман бололу, төгүлүп-чачылбай адилдик күнгө жетели.

Актыгына, көктүгүнө, саруу же саяктыгына карабай, бүткүл кыргыз журтчулугун терең урматтаган кыргыз мамлекетинин гражданы

***Д. Садырбаев, "Дело №..."***
***(орусчасы ушул гезитте жарыяланды)***

# МЕНИ ЖЕЛДЕТ КЫЛБАГЫЛАЧЫ ...

Улуттук Коргоо Министрлигинин Тергөө башкармасынын начальниги И.Н.АЙТКУЛОВ мырзага

Көчүрмөсү: Кыргыз Республикасынын баш прокурору Ч.С. АБЫШКАЕВ мырзага

Бишкек шаарынын тургуну САДЫРБАЕВ Дооронбектен

АРЫЗ

Урматтуу Икрамидин Назирович!

УКМнын тергөө башкармалыгында сиз тарабынан тергелип жаткан "Калкан" тобунун кылмыш иши боюнча жабыр тарткан адам катары менин эмнеге акылуу экендигимди толук түшүндүрүп, эмнеге милдеттүүлүгүмдү баса эскерткен катыңызды алдым.

Бирок, ошол катыңыздагы "кылмыш иши менен таанышууга келбей койгонуңузга байланыштуу" деген чындыктан алыс, алдуулуктун азуусун көргөзүп азыноолак омуроолоп турган опузалуу сүйлөмүңүздү кайра чакырып кетпесеңиз, мындан ары бири-бирибизди түшүнүшүп, эриш-аркак иш тутушубуз кыйыныраак болуп калат.

Көп жылдар илгери күнкор өлкөдө төрөлүп, замбулуктан "тарбия" көрүп, өмүр бою "эркиндик" дегенде чечекейим чеч, тандайым так этип жүргөн шоркелдей жаным азыр мага кимдир-бирөө кыдык көргөзгүсү келгенин сезип калсам эле, менин дагы итатайым тутуп, токтоосуз омуроолошкум кармап калмай адатым бар экендигин, мурда менин чыгармачылыгымдан, саясий ишмердигимден, инсандык жүрүм-турумдан билбесеңиз, өзүм билгизип коёюн деп, ушул катты жазууга аргасыз болуп олтурамын.

Себеби, мен мыйзамчыл адис, укук коргоочу адам катары, анын жаман же жакшы экендигине карабастан, эч качан иштеп

жаткан мыйзамга зөөкүрлүк же тоң моюндук кылган жан эмесмин, өтө каалап турсам да андай ишке бара албаймын.

Эсиңизде болсо, сиз экөөбүз эки жолу телефон аркылуу УКМдан жолугуша турган болуп убадалаштык.

Мен эки жолу тең белгиленген сааты тургай мүнөтүнөн кечикпестен, УКМнын чыгыш жана түндүк тарабындагы дарбазаларына барып, сиздин мени күтүп жатканыңызды түшүндүрүп, депутаттык күбөлүгүмдү көргөзсөм дагы аердеги күзөтчүлөр мени ичкери киргизбей, "жок дегенде, Садырбаев деген неме саат баланчада келип, түкүнчөдө кайра кетти" деп журналыңарга каттап койгула десем да болбой, орой сүйлөп орондошуп жолго салышты.

Ошону үчүн айттым эле мен сизге, "мындан ары карай расмий гана мамиле күтөлү. Керек болсом, "повестка" менен чакырткыла" деп.

Бул – маселенин биринчи эле бөлүгү. Ал эми экинчи бөлүгүнө келсек, ободу мунун айрым жагдайына түшүнүк берип туруп анан айтпасам, айтаарымды, келип-келип акыр аягында "Калкандын" иши боюнча башкы айыпкер кылып мени алып чыга тургансып сезилип турат соңку мезгилдеги саясий "оюндардын" жүрүшү.

Азыр сиздердин башкармалыктын СИЗОсунда жаткан "Калкандын" жигиттеринин бирөө менен дагы не жаман, не жакшы мамиле күткөн эмесмин. Ал турсун, алардын эч кимисин тааныбаймын. Аласа-бересем да жок.

Ошолордун арасынан жападан-жалгыз тааныганым – Феликс Шаршенабаевич Кулов гана. Союздун маалында менин "Акбаранын көз жашы", "'Кайран эл" деген көркөм телефильмдеримде укуктук маселелер боюнча башкы консультантым катары аны менен кызматташканым бар. Ал кезде кинонун эрежесине ылайык, консультанттарга дагы эмгек акы төлөнөөр эле. Бир жолу акачаңызды алып кетиңиз деп "Кыргызтелефильмге" чакыртсак, өзүнө тиешелүү 500 сомду (андагы 500 сомдун азыркы 500 доллардан арбыныраак күчү бар болуучу) колуна кармабай туруп, шаардагы бала-бакчалардын бирине которуп ийгиле деген арызын таштап кеткени эсимде.

Анан 1990-жылдын эрте жазындагы борбордогу кыргыздын үйсүз жаштарынын толкунунда жаштар менен тирешип турган милиция кызматкерлерин "персонально" эскертип жүрүп отуруп, таптакыр ок чыгарттырбай, бир тамчы кандын төгүлүшүнө жол бербегенин, жанында жүрүп өз көзүм менен көргөнүм дагы чын. Анда Ф.Ш.Кулов Ички Иштер министринин орун басары болуп иштээр эле.

Кийин 92-93-жылдары болсо керек, "Кайран эл" телесериалынын тегерегиндеги чыр чыгып, менин өзүмдүн беделиме көлөкө түшүп, белим солкулдап турганда, анда Ф.Ш. Кулов вице-президент эле, бир ирээт А. Акаев отпускага кетип, эки-тизгин бир чылбыр колунда турган экен, атайын кабинетине чакыртып келип:

– Байке, "Кайран элиңиздин" чыр-чатагы сиз үчүн жакшылык менен бүтпөй тургансып келатат. Бир айга дейре мен Президенттин милдетин аткарам. Сизге эмне керек болсо, каалаганыңыздай документтештирип келиңиз, мен кол коюп берейин, – деген сунушун айтты.

Ошондо мен:

– Рахмат иним, сен өсө турган жигитсиң. "Кайран элге" жан тартамын деп, улугубуздун каарына калып жүрбө. "Кайран элге" тишин кайраган Акаев, сен үчөөбүздөн да бакыбат чоң күч бар көшөгөнүн сыртында. Буга сен кийлигишпей эле кой. "Кайран эл" экөөбүз маңдайыбызга жазылганын көрөөрбүз. Жалгыз суранаарым, жаза тайып камалып калсам, аксакалга адамча мамиле кылгыла деп милиционерлериңе дайындап койсон болгону, – десем, Феликс Шаршенбаевич шарактап күлүп:

– Болбогон сөздү сүйлөбөңүзчү, байке. Сизди камаганы барган неме мени өлтүрүп туруп анан сизге жетет, – деген бойдон кала берген.

Ошондон бери карай жылуу-жумшак учурашкандан башка эч кандай мамиле деле күткөн жок элек а киши экөөбүз.

Анан мен анча-мынча убакыт Түркияда иштеп келип, Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынына депутат болуп шайланып калдым.

Менин качан, эмне жөнүндө сүйлөгөнүм жана тегерегибиздеги күнүмдүк окуяларга көз карашымдын кандай

экени, бүткүл кыргыз журтчулугуна маалим болуп келет кыйла жылдардан бери. Себеби, мен саясатка ачылган китептей болуп келип аралаштым. Өлкөнүн Президентинин адресине сын пикир айткан учурларым арбын болду. Бирок, аны жактаган маалым да жок эмес эле. Мына ошол алгачкы депутаттык жылдарымдан ушуга дейре Феликс Шаршенбаевич же мага каяша айтып, же өз демилгеси менен саал-паал сөйкөнүп өтүп, Аскар Акаевди жактап чыккандардын эң абройлуу, эң туруктуусу катары менин айыгышкан оппонентим катары жетилип келаткан жигиттердин бири эле.

Журт алдында да, кудай алдында да айта кетээрим, мен бир жолу дагы өз демилгем менен басма бетинде Ф.Куловго катылган эмесмин, ал жөөлөп өтсө кээде жооптошуп, кээде укмаксан, көрмөксөн, билмексен болуп эле коёр элем, Куловдун менин аброюма ыргыткан ташы башкалардыкына караганда чымын чакканчалык дагы туюлбаганынан.

Тагдырдын жазмышы ушу тура, кезинде мамлекет башчысынын кызыкчылыгын коргоо үчүн Д.Садырбаевдин мойнун толгой турган, чындыгында эле, бүгүнкү күндөгү кыргыздын бир белдүү уулунун тамырына балта чабылганы турат минтип. А дагы Д.Садырбаевдин колу менен чабылса-ойдогудай болот көрүнөт, кимдир-бирөөлөрдүн каалоосуна жараша.

Бирок, менин Кыргызстандын эл артисти, кинорежиссёр Дооронбек Садырбаевдин, өгүнкү, Ата Журттун коюн-колтук, булуң-бурчуна дейре даана угулган жаш саясатчы Данияр Үсөновдун "кылмыш ишиндеги" Мукаевдин ролун ойной турган табитим да, бейкүнөө бирөөнүн убалына кала турган мажирөөлүгүм да жок.

Себеби, качандыр бир мезгилде түн жамынган кимдир-бирөөлөрдүн менин кабинетиме кирип, сейфимди ачууга аракет жасаганын же мен, же менин жардамчыларым өз учурунда көргөн да, билген да эмеспиз. Биз массалык маалымат каражаттарынын билдирүүлөрүнөн гана угуп жүрөбүз андай болгонун.

Ошону үчүн мен былтыр июнь айында, иштин аягы минтип саясий оюнга айланып кетээрин ойлонбой туруп, түн жамынган каракчыларды кармоого жардамы тиер бекен деген үмүт менен

"мени жабыркаган адам катары эсептеп койгула" деп, УКМнын жетекчилигине арыз жазып берген болчумун.

Азыр алты саным-аман, эс-акылым жайында кезимде ал арызымды кайра чакырып аламын.

Себеби, менин кабинетиме кимдир-бирөөнүн киргенинин далили тургай, кимдир бирөөдөн күмөн санай турган дагы негиз жок менде. Эгерде "Калкандын" жигиттери кабинетиме киргени далилденген күндө да аерден бир тыйын тургай, жарты барак кагаз жоголгон эмес. Ал кабинеттен эч ким не моралдык, не материалдык чыгаша тарткан жок. Сейфимдин кулпусун бузууга жасалган аракетти деле кашкайган чындык деп айта албаймын. Себеби, менин сейфимдин ылдыйкы бөлүгүнүн кулпусу башынан эле иштечү эмес. Үстүңкү бөлүгүнүн кулпусу "заедать" этип, ачкыч буралбай калганда, Мыйзам Чыгаруу жыйынынын жумушчуларын чакырып ондотуп алчуумун. Мындай окуя бир жолу эмес, бир нече жолу болгон. Жагдайдын мына ушундай экенин билгенден кийин, УКМнын 1999-жылдагы оперативдик кызматкерлеринин өзүлөрү депутат Д. Садырбаевдин кабинетине түн жамынып кирип, сейфин ачууга аракет жасап, ал кулпулар башынан бузуктугунан таптакыр ача албай койгондон кийин, кулпуда калтырып кеткен өгөөнүн же мыктын изин жашыруу үчүн мурунку "Калкандын" кызматкерлерине жала жабышкан жок деп ким кепилин ала алат? Эч ким. Мен дагы.

Себеби, далилим болбосо дагы, менин телефон аркылуу сүйлөшкөнүмдү тыңшап, баскан-турганымды аңдып, иштеген жеримди тинтүүгө кызыгуусу арбын мамкызматкерлердин бар экендигин тээ илгертеден бери эле түпөйүл сезип келем.

Ф.Кулов УКМнын министри болуп дайындала электе менин тегерегимде мындай иштер жасалып жүрсө, анын министрлик маалында да эчтеке өзгөрбөсө, азыр дагы эле ошондой иштер жасалып атса, аны үчүн кимдир-бирөөнү айыпка жыгыштын кажети барбы? Менимче жок. Сөзүм куру болбосун үчүн мисал келтирейин.

Үстүбүздөгү жылдын май айынын биринчи декадасында кайрадан кимдир-бирөөлор түн жамынып менин иш кабинетиме кирип, ички эшиктин кулпусун сындырып кетиптир. "Калкандын" жигиттери кулов-сулову менен камакта

жатса, Жогорку Кенештин имаратын милиция кайтарып, жөнөкөй адам, ууру-кески аерге жакындай да албаса, үймөктөнтүп басып койгон дүнүйөм кабинетиме эмес, туулуп өскөн айлымда да жок экендигин бүткүл Кыргызстандын калкы тургай, ити менен мышыгына чейин жакшы билсе, анан ким, эмне издеп кирет Д.Садырбаевдин кабинетине түн жамынып? Мен муну окуя болгондун эртеси эле күнү Мыйзам Чыгаруу жыйынынын пленардык заседаниесинде айтып чыкканмын, ал турсун массалык маалымат каражаттарында да жарыяланган болчу. Бирок, 1999-жылдагы биринчи чакырылыштын депутаты Садырбаевдин укугун коргогонго дилгир министрликтин адистери 2000-жылдагы экинчи чакырылыштын депутаты Садырбаевдин укугун коргошту ойлонуп да коюшкан жок. УКМ, ИИМ, Прокуратурадан бир адам келип "эмне болду байке?" деп сурабады. Жок дегенде телефон аркылуу дагы эч ким кызыккан жок, эмне болгонун билүүгө. Мындай кырдаалда 1998-жылкы бир далилденбеген опурталдуу иш үчүн кимдир-бирөөгө айып тага албаймын жана мени жабыр тарткан адам катары кылмыш ишине деле аралаштырбашыңыздарды суранамын.

Мындай жолдор менен жүрүп отурсак, күзгө жакын дагы же УКМ же ИИМден тергөөчүлөр келип, "Баягыда сиздин кабинетиңиздин эшигин Алмаз Атамбаев менен Өмүрбек Текебаевдин адамдары бузуп кетишиптир. Ошол иш боюнча жапа чектим деп, мобул кагазга кол коюп бериңиз" деп сунуш кылышы да мүмкүн.

Ошондуктан, урматтуу Икрамидин Назирович, мени, Кыргыз Республикасынын эл артисти, кинорежиссёр Дооронбек Садырбаевди бул жолу, мындан кийин дагы буга окшогон арамзалыгы арбын саясий оюндарга аралаштырбагыла!

Сөзсүз түрдө Ф.Куловдун көзүн тазалашты алдына максат кылып койгон күчтөр болсо, ачык чыгып башка жолдор менен айыбын мойнуна коюп туруп анан тазаласын, депутат Садырбаевдин ак көңүл адам экендигине жашырынбастан. Андай болгон күндө да, айыбы далилденмейин ал касым же досум болобу, иши кылып жалаага кириптер болгон замандашымдын тагдырын саясаттын курмандыгына

чалдырбаштын аракетин кылып, өз пикиримди коомчулукка билгизүү укугумду мен өзүмдө гана калтырамын.

Жеке өзүмдүн Ф.Ш. Куловдун же "Калкандын" кызматкерлеринин мен билбеген, мен көрбөгөн, мен туйбаган иш аракетинен жапа чектим деп эсептей турган негизим да, эч кимисине укуктук, адамдык, депутаттык дооматым да жок.

Менин ысмыма, менин кабинетиме, менин сейфиме, менин инсандыгыма байланышкан эпизоддордун бардыгын "Калкандын" кылмыш ишинен чыгарып салышыңарды көптөн көп өтүнүп суранып, сизди терең урматтаган

*Д. САДЫРБАЕВ*

P.S. Менин бул арызымдын аткарылышын көзөмөлгө алсын деген үмүт менен көчүрмөсүн Республиканын баш прокурору Чубак Сыдыкович Абышкаевге жөнөттүм.

# АТЫМА ЭМЕС, КАДЫРЫМА КҮЙӨМ...

“Үйрөнүшкөн жоо сайышканга жакшы” дегендей, ак көңүлүңөр кармаганда, Дооронбек акаңарди жерге-сууга тийгизбей көкөлөтүп, кара көңүлүңөр кармаганда сакал-макал, аке-сакелигиме карабай туруп, күлгө чапкан жанагыга окшотуп жалпайта чаап иймейиңерге кыйла жылдардан бери көнүп калгандыктан, “Асабанын” 20-декабрь күнү чыккан санына басылган “Жер-сууларыбыз киши жыттана баштады” деген чакан макалада Ч.Айтматов менен Т.Усубалиев катарында мени дагы саал-паал жөөлөп өткөнүңөргө анча деле көңүл иренжитип отурбастан, “Ва башың өскүр киспуруштар...” – деп эле күлүп коймокмун, эгерде ал макалаңардын бир чымчым баткагы мактасаңар – мактоону, боктосоңор – боктоону көтөрө ала турган, каарына тийгенге калемсабын сундуруп айкашка аттана ала турган, азыр көзү тирүү Ч.Айтматовдун, Т.Усубалиевдин же менин огородума ыргытылып жаткан болсо...

Ал эми “Асаба” – “Асаба” атанып өз алдынча түндүк көтөрүп, анысынан суверендүү түтүн булата баштаган мезгили турсун “Асабанын” азыркы баш редактору Эрнис Асек уулу жарык дүйнөгө жарала электе (1957-жылы) ааламдан өткөн, аты Президент боло турган ой А.Акаевдин үч уктаса түшүнө кире элек маалда (1990-жылы) СССР деген зор мамлекеттин азыркы Жалал-Абад эмес, ошондогу Ош областынын Ленин деген районунун калкынын басымдуу көпчүлүгүнүн чыныгы өтүнүчү менен райондун борбору Масы кыштагынын эң башкы көчөсүнө быйыл эмес, ошондо коюлганын билсеңер, азыр Ноокен районунда жашап жаткан жаш-карынын зээнин кейитип, бардыгыбыздын аялуу адамыбыз Кадырмат Султанов абаңардын аты коюлган көчөгө кирнелүү көз, кир сөздү жолотпойт элеңер.

Мен ал кишинин 1950-жылдын эрте жазынан 1957-жылдын бышыкчылык күзүнө дейре Ленин районунун Партия Комитетинин Биринчи катчысынын кызматын аткарып жаткан маалда райондун калкынын саны кайсы даражага дейре өскөнүн же ошо маалда чоң айыл, чакан чарба колхоздордо орто мектеп, төрөт үйлөрү ачыла баштаганын айтпай эле коеюн, жалаң Кадырмат Султановдун демилгеси менен адыр арасындагы дың жерлер өздөштүрүлүп, айдоо аянтынын көлөмү 8 миң гектардан 22 миң гектарга чейин жеткирилгенин айтсам эле, а кишинин ким экендиги силерге түшүнүктүү болот го деп ойлоймун. Себеби, ошол айдоо аянты, ошол берекелүү жер К.Султановдун көзү өткөндөн кийинки жарым кылымга жакын убакыттан бери карата Ноокен районунун жер тырмалап күн көргөн 100 миңден ашык калкынын оозунан нанын, чөнтөгүнөн пулун үзбөй, алына жараша заманына жараша багып келатат, жылдан жылга түшүмдүүлүгүн арттырып.

Кезинде Кыргызстан эле эмес бүткүл Советтер Союзуна таанымал Социалисттик Эмгектин Баатырлары: Өскөмбай Каипов, Абдуллажан Казаков, Эшенкул Жусупов, Кушназар Юнусалиев, Саадат Ногоева, Шамшидин Сүйөркулов, Малик Акчабаев, Маткалык Адамалиев, Камал Султанов, Жоро Шералиев, Тешебай Орозматов, Юсупжан Момбеков, Петр Сорокин жана ушулар сыяктуу Ноокен районунун башы көрүнүп, аты чыккан атактуу адамдарынын бакиси бейиши болгур К.Султановдун үзөңгүлөш курбулары же санаалаш шакирттери болушкан.

Кадырмат Султанов 1-катчы болуп турган 7 жылдын аралыгында бир дагы ноокендикке саясий айып тагылып, басмадан чыккан гезит тургай, ошол кезде биз тарапка кеңири тараган, айыл-кыштактардагы кужүрмөн баракча, дубал газеталардын калемгерлеринин эч кимиси куугунтукка алынган эмес.

Эгерде Кадырмат Султанов дайыма "Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп", баскан-турган жеринин бакисин былгытып жүргөн таанымал кыйды, же өзүнөн тыңды көрө албай бийлик үчүн жалгыз баласынын боорун жегенден кайра тартпаган айтылуу арамза адам болсо, бир райондон алты Соңиалисттик Эмгектин Баатырын чыгарат беле?

СССР Мамлекетинин 70 жылдык тарыхында мындай көрүнүш бир гана жолу болгон экен, анан ошол жолку оомат Украинанын эмес, Россиянын эмес, Грузиянын да эмес Кыргызстандын Ноокен районунун калкынын шыбагасына туура келгенине, биз, ноокендиктер жаман көрсөңөр да, жакшы көрсөңөр да сыймыктанганыбыз сыймыктанган.

Ошол райондун Масы кыштагынын көчөлөрүндө Дооронбек акаңардын теңтуштары менен чикит чаап, футбол тээп ойноп жүрүп эрезеге жеткен Кадырмат Султановдун өз уулдары: Асанбек, Абдразак, Исабек, Жеңишбектердин жашы 45 менен 50гө жетип-жетпей о дүйнөго кете бериши, Султановдордун мындай үй-бүлөлүк улуу трагедиясын билген замандаш, классташ, жердештеринин пендечилик өкүнүчү, кыйладан бери очпой жүргөн озөктөгү өртү экендигин билсеңер, жанагындай "1998-жылдын ноябрь айында Масы айылынын бир көчөсүнө К.Султановдун аты коюлду" деген такталбаган маалыматты жарыялап, акаңарди азыркыдай каяша жаздырбайт элеңер.

Ошону үчүн кимдир бирөөнүн дилине азар бере турган сөздөрдү жазаардан мурун, маселенин төркүнүн тереӊ изилдеп, чын-төгүнүн так аныктап туруп, же б.а. "жети өлчөп, бир кессеңер", эч кимдин нараазылыгы, эч кимдин каршылыгы болбойт эле.

Жергиликтүү калктын салтын сыйлап, өзүнүн атасынын арбагын сыйлап, абаларынын арбагын сыйлап, чоң атасынын арбагын сыйлап, аларга атап жандык мурдун сындырып, куран окутуп койгону, ноябрь айында атайын Ноокен районуна барган Кадырмат Султановдун небереси Марат Султановго чоң атасынын атындагы көчөдө жашаган өзбек-кыргыз, орус-татар, уйгур, казактар эле эмес, ошондой болгонун уккан Ноокен районунун калкынын кыйласы көзүнөн жаш сызып, алакан жайып, ак батасын бергенин эмне жазбайсыңар, анчалык эле чынчыл экенсиңер?

Маселенин чоо-жайын тереӊ билбегенден кийин, бүгүнкү силердин ит жээр-пит жээр заманыңарга, же "чокой боолук болсо дагы, бийлик болсо болду" деген арамза оюндарыӊарга кенедей дагы тиешеси жок. "Эл оңолуп, журтум түгөл болсо экен" – деп өмүрүн жагып, жүрөгүн жагып, маңдай терин

агызып күндүр-түндүр чапкылап жүрүп, болгону 52 жашында жарык дүйнө менен кош айтышып кете берген, бейиши болгур, абаңардын арбагын жөнү жок жерден козгобогула, башың өскүрлөр? Колуңардан келсе, чекилик кетирип койгонуңарды мойнуңарга алып, К.Султановдун небере-чеберелеринен кечирим сурап, абаңардын арбагына ызаат көргөзө ала турган жолдорун таап, "Асабанын" келерки санына чыгара алсаңар, ого бетер сонун болоор эле.

Эгер Кадырмат Султанов тууралуу кененирээк макала жазып бер десеңер, аны да ойлонуштуруп көрөлү.

Мени болсо каалаганыңардай устукандаганыңарга эч каршылыгым жок. Пайитин тапсам жообун берээрмин, бер албасам, менден калеми курчураак, менден алдуу-күчтүүрөөк инилеримен бирөө-жарымы берээр. Ага дейре баарыбыз тең аман-эсен бололукчу, момундай кыйчалыш заманда бөөдө көңүл оорутушпай. Силерди чын ниетинен урматтаган агаңар –

*Доронбек Садырбаев*
*Кыргыз Руху, №26 (301), 1998-жылдын 27-ноябры*

# БУЛ МЕНИН ЖЕКЕ ПИКИРИМ

*Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен түзүлгөн "Конституциялык кеңештин" эң алгачкы отурумунда Д.Садырбаевдин сүйлөгөн сөзү*

Бүгүнкү күндүн жарандарынын көргирилик көйгөйүнүн акылга сыярлык, адамгерчиликтүү жандырмагын таба элек жатып, эртеңки муундардын жашоосуна жерпай түптөп, эгемендүү Кыргыз Республикасынын эми кай тарапты көздөй бара жаткан багытын аныктай турган, ушул акылкөй адамдардын катарына мени дагы кошуп койгондугу үчүн мамлекет башчысына терең ыраазычылыгымды билгизүү менен бирге, адегенде, түйдөгү эбегейсиз чиеленген бир маселенин башын ачып алуу максаты менен алгачкылардан болуп сөз сурап, алдыңарга чыгууга аргасыз болуп олтурамын.

Албетте, жеке мен өзүм азыркы саясат майданындагылардын оң жагына да, сол жагына да кошулбастан, эч ким менен биргелешип адал-арам акча-пул табышпастан, эч кимдин кандуу-кансыз камчысын чабышпастан, алыма жараша, көрпендиликтеги өз чыйырым менен гана келатсам дагы, бүгүнкү Кыргызстанга саясий реформа, экономикалык реформа, укуктук жана башка толгон токой реформалардын иче турган суу, жута турган аба сыяктуу эле өтө керек болуп жатканын, кез келген жердин баарынан көз караштарды кагыштырып, көөдондөрдү тиреширип жүргон корунуктүү саясатчы же көзүн май баскан мансапкор тургай, мамлекетибиздин мага окшогон жай члендерине деле түшүнүктүү болуп калды көрүнөт. Бирок, бүгүнкү зарыпчылдыгы айкын реформага бел байлаардан мурун, буга чейинки биздин өлкөбүздүн солпойсо дагы, кандайдыр бир формасы бар беле деген мыйзам ченемдүү суроого жооп

тапкандан кийин гана ишти баштасак жакшы болоор эле. Менимче, андай нерсе сөзсүз болгон. Аскар Акаевдин айткандарына ишенсек, болгондо да дүйнөдөгү эң прогрессивдүү, эң түбөлүктүү, эң демократиялуу мамлекеттүүлүктүн ийги формалары Аскар Акаевдин демилгеси менен Борбордук Азия түгүл КМШ олкөлөрүнүн ичинен биринчи болуп бизде, кыргыз жергесинде жаралган. Бүгүн андай прогрессивдүү формалардын жик-жигин ыдыратып, ышпалдасын чыгарып түбүнө жеткен ким? Менимче, маал-маал ошол эле Аскар Акаевдин демилгеси менен жергебизди түп көтөрүп жапатырмак жүргүзүлгон аркыл-аркыл реформа, референдумдар...

Учурунда андай реформалардын түпкүлүктүү эместигин ачык айтып чыккандарга КТР, "Кыргыз Туусу", "Эркин Тоо", "Слово Кыргызстана" сыяктуу басылмалар ызы-чуу түшүп, каарын төгүп аркыл-аркыл жардыктар тагылып, алардын ар бири өз-өзүнчө же оптом төө бастыга алынган. Капкара лак менен жылчыксыз шыбалгандардын катарында мен дагы бар болчумун. Акыры "реформа-среформа" деп жар чакырып, бүтүндү бүлүнткөн буга окшогон саясий, экономикалык, руханий түгөттөрдүн тамырын биротоло соолута турган шыпаа барбы, жер бетинде? Бар. Кыргызда өлтүрүп ийбесе да, жанынды көзүңө көргөзө турган, "сыздоок" деген бир илдет бар. Эт менен челдин ортосунан чыгат ал кесепети төрсөйүп, жай алган жеринин жака-белин ириндетип. Жаны кыйналган адам улам-улам андай шишиктин көзүн ачып, ириңин чыгарып таштап, сакайып алуунун айла амалын канчалык кылбасын, күн өткөзбой шишик мурдагы конушуна кайра келип, кайрадан ириң чогултуп борсоюп, ого бегер чоңоюп, ал аздык кылса, жан-жакабелине жаңы уруктарды чачып башкы сыздоокту балалатып иет. Анан жаралуу неменин эне сүтүн оозуна татытып, жарык дүйнөгө жаралганына миң ирээт бушайман кылдырат, бободой боздотуп, ингендей сыздатып. Ошону үчүн ал кесепети "сыздоок" делинип калган, тээ атам заманынан бери карата. Түштүктүн кыргыздары анын атын башкача коюп алышкан, "бирдекеси бош" деп, андан кутулуунун опоңой, жепжеңил жолун билишкенинен. Көрсө, сыздооктун оорусу канчалык катуу болбосун, бир жолку апкысына чыдап туруп,

анын көзүн жарып, өзөгүн бир жолу сууруп алса эле, ошол замат илдеттүүнүн жаны жай алып, жараты сен көр, мен көр айыгып кетет экен. "Оорусу катуу болгону менен тиягы бош" деп, жеринин жагдайына жараша, аны менен эртели-кеч алкымдашып жүргөн түштүктүн калкы сыздоокту олуттуу оруулардын катарына кошпой, ага текеберлүү мамиле жасап, келекелүү ат коюп алганы да ошондон болсо керек деп ойлоймун.

Бүгүнкү күндөгү өлкөнүн ичиндеги карама каршылыктардын чыңалуусун жумшартып, саясий жана саясий эмес аркыл күчтөрдүн карым- катнашын жөнгө салмакчы болуп жаткан далбасабыздын бакиси, мага жанагы бир-эки жолу ириңин чыгарып салуу менен азаптуу дарттан биротоло кутулуп алуунун амалын ойлогон, жалакай ноокастын аракетине окшошуп жатат.

Болбосо, азыркынын ыйык кураны, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын касиеттүү беренелерин жыл айлантпай кесип-жонуп, ай айлантпай бычып-тоноп, белин мертиндирип, беделин ылдайлатып, жамандыр-жакшыдыр өз милдетин аткарып жаткан мыйзамдарды буйлалаган төө сыңары өөдө-төмөн жетелеген эмне болуп калыптыр, кырчаңгы эшектей кылып минип алып, каалаган жакты көздөй “ХЫ-ХЫлап” айдап, үйүгүшкөн кылмышкерликтин итине чөп жегизип, адам укугун кордоп, абакта жаткандар түгүл убактылуу кармалгандарды уруп-сабап кыйноого алып, бей-бечераны өмүрү жасабаган айыбын мойнуна алгызып, өлкөнүн Президентине каяша айтпаса дагы, анын тегерегиндеги чиновниктердин жүргүзүп жаткан жарамсыз иштерине жеке өзүнүн пикирин билгизген айрым саясатчы же таанымал инсандардын тууган- урук, жек-жаат, куда-сөөгүнөн өйдө "тотальный" куугунтукка алып, карапайым калкты башка-көзгө чаап, мурунга муштап бийлик жүргүзүп, алардын айрымдарын тоок сыңары кууп жүрүп атканга чейин барып, бүтүн элди бүлүнткөнгө маш, "түндүк-түштүк"-деген бөлүнүп-жарылуу идеологиясын көзүр картадай кылып, маал-маал сууруп чыгып чаап жүрүп журттун ынтымагын ыдыратып жаткандарды, чынын айтайын, оппозициялык партиялардын катарынан,

өкмөттүк эмес бирикмелердин, укук коргоо уюмдарынын же карапайым калктын арасынан таба алган жокмун.

Өлкөдөгү кыйшык иштердин бакисинин башында мамлекеттик кызматтын сересине чыгып алышкан мансапкор адамдар турушат десем анча жаңылышпас элем. Мен өз өмүрүмдө ар бир айткан сөзүм, кагаз бетине түшүргөн ар бир тамгаларым үчүн мыйзам чегинде жооп берип жүрүп көнгөн адаммын. Азыр убакыттын аздыгынан гана жогоруда санап өткөн мыйзам эмес, акылга сыйбай турган арам иштердин дымдарегине атайын токтолгон жокмун. Мамлекет башчысы керек десе, андай окуялардын ар бирин тийиштүү документтер менен тастыктап далилдеп берүүгө даярмын. Ата Журттагы ашынган зөөкүрлүк, ашкере зомбулук менен Конституттиялык нормаларды тебелеп-тепсеп, мыйзамдуулуктун абийирин айрандай төгүп, өмүрлөрдү чемичкедей соода кылып жүргөн, эки жерде эки канча болооруна алиге дейре акылы жете электигине карабай, бийик даражалуу бийлик үстөлдөрүн ээлеп алышкан чиновник жана чиновницаларыңыздын басымдуу көпчүлүгү, урматтуу Аскар Акаевич, эл башкарууга, журттун тагдырын каалаганындай калчап ойноого сиздин колуңуздан ишеним кагазын алган, өзүңүздүн эле жар-жоро, тууган-урук, жакын санашкандарыңыз экендигин, азыр бетиңизге айтууга аргасызмын. Мынабул залда азыркыдай тарихий кеңешке мүчө болуп отургандардын көпчүлүгү жер-жерлердеги жанагыдай мыйзамсыз иштерди жасаган кызыл камчы, ажалдуу ок, кыйды саясаттын төбөлдөрүн, дайыма канаты менен калкалап жүрүп, кыйла жылдардан бери сиздин демократтык имиджиңиздин, мамлекет башчылык дараметиңиздин, инсандык аброюңуздун касиетин качырып, кадырыңызды ылдыйлатып келаткан, сөзсүз карапайым калктын белгилүү бир катмарына таасири жок эмес, аттуу-баштуу адамдар экенин баса белгилеп кетүүгө тийишмин.

Жеке мен өзүм сиз али чүчкүрө электе «ак чүчүңүз» деп жанын төшөп, жамбашын чапкылап тургандарды сиздин инсандык ариетиңизге ак санап, кадыр-баркыңызды кир жугузбай таза сактай турган калыс же адилет адамдар деп айта албаймын. Өлкөдөгү кыйчалыш иштердин кыйласы ушулардын колу, ушулардын оюу менен жасалып жатканын дагы айта кетпесем болбос.

Ошого карабастан, азыркыдай опурталдуу маалда өлкөдөн аркыл топ, аркыл күчтөрдүн кызыкчылыгын аркалап жүргөн улуу-кичүү замандаштарымдын бардыгы менен ийри отуруп, түз кеңешип журтубузду туңгуюктан чыгара турган жападан жалгыз жолду табышууга мен дагы, алыма жараша өз үлүшүмдү кошсом болот эле. Бирок жалпы саны 40 адамдан турган кеңештин 30дан ашыгы дайыма бир пикирде жүргөн, мамлекет башчысы жаңылыш иш жасап жатса дагы өз пикирин түз айтпастан алакан чаап, колдоого алып, мисалы А.Акаевич "жөн эле" кетип баратып жардын кырына жетип калды деп коёлу, ошону көрүп турса да, аны бери карай жетелеп кетүүнүн ордуна «Сиздики туура эле, сиздики туура. Сиздин жыгылганыңыз, биздин жыгылганыбыз, кылчактабай нары көздей бара бериңиз» деп калпагын көккө ыргытып, шоорат айтып тургандар менен мага окшогон көчтүн карасы, көптүн арасында жүргөндөрдүн ортосунда кандай акыл калчашуу, кандай кеңешме болушу мүмкүн? Алыстагыны айтып бүйүрлөрдү кызытып отурбайын, кечөө жакында эле Аксыдагы окуяларга катышкандардын бардыгына оптом кечирим берип, элди "запросто" тынчытып ийебиз деп сизди да түз жолдон тайгылтып, Кыргызстандын эли эмне болуп калыптыр, бүткүл дүйнөлүк масштабта аброюңузду ылдыйлатуу үчүн аябай аракет кылышкан жаңы өкмөт жана анын курамындагы "архиусердный одобряттар" менен мен, пайгамбар жашына барып калган карапайым кыргыз, кантип бирге отуруп, эмнени кеңешип, кандай бүтүм чыгарышым мүмкүн? Жок дегенде журт ичиндеги аркыл көз караштардын тең салмактуулугун сактоо үчүн болсо дагы, жалгыз бейтарапка оппонент кылып экиден шооратчыл "одобрянт" чыгарсаңыз да, урматтуу Аскар Акаевич, андай кеңешме майнаптуу болушунан үмүттөнсөк болот эле. Ал эми жалгыз мени, мисалы үчүн, сиздин кирпигиңиз менен тен айланган ооматтуунун отузу омуроолоп турса, менден каяктагы омоктуу ой же алгылыктуу пикир чыгышы мүмкүн? Чыккан күндө да, демейдеги инициативалар сыяктантып, анын көктөйүндө көмүлбөсүнө ким кепил боло алат? Эч ким. Мен мындай жолду мурда эле басып өтүп, мындай сабакты эбак окуп чыкканмын. Архигениальная идея, суперкалыс сунушуң болсо дагы, өзүңүздөн бир ишаарат

болбосо, алдагы асыл тукумдуу соратниктериңиздин чырмалышкан катарынан аман-эсен өткөзүп кетиш, үч уктаса түшкө кирбей турган, эч качан ишке ашпай" турган куру кыял. Далили мен сунуштаган «Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча» мыйзам долбоорунун талкуусунда, жарандардын пенсияга чыга турган жашын өөдөлөткөндө же өгүнү эле Аксыдагы каргашалуу окуяларга катышкандарга мунапыс бермекчи болуп жатканда, калыс пикирин айткан азчылыкты чыркыратып туруп, добуштардын көпчүлүгү менен тебелеп өтүп, макирөө мыйзам долбоорун кабыл алып ийип сизди дагы, жумурай-журтка жек көрүндү кылгысы келген "самопал артисттер" менен мага окшогон профессионал артисттин ортосунда кандай кеңешүү болушу мүмкүн?

Булардын бардыгы аздык кылат десеңиз, талкууга кошкон сунушуңдун бири өтпөсө, кайсыдыр бир маселе боюнча туура эмес болсо дагы өз пикириңди ачык айтып ортого салсаң, өзүңө тие албаганы менен жер-жерлердеги оолукма жетекчилер тууган-урук, жек-жаат, ылым санашкандарыңдын артынан сая түшүп кытай кыйноо, ур-токмокко ала баштаса, анда мага окшогондордун мындай кеңешмеге катыша турган кандай муктаждыгы бар? Менимче, таптакыр андай муктаждык жок.

Ошондуктан, урматтуу төрага, мени бул жыйындын катарынан чыгарып салышыңызды суранамын. Жогоруда айткандарымдын бардыгы сизди ынандырбаса, жумурай журттун келечегине жол чаба турган тарыхый жоопкерчиликти бул коллектив менен мойнума алыштан мен караманча баш тартамын. Аша чапсам, кечирип койгула. Бул менин жеке пикирим.

***"Кыргыз Ордо"***

# КР ЖКСЫНЫН 2005-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕГИ ЖЫЙЫНЫНЫН СТЕНОГРАММАСЫ

**Д.Садырбаев:** Урматтуу депутаттар, өзгөчө жаңы шайланып келген депутаттарга кайрылып бир маселе боюнча ушу баштан убадалышып алганыбыз жакшы болоорун айта кетким келип турат. Мен силерден көптөн – көп өтүнүп суранамын, мындан нары бирөөго рахмат же башкасына наалат айтасыңарбы ал силердин ишиңер, бирок, мени менен кеңешпей туруп, менин атыман эч кимге, эчтеке дебей жүргүлө. Кандайдыр бир сунушуңар бар болсо, парламенттин талкуусуна салгыла. Аны депутаттардын көпчүлүгү колдосо гана парламенттин атынан сүйлөсөңөр болот. Анан мени менен кеңешпей туруп, менин макулдугумду албай эле, менин атыман кимдир бирөөлөргө алкыш жарыялап, наалат же рахматыңарды айтып жиберсеңер "бовой" калат, үкаларим. Чатакташып калышыбыз ыктымал. "Аныңарга мен рахмат айтпайм" деп кыйкырып чыгып, мен дагы уят болуп калышым мүмкүн. Эгерде кандайдыр бир сунушуңар бар болсо, ошол маселени парламентке талкууга салып туруп, ошондон кийин гана добуш берип "а" дейбизби, "б" дейбизби, баарынын башын ачып алып туруп айтканыбыз оң. Андан кийин ошол чечим менен каалаган жериңерге барып, ошол гана маселе боюнча парламенттин атынан сүйлөй берсеңер болот. Адахам Кимсанбаевич, туура айтып жатамбы? Эми, урматтуу депутаттар, алиге дейре өткөн шайлоолордун оош-кыйыш кый-кыяңы бүтпөй келатат. 20га жакын округда дагы ушундай чырлар бар экенин Өмүрбек Чиркешович дагы айтып атпайбы. Мамлекет, айыл-кыштак, жумурай-журтту мындай күнгө ким дуушар кылды? Мындай күнгө кириптер кыла турган бүксүй баштаган арамзалыктын

башаты Аскар Акаев бийликти "узурпациялап", менчигине басып алууга аракет жасаган күндөн башталган. Биерде отурганыңардын көпчүлүгүңөр кечөө эле ага дилиңерди төшөп көмөк көрсөтүп, күндөп-түндөп анын арыгын чаап жүргөн "азаматтар" эмес белеңер?... Баарыбыз эле биерге шайлоодон келдик. Бардыгын өз терибиз менен сезип, өз көзүбүз менен көрбөдүкпү. Чын-чынына келгенде, айрым кандидаттар шайлоочуларына малды дарбыздай союп, аракты суудай агызып, акчаны самандай чачса дагы, эгерде ал процесске мамлекеттик бийликтин чиновниктери одоно кийлигишпесе, мынчалык ыйкы-тыйкы чыкмак эмес. Себеби, кайсыдыр бир кандидаттын эби-сыны жок төгүп-чачып атканын айтып чыккан күндө да, эл өзү эле:

– Колунда бар экен чачып атат. Ага капа болбо. Бизге буйруганын ичип алганыбыз, жеп алганыбыз пайда. Добушту болсо, көңүлүбүз каалаган адамга беребиз, – деп тынчытып коймок. Ал эми мамлекеттик бийликтин чала сабат, оолукма аткаминерлери, жергиликтүү аким, салык инспекцияларынын башчылары, милициянын начальниктери, райондук, областтык деңгээлдеги кызматтардын жетекчилери жана башка мамлекеттик кызматтагы адамдар элге бир тыйын бербестен туруп, "на халяву" мына муну минтесиңер, тигини колдоп, баланчаны жайлайсыңар деп кысым көргөзө бергендин кесепетинен, мына 24-марттагыдай болуп, эл толкуп кетти. Өткөн шайлоолордо өтө бай эки кандидат бир жерден чыгып калса, эгерде алардын таймашына административдик ресурс аралашпаса, эч кандай ыр-чыр чыккан жок. Мамлекеттик бийликтин күчү, административдик ресурс олдоксон пайдаланылбаган жердеги шайлоолор тынч өттү десек деле болот, урматтуу депутаттар. Ошону үчүн, келе жаткан шайлоолордо кыргыздын ариетине, мамлекеттин бузулбастыгына залакасын тийгизе турган айрым жагымсыз жагдайларды жаратпаш үчүн колуңардагы мыйзам долбоорун сунуштап жатамын. Ал эми айрым депутаттардын арасында жүрүп жаткан: "Садырбаев кимдир бирөөнүн Президент болушуна жолтоо болуш үчүн ушул мыйзам долбоорун шашылыш түрдө алып чыкты" деген сөз, кеп жебеген келжиректин сөзү экендигин айта кетүүгө аргасызмын.

Башкалар билбесе да, ушул залда отурган эски депутаттар бул мыйзам долбоору Садырбаевдин жүрөгүнөн чыккан, анын каны-жанынан жаралып, боор этинен бүткөн мыйзам долбоору экендигин эң сонун билесиңер да. 8 жылдан бери талкууланып келе жатат бул мыйзам долбоору. Өболу, 1998-жылы Садырбаевди чыркыратып туруп, анын жазгандарына өгөй 4 пункту киргизип койгондо, урматтуу Сулайман Иманбаевич баардык жерде "Кыргызстандын Президентин шайлай турган мыйзам долбоору Садырбаевдин долбоорунун 80%не негизделинип кабыл алынды" деп жарыя кылганда, мен өзүмдүн авторлук укук, чыгармачылык перзентимден баягы Сталиндин маалындагы репрессиядан коркуп, айрым уулдар атасын танып, ал эми кээ бир аталар өзүнүн балдарынан баш тарткандай жагдайга такалып калганда, ал долбоордун авторлугунан баш тартып, Борбордук шайлоо комиссиясы, Президенттин администрациясы, Кыргыз Өкмөтү менен бир жыл бою кармашканмын. Ал кармаш жөн эле "бесследно" өтүп кеткен катардагы көнүмүш иш эмес эле. Бул 8 жылдан бери өзүнөн-өзү бышып жетилип келе жаткан маселе болуучу. Именно мына ушул, эгерде эски депутаттар эсиңерде болсо. 4 кесепети пункттун кирип калганына байланыштуу публицист Садырбаевдин **"Время доцентоватых юристов и чымкоргонутых врачей"** деген атайын брошюрасы чыккан. Ошону үчүн, урматтуу депутаттар, бул жерде өтө татаал деле маселе жок экендигин айта кетүүгө тийишмин. Болгону, президенттик шайлоого чыккандар бирдей укукта болсун деген эле тилек. Конституциябыздын статьясындагы тең укук "равные права" деген принцип гана сакталсын деген аракет. Эч кимге эч кандай артыкчылык берилбей, бардык кандидаттар бирдей шартта шайлоого чыксын деген пикирин депутат болуп жүргөндө Курманбек Салиевич дагы айтып калаар эле. Эми "алдыда турган шайлоолор өтө курч болот" деп атат. Урматтуу депутаттар, мен ачык эле айтып коеюн, бул маселенин талкууланышы түз эфир аркылуу көргөзүлбөгөндүгү эле, азыр телевидениени жетектеп тургандардын, президенттин администрациясында иштегендердин оюу, бул маселеге, карапайым калктын ниетине түз эместигин айгинелеп турат. Алдыдагы шайлоолордун өтө курч болоорун моюнга алуу,

демек, кайрадан айыл-айыл менен чабышат жалпыга таанымал лидерлер эч качан бири-бири менен бирикпейт дегенди түшүндүрөт. Акыр аягында айта кете турган эң коркунучтуу маселе – эгерде талапкерлердин баардыгына бирдей жагдай жасап бербесек, карапайым калктын түндук-түштүк болуп тирешип кала турган коркунучу келатат дегенди түшүндүрөт. Ошону үчүн азыр мен сунуштап жаткан 4 арамзалыгы арбын, кесепети пунктту алып таштоо – кимдир-бирөөгө каршы жасалып жаткан аракет деп айтыш чоң жаңылыштык. Баарыга ушул статьянын ар бир беренесин окуп берсем болобу, Өмүрбек Чиркешович?

**Ө. Текебаев:** Болот.

**Д. Садырбаев:** Рахмат. Мына ойлоп көрүңүздөр, менин 98-жылкы вариантымда: **"Президенттик кызматка аттанып жаткан бардык талапкерлер бирдей укуктарга ээ, эч кимге, эч кандай артыкчылык, эч кимге, эч кандай өксүктүк жасоого жол берилбейт"** деген сүйлөм бар эле.

Анын ордуна Борбордук Шайлоо комиссиясы **"Бардык талапкерлер бирдей укуктарга ээ"** дегенден кийин **"жана ушул Кодексте белгиленгенден тышкары учурларда бирдей милдеттерди аткарат"** дейт, башкача айтканда, мына бул жерге өтө митайымдык норма катылып коюлган. Муну кыргызча кандай түшүндүрсом экен..? Муну эки адамды эр эңишке чыгарып, бирине ээр токум, жүгөндүү, басмайылдуу, үзөңгүлүү ат, экинчисин жайдак ат мингизип туруп, "мына экөөңөрдүн абалыңар тепетең, бипбирдей болуп калды, эми эр болсоңор оодарышып көргүлө" деген былгытмасы бар бир арамзалыкты кылтыйтып кошуп коюп отурат.

Ошону үчүн мен 28-статьянын биринчи пунктундагы сүйломдү **"баардык талаикерлер бирдей укуктарга ээ"** деген бойдон эле калтырышты сунуш кылып жатамын.

**Экинчиси,** ошол эле статьянын 2-пункттун 6-абзацында "ушул кодексте, **кызмат абалынан пайдалануу деп төмөнкүлөрдү түшүнөбүз"** дегенден кийин мындай сунуш бар...(айланайындар, мен сүйлөгөндөн да кыйналып турам. Чөнтөк телефонуңар менен сүйлөшкөнүңөрдү токтото турбайсыңарбы. Өзүм дагы улгайып калган адаммын, сыркоолоп турам, силер телефон аркылуу сүйлөп жатасыңар,

мени аттырганы атабы деп санаам дагы тынбай жатат). Андан ары карай... **“Мамлекеттик же коммуналдык менчикте турган транспорт каражаттарын талапкерлерди көрсөтүүгө жана шайланууга көмөктөш иштери үчүн акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу” деп келип, “бул жобо аталган тарнспортту, мамлекеттик күзөт жөнүндөгү мыйзамга ылайык пайдаланган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына жайылтылбайт”** дегендин ордуна мен, **“мамлекеттик же коммуналдык менчикте турган каражаттарын талапкерликке көрсөтүүгө жана шайланууга көмөктөшүүчү иштер үчүн акысыз же жеңилдетилген шарттарды пайдалануу кызмат абалынан пайдалануу” деп табылсын”** деген сүйлөмдү сунуш кылып жатамын. Баягыда Адахам Кимсанбаевич эсинде болсо, ушул статья таптакыр өтпөй калганда, болуптур эми силерге да жеңилдик берип коелу деп, шайлоо маалында депутаттар кызмат машинелерин минип жүргөнгө уруксат берип коюп, ал эми Президенттикке чыккан адам вертолет, паровоз, трактор дөлөңгүттөрү, машинеси, кабинети түгүл коммуналдык менчикте турган мамлекетке тийиштүү бардык жеңилдиктер менен пайдаланып алды. Мен ушуга окшогон арамза барабарлыктын принцибин жокко чыгаруу жөнүндө айтып жатам да. Урматтуу депутаттар, мен кыргыз элинин өнүп-өсүп, гүлдөп кетишин жан-дилим менен каалаган адаммын. Мен Президенттикке чыкпайм, ага менин табитим дагы, мүмкүнчүлүгүм да жок. Бирок, буга окшогон жолдор менен мамлекеттин административдик ресурсун кеңири пайдаланып, ууру жолдор менен тешиктен кирбестен, башкалар сыяктуу эле ачык эшиктен кирген Кыргызстандын бир азамат уулу же кызы Президент болуп калса, өлкөдө тынчылык заман болоор беле, демократиялык жолдордо өнүгөөр беле деген тилек менен гана ушул мыйзам долбоорун киргизип, депутаттар бир кең пейилдүүлүк кылып, Президентке дагы, Премьер-министрге дагы, депутаттар өзүлөрүнө дагы кенедей дагы артыкчылык талап кылбастан, келээрки шайлоолордо көпчүлүк депутаттарга болгону кызмат машинеси менен кызмат кабинети калтырылат экен, ошондон деле өзүбүз эле баш тартып, баардыгыбыз

бирдей шартта ар кандай жарыштарга чыксак туура болоор эле деп ойлойм. **Үчүнчү** мага жакпаган жагдай, Кодексте **"кызмат адамдарына шайлоочулар алдындагы өз милдеттерин аткарышына тоскоолдук болууга тийиш эмес"** деп жазылып турат. Менин сунушум боюнча, ушул сүйлөм дагы толук бойдон Кодекстен алынып ташталышы керек. Бул эмнени билгизет? Бул норманын азыркы Президенттин милдетин аткарып жаткан кишиге таптакыр тиешеси жок. Аскар Акаевич Президент болуп иштеп турганда ал жалпы эл тарабынан шайланган адам эле.

– Мен шайланган кызматтык милдетимди аткарып жатам, – деп, каалаган жериие вертолет менен, кааласа самолет менен, кааласа машине менен барып, элди чогултуп алып туруп, азыр эмне иштер жасалып жаткандыгын жана келечекте Өкмөт тарабынан эмнелер жасала тургандыгын шайлоо өнүктүгүндөгү агитация иштери катары пайдаланып жүргөнүн көз көрбөдү беле. Ушундай нерсени дагы болтурбаш үчүн, мен ушул сүйлөмдү толук бойдон алып таштоону сунуш кылып жатамын. Эң акыркы, кимдир-бирөө **мамлекеттик кызматта иштеп жатса, Президенттикке талапкер болгондон кийин кызматынан кетиш керек"** деген жери бар. Ушу норма бардык талапкерлерге бирдей колдонулушу керек, анын ичинде Президенттин милдетин аткарып жаткан адамга дагы. Ал өз кызматын кимдир-бирөөгө өткөрүп бергендигин күбөлөндүргөн документтин көчүрмөсүн катталган күндөн тартып, 5 календардык күндөн кечиктирбей, округдук шайлоо комиссиясына тапшырышы керек. То есть, өзүнүн кызматтык полномочиясын алып таштаганы тууралуу арызды өзүнөн өйдөкү жетекчисине алып барышы керек. Эгерде өзү мамлекеттеги эң жогорку кызматты ээлеп турган адам болсо, өзүнүн полномочиясын өзүнөн кийинки кызмат боюнча ээлеп отурган кадамга өткөзүп бергендигин күбөлөндүргөн өзүнүн буйругун алып келип туруп, ал адам Президент болсо дагы башкалар катары, карапайым эл катары шайлоого чыгыш керек. Бул эреже **"Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына карата колдонулбайт"** деп жазылып турат. Менимче, Президентте деле, Жогорку Кеңештин депутаттары

деле мындай артыкчылыкты өзүлөрү эле алып ташташа жакшы болоор эле. Эми сөзүмдүн эң акырында жана, Өмүрбек Чиркешович айткандай, кайра-кайра суроолор болбош үчүн, мен комитеттин талкуусунда урматтуу Камбаралы Ташболотович, Алишер Ахмедович Сабиров менен Хаджимурат Зулкарнаевичтин эки замечаниясына кантип макул болгонумду айта кетейин. Коллегаларымдын эки замечаниясына макул болуп, жанагы депутаттардын артыкчылыгын алып таштабай эле койсок болот дегенге көнсөм, Өкмөттүн өкүлү Мырза Кулматович "минтүү жанагы жаңы чыккан, "мамлекеттик кызмат жөнүндөгү мыйзамга карама-каршы келип калат" дегенинен мен ал замечаниелерди талкууга алып чыккан жокмун. Башкача пикириңер болсо, талкуулашууга даярмын.

Себеби ал мыйзам боюнча, урматтуу депутаттар, Президенттин Указы менен бекитилген тартипте класстык чиниңер бар, ага жараша же өмүр бою ала турган 1200 сом стипендияңардан баш тартышыңар керек, же шайлоо маалында депутаттык артыкчылыктан пайдалануу укугу, кызмат машинесин мингенден баш тартышыбыз керек. Менимче, экинчи артыкчылыктан баш тартуу баарыбыз үчүн ыңгайлуу болот го деп ойлоймун. Экинчиси, Хаджимурат Зулкарнаевич сунуш кылган дипломатиялык кызматкерлердин шайлоо жана шайлануу укугун чектебейли дегенге макул болгонмун. Ал өзү бүгүнкү талкуудан кетип калган турбайбы. Эмнегедир Хаджимурат Зулкарнаевич сунушун кайра чакырып алды. Ошону үчүн мен ал сунушту дагы талкууга алып чыга алган жокмун. Эң акырында азыркы **Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу Курманбек Салиевичтин Жогорку Кеңештеги өкүлүнүн милдетин аткаруучу урматтуу Данияр Ильичтин** замечаниесине өзүмдүн каяша пикиримди билдире кетейин дедим эле. Азыр, Данияр Ильичтин жанталашканына карабай эле, бул мыйзамды кабыл алып кое турган тарыхый мүмкүнчүлүк болуп турат, урматтуу депутаттар. Себеби, жалпы эл тарабынан шайланган Президенттин бийлиги Конституциянын 43-статьясына жараша эч качан үзгүлтүккө учурабашы керек деген нормага кайра-кайра кылчактай бериштин эч кажети жок деп эсептеймин.

Анткени, Курманбек Салиевич Бакиев Президент катары эч кимге, эч кандай ант берген эмес, жалпы эл тарабынан дагы шайланган эмес. Ал азыр убактынча Президенттин милдетин аткарып турат. Ушул жерден Курманбек Салиевич бир жигиттик кылып өзү эле ушундай артыкчылыктардан баш тартып туруп шайлоого чыкса деле утуп чыкмак. Ошенткенге Бакиевдин кайраты жетеби? Маселе мына ушунда турат. Урматтуу Кыргызстандын азамат уул-кыздары, акылыңардын тунуктугуна, ишиңердин актыгына, көз карашыңардын тактыгына ишенсеңер, эчтекеге кылчактабай туруп башкалар катары президенттик жарышка чыккыла. Андайдын кадыр-баркына карапайым калк өз баасын бербей койбойт. Мына мисалы үчүн ушул залда олтурган депутаттардын арасынан депутаттык шайлоого аттанып жатканда, эң жардыңар мен болчумун, мага каршы абдан көп акча сарпталды, абдан чоң мамлекеттик, президенттик администрациянын ар кандай күч-аракет ресурстары пайдаланылды, бирок, мен өзүмдүн тилимдин ийкемдүүлүгүнө ишимдин актыгына, жүрөгүмдүн тазалыгына ишенгенмин, ошол жарды бойдон эле шайлоого аттанып, шайлоочуларга канчалык коп акча чачылбасын, тууган-уругу канчалык катуу кысымга алынбасын, кудайга шүгүр, менин элим кайрадан эле мени депутаттыкка шайлап, силердин араңарга кошуп койбодубу. Чын-чынына келгенде, уурулук жолго баспаган, жүрөгү таза, тили так, мамлекетти кыйын абалдан чыгарып кете турган акылы жеткилең адамга жанагы 4-пунктта белгиленген артыкчылыктын кереги деле жок. Кыргыз эли өзүнүн жүрөгү таза азамат уулун, пейили кең айкөл кызын эч кандай артыкчылыксыз эле тандап алып, ар кимге татыктуу наркын бербей койбойт. Мындай жолдор менен утуп чыккан Президент менен "бул административдик ресурсту пайдаланбады, узурпация власти деген кесепетчиликке жологон жок, нукура элдин ыктыяры менен шайланып келди" деген ынаным менен чын пейилибизден кызматташар элек.

Урматтуу депутаттар, мен жөн гана улуттун алдында, Жогорку Кеңештин алдында, мамлекеттин алдында өзүмдүн атуулдук абийиримди тазалап алайын деп гана 7 жылдан бери кабыл алынбай келаткан мыйзам долбоорун алып чыгып отурамын. Эгерде силер дагы мурдагыдай эле жапатырмак

колдобой койсоңор, эч киминерге менин таарынычым жок. Себеби өткөн 14 жылдан бери Акаевдин режимине бир эмес, бир нече жолу каяша пикирин айтып, кээде аздык кылып, кээде жападан жалгыз калып такай уткузуп жүрүп, мен утканга да уткузганга да көнгөн адаммын. Бирок, эсиңерде болсун, эгерде бул бардык уул-кызга барабарлык, теңдик, калыстык укук бере турган принциптерди колдобой турган болсоңор, эгерде азыркы бийликте отурган аткаминерлердин бүтүн Кыргызстандын эли шайланган парламенттин бир эле Указ менен таратып ийем деп күпүлдөгөн билими тайкы, камчысынан кан тамган адамдардын колуна чексиз бийлик тийип кала турган болсо, анда келечекте кыргыз жергесинде тынчтык болоруна, мамлекеттин өнүгүп-өсөөрүнө, мен ишенбей турамын, урматтуу депутаттар. Өмүрбек Чиркешович, мен бүттүм.

**Б. Шерниязов:** Рахмат. Дагы убакыт бар, Докемдин убактысы бар, азыр болгону 13 мүнөт, 48 секунд сүйлөдү.

**Д. Садырбаев:** Ооба убактым бар. Регламент боюнча докладчыга 30 мүнөт берилет.

**Б. Шерниязов:** Бул маселе боюнча тиешелүү комитеттин окулу өз сөзүн айтпайбы. Комитеттин төрагасы Конгантиев жок да. 3-микрофон.

**А. Келдибеков:** Урматтуу депутаттар, мобул талкуубу же сурообу?

**Д. Садырбаев:** Суроо берсеңер дагы болот, талкуу кылсаңар дагы болот. Азырынча суроо берилиши керек.

**А. Келдибеков:** Сурообу?

**Б. Шерниязов:** Мына бул тизме суроого жазылгандардыкыбы же талкуунукубу? Суроонуку экен. Анда сөз Мадумаровдо.

**А. Мадумаров:** Ушул маселенин талкуусуна, Болот Эсентаевич, мени дагы жазып койсоңуз. Кимдин-кимдин, менин моралдык укугум бар деп ойлойм ушул маселеге түздөн-түз кийлигишкенге.

**Д. Садырбаев:** Сөзсүз.

**А. Мадумаров:** Себеби, 2000-жылы дагы, 2005-жылы дагы депутаттык шайлоодо ушул мыйзамдагы артыкчылыктан баш тарттым эле, менден башка дагы ким ошондой кадамга бара алды, машинаны ушул жерге таштап кетип? Мисалы мен

Жогорку Кеңештин машинасын бир саат, бир километр дагы пайдаланган эмесмин.

**Д. Садырбаев:** Айтып берейинби? Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаттарынын бардыгы, к сожалению, пендечилик кылдык. Ошолордун арасында мен да бармын. Мен колумда жоктугунун айынан, чөнтөгүмдүн жукалыгынан шайлоо маалында кызмат машинемди минип жүрдүм. Кийинки кезде 60 депутаттын арасынан жападан-жалгыз Адахан Кимсанбаевич Мадумаров официально кат жазып, кызмат машинесин минбей эле, өзүнүн туугандарынын же өзүнүн машинесин минип кеткендигине байланыштуу, сизге эч кандай күнөө кое албайм, Адахан Кимсанбаевич.

**А. Мадумаров:** Биз ошондо баарына бирдей шарт болсун деген принцип менен жүргөнбүз, урматтуу депутаттар, азыр мыйзамды талкуулап жатканда туура, ушундай болуш керек дейбиз. Бирок, жеке өзүбүздүн кызыкчылыгыбыздын аркасынан кетип калган учурубуз дагы аябай көп болгон мыйзам чыгарып жатканда. Жеке өзүбүздүн кызыкчылыгыбыз. Дооронбек Садырбаевич, мына бул жерде азыр мен көрүп калдым. Алишер Ахмедовичтин дагы бир сунуштары бар экен. Статья 63-1 кылып киргизип жатыптыр талапкерлер үчүн. Менимче, Президенттин милдетин аткарып жаткан кишиге кайсы бир деңгээлде мамлекет тарабынан камкордук көрүлүшү керек да. Бир кишинин качып кеткенинин кесепетинен Кыргызстан кандай абалга калды? А талапкерлик учур болуп жаткан шайлоо учуру болуп жатканда, бул кырдаал өтө курч болот, өзүңүз баса белгилегендей. Мүмкүн мамлекеттин башчысынын милдетин аткарып жаткан кишиге өзгөчө бир мамиле кылып коюшубуз керектир. Себеби, кеп ал кишинин тагдыры жөнүндө кетип бара жаткан жок. Бир кишинин тагдыры мамлекеттин тагдырына өтө чоң таасирин тийгизип коюшу деле мүмкүн. А калган талапкерлерге дагы дал ошондой шарт түзүлүп берилсе деген сунушту киргизсек кантет? Алардагы болгон мүмкүнчүлүктөрдү тартып эле албастан, тескерисинче, башка талапкерлерге дагы мүмкүн болушунча шарт түзүп бергенге аракет жасалса кандай дейсиз?

**Д. Садырбаев:** Урматтуу Адахам Кимсанбаевич, башка депутаттар менен дагы акылдашып көрөлү, азыр эл алдында ант

берген жалпы эл тарабынан шайланган легитимдүү Президент жоктугуна байланыштуу, эч кимге эч кандай артыкчылыкты бербестен, Премьер-министрдин кызматына биз дайындаган урматтуу Курманбек Салиевич эгерде президенттикке чыга турган болсо, Шайлоо Кодексинин 28-статьясындагы талапкердин статусуна ылайык, Премьер-министрлигин башка бирөөгө өткөрүп берип туруп, эл катары жарышка чыксын. Анан кийин кичинекей ийненин көзүндөй артыкчылык берилген жерде, бара-бара билинбестен чоңоюп отуруп, акырында аңырайып калат. Эмне азыр Кыргызстанда премьер-министрликке татыктуу адам жокпу? Эгерде президенттикке татыктуумун деп жарышка аттанып жаткан киши сөзсүз түрдө мамлекеттик ресурска таянып аттана турган болсо, эл арасында дагы азыркыдай коогалаң чыкпай койбойт. Урматтуу Адахан Кимсанбаевич, эч кимге, эч кандай артыкчылык берилбеш керек. "Тең жегенди теңирим сүйүптүр" деген кеп бар. Теңдиктен, калыстыктан качпаш керек. Бирок, сиз настаивать этсеңиз, ошол сунушуңузду колго салып көрсөк болот. Жеке мен өзүм каршымын.

**А. Мадумаров:** Мен ал привилегия деп айткан жерим жок, Дооронбек Садырбаевич, жалпы кырдаалды эске алуу менен, башка талапкерлерге дагы ошого тете жеңилдиктер берилсе деп, биз талапкердин рангын өөдө көтөрсөк. Башка талапкерлер ким чыкса дагы, ошол Премьер-министр болобу, же Президент болобу ошолор менен бирдей, эч кандай бир кемчилиги жок деген шартты түзсөк деп жатам. Себеби, мына дагы бир сунуштар түшүп жатат жана эскертип айттым 63-статья боюнча. Аларга күзөтчүлөрдү берүү боюнча. Мына ошондой жактарын биз күчүндө турган бийликтин өкүлүнө тете жеңилдиктерди башка талапкерлерге берсек деп жатам да мен. Баарына бирдей шарт түзүү үчүн. Анын укугун тартып алыш эмес, анын укугуна башка талапкерлерди жеткирип коюш максатта болуп жатат. Макулсузбу?

**Д. Садырбаев:** Жок, макул эмесмин. Адахан Кимсанбаевич, Премьер-министр президенттикке чыгып жатып премьер-министрлик кызматын өткөзүп берет. Кызматын өткөзүп бергенден кийин ага эч кандай охрананын кереги жок болуп калат. Ага мамлекеттик машинелердин кереги жок. Ага

мамлекеттик оргтехниканын, тигиндей-мындайдын кереги жок. Бул жерде сөз бардык граждандар үчүн бирдей шарттын түзүлүшүндө болуп жатат. Эми жанталашып эле азыркы кырдаалдан пайдаланып, Курманбек Салиевичти Премьер-министр кылып дайындап койгондон кийин эле ушул киши незаменимый экен дей бериштин деле кажети жок деп ойлоймун. Бул киши премьер-министрлигин башка бирөөгө өткөзүп берип, эл катары президенттик жарышка чыкса, аалам астын-үстүн болуп кетет деп ойлогон туура эмес. Ошон үчүн, Курманбек Салиевич президенттик шайлоого чыга турган болсо, а дагы жигиттик кылсын. Премьер-министрликке жарай турган анын жанында эле биринчи вицелери турат. Же болбосо, элдин арасында башкалар деле бар, ошолордун бирөөнө кызматын өткөзүп берип туруп, чыксын эл катары, Садырбаев катары, Мадумаров катары, Сабиров катары президенттикке чыгып туруп утуп алсын. Ошондо оң жактан дагы, сол жактан дагы эч нерсе дебестен, биз шоорат айтып кол чаап тосуп алабыз. Топчубек Тургуналиевге окшоп ак калпак кийгизбесек дагы, шайлангандан кийин жанына жакындатса, ак батабызды бергенге биздин деле кудуретибиз жетет. Мен макул эмесмин, Адахан Кимсанбаевич.

**А. Мадумаров:** Рахмат. Болот Эсентаевич, мени жарыш сөзгө деп жазып койсоңуз.

**Д. Садырбаев:** Кулагым сизде.

**Б. Шерниязов:** Жарыш сөз болгондо, өзүңүздөр жазыласыздар. Сөз депутат Сатыбалдиев Жантөрө Жолдошевичте.

**Ж. Сатыбалдиев:** Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, мына сиз айтып кеттиңиз, 69-статьяны өзгөртүүнүн кереги жок деп. Себеби, ал 56-статья, 43-статья менен Конституцияда белгиленип калган. Жана экс-посолдорго, дипломатический корпуста иштегендерге, торговый представительстволорду алып коюуга конституциялык негизде болбойт экен да. Конституцияда мен окуп чыктым, ал жерде эч посолдор жөнүндө жазылган эмес, и дипломатический корпустар жөнүндө, торговый представителдер жөнүндө жазылган эмес. Ошон үчүн мен ойлойм, сиз макул болсоңуз ушул норманы кошуп эле киргизип, диппосольства бар дипломатический

корпус, торговый представителдер өкмөттүн заданиеси менен иштегендерди кошуп сиз макулсузбу?

**Д. Садырбаев:** Мен толугу менен макулмун. Туура түшүнгүлө, юридикалык жагынан мен өтө эле сабаттуу депутат эмесмин. Негизинен, мен жүрөгүм менен, акылым менен иш тутуп жүргөн адаммын. Эгерде, Алишер Ахмедович, жардам берсеңиз, мен кабыл алат элем ушу сунушту. Мага жардам бересизби?

**Ж. Сатыбалдиев:** Сиз ссылка кылган Конституцияны окуюнчу.

**Д. Садырбаев:** Жок, жок. Окубай эле коюңуз. Мен макулмун.

**Ж. Сатыбалдиев:** Макулсузбу? Ошондой эле кээ бир эр азаматтарыбыз президенттик шайлоого да катышпай калышы мүмкүн экен, 15 жыл жашаган жок деп. Анан 15 жыл посол болуп жүргөн кыргыздын эр азаматтары, кыздары шайлоого катышпай калса, анда бизде күнөө болуп калбайбы?

**Д. Садырбаев:** Мен макулмун, урматтуу Жантөрө Жолдошевич, бирок, мен мунун бардыгы тең кийин шайлоо маалында же үгүт маалында өнөктүк маалында, кандайдыр бир талаш-тартыштарды чыгарып, дагы коогаландуу окуяга дуушар болбос бекен деп гана этияттанып жатамын. Эгерде Камбаралы Ташполотович менен Алишер Ахмедович мага жардам беришсе, мен сиздин сунушуңуздун толук бойдон кабыл алам. Эгерде башка депутаттар макул болсо, мен деле макулмун. Добушка салып көрөлү, жактырылса мен ошо, именно сиз айткан вектор боюнча иштеп берүүгө мен даярмын. Кыскасы макулмун.

**Ж. Сатыбалдиев:** Өзүңүзгө белгилүү 24-марттагы революцияны эн алгачкы учкундары биринчи экс-посолдордон башталган. Сиз өзүңүз айткандай, аларды дагы шайлоого катыштырып, калыстык кылып коюшуңузду мен сурайт элем.

**Д. Садырбаев:** Туура айтасыз. Юрист депутаттар дагы мага жардам беришсин, бул биздин баарыбыздын жалпы ишибиз. Бир адамдын акылы ал жакшы, бирок, 2-3 адам анын арасына өтө бийик кесиптеги адистер кошулуп кетсе, кабыл алынган мыйзамдарда келечекте боло турган калыссыздыктардын жолу кесилет. Мен сиздин пикириңизге кошулам. Колго салганда

өтүп кетсе, ушу вариантты кошуп коюуга аракет кылам, Жантөрө Жолдошевич.

**Ж. Сатыбалдиев:** Рахмат.

**Б. Шерниязов:** Депутат Султанов.

**М. Султанов:** Дооронбек аке, сиздин долбоорду кабыл алсак, биз кызык ситуацияга түшүп калышыбыз мүмкүн. Биринчиден, Президентти шайлай турган мыйзамды кабыл алып, азыр анын ишин аткарып жаткан кишини отставкага кетирсек, анда 3 айдан кийин кайра президенттик жаңы шайлоо дайындашыбыз керек болуп калат. Себеби, мынабул Конституцияда ошентип жазылган. Ал отставкага кеткенден кийин, гана биз шайлоо күнүн дайындашыбыз керек деп. Ушундай бир кольцого түшүп калбайбызбы? Бардыгы келип, анан кайра-кайра жацы шайлоо дайындай бере турган абалга. Бул биринчи суроом. Экинчи суроо. Конституцияда жазылгандай, 45-статьянын 4-пунктунда. **“Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын президенттик кызматка киришкен мезгилден тартып токтотулат”** деп. 45-статьянын 4-пунктунда жазылган. Ал эми мисалы, 3-главанын 2-бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары корсөтүлгөн. Ушул жерде конституциялык казус болуп атат. Экинчи жери бар. Эгерде биз ушуну кабыл алсак, анда депутатар сөзсүз кетиш керек болуп калат. А президент кетпей эле коюшу керек болуп калат. Себеби, өзүңөр билесиңер, ал жаңы мыйзамдын редакциясын киргизсе, биз сөзсүз бир айдын ичинде карап чыгышыбыз керек. Эгерде биз макул болсок, ошол редакция калат, калбаса 6 айга кала берет. Ошондуктан, мен ойлойм, азырынча мындай өзгөртүүлөрдүн кереги жок мыйзамга. Азыр тескерисинче башка реакция болушу мүмкүн. Бул менин оюм. Сиз кандай ойлойсуз?

**Д. Садырбаев:** Марат Абдыразакович, 2-маселе боюнча мен сиз менен макул эместигимди эмитен эле айтып коеюн. Менин чындап эле түпкү максатымды билгиңиз келсе, граждандык уят-сыйытка чакырып атам элди. Ошо эл дегенибиз – болочок президенттикке кандидат дегенибиз, Курманбек Салиевич да Кыргызстандын гаржданини. Кыргызстандагы стабилдүүлүктү, Кыргызстандагы мыйзамдуулукту сактагысы

келсе, күн мурунтан эле мен ушинтип Президенттикке чыккан атам. Ошон үчүн мыйзам бузууларга, тирешүүлөргө жол бербейм деп ачык айтып туруп, бул адамды, азыр Президенттин милдетин аткара турган, Премьер-министрдин милдетин аткара турган адамды сунуш кылса, Курманбек Салиевич "азамат уул" делинип тарыхта калаар эле. Биз Премьер-министрди бекитип бергенден кийин, Курманбек Салиевич президенттикке чыгып атам деп, Президенттин ыйгарым укуктарын дагы жаңыдан шайланган Премьер-министрге өткөрүп берип, тууган-уругун, сизге окшогон балдарын, мага окшогон чалдарын чогултуп алып, эл катары шайлоого чыгып утуп кетсе, бардыгыбыз дүркүрөтө кол чабабыз. Бул бир деп туруңуз. Экинчиден, жанагы сиз айтып аткан 44-45-статьяга келсек, анда кеп жалпы эл тарабынан шайланган кыргыз элинин алдында, Конституциясынын алдында, Жогорку Кеңештин алдында ант берген Президенттин ыйгарым укугу жөнүндө болуп атат. Ошондо бар Президенттин ыйгарым укуктарын, өзү качып кеткенден кийин дагы алып таштай албай, биз бир айдан бери талашып-тартышып атабыз. Азыр андай адам жок Кыргызстанда. Курманбек Салиевич болгону **временно исполняющий обязанности** Президента. Ушундайдан пайдаланып, биз жанагыдай теңдик шарттарды киргизип албасак, Курманбек Салиевич шайланабы Суранчиев же Садырбаев шайланабы Президент болуп алгандан кийин мындай нормалар үч уктасак түшүбүзгө кирбей калат. Ал эми шайлоо боло турган күндү биз уже белгилеп койгонбуз. Аны өзгөртө албайбыз. Бакиев шайлоого катышкандан баш тартса деле, 2005-жылдын 10-июлунда шайлоо болбой койбойт. Ошон үчүн азыр 44-статьядагы нормаларды бул жерде пайдалануу некорректно деп эсептегеним үчүн мен сиздин замечаниеңизди кабыл албайм.

**Б. Шерниязов:** Суроо берүү үчүн сөз депутат Сабиров Алишер Ахмедовичке берилет.

**А. Сабиров:** Уважаемый Дооронбек Садырбаевич, цель вашего законопроекта отчетливо видна. Для этого не надо, как говорят, вооруженный взгляд. Но принцип равенства всех подразумевает и принцип безопасности. Хотя я вот так понял, что вы против моего предложения включить в статью 63 прим.

Охрану всех кандидатов со стороны Управления государственной охраны. Я б хотел все-таки еще раз вас спросить. Если будет охрана от государственного органа, как вы считаете, это будет полезно, это обеспечит безопасность этих гаржданн? Если вы будете считать, что такая охрана не нужна, каждый кандидат будет иметь своих телохранителей, в том числе, вы знаете, возможно, и вооруженных. Возможно, вызовет эти конфликты какие-то. Еще раз я хотел бы, чтобы вы продумали и сказали свое слово в отношении охраны со стороны Управления государственной охраны. Когда будут кандидаты встречаться, одно дело, будут встречаться люди с одного подразделения, которые могут друг с другом говорить. А другое дело, будут это, например, какие-то спортсмены или детективные какие-то агенства, службы безопасности. Вот мне хотелось, чтобы вы более четко высказали свое мнение.

**Д. Садырбаев:** Я вынужден согласиться с вашим замечанием.

**А. Сабиров:** Предложением.

**Д. Садырбаев:** Хорошо с предложением. Если честно возражать мне нечем. Но я предлагаю и такой вариант, вместе с тем, что принимаю ваше замечание. Это охрана должна быть не охрана исполнящего обязанности Президента, эта не только охрана должна быть ни Премьер-министра. Для всех кандидатов должна быть единообразная государственная охрана, которая обеспечит безопасность кандидата и его окружения, а не самостоятельно свои спортсмены, борцы или там другие крутые парни. Поэтому ар бир кандидатка бирдей шарт түзүлүш үчүн мамлекеттик охрананы караштыруу биздин шартта может быть и необходимо.

**А. Сабиров:** Значит, вы согласны, да?

**Д. Садырбаев:** Конечно.

**А. Сабиров:** Спасибо.

**Д. Садырбаев:** Давайте внесем, все вы помогите мне, азыр колго салалы, Болот Эсентаевич, когда будете ставить на голосование, то я прошу, чтобы вы обьявили с учетом замечаний Алишера Ахмедовича.

**Б. Шерниязов:** Алишер Ахмедовичте башка суроо жок болсо, микрофон депутату Керимкулову.

**А. Керимкулов:** Рахмат. Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, тактоо иретинде эки суроо. Биринчи азыркы ал абалды билебиз да баарыбыз, ээ? Ушул ал абал, ушул убакытта Президенттин милдетин аткаруучу адам, Премьер-министр болуп жаткан адам, ушул туура келеби эгерде полномочиясын ушул өткөзүп бергенге, обстановка кыйын болуп жатса, жер-жерлерде шарттар татаал болуп жатса, анан ошого бул жеке эле шайлоо эмес, бул мамлекетте дагы коопсуздук маселе туруп калышы мүмкүн деген бир ойду айткым келип жатат да. Ошого комментарий, оюңузду берсеңиз. Бул бир. Экинчи, башка дүйнөлүк практикада барбы ушундай: Президенттин кызматын аткарып жаткан, же болбосо, Премьер-министр болуп жаткан адамдар, ошондой өзүнүн полномочиясын тапшырып, башкалар менен равный чыгып жаткан? Эгерде бар болсо, ошондой бир мамлекеттерди айтып коесузбу? Рахмат сизге.

**Д. Садырбаев:** Биринчиден, эң оболу экинчи маселеге жооп берейин, анан биринчисине өтөйүн. Урматтуу Айдарбек Керимкулович. Дүйнөлүк практикада 13,14,15 жаштагы балдар **"ураа, парпык"** деп кыйкырып, Ак үйгө кирип барып, Өкмөттү, Президентти кабинетинен кууп чыгып туруп, ордун ээлеп алган учур деле болгон эмес. Дүйнөлүк практикада верховный главнокомандующий өзүнүн армиясын таштап, качып кеткен учур дагы болгон эмес. Ошон үчүн биз дагы должны исходить из того, что имеем. Үчүнчүсү, мына мындай шартта тиги немелерге жолтоо болбойбу деп жатабыз. Айдар Темирбекович сиздин оюңузга мен деле каршы эмесмин. Мен бирөөнү жакын, экинчисин алыс деген жерим жок, же үчүнчүсүн региональный кызыкчылык боюнча дагы бөлүп-жарып жаткан жерим жок. Эгерде сиздин максатыңыз любой ценой, административдик ресурсту пайдаланып, тууган-уруктун кадырын пайдаланып, күч колдонуучу структуралардын курал-жарагын колдонуп, бийлик үстүндө отурган адамды кечүүдөн өткөзүп кеткиңиз келсе, айткандарыңыздын жөнү бар. Мисалы үчүн, Алишер Ахмедович мына азыркы түзүлүп жаткан кырдаалдан ну, просто наиболее ыңгайлуу вариантын сунуш кылып жатат. Президенттикке чыгып жаткан башка кандидаттардын дагы шартын, укугун, абалын бирдей кылып коелу деп. Ал үчүн

мамлекеттик охрана болсун деп жатат, анан эми биз Африкада жашап жаткан жерибиз жок да. Азыркы эрежелер боюнча шайлоого чыксак, бийлик кайра эле мыйзам бузгандан кайра тартпайт. Эгерде Курманбек Салиевич президенттикке чыга турган болсо, анын ордуна башка Премьер-министр шайланыш керек. Ошол Премьер-министр шайлоо бүткүчө ички тартипти камсыз кылып бериш керек. Ошол эле Премьер-министр Президенттин милдетин дагы аткарып тургандан шарият бузулбайт. Эгерде андай баарыбыз ишене турган адамыбыз жок, уучубуз куру болсо, анда шайлоо өткөрүп эмне кылабыз, анда жөн эле Жогорку Кеңешке чакырып келип туруп, "урматтуу Курманбек Салиевич, Аскар Акаевич кетип калгандан кийин, кыргызда сизден башка тебетей кийген эркек калбай калыптыр, сиз эми эки тизгин бир чылбырды колунузга кармап, эки бийликти тең өзүңүз башкарып бериңиз" деп эле ушул жерден эле шайлап берели, жумурай-журтту уруу, урууга, түндүк-түштүккө бөлүп, убара кылып отурбай...

**А. Керимкулов:** Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, мен сизден абдан өтүнүп суранам, сиз ар бир суроого мындай уважительный жооп берип турсаңыз, комментарий бербей. Мен тактоо иретинде сизден суранып жатам. Мен мамлекеттин коопсуздугун сурап жатам болот же болбойт деп жооп бериңиз.

**Д. Садырбаев:** Кечиресиз, "Комментарий берип коюңуз" деп өзүңүз суранып алып, эми эмнеге тескери кетип атасыз?

**А. Керимкулов:** Жок, кое туруңуз, сиз эми менин оюмда эмне бар экенин кайдан билесиз. Сиз анан ушундай мамлекеттер "бар" же "жок" деп эле коюңуз. Президент кетип калды, кетпеди деген суроону мен берген жокмун да. Мен сизден тактоо иретинде как докладчику суроо берип жатам, как автору суроо берип жатам. Сиз кичине анча-мынча баягы эме жакка ооп кетип жатасыз кызуулук кылып. Сиз антпей эле, ар бир суроого так жооп бериңиз. Сизден суранамын. Мен вправе сурашка.

**Д. Садырбаев:** Айдар Темирбекович, сиз Акаевдин маалында эртеден кечке Акаевди мактап, Акаевди жактап ырдап турсаңыз дагы, мен сиздин аброюңузга таш ыргытпастан, унчукпай угуп отурчу эмес белем. Эми мен теңдик, калыстык жөнүндө сөз кылып жатсам, сиз кайра-кайра

эле Бакиевдин көзүнө көрүнүп калуунун аракетин кылып жанталашып жатсаңыз кызууланам да. Болбойт да, токтотуңуз копоматка кой сойгонду. Азыр баягы заман эмес, мен нормально жооп бердим деп эсептейм.

**Б. Шерниязов:** Урматтуу депутаттар, дагы суроо барбы? Суроо жок болсо, урматтуу депутаттар, 13 депутат баяндамачыга суроо бергенге жазылыптыр. Ушу менен чек коюп коелук, кандай дейсиздер? Анда добуш берип койсоңуздар, 13-депутаттан кийин чек коюп коелу деп. 50 добуш менен кабыл алынды, рахмат. Микрофондо Келдибеков Акматбек.

**А. Келдибеков:** Урматтуу Дооронбек аксакал, мен...

**Д. Садырбаев.** Кечиресиз, регламент боюнча иштегенге үйрөнүңүз. Дооронбек аксакал эмес, депутат Дооронбек Садырбаев турат тушуңузда. Аксакал деген түшүнүк Конституцияда жок.

**А. Келдибеков:** Макул. Урматтуу Дооронбек Садырбаев, сизге мен бөлүп-бөлүп суроо берейин. Мүмкүнчүлүк болсо кыска-кыска жооп берсеңиз.

**Д. Садырбаев:** Макул.

**А. Келдибеков:** Шайлоо кодекси мурун каралып жатканда, сиз кандай добуш бергенсиз?

**Д. Садырбаев.** Жооп берейинби? Шайлоо кодексинин ушул статьяларга байланышкан моменттери, статьялары боюнча целый бир китеп жазып чыктым. Бир нече жыл күрөштүм, Президенттин администрациясы жана Борбордук шайлоо комиссиясы менен деп азыр эле айттым го. Эски депутаттар туура деп айтып койгулачы, мобул балага...

**А. Келдибеков:** Эми сиз колдоп добуш бергенсизби, колдогон эмессизби аны айтканыңыз жок. Менин билишимче, акыркы редакциясына колдоп добуш бергенсиз. Муну мен кечээ көтөргөм стенограмманы.

**Д. Садырбаев:** Сизде туура эмес информация бар турбайбы, мен добуш бермек тургай, ал заседаниеге дегеле катышкан эмесмин. Кийин жооп берип калбагыдай болуп, ар бир сөздү тактап айтып жүрүңүз.

**А. Келдибеков:** Экинчи суроом, урматтуу Дооронбек Садырбаевич, экинчи суроом мындай. Мына сиз айтып жатасыз

бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк түзүп берели деп. Эмне үчүн өткөн шайлоодо сиз ушул Жогорку Кеңештин депутаты катары бүт льготаңыз калды? Самолетко бекер учтуңуз, ошондой эле, машинаңызда бекер жүрдүңүз. Жогорку Кеңештин Төрагасы охрана менен жүрдү. Мунун бардыгын эмне үчүн карабайсыздар, анан бүгүн чындыкты эме кылып жатасыз. Мен ушуга түшүнө албай жатам да. Ошол шайлоо кодекси акыркы шайлоого барардын алдында министрлер кызматынан кетсин деп, бардыгын өзгөртүү киргизип колдодуңуздар. Бул кандай деп ойлойсуз, бул чындыкпы же чындык эмеспи?

**Д. Садырбаев:** Мен дагы бир жолу жооп берип коеюн, өткөн парламенттин 60 депутатынын ичинен жападан-жалгыз Адахан Кимсанбаевич Мадумаров өз эрки менен минип жүргөн автомашинасын тапшырып коюп туруп, өзүнүн машинеси менен шайлоого кетти. Калган 59убуз өзүбүздүн служебный машиналарды минип жөнөдүк. Ал мыйзам бузууга жатпайт, бирок, мыйзамда каралган артыкчылык, ал артыкчылык эмне үчүн киргизилип калды эле. Действующий Президентке льгота бериш үчүн депутаттардын добушун алыш үчүн атайлап киргизип койгон болчу. Биз машине минген 59 депутат мыйзамдын чегинен чыгып кеткен жокпуз. Бул бир деп туруңуз, экинчиси, сиз ушундай суроо бергенден кийин мен дагы аягына чейин жооп берейин. Анан уланта бересиз. Экинчи замечаниеңиз, эмне үчүн самолетко учтуңуз дегениңиз? Бул жөн эле ачып-кычып кеткен кыянат суроо. Депутаттардын самолет менен бекер учушу, президенттик шайлоолорго, депутаттык шайлоолорго, избирательный кодекске кенедей дагы тиешеси жок. Орусча айтканда, сиз, ун менен жумуртканын айырмасын билбей бардыгын чак-челекей түшүрүп аралаштырып алдыңыз. Сиз дагы учкансыз, менден көбүрөөк учкансыз, башка депутаттар дагы. Учушкан ошонун баары карапайым калктын эсебинен кеткен. Эгерде ал самолетторго депутаттар бесплатно уча турган мыйзамдарды алып таштамакчы болуп, избирательный кодекс эмес Жогорку Кеңештин депутаттарынын статусу деген законго өзгөртүү киргизсеңиз, мен сөзсүз сизди колдоп беремин. Бул жерде аны Шайлоо кодексинин эрежелерине байлап коюштун эч кандай кажети жок. Кечирип коюңуз, мен бээ десем, сиз төө деп атасыз.

Экинчиден, сиз баягыдай эле көнүп калган адатыңыз боюнча, баарыбызды дүңүнөн согуп сөз кылып жатасыз. Саал тизгинди тарта сүйлөсөңүз, жакшы болоор эле.

**А. Келдибеков:** "Шайлоо Кодексине" добуш берип жатканда, сиз экөөбүз тигил жерде чай ичип отуруп сүйлөшкөнбүз. Ошондо сиз айткансыз, бардык министрлер кетиш керек, депутаттар калыш керек деп. Эми бул макул, история үчүн калсын. Мен айткым келет, урматтуу Дооронбек Садырбаевич, биринчиден, бул жана Марат Абдыразакович айтып кетти. Бүгүнкү күндөгү өзгөртүүлөрүңүздүн эч кимге эч кандай кереги жок, ошон үчүн менин оюм, эртең референдум болот деп жатат, Конституциялык өзгөртүү болот дейт президенттик шайлоодон кийин. Ошондо чогуу каралса, жакшы болмок. Үчүнчүдөн, мына сиз айтып жатасыз, самолет менен учканым жок деп. Мен деле депутаттар менен учтум ошол шайлоо учурунда. Самолет менен учмак турсун, ушул өткөн ЗСтин Төрагасы мисалы охрана менен жүрдү, сопровождение менен жүрдү, губернатор, акимдер жанында жүрдү. Эми эшегим ылайдан өткөндөн кийин болду мага кереги жок дей турган позициянын кереги жок деп ойлойм. Ошон үчүн мени дагы жазып койсоңуз кийинки талкууга. Мен өзүмдүн берген суроолоруму жооп алдым. Мен талкууда өзүмдүн оюмду айтам. Рахмат.

**Д. Садырбаев:** Макул, ал сиздин пикириңиз. Бирок, сиз мени Мыйзам чыгаруу Жыйынынын Төрагасы Абдыганы Эркебаев деп ойлоп жатат көрүнөсүз. Мен Дооронбек Садырбаевмин, таанышып коелу. Самолет маселесине келгенде сиз министр болуп турганда, менден 100 эсе көп учкансыз. Ал дагы элдин эсебинен кеткен. Сиз министр болуп, мен депутат болуп турганда мен сизден жүз эсе аз учканмын. Депутаттык укугумдан мен 5 жылда 4 гана жолу пайдаландым, Ош – Жалал-Абадга самолет менен учуп. Ошону дагы унутпай айта кетиңиз анда, тарых үчүн. Же атайын комиссия түзүп текшертелиби?

**Б. Шерниязов:** Кечирип коесуздар. Урматтуу депутаттар, урматтуу баяндамачы, сөз эми мынабу статьялар жөнүндө болсо, жакшы болот эле. Сөз суроо берүү үчүн Исабековдо. Микрофонду иштетип койсоңуздар.

**Д. Садырбаев:** Спикердин же башка депутаттын самолет менен учканын мага жабыштырбаш керек да. Акаарат кылганга шылтоо таппай турсаң, башка жактан изде, балакетиңди алайын... Садырбаев деле адам. Анын деле кемчилиги болушу мүмкүн, бирок, самолет менен учуп, ичип-жеген жагынан мага койдун корголундай дагы айып тага албайсың, садагасы...

**Б. Шерниязов:** Депутат Исабековдо.

**К. Исабеков:** Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, сиз бардык эле айтып жатасыз. Ушул Жогорку Кеңеш кандай шайланганын билебиз, нарушениелер көп болду, тиги-бул эле дейсиз. Мен сүйлөп жатам, ава. Анда сиз эмнеге биерде отурасыз ушул жерде? Жогорку Кеңеш такыр жакпаса? Бул биринчи суроом. Экинчи, кедеймин эле дейсиз улам-улам эле. Кулуардан деле сүйлөшкөндө айтасыз ушуну.

**Д. Садырбаев:** Укпадым. Кайра кайталап койчу.

**К. Исабеков:** Анан сиздей кедей киши ушул депутаттыкка чыга алабы? Сиздин фондуңуз канча эле вообще депутаттыкка чыкканда?

**Д. Садырбаев:** Менин фондум 150 миң болчу.

**Б. Шерниязов:** Урматтуу депутат Исабеков, кечирип коесуз. Мен төрагалык кылып жаткандан кийин мен сизге бир кеп айтайын. Жеке мындай адресине өтпөйлү да. Мына бул күн тартибинде көрсөтүлгөн вопростор менен иштесек. Кандай дейсиз?

**Д. Садырбаев:** Менин фондум жашыруун сыр эмес. Айта берсин.

**К. Исабеков:** Дагы бир суроо. Мына бул сиз айтып жатасыз. Мына бул депутаттык мандатты тапшырыш керек деп.

**Д. Садырбаев:** Анткеним жок.

**К. Исабеков:** Тең катары чыгыш керек деп айттыңыз жана сиз. Анда мына бул 69-статьянын 2-пунктун карап көрсөңүз. Анда Жогорку Кеңештин депутаты өзүнүн болгонунун бүт бардыгын тапшырып, анан жөнөкөй киши катары чыгыш керекпи?

**Д. Садырбаев:** Жок, бул жерде президенттик шайлоо жөнүндө сөз болуп жатат. Бул статьяда депутаттык жөнүндө сөз жок. Сиз же түшүнбөй калгансыз, же "жөн эле" кежирленип атасыз.

**К. Исабеков:** Жок, сиз айтпадыңызбы Президент дагы, депутаттар дагы катардагы киши катары болуш керек деп. Жок, депутаттарга жанага льготныйларынан пайдаланган жөнүндө болуп жатат. Автотранспорт деп. Анда сиз деле ушул депутат Мацумаровдой болуп барын өткөрүп коюп, анан чыксаңыз болмок экен.

**Д. Садырбаев:** Ал эми менин жумушум. Кандай иш тутушту сиз менен макулдашпай эле жасай алам. Мен өзүмдүн кызмат автомашинамды шайлоого минип, Конституциянын бир дагы беренесин же мыйзамдын бир дагы принцибин бузган жокмун. Менин сиздикиндей көп акчам жок болчу. Ошон үчүн мага закон Конституция белгилеп берген укугумдан толук бойдон пайдаландым. Мыйзамга туура келбеген эчтеке жасаган жокмун. Менин сиздикиндей камогум, заводум же фирмам жок. Менин айлыктан башка эч кандай каражат булагым да жок, ошону үчүн мага мыйзам жолу менен чегерилген артыкчылыгымдан толук пайдаландым.

**К. Исабеков:** А сизге ким каршы болду?

**Д. Садырбаев:** Бул маселе боюнча эч ким.

**Б. Шерниязов:** Микрофон депутат Мурзубраимовдо...

**Б. Мурзубраимов:** Дооронбек Садырбаевич, мына бул биздин сессиябыз башталгандан бери мына азыр легитимдүү парламент болуп баратат окшойбуз. Башынан бери эле сөз Конституциялык чөйрөдөн чыкпайлы деп аракет жасалып жатат. Бирок, көп эле маселелер каралып жатканда, Конституциялык полядан чыгып кетип жатабыз. Кечээ дагы жанагы райондук, областтык кеңештер боюнча экинчи жолу Конституциялык чөйрөдөн чыктык. Азыркы коюп жаткан маселе дагы ушул Конституциялык чөйрөдөн чыгып жатат. Бул ушинтип улана берсе, Конституциялык реформага чейин эле көп нерселер бузулуп кетпейби? Ушул зарылчылыгы эмне? Эмнеге ушул?

**Д. Садырбаев:** Жооп берейинби? Эгерде түз жолдон бурулуп кете турган коркунуч болуп калса, сизге окшогон акыл-эстүү, билимдүү коллегаларым отурат. Жарыш сөз маалында чыгып айтасыңар да. Азырынча парламент мыйзамсыз эчтеке жасай элек.

**Б. Мурзубраимов:** Экинчи: мына, Доке, жогоруда эл үчүн, келечек үчүн деп күйүп-бышып ушул жерде Кыргызстандын келечеги эле деп жатасыз. Бул жерде бардык эле депутаттар ошондой ойдо болуш керек негизинен. Мына демократиялык принциптер аябай өнүккөн Америкада деле, Украинада мына Янукович Премьер-министр болуп эле шайлоого барды. Постсоветтик мамлекеттердин бардыгында ушундай эле болду. Эмне үчүн ошолордун бардыгын өчүрүп, ошолорду эске албай эле, биз азыр ушул азыркы сиздин сунуш кылган законуңузга эметишибиз керек. Күйүп-бышканыңызга мен деле кошулам. Бирок, тиги мен санаган мамлекеттер, андан башка мамлекеттерде демократиялык принциптер бизге караганда кыйла жогору эле го.

**Д. Садырбаев:** Жооп берейинби?

**Б. Мурзубраимов:** Ооба, жооп бериңиз.

**Д. Садырбаев:** Урматтуу депутат Мурзубраимов, Америка менен Кыргызстандын мыйзамдарын, Конституциясын жана ал-абалын салыщтыруу бул туура эмес болуп калат. Экинчиден, эгерде өтө кызыгып жатсаңыз, өзүңүз карап көрүңүз. Биздеги шайлоо системасы менен Американын шайлоо системасынын айырмасы асман менен жердей. Элибиздин саны жагынан дагы, улутубуздун менталитети жагынан дагы, жана башка себептер боюнча Американын шайлоо мыйзамдарын бизге көчүрүп келип коюу, залалынан башка эч кандай пайдасын тийгизбейт. Бир жолу карап көрүңүз Американын шайлоо системасын.

**Б. Мурзубраимов:** Андай болсо, Тажикстан, Өзбекстан, Казакстанчы?

**Б. Шерниязов:** Бектемир Мурзубраимович, баарыңыздардан кечирим сурайм. Сиздин 1 минута 21 секунд убактыңыз бар. Азыр танапис Регламент боюнча. 15 минут танапис.

**Б. Шерниязов:** Каттоодон өтүп койсоңуздар, урматтуу депутаттар. Каттоо жүрүп жатат. 59 депутат катталды. Кворум бар. Бектемир Мурзубраимович, сиз улантасызбы? 1 мүнөт 21 секундаңыз бар.

**Б. Мурзубраимов:** Дооронбек Садырбаевич, кечиресиз. Жана Америка тууралуу айттыңыз. Анын кодексин окуп дагы неме кылалы. А бирок улантып эле... Тажикстан бизден ашып

кеткен жери жок, Өзбекстан, Казакстан, Украина булар бизден көп нерсени Шайлоо кодекси боюнча, системасы боюнча үйрөнүп, көп жакшы жактарды алып жатышпадыбы эле. Мисалы, эки палаталуу парламент бизден өттү жана башка. Буларда деле жанагы принцип сакталып жатпайбы. Ушуну түшүндүрүп берсеңер.

**Д. Садырбаев:** Жок, аларда азыркы мен киргизип жаткан поправка жок. Украина менен Грузияда азыр разработка болуп жатыптыр, алар дагы талкуууга алып чыкканы жатышат.

**Б. Мурзубраимов:** Рахмат.

**Б. Шерниязов.** Урматтуу депутаттар, орун алсаңыздар. Конгантиев Камбаралы Ташболотович барбы?

**К. Конгантиев:** Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, сиздин киргизген долбооруңуздун 28-статьясынын 2-пункту 9-абзацы боюнча. **"Жогоруда аталган чектөөлор кызмат адамдарына шайлоочулар алдындагы өз милдеттерин аткарышына тоскоол болууга тийиш эмес"** деген пункту толугу менен алынып салынышы керек деп жатасыз. Ал эми муну алып таштасак, Конституциянын 55-статьясын кантебиз?

**Д. Садырбаев.** Канчанчы?

**К. Конгантиев:** Конституциянын 55-статьясынын 4-пунктунда жазылып турат. **"Жаңы шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи жыйналышы болгон күндөн тартып, мурда шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары токтотулат"** деп. Шайлоо мезгилинде өзүңүз көрдүңүз, мурдагы шайланган депутаттар шайлоо мезгилинде ушул пункту пайдаланышып, биз өзүбүздүн шайлоочуларыбызга отчет беришибиз керек деп шайлоочулар менен жолугушуп жүрүштү. Мейли, азыр ушуну алып таштасак. Бирок биздин Конституциябызда 12-статьясы бар. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн-түз колдонулат. Муну алып таштаган учурда да, Конституциялык норма иштей берет да?

**Д. Садырбаев:** Урматтуу Камбаралы Ташполотович, эгерде разумный обоснованиесин жазууга жардам берсеңиз азыркы айтып жаткан. Сунушуңузду кошуп коюуу орундуу болот. Мен сиздин айткандарыңызга макулмун.

**К. Конгантиев:** Ушуга сиздин көз карашыңыз кандай?

**Д. Садырбаев:** Колдойм дедим го. Орусча айтсам: "Положительно". Колго салып көрөлү. Балким депутаттардын, башкача ою бардыр. Бул азынча жалгыз гана менин пикирим болуп атат. Бирок сиздики деле орундуу сунуш окшойт. Разумный сунуш өтүп кетсе, кокустан анча-мынча юридический жагынан аксап баратсам, сиз сыяктуу юристтердин мага жардам берип коюшун суранаар элем. Колго салып көрөлү.

**К. Конгантиев:** Мен түшүнүп атам талапкерлер бардыгы бирдей укукка ээ болуш керек деп. Мына өткөндөгү шайлоодо, биз өзүбүз көрдүк Дооронбек Садырбаевич, мурдагы шайланган депутаттар, менен жаңы чыккан талапкерлер такыр эле бирдей укукка ээ болгон жок, алар бири-бири менен аралашып жүргөндө. Бекер машинаны минишип жүрдү. Башка талапкерлер андай укукка ээ болгон жок. Айтор бул жерде нормалар бузулган да. Ошондуктан менин сунушум, Дооронбек Садырбаевич, ушул норманы Конституцияга бири-бирине айкалыштырып келгириш керек. Антпесе, биз кабыл алган учурда да,бул норма иштебейт, Конституция түптүз иштей берет. Рахмат.

**Д. Садырбаев:** Колдойм бирок,өткөн шайлоолордо эски депутаттар машинелерин минип жүргөндөн эч кандай норма бузулган жок. Анын баары "Шайлоо Кодекси" тарабынан руксаат берилген нормалар. Азыр, ошондой каалыссыздыкты алып таштайлы деп түзөтүү киргизип атпаймынбы... Мындай да, бүгүн барыбыз кабыл албадыкпы жанагы конституциялык кеңешмеге ушуга окшогон маселелерди да алып чыгууга кичине белги коюп койсок бул жалпыбыздын кызыкчылыгыбыз үчүн иштей турган норма болот эле деп. Азыр мүмкүн болушунча кабыл алалы.

**Б. Шерниязов:** Сөз депутат Жапаровто. Жок, Бабановдо.

**Ө. Бабанов:** Урматтуу депутаттар, биринчиден, менде сунуш бар. Биз азыр өтө чоң мыйзамды карап атабыз. Бул болсо кыргыз элинин тагдырын чече турган мыйзам ошон үчүн мен ойлойм, минтип, бири-бирибизди жөөлөшүп ким качан учту, ким президенттин депутаты деп биз ошол личностторго өтпөсөк. Бул биринчиден. Экинчиси, Дооронбек Садырбаевич

сиз айтып жатасыз жанагы жерден депутат Текебаев дагы сунуш кылды. Эң негизги бул жерде барыбыз чындыкты гана айтсак да. Бул жерде Премьер-министр жана Президент жөнүндө сөз болуп атат.

**Д. Садырбаев:** Ооба.

**Ө. Бабанов:** Ошолор бардык талапкерлерге тепе-тең бап-барабар шарт түзүп берсек деп. Ошол жерде Текебаев сунуш кылып атат жанагы 2-пункт, 28-статьяны дополнить деп. Премьер-министр и члены Правительства, руководители областных государственных администраций должны увольнятся от занимаемых должностей, если баллотируются в Президенты КР. То есть, конкреттүү түрдө, дагы жазып коюптур, а также лица входящие в штаб в предвыборной компании Президента Кыргызской Республики. Мен ойлойм, ушуну ушу түрдө жазсак. Конкреттүү түрдө жазсак. Ушуну мен дагы сунуш кылат элем. Ушуну колдойсузбу?

**Д. Садырбаев:** бул сунушту азыр окудум. Трибунада турганым үчүн Каныбек Капашовичтин сунушу мага жеткен эмес экен. Өмүрбек Чиркешович менен Каныбек Капашовичтин сунушун толук бойдон колдойм. Эгерде, менин долбоорумда ал киргизилбей калган болсо, кечирим сурайм, депутаттык талкуулардын шарапаты мына ушунда. Бир депутаттын оюна кирбеген нерселер башка депутаттардан чыгып анан жалпы талкуунун натыйжасында бир түзүк нерсе жаралып калышы мүмкүн. Эң биринчи замечаниеңизди, арабыздагы эң жаш депутат экениңизди эске алып толук бойдон мен мойнума алам. Менден да кетип калды. Бири-бирибиз менен кайым айтышуу эч кимибизге атак-даңк абийир алып келбейт. Бирок, ошол эле маалда, талкууланып жаткан маселеден алыстап кетип али шайлана элек Президентке кошомат кыламын деп трибунада турган адамга сөйкөнө берген депутат дагы өзүнө жараша шыбагасын алышы керек. Негизинен Сизге чоң рахмат, сиздин замечаниеңизди келечекте эске алайын.

**Ө. Бабанов:** Урматтуу Болот Эсентаевич мени жарыш сөзгө жазып коюңуз.

**Б. Шерниязов:** Депутат Жапаров. Түп округу.

**С. Жапаров:** Урматтуу Дооронбек Садырбаевич, сиздин бул алып чыккан долбооруңузга өзгөртүүлөрүңүзгө мен дагы

кошулам. Эгерде мамлекеттик кызматта муниципиалдык кызматта иштегендер жумушун тапшырып кетип анан кийин Президент, Жогорку Кеңеш өздөрүнүкүн калтырып алса анда бул калыстыкка жатпайт эле деп эсептейм. Ошондуктан, сиз муну чогуу алып салалы деп атасыз да. Туурабы? Биз муну башка мамлекеттерге тиги же бул мамлекеттерге салыштырбай туруп эле, өзүбүздүн мамлекетибизге, элибизге жанагы ойлонуу аң-сезимине жараша чечишибиз керек да. Биз өзүбүздү башка мамлекеттерге салыштырбай өзүбүздүн мамлекетке жараша карайлы. Бул бир. Экинчи, менин кошумчам бар сиздин киргизип жаткан өзгөртүүлөрүңүзгө Президент жана Жогорку Кеңеш мандатын тапшырып кетип атпайбы, шайлоого бара турган болсо. Ушул жерге бир кошумча киргизиш керек эгерде жанагы өзүңүз айткандай бир 12 жаштагы балдар “ура” деп кыйкырып келип эле алып алды деп атпайсызбы бийликти. Ошондой өзгөчө кырдаал болуп кеткен учурларда бул мандатын тапшырып кеткен депутат менен президенттер кетип калса анда мамлекетти ким келип башкарыш керек болот. Же Президент же болбосо жаныгы мандатын тапшырып кеткен депутаттар ушундпй өзгөчө кырдаал болуп кеткен учурда кайра чогулуп, сессия өткөзүүгө укуктуу деген. Андай кылбасак, мына өзгөчө кырдаал болуп кетсе, баягыдай папка талашмайлар башталат да. Сен легитимдүүсүң, же мен легитимдүүмүн деп ыйкы-тыйкы башталат да. Ушул сунушумду, урматтуу депутаттар, дагы колдоп койсо... Сөзсүз киргизип коюшубуз керек да.

**Д. Садырбаев:** Урматтуу депутат Жапаров мен сиздин айткандарыңызга толук бойдон кошулам. Бирок Президенттик шайлоого ашып кетсе Жогорку Кеңештен 10 депутат чыгаар, бирок, бүткүл Парламенттик корпус чыкпайт да. Парламент Президенттик шайлоого чыккан 10 депутатсыз эле ишин уланта берсе болот. Мен сунуш кылып жаткан долбоордо депутаттын бардыгы мандатын таштап кете турган сөз жок. Бул жерде эгерде шайланып калган Президент болсо дагы акыркы сүйлөмдү алып ташташыбыз керек болчу. Азыр кептин баары эл тарабынан шайланган Президенттин жоктугунда болуп жатпайбы. Анан ошон мына бул алдыда турган шайлоолордо эми жанагындай коогаландуу окуялар чыгып кетпесин деп, бул

маселени балким инсан катары кабыл алсак болот. Президенттикке чыгам деп чамынып жаткан адам, бир нерсени курмандыкка чалыш керек да акыры. Депутаттыгын таштап кетиш керек, бирок мен сунуштаган депутаттар жөнүндө сөз болгондо, алардын првилегиясын, жанагы Камбараалы Ташболотович айткандай шайлоо маалында барып алып туруп мен өзүмдүн депутаттык милдетимди аткарып жатамын деп агитация иштерин жүргүзүү жагына тыюу салуу жөнүндө сөз болгон. ал эми мына бул мен сунуш кылып жаткан 4 пунктта депутаттын полномочиясын алып салуу жөнүндө сөз жок. Эгерде ошондой эрежени сиз сунуш кылып жатсаңыз мен ага деле положительный добуш беремин. Бирок, азыр аны депутаттар жарыш сөз маалында дагы карап чыккыла. Тереңирээк талдайлы... Бул жерде пикирибиз келишпей калышы дагы мүмкүн. Бирок мен толук бойдон кошуламын сизге.

**С. Жапаров:** Менин айтайын дегеним мындай да. Мисалы, жанагы тапшырып кетип, выборго барбадыбы. Ошол учурда выбор толук бүтө элек кезде өгүңкүдөй кырдаал болуп кетсе, анан жанагындай талаш-тартыштар башталып кеткен жагдайды айтып жатамын. Рахмат.

**Б. Шерниязов:** Сөз Батыров. Жок, сөз депутат Самаковдо.

**К. Самаков:** Урматтуу депутаттар, урматтуу Дооронбек Садырбаевич. Мен сиздин алып чыккан мыйзам проектиңизди толугу менен колдоймун, менин президиумга суроом бар. Мен үчүнчү жолу кайрылып жатам. Өкмөт мүчөлөрүнүн милдетин аткарып жаткандарды качан бекитебиз? Астынан өйдө чыкпайлыбы? Мына азыр Курманбек Салиевичтен кат келиптир. Муну толук бойдон жөн эле отписка деп түшүнөм. Эгерде эртең мисал үчүн укук коргоо органдарында же Ген прокуратурада да же башка жеринде талаш-тартыш болсо, мен милдетин аткаруучу болчумун деп четке чыга берет да, урматтуу депутаттар. Давайте Өкмөт курамын толугу менен бекители, ылдыйдан өйдө чыгалы. Андан кийин Премьер-министрге жетели, андан кийин Президенттин милдетин аткаруучуга жетели.

**Б. Шерниязов:** Карганбек Сыдыкович, бул суроо бизге берилди, эми катталдыңыз. Депутаттардын баары

алдыңыздарбы катты? Өкмөттүн? Алдыңыздарбы? Анда окуп берейин албагандарга.

**Д. Садырбаев:** Болот Эсентаевич, мына бул жерде мага тийиштүү сөз болуп кетти. Именно, Карганбек Садыкович айтып жаткандай опурталдуу ооп-кыйыш окуялар болуп кетпеш үчүн мына мындай конкреттүү мыйзам долбооруна түзөтүү киргизип жатабыз. Мен сизге толук бойдон кошулам. Мунун адреси жетекчилерге тиешелүү болуш керек.

**К. Самаков:** Дооронбек Садырбаевич, мен сиздин законопроектиңизди толугу менен колдойм деп туруп, анан президиумга кайрылып жатам. Мен үчүнчү жолу кайрылып жатам, биз убактылуу Өкмөт мүчөлөрүн бекитип албайлыбы?

**Б. Шерниязов:** Дооронбек Садырбаевич, бул суроо сизге берилген жок. Бул сессияны алып баруучуларга берилип калды. Ошондуктан мына эң акыркы пунктту карап көрүңүздөр. **"В связи с этим предложением по кандидатурам представляемым в Жогорку Кенеш для дачи согласия на назначение членам Правительства, будет представлено вам уважаемые депутаты позднее более благоприятное для этого время Бакиев".** Эми түшүнүп жатабыз, мен өзүмдүн оюмду айтып коеюн, эгерде аткаруу бийлиги менен парламенттин ортосунда кандайдыр бир түшүнүксүз карама-каршылык болсо, бул туура болбойт эле, парламент болгон аракетин кылып жатат, аткаруу бийлиги менен сөз таап, бүгүнкү абалдан чыгыш үчүн. А "Благоприятное время" деген бул эмне? Кандай түшүнүк болуп калды? Анда мүмкүн кээ бирлери...

**К. Самаков:** Урматтуу Болот Эсентаевич, мен сүйлөп бүтө элекмин.

**Б. Шерниязов:** Угуп жатам сизди.

**К. Самаков:** Сиз мени кечирип коюңуз, урматтуу депутаттар, мына "более благоприятное время" деп жатат ээ? Каяктагы благоприятное время. Мына азыркы бийлик 30дан ашык округ менен алек болуп жатат. 30дан ашык округда абдан катуу кырдаал түзүлүп турат. Мына эгерде элдин ортосунда чыр-чатак болуп кетсе кудай сактасын, укук коргоо органдарынын жетекчиси дагы, Ген прокурор дагы эчтеке кыла албай калат, эртен мына миңдеген бала окууну бүтүп жатат,

Болжурованын убагындай кайрадан бардак болот. Мына ушунун баарын азыр ордуна келтиришибиз керек да. Ошону үчүн давайте Өкмөт мүчолорүн бекители, аларды эл өкүлдөрү, элдин элегинен өтүп келген эл өкүлдөрү бекитиши керек. Эгер эл өкүлдөрүнөн өтпөсө, демек элден өтпөгөн болуп эсептелет андай министрлер. Бүгүнкү күндө мына көрүп жагпайсыңарбы бир министр отурат азыркы Өкмөттө Кочкордо 10 пистолет алып барып, элди атууга алып барып жатат. Ушундай кишилер кантип биздин мамлекетте иштейт эл башкарып? Давайте, оболу бекители Өкмөт мүчөлөрүн, андан кийин жогору чыгалы. Дооронбек Садырбаевич, мен дагы бир жолу айтам. Мен сиздин прэктиңизди колдоймун, барына тең бирдей укук болуш керек. Мына Феликс Шаршенбаевич чыктыбы, мен лично айтып коеюн, сүйүнүп жатамын, наконец-то будет порядок в Кыргызстане деп...

**Д. Садырбаев:** Мен дагы сизге кошулам.

**Б. Шерниязов:** Эми Карганбек Садыкович, Бакиевдин, - "более благоприятное время"-деп жооп бергенинен президенттик шайлоодон кийин келет го ойлоп койдум. Бул менин өзүмдүн оюм бул.

**Д. Садырбаев:** Менимче бул туура эмес.

**Б. Шерниязов:** Ушуну менен бүттү, биз өзүбүз чек койдук эле, эми кечирип коесуз. Раимбек Сатыкулович, сиз өзүңүздөр добуш бергенсиздер ушуну менен суроо бүтсүн деп. Анда талкууга өтөбүз го дейм. талкууга жазылгандар, биринчи эле Адахан Кимсанбаевич деп баяндамачыдан кийин эле Комитетке сөз берели сизди мздеп таппай калдык, Камбаралы Ташболотович. Анан кийин мени регламентте момунча статья бар деп мени жарга такабаңыз. Ооба. Сөз Адахан Кимсанбаевичте.

**А. Мадумаров:** Урматтуу депутаттар, урматтуу чакырылган расмий инсандар. Мыйзамдын идечсы мыкты. Бул идеяны биз жакынкы 10 жылдан бери көтөрүп жүргөнбүз. Бирок биз ар бир мыйзамды түзүлгөн кырдаалга жараша кабыл алышыбыз керек. Ар бир мыйзамды. Бүгүнкү күндө иштеп жаткан, ансыз дагы этек-башын жыя элек Өкмөттү келип туруп асылып, сен административдик ресурстарга таянасың, сен баландай кыласың, түнүкдөй кыласың дегенде биз кийинки баш

аламандыкка өзүбүз жол ачып берген болобуз. Идея жүрүп жатат. Мен Президенттикке барбайм деген кишиге Өкмөттүн башчылыгын берели дагы президенттикке баруучуларга бардыгы бирдей шартта барсын деген идея жүрүп жатат. Ал идея мыкты болмок качан, эгер Кыргызстанда мындан 7-8 жыл баштагыдай тынчтык, стабилдүүлүк болуп турган болсо барын бирдей укук менен жиберип койсок жакшы болот эле. Эми биз канчалык тыюу салбайлы ар бир инсандын ички жан дүйнөсүнөн болот, өзүнүн маданиятынан болот. Жана айтпадыкпы, бизде мыйзамда көрсөтүлгөн Жогорку Кеңештин депутаттарына президентке гана тиешеси жок эле бардыгынын менчик минип жүргөн кызматтык машиналарды колдонууга толук укугу бар, кабинеттерди колдонууга укугу бар, телефондорду колдонууга укугу бар деп эски Жогорку Кеңештен келген депутаттар билет. Ошол уюлдук телефон менен бардыгыңыздар колдондуңуздар Жогорку Кеңештин эсебинен. Кызматтык машинаны бардыгыңыздар колдондуңуздар элдин эсебинен. Бираз гана анча-мынча ушу Бишкектин тегерегинде, Чүйдүн тегерегиндеги кишилердин машиналары бираз нормалдуу абалда калбаса, калгандарынын бүт барын талкалап бүттүк. Мына элдин өкүлү деп атабыз, биз эл деп жүрүп жатабыз дейбиз. Элдин келечеги үчүн күрөшөбүз дейбиз. А элдин келечегинин бүт баарын талкалап кайрадан алып келип гаражга коюп койдуңар. Мына азыркы келген депутаттарга тебе турган машине жок. Ошондуктан, Дүйнөдө бир гана чындык бар. Өзүнүн абийирдик чындыгы бар. Мына бул жерге чыгып канчалык айтпайлы, кырдаалга жараша ушундай мыйзамды кабыл алалы дебейли, биз абалды кайра курчутканга алып барабыз. Тапкылачы бүгүн, мен Премьер-министрлик кызматты аткарып үч айга чейин жумушчу ат болуп иштеп берейин дагы, андан кийин азаматтар бийликке кимиңер келген болсоңор мен бошотуп берейин деген жигитти тапкылачы. А эгер анын үч айлыкка чейинки гана жетекчи экендигин билгенден кийин кайсы биздин вертикалдык бийлик структуралары ал кишини кадыр-барктуу жетекчи катарында, анын буйруктарын аткарууга дилгир деп ким кепилдик бере алат бул жерде. Азыр деле жер-жерлерде, айыл өкмөттөрүнөн баштап райондук акимдерге чейин бул элдики, бул жаңы

бийликтики, бул эски бийликтики деп ит-битибиз чыгып жатабы. Мына ошол идеяны толугу менен колдоп, 7-8 жылдан бери ушинтип какшап жүргөнбүз. Аскар Акаевичтин өзүнө дагы айтканбыз кирип. Вертолет менен учканды токтотуңуз, самолет менен учканды токтоңуз. Биз ушу машине менен кыдырып жүрүп жатабыз. Ошондой болбоңуз, буга барбаңыз. Бардык кандидаттарга талапкерлерге бирдей шартты түзүңүз деп какшап жүргөнбүз. Мына бул жерде азыр ушул шартка барышыбыз керек дегендердин көпчүлүгү Аскар Акаевич, улуу урматтуу, абдан туура кылып жатат деген азаматтар отурат ушул жерде. Эми биз жок дегенде Жогорку Кеңештин ичинде бөлүнбөйлүчү. Кырдаал ушундай, шарт ушундай. Стандарттуу эмес мезгилдин ичинде президенттик шайлоого бара жатабыз. Өтө кыска мөөнөттүн ичинде, 10-июль деп белгиледи. Бара жатабыз. Эми айткылачы бүт бардыгын бийлигиңен кет дагы,демек азыркы Бакиевдин курган Өкмөт толук түрдө мандражга түшүш керек дагы, эртеңки күндө кимдин колтугуна кире качсам экен деген бул кыргыздын нукура оорусу ушул. Кимдин шансы көбүрөөк экен деп төрткө бөлүнүп алып, төртөөбүз төрт жакка чуркайбыз азыр, туурабы? Ошондуктан, дагы бир жолу кайталайын мыйзамдын идеясы жакшы. Мүмкүн стабилдүү бийлик келгенден кийин Шайлоо кодексин түп-тамырынан өзгөртөбүз. Мына бул жерде отурган көпчүлүк депутаттар туура түшүнүңүздөр. Унчукпастан значокту көкүрөгүбүзгө тагып отуруп алганыбыз менен ашмалтайдын ашмалтайын чыгарып келип отургандарыбыз дагы бар. Ашмалтайын чыгарып келип отурабыз ушу жерде. Элди сатып алып келип отурабыз ушу жерге. Андан көрө мына бул кодексте ошол акча тараткандарга, арак куйгандарга, бир жерге барып жылкы сойгондорго, юбилей өткөргөндөргө кандай чараны колдонот биз ушул жагын бекемдешибиз керек эле. Башкы прокуратурага биз өтө чоң ыйгарым укукту беришибиз керек. МВДсы көрүп жатты, соту көрүп жатты, прокуратурасы көрдү, СНБ көрдү. Бирөө да кыңк эткен жок. Эмне үчүн? Ак үйдөн буйрук ошондой кеткен, ага көзүңдү жумуп кое бер. Ал өзүбүздүн бала, ал өзүбүздүн кыз. Эмнелерди гана гаратпадык, туурабы? Кимиң айта алысың ушул жерден мен бир да бир

жерге бир чымчык да сойбостон ушинтип депутат болуп келип отурам деп. Эч кимиң айта албайсың.

**Д. Садырбаев:** (залдан) Мен айта алам...

**А. Мадумаров:** Туура, сиз анткен жоксуз. Сизден башка дагы анча-мынча депутаттар бар. Мен баарын бир калыпта карагым, бир багытта карагым да келбейт. Урматтуу коллегалар, дээрлик 60-70 процентибиз бүт бардыгын сатып алып келип отурабыз. Элдин ишенимине ээ болуп эмес, элдин каалоосун, элдин жүрөгүн биз акчабызга сатып алып келип отурабыз. Мына ушуну ким мойнуна ала алат айткылачы? Депутаттык значок көкүрөгүбүздө болбой калган болсо ачкадан өлөбүз деген ким бар? Биз таза кыргыз мамлекетин түзөбүз деген оюбуз болсо, өзүбүздөн башташыбыз керек. Өзүбүздөн. Эми жаңыдан куралып келе жаткан кыргыз бийлигине азыртадан баштап парламент менен өкмөттүн ортосунда ушундай чыр-чатакты баштаган болсок, биз көчөдөн үйлөрүнө кетпей турган адамдардын чырагына май куябыз азыр. Мына дейт, бир депутат көтөрүп чыкты эле бардыгына бирдей тең укуктуу шартты түзөлү деп, кээлери макул болуп, кээлери макул болбостон Өкмөт менен парламенттин ортосундагы чыр-чатак болуп жатыптыр деген сөз чуу эле дей чыгат. Арабызда анча-мынчалары да бар. Барып туруп атайын кулагына шыбырап көкүтүп жаткандары да бар. Мына ушундай чыр-чатак башталды азаматтар. Силердин пикириңер кандай деп эл тарабынан, элге күйгөн болуп барып отурабыз ошол жерге. Ошондуктан ар кандай аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин ортосундагы кичинекей да болсо бир көз караштары дал келбей турган нерсеге биз джентельмендик келишим менен, жигиттик келишим менен консенсуска келген гана маселелерди алып чыгышыбыз керек бул жерге. Талашып-тартышып отургандан кырдаалды курчуткандан курчутуп отуруп, биз өзүбүз себепчи болобуз ошого. Менимче, Дооронбек Садырбаевич, менден эч кандай күмөнүңүз жок болсо керек. Ушул идеяны дагы өзүңүз да баса белгилеп айттыңыз. Биз какшап жүрүп отурганбыз. Ал азаптарын экөөбүз, бир канча кишилер чогуу чеккенбиз. Азыр кырдаал бир типтүү эмес. Ошондуктан ар кандай башаламандыкка алып келе турган, мен айтайын юридикалык жагынан эмес

социалдык жагынан Дооронбек Садырбаевич, ошого биз чек коюп турушубуз керек. Мораторий коюп турушубуз керек. Антпесек, экинчи тарап дым эле көтөрүлө түшөт. Мына ушул жерден кайра-кайра бир сөз кайталанып жатат. К.Бакиевдин командасындагы бир эски саясатчы, бир сөздү айтып коюптур. Ал киши жашы деле бтр топко барып калган адам. Көпчүлүк айтат, жаш балдар саал котөрүмдү болгула деп. Биздин аксакалдарыбыздан бирөө этиятсыздык кылып оозунан бир онурталдуу сөз чыгып кеткен экен, "Парламентти бир эле указ менен таратып салабыз" деген. Бул өтө сокур саясатчынын айтаары. Ачык айтамын. Эгер Президенттин милдетин аткаруучунун администрация башчысы Үсөн Сыдыков ушундай саясий ыпластык жасаган болсо, анда ал кишини азыр Кыргыз мамлекетинин, элинин келечеги үчүн, өз эрки менен токтоосуз түрдө кызматтан ктиши керек. Мына ушундай иш туура кадам болмок. Мүмкүн болушунча аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин ортосундагы биз болуп көрбөгөндөй ширелишкен ынтымакты көрсөтүшүбүз керек. Чет мамлекеттер карап турат. Кыргыздар революцияны баштады. Аягын эмне менен бүтүрөт экен деп. Мен бир канча жолу кайрылдым. Дагы бир жолу айтып коеюн. "Доско күлкү, душманга таба" боло турган кезибизге келип калдык биз азыр. Аткаруу бийлиги дагы, мыйзам чыгаруу бийлиги дагы өзүлөрүнүн өтө өркүндөп өсүп бара жаткан амбицияларын бир аз чөнтөгүнө салып турушу керек. 10-июль эртең эле келет. Андан кийин туура жүз пайыз менен колдоп берейин, ушул мыйзамды, Конституциялык кеңешмени баштайбызбы, конституциялык реформаны баштайбызбы, бардыгын. Бирок ага чейин Дооронбек Садырбаевич мен сиздин идеяңызды колдоо менен бирге минтип дагы айтаар элем. Мен келечекте Президент болом, Президенттикке барам деген азаматтар азыртан баштап мына ушундай Конституциянын рамкасынан чыкпаймын деп, идеянын дээрлик ушул негизги багыттарына мен макулмун деп кол коюп бериш керек азыр. Себеби азыр болочок Президент антпейт деп эч ким кепил боло албайт. Президент болгондон кийин англиянын королевасы боломбу деп ойлонуп туруп кайрадан чалкалап алып бир указ менен Парламентти таратып жибериши да мүмкүн. Биз ушундай,

мырзалык келишимдерге барышыбыз керек. Парламенттин аксакалдары болобу, аткаруу бийлигинин аксакалдары болобу азыртадан баштап жалпы канвасын ушундай болванкасын иштеп чыгышыбыз керек. Кыргыз мамлекетинин келечектеги Конституциясы кандай болот? Президенттин ыйгарым укуктары кандай болот? Жогорку Кеңештин ролу кайсы жерде болот? Өрду кандай болот? Өкмөттүн курамы кандай болуп куралат? Анын структурасы кандай болот? Мына ушул элге алып чыгыш керек азыр. Эртең Президент болом деген азаматтардын кимисинин фамилиясы жакшы экен, көзү жакшы экен, чачы жакшы экен деген критерий менен эмес, ошол кишинин идеясына алып бара турган программасына добуш бериш керек. Анын батыш, чыгыш, түндүк, түштүгүнө карабастан мына Кыргызстандын келечеги ушул жол менен барат экен деген программасы бар азаматтарга анын идеясына добуш беришибиз керек. Фамилиясына эмес. Ошондой шартты түзүп бергенге биз мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Эртең программасы менен өзүнүн сөзү менен келип сүйлөйт. Алдыңарга чыгат. Менимче пикирин айтат. Кайда барабыз, ким менен барабыз, качан барабыз, жеңишке кантип жетебиз деген маселелерди чечмелеп берет. Ошого чейин ушул дагы бир жолу кайрылып кетет элем, аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин ортосундагы анча-мынча пикир келишпестиктердин бардыгына чекит коюп турушубуз керек. Мен ушуну суранат элем. Рахмат.

**Б. Шерниязов:** Бир гана суроо. Адахан Кимсанбаевич, эртең программный речь менен ким келет бул жакка?

**А. Мадумаров:** Болотбек Эсентаевич, эгер сиз өткөн жыйында отурган болсоңуз, билишиңиз керек эле, биз протокольный поручение бергенбиз. Мына бул Сокулуктун тегенрегинде, Чүйдүн тегерегиндеги маселелер менен гана чектелбестен, жалпы Өкмөттүн республикадагы саясий-социалдык кырдаалга көз карашы кандай экендиги боюнча Өкмөттүн толук курамы менен Курманбек Салиевич келип ушул жерден сөзүн сүйлөсүн деген маселени койгонбуз. Депутаттар добушка койгон. Көпчүлүк аны колдогон. Эртең ушундай сөзү менен келип чыгышат алар.

**Б. Шерниязов:** Рахмат. Мен билбей сурап жатам да сизден. Сөз Келдибек Ахматбек Келдибековичте.

**А. Келдибеков:** Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, урматтуу Дооронбек Садырбаевич, жанагы суроо бергенге мен сизге тиешелүү суроо эмес, мен жалпысына айтканмын. Өзүңүзгө жакын кабыл албаңыз. Ошон үчүн аксакал катарында кечирим сурап коем. Урматтуу депутаттар, ушул кодексти жазабыз, закондорду чыгарабыз. Анын бардыгын кичинекей эле бир күн, бир жыл, эки жыл иштегенден кийин эле ошону чампалай баштайбыз. Ушул чампалагандын негизинде ушул мыйзамдардын жакшы чыкпагандын негизинде бүгүнкү кырдаал келип түзүлүп отурат. Ошон үчүн биз мына шайлоо учурунда көпчүлүгүн көрдүк. Закон боюнча өткөн созывда биз баланча миң закон алдык дейт. Мунун санын айтпай, сапатын айтышыбыз керек. Ар бир закон, ушул жерде кабыл алынган закон элге жетип, ылдыйкы тепкичке чейин жетип иштегенде гана ошол закон өзүнүн түшүмүн берет деп айта алам. Ошон үчүн мына бул Адахан Кимсанбаевич азыр айтып кеткендей азыр дагы шайлоо Кодексин өткөндө дагы айтып кеттим эле. Шайлоо кодексин жаңыдан кабыл алганда биз бардыгыбыз ушул жерде көпчүлүгү интервью берген. Ак үй дагы. Бул закон чыгаруучу палатасы дагы, башкасы дагы. Бүгүнкү биздин шайлоо Кодекси бул дүйнөдөгү эң мыкты кодекстердин бири. Демократиялык принциптердин бардыгы каралган деп. А бүгүн мына депутаттык шайлоодо бардыгыбыз көрдүк. Депутаттык шайлоодо жетишпегендердин бардыгын биз кайрадан карап, бардыгыбыз комиссия түзөбүзбү кыйын-кыйын юристтерден. Ошол практикалык түрдө көзүбүз менен көргөндү кантип кемчиликтерди кетириш үчүн ошону иштеп чыгуунун ордуна келечекте алдыда келе жаткан Президенттик шайлоого дагы ушуну көзүбүз менен көрбөй, колубуз менен баягы кармап өткөзбөй эле туруп чампалай баштадык. Мен Адахан Кимсанбаевичтин айтканын колдойт элем. Мына Президенттик шайлоодон кийин Конституциялык реформа жасалсын деп жатабыз. Ошондо даже бир ай, эки ай эле кылып өткөндөгүдөй кылып бир 10, 15 адам барып эле ошону өзүнүн оюн айтпай, жалпы эле ушул Конституцияны кандай иштегенин кайсы жерде кемчилик барын беш ай болобу, алты ай болобу өзүнүн

ойлорун айтса. Ошону карап көрүп анан жалпы элге салып кабыл алсак болот. Эми урматтуу Дооронбек Садырбаевич, сиздин киргизген идеяңыз туура негизинен. Идея туура. Бирок муну кечээги эртең-бүрсүгүнү боло турган Президенттик шайлоого шашылыш түрдө ушундай болуш керек, андай болуш керек деген сөз бул негизинен бүгүнкү ушундай оор кырдаалда, эртең мындан да эки эсе оор кырдаал түзүлүшүнө алып келет. Ошондо граждандык согуш башталып кетиши мүмкүн. Бийлик болбосо, бийликте үстүндө бир жетекчи болбосо, бул дүйнөлүк практикада жок. Өзүңүз деле көрдүңүз. Мына СНГ өлкөлөрүндө биринде да мындай боло элек. Анан мына бул Шайлоо кодексин жазганда мен ойлойт элем. Муну жөн эле ушул кыргыз жеринде, мамлекетинде болгон шайлоолордун негизинде жазылбай, дүйнөлүк практиканын негизинде алынып жазылган. Муну кичинекей биз көрүшүбүз керек да практиканын негизинде. Ошон үчүн башаламандыкты болтурбаш үчүн, дүйнөлүк практика, СНГдагы, практика болбогондуктан, мен сиздерге сунуш кылат элем. Урматтуу депутаттар, мына бул Президенттик шайлоо бүткөндөн кийин Конституциялык реформа жүргүзгөндө ошондо эл айтсын. Ар бир жаран айтсын ошол оюн. Ошондон кийин 6-7 ай болобу, 8 ай болобу, 1 жыл болобу шашпай бир жылдан кийин шайлоо кодексине, Конституцияга бардык ушуга тийиштүү мыйзамдарга өзгөртүү киргизиш керек эле. Анан жагы да Омүрбек Чиркешович дагы өзүнүн кошумчасын бериптир. Ошол жерде жазып жатабыз. Министр болуп иштегендер, Премьер-министр дагы кызматынан кетсин деп. Анда депутаттар дагы өзүнүн полномочиясын токтотуш керек. Төрага дагы токтотуш керек. Конституционный сот бара турган болсо, ал дагы токтотуш керек. Баары токтотуш керек. Эгерде жалпысына тегиз болобуз десек, баарыбыз тегиз болушубуз керек. Биз кечээкиде деле көрбөдүкбү. Акыркы он күн калганда ушул сессиядан таркап депутаттар шайлоого жөнөөрдүн алдында бүт бийликте иштегендердин бардыгы ишин тапшырсын дедиңиздер. Биз унчукпай законду угуп бардыгыбыз тапшырдык. А эмне үчүн депутаттардын полномочиясы калып калды. Мына Төраганыкын мен көрдүм көзүм менен өткөн созывдагыны. Сопровождение менен жүрдү.

Телохранители менен жүрдү. Областтын бийлиги болобу, райондун бийлиги бардыгы жанында жан далбас кылып кошоматтанып жүрүштү. Ошонун негизинде бүгүнкү күндө бардык жерде эле ушундай болуп жатат. Мына отуздан ашык участкада спор болуп жатат. Мунун негизи эмнеден чыкты? Ошол закондун аягына чейин каралбагандыктан негизинде чыкты. Ошон үчүн мен сиздерден суранат элем. Менин, өзүмдүн жекече оюм. Депутат катары буга шашпай кылдаттык менен мамиле жасасак. Анан кийин Премьер-министр болбосо башкасына жол ачылат деген менен бардыгы эр азаматтар кыргыздыкы баары бирдей. Татыктуусу кудай буюрса бийликте болобу, бийликте болбойбу татыктуусун эл өзү тандап алат. Эл гараза. Ошону үчүн менин сунушум бул маселени кийинкиге жылдырыш керек. Рахмат.

**Б. Шерниязов:** Бектемир Мурзубраимович жокко дейм ордунда. Анда сөз депутат Конгантиев Камбарылы Ташболотовичте.

**К. Конгантиев:** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар чындыгында азыр абдан орчундуу, өтө керектүү маселени урматтуу Дооронбек Садырбаев Котөрүп чыкты. Бирок, эмнегедир бир таңкалыштык жери бар, эмне себептен биз ушундай маселелерди же шайлоонун астында, 3 ай, 4 ай калганда, же шайлоого он күн калганда көтөрөбүз... Шайлоо Кодексинин өзү жөнүндө айтсак. Бардыгыбыз күбө болдук, бардыгыбыз көрдүк, уктук, шайлоо Кодекси иштеп жаткан мезгилде парламентке, шайлоого барабыз деп, жатканда канча өзгөртүүлөр, канча алымчалар-кошумчалар киргизилди шашылыш түрдө. Урматтуу депутаттар, өзүңүздөр күбө болдуңуздар. Ошол шайлоо Кодексин өткөнкү созывдын депутаттары карап, - “талапкерлерге элге жакшы иштеп бере турган шайлоо Кодексин мына биз кабыл алып жатабыз”- деп айткан. А шайлоодо жүргөндө биз өзүбүз көрдүк. Өз көзүбүз менен бир топ чийки жерлери бар экен. Мисалы, биздин Конституциябыз боюнча бүт жарандардын укугу бирдей болуш керек. Ал эми шашылыш түрдө, Жогорку Кеңештин шайлоосуна барабыз деген талапкерлердин жолун тосуп мисалы, жогорку кызматта иштеп жаткан министрлер жана башка жарандардын укуктарын кесип, кызматынан кетмейинче

талапкер боло албайт деген эрежени Кодекске киргизишкен өткөнкү созывдын депутаттары. Мына өзүбүз талапкер болуп жүрдүк. Ошондо өткөнкү созывдын депутаттары талапкер болсо өздөрүнө бир топ ыйгарым укуктарды алып элдин эсебинен, мамлекеттин эсебинен 00-КЖ машинелерди минип, агитация мезгилинде өздөрүнүн ыйгарым укуктарынан пайдаланып, талапкерлердин ортосунда теңдик болбой калган. Аны да унутпашыбыз керек. Анан эми чындыгында урматтуу Дооронбек Садырбаевич, сиздин киргизип аткан идеяңыз абдан жакшы, чындыгында бардыгы шайлоо мезгилинде тең болуш керек. Бүгүнкү иштеп аткан шайлоо Кодексинин нормаларын карап чыксак аларды бир топ өзгөртүүгө алып келишибиз керек. Шайлоо мезгилинде көрдүк талапкерлер кандай кыйынчылык абалда болушканын. Ошо эрежелерди бир иретке келтирип, жанагыдай сатып алуучу “подкуп” деп жүрөбүз, ошого окшогондорго жол бербей турган нормаларды киргизишибиз керек. Мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин жоопкерчилигинин көзөмөлгө ала турган нормаларды Шайлоо кодексинин ичине киргизип, чектешибиз керек. Ал эми проект боюнча чындыгында, автор катары Дооронбек Садырбаевге мен айтар элем-“сиздин идеяңыз эң жакшы муну колдош керек, бирок, 1-2-3-статьяга эле өзгөртүү киргизбей муну толугу менен жакшылап карап, Конституцияга айкалыштырып бири-бирине карама-каршы келбей тургандай кылып муну дагы тереңирээк иштеп чыгышыбыз керек” - деп. Өткөндө мамлекеттик түзүлүш комитетте карап, автордун өзүнүн катышуусу менен биз бул мыйзамдын долбоорун адгы иштеп чыкканга жибергенбиз. Эми мына жалпы палатада талкуу болду, муну дагы жанагы айткан алымча-кошумчалар менен карап, иштеп комитетте карап, анан дагы палатага алып кирсек туура болмок. Анан эми, мына бул жерде муну Премьер-министрден, Президенттин милдетин аткарып жүргөн Курманбек Салиевич Бакиевдин катын окуп мен дагы таң калып атам. Биздин Конституциябызда Президенттин жоопкерчилиги дагы көрсөтүлгөн эмес, Премьер-министрдин жоопкерчилиги көрсөтүлгөн эмес. Жоопкерчилигин такташыбыз керек и көрсөтүшүбүз керек. Бүгүн жогорку мамлекеттик кызматтарга мына дайындоо болду. Эл эмнени күттү эле, мына

бардыгыңыздар өзүңүздүн шайлоочулар менен урматтуу депутаттар сүйлөшүп атасыздар. Коомчулук, саясий партия граждандык коомдун ой-пикирлерин угуп көрсөңүздөр алардын айтканы бүгүн кандай? Биз бул революциядан башка нерсени күттүк эле. Кимдер келип атат бийликке, мурдагы эле баягы Акаев менен колтукташып, шилекейлешип, өбүшүп, кучакташып жүргөн адамдар кайта бийликке келип атат. Мына коомдо болуп аткан сөздөрдү өзүңүздөр угуп атасыздар, чындыгында ошондой болуп атат. Мурун кандай болсо азыр деле ошондой болуп атат. Жер-жерде өздорүнүн туугандары, баякы эле парламенттик шайлоого талапкер болуп жүргөндө өздөрүнүн штабынын начальниктерин алып барып туруп айыл өкмөт, райондук акимчиликке алып барып кызматка коюп атышат деген сөздор болуп атат. Мунун чынында эле ошондой экенин өзүбүз деле көрүп атабыз. Ошондуктан, мына болуп аткан жакшы эмес жолдорду токтотушубуз керек. Мына депутат Самаков туура айтып атат, жана бүгүнкү министрлерди парламентке алып келип тез бекитишибиз керек, себеби алар жасаган иштери үчүн өздөрүнө жоопкерчиликти алыш керек. Ошондуктан урматтуу депутаттар, мен силерден суранаар элем ушул өткөнкү заседанияда койгон талапты катуу коюп, тез аранын ичинде азыркы дайындалган миниистрликке кандидатураларды парламентте карап мыйзамга, Конституцияга тийиштүү жол менен биз бекитип беришибиз керек. Мен дагы каршымын жанагыдай создоргө, мына кандай кыйын акыбалда калдык. Конституциялык, укуктук майданда иштейли" – деп бир-бирибизди ынтымакка чакырып атабыз. Ошондой болгон соң Конституциялык укуктук майданда иштешибиз керек. Өткөндөгү Президенттин администрациясынын жетекчисинин айткан сөзүн мен эч качан колдой албаймын – "Мына мен парламенттин тагдырын бир указ менен чечип коем" – деген азыр бардык массалык-маалымат каражаттарда сөз болуп, бул Президенттин администрациясынын жетекчилигине ким келди, министрликке ким келди деп. Өткөндө массалык-маалымат каражаттан, телевидениеден өзүңөр күбө болдуңуздар, - "керек болсо бир Указ менен Парламентти таратып коебуз"- дегенине ким укук берди ал адамга? Ошондуктан, мына ушундай оозуна алы

келбеген караөзгөй адамга Премьер-министр, жана президенттин милдетин аткарып жаткан Курманбек Бакиев дагы өз мамилесин билгизип тартипке чакырыш керек.

**Б. Шерниязов:** Рахмат. Сөз депутат Бабанов Өмүрбек Токтогуловичке берилет.

**Ө. Бабанов:** Урматтуу депутаттар, менин оюмча биздин Парламент тарыхка же легендарный болуп туруп кирет же болбосо бийликтин жасакер парламенти делинип кирет. Биз биринчи шайланганда бардык адамдар соз кылды эле бул Акаевдин парламенти болуп калды деп. Эми ушул мыйзам боюнча кандай чечим кабыл алабыз, ошого жараша сөздөр айтылат биз тууралуу. Эң негизги, 24дө болгон окуяны революция дейбизби же элдин маанайы дейбизби, болоор иш болуп мынакей накта демократия азыр болуп жатат. Ошону үчүн мен ойлойм, бүгүн бул мыйзамды биз озгөртпөсөк, эртеңки күнү Президент болом деген адам келип туруп, ушул жерден сөзүн айтсын дейт, мен болсо Президент болгондон кийин референдумга эч каршылык көрсөтпөй чыгарам, Конституцияга өзгөрүштөрдү киргизем деп. Биз анда де-фактону признавать этип жатпайбызбы ушул бийликте турган адам административный ресурсту колдонсун, акчаны колдонсун, бардык ушул бийликтин күчүн колдонсун деп. Мен экинчи жагынан дагы таң калып жатам, эмнеге мынакей депутаттын арасында биз билебиз Президентке талапкер болом деген адамдар дагы бар, эмнеге бул идеяны колдоп жатат, эмнеге ушул бардык Президент болом деген талапкерлер бардыгына тең мүмкүнчүлүк түзүп беребиз дегенде аны колдобой жатат? Бүгүнкү жашап жаткан жашоо шартыбыз, бүгүнкү болуп жаткан мыйзам бузулуп жаткан себептер жанагы жерди басып алып жаткан адамдар, мунун барына ушул бир түп-түңүрүнөн карасак, бул ушул бир нерседен чыгып келе жатат. Анткени бийликтеги иштеп жаткан адам, атын айтсак дагы болот бул Курманбек Салиевич, озү дагы айтып жатат элге Президенттик шайлоого барам деп жатат. Ошону үчүн ал болсо өзүнүн шайлоочуларын каршы иш кылып албайын деп этияттанып жана көбүрөөк добуш алайын деп ошону үчүн аларга тигил жерди баспагыла, бул жерди бошотуп бергиле деп ачык айталбай жатат. Биз накта таза шайлоо болот десек,

жанагыл мыйзам бузулуп жаткандардын баарын токтотобуз десек, мен ойлойм бардык талапкерлерге тең шарт түзүп беришибиз керек. Жанагы депутаттардын талашын токтотобуз десек, биз ошол мына бул мыйзамды кабыл алышыбыз керек. Мына ушул жерде жаткан маселе, анткени баягы утулуп калган депутаттар ушул бийликке эле барып туруп, сиз мага жанагы соттун чечимин оң чыгарып бериңиз, мен сизге бардык добушумду берем деп жатат. Ошону үчүн бул мыйзамды кабыл алсак, жанагы депутаттардын маселеси дагы өзү менен өзү чечилет. Премьер-министр болуп келе турган киши ал болсо иштебейт үч ай деп. Мен аны менен макул эмесмин, мен ойлойм бүгүн Премьер-министр болом деп иштей турган кишилер, ошол эмки келген Президент менен иштейм деген киши болуш керек, андай кишилер көп. Ушул иштеп жаткан бийликте дагы бар, алар дайын. Эмнеге биз андай адамга шарт түзүп беришибиз керек? Ал адам бүгүн мыйзам бузуп жаткандардын, кылык-жоругун токтото албаса.

Урматтуу депутаттар, ушул бизге берилген укук атайын элибиз, шайлоочуларыбыз ишенип берген укукту, бүгүн бардык күчү менен колдонсок болот да. Анткени бүгүн бийлик дагы бизге эч нерсе айталбайт жана башка жактан эч ким эч нерсе айталбайт. Биз өз жүрөгүбүз менен жана өзүбүздүн акылыбызды жүгүртүп туруп, чын жүрөктөн ушул мыйзамды караштырышыбыз керек жана муну ачык добушка коюшубуз керек. Эл 1991-жылкы биринчи парламент бул “легендарный” болгон деп. Ошонун заседаниелерин карасаңыздар, алар эчтекени кийинкиге калтырган эмес. 21-кылымда бүгүн биз бул маселени түп тамыры менен чечпесек эртең кеч болот. Ошону үчүн менин чоң суранычым бар, мен Дооронбек Садырбаевичтин ушул сунушун колдойм жана ушул депутаттарга, өзүмдүн коллегаларымдан суранам. Ушуну жакшылап карап туруп, башка наркы-беркини ыргытып салып эми биякта көрүнүп турат ким кимди колдоорун, бирок эң негизгиси бардыгына тең шартты түзүп берсек, ошондо Президенттик шайлоодон кийин биз мамлекетибизди сактап кала алабыз жана тынчтыкта кармап кала алабыз. Анткени бардыгы тең шартта шайлоого чыгып туруп, ошол добуштарын арак бербей, жылкы бербей, акча бербей, административный

ресурсту колдонбой, накта демократиялык шайлоо өтсө, ошондо тынчтык болот. Ошондо гана утулуп калган атаандаштар да келип кол кармашып туруп айтат, мына сен уттуң деп туруп. Андай болбосо али элибиздин алдында кыйын тагдыр турат деп ойлойм. Ушуну бүгүн биз чечишибиз керек. Рахмат.

**Ө. Текебаев:** Урматтуу депутаттар, Адахан Кимсанбаевич Өкмөттүн атынан сүйлөп эле кетип калды. Мен ошол депутатка бир-эки сөз айтайын дедим эле. Биз алдыбызга эки маселени стратегиялык кылып койдук урматтуу депутаттар. Биринчи эң негизги максатыбыз шайлоо мыйзамдуу өтсө экен, утулуп калган оппонент - “бул мыйзамсыз закон эле, ээрге отурганда эле кыйшак отурду” – деп ушул шайлоонун жыйынтыгын моюнга албай чыр салбаса экен дедик. Ошону үчүн барыбыз өзүбүздүн авторитетибизди таразага коюп, тобокелге салып, Акаевдин отставкасын алып келип, эл жактырбаса дагы 38биз ушул жерден добуш бердик. Мыйзамдуу болсун эми, утулган тарап “бул мыйзамсыз эле, муну жөн эле дайындап койду”-деп юридикалык жактан буга претензия кыла албайт. Биз кийинки боло турган Президенттик шайлоону, Президент ким болбосун, анын легитимдүү болуп орунга бекем отурсун, эч ким шылтоо, кынтык таппасын деп жатабыз. Кирпичти бири-бирине койгондой коюш керек жатабыз. Мисалы, түштүктөн бир азамат 51% алып, түндүктөн 49% алып калса бул маселе чечилбейт. Мына, мисалы депутаттын эч нерсеси жок. Бийлиги жок. Бир шоопур эки помощнигим бар. Ошого эмне кырылышып жатабыз? А эбегейсиз бийлик бир адамдын колуна кетип жатат. Эбегейсиз бийлик. Аэропорттон баштан тээ четки таможнянын начальнигине чейин бир киши дайындап жатат, эч ким менен кеңешпей туруп. И ошол бир кишинин колуна кетип калышын башка саясий экономикалык кландар, группалар каалабайт. Анткени бөлүнүп жатат да азыр баары. Анан чатак ошондо чыгат. Биз ошол чатак чыкпаса, тынчтык болсо экен дейбиз. Кечээ телевизордон аксылык бир жигит айтып жатат, аларды кимдир-бирөө атайын даярдап алып келсе керек, “Текебаевге ишенбей калдык, Акаевге ушул экс-президент деген наам берди” дейт. Муну мен бергеним жок, муну Конституция берди. 3 жыл мурун 5 аксылык жигит өлдү. Биз

ошондойдон ону өлбөсүн, миңи өлбөсүн, жүзү өлбөсүн. Кыргызстан түндүк, түштүк, чыгыш, батыш болуп бөлүнбөсүн деп өзүбүздүн авторитегибизди, келечегибизди тобокелге салдык. Биз кийинки боло турган нерселер жөнүндө азыр түйшүктөнүп жатабыз. Менин оюмча, легитимдүүлүктүн эки компоненти бар: бири-формалдуу жагы. Биз формалдуу жагынан шайлоо мыйзамдуу болду, адилет өтөт деп маселени чечтик. Эми экинчи жагы бар-бул элдин ишеними. Закон канчалык жакшы болбосун ал аткарылбаса, эл бул мыйзамдын адилеттүүлүгүнө ишенбейт. Ушул туура, адилеттүү өтөөрүнө ишенбейт. Мына Жалал-Абад областынын губернатору барып Базар-Коргон районунун активин жыйнап, - “Эгерде ордуңарда калып иштейм десеңер, Текебаевге каршы кол жыйнагыла” – деп айтып атат. Бакиевдин дайындаган губернатору. Мен президенттик шайлоого катышам деп айта элекмин. Президенттин Администрация жетекчилеринин бири. На всякий случай, божомолго бензинин куюп бул жерге алып келип, телевизордон сүйлөтүп жатат. Жер-жерлерден пикетке чыгарып жатат. Мени эле эмес, силерди, парламентти дагы жамандаттыртып жатат. Бул административдик ресурсту колдонуу деп эсептелбейби? Эгерде Адахан Кимсанбаевич айтайын дедим эле, кыргыздар бөрк ал десең, башын алып коет. Ошол эле азаматтар мына Базар-Коргондо 15 жылдан бери Акаев кетсин деп көчөдө жылына 6 жолу митингге чыккан адамдардан аким койбостон, 5 мүнөттө, кыргыз тилиндеги улуу урматтуу деген сөздүн автору Т. Калматовду, же бир жолу эл деп көчөгө чыкпаган Осмоновду азыркы бийлик ээлери районго аким кылып коем деп аракеттенип жатат. Эл каршы чыгып, аларды имаратка азыр киргизбей жатат. Кечээ жол тосту, бүгүн жол тособуз деп жатат. Мынакей бүгүнкү бийликтин жүзү. Сиз туура айттыңыз, эгер жанагы адамдардын эркине койсо алар бул жагына дагы жаңы кожоюнга да иштей берет. Дагы бир үчүнчү күч келип калса ага дагы иштей берет. Алар бийликти сыйлабастан, бийликте отурган адамга кошоматчылык кылат. Ошентип артык кылам деп атып тыртык кылып алышат. Биз ситуациядан туура чыгышыбыз керек. Мына ситуация ушуга алып келди. Экинчи компонент, эгерде президент болом деген адам бийликте турса жер-жерлерде таптакыр мыйзам сакталбай

ал дайындаган акимдер, губернаторлор бийликте турса мындай өкүмзөрлүк жасалбай койбойт. Алар мунун барын биз мыйзамдаштырдык дегени менен, шайлоо өткөндөн кийин бирөө "туура эмес" деп койсо, бүткүл калайык калк ошол шайлоонун адилет өткөнүнө ишенбей калат. Мен ойлойм, ишенбейт. Мына азыр деле бизге эч ким ишенбей жатат. 70% добуш алган депутатка деле 10% добуш алган кандидат ишенбей жатат, туурабы? Башка жерлерде дагы ушундай болуп жатат. Демек, биз адилеттүүлүктү сакташыбыз керек. Эл ишенгендей болуш керек. Ошондуктан биз айтып жатабыз, Премьер-министр, окмөт мүчөсү, губернатор болуп тургандар президенттикке кандидатурасын коюп калса кызматынан кетсин. Башка адам жокпу? Башка адам чыгат. 3 ай мен ушуну адилеттүү өткөрүп берем деген кантип эле биздин Кыргызстандан бир азамат чыкпасын, "мага бийлик кереги жок, мага элимдин тынччылыгы керек" деген? Мына көбүбүз айтабыз бул отпөй кала турган болду дейбиз. Мен өтпөсө дагы өзүмдүн сунушумду добушка коем. Бул парламентти жана бүгүнкү президент болом деген азаматтарга сынак болот, алардын ушул шайлоону адилеттүү өткөргөнгө ниети бар же жок экендигин билгизген "Баш ал десе бөрк алган..." айтпасаң чуркап барып иштти тетири бүтүрүп кое турган азаматтарды четке чыгарып, мен шайлоону адилеттүү өткөрөм деген ниетинин бар экендигинин күбөсү болот. Эгер парламент кабыл алып жөнөтсө, ал кол койбой койсо бул аларга крест болот. А эгер парламент ушул жерден добуш берип бир бөлүгүбүз колдобой койсок парламент жанагындай туура эмес жолдорду жок кылганга аракет кылбаган парламент экен деп эсептелинип калат. Бул талкууну бүткүл Кыргызстан угат, билет. Шайлоо адилет эмес болуп өтөрүн. Анткени депутаттардын бир бөлүгү ушул бийлик тура берсин деп жатат. Акаевдин Администрациясынын жетекчиси эч качан: "Мен бир Указ менен парламентти таратып жиберем" деп айткан эмес. Акаевдин губернатору Ошто же болбосо Жалал-Абадда акимдерди жыйнап алып Мадумаровго же Текебаевге каршы кол жыйнагыла деп айткан эмес. Алар бирдеке жасаса да жең ичинен жасаган. Цивильный формада эптеп жашырынып жасайлы, эл муну билбесе экен деп аракет кылган. А бүгүнкү

күндө, Бакиевдин администрация башчысы ачык эле айтып отурат. Эгерде ушул адам бийлигинде кала бере турган болсо, мен ойлойм, бул президенттик шайлоонун адилет өтөөрүнө эч ким ишенбейт. Башка ишенсе да мына мен ишенбейм. Мен мына ошентип элге айтам, бул шайлоо адилеттүү өткөн жок”-деп. Телевидениеге чыгам, бийликте талапкерлердин тизмеси бар экен кимди чыгарыш керек, кимди чыгарбаш керек деген. Бүгүн муну алып келип соктурасың, эртең тигини жайлайсың деген көрсөтмөлөр түшүп турат экен жер-жерлерге деп. Кантип анан ушул учурда биз бүгүнкү бийлик адилеттүү шайлоо өткөргөнгө даярданып жатат деп айта алабыз? Биз айтып отурабыз ушул жерден келип программасын айтсын. Биринчиден, мен алардын программасын уккан жокмун. Мына сиз айтасыз: “бийлик менен коюн-колтук алышып иштейли”-деп. Биз парламент колубуздан келгенинен барын жасап жатабыз. Мыйзамдарды өзүбүз сунуш кылып жатабыз баарыга бирдей шарт түзүп бергенге. Булардын жер-жерлердеги акими, губернаторлору бекем отуруп, эл ишенимине ээ болсо экен деп шарт түзүп берип жатабыз. Жантөрө Жолдошевичтин, Алишер Ахмедовичтин жана башка депутаттардын сунушу менен Конституцияга ылайык Өкмөт мүчөлөрү биздин макулдашуудан өтсүн дедик. Бул кызматташуунун жолубу Конституцияда көргөзүлгөн? Жолу. Жок, биз бош эмеспиз, биз көргөзбөйбүз, бир убагы келгенде анан кийин биз жөнөтөбүз”-дейт. Бул эмне кызматташууну каалагандыкпы? Жок. Бул сунулган колду чапкандык. Бул силерсиз эле биз өзүбүз чече беребиз дегени. Силер ошол жерде сүйлөшүп олтура бергиле. Депутаттардын бир тобу менен мен сүйлөшүп койгом, баары бир ал чечимдериңер өтпөйт дегендик. Мынакей, мына мен парламенттин жетекчилеринин биримин. Өлкөдө ушул эки жетекчи болсо, ошонун бири деп эсептелем. Ушул күнгө чейин бир адам же мени же фракциянын жетекчилерин, комитеттин жетекчилерин чакырып алып, “туугандар, кеңешелик мындан ары карай кантип жашайбыз, эмне кылабыз, ситуация чатак го, кайсы мыйзамдар биринчи өтүш керек, силер эмне сунуш кыласыңар”-деп бизден эч ким сураган жок. Муну конструктивдүү деп атаса болобу? Мына бизди парламент дейт. Кечээ Аксылыктар айтып жатат: “элди аткан Акматалиев,

Садиев, Карыпкулов сыяктуулар окмөттүн составында олтурат. Биз буга нааразыбыз дейт. Эмне үчүн өкмөт аларды бул жерге алып келгенден коркот. Анткени ошолор өтпөй калат деп коркуп жатат. Ошол Аксы каргашасы болгондо Премьер-министр Бакиев болгон. Ошол команда толугу менен азыр бүгүн бийликте турат. Аксы эли эмнени критикалайт? Аларды сындайт? Ошолорду сындаш керек болчу. Ошол Аксылыктардын талабын ушул жерге келгенде Премьерге биз коет болчубуз. Баарыбыз коет болчубуз. Эмне үчүн булар отурат. Эмне үчүн жацы адамдар келбейт. Революциянын өзүнүн жүзү болуш керек. Өңү болуш керек. Биздин революциянын ошонусу барбы. Бардык жерде бүт ушулар коюлуп жатат. Өшондуктан мен ойлойм, урматтуу депутаттар, биз принципиалдуу болушубуз керек. Мен башталганда айткам. Бекем туралы. Сепаратыкка барып алып мен ишимди бүтүрдүм, сүйлөшүп алдым дей турган болсок, парламенттин авторитети кетет. Элдик бийлик Кыргызстанда болбойт. Жок, азыр ушундай, андай болбосо Кыргызстанда согуш болот. Тынччылык болсун. Шайлоого бийликти колдонбогула деп жатабыз. Биз канчалык гарантия бербейли, демократия каршы, мыйзамга каршы күчтөрдү алар азыр дагы колдонуп жатат. Мына кат. Кат күбө эмеспи. Силерге бербейбиз дейт. Конституция бизге не указ дейт. Жергиликтүү акимдер да эч ким менен макулдашпайт. Ошон үчүн мыйзам өтпөй жатат. Өкмөт каалаcа мыйзам бул жерден "автоматтуу түрдө өтөт болчу. Премьер-министр өзү келип сурайт болчу. Закон керек болгондо Акаев өзү келип сурачу эле го ушул жерден. Күнү-түнү чыкпай жатып алышчу эмес беле. "Өлкөнү тынчтандырганга ушул закон керек"-деп. Представителдеринен башка эч ким келген жок. Өмүралиев келип аяка карап сүйлөдү быяка карап сүйлөдү. Эмнени айтканы белгисиз болду. Мунун баары видимость. Конституциялык орган болбосо башаламан болсо, мыйзамсыз бийлик ситуацияны көзөмөлдөп өз бийлигин орнотот дейт. Мындай шайлоого эч ким ишенбейт. Алар үч айдан ашык отура албайт, утуп алса дагы. Мен ушул жерден ответственно айтам ушуну. Үч ай отура албайт. Эгер ушинтип шайлоо өткөзө турган болсо. Үч ай. Мен муну депутат катары айттым албетте. Төрага катары менин заявлениелерим бир аз

сдержанный болот. Жалпы ушул парламенттин орток пикирин айтам. Мен муну 26 Акман шайлоо округунан келген депутат катары ушуну айттым. Ушуну эске алып койсоңуздар, рахмат.

**Б. Шерниязов:** Сөз депутат Батыровдо.

**К. Батыров:** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, мен бул жерде Дооронбек Садырбаевге биринчи өзүнүн выступлениесинде бир-эки сөз айтты, мен жооп берип коеюн. Дооронбек Садырбаевич, мына бул стенограмманы көтөрсөңүз болот. Мен Өзбекистандын Өкмөтүнө рахмат дегенде, сиздин наамыңыздан, депутаттардын наамынан рахмат дегеним жок. Мен өзүмдүн наамымдан, шайлоочуларымдын наамынан рахмат айттым, ошону үчүн ушуну эске алып койсоңуз. Урматтуу депутаттар, я извеняюсь, я буду выступать на узбекском языке с вашего позволения.

Бүгүн Кыргызстан Өкмөтү оор ахыбалда. Өкмөт чоң шайлоо алдында турат. Бул шайлоо бизде Кыргызстанда жашап жаткан 80ден ашык улуттардын, калктардын бүтүн өзү ой-пикири кандай өткөзөбүз, тынч өтөбү бул шайлоо же ахыбалыбыз кандай болот деген ой-пикирлерде. Бүгүн албетте абдан көп шайлоочулардан звоноктор болду, келишти бир топ делегациялар, бул жердеги болуп жаткан иштерди урматтуу депутаттар, биз абдан серьезно карап талкуулашыбыз керек. Себеби шайлоо жалаң калыс жол менен болуш керек. Ушул закондун негизинде болуш керек. Ушундай экен, азыркы сунуш кылынып жаткан проектилерге жараша, бүгүнкү шайлоолор баарына бирдей болуш керек. Бүгүн өзүнүн талапкерлигин Президенттикке койгон, кыргыздын азамат жигиттери, бирдей ахыбалда, бир кыл мүмкүнчүлүктө баллотироваться кылыщ керек. Ошондо гана, биз бүгүн Кыргызстандын кызыкчылыгын, калктын кызыкчылыгын сактап кала алабыз. Мен бүгүнкү оор ахыбалда Өкмөтүбүздө бүгүн ушул жыйналышты алып барган ишинде, мен айтаар элем, ушул кандидат болгон депутат или Премьер-министр, или жөнөкөй гражданин ким болсо дагы Президенттикке талапкерлигин койсо, ушул адамдардын азыраак амбициясы болуш керек. Ушул азырак өзүн бир тартипке алып келе турган инсанды, элди нысапка чакыра турган бир позициясы болуш керек. Бүгүнкү шарт ушунчалык оордугуна байланыштуу, азыркы желание менен азыркы

аппетит менен биздин Кыргызстан кыйналып калат. Мен суранып кетет элем, биздин республикабыздын келечеги үчүн, ушул калкыбыздын тынчтыгы үчүн Өкмөтүбүз конституционный жолдо кетиш үчүн, ушул кандидаттар мүмкүнчүлүгүнүн болушунча шайлоону таза өткөзсөк. Шайлоонун кандай өтүшүн биз баарыбыз жакшы билебиз, барыбызда шайлоочуларыбыз бар, жай-жайларда адамдардын ичинде кандай агитациялар болот, кандай вертикалвласть өзүнүн ишин алып бара жатат бул жерде. Ошол үчүн мен бүгүн ушул жерде, мына, Дооронбек аке чыкты, жана бир топ мына Иманалиев өзүнүн проектилерин берди. Мен каалары ар бир кандидат бүгүн бир уровенде болуш керек, бирдей шартта өзүнүн стартовый Президентский шайлоону башташ керек. Мен ошол каалоомду колдоп коюшуңарды суранып кетем. Рахмат.

**Б. Шерниязов:** Рахмат. Сөз депутат Султанов Марат Абдыразаковичте.

**М. Султанов:** Мен ушул мыйзамды карап жатканда биринчи биз кайсы максатты көздөп жатабыз, ошону айтып кетейин дедим эле да. Менин оюм боюнча биз азыр бардыгыбыз ушул Кыргызстанда мыйзамдуулук анан Конституцияны сыйлоо жолуна өткөнгө аракет кылышыбыз керек. Азыр бул кандидатка иштеп жатасыңбы, ал кандидатка иштеп жатасыңбы, бул кандидатка сен кандайдыр бир шарт түзүп берип жатасыңбы же ал кандидатка шарт түзүп берип жатасыңбы деген сөз болбош керек. Мен эгерде мисалы бул мыйзамга каршы чыксам, кээ бирлер айтышы мүмкүн. Кечээ Абдыганы аке дагы коркутуптур бардыгын мен Президенттикке барам, эгерде экөө сүйлөшпөсө депчи, ошентип. Эми барса бара берсин, бирок мен ойлоп жатам, бул Президенттикке барам деген киши, андай шарт болот, мындай шарт болот деген эч кандай шарт койбош керек. Конституцияда коюлган шарттын негизинде Президенттик шайлоого барыш керек. Мына биз айтып жатабыз, ушул мыйзамды эле кабыл алсак, бардыгы жакшы болот экен дейт. Мен айтайын, эгерде биз бул мыйзамды кабыл алсак, Конституцияга ылайык Президент өзүнүн ыйгарымдуу укуктарын эч качан токтотпойт. Себеби Конституцияда так жазылган, качан Президент өзүнүн ыйгарым

укуктарын токтото алат. Башка бир дагы мыйзам эгерде Конституцияга каршы келсе, ал ыйгарым укуктарын токтото албайт Президенттин. Анда депутат болсо өзүнүн ыйгарым укуктарын токтото алат. Өзүнүн арызы менен токтотуп койсо болот. Ошондуктан мына бул мыйзам негизинен кимге каршы багытталган болуп калат мыйзам. Бул депутаттарга каршы багытталган мыйзам болуп калат. Ошол ким Президенттикке коюн десе, ал сөзсүз ошол депутаттар өзүнүн мандатын тапшырыш керек болуп калат. Себеби андай депутаттын полномочиясын кантип токтотоорун бул жерде Конституцияда так көрсөтүлгөн. Ал өзүнүн арызы менен дагы токтотсо болот. А Президенттик билесиңер, өзүнүн арызы менен токтотсок, анда биз сөзсүз жаңы Президентти кайра коюшубуз керек, андан баштап жаңы срок башталат. Анан кайра дагы 3 ай күтө баштайбыз ким болот экен деп. Анан ким кепил боло алат ошол жаңы келген Премьер-министр кайра анан бир айдан кийин мен дагы ушул карасам түзүк эле бала экенмин, карасам мен дагы жарайт окшоймун, мен дагы бир бычактын сабына жараган бир бала экенмин, мен деле бара берсем окшойт деп кечке эле ошентип эле карусель жасаба деп ким айта алат? Эч ким айта албайт. Ошондуктан менин оюм боюнча азыр бул мыйзам эгер кабыл алынса, мына Дооронбек акеге айтайын ачык эле, мисалы Бакиевге эч кандай тоскоолдук болбойт. А башка кандидаттарга тоскоолдук болушу мүмкүн. Ошондуктан кээ бирлери айтып жатпайбы, бул эми баягы биз бул кандидаттарга, бардык кандидаттарга бирдей шарт түзүп берели деп. Эми чындап айтканда бирдей шарт эч качан болбойт. Мисалы, мына биз деле депутаттарбыз, биздин укуктарыбыз бүт өлкөдөгү эл менен бирби? Жок. Бизде мисалы кой тийбестик бар, туурабы? Себеби Конституцияда ошондой өзгөчө шарттар көргөзүлгөн. Президентке дагы ошондой өзгөчө шарттар көрсөтүлгөн. Мисалы, кээ бирлери айтып жатат, бул болсо Президентке ган байланыштуу. Президенттин милдетин аткаруучуга бул эч кандай тиешеси жок дейт. Чындап айтканда мисалы мына мен карап көрдүм Конституцияны бир сыйра. Президент менен Президенттин милдетин аткаруучунун айырмасы үч эле жерде экен. Милдетин аткаруучу Жогорку Кеңешти тарата албайт экен, Өкмөттү тарата албайт экен, референдум жарыялай албайт

экен, Конституцияга өзгөртүү киргизе албайт экен. Калган бүт ыйгарым укуктары калып калат экен. Анан ошондуктан биз эмнеге жөнөкөй эле жерден мындай талаш-тартыш болуп жатат. Мен ошого түшүнбөйм да. Ошондуктан мен ойлоп жатам Дооронбек аке каршы болбосоңуз бул мыйзамдын азырынча кереги жок, бул мыйзам болсо биздин депутаттардын арасында бир үч-торт кандидат бар, шайлоого барам деген. Бир гана ошолорго бут тосо турган мыйзам деп эсептейм мен. Ошондуктан мен бул мыйзамды колдобой эле койгонубуз туурараак болот деп эсептейм. Чоң рахмат силерге.

**Б. Шерниязов:** Сөз депутат Урманаевде.

**С. Урманаев:** Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, мына биз шайланып келген шайлоонун бүтконүно бир ай болду, ошол бир айдын ичинде биз ант алдык, ант бердик Өкмөткө, Президенттин астында эки жолу ант берип чыктык, ушул бираз убакыттын ичинде биз, менин оюмча, бир сааттын маятнигиндей болуп туруп, ар кандай бири-бирине карама-каршы келген идеяларга добуш берип жатабыз деп ойлойм. Себеби, мисал үчүн мына жакында эле мурдагы Парламент кабыл алган Президенттин укуктарын бир заматта алып таштадык, эми мына бүгүн келип мына Президенттик шайлоонун астында момундай, момундай деген закондордун проектилерин карап жатабыз. Бул закон ченемдүү деп ойлойм, себеби биз ушул 15 жылдан бери кыргыз менталитетине жараша ушул закондорду дагы Конституцияда озгөрүүлөрдүн баарын жасап келгенбиз. Бүгүн Конституция биздин элдин кызыкчылыгын колдобойт, элдин кызыкчылыгына каршы, бул жеке гана адамдын кызыкчылыгын колдогон Конституция болуп калган. Дүйнөдогү конституциянын барын карап корсоңүздөр, эч убакта бригадирден баштап бардык кызмат жетекчилери жооп берет өзүнүн кылгандарына дагы, кылбагандарына дагы. А бирок биздин Президент өзүнүн жасаган аракеттерине дагы, аракетсизден келип чыккан ар кандай оош-кыйыштарга жооп бербейт. Ошондуктан мен ойлойм, ушундай Конституцияны адегенде карап чыгышыбыз керек жакынкы күндөрдө. Жакынкы күндөр деп жаткан себебим, мына бүгүнкү Президенттикке чыгып жаткан азаматтар элдин асыында чыгып айтсын өзүлөрүнүн оюн.

Эгерде мен Президент болуп шайланып калсам момундай, момундай өзгөртүүлөрдү кылбаймын, момундай, момундай өзгөртүүлөргө барбайм элге кызмат кылам деп биз баягы депутаттыкка талапкер болуп чыгып жатканда айткан убадалардай болуп. Эгерде муну биз жакынкы конституциялык кеңешмеде муну азаматтардан укпасак, анда мурдагы эле биз таз кейпибизди кийебиз дагы, и мурдагы эле саясатты жүргүзө баштайбыз. Мен дагы менден мурда чыгып жаткан депутаттардын ойлоруна кошулам, биз эч убакта кепилдик бере албайбыз. Бир азамат Президент болуп шайланып алып, анан ошол азаматтын тегерегинде кошоматчылыкты кыла баштап, ошол бүгүн аягына алып келип туруп кайра мурдагы конституцияга чейин алып келебиз. Ошондуктан бүгүн ушул пректини алып чыгып жаткан Дооронбек Садырбаевичтин бул проектисине мен толук бойдон кошулам. Бирок бир өзүмдүн опасением дагы бар да. Мына бүгүн ушул Президенттин милдетин аткарып жатат, Премьер болуп иштеп жаткан Курманбек Салиевичтин бир дагы указына дагы, бүгүнкү талаптарына дагы бир жерде дагы жооп берген губернатор, акими дагы жок да. Мына бүгүн биздин Ысык-Көл областында губернатор шайланды. Губернаторду убактылуу бекитип койду. Бирок эми ушул мени менен талапкер болуп чыгып элдин астында жүрүп алып, бардык кылган аракетим эл менен болот деген жигиттин жасап жатканы бүгүн эмне болуп жатат. Бүгүн ушу лесхоздун областтык жетекчилери ушу жакта жүрөт, телекомпаниянын директору бул жакта жүрөт. ОблОНОнун жетекчиси бул жакта жүрөт. Ушу жерде туруп Президенттин милдетин аткарып жаткан киши ушу жерден улуу трибунада туруп канча жолу айтты, канча жолу средства массовой информации айтып. Айланайын губернатор жетекчилер менин айтканымды уккула дагы мындай жасагыла деп. А бирок ошону ким жасап жатат азыр? Мен ушул закон кабыл алынып калса бүгүн, мен просто коркуп жатам да элден. Бүгүнкү жер ээлеп жаткандар, бүгүн бийлик басып алып жаткандар ушул 2-3 айдын ичинде биздин Кыргызстанда граждандык согуш болуп кетеби деп мен коркуп жатам да. Бүгүн ким ойлоп жатат азыр ушул биздин талаачылыкка горюче-смазочные материалдар барбы, үрөн менен заниматься этип жатабы, техникалар иштеп

жатабы деп бир аким, бир губернатор аракет кылып жатабы. Бардыгы тең ушул бийлик, бийлик деп эле ушу бийликтин аркасынан папканын аркасынан жүрөт. Ошондуктан мен ойлойм, урматтуу депутаттар, ушу жакынкы күндордө Конституцияга өзгөртүүлордүн проектисин, долбоорун карашыбыз керек. Анан кийин ушундан чыккан бүгүнкү законду алышыбыз керек. Эгерде ушуну бүгүн алып койсок Конституцияга карама-каршы келип, элдин арасындагы оош-кыйыштар күчойт дагы, жерди басып ала баштайт. Бийликтер менен мен ойлойм, ансыз дагы бөлүнүп калган эл бүгүн экиге бөлүнүп жатса, бүгүн анда 4-5ке бөлүнөт. Региондорго бөлүнөт, областтарга бөлүнөт. Анын арасында жаңжал чыгат. Ошондуктан мен ойлойм ушул шайлоону Президенттикти мурдагы мыйзам менен эле өткөрүп койсок, мен ойлоп жатам бүгүн эл бийликтен коркпойт. Мына өтүп келген азаматтарды, мына бизди деле областтык мурдагы жетекчилердин баары тең эле каршы чыкты. Бирок ошого карабай туруп эл колдоп койбодубу. Ошондуктан мен ойлойм, урматтуу депутаттар, президенттин милдетин аткарып жаткан Курманбек Салиевичтин бүгүнкү жасап жаткан жумуштарына эл баа берет. Кандай кылып административдик чараны колдонбосун, менин оюмча шайлоо ансыз деле таза өтөт деп ойлойм. Ошондуктан менин оюм, ушул жакынкы боло турган Президенттик шайлоону мурдагы мыйзам ченемде өткөрүп, анан калгандарынын баарын Конституцияны кабыл алып, ошол Конституциянын негизинде мыйзамдарды кабыл алсак деген оюм бар. Рахмат.

**Б. Шерниязов.** Рахмат. Сөз депутат Керимкулов Айдар Темирбековдо.

**А. Керимкулов.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар. Эми бул маселени карап жатканда эки нерсени тактап алсак деген ой да. Биринчи, президенттик шайлоо менен депутаттык шайлоонун айырмасы бар деген ойдомун да. Эгерде президенттик шайлоо президент барда ушул шартты биз киргизсек, анда туура болмок. Ушул кодекске өзгөртүү киргизип туруп, эгерде действующий президент болгондо. Азыр мени адам катары, депутат катары менин шайлоочуларымды азыр тынчсыздандырган нерсе, бул азыр

жер-жерлерде стабилдүүлүк болобу, мамлекетте тынчтык болобу. Болбосо азыркы эң негизги мына бул жазгы иштер абдан бир ийгиликтүү отобү деген маселени коюп жатышат. Эгерде биз азыр ошол Президенттин милдетин аткарып жаткан Премьер-министрди азыр кабыл ала турган мыйзамга такап кое турган болсок, бирооңүздор айта аласыздарбы что азыр бизде жакшы стабилдүүлүк болот, же болбосо тынчтык болот деп. Болбойт урматтуу менин туугандарым. Ошондуктан шартка жараша, эми мындай шарт бир дагы мамлекетте болгон жок. Бул өзү случаи бизге алып келип койду дагы. Өкмөт башчысы дагы Президенттик милдетти аткарып жаткан. Ошондуктан мен азыр ойлоймун, азыркы шартта андай болбош керек. Өкмөт башчысы Президенттин милдетин аткарып жаткан адам азыр барыш керек шайлоого эч полномочиесин тапшырбай туруп эле. Калгандары бара тургандар бул бийликте президент болом дей тургандары. Ну, что же ал абалына карасын. Өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө карашсын, эл менен иштешсин. Мисалы, мына азыр бир топ жаш депутаттар отурасыңар жаңы келген депутаттар, эгерде эл каалаcа жанагындай административный ресурска карабай эле шайлап койбодубу силерди, урматтуу жаңы келген депутаттар, ошондой полномочиелер менен биз деле барбадыкпы депутаттар ошондой преимущество менен. Эл ага карабай шайлап койбодубу силерди. Значит, эл өзү тандайт ким алып бара алат, ким мамлекеттин тагдырын чечип бере алат деп. Ага карабайт ал административный ресурсуна. Урматтуу менин туугандарым, мына мен лично өзүм дагы бир жолу айтып коеюн шайлоо жөнүндө сөз болуп жаткандан кийин. Кээ биреөлөр айтып жатпайбы бул бийлик колдогон депутаттар деп, кээ бирөө мурунку депутаттардын баарына кандайдыр бир таш ыргытып. Мына лично мага, мен дагы стенограмма үчүн айтып коеюн, урматтуу менин коллегаларым, административный ресурс каршы иштеди. Мен ушуну эки-үч жолу айтып жатам, интервьюдан дагы айтып жатам. Администрациянын жетекчиси Касымовдун башында туруп каршы иштеди деп мен сиздерге айтып жатам. Анан ошон үчүн мен ойлогонум, ага карабайт эл. Эл программасына карайт, эл ошол адамдын колунан эмне келээрине карайт. Кыскасы бул

конечно, мындай пример башка мамлекетте болгон эмес мындай шартта шайлоо жүргүзүү.

Экинчи, мисалы, эң демократиялуу өлкө деген жерлерде дагы президенттик полномочиени тапшырган мамлекетти мен көргөн жокмун. Мисалы, мына Америка дейбизби, Франция дейбизби бардык жерде ушул кызматты аткарып жатып болуп жатат эң демократиялык өлкөлөрдө. Эгерде президент болуп туруп, өзү шайлоону өткөзсө анда жанагындай шартты түзүш керек. Срогу бүтүп жаткан, өткөзүп жатканда анда баары тең шартта барган абдан туура. Ал ансыз деле Кодексте бар. Мамлекеттик кызматтардын баары өздөрүнүн полномочиесин тапшырып берет деген. Ошондуктан, мен ойлойм, эң биринчи биз мамлекеттин кызыкчылыгын ойлосок, урматтуу менин депутаттарым, урматтуу коллегалар, азыр элде мен дагы бир жолу айтып коеюн, мына бул кырдаал бөтөнчө тынчсыздандырып жатат. Мисалы, мына Чүйдөгү кырдаалды, мына мен азыр Өмүрбек Чиркешович, бир нерседе абдан колдойм. Курманбек Салиевич Бакиевдин каты азыр мага абдан туура келбей турат. Эгерде ал киши өкмөттүн составындагы адамдар компетенттүү, өкмөттүн составындагы адамдар азыр өзүнүн милдеттерин абдан таза аткарып, элдин кызыкчылыгы дей турган болсо эмне үчүн коркот бизге алып келип бекиткенден? Значит, бул жерде проблема бар. Значит, бул жерде ошондой подход менен коюлган эмес кадрлар. Значит, где-то милдеттүү болуп калып коюп жатат. Где-то жанагындай ою менен коюлуп жатат, башка бир ой менен. Бул уже бул башка маселе. Ошондуктан, бул жерде биз абдан талап коюшубуз керек. Өкмөттүн мүчөсүн бекитишибиз керек. Себеби, убактылуу аткарып жаткан адам ошол кызматын дагы жакшы аткарбайт. Ал бүгүн бекийимби же бекибейимби деп дагы ал күмөн санап жүрө берет. Ал азыр наоборот кайра тезирээк кадрлардын баарын которуп, өздөрүнүн кишисин койгонго жетишип жатат. А эртең бекибей калабы, бекилип каламбы деген дагы ой бар да анда. Ошондуктан, эгерде чындыгында ошондой ою болуп, жер-жерлерде губернатор болобу, аким болобу, өкмөттүн мүчөсү болобу, ведомствонун жетекчиси болобу эгерде чындыгы менен ошондой компетенттүү коюлса эч коркпош керек. Элге даже айтып мына

бул жерде кемчилиги бар, мына бул жерде болот, мына бул жерде алып бара алат деп анда келип айтыш керек. Мына бул жагынан мен Өмүрбек Чиркешович, сизди анан башка депутаттарды мен колдойм. Это надо немедленно муну созбой гуруп бекитиш керек. Мына мен кечээ өзүм барып келдим шайлоочуларыма. Айтып жатышат Айыл чарба министрлиги боюнча абдан коп маселе бар экен. Мына азыр эле алдыдагы депутаттар айтып кеткен күйүүчү май жөнүндө айтып жатат. А булардын баарын жанагы убактылуу милдет аткарып жаткан адамдар чечпей жатса, конечно, элде азыр нааразычылык болот. Ал анда эгерде нааразычылык өссө анда административный ресурсуна дагы карабайт. Алар дагы каалаган адамын шайлап коет, урматтуу депутаттар. Ошон үчүн, Данияр Ильич мен сизге кайрыламын, Мырза Кулматович, мен сизге кайрылам. Мына биздин айтып жаткан создөрдүн баары жеткисиз керек. Мына азыр Чүйдөгү кырдаалды мына бир эле почерк менен жасады Администрациянын жетекчиси. Шаардын мэрине,Чүйдүн губернаторуна бир эле почерк менен жазганы “Срочно принять меры. Срочно решить” деген эле бир визасы менен чечти. Эгерде мына кечээ күнкүдөй, мурдагы күнкүдөй өкмөттүн токтому болуп, комиссия түзүлүп чечилсе мен ойлойм, мындай кырдаал болгон эмес. Аны мага кечээ дагы айтышты менин шайлоочуларым. Хотя Ысык-Ата району менен Чүй районунда бул проблема жок. Бирок тынчсызданууну айтышты. Шаар боюнча анан Аламедин, Сокулук району боюнча. Мен муну дагы бир айтып кетээрим мына ушул жакка көңүл буруш керек. Ушул жакта мисалы азыркы өкмөт иштей турганын талапты коюшубуз керек. Анан эми дагы мен бир нерсени байкап жатам, мына эки-үч жумадан бери байкап жатабыз, урматтуу депутаттар, телевидениени мен дагы кээде эми баарын көрбөсөк дагы кээде байкап калып жатабыз бир эле кырдаалда берилип жатат. Данияр Ильич, Мырза Кулматович, ушулардын баарын сүйлөшсөңөр. Силер эми күнүгө сүйлөшүп, күнүгө информация берип жатасыңар да обстановка жөнүндө. Бир эле кырдаалды берилип жатат. Же бир абдан жамандоо, же болбосо кандайдыр бир кызыкчылык, же болбосо бир теманы алып эле. Анан чын эле тээтиги 40-50-жылдагы кинолорду көргөзүп жатат. Азыр Кыргызстанда ошону көрө турган маалбы? Ошол

кинолорду көрө турган маалбы? Же болбосо жанагындай багытты корө турган маалбы? Ушунча актуальный темалар болуп жатат. Ар бир көз караш деп бербейсиңерби. Мына ошолордун баары азыр таасир этип жатат. Кыскасы бул азыркы мыйзам кабыл алууну менин жекече оюм, бул азыр туура келбейт го деп ойлойм, эрте го деймин. Чын эле Кодекстин өзүн не только бул пунктту караш керек. Кодексте абдан көп пункттар бар өзгөрө турган. Аны биз өзүбүз даже көрдүк. Мен керек болсо жанагы "подкуп" деген статьялардын баарын алып салат элем. Ал баарыбир жасала турган нерсе экен. Аны баарыбыз көрдүк, эл баарыбир ошого кандайдыр бир мамиле кыла турган нерсе экен. Андан көрө жасасын ошол талапкерлердин баарын ошол маселени, элдин тагдырын чечсин. Баарыбир жасай турган болгонжон кийин кайра талапкерлер бири-бирин аңдышып, кайра кандайдыр бир тескери бир шарттарды түзүлүп калып жатат. Ошондуктан, Кодексти конечно, биз баарын карашыбыз керек. Мен ойлойм ага абдан убакыт бардыр. Азыр мен дагы бир суранаарым, керек болсо бүгүнкү жыйындын аягындабы, же болбосо жанагындай каттарды карандабы дагы бир жолу Өкмөткө поручение беришибиз керек. Же болбосо эртең чын эле келе турган болсо ошол токтом кабыл алына турган болсо анда биз эртең талкуууга өтүп туруп ошону бир сурагандай бололу. Кыскасы, азыр стабилдүүлүктү чечиш керек. Тезирээк оперативно чече турган маселелерди баарын чечиш керек, кадрларды бекитиш керек. Себеби, ошол кадрлардан биздин мамлекеттин тагдыры зависеть этет. Рахмат сиздерге.

**Б. Шерниязов:** Сөз депутат Сабировдо. Бирок Кубанычбек Сатиндиевич, сизде 5 мүнөт убакыт калды. Сизге жетиштүүбү бул убакыт? Же эртеңкиге калтырасызбы? Биринчи күнгө. Сөз Исабеков Кубанычбек Сатиндиевичке берилет. Келиниз. Сүйлөп коюнуз. Калганын жетпей калса эртеңкиге убакыт берем.

**К. Исабеков:** Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, мен кичине суранып кетким келет депутат Шерниязовдон. Жана мен кичине суроо берсем депутат Дооронбек Садырбаевге, аксакалга сиз мени кичине кагып силкип койдуңуз. Бул жерде отургандар анан биз бардыгыбыздын тең укугубуз бирдей.

Төрага болобу, жөнөкөй депутат болобу, ошон үчүн кичине байкасаңыздар. Биз силерди кагып-силксин деп бул жерге отургузган эмеспиз.

**Б. Шерниязов:** Кечирип коесуз Кубанычбек Сатиндиевич, сиз дагы анда регламентке бир кайрылып койсоңуз. Төрагалык кылып жаткандын акысы бар.

**К. Исабеков:** Мен сиздерди какраз наоборот Регламентке чакырайын дедим. Бизде мыйзам бар, макул эми бул ушунчалык эле күйүп-бышып жаткан өзгөрүү болсо мейли анда. Анан Регламентти карасак бизде мына Аппараттын Жетекчиси бар, Аппараты жок эмдигиге чейин Жогорку Кеңештин бир дагы кишини кабыл ала албайбыз депутаттар. Жардамчыбыз жок. Эмдигиге чейин консультатыбыз жок. Бир дагы отдел иштеген жери жок. Биз качан өзүбүз дагы мындай нормально иштейбиз, эгер Регламентти карасак? Бул маселени көтөрүш керек болчу эчак элечи. Бир нормальный машина жок. Мына депутат Мадумаров туура айтып жатат. Кабинеттер бүтө элек, телефондорду жалдырап чуркап жүрөбүз. Анан кайдага ишти айтып жатабыз бул жерде? Урматтуу депутаттар, Дооронбек Садырбаевич аксакал, мен сизди жанагы мыйзамга сиздин киргизген ошол өзгөрүүгө карата суроо бергем. Себеби, сиз деле ошол маалда машине минип, значок тагынып элди кыдырып жүргөн экенсиз. Мен аны уккан эмесмин, сизден угайын дедим эле. Анан эми келген депутаттарга керээли-кечке мына силер жаман, шайлоону таратабыз деген туура эмес. “Сендей заводум жок” деп жатасыз. Мен жетим өсүп чоңойгон баламын аксакал. Мага заводду же акчаны эч ким берген эмес. Же мен бийликтен шайлоого барган эмесмин. Эртең дагы шайлоого баргандан коркпойм. Элим, журтум барктап дагы бир жолу шайлап алат керек болсо. Анан кичине өзүбүздүн сөздөрүбүздө дагы бири-бирибизге асылышпай карасак, туугандар. Анан качан мындай ишти алдыга жылдырыш үчүн жок дегенде аппаратыбызды бекитип өзүбүздүн мына бул зданиебизди, мурунку чыгарган токтомубуз дагы аткарылбай жатат. Качан ушунун ичинде порядок болот? Управления деламинин башчысына анан жанагы полктун командирине тапшырма берилген. Кечээ кечке жуук чыгып баратсак ичинде толтура башка жактан келген аялдар. Кагып-силкип жатат

урушуп жатат бизди. "Түкүрөбүз бетине" деп жагат. Эшиктин алдын тосуп алып жатат. Плакаттар менен көрүнгөнү келип жатат. Биз иштейбизби же жокпу? Бир нерсе болсо эле өтпой калган кишилер болбосо кызматты алуучу кишилер келип алып туруп эле өзүнүн 10 чакты, 20 чакты кишисин алып келип коюп туруп тургузуп коюп жатат. А жанынан өтүп көргүлөчү, мисалы, Ак үйдүн эшигинин алдынан өтүп көр. Оозунан буруксуган арак чыгып жатат. Ошол эле аял кишилер, солдаттар деле эшикте турган милицияларды кагып-силкип жатат. Биздин деле балдарыбыз бар эмеспи, ошолор күнөлүүбү тартипке чакырган кишини? Кайра кетип баратсам маршруткага отуруп жатат дагы ошол жерден арак ичип жатышат баары тең. Бул ким акча берип жатат аларга? Оз кызыкчылыгыны колдоп туруп мына бул стабилизацияны бузуп жаткан кишилер көп. Андайлар арабыздан дагы чыгат керек болсо. Өмүрбек Чиркешович, биз Управления делами боюнча дагы өзүбүздүн кабыл алган токтомубуз бар. Анын жетекчисин дагы шайлашыбыз керек. Аппарат жетекчисинин орун басарларын дагы. Мына бул мыйзамга өзгөрүү киргизгенден кийин мен сизден суранам и талап дагы кылам депутат катары Регламент боюнча иштейли дагы ошол иштерибизди аягына чейин чыгаралы. Анан мына Урманаев аксакал туура айтып жатат. Кечээ мисалы, комитеттин заседаниесинде Айыл чарба министрлигин жетекчилери, матрезервдин жетекчилерин сурап жатса, мисалы, айтат көлгө 1700 тонна күйүүчү май кеткен дейт. Минден ашык тонна үрөөн кеткен дейт. Бардык эл кабыл алып жатат, бардык эл бекер алып жатат дейт. Андай жок, туугандар. Мен кечээ эртең менен саат төрттө келдим, эки районду кыдырып келдим. 1 килограмм май, 1 литр май, 1 килограмм үрөөн жеткен жок. Бирөө, мисалы, ошого документ оформить эте албай жатат. Себеби, паспорту жок анын. Эки жумадан бери чуркап жүрөбүз дейт. 200литр май үчүн дейт. Май жок, а эл бөлүшүп жатат уже. Наразычылык күндөн-күнгө чейин көбөйүп жатат айрыкча айыл жергесинде. Ошол эле справканы алыш керек турак жайы, үйү жөнүндө, огороду жөнүндө. Госрегистрге бара албайт паспорту жок. Ошол эле тиги нотариуска барыш керек ал опять паспорту жок. Айылдан райцентрден оформить этиш үчүн толтура

документтер керек. Барган-келген расход эмне болуп жатат. Барган, келген расходу эмне болуп жатат? Анан биз эгер депутат болуп калгыбыз келсе туугандар, азыр макул, мына бул Өкмөттүн составына сөзсүз бекитиш керек. Буга мен дагы каршымын мына бул бизге келген каткачы. Эмне үчүн мына бул таза Өкмөттүн мүчөсү келип иштеп, элим-журтума берем десе, ошолор келип алып элге неме кылбайт.

**Б. Шерниязов:** Мынакей урматтуу депутаттар, эми Кубанычбек Сатиндиевич сиздин убактыңыз аяктады, сизге бир замечание кылып койгонго уруксаат бериңиз. Күн тартибиндеги маселелер боюнча гана сөз бөлсо урматтуу депутаттар, биякка чыккандан кийин. Дагы бир сураныч, сиздерден сураныч мынакей биз баягыда айттык эле, дагы ушундай болуп жатат жесткий указание беребиз. Депутаттар өзүңөр менен башка адамдарды алып келгенди токтотсоңуздар. Сураныч сиздерден. Ар бири төрттөн-бештен алып келип алып, мынакей көрүп жатасыздар. Рахмат. Эртеңкиге чейин. Экинчи микрофон.

**Голос.** Урматтуу депутаттар, 5 киши калыптыр, 5 мүнөттөн выступать этип койбойлубу?

**Ө. Текебаев:** Жок, бүттү. Урматтуу депутаттар, биринчи күнү бул мыйзам долбоорун караганды улантабыз, бирок биринчи күнү жабык заседание кылып, аппараттын бүт штаттарын, баарын ушул жерден бекитип алабыз, а эртең Өкмөттүн маалыматын угабыз, Өкмөт башчысы келе турган болуптур. Туурабы? Саламатта болуңуздар.

**Ө. Текебаев:** Саламатсыздарбы урматтуу депутаттар! Регистрация жүрүп жатат. Урматтуу депутаттар, кондиционер иштей берсе болобу? Үшүбөйсүңөрбү? Иштеп жатабы? Иштетип койсун.

Урматтуу депутаттар, 50 депутат каттоодон өттү. Кворум бар. Каттоо аяктады. Урматтуу депутаттар, депутат Мукашев мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетке мүчө болуп кирейин деген өтүнүчү бар экен. Мен, депутат Мукашевди мамлекеттик түзүлүш комитетине мүчө кылып шайлоо боюнча сунушту добушка коем. Добуш бериңиздер. Макул. Кайрадан добуш бериңиздер. 51 депутат регистрациядан өттү. Регистрация аяктады. Дагы кайрадан регистрация. 52 депутат

регистрациядан өттү. Каттоо аяктады. Урматтуу депутаттар, мен депутат Мукашевди мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетке мүчо болуп шайлоо боюнча сунушту добушка коем. Добуш бериңиздер. 4- микрофон.

**Д. Садырбаев:** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, процедура боюнча, а дейбизби, бу дейбизби бүгүндон баштап биз менен толук кандуу иштеймин деп отурган Мелис Асаналиевичтин антын кабыл алгандан кийин негизги маселеге отсөк оң болгону турат...

**Ө. Текебаев:** Азыр Аппарат Конституция менен анттын текстин алганы кетишти. Мынакей келип калды. Кайра регистрация. Каттоо аяктады. 54 депутат каттоодон өттү. Сөз ант берүү үчүн депутат Эшимкановго берилет.

**М. Эшимканов:** Мен Эшимканов Мелис, Жогорку Кеңештин депутатынын кызматына киришип жатып, Кыргыз Республикасына берилгендигимди билдирип, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого, өз милдеттеримди бүткүл элдин кызыкчылыгында аткарууга, Кыргыз мамлекетинин эгемендигин жана коз карандысыздыгын коргоого ант беремин.

**Ө. Текебаев:** Куттуктайбыз, ишиңиз ийгиликтүү болсун. Урматтуу депутаттар, депутаттардын өтүнүчү боюнча дагы бир жолу каттоодон өтүп койсоңуздар? 55 депутат каттоодон өттү, каттоо аяктады. 3-микрофон.

**Голос.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар. Кечээ күнү Курманбек Салиевич менен жолугушканда дагы айттым эле. Мына айтып оозду жыя электе эле биздин сырттагы жаңы бийлик элчилердин баарын жумушунан бошото баштады. Бул, азыркы абалыбыз оор болуп турганда жаралган жаман симптом. 6-7 айлап айлык албай, Кыргызстандан сырткары биздин саясатыбызды обройлуу деңгээлде карман турган абдан тажрыйбалуу элчилерди кууп ийип, ордуна эч кандай тажрыйбасы жок адамдарды жөнөтө баштады. Ушул жагын Өмүрбек Чиркешович, катуу маселе коюп койсонуз. Керек болсо ушу жерге баарыбыздын атыбыздан "биз ушу парламентти кармап туралы деп чечтик" деп жаткан Отунбаева келип мына бул жерде трибунадан айтчу сөзүн айтсынчы. Анан экинчиси, Америкадагы посолубузду дагы кабинетинен айдап

чыгышты. Венадагы, кечээ кечиде Указда айтып атат, 5 мамлекет плюс ОБСЕдеги элчибиз. 20 жылдан ашык дипломат болуп жүргөн кишилер азыр талаада калды. Ушунча жылдан бери тармакташып, баардык иштерди түзүп келе жаткан кишилерди алып-салып, азыр ордуна жаны кишилерди жөнөтүп атышат. Пока алар жаңы тармак түзгүчө биздин 5 жылдык мөөнөтүбүз дагы өтүп кетет. Экинчиси-урматтуу Өмүрбек Чиркешович, ратификациялар жөнүндөгү мыйзамдар, адегенде биздин комитеттен, депутаттардын талкуусунан өтүп, тиешелүү чечим чыгып туруп, анан жалпы депутаттардын сунушуна келиш керек. Аппарат мыйзамдарды таратардан мурда бир сыйра депутаттар менен кеңешип койсо жакшы болот эле. Рахмат. Мен жана айттым-Роза Исаковна бул жерге келип айтып берсинчи. Эмнеге эле элчилердин баардыгын саманга окшотур сапыра баштады.

**Ө. Текебаев:** Урматтуу депутаттар, биз күн тартиби боюнча иш алып барсак. Комитеттер тиешелүү маселелерди өзүңүздөр министрлерди чакырып, ушу маселени официалдуу коюп, силерге элчиликке кандидаттар келип, консультациядан өтүп кетип атат. Ошол кезде Окмөткө официалдуу макул деп гана койбостон чечимиңерди берип, калганын токтото тургула, тажрыйбалуулар барсын деп айткыла. Менин билишимче ошо Венага да өмүрүндө дипломат болуп иштебеген бирөө кетип жатыптыр. Ушуларга комитеттен принципиалдуу оюңуздарды айтсаңар. Палатага алып чыксаңар биз колдойбуз. Ал эми, күн тартибине кирген маселелер боюнча, урматтуу депутаттар, биз жаңы баштагандыктан, апрель айында биз 20дай мыйзамдын долбоорун киргизгенбиз. Ал мыйзамдын долбоорлору өткөн созывдагы парламенттин комитеттеринде каралган. Правопреемственность болсун, анан 3 күн иш токтоп калбасын деп ошолордун күн тартибине киргизгенбиз. Муну комитеттер кайрадан карап чыгып, кошумча сунуштарды киргизсеңер боло берет. Бүгүн Дооронбек Садырбаев киргизген мыйзамды карасак. Дагы бир 4 законго Өкмөт өкүлдөрүн чакырып койдум-бул граждандык кодекске өзгөртүү киргизүү, "Массалык маалыматтар каражаттары боюнча" законго өзгөртүү киргизүү. Анткени, булар кичинекей закондор. Өткөн парламенттин комитеттери караган. Угабыз, жакпаса кайра артка жөнөтөбүз.

Кайра комитеттерде карайбыз. Биз мыйзамдарды алганда тезирээ киришибиз керек. Күн тартиби боюнча, кечирип коесуздар. Депутат Мукашевди мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетке мүчө кылып дайындоого шайлоо боюнча сунушту мен добушка коем. Добуш бериниздер. Ар бир депутат сөзсүз түрдө бир комитетке мүчө болуш керек. Ага эч ким отказ бере албайт. Мен бул маселени дагы бир жолу перерывдан кийин кайра коюп көрөм. Биз күн тартиби боюнча Дооронбек Садырбаевдин киргизген мыйзам долбоорун талкуулап жатканбыз. Сөз депутат Мурзубраимовго келип токтогон.

**Б. Мурзубраимов:** Урматтуу депутаттар, бул маселе мына бир жумадан бери каралып жатат. Бир жыйынтыкка келбей жатабыз. Анан, чынын айтайын Дооронбек Садырбаевичти абдан урмат кылам, сиздер сыяктуу эле урмат кылабыз баарыбыз. Коюлуп жаткан маселе резонный. Себеби Президенттикке талапкер болгон адамдардын укуктары, мүмкүнчүлүктөрү, пайдаланган шарттары – баардыгы бирдей болсо туура эле. Бирок, мен бир нерсени баса белгилегим келет, эмне үчүн 15 жылдан бери мурдагы Президент ушундай мүмкүнчүлүктөн толук пайдаланган ага анча-мынча каршы болсо дагы, бирок толук мүмкүнчүлүктөн пайдаланган. Мурдагы кызматында иштеп жүрүп эле Президенттик шайлоолордон өткөн. Бул аздык кыла турган болсо, мына коңшу мамлекеттердин баардыгы, мен баардыгын санап отурбайын, Украинадагы Премьер-министр, Россиянын Президенти, Премьер-министри өткөн шайлоодо ушул укуктан толук пайдаланган, ал эле эмес, өткөндө суроо иретинде дагы айттым эле, Американын Президенти Джорж Буш дагы ушул укуктан пайдаланган. Азыркы ситуация оор болуп турганда, кыйын болуп турганда ушундай зарылчылык менин оюмча жок деп эсептейм. Эгерде ушул закондун демек Премьер-министрликти өткөрүп туруп Президенттикке шайлансын десе – бул көп кошумча проблемаларды пайда кылышы мүмкүн, тагыраак айтканда эгер биз көпчүлүк добуш менен Дооронбек Садырбаевичтин проектисин өткөрө турган болсок, ага баары бир Президенттин милдетин аткаруучу Указга кол коюш керек, вета болушу мүмкүн. Конституциялык сотко кайрылышы мүмкүн. Бул жерде Конституциялык маселелер боюнча

Комитеттин Төрагасы дагы айтты, бул коюлуп жаткан маселе Конституцияга карама-каршы келет деп. Демек, Конституциялык сот 6 айдын ичинде бул маселени кайра карашка туура келет. Президенттик шайлоонун болушуна болсо бар болгону мына бир 2 жарым ай убакыт калды. Ошондуктан бул талаш-тартыш, ашыкча проблемаларды пайда кылат дагы, бизге, жалпы элге стабилдүүлүктү алып келбейт. Ошондуктан дагы бир жолу урматтуу депутаттар, урматтуу Дооронбек Садырбаевич, ушул маселени бир жакшы таразага салып көрсөк дагы, туура, бул келечектин иши, ушул коюлган маселе балким кийинки Президенттик шайлоодо абдан туура болоор, ага чейин өзүбүзгө келип алалы. Стабилдүүлүк калыбына келсин. Бул Президенттик шайлоодо Бакиев Курманбек Салиевич өзүнүн ушул Премьер-министрлигин тапшырбаса эле өтүп кетет же өтпөй калат деп айтыш кыйын, административдик ресурстарды пайдалануу азыр абдан эле кыйын. Мисалы мен Ош шаарындагы болгон шайлоодо өзүм дагы көрдүм, мына вице премьер талапкер катарында койгондо административдик ресурстарды пайдаланганы менен жалпы шайлоочулар ага барган жок. Жалпы результаты дагы көрсөтүп жатат. Азыр мурдагыдай администартивдик ресурстарды кенен-кесир пайдалануу өтө эле кыйын. Баардык райондордон, шаарлардан, тиешелүү округдардан көрдүк. Ошондуктан эми муну конечно депутуттар чечет. Бирок азыркы ситуацияны азыркы абалды эске алып, бул сунуш кылынып жаткан долбоорун мен колдойм жана депутаттар дагы ушуну туура кабыл алышыңыздарды, туура талкуу жүргүзүп, добуш бергенде ушуну эске алууңуздарды суранам. Рахмат.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Сариевде.

**Т. Сариев.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар. Мен ушул маселе боюнча уруксат берсеңиздер орусча сүйлөп коеюн дедим эле. Тот вопрос, который внес Дооронбек Садырбаев, носит двойную нагрузку. С одной стороны, юридическая нагрузка. Да, в мировой практике такой нормы я считаю нет. Мировой практике. Потому что во многих странах действющий президент, который идет согласно закона, на второй срок, он с себя не складывает полномочия и он на равных участвует с другими кандидатами и народ выбирает своего президента. Но

в нашем случае момент немножко другой. Вот давайте вспомним с чего же началась смена власти? Смена власти в основном началась после первого тура, когда мы проголосовали или когда прошли по выборам в Жогорку Кенеш. И основное недовольство народа было то, что во время в первого тура в Жогорку Кенеш, были нарушены многие законы, в том числе Кодекс о выборах. Был использован административный ресурс. Отсюда началось народа. В итоге мы получили смену власти. Пришел на руководящую должность исполнять обязанности Президента, Премьер-министра лидер оппозиции в того времени Курманбек Бакиев. Сегодня мы стоим в преддвери выборов Президента. Я хотел бы сказать, что любой закон или любое действие, тем более, законодательного органа не должно быть направлено против одного человека или же увеличивать, или одного человека. Исходя из этого, я думаю, этот вопрос больше моральный, чем юридический. Если человек боролся против административного ресурса, и он сказал, что прошедшие выборы прошли не честно в некоторых округах, были использованы черные технологии, сила власти, а мы боремся против этой системы, то тогда же как быть, если, придя к власти, он хочет опять же повторить эти же ошибки и идти на выборы? Вот давайре просто посмотрим, что же произойти, если после первого тура разница будет небольшая, или же после второго тура будет разница небольшая, и кто-то из них выиграл, то есть Премьер-министр, который исполнял обязанности Президента и который участвовал на выборах, тогда вторая сторона выйдет и скажет: слушайте, был использован весь административный ресурс, выборы прошли не честно, мы не признаем итоги выборов. И что тогда? Те люди, которые не признают итоги выборов, придут, займут Белый Дом? Вот чтобы избежать это, я думаю, сегодняшний Премьер-министр должен сказать: правы те депутаты, которые хотят сократить сроки и сделать не 60 дней, а 45 дней, то есть еще полтора месяца или чуть больше месяца, он за это время немножко укрепит исполнительную власть, вертикаль власти, установится определенный правопорядок, все органы начнут нормально работать, он подготовит все свои документы, и со дня регистрации он должен сдать должность Премьер-министра и

идти на выборы на равных условиях с другими кандидатами. Это вот чисто моральная сторона. Да, по юридическому моменту мы можем сейчас долго спорить. Мы сейчас будем апеллировать и к Конституции, и к опыту других стран, и к действующему Кодексу, что он не подпишется. Я думаю, решение вопроса где-то посередине. И от этого Курманбек Салиевич выиграл бы больше и приобрел бы больше поддержки народа, чем он проиграл бы, сдав должность Премьер-министра. Поэтому, я думаю, вот этот диалог должен быть открытым, честным и с точки зрения вопросов законности мы не должны спорить. Иначе, я вот чувствую по настроению палаты, одна сторона поддерживает, другая сторона не поддерживает. Чтобы вот этот момент убрать, я думаю, Премьер-министр должен сам принять решение и помочь и Жогорку Кенешу, и обществу. Хотим мы или не хотим – административный ресурс будет работать. Но тот человек, который придет на полтора месяца или чуть более, на два месяца, он должен никаких мер не предпринимать по кадровым вопросам, по другим вопросам. То есть, это должно быть его обязательство, он будет техническим Премьер-министром, который будет решать только оперативные хозяйственные вопросы в течение отведенного времени. И когда изберем нового Президента, уже он как Глава государства предложит новую структуру власти, то есть новую структуру Правительства и кандидатов на пост Премьер-министра, министров. Я в своем выступлении хотел бы обратить ваше внимание именно на этот аспект. Здесь можно очень многое говорить, красиво говорить, но суть проблемы в этом. Если мы сегодня закон не можем принять, мы должны принять, я думаю, обращение на имя Курманбека Салиевича исходя из сложившихся обстоятельств, что Жогорку Кенеш рекомендует именно вот такой подход. Если он примет, я думаю, это будет на пользу человека, который претендует на пост Главы государства. Все-таки он должен знать не через административные ресурсы, не через использование других ресурсов, которые дает власть, а именно поддержка народа, понимание народа дает мандат человеку говорить от имени народа и определять внешнюю и внутреннюю политику в

течение пяти лет, на который мы избираем Президента. Спасибо.

**Ө. Текебаев:** Сөз депутат Мукашевде.

**М. Мукашев.** Согласно, пункта 3 статьи 43 Конституции Кыргызской Республики, действующей Конституции, Президентом Кыргызской Республики может быть гаржданин Кыргызской Республики не моложе 35 лет, не старше 65 лет, владеющий государсвенным языком и проживающий на день в Кыргызстане не менее 15 лет. Вот 4 ограничений, которые являются основой для избрания Президента Кыргызской Республики. Безусловно, есть вопросы дееспособности и вопросы судимости. Исходя из этого действующая Конституция не дает других ограничений для гаржданина Кыргызской Республики быть избранным Президентом нашей страны. Я хотел бы вернуться в ракурс маленькой истории, который имеет отчет с 24 марта текущего года. Революция, как бы его не называли, это воле изъявлении нашего кыргызского народа. Революция – это не только изменение общественно-экономической формации. Она является и исходом перемен, который желает народ, предопределила две главные вещи, что так жить нельзя. Требование народа исходили из главных четырех постулатов: уход Президента Кыргызской Республики первого. Избрание нового Президента и нового парламента. В связи с этим хочу сказать, что в тот период правовым таким статусом было решение Верховного суда Кыргызской Республики больше по политическим соображениям касающие главного вопроса – полномочия Законодательного собрания, полномочия СНП были продлены до 14 апреля 2005 года, о преждевременности факта регистрации депутатов нового созыва. Эта дало возможность избежать двух вещей в области конфронтации. Мы создали не вакуум, а избрали, назначили Премьер-министра Кыргызской Республики, который стал исполнять обязанности Президента. В этом отношении, полемика, безусловно, есть. Ведь противостояние старого и нового парламента носило не онтогонистический характер. Он носил правовой характер, и хорошо, что мы из этой ситуации вышли с честью. В связи с этим была ли необходимость и имело ли место противоречие между новым и старым парламентом?

Безусловно, да. Новый парламент сделал переназначение Премьер-министра, определил новую дату выборов. И я думаю, что делегация парламента в Москву и взятие заявление это был очень правильный шаг, который направила на ситуацию в лоно правового поля. Это я считаю правильным. Но, если пртиворечие между личностными отношениями некоторых политиков, безусловно, да. Кто-то поддерживает одну сторону, кто-то другую – это гаржданская позиция не только депутата, а каждого гражданина Кыргызской Республики. Но что может случиться в следующей ситуации? Допустим, что Премьер-министр слагает свои полномочия. Тогда и слагается исполнение обязанности Президента. То кто в этом случае становится исполняющим обязанности Президента? Спикер Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. Вот здесь тоже заложен тот комок, который может создать дестабилизацию. Далее, я хотел бы коснуться и следующего вопроса, который имеет принципиальное значение. Безусловно, сегодня парламент недоволен теми кадровыми перемещениями, которые происходят в новом Правительстве. Я тоже недоволен отдельными личностями, которые работают. В частности я недоволен работой исполняющего обязанности Вице-премьера Данияра Усенова. Его популизм, его волюнтаристические решения создают не стабилизационный фон в республике. В частности я хотел бы привести некоторые данные, когда утверждают, что от 500 до 1000 долларов получали проверяющие со стороны налоговых органов. А было 15 тысяч проверок, вот какая сумма уходила. Кто доказал, что именно указанные суммы и столько проверок?

Второе, заявление его о том, что в 2003 году процентная ставка в Кыргызстане составляла 38-42 прцента, а с приходом Казахского банка стала 28 процентов. 2003 году среднепроцентная ставка как по инвалюте и по сомовым составляла 21,5, в 2004 году – 20,4 прцента. Вот такие заявления и выражение однобокого в отношении казахских внедрений банков, я считаю,неправильным. Я об этом хотел бы открыто заявить, и вы должны тоже понять. И его заявление о том, что схемы нарисовал, таким образом, как перекрыл 2 миллиона получала семья. Я сделал итог, это тоже популизм, который не

имеет никакой основы. Вот эта тема, которая мне не нравиться. Но у вас у каждогоесть кнопка. И если я убеждаю вас, о том, что да, наверное, это правильно, это и есть тот консенсус, который мы достигаем в работе Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. Далее, я считаю что, не надо поддерживать то предложение, который внес депутат Садырбаев. Вот мы были в одном движении "Ата-Журт" – Текебаев, Мадумаров, Садырбаев, Мукашев, Масалиев. Движение мы сделали, все нормально. А когда кто-то получил что-то, движения начинает распадаться. Отунбаева там же была. Видимо здесь тоже человеческий фактор не чужд, и поэтому в целях стабилизации ситуации в Кыргызстане, мы должны сегодня создавать такое поле, которое давало бы гражданам высказать свою точку зрения. И последняя на что я хотел бы остановить ваше внимание. Уважаемые коллеги, я написал заявление что, хотел быть в комитете, который возглавляет Камбаралы Ташполотович Конгантиев, это сделано из соображения того, что уважаю этого человека, хотел бы действительно работать там. Ну, бюджетном комитете собрались корифеи кыргызского финанса, которые проводили взаимозачеты, основывали, которые проводили проверки исполнения бюджета и делали все хорошо, по внешнем, по внутренним долгам. Люди которые были зам. Руководителями администрации Президента. Вот я не хочу с ними быть в одной комитете. Это мое публичное заявление. Пусть они знают об этом. Я буду открыто говорить. Для нас есть другие законы, которыми мы должны заниматься сегодня. Закон "О республиканском бюджете на 2005 год" требует неотлагательного рассмотрения. Мы не знаем исполнение бюджета по итогам 1 квартала. Там внутренний, внешний долг заложен 6,8 миллиардов 38%. Там сидят Жибек-Жолу, Европейский банк реконструкции и развитии, там сидят, нашими силами установленные в законном порядке, хищения. Вот этим надо заниматься. Нам надо сегодня принимать новый Налоговой кодекс. Вот чем надо заниматься – не политизировать ситуацию, который у нас имеется. Поэтому, это мое первое выступление, мне когда говорят надо выступать на официальном или на кыргызском языке – по этим вещам не

надо делать дискриминацию, каких-то иных умозаключений. Потому что это мое желание. Благодарю.

**Ө. Текебаев:** Сөз депутат Тагаевде. Ага чейин регистрация. Эки үч депутат суранып жатышат. 56 депутат каттоодон өттү. Рахмат. Каттоо аяктады.

**Р. Тагаев:** Уважаемые коллеги, я хочу начать с того, что когда начались выборы в Жогорку Кенеш депутаты ЗС прошлого созыва перед выборами внесли очень много изменений в Закон о выборах. И последнее было такое изменение – тот кто идет на выборы должен быть освобожден от государственной должности. На этот момент, я конечно не был согласен, и сейчас не согласен. Я как человек проработавший более 20 лет органах внутренних дел и работал на всех уровнях должностей. Нигде ничего не перепрыгивал. И везде свой долг исполнял. Я думаю, что нормально, ответственно все исполнял вовремя, в срок и качественно. И в этом Законе небыло учтено вот это все. И мне пришлось уволиться с органов внутренних дел. Вот эти 25, который я служил в органах внутренних дел, я отдавал все государству. Вот эту работа даже ни грамма не было учтена. А на счет административного ресурса, я хочу сказать, что вот 3 месяца, которые были определены на выборах. У меня было 6 айыл окмотов, вот эти 6 айыл окмотов я их 3 месяца практически не видел, уважаемые депутаты. Ни администрация района, не айыл окмоту практически не работали. Не создавали нормального такого момента для выборов в Жогорку Кенеш. Вот я хочу о чем сказать. Потом на сегодняшний день сложилась такая ситуация, что центральная власть ни какого влияния не имеет на нашу область. Вы сегодня посмотрите – избранные министры, и о., которые назначают своих представителей в областях, практически они не становятся. Когда туда приезжают и их хотят представить – там бойкотируют, представляют своих. Я не знаю той области, где чтобы исполняющий обязанности министра назначил какого-то своего представителя областного масштаба. И чтобы его утвердили не бойкотируя. Практически, я сегодня не вижу вот этого, уважаемые депутаты. Вот здесь на прошлой неделе говорили, давайте вызовите сюда министров, давайте назначим, чтобы они полноценно, полнокровно

работали, назначали своих. Как-то полностью отдали своей работе. Я вот за столько лет знаю, что такое и.о. И о это время провождения, а как получиться, потом утвердят ли меня, как я буду работать, может быть я не буду работать и т.д., уважаемые депутаты. На сегодня вот такая картина складывается, уважаемые депутаты. Я еще хочу сказать на счет административного ресурса. Раз до этого не было, и на сегодняшний день складывается такая ситуация, если придет новый человек на полтора месяца, безоговорочно начнется назначение новых людей. Что у нас получитсья уважаемые товарищи, сегодня не можем привести какое-то нормально русло, а тозда вот и получится полный хаос, уважаемые дупутаты. Если мы даже передадим тому человеку, который будетвременно исполнять, все равно этот административный ресурс будет в одну, во вторую или в третью сторону обязательно работать, если он, конечно, есть. А на сегодня, я думаю, практически административного ресурса как такового нет. Все это на таком формальном уровне. Поэтому, я думаю, надо оставить работать главу государства, кто бы он ни был, чтобы хоть какой-то порядок, хоть какое-то стремление к порядку было и хотя бы шло маленькое движение вперед. Если мы пойдем сегодня по тому пути, конечно,закон очень прекрасный, но не на сегодня, уважаемые депутаты. Потому что сегодня нужно заниматься, может чрезвычайная ситуация какая, вы обстановку видите, может, какие-то государственные дела, пограничные дела, инвестиционные дела и так далее, уважаемые депутаты. Я думаю, это надо все учесть и сегодня та команда, которая сложилась, и они пытаются навести порядок, пускай наводят. И поэтому я сегодня хочу внести проект и прошу Торага внести этот проект сегодня на голосование, как альтернативный. Внести в "Кодекс о выборах статьи 28 после слов " депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики" дополнить словами следующего содержания " а в случае досрочных выборов Президента Кыргызской Республики так же и на должностное лицо, исполняющее обязанности Президента Кыргызской Республики". Спасибо.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Мамыровдо.

**Р. Мамыров.**Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, биз али шайлоону баштабай жатып эле ар бир случайга эме кылып жатабыз да. Азыр уже сөз болуп жатат мына бул жерде депутат Сариев айтып кетти, эгер женилип калган жак,анан кийин заявления берсе эмне кылабыз, талашса эмне кылабыз деп али отной жатып эле. Өткөндө жанагы депутаттарды шайлоо маалында мына бул жерде депутат Мукашевге кошулат элем, аны улантып депутат Кыргызстандын гражданини болуш керек 25 жаштан жогору болуш керек и акыркы жылы, акыркы 5 жылда республикада жашаш керек деп. Ну андан башка кичинекей эмелер. Бирок ошого карабастан биз дагы киргиздик, биз эмес өткөндөгү мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары. Ошого алып барып туруп талкование берип туруп, ошол4,5 дипломат шайлоого катышпасын деп туруп, аларга талкование берип аны киргизбей койдук. Андан кийин мына бул депутат Тагаев айтып кеткендей, келип алып туруп жанагы административный ресурсту колдонот деп туруп Министрди, республикалык руководителдердин баарын иштен кетсин деп чыгардык. Т.е биз улам бара жатабызбы ар бир случайга келип алып туруп Кодекске изменение киргизип жатабыз. Бүгүн мен мисал үчүн бул жерде Дооробек Садырбаевдин Законуна бир беткей караганга каршымын да. Бирөөлөр айтып жатат бул Закондун проектисин колдогондор, бул Бакиевге каршы болуп жаткандар дегенге. Мен буга да каршымын, чынын айтканда ал андай эмес. Экинчилери ага каршы болуп жаткандар значит Бакиевди колдогондор деп. Мен ага да макул эмесмин. Себеби бул жерде биз ушул Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизип жатып кийинкилерди ойлонушубуз керек да. Мен мисал үчүн депутат Садырбаевдин киргизген башындагы 1,2 пунктуна макулмун. Ал жерде жанагы келип жаткан кандидаттар административный ресурсту жанагы транспортун, связь ушуга окшогондорду колдонбосун дегенге. Себеби ким Президенттике кандидаттыгын коюп жаткандар эми ал көп деле кембагал кишилер эмес. Билесинер. Алардын өзүнүн деген депутаттык жанагы шайлоо фондусу болот, ошол фондунун эсебинен баарысына бирдей колдонуш керек. Транспорт нанимать этеби, байланыш нанимать этеби же башка нерселерди. А калгандары мына бул Кодекстин ошол эле статьясында жанагы иш

абалынан пайдаланбасын деген статьяда бүт жазылган. Кайсы, кайсы нарушениялар иш абалынан пайдаланат деп. Ошондуктан ошол избирательный комиссиялар, центр изберком иштеш керек ошону нарушать этkenге. А биз бул жерде олтуруп алып ограничение коюп иштен кетсин деп айтып жатабыз. Мисал үчүн бул жерде дагы кетип жатат нары жагында 6 помоему обцац болсо керек, жок 3 пункт 28 статьяда. Бул жерде айтылып жатат кроме Президента и депутата деп жазылган, азыр эми депутаттарды кошуп жатабыз. Макул, мен ойлоп жатам муну деген азыр только конкретно жанагы Президенттин шайлоосуна алып келип колдонобузбу деп. А кийин эгер депутаттарды бул менен шайласак кандай болот? Анда 2 ай калганда депутаттар да өзүнүн полномочиясын тапшырып алып кетиш керек болобу? Анда 2 айдын ичинде республикада кандай эме болот. Мен буга да түшүнгөнүм жок. Андан кийинкиси. Мисал үчүн бүгүн Президенттин милдетин аткаруучу бул биринчи очередь премьер-министр. Эгер биз азыр премьер-министр иштен кетсин дейт турган болсок, анда ал автоматический президенттин милдетин аткара албай калат. Бул биринчиси. Анда деген дагы келебиз, анда премьер-министрге кандидатурасын предлогать этkenге дагы президенттин милдетин аткаруучу киши предлагать этиш керек кандидатурасын. Анда биз кийинки нарушенияга барышыбыз керек экен. Анда опять премьер-министрдин кандидатурасын президент предлагать этпесе Жогорку Кенеш сунуш кылыш керек болуп калат. Өткөндөгүдөй кылып туруп утвердить этишибиз керек. Андан кийин. Азыр көптөрүбүз айтып жатабыз, бул жерде баардыгы ИО болуп кетти ошолордун баарын бул жерге алып келип туруп утверждениеден макулдугун алсын деп туруп. Анда биз азыр эле макулдук берип кое турган болсок, макул, анан кийин ал киши полномочиясын тапшыра турган болсо, анда кабинет кетти анда бүт министрлер дагы кайрадан жаңы келген киши представить этеби. Биз азыр менимче өзүбүзгө-өзүбүз эле бир жаңы эмелерди ойлоп жатабыз да. Мен ошон үчүн ойлойт элем бул жерде кыскасын айтканда жанагы мен депутат Иманалиевдин дагы кээбир сунуштарын колдойм мындай бир комплексти алганда ошол кызмат абалынан пайдаланып жаткан жанагы жеңилдиктери

бар, тарнспорт, связь башка, башка деген жерлерин алып салып туруп, анан жанагы жумушунан кетиш керек деген жерге мен каршымын конкретно. Себеби бул биз деген кийинки, кийинки шайлоолорго дагы ушундай основание калтырып коюп жатабыз. Рахмат.

**Ө. Текебаев.** Урматтуу депутаттар, сүйлөй турган депутаттардын саны көбөйүп жатат, депутат Исабековдон кийин чек коюп коюу жөнүндө регистрация. Дагы бир жолу регистрациядан өткүлө. Жок, регистрациядан өтүп койсоңуз дагы бир жолу. Болдубу? Регистрация аяктады, борбордук микрофон.

**К. Иманалиев.** Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, биздин парламенттин тагдыры мына келечектеги кыргы элибиздин беш жылдагы тагдыры боло турган Президенттик шайлоого байланыштуу. Ал эми Президенттик шайлоонун тагдыры, биз кабыл алып жаткан кодекске байланыштуу. Биз бүгүн өткөн шайлоодогу ачуу сабактарды эске алып, Шайлоо кодексине 3 багыттагы өзгөртүүлөрдү киргизишибиз керек. Биринчиден, Шайлоо кодексинин ичинде өзүндө бири-бирине каршы келген статьялар, мүчүлүштүктөр бар, муну мен азыр айтып берем. Экинчиден, өткөн шайлоодо сабак болгондой, административдик башкача айтканда бийлик ресурсунун шайлоо компаниясына ашкере кийлигишине байланыштуу бөгөттөр жок. Үчүнчүдөн, кээ бир статьялар жазылган, бирок алардын так аткарылышы, так аткаруу механизми жазылган эмес. Ошол себептен бир эле судья ал статьяны бөлөкчө интерпретация кылат, бөлөк судья бөлөкчө интерпретация кылат. Ошондуктан менин биринчи позициям, биздин 3 депутат өзгөртүү киргизди депутат Сатыбалдиев жана дипломаттар боюнча мен муну колдойм. Депутат Сабиров ошол талапкерлердин коопсуздугун жеке телохранитель эмес, мамлекет камсыз кылсын деп мен ушуга дагы макулмун. Үчүнчү депутат Тагаевдин азыр сунушун алдым, буга дагы макулмун. Кандай өткөн кодексте азыркы мүчүлүштүктөр кеткен карап көрсөңүздөр, жанагы талапкердин регистрациясы боюнча 27-статья менен 63-статья кодексте бири-бирине каршы келет, бирөөсүн алып салыш керек. Экинчиден, шайлоо фондусу жөнүндө жазылып жатат, кандидаттын шайлоо

фондусу 1,5 млн.сом болуш керек деп “а” пунктунда жазылат, аягында жазылат 400 эле миң сом жумшалат деп. Эми депутаттын шайлоо компаниясында андан көп акча кетет, баарыбыз күбө болдук да, ушул 400 миң сом дегенди алып салыш керек бири-бирине каршы келип жатат.

Үчүнчү мүчүлүштүк, 30-статьянын 6-пунктун карасаңыздар кыргызчасында бөлөк, орусчасында бөлөк, котормодон абдан мүчүлүштүк кеткен. Андан кийинки жеке менин депутат катары кошумчам таркатып берген ошого түшүндүрмө иретинде. 28-статья Өмүрбек Чиркешович киргизген, мен ага кошумча киргизгем. Ошондой эле Өкмөт мүчөлөрү, губернаторлор талапкер болгон кызматын өткөзүп бериш керек, биз депутаттар өткөзүп бергенбиз. Экинчиден, эгерде Өкмөт мүчөсү же губернатор талапкердин шайлоо компаниясына , штабына кирсе ал дагы өткөрүп бериш керек. Себеби 3 ай бою Кыргызстандын социалдык-экономикалык турмушу токтоп калат. Эң чоң талаш азыркы Президенттин милдетин аткаруучу Бакиев кызматын тапшырыш керекпи же жокпу жөнүндө болуп жатат. Биз калыстык үчүн айтышыбыз керек, бул тагдыр экен азыркы Президенттин милдетин аткарып жатат. Биринчиден ошол шайлоо кампаниясында абал курчуйт, саясий абал курчуйт, ошого жооп берген бир киши керек, ал ордунда калыш керек.

Экинчиден, эч бир кодекс, эч бир мыйзам бир адам үчүн бир адамга каршы болбош керек. Азыр биз Дооронбек Садырбаевичтин сунушун колдосок, ага каршы багытталган болуп калат, эл бизди түшүнбөйт. Үчүнчүдөн, биздин тажрыйбада шериктеш мамлекеттердин, Россиянын Президенти отставкага мөөнөтүнөн мурда кеткенде Путин премьер-министр, бир эле убакта Президенттин милдетин аткаруучу, бир эле убакта талапкер болуп катышкан. Биз ага өзгөртүүнү мурунку боюнча калтырсак, бул калыстыкка жатпай калат. бирок ошол эле учурда биз азыркы талапкерден сурашыбыз керек, эмне үчүн 3 айда Кыргызстанда өзү 1,5 миң эле должностной лицо ушундай бар, ошонун жарымынан көбүн 3 айдын ичинде алмаштыруунун максаты барбы? Посолдорду айтып жатасыздар, мына кечээ эле болгон бир факт, мыйзам боюнча мен ал жерде иштеп кеткен жетекчи катары кайдыгер

карай албайм. Мурда күнү Өкмөт башчысынын распоряжениеси менен “Учкун” ишканасына Лободаны рекомендовать эткени келиптир, ишканада аны өткөрбөй Госфондимуществого чакырышты, мен дагы бардым. Биздин совет диреторовдор барды, Макаров өткөздү, биринчи Лободага айтты, ишкананы көтөрө турган прграммаң барбы десе: “Мен түн бою кызматымды жууп, катуу ичип койдум эле, башым ооруп жатат ушуну айтпай эле коеюнчу” дейт. Бүт совет директоровдун мүчосү “каршы” добуш берди, мына ушул дагы мамлекеттик кызыкчылыктагы көз карашпы? Ушул дагы Кыргызстандын бирден-бир мамлекеттик ишканасына болгон кызыкчылыкпы? Мына жаңы бийликтин кадр саясатынын жүзү. Ошону үчүн Курманбек Салиевич дагы түшүнүп, жакынкы 3 айда бала-бакчанын башчысына чейин алмаштырып жатпайбы, ошолорду токтотом деген убадасын бериш керек. Посолдор бизде 20-30дай эле чыныгы посолубуз бар, калганын баарын эптеп эле кызматка орноштуруп коюшкан оппозицияга кетип калбасын деп. Азыр деле ошол саясат уланып жатат, посол болуш үчүн жок дегенде бир чет тилди билсин, 5 жыл дипломатиялык стажы болсун. Менин өзгөртүүлөрүм андан кийинки 2-статья, шайлоо учурунда бүт талапкерлер менен шайлоо комиссиясы жолугушууну бир кылыш керек. Өзүңүздөр көрдүңүздөр шайлоо учурундагы эң негиздүү керектүү нерсе шайлоочулар менен кездешүү. Айыл өкмөтүнө жакпай калсаңыз, ал өзүнө жаккан талапкерди алып келет, мектептин директоруна жакпай калсаң ал өзүнө алып келет, андай болбош үчүн ситуация кандай өзгөрүшү мүмкүн? Алыскы Нарын областынан бирөө чыгат дейли, Баткенден бирөө чыгат. Нарындык талапкердин кишилери уюштурушу мүмкүн биз Баткендиктикин киргизбейбиз бийкка деп жолду тосуп. Же тескерисинче. Биздин саясий тагдырыбыз кайталанып жатпайбы. Ошон үчүн мамлекет баардык жоопкерчиликти моюнуна алып, бүт талапкерлер менен бирдей, бир эле учурда жолугушуу. Таласта да, Чүйдө да, Бишкекте да, Ошто да. Ошондо чыныгы ачык акыйкат шайлоо болот. Менин үчүнчү өзгөртүүм. 61-статьяга. Азыркы шайлоо кодекси боюнча. Тил комиссиясын Борбордук шайлоо комиссиясы бекитет, мен сунуш кылып жатам. Жогорку Кенеш бекитсин.

Себеби бул азыркы шайлоо алдындагы бирден-бир негизги саясий маселе болуп жатат. Ошол филология факультетин бүткөн беш жыл окуган мага дагы, ушул процедураны өтүш кыйын башка. Талапкерге эмес. Биз ошону жөнөкөйлөштүрүшүбүз керек. Аны саясатташтырбаш керек. Аны жөнөкөйлөштүрүш керек. Ал үчүн ошол линглистикалык комиссиянын положениесин Жогорку Кенеш бекитсин. Төртүнчү, менин өзгөртүүм. 65-статьянын 4-пунктуна ар бир талапкерди милдеттендиришибиз керек Жогорку Кенештин астына алып келип. Мен талапкер Кыргыз элинин тагдырын моюнума алууга аттанып жатып, жеңилип калсам мен жолду тоспойм. Мен жеңилип калсам бийликтин бир дагы имаратты захват кылбайм. Мен шайлоо комиссиясынын чечимине макул болом деп. Антпесе азыркы абалды көрүп жатасыздар. Кийинки өзгөртүү бул шайлоо мөөнөтү боюнча. Азыркы учур абдан нестандартный болуп калды. Ошон үчүн туура көрсөңүздөр мурунку кодекс боюнча шайлоого талапкерлерди көрсөтүү 60 күн калганда бүтөт. Биз ошону 50 күн дейли. Дагы бир он күн мүмкүнчүлүк берели. Талапкерлер ойлонсун. Өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзсүн. Регистрацияны дагы 10 күнгө кыскарталы. Анан кол чогултуу процедурасы абдан оор экен. Ар бир 50 миң кишинин ар бири фамилия, аты паспортун жазып толтуруу. Ага 20 эле күн берилет экен. Биз ошону да 10 күнгө созолу. Ар бир талапкерге 10 күндөн убакыт берели. Каттоого выдвижениеге жана шайлоого кол чогултууга. Эң акыркы өтүнүчүм ушунун баарын бириктирип, бир мамлекеттик түзүлүш комитетине тапшырып, бир законопроект кылып ушул 29-апрелде кабыл алып берели. Көңүл бурганыңыздарга рахмат.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Бабановдо.

**Ө. Бабанов.** Урматтуу депутаттар, урматтуу Төрага, мынакей биздин парламент шайлангандан бери биерде бир топ эле чоң маселелер көтөрүлүп келатат оболу бизди легитимдүү эмес деп чыккандар болду. Биз бул маселеде баарыбыз бирге болуп, мыйзам жоболорун элге жана жаңы бийликте иштеп жаткан чиновниктерге көрсөтүп туруп легитимдүүлүгүбүздү коргоп калдык. Эми мен ойлогум келет да. Премьер-министр бизге келгенде, биз аны шайлайбызбы, бекитип беребизби же недоверие көрсөтөбүзбү деп коркуп келди эле. Биз дагы

биримдигибизди бузбай аны бекитип бердик. Эми биз чынын айтышыбыз керек. Мына Президенттик шайлоо башталды. Президенттик шайлоо башталып аткандан кийин Президенттикке талапкер киши шайлоо кодексинин эрежелери менен иштеши керек. Бардык күчүн шайлоого жумшаш керек. Анда, бийликте иштеп жаткан киши, өзү шайлоодо жүрүп экономика менен иштей албайт. Экономика менен иштебейт. Анткени “Президенттин милдетин аткаруучунун ага убактысы жок. Мен жанагы айтып кеткен депутат Мукашев менен макулмун. Анткени экономический программаны угуп жатабыз. Бул менин оюмча “жөн эле” общий фраза болуп жатат. Мынакей ипотечный кредитования дейт. Минтип, элдин баарынын башын айлантып койду. Ипотечный кредитования мынакей 15 жылда чечилбеген жилищный маселени биз силерге арзан баа менен баарын чечип беребиз дейт. Ипотечный кредитование кандай процентке берилип эмнеге айтылбайт. Кандай процентке берилет? Ошол алган квартиралары ошол 5 жылдан кийин канча процент үчүн менен төлөп бериши керек? Мен ойлойм мынакей Президенттик шайлоо бүткөндөн кийин мынакей ушул бир жыл өтпөй биз ипотечный кредитованияга кайрылабыз. Ушул ипотечный кредитования деп кыйкырып чыккан кишиге кайрылабыз. Канакей арзан баада бере турган квартираларыңыз деп? Мен ойлойм бул болсо элди алдоо үчүн жөн эле популистический заявление болуп жатат. Анткени Президенттикке талапкер кишинин убактысы жетишпей жатат. Мен ойлойм биз татыктуу президентти шайлашыбыз десек, биз программасын карап туруп ушул беш жылда эмне жумушту кайсы ишти кандай деңгээлде аткараарына карап мамиле кылышыбыз керек. Ошонусун карап туруп анан кийин шайлашыбыз керек. Муну кантип чечсек болот. Биз уже талапкерлерге тың шарт түзүп берсек гана ушинтип чече алабыз да. Ошондо гана калыс чечим кабыл алабыз. Мынакей менин алдымда бирөө сүйлөп кетти. Эмне үчүн дипломаттарды жапырт алмаштырат деп. Эмне үчүн жакшы эле иштеп жаткан бийликтеги кишилерди алмаштырат деп. Урматтуу депутаттар, эми биз көзүбүздү ачалы да. Эмнеге алмаштырып жатат? Мурунку эле баягы эле административный ресурсту колдонуш үчүн. Мурунку эле, баягы эле, командасын кайрадан түзүп

жатат. Эмнеге биз мындайга көз жумушубуз керек? Эмнеге биз ушуну айтпашыбыз керек? Биз айтпасак, эч ким эч качан токтото албайт. Президенттикке барам деген киши бийликте болсо, ал эмне кылаарын айтпаса, биз талап кылышыбыз керек эмне кылганы атасың?-деп. Ушуну токтотуш үчүн жана мынакей 24-мартта болгон окуяны жана 24-мартта эл кылган революцияны биз болсо кармап туруп ушул демократиялык деңгээлде кармап калабыз десек, мен ойлойм ушул мыйзамды кабыл алышыбыз керек. Министрлерди мен түшүнбөйм. Кайсы принципте министрлер шайланып жатат. Бул министрлердин программасы барбы? Кайсы принциптен шайланып жатат? Эмне үчүн бир эле киши келип айтыш керек ушуну министрликке шайлап бергиле деп. А эмнеге үч кандидатура көрсөтүлбөйт, эмне үчүн үч кандидатура альтернатива түрүндө программасын окуп бербейт. Мен ойлойм, мурдагы иштеп жүргөн кишилер да, мурдагы бийликте иштеп жаткан кишилердин да деңгээли жогору деп. Алардын билими жогору. Алардын мурда иштеген, мурдагы алган бардык профессионалдуу качествосун эмне кылабыз? Мурдагы бийликтин убагында алар ошо бийликтин шартына карата иштеген. Эми бүгүнкү деңгээл башка да. Аларды жөнү жок чыгарып салбай аларды да угушубуз керек деп ойлойм.

Урматтуу депутаттар, биз элибиздин келечегин ойлосок, менин көзүм жетет ушу жерде олтурган 62 депутат, шайлоочуларыбыз билет, шайлоочулар биздин элибиз болот экен, элибиз деп келип жатабыз. Элибиз ушу 15 жылда эмнени каалап келди. Ушу шайлоо таза, адилеттүү жана акыйкаттуу болсун деп. Башка эч нерсени сураган жок. Эмнеге азыркы биздин, мына азыр биздин колубуздан келип турат. Эмне үчүн биз элге шарт түзүп бере албайбыз. Эмнеге биз ушу 15 жыл бою элибиз каалаган мыйзамды алып бере албайбыз. Биз азыр кыйын учурда турабыз деп айтып жатабыз. Президентти азыр шайлап алалы анан кийин ушу кырдаалдан өткөндөн кийин Президент бизге өзү мен ушундай конституциялык реформа жүргүзөм деп айтсын деп. 5 жылда, экинчи жылды да ойлогулачы. Экинчи жылда да, депутаттар айткан мына биз шайлап алалы, биз өткөрүп алалы анан кийин 2005-жылы баштайбыз деп. 15 жыл күттүк. Эми ушинтип жүрө беребизби.

Мен ойлойм, бүгүн өзгөртүшүбүз керек. Бүгүн биздин колубуздан келип турат. Менин көзүм жетпейт. 10-июлда шайлоо болот деп. Биз мыйзамды кабыл албасак, эл эки жактан тирешип калса, анткени мына мындай министрлер шайланып жаткандан кийин алар сөзсүз түрдө административдик ресурсту колдонот. Милиция, прокуратура, сот иштейт. Соттун ишин көрүп атабыз. Сот адилеттүү болбой атат. Качан эки жак тирешип калганда, ошондо биздин сөз ылдый болот. Биз шайланып келгенде жаңы депутаттарды айтты, мына бул жактан эл чыгып жаткандан кийин, бул жактан бийликти колдогондордун адамдары чыгып аткандан кийин жаңы депутаттар чыгып, ортосунда элчи болсун, ортосун тоссун, бири-бирине таш ыргытпасын деди. Биз баардык аракеттерди жасадык. Азыр да биз ошол учурда турабыз. Ошон үчүн бизге мыйзам түрүндө берилген жана ушул учур, акыбал, биздин башыбызга туш келгенден кийин, биз чын жүрөктөн билимибизди калчап көрүп ушу мыйзамды кабыл алып беришибиз керек деп ойлойм.

Урматтуу Төрага, сизден чоң суранычым бар. Ушул добушубузду ачык берели. Анткени 10-июлдан кийин мунун бардыгы айтылат. 10-июлдан кийин бул чоң сөз болот. Мен адгы таң калам. Мурда Аскар Акаев Президент болуп турганда бардык депутаттар кыйкырчы эле, баары эмес, эми арасынан көпчүлүгү кыйкырчы эле “мынакей ресурс колдонуп атат, бардыгы иштеп атат, мына ушундай болуп атат шарт түзүп бериңиздер” деп. Эми ошол эле депутаттар кыйкырып атат “жок, эми бийликте иштеп турсун, бийликте калсын, азыр тийишпейли” деп. Эмне өзгөрдү? Биз көрүп жатпайбызбы баардыгын, коллегаларыбызды да көрүп жатабыз ким кайсы жерге барып иштеп жатканын. Мен бирөөнү колдоп жаткан жерим жок. Тигини же муну эмес. Биз баарына тең шарт түзүп беришибиз керек. Анткени, эң чоң жоопкерчилик биздин парламентке келет. Ушу Мыйзамды жана башка мыйзамдарды кабыл албасак. Бүгүнкү күндө чоң маселелер көтөрүлүп жатат. Ошон үчүн мен ойлойм, бактысына жараша бирөө Президент болот. Биз Парламент катары калыс болуп бардык талапкерлерге бирдей шарт түзүп беришибиз керек. Рахмат.

**Ө. Текебаев:** Сөз депутат Эркинбаевде. Эсенамановдун ордуна кнопканы баскан экен.

**Б. Эркинбаев:** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, Дооронбек Садырбаевдин сунуш кылган мыйзамы боюнча бир топ депутаттар, өз ой-пикирлерин айтып кетишти. Мен дагы депутат катары ушу мыйзам боюнча өз ой-пикиримди сунуштайын деген ниетте чыгып олтурам. Биринчиден урматтуу депутаттар, көпчүлүгүңүздөр айтып атасыздар бул мыйзамды колдош керек жана колдобош керек деп. Баардыгына тең же тең эмес болуш керек деп. Мындай да. Революция эмнеден башталды? Ушуга көз жүгүртөлүчү. Биринчиден депутаттык шайлоодон башталды. Акаевдин бийлигине каршы, Акаев өзү чонтөк депутаттарды өткөрөбүз деп элге кысым көрсөткөндөн кийин чыкты, чатак Акаевдин камчысын чаап, баласы менен дос болгон кээ бир министрлер, азыркы Жогорку Кеңештин депутаты болуп отурган инсандар шайлоочуларды акча менен сатып алып, азыр дагы убактылуу бийликке кызмат кылганга аракет кылып жатат. Арабызда олтурган Акаевдин камчысын чаап жүрүп, Акаевдин демилгеси менен өткөн депутаттардан жок дегенде адамдык сапатын сакташты суранам. Биринчиден – согушта да жеңилгендер, пленге түшкөндөр кол көтөрөт. Мен убагында тиги бийликке кызмат кылдым эле, эми бул бийликке кызмат кылууга оюм бар деп. Ошондуктан урматтуу депутаттар, көпчүлүгүңүздөр Акаевдин убагында ага жан-дилиңер менен кызмат кылганыңыздарды эч кимиң тана албайсың. Сиздердин шайлоочуңуздар, карапайым эл мунун барын жакшы билет. Ошондуктан, бул жерге чыкканда айткыла – "айланайындар, мен Акаевдин убагында депутат болдум эле. Эми капа болбоңуздар, бийлик деген ушундай экен. ... "Мен бийликтин кулумун, эми азыркы бийликтин көңүлүн тапканга аракеттенип жатам" – деп туруп, сүйлөөрдөн мурун бетиңерди, жүзүңөрдү ачып койсоңор жакшы болоор эле. Мурунку Мыйзам чыгаруучу палатада Шайлоо кодексин кабыл алып жатканда көпчүлүк депутаттар өзүңүздөр каалаган сунушту өткөргөнсүздөр. Биринчиден мына ошондо көпчүлүк депутаттар сунуш кылгансыздар, Шайлоо кодексине баардыгына тең калыс болсун үчүн шайлоого министрликтен кете турган, губернатолуктан кете турган болуп

туруп, баардыгыбыз бирдей шартта баралы деп, мына бул жерде отурган кээ бир мыйзам чыгаруучу депутаттардын ушул законго кошкон салымыңыздар бар, демилгеңиздер бар. Ошондо көпчүлүгүңүздөр кол көтөрүп добуш бергенсиздер. Ошондо айткансыздар эгерде биз баардыгыбыз тең болбосок чыр-чатак чыгышы мүмкүн деп. Ошондуктан, кээ бир министрлер, губернаторлор, кызматта иштегендердин баардыгы арызын жазып иштен чыгып биз менен тең катардагы талапкер катары шайлоого болуп барышкан. Мына ушуну эске алсаңыздар. Ошондуктан мен айтайын, 10-июлда Президенттик шайлоо болот. Кыргыз мамлекетине, кыргыз элине кызмат кылам деген эр азаматтар ушул 5 млн.калкы бар, кыргыз мамлекетинин жүгүн мен көтөргөнгө жараймын деп арабызда отурган депутаттардын айрымдары дагы барат. Кыргыз мамлекетине кызмат кылам деген эр-азаматтар чыксын, алар 5 болобу, 10 болобу, канчалык көп болсо, биз ошончолук сүйүнүшүбүз керек. Себеби биздин Кыргыз мамлекетине кызмат кыла турган болгону бир-эки киши эмес,жүздөгөн киши бар экен деп. Ошондуктан мен ойлойм, Дооронбек Садырбаевич сунуш кылган мыйзам негизинен туура, бүгүнкү күндө талапка толук жооп берет. Эми дагы бирдемени айтайын, мына кимдин мүмкүнчүлүгү кандай, программасы кандай Президент болом дегендерди эл өзу таңдасын, эл өзү электен өткөрсүн. Ошондо бир талапкер Президенттик милдетти аткаруучу, Премьер-министр болуп барса, турган кызматы менен калгандары жөнөкөй катардагы талапкер болуп барат. Мына ошондо кимдин мүмкүнчүлүгү канчалык деңгээлде өзгөрүлөт? Андай болгондо ким кепилдикке ала алат мынабу азыркы Премьер-министр административный ресурсту пайдаланып, фальфикацияга барбайт деп. Калган талапкерлер элди көтөрбөйт деп ким айта алат? Бул депутаттык мандат эмес, бул элдин, мамлекетинин тагдырын чече турган чоң мандат болуп жатат. Мына, кичинекей депутаттык мандат үчүн кыйла эл уруу-урууга бөлүнүп, улутка бөлүнүп атып абалды бөлүп эмнеге алып келдик. А эгер эртең талапкерлердин бардыгын бирдей шартта болбосо, кагылыш чыгып кетиши дагы ыктымал. Уткурган талапкер-“мына бул Премьер-министр убагында административдик ресурсун пайдаланып элди түндүк-түштүк

кылып бөлүп салды деп чыкса эмне кылабыз? Муну баарыбыз билебиз, түшүнүп эле турабыз, бирок айткыбыз келбейт, өз ара топ-топ болуп сүйлөшкөндө айтабыз, мына бул түндүктүк, мына бул түштүктүк, эртең шайлоодо биз түндүккө же түштүккө беребиз деп. ошондуктан эгерде келечекте Кыргыз мамлекетин, кыргыз элин сактап калгыбыз келсе, ар бир талапкер өзүн элдин астындагы салмагын, баркын биле турган деңгээлге түшүрүп беришибиз керек. мына ошондо мына бул жерде отурган ар бир депутат өзүн кыргыз мамлекетинин келечеги үчүн кызмат кылам деп эсептесе болот. Мына мен дагы бирдемени айтайын: 24-мартта төңкөрүш болду. Депутаттар өзүбүз регламентти, Конституцияны бузуп, тайное голосованиенин ордуна биз открытое голосование кылып бердик. Эмне үчүн биз муну – кетирген кемчилигибизди, мыйзам бузганыбызды мойнубузга албайбыз. Эмне үчүн бүгүн кызмат келсе же бирөөнүн жеке өзүнүн кызыкчылыктары болсо, а биз чуркап барып туруп ушул нерсеге барашыбыз керек? Кана биздин элдин астына бере турган убадаларыбыз, элдин астында айткан сөздөрүбүз кайда? Кимдир бирөөнө бийлик өтө керек болсо ачык эле айтпайсыңарбы – “урматтуу депутаттар, мага бийлик эле керек, менин тууганымдын, озүмдүн кызыкчылыгыбыз бар, ошон үчүн мен бул законду колдогонго каршымын” – деп. Себеби мына бул жерде көпчүлүк отурган депутаттардын арасынан өткөндө айрымдарыңар Дооронбек Садырбаевге дагы тийишип кеттиңер, эмне себептен шайлоо убагында өзүңүздөрдүн кызматтык машинеңизди минип жүрдүңүз деп. Садырбаев минсе бир машине миниптир, а дагы мыйзам чегиндеги иш экен, а өзүңөр эмне кылдыңар. Өзүңөр башкарган бүткүл министрликти иштетип, бюджеттин эсебинен эмнелерди гана таратпаганыңарды биз көргөн жок деп ойлосоңор жаңылышасыңар. Биз бардыгын көрдүк. Настаивать этсеңер, аты-жөнүңөрдү деле айтып берем. Бирөөнүн башындагы чөп жөнүндө айтыш үчүн Дооронбек Садырбаевке сөйкөнгөнчө Келдибеков мырза өзүнүн башындагы төөнүн аргасын таап алса жакшы болоор эле. Мына, Куршаб шайлоо округу боюнча мына мен кыйынмын, мен элди көтөрдүм эле эл шайлап койду дагы бирөө чыкты деп. Мына ушулар дагы мурдагы мыйзам

чыгаруучу депутаттар. Урматтуу депутаттар, кээ бирөөлөрүң шайлоодо таза уткузуп койсоңор дагы уруу-уруу кылып бөлүп-жарып Куршабда кыргыз же болбосо бөлок улуттардын ортосуна чок таштап, күч, зордук менен келгендерге, эскертип коюон, мына шайлоо Кодексинин 46-статьясында 4-пунктунда жазылган: **"Эгерде шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылса, шайлоо округу боюнча шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Бүтүндөу алганда шайлоо округу боюнча шайлоонун натыйжасына таасир эткен шайлөо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда, шайлоо участкасында эки жумалык мөөнөттө кайра добуш берүү жүргүзүлөт"** – деп. Мына мынабу жерде мурунку ошол мыйзам чыгаруучу депутаттар ушуну колдоп, ар бирине үтүр, чекитине чейин бекитип бергенбиз эми, кээ бирки бир-эки округдан, эки жарым миң, үч миңден добуш уткуруп койгон депутаттар өзүлөрүнүн жазган законун окуп койсо жакшы болот эле. Ошон үчүн карапайым элге, ошол шайлоо округунан шайлоочуларына айтаар элем, ушул статьяны окуп туруп, анан ким чыныгы депутат болуп шайланганын билип алганыңар түзүк болоор эле. Эми мына бул президенттик шайлоо боюнча Дооронбек Садырбаевдин жана Өмүрбек Чиркешовичтин сунушуна кошулуп, мына бул пункт 2, статья 28-ге дейт, кошумча "Премьер-министр, Спикер, члены Правительство, руководители областных государственных администраций должны уволняться с занимаемой должностей если баллотируется в Президенты Кыргызской Республики" деп мен дагы кошуп койгум келет, бир эле Өкмөт башчысы эмес, Өкмоттүн эмес, биздин Төраганы дагы кошуп койсок ошондо адилеттүүлүк болоор эле деп ойлойм. Ошондуктан урматтуу депутаттар, менин сөзүмдүн аягында айтаарым – акылга келелик, келечек али астыда. Ошон үчүн жеке кызыкчылыктарды дагы, кызмат, ачык эле жанагы подхалимчилик кылганды дагы токтотолук. Өшондуктан Өмүрбек Чиркешович, урматтуу депутаттар, ушул мыйзамды карап бүткөндөн кийин муну тайное голосованиеге алып барышты мен сунуш кылам. Себеби ачык добуш бериштен кээ

бир депутаттар коркот, мен ачык айтып коеюн, эртең Өкмөттүн мүчөлөрүнүн астына ким кандай добуш берген кагаз барып түшөт. Ошондуктан кээ бир депутаттар ичинен чындап эле колдогусу келгени менен коркуп атат. Элдин баары эле Текебаев же Садырбаев эмес да. Ошондуктан жашыруун түрдөгү добуш беришти мен суранамын. Рахмат көңүл бурганыңыздар үчүн.

**Ө. Текебаев.** Урматтуу депутаттар, депутат Турсунбаевден кийин чек коюлсун деген сунушту добушка коем. Сүйлөөчүлөр көбөйүп кетип жатат. Проңедуралык сунуш өттү. Урматтуу депутатар, сөз мага келди. Мен эки мүнөт сүйлөп койсом. Шайлоонун чатагы адилеттүү эмес өткөндөн чыкты. Биз кыргыздар бөрк ал десе баш алабыз. Азыр кызматка коюлган адамдар баары "и.о." болуп отурат. Ушул Президент калса биз кызматта калабыз, жаңысы келсе кетебиз дейт. Иштебе десе дагы болбой иштейт, өзүнө иштегендей иштейт. Туура эмес иштерди жасайт. Ошонун баарын атаандаштын байкоочулары көрөт, протокол түзөт, баарын жыйнап ташып алып келет штабга. Мына ошондон чоң чатак чыгышы мүмкүн. Биздин алдыда боло турган Президенттик шайлоонун ушундай чоң коркунучу бар. Адилетсизден улам дагы чоң толкундоолор чыгышы мүмкүн. Биз мына ушул толкундоолорду жоготушубуз керек. Эң биринчи чоң ишибиз – бул Президент Акаевдин отставкасын алып, мыйзамдуу кезексиз Президенттик шайлоолорду дайындадык. Мына кечээ Жогорку Кеңешке ОБСЕнин действующий посол – председатели келип кетти. Ошол урматтуу туугандар, биздин тигил отставканы алып, Президенттик шайлоону законду кылып дайындаганыбыздан: "Парламент принял героическое решение" деди. Бул эл аралык чоң бакыйган организациялардын баасы. Бизди ар ким ар кандай деп критикалап жатат. Бул айтып жатат "героическое" деп. Почему героическое? Анткени биз өзүбүзгө каршы чечим кабыл алдык, эл жактырбай турса дагы алдык. Эл жактырбай турса дагы алдык. Өзүбүз үчүн эмес, мыйзамдуулук үчүн. Келечекте ушул чыр-чатактын булагы болбосун, мыйзамсыз эле деп утулуп калган бирөө көтөрүп чыкпасын деп кабыл алдык. Мына азыр дагы биз экинчи чечим кабыл алышыбыз керек. Административдик ресурс пайдаланылбасын деп. Бизде

мыйзамда пайдаланылбасын деп жазып койгонубуз менен Европадагыдай кылып, биздикилер айтпасаң деле жасап кое берет. Эртең ушул капа болуп калбасын Президент болуп калса дечи. Мына Европада аялы башка бир фирманын эсебинен, жеке фирманын эсебинен поездкага барып койгону үчүн министрлер отставкага кетип жатат. Ушул кайсы бир жерде Премьер-министрдин фондунун эсебиненби аялы бир кичинекей неме алып койгон экен, үйгө супермаркеттен продукты, ошонусу менен министрби, Премьер-министрби отставкага кетти. Кайсы жерде? Чехиядабы? Жөн эле карточкада ушул Өкмөттүн Төрагасынын фондусу бар экен. Майда-чүйдө нерсени алып неметкенге, представительский. Ал жакта калк ушундай, салт ушундай. Ошондуктан ал жерде Өкмөт башында турсаң дагы шайлоого катыша бер, анткени баарына бирдей шарт түздүк дейт. Бизде андай болбойт, бизде басып калышат. Мына азыр басып жатат бардык жердечи. Ошондуктан биз муну кийин чатак болбосун деп кабыл алып жатабыз, административдик ресурсту пайдаланып алды деп эл тынчый турган кылып кабыл алып жатабыз. Көбү айтат бул Премьер-министр кетип калса эмне кылат. Кетпесин, аны ким кет деп жатат. Ал Кыргызстан үчүн, стабилдүүлүк үчүн, ал кетип калса дагы жаңысы келет, кайра баары кайрадан депутатка чейин шайланат деп көбү переживать этип жатат, ал кетпесин. Сен жигит болсоң, Кыргызстан үчүн күйсөң кетпей туруп бер, сен кетсең дагы дестабилдештирелик этет экен деп сураналык. А жок кетип калгысы келсе, анда биз маселени бүгүнтөн чечишибиз керек. Бүгүн кетем деп айтсын, биз закон кабыл алалык. Дароо кол койсун. Анан кийин биз ошого жараша чыр чыкпай турган, чырдын башы мына ушундан чыгат. Чыр башка Премьер келип анан бүт министрлерди алмаштырбасын деп ага мораторий жарыялап коебуз. Ушулардын ичинен Даниярдыбы же башкасынбы, ушулардын ичинен отурган бирөөсүн коебуз. Бул бир команда. Ошондуктан урматтуу депутаттар, биз бул маселени жөн эле бирөөгө чек коюп коелук, бут тосолук деп эмес, эл шайлоонун адилеттүүлүгүнө ишенсин, чыр чыкпасын, келечекте биз баарын ушул мыйзамдын чегинде бүтүрүшүбүз керек деп жасап жатабыз. Чырдын башы дагы эмнеден чыгат? Акаевдин

колунда эбегейсиз бийлик болгон. Ал принцибинде бул жактан Эркечтамдан баштап, мына бул жерден Казакстанга чыккан жерге чейинки таможенный посттун ар бир таможеннигин кое алган өзү эле. Бул жагы Торугарттан баштап Маймака чейин кое алган, эми башкалар деле ушундай болгон да. Бүт баарын бир адам чечкен, анын жакындары чечкен, достору чечкен. Мына ошол бийлик бүгүн коюлуп жатат. Ушул бийликтин бир адамга өтүп кетишин бүгүн эч ким каалабайт. Ошол эски тартип иштешин эч ким каалабайт, детсаддын директоруна чейин бир киши ушул жерде ошол команданын алмаштырылышын. Мына чатактын башы ушундан. Ошондуктан, биз мына депутаттардын көбү конституциялык реформа кылып, ушул бийликти бөлүштүрүп коелу. Бир адамга, бир группага ушундай эбегейсиз, бесконтрольный бийлик кетип калбасын. Эгер бөлүнсө элдер чыр-чатак чыгарбайт, башка группалар деп биз-депутаттар сиздер сунуш кылып жатасыңар, граждандык коом ушуну сунуш кылып жатат. Эми конституциялык жыйын чакырганда ушуну менен чечебиз. Көрдүңөрбү, биз элге айтабыз: “Жок, бул бир командага кеткен жок, илгеркидей болбойт. Мына биз бөлүштүрүп койдук горизонталь боюнча, бири-бирин көзөмөлдөйт. Вертикаль боюнча бөлүштүрдүк. Жер-жерлерге мына мындай бийлик бердик” – деп айткандай болобуз. Экинчиси, анан мына бул болот, адилет болот. Административдик ресурс иштебейт. Биз мына мындай чек коюну алдык деп мына ушул 3 чараны коюп берсек, биз келечекте Кыргызстандын стабилдүүлүгүн сактаган болот элек. Мен, мисалы, Баяман Гавусовичтин айткан сөзүнө кошулам. Ушул жерге келгиле спикердин эки помощнигинен башка ресурсу жок, эки помощник , эки советнигинен башка, башка административдик ресурс жок. Бирок мен аны дагы кошуп коеюн өзүмдүн сунушума. Баяман Гавусович айтып калды. Биз ушундай жол менен кийинки боло турган шайлоого элдин ишенимин арттырышыбыз керек. Чыр чыгарганга мүмкүнчүлүк кенедей дагы калтырбашыбыз керек. Ошондуктан, ушундай сунуш киргизилип жатат. Бул бүгүн тарыхый шарттан улам келип чыгып жаткан жагдай. Эгер биз Европадагыдай болсо, же жакшынакай калк болсок буга окшогон чектөөлөрдүн кереги жок эле деп ойлойм. Рахмат көңүл бургандыгыңыздарга.

**Ө. Текебаев.** Урматтуу депутаттар, регистрация. Урматтуу депутаттар, отурсаңыздар, регистрация 56 депутат регистрациядан өттү. Урматтуу депутаттар, отуруңуздар. Сөз депутат Эшимкановдо.

**М. Эшимканов.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, биссимилда деп биз дагы баштайлы эми милдетибизди аткарып. Илгери бир кыргыз окубасам дагы оюмду айтып коеюн деген экен, мен мобул долбоордун аки-чүкүсүн жакшы түшүнө элек элем, бирок сиздерди угуп отуруп, маселе эмне жөнүндө болуп жаткандыгын билдим. Окубаса дагы оюн айткан учур азыр менимче артта калды деп ойлойм, ал баягы диссиденттердин заманында Сахаровдордун, Солжиницындин заманында болду эле. Дооронбек Садырбаевдин сунуш кылган долбоору боюнча, өзгөртүүлөрү боюнча менин оюм мындай. Ушул бардыгыбыз эле шайлоону өтүп келдик, ошол шайлоодо 3 ай жүргөндө айткан айрым сөздөрүмө азыр тилиме тибиртке чыксачы ошону айтпай деп жатам да. Мен бир үч нерсени айттым эле, биринчиси жанагы америкалык бир атактуу политолог бар Бзежинский деген, Збигнев Польшанын еврейи болсо керек. Ошол жанагы немени чыгарыптыр былтыр дүйнөдө жакынкы аралыкта 15-25 жылда дүйнөлүк картадан жоголуп кете турган мамлекеттердин тизмесин. Анан карасам Таджикистан турат кошунабыз, Казакстан турат, Өзбекстан турат жалгыз Кыргызстан жок, даже Афганистан турат. Анан анын өзүнүн билген анализдери социалдык-экономикалык геосаясий бир анализдери бар экен, анан ошондо бир жүрөгүмө коңгуроо келген, атаңды оозун урайын бул океандын ары жагындагы политолог биздин тагдырыбызды чечип жаткан турбайбы деп, ушул жөнүндө айттым эле шайлоодо.

Экинчиси, тапанданып айтканым дагы чын, Горбатый Жигловдун сөзү боюнча “Вор должен сидеть в тюрме”, деген. А трагедия Кыргызстана, “вор сидит в Белом дрме” деп. Анан азыр карасам деле ошол ворлор кайра эле Ак үйдө отурат. Мен аларга ат коюп алгам, “ак жакачан бандиттер” деп. Ошол шайлоо учурунда үчүнчү менин бир жаман сөз айтканмын болгон кузүндө ушул ситуация оңолбосо, ушул абал оңолбосо Кыргызстанды граждандык согуш күтүп турат деп. Күзгө жетпей эле биз ошонун алдын 24-мартта көрдүк. “Кудайга

шүгүр кан төгүлгөн жок" деп жатабыз. "Кудайга шүгүр граждандык согуш башталган жок" деп жатабыз. Бирок биздин ababызда, биздин мээбизде, биздин мамилебизде бул граждандык согуштун алааматын жаман караны аралап жүрөт. Депутат Данияр Усеновдун волонтаризми жөнүндө, популизм жөнүндө Мукашев Мурат агай аябай даана белгиледи. Мен айтат элем, мындан биз жалгыз Данияр Токтогуловичтин жоругу эмес, бул бүгүнкү бийликтин, Бакиев башында турган бийликтин волонтеристтик абалын биз көрүп жатабыз. Кечээ мен кечээки партиялаштарым, досторум Даниярга, Адаханга, Мирослав Ниязовго айттым: "Силер жийиркенбей ошол жакта кантип отурасыңар?" деп. Анткени биз бүгүн Акаев кетип Куловду же Бакиевди, Асанды же Үсөндү тандаш үчүн жасаган жокпуз да революцияны. Бизди система тиги түпкү тамырынан бери өзгөрүш керек. Азыр Кыргызстанда адамдардын түштүк-түндүктүн же кландардын күрөшү эмес, бул баягы "жөн эле" фон. Биздин Кыргызстанда байчылык менен кедейчиликтин ортосундагы күрөш жүрүп жатат. Адамдар, кечирип койгула катуурак айтсам, ошол кан төгүлбөй калган үчүн биздин жанагы бугубуз аягына чейин чыкпай калган үчүн эстери оoп карап турушат биздин портфель талашып, кырылышып чуркап жүргөнүбүздү. Эгерде урматтуу Бакиев чындап эле таза, адилет шайлоону кааласа, чындап эле Кыргызстанда өзгөрүү болушун кааласа, чындап эле Акаев режиминин бүт илдеттери кетишин кааласа, менин оюмча жигитче өзү келип эле, азыр өзү отставка берип, өзү мына бул милдетти аткабай эле Президенттикке барбайм деген бир азаматка жолду бошотуп, анан Кулову менен болобу, башкасы менен болобу, Баяман менен болобу ачык, адилет күрөшсө ошондо элге жагат эле. Ошондо биздин бүгүнкү кризистик абалдан чыкканга жакшы шарт түзүлөт эле. Андан дагы тереңирээк айтсам мен Феликс Шаршенбаевич менен Курманбек Салиевичти айтат элем ушунчалык эле кыргызды жакшы көрсөңөр, ушунчалык эле биз граждандык согушка бардыргыңар келбесе экөөңөр тең Президенттиктен баш тартып, Бакай атадай болуп бергилечи бизге. Мына бул клановый, саясий күрөштөрдүн үстүндө туруп, Саакашвили сыяктуубу, Ющенко сыяктуубу жаңы муунга, жаңы канга жол бербейсиңерби. Таза жигиттерди алып келбейсиңерби.

Ушунчалык ушунчалык патриот болсоңор деп айтаар элем. Жана бир коллегам айтып кетти, азыр биз жанагы технократтык, техникалык премьер дайындасак спикерге Текебаевге өтүп кетет деп. Бийлик андай эмес, менин түшүнүгүмдө ал киши элдин алдында убада берип, коомчулуктун алдында убада берсе, эч кандай кадрдык башаламандык жасабаса ал болгон 3 айдын ичинде адилет, таза шайлоону көзөмөлдөп берсе. Чарбалык иштерди жасап турса, өзү Президенттикке барам деген бир жинди оюндарды уюштурбаса ошол Президенттин милдетин аткаруучу, ошол азамат болот. Дагы бир айтаарым ушул жерде айрым коллегаларым административдик ресурс болбойт деп жатасыңар. Эми өзүбүздү өзүбүз алдап эмне кереги бар. "Алга Кыргызстандын" азаматтары көрсөтпөдүңөрбү, көрбөдүңөрбү. Мисалы, башкасын билбейм башка округдарды. Мен өзүмдүн округумда эми тири укмуштун баарын көрдүм. Акимден баштап, домкомго чейин, благоустройствосунан баштап, шаардык мэриянын бардык департаменттери менен күрөшүүгө туура келди. Азапты көрүүгө туура келди. Нервдин баарын коротууга туура келди. Анан ушул нерсенин бардыгы Президенттик шайлоодо болуп кетпейт деп ким кепилдик берет? Кайталанганда дагы 100 эселенет, миң эселенип кайталанат. Бакиев "койгула" десе болбой кайталанат. Анан эмне болот? Анан Бакиев 10-июлда келди, бир айдан же 20 күндөн кийин ант бердиби, антка чейин Кыргызстанда кан төгүлөт кайрадан. Биз эски катабызды кечээки 24-мартка чейинки катабызды, бүгүн кайрадан кайталагыбыз келип жатат. Бир себеби бирибиз Бакиевге жан тартып, бирибиз баланчага жан тартып. Кеп адамда эмес, кеп Асан-Үсөндө да эмес, кеп системаны алмаштыруу жөнүндө болуп жатат. Административдик ресурстун бир эле үлгүсүн силер КТРди көрөсүңөрбү? Кечинде койсоңор мына бул жерде ачуу сөздөр айтылып жатат, катуу сөздөр айтылып жатат, мен аларды көргөн жокмун, ушул жакка келгенче. Азыр, көрүп жатам Бакиевдик команданын жүздөрүн, Бакиевдик команданын программасын, Бакиевдик саясатты көрүп жатам. Мындай ахвал ушул боюнча кете берсе, ушул нерсе Президенттик шайлоодо кайталана берсе ошол үңкүрөп турган, адилеттик

издеп турган түндүгү болобу, түштүгү болобу элибиз кайрадан көчөгө чыкпайт деп ким кепилдик берет? Дагы бир нерсени айтайын биз кайгырып жатабыз 24-марттагы морадерлук боюнча. Мен ага анча кайгырган жокмун. Бул бар болгону бир көр оокат, муну ордуна койсо болот. Мына "Дордой-Плазасы" бүлүнүү бат эле ордуна келиптир. Мародерлук биздин жүрөгүбүздөгү, биздин мээбиздеги, биздин абийирибиздеги эң аянычтуу көрүнүш. Өгүнү Евроньюс дегендин программасын кое койсом "улуу" урматтуу Айтматов сүйлөп жатат: "Мен Акаевге мурда айттым эле, ушуну көрмөк" деп. Биз баарыбыз сыйлайбыз а кишини кенедей дагы сөз тийгизгибиз келбейт. Бирок ушул Айтматовдун оозу менен айтылган нерсе баардыгыбыздын көңүлүбүздо турат да. Кечээкини тепкилеп жатабыз, бүгүнкүнүн бутуна чалынып жатабыз. Минтип отурсак улут болбойбуз, мамлекет болбойбуз, биздин келечегибиз болбойт. Дагы бир нерсени айтайын Өмүрбек Чиркешович мен сиздин көп саясатыңызды, көп позицияңызды колдойм, көпчүлүк учурларда өкүм сүйлөйсүз, сөөмөй кезеп сүйлөйсүз, жакшы сүйлөйсүз. Бирок бир 3 нерсени айтып коюшка аргасызмын.

**Биринчиси,** кайсыдыр бир кызматтын милдетин аткаруучуларды, эгерде биз чындап эле правовое поледе жашагыбыз келсе, мыйзам иштегиси келсе, эмне үчүн ушу күнгө чейин милдетин аткаруучу министрлерди, өкмөт мүчөлөрүн парламент бекитпейт. Эмне себептен бул ишти созуп атабыз. Акүй таңылбаган оюн менен ойноп олтурабыз. Бул биринчиси.

**Экинчиси,**биздин коллегалардын бир тобу эки столдо олтурат. Брежневдик, Горбачевдук синдром менен. Депутат, министр, вице-премьер. Бул нерсени өтө тез арада жөнгө салуу керек. Конституцияда жазылып турат. Закондорду мен дагы анча-мынча түшүнөм. Ал жакта срогу деле жок экен, бирок незамедлительно чечиш керек деп жазылып.

**Үчүнчүсү,** келе элек жатып эле Эшимканов "чуу" баштады деп капа болбоңуз Өмүрбек Чиркешович, бүгүн эртең менен сизге да айттым. Сиз бүгүн эки орун басарыңыздын сунушу менен биздин Жогорку Кеңештин прескатчылыгынын, бөлүм башчылыгына Токтогазиев деген жигитти дайындап

жигылтырсыз. Мен айтып коеюн, ал Акаевдин үй-бүлөөсүнүн камчысы болуп келген адам. Үй-бүлөнүн колуна суу куюп жүргөн жигиттерди, сиз бүгүн Жогорку Кеңешке алып келсеңиз кечээ Бермет Акаева келген сыяктуу эле, элибиз бизди чөнтөк парламент деп тилдеген сыяктуу эле дагы бир кусамат сөзгө калабыз. Ушундай-ушундайды майда-чүйдө деп көрмөксөн болуп койбой кадр тандоо маселесинде, Бакиевди сындагандан мурда өзүңөр таза болсоңор. Сөзүмдүн аягында мен Докемин шайлоо кодексин өзгөртүү сунушун колдойм. Сиздерди дагы ошого чакырам. Анткени, бул Садырбаевдин, Текебаевдин, болбосо Бакиевдин, Эшимкановдун, же Куловдун кызыкчылыгын көздөгөн нерсе эмес. Бул кыргыз элинин, эгер түшүнсөк, мындайга мээбиз жетсе кыргыз элинин кызыкчылыгындагы нерсе. Эң аягында танаписте кээ бир коллегаларым тамашалап атат. – "Сен келдиң, "Агым" бизге тийишпейт болуш керек" – деп. Ошол боюнча дагы жооп берип коеюн. Гезит деген гезит, алар бизди сындап турбаса болбойт. Мени кошо сындасын. Ага капа болбогула. Менин гезитке тиешем жок. Рахмат.

**Ө. Текебаев:** Баары бир биз буга ишенбейбиз. Сөз депутат Масалиевде.

**И. Масалиев:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү каралып жаткан маселе өтө чоң көйгөйлүү маселе, 15 жылдан бери бул маселе боюнча пикир алмашуулар болгон. Мен бир нерсеге таң калам. Бүгүн Президенттик шайлоого 2 ай калганда ушул маселе көтөрүлүп Президентке же Премьер-министрге же депутаттарга шартын өзгөртүш керек дегенге мен таң калып атам. Мен ойлойм мындай маселе туура. Негизи туура. Бирок муну өтө тез Чапаевдин методу менен чечкен туура эмес. Буга даярданыш керек. Себеби, азыр биз шайлоо кодексине өзгөртүү киргизсек, калган мыйзамдардын био топ жерине өзгөртүү киргизиш керек болот. Эгерде, биз депутаттардын өзүнүн милдетин аткарганды алып таштасак. Эгерде ал депутат Президенттикке чыкса, эгерде Президент өзүнүн милдетин аткарбаса, анда өлкөдө бир топ татаал маселе пайда болуп калат. себеби, Конституцияда так жазылган. Кайсы учурда Президент милдетин тапшырат. Качан гана жаңы Президент шайланып ант бергенде. Же башка учурларда болот.

Ошондуктан мен ойлойт элем, бул мыйзамды азыркы ушундай акыбалда кабыл алыштын кереги жок. Эгерде керек болсо биз ушуну бир комитетке тапшырып, дагы иштетип, юристтерди чакырып такташыбыз керек. Азыр пикирлерибиз ар кандай болуп атат. Комитетте дагы мен айткам, шашылыштын зарылчылыгы жок деп. Андан корө башка жол бар. Биз башка талапкерлерге Премьер-министрдикиндей шарт түзүп берели. Ким Президенттикке чыкса аларга машина берели, коргоо күчтөрүн берели. Шарт түзүп берели. Ошондо, демократиялык принциптер сакталып калат. Себеби, Президенттик кызмат-бул өзгөчө кызмат. Атайын айтылган, Конституцияда белгиленген кызмат.

Урматтуу кесиптештер, бул маселени сөзсүз комплекстүү чечиш керек. Бир эле эки сөздү алып таштасак ошону менен чечилбейт. Эгерде, ким Бакиевге каршы же, ким Бакиевди колдосо андайды башка жерде жасашы керек. Парламентте эмес. Гезит, радио, телевидение бар. Чыгып сүйлөгүлө. Бирок бир нерсени эске алыш керек. Азыр биздин кимдир-бирөөнү колдогонубуз же каршы чыкканыбыз бул законго туура келбейт да. Бизге мүмкүн эмес.

Урматтуу кесиптештер, мен айтат элем. Административдик ресурс деген сөздү чыгарып атабыз. 15 жылдан бери иштеп аткан. 15 жыл эмес, адам пайда болгондон бери иштеп атат. Иштейт, аны эч ким токтото албайт. Биз аны жогото албайбыз. Бирок кандай десек дагы 15 жылда кандай болсо да, муну моюнга алыш керек. Биз кабыл алып атабыз. Шайлоо кодекси озгөрүлүп атат. Бир топ нерсе жабык болуп жакшы болуп атат. Мисалы, ошол эле процедура боюнча, эсеп боюнча, добуш берүү боюнча алдыга жылып атабыз. Бул процесс кетип атат. Ушул жол менен кетсек эволюция жолу менен кетсек жакшы болот эле. Бүгүн бул жерде олтурган депутаттардын 90% айтты, кимден сурасаң деле айтат. Аким бизге каршы иштеди, айыл өкмөтү бизге каршы иштеди деп. Анда, айыл окмөттөрү ким үчүн иштеген, ким үчүн аким иштеген. Эң жакшысы, алар канчалык каршы иштесе ошончолук шайлоочуларда тескери ой пайда болот. 15 жылдан бери көнүп калганбыз. Аким бироөгө чыгып агитация кылса, ошо кандидатка добуш азыраак болуп калат. Башыбыздан өткон. Аны билебиз. Ошондуктан, эгерде

кимге акимияттан же министрликтен барып агитация иштин жүргүзсө, мен ойлойм, муну анын атаандашы жардам катары кабыл алыш керек.

Урматтуу кесиптештер, мына революция өттү. Ачык айтканда, революцияга 10% калк катышты. 90% өзүнүн иши менен алек болуп үйүнөн чыккан жок. 10%ке да жеткен жок. Шаарда турмуш өзүнүн турмушу менен кетип баратат. Ким кетти? Акаев кетти. Бакиев келди. Аны менен эч кимдин иши жок. Өзүмдүн тиричилигим бар. Дордой базарына барып тиричилик кылышым керек. Дүкөнгө барып соода кылышым керек. Жерге барып эмгектенишим керек дешет. Биз эле саясатчылар ушу жерде "эл", "эл" деп эле сүйлөп атабыз. Мен дайыма айтып жүрөм. Элдин атынан сүйлөбөйлүчү. Биз өзүбүздүн атыбыздан сүйлөйлү. Же саясий партиянын атынан сүйлөсөк болот. Революцияга катышкан адам катары мен айтам. Эл өзүнөн өзү эч жакка чыкпайт. Эл өзүнөн өзү Акүйгө. Аны бирөө чакырыш керек, алып барыш керек, шарт түзүп бериш керек, ошондо гана барат. Бул жерде менин оюмча бүгүнкү күндө бул мыйзам боюнча талкууну токтотуш керек, кабыл албаш керек. Учур келгенде буларды комплектүү караш керек. Конституциялык реформа менен чогуу болуш керек. Себеби, Конституцияны өзгөртпөсөк, бул көп нерсе кала берет да. Тарых көрсөттү. Бир адам колунда бар бийлик, жакшылыкка алып барбайт экен. Ошондуктан биз парламенттик болобу, парламенттик, Президенттик республика болобу ошол жол менен барсак, ошондо кыргыз элибизге кичине женилдик болот эле. Ошондо бир кишинин тегерегинде кошоматчылар азаят, бийлик калыс болуп калат. чыныгы элдик бийлик болот. Рахмат.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Жээнбековдо.

**С. Жээнбеков.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар. Мен башында эле Дооронбек Садырбаевич ушул мыйзамды алып чыкканда, өзүнүн аргументтерин айтканда, мен ошондо эле туура дегенмин. Эгерде Дооронбек Садырбаевич ушул мыйзамды алып чыгып жатып, өзү Президентке кандидатболуп кетип жатса, андай айтсак болот эле, Дооронбек Садырбаев бул өзүнө даярдап жатат, эмне үчүн дегенде бул өзү кандидат болуп кетип жатат деп. Дооронбек Садырбаевичтин айткан

аргументтерине мен толук бойдон кошулам. Бирок, мунун келечегинен корком, ушул Президенттик шайлоодо дагы ошондой тополоң болбосо экен деп. Кечээ Курманбек Салиевичке жолукканда, комитеттин төрагалары группалардын башчылары сөз кылдык. Бирок мен мыйзамды айттым, ушул жерде оюмду айтам деп. Мен ошондо айттым, Курманбек Салиевич деп, Аскар Акаевичтин трагедиясы эмнеде дедим? Менин сизге суроом жок дедим. Анын трагедиясы 7 жыл жакшы иштеди, 8 жыл жакшы иштеди, изденип иштеди, реформа жасады, абдан жакшы иштеди. 98ден кийин дедим, кошоматчылардын негизинен, ошолор баардыгы жакшы деп, ошол форум убагында каерде жыйын өтсө, Аскар Акаевич баары жакшы деп, тегереги баары жакшы деп, элге барып жолугайын десе, ошол жерде губернатор, акимдер бир жакшы жерди көрсөтүп коюп, баардыгы ушундай деп жатып, Аскар Акаевичти жолдон чыгаргансыңар дедим. Мына ошонун эсебинен, элдин оюн биле албай, мурун эл шайлаган депутаттарга келип, алардын оюн угуп турчу, ошол эл шайлаган депутаттарга келе албай, элдин оюн укпай, элден ажырап, жыйынтыгы мына революция деп жатабызбы, ошону менен бүттү дедим. Эмне үчүн дегенде Аскар Акаев азыркы мезгилде элдин ою менен эсептешпей калган. Ошону ким кылды? Ошону ошол кошоматчылар кылды. Эми ошол Аскар Акаевичке кошомат кылгандар деп айттым мен, мына сизге дагы ошентип жатышат. Сиз билесиз дедим, позициясын айтканды, оппозициясы дебей, ошол оюн айткан кишилер менен оюн угуп, ошондой иш кылыңыз дедим. Ошол кошоматчыларды көп жаныңызга жакындатпаңыз дедим. Мына ушул эле кошоматчылар, эртең Президенттик шайлоо башталса, мына кызмат алмаштырып жатпайбы, ошондон эле процент алып беребиз деп кошоматчылык кылып, ошол жерде административдик сунушту бул киши колдонбой койсо дагы, сөзсүз колдонот. Губернаторлор, акимдер, министрлер бөлүп алып, өз структурасын иштейт. И ошондон берки кандидаттар айтып чыгат өз электратына, мына кайрадан башталды деп. Алардын көзү көр эмес, алар көрүп турат дагы баарын тең, административность колдонулуп жатканын. Тополоң ошондо башталат урматтуу депутаттар. Мына бардык иштен билебиз

түштүк, түндүк проблемасы бар, жок эмес. Аны эл кылган жок. Аны бизге окшогон саясатчылар кылды. Эртең баарыбыз биригип турабыз. Баары бир түштүктөн бир кандидат, түндүктөн бир кандидат, чыгат экинчи турга. Бирөөндө административдик ресурс болсо, бирөөндөө эч нерсе жок болсо, эртең өткөндөкүдөй күч колдоно баштаса, андан көп эл, ошол ак үйдүн тегерегинде, мына бул жерде биздин ордубузда отурат урматтуу депутаттар. Биз азыр же Бакиевге, же Куловго же Атамбаевге, кимиси коем дегенге неметкен жокмун мен. Мен Дооронбек Садырбаевдин эле, оюна кошулуп, кимиси болсо болсун, ал пешенесине жазган болот эл колдосо, эл көтөрсө болот ал. Бирок тынч өтсүн деп жатабыз да. Азыр эми мына ушундай кетип жатат, бул мыйзамды өткөзөбүз дегендер Бакиевге каршы, бул мыйзамга каршы болгондор Бакиевди колдогон деп жатышат. Мына мындай ойдон алыс болушубуз керек. Мына кечээ мени бирөө айтат, сен социал-демократсың, сен Атамбаев үчүн шарт түзүп, ушуну кылып жатасың дейт, мени айтат. Эй, мен ал үчүн кылган жокмун, да, мен социал-демократмын, мен Кыргызстанда ушул шайлоо тынч өтүп кетсин деген ойду айтып жатам. Ал эми административдик ресурс колдонбойт деген, бул жөн эле жомок. Аны башка жерден айтыш керек. Сөзсүз колдонулат, эл көчөгө чыгат урматтуу депутаттар. Бизге өзү азыр тарых ушундай мүмкүнчүлүк берди. Мына айтып жатабыз Россияны айтып жатабыз, башка мамлекетти айтып жатабыз, эй, Россияда эл ак үйдөн эч кимди кууп чыккан жок. Ал жерде мындай акыбал болгон эмес, азыркыдай элдин аң-сезими, ал жерде мындай түштүк-түндүк элдин маселеси жок. Ал жерде Ельцин өзүнүн срогуна чейин өзү кетип, ордуна Путинди отургузуп коюп, анан шайлап коюп кетти. Башка мамлекетте биздикиндей акыбал болгон жок да. Азыркы акыбалды эске алып, азыркы элдин оюн эске алып, биз ошого карап туруп иш кылышыбыз керек. Мен эми сөздү көбөйтпөйүн урматтуу депутаттар, мен суранат элем, анан кийин ким кимге иштешин, Куловго иштешинби, Атамбаевгеби, Бакиевге иштейсиңби ал ар кимибиздин өз эркибиз, бирок, мына бул мыйзамды мен колдоп бергенди суранам. Бул Бакиев үчүн эмес, Кулов үчүн эмес, Атамбаев үчүн эмес, бул кыргыз мамлекетинин келечеги үчүн, кыргыз

элинин тынччылыгы үчүн колдоп берүүңөрдү суранам мен сиздерден ушул мыйзамды. Рахмат сиздерге.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Турсунбаевде.

**А. Турсунбаев.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, мен дагы ушул Дооронбек Садырбаевдин сунушуна макул эмесмин. Эмнеге дегенде өзүңүздөр билесиздер, азыр дүйнөлүк практикада мындай жок. Мына жакында эле Украинада болуп өттү шайлоо, канчалык административдик ресурс колдонду, бирок, Украин эли өзү шайлап алды, ошондой эле мисалы Америкада болду. Буш деле ордунда отурду. Мына Россияда болду, Путин деле ошол өзүнүн ордунда отурду. Азыр мына өзүңүздөр көрүп жатасыздар 24үндө эмне болду. Эми жаңы эле азыр шайлап койсок, эртең дагы кайрадан мына премьер-министрди кайрадан өзүнүн адамдарын коюп баш-аламандыктын кереги жок деп ойлойм. Эми мына административдик ресурс деп жатабыз, баардыгыбыз мына бул шайлоого бардыгыңыздар барып келдиңиздер, мына кандай болду. Административдик ресурстарды, мына мисалы мен Алабука Чаткалдан койдум, ошол жерде мына Мамырбеков Таштанбек деген киши менен чыктым. Аны мына бул жердегилер он проценти тааныса тааныйт, 90 проценти тааныбайт. А Роза Акназарова десе бул жерде отургандардын бардыгы жакшы тааныйт. Ал айымыбыз ошол жерде өзү отуруп, мамлекеттик ресурсту кандай колдонду, мисалы элдин баары жакшы билет. Андан кийин мына азыр келип алып ар жерде чуркап жүрөт, менин атаандашым миң сомго чай берди, мен эч нерсе тараткан жокмун деп ошол жерге жаловаться этип дагы жүрөт. Мен ошон үчүн каалайт элем, мына азыр эми тынчып калган, мамлекетибиз эми тынчып жатат, мына элдер тынчып, кайрадан ушул мына өзүбүз күбө болуп жатабыз, кайрадан topoлоң болуштун бул жерге эч кимге кереги жок, бул жерде болгону ушул эл кыйналат. Мына ушул жерде өзүңүздөр 24үндө эртеси күнү бул депутаттыкка биринчи кадам, саясатка биринчи жолу кадам таштап жатам. Бул жерде он жыл, 15 жыл отурган депутаттарыбыз отурат, ошол 24үндө болгон окуядан кийин мына бул жерде эски депутаттар туруктуу десе бул жерде отурган көпчүлүк эски депутаттарыбыз тигил жакка чуркашты, бул жаңы шайланган депутаттар туруктуу десе, бул жакка

чуркашып, ушул жерде өздөрүнүн аброюн кетирип алышты. Ошон үчүн суранат элем сиздерден мен мамлекетибиз өнүгүп өрчүшүнө салымыбызды кошсок, калтырсак жакшы эле болот эле. Мына бул жерде дагы өзүмдүн коллегам отурат, Өмүрбек сен капа болсо, Бабанов. Чыгып сүйлөп жатасыз, сиздин сөзүңүз башка, кылган жумушуңуз башка болуп жатат да. Мен бир сизге капа болбосоңуз айтып коеюн. Көп жылдан бери, мына кечээ дагы телевидениядан айтып жатат, "Альянс" фирмасын көп жылдан бери өзүңүз башкарып келе жатасыз, туурабы? Андан кийин айтып жатасыз шайлоого баардыгыбыз тегиз барашыбыз керек деп. Кандайча, сиз көп жылдан бери монополия кылып отурасыз "Альянсды". А көп билем балдарды балдарды кыйналып араң жүргөн жигиттер бензин ташып, ташый албай, бала-чакасын бага албай калды билебиз. Эми кандай түшүнсө болот буга? Сиз айтып жатасыз, баардыгыбыз бирдей барышыбыз керек, мындай болбойт деп. Анда сиз дагы бирдей кылышыңыз керек Алянсты дагы, башкаларга дагы мүмкүнчүлүк беришибиз керек да, туурабы? Же кандай, анан мен түшүнбөй жатам сиздин айтып жаткан сөзүңүзгө. Ошон үчүн туугандар, ушул жерде баарыбыз түндүк, түштүк деп эле кайра-кайра коштоп жатабыз, мен буга каршымын. Мен мисалы түндүк, түштүк дегенди жаман көрөм, бардыгыбыз бир жерликпиз, Кыргызстандыкпыз. Ошон үчүн суранат элем жөнөкөй элдер бул жерде бөлүнбөйт, ошо биз арабыздан бөлүнүп жатат ушул жерден түндүк, түштүктү көтөрүп. Ошон үчүн сиздерден суранат элем, көп ушул түштүк, түндүктү көтөрө бербеңиздер. Түндүктөн болобу, түштүктөн болобу, ошол кыргыз элине кызмат кыла турган Президентти шайлап алышыбыз керек. Ошол айтаарым. Рахмат сиздерге.

**Ө. Текебаев.** Урматтуу депутаттар, мен Регламент боюнча эскертип коеюн. Депутаттар бири-бирине ушул жеке тийишпей сүйлөсүн деген жери бар, эгер ошентсе депутат Төрага сөздү бөлүп, анан эскертиш керек эле. Мен аягында айтып отурам. Эми Бабановго көп претензиялар айтылып отурат. Бирок бул оңдойлук деп жатпайбы, ошондой мындан кийин болбосун деп жатпайбы. Ошондуктан бири-бирибизге сөз айтпай, бирок пикирди айтып сүйлөйлүк урматтуу депутаттар. Ушуну менен...

Биз жана чек коюп койдук элек. Сөз депутат Иманалиевде, Исабековдун ордуна.

**К. Иманалиев.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, мен сиздерге кайрылгым келет эле да урматтуу депутаттар, мына ушул жерде шайланган депутаттардын баардыгы ушул эл менен жолукканда, шайланып жатканда баарыбыз убада бергенбиз. Ушул биринчиден, жакшы мыйзам чыгаралы. Экинчиден, кыргыз эли бир ынтымактуу болсо экен. Урушпай, талашпай, бөлүнбөй ынтымак. Кыргыздын 5 жарым миллион элинин өкүлү мына 75 депутат бардыгыбыз убада берип элдин астынан ушул жерге шайланганбыз. Эми мына бүгүн сиздерге бир ооз кайрылгым келип жатат, мына мен шаарда бир күн да жашаган эмесмин. Жалаң карапайым элдин арасында иштеп, ошол жерде чоңоюп элдин арасынан келдим. Мына элде күнөө жок. Элге биринчиден, тынчтык болсо, бала-чакасы аман болсо, курсагы ток болсо, Президент ким шайланат аларга баары бир. Иши жок урматтуу депутаттар. Бул Президент кимге керек болуп жатат? Бул жанагы мына бийликте жүргөн адамдарга болуп жатат. Ошолор элди барып туруп уюштуруп, экиге бөлөт да. Ошон үчүн мен бир ынтымак айткым келет да, урматтуу депутаттар, мына мындай өзүнүздөр мынакей он күн болду, ушул Премьер-министрди ушул жерден бир дагы киши каршы болбой баарыңар шайладыңар. “Ушул жарайт, практик, производсвенник, аябай сонун иштейт” деп, мына бир киши каршы болсо анда айтыңыздар. Жүз процент барыбыз добуш бердик. Эми ошол он күндөн кийин эле кайра башка оюн болуп жатат да. Бирибиз мындай кылалы, бирибиз мындай кылалы деп жатасыздар. Эми бир баарыбыз тынчтык болсун, ынтымак болсун, кыргыз эли бөлүнбөсүн, урушпасын, жарылбасын деп баарыбыз убада бергенден кийин урматтуу депутаттар, бир мнениядa болбойлубу. А элге бар го кимиси шайланса баары бир. Бакиев болобу, Кулов болобу же Ташматы болобу. А элге баары бир. Алардын курсагы тойсо эле болду. Бала-чакасы аман болсо болду. Анан биз мына ушул эки-үч күндөн бери бир жумадан бери ушундай меселени коюп жатабыз. Мунун баарын бузуп жаткан жанагы чоң рангда жүргөндөр болуп жатат. Мен мисалы мурун мындай политикага аралашкан эмесмин. Карапайым эле ушул элдин арасында жүргөнмүн. Мына ушул

сиздерге келип, мына өзүм таң калып жатам да ушундай болуп жатканына. Дооронбек Садырбаевич деле дүйнөдө практикада мындай жок деди. Ушул бардык полномочиясын тапшырып коюп туруп, анан ушул Президенттикке барган. Эми мына алып корсөк Россияда деле ушундай ситуация болбоду беле. Премьер-министр болуп, а Президенттин эмесин аткарып, анан кийин эле шайлоого барбады беле. Эми бир көрсөңүздөр да. Урушпай-талашпай, бир кыргыз элин экиге бөлбөй, түндүк-түштүк, тиги-бул дегистирбей бир ынтымакка... Керек болсо бар го бир эле кишини чыгарып туруп, бир эле кишини жибербесек, эки-үч кишини жиберсек сөзсүз ушундай бөлүнүү-жаралуу болот. Биз бул жерден туруп алып канчалык сайраган менен сөзсүз ушундай болот да. Жанагы газетада жүрөт. "Агымдан" окуп калдымбы. Кулов менен Бакиевди чакырып бирөө давай Премьер-министр болсун, бирөө Президент болсун деп туруп. Ушул бир ынтымакка келип эметпесек бар го, экиге бөлүнүп туруп жарышка кое берсек анда сөзсүз чаң-тополоң болот да. Мына бул депутаттар кандай болуп жатат да? Экиге бөлүнүп жатат. А Президентте тем более мындай болот. Мына ушул жерде отурган эле депутаттар мына экиге бөлүнүп, үчкө бөлүнүп жатабыз. Үч мнениеде болуп жатабыз. Ошондуктан мен сиздерден суранам, өтүнүп кетем. Мына ошол айылда жашаган депутат катары, карапайым элдин өкүлү катары, мына сиздерден суранып кетем бир ынтымакка келсеңиздер да. Рахмат.

**Ө. Текебаев.** Процедура боюнча 2-микрофон.

**Ө. Бабанов.** Урматтуу коллегалар, биринчиден мен суранып кетет элем. Эми мынакей беш жыл отурабыз. Бири-бирибизге конкреттүү суроолор болсо, биринчи кезекте өзүбүз чечип алсак, анан чечип алып, анан кийин трибунага чыгып айтсак. Анткени парламент бул мыйзам чыгаруучу орган. Анан мен айтып койгум келет коллегам Турсунбаев Азизбекке, менин фамилиямды сен жакшы билесиң Бабанов Өмүрбек. Мен деле сендей айылда өскөм. Менин фамилиям Акаев эмес, Танаев да эмес. Мынакей өз күчүм менен мен ушул деңгээлге жеттим. Жанагы тизме жөнүндө айтып жатасың. "Альянс" ушул үй-бүлөнүн эмесине кирди деп. Жанагы 47 обьектинин тизмеси боюнча мен айтып койгум келет. Ал жерге "Альянс" кирди,

“Кайыңды Кант” кирди, “Кыргызпахта” кирди. Буга комиссия түзүлгөн. Ошонун жыйынтыгын чыдамдуу күтөлү. Анан күткөндөн кийин инвестор акционеровду көтөрүп туруп публикация чыккандан кийин мен ойлойм, сен өзүң эркек бала болсоң, ошондо эркекче чыгып туруп, мына бул жерден трибунадан кечирим сурайсың деп ойлойм. Депутат катары мен ойлойм. Анан жөн эле күнөөлөш болбойт. Жанагы монополия жөнүндө биз базар шартында жашап жатабыз. Же мен бирөөнү кысып, бирөөнү соттотуп, же бирөөдөн сатып алдымбы бир нерсени. Базар шартында өзүнүн мыйзамдары бар монополияны монополия катары регулирования кылышка. Пожалуйста антимонопольный комитет келип туруп мыйзам түрүндө мамиле кылсын. Бул бири-бирибизге бир нерсе шылтагандын ордуна, бир нерсе катуу айтардын ордуна ошону ойлонуп туруп айтсак.

**Ө. Текебаев.** Мен жана айткам. Азиз сөз көбөйүп кете берет. Сен айтсаң дагы бирөө чыгат. Ушуну менен токтотолу дагы, өзүңөрчө сүйлөшүп ушул маселени чечип алгыла. Ар кимибиз... 4-микрофон. Эми абайлап сүйлөгүлө.

**А. Турсунбаев.** Өмүрбек, мен сени бул жерден коркутуп же башка кылган жокмун. Сен актанбасаң деле элдин баары жакшы билет. Мен билгенимди айтып жатам. Комиссия түзүлдү. Аны дагы жакшы билем. Убакыт көрсөтөт. Эгер мен туура эмес айткан болсом кечирим сурайм анда. Аны убакыт көрсөтөт.

**Ө. Текебаев.** Өзүңөрчө чечип алгыла. Ар кимге ар кандай претензиябыз бар. Ар кимибиздин өзүбүздүн аксаган-тексеген жерлер бар. Аны бул жерден айта бербейли туугандар. Мыйзам көргөзөт. Убакыт көргөзөт. Сиз эмне боюнча сөз сүйлөшөйүн деп жатасыз? Процедура боюнча болсо. Сөз депутат Мукашевде. Только процедура боюнча.

**М. Мукашев.** 13-главада этика тартип боюнча. Ошону сактасак биринчиден. Анан сизден өтүнүч. Сиз өзүңүз комментарий көп берип туруп ушундай ситуацияга алып келип жатасыз да такай. Өзүңүз дагы койсоңуз мындайды. Абдан өтүнүч. Мына азыркы сөзгө болгондо тиги жигит айтып кетти. Туура эле айтып кетти. Өз пикирин айтып кетти. Анан өзүңүз мындай кошо койдуңуз да. Анан Бабанов тура калды. Ушуну да

өзүңүз карасаңыз. Өзүңүздүн алып барган ишти мына бул биздин Регламент боюнча. Рахмат.

**Ө. Текебаев**. Мен айтып коеюн.

**М. Мукашев**.Жок, мага комментарий бербей эле коюңуз.

**Ө. Текебаев**. Мен бүгүн эч кимге...

**М. Мукашев**. Мага комментарий бербей эле коюңуз. Мага комментарийдин кереги жок.

**Ө. Текебаев**. Мен Төрага катары и депутат катары айтайын. Мен бүгүн эч кимге комментарий бергеним жок. Башка күнү берсем дагы бүгүн бербестен сөз берип коюп эле карап отурам. Бириңерге дагы замечание да бергеним жок. Мен Төрага катары, мынабул жерде жазылып турат, эгер депутат башка бир депутаттын кадыр-баркына тийишип, сүйлөсө эскертип сөзүн токтотушум керек.

**М. Мукашев.** Реплика деген бар.

**Ө. Текебаев**. Мен Турсунбаевди жаш болсо дагы депутат катары сыйлаганымдыктан сөзүн токтотконум жок. Аягында бири-бирибизге тийишпейли дедим. Болгону ушул.

**М. Мукашев.** Кечиресиз, реплика деген бар. Аны айтууга болот. Анан кийин эле сиз өзүңүз эметип алып эле комментарий берип, өзүңүздүн эмеңизди таңуулаганыңыз болбойт да.

**Ө. Текебаев**. Мен урматтуу Эргеш Төрөбаевич, барбы? Жок болсо Аппаратка берейин. Бүгүнкү бүт стенограмманы көрүп, видеозаписти берип, Эргеш Төрөбаевичке бериңиз. Эгерде мен бирөөгө туура эмес комментарий берип же артынан сөз сүйлөсөм эртең ушул жерден кечирим сурайм.

**М. Мукашев.** Сиз только бүгүн эмес, бардык убакта ушинтип жатасыз, эметпеңиз.

**Ө. Текебаев.** Башка күндү айтпаңыз, сиз башка күнү жок элеңиз. Сиз бүгүнкү күн жөнүндө сөз кылыңыз.

**М. Мукашев.** Мен көрүп жаттым.

**Ө. Текебаев.** Сиздин көргөнүңүздү, тиешелүү адамдар мага замечание берген, ал маселени чечтик. Мен экинчи мындай катаа кетирбейм деп мойнума алдым. Сиз эле эмес бүт республика көрдү. Сиз телевизордон көрбөстөн, ушул жерден келип айтсаңыз, мен моюнга алат элем. Сиз бүгүнкү талкуу жөнүндө айтыңыз. Урматтуу депутаттар, талкуу бүттү. Регламент боюнча комитеттин төрагасы, эгер тыянактоочу сөз

сүйлөсө, комитеттин төрагасына сөз берилет. Сөз барбы сизде? Дооронбек Садырбаевич, сизге демилгечи катарында аягында берем.

**К. Конгантинов.** Урматтуу Төрага, урматтуу депутаттар, урматтуу Дооронбек Садырбаевич. Биз азыр карап жаткан мыйзамдын долбоорун комитетте карап, комитеттин мүчөлору чечим чыгарып, ошол чечим урматтуу депутаттар сиздерге таркатылып берилген. Ошол жерде комитеттин чечимин сиздер окуп көрсөңүздөр жазылып турат. Депутат Дооронбек Садырбаев киргизген мыйзамдын долбоорун кайрадан иштеп чыгып, комитетке карап, андан кийин Жогорку Кеңештин талкуусуна чыгарылсын деген. Ошол чечим, комитеттин чечими азыр алдыңарда турат. Урматтуу Дооронбек Садырбаевич аны билет. Бирок Регламент боюнча иштейли десеңиздер, бул долбоорго мурда эле кошумча, алымча сын-пикирлер айтылган. Ал каралган жок комитетте. Ошону сиздерге айтып коеюн. Рахмат.

**Ө. Текебаев.** Сөз мыйзам долбоорунун демилгечиси депутат Садырбаевде. Кечиресиздер, сөз президенттин милдетин аткаруучу Курманбек Бакиевдин өкүлү, Данияр Ильич Нарымбаевде.

**Д. Нарымбаев.** Урматтуу депутаттар, ушул сөзүмдөн кийинкилеринин басымдуу көпчүлүгүн кыргыз тилинде сүйлөгөнгө убада берем. Бүгүнкүсүн болсо уруксат этсеңиздер орусча айтайын. Уважаемые депутаты, все мы прониклись глубоким уважением Жогорку Кенешу после того как вы приняли судьбоносные решение и по оставке по избиранию нового премьер-министра. Тем самым вы смогли вернуть страну в Конституционное русло, в правовое поле и все дальнейшие шаги, разумеется, мы должны соизмерять с Конституцией. Проект глубокого уважаемый Дооронбека Садырбаевича безусловно изходит из глубокой тревоги и озабоченности относительно того, чтобы не использовался административные ресурс при выборах. Я целиком и полностью разделяю вашу тревогу и озабоченость. Но я должен говорить в соответствии с Конституцией , принятие этого законопроекта войдет в противоречие с рядом статей Конституции. Первое, я хотел бы начать с полномочий, которые касаются депутатов, не

только президента и может быть даже не столько президента. Согласно Конституции пономочия депутатов Жогорку Кенеша носят непрерывный характер и могут пресекаться исключительно в тех случаях, которые поименнованы в Конституции, Полномочия или действия президентского мандата также начинается с момента принятия присяги и прекращается с момента вступления в должность вновь избранного президента. Мы обратились к Министерству юстиции, оно соответственно обратилось в Министерству юстиции Российской Федерации и по поручению заместителя министра Российской Федерации научно исследовательский институт, который действует при Министерстве юстиции изучил материалы по всем странам, которые у них были. Ни в одной стране мира мы не нашли, они не нашли положения , чтобы президент, действующий слогал свои полномочия и действующие депутаты слогали свои полномочия в связи с тем, что они идут на следующие выборы. Мы задались вопросом а почему собственно? И вот приходим к такому убеждению, что если проанализировать системно главу "Президент Кыргызской Республики" 3 глава Конституции, 4 главу "Жогорку Кенеш Кыргызской Республики" мы приходим к убеждению, что они выполняют в совокупности, эти два органа выполняют столь важные, столь значимые вопросы государственной жизни, что они должны действовать непрерывно. К чему приводит небольшой , пусть даже небольшой перерыв в осуществлении президентских полномочий, мы убедились с вами на примере 24 марта. Я просто некоторые назову полномочия. Это – введение военного положения, объявление войны, введение чрезвычайного положения, досрочный созыв парламента в связи с многими вопросами, в том числе...числе и поименованными, говорит о том, что парламент и президент должны действовать непрерывно, денно и нощно.

Следующее обстоятельство. Уважаемый Дооронбек Садырбаевич, к сожалению, законопроект не решает той проблемы, на которую он направлен. Исключить административный ресурс все-таки, даже с принятием этого законопроекта, не удастся. Тот человек, которого мы хотим избрать, как вы предлагаете, на короткий период, чтобы он

исполнял обязанности главы государства, это не будет какой-то рафинированный человек, лишенный каких-то пристрастий, антипатий и симпатий. Кто даст гарантию, что он не даст команду, не даст отмашку использовать административный ресурс в интересах того или иного претента? Но я убежден, что на самом деле практика применения нового "Кодекса о выборах" показала, что там есть действительно недоработки. Я поддерживаю Каныбека Капашовича в его инициативе, давайте задумаемся над тем хотя бы фактом, что все мы говорим, что сплошь и рядом использовался подкуп, хотя "Кодекс о выборах" направлен на то, чтобы исключить эти факты. Есть в Уголовном кодексе статья даже, специально предусмотрена "Подкуп голосов". И, тем не менее, ни одного зафиксированного факта не было. Можеть быть, мы позаботимся о том, чтобы вот этот механизм работал. Другие механизмы, которые используют в других странах для того, чтобы все претенденты воздерживались от использования административного ресурса, в том числе путем импичмента, и в том числе не только главе государства, а импичмент в отношении государственных служащих, который использует такой административный ресурс. Поэтому я предложил бы действительно позаботиться о том, чтобы в ближайшее время поработать над законопроектом, который позволил бы нам исключить вот эти противоречия, которые содержатся, недоработки, и, возможно, включить механизм использования законодательно установленных полномочий для того, чтобы предотварить использование административного ресурса. Большое спасибо за внимание.

**Ө. Текебаев.** Сөз депутат Садырбаевде.

**Д. Садырбаев.** Урматтуу депутаттар, Төрага канчалык канчалык эскертпесин мен өз сөзүмдү бир каяша айтуудан баштайын дедим эле. Мелис Асаналиевич сизге каяша айтуудан баштайын деп жатам. Себеби, биринчиден, сиз айтып кеттиңиз, "окубасам да оюмду айта кетейин" – деп. Бул эми бардыгыбызга белгилүү эле, жанагы адабияттын чырынан чыккан, Сыдыкбеков менен Айтматовдордун тирешүүсүнөн чыккан учкул сөз эле. Мен бул сөздү ким айтканынан өөдө билем. Ал жыйынга мен дагы катышкан элем. Бирок, Мелис

Асаналиевич, сиз, мен 1998-жылы ушул мыйзам долбоорун сунуш кылганда гезиттин ээси эмес, башкы редактору болчусуз. Кыргызстанда биринчи жолу кыргыз тилинде жазылган мыйзам долбоорун Мелис Асаналиевич, сиздин гезитиңизде кыргызча толук бойдон басылды эле. Ошондо сиз толук бойдон колдоп чыктыңыз эле. Азыр да колдоп жатасыз, рахмат. Бул мыйзамдын тегерегинде бир жыл бою талкуу жүрдү эле. Бир жыл бою Садырбаевди чыркыратып, Президенттин администрациясындагылар зордукча жанагы өгөй баладай кылып 28 статьядагы 4 пунктту киргизип атканда дагы сиз мени колдоп тургансыз. Эксперттерге да бергенсиз. Ошондо эле айткам сиздин адресиңизге алкышымды, азыр дагы "чоң рахмат" – дегенден башка айтаарым жок. Ал эми мына бул жерден Данияр Ильич айтып жатат, "Мурда каякта жүрдүңөр эле?" – деп. Туура Данияр Ильич, ушерде эле жүргөнбүз. Бирок, биз мындай норманы Конституцияга киргизбейли дегенде тиягынан жөөлөп келип, бул жагынан омуроолоп атып киргиздиңер. Киргизип алып, А.Акаевдин колуна чексиз бийликти карматып койдуңуздар. Чексиз бийликтин кесепетин 24-март күнү көрдүңөр. Мына эми азыр Акаев жок, Акаевдин кысымы да жок. Анан эми жаңы боло турган Президент мага барибир Бакиев болобу же Нарынбаев болобу же Суранчиев болобу кимиси болсо ошонусу болсун. Ушул балдар барып туруп Акаевдин жолун жолдоп диктатор болуп кетпесин деп гана этияттанып элдин камын ойлосом эле силер эмне кылып жатканыңарга мен түшүнбөй жатамын. Мына эски депутаттар эсиңерде бар, мен жылыга ушул маселени көтөрүп чыгам. Менин урматтуу досум Бектемир жылыга айтаар эле, Садырбаев мына бул мыйзамды сунуш кылып, улуу урматтуу Акаевге каршы иштеп жатат" – деп ызы чуу түшүп... А болуптур Акаев жок азыр, мен Акаевге каршы иштеген жокмун. Азыр Курманбек Салиевич улуу урматтуу боло элек, жөн эле урматтуу. Ошону үчүн ага да каршы иштеген жокмун. Анан эми уят эмеспи, бүтүн кыргыз эл үчүн, бүтүн кыргыздын жаштары үчүн бирдеке жасап жатсам, сабырдуулук менен талкуулагандын ордуна чапаныңарды чечип ыргытып али шайлана элек Президентке кошомат кылып жатканыңарга жол болсун? Анан калса бул улгайып калган адамга, мыйзам

долбоору өтпөй калса, чоң трагедия болот экен деп ойлобой эле койгула. Кечирим сурабай эле койгула, чоң трагедия болбойт. Потому что мен бул мыйзам долбоорун сунуштап он чакты жолу утулуп келаткан адаммын. Биз Конгантиев утканды да билебиз, утулганды да билебиз. Чынбы? Чын. Анан жанагы Таластык депутат балакетиңди алайын, тынбай эле баардыгыбыз биригип бир жеңден кол чыгаралы дагы бир жакадан баш чыгаралы деп жатасың. Балакетиңди алайын андай эч качан болбойт. Сен үйдү карап турсаң, мен Чүйдү карап турсам экөөбүз кантип бир жакадан баш чыгарабыз. Экөөбүз биригип туруп баланчаны шайлап, түкүнчөнү жайлап жиберели деген бул абдан туура эмес, келечек үчүн дагы, кыргыз эл үчүн дагы өтө коркунучтуу жөрөлгө. Азыр эле айтып кеттиц, Президенттин ким болушун кереги жок, элге нан таап берсе болду дедиң. Болуптур анда азыркы Президент болобуз деп аткан жигиттердин бардыгы жөн отурушсун дагы баарыбыз биригип жанагы Жорж Сорос деген филантропту алып келип, Президент кылып дайындап алалык. Ошол кыргыз элине нан эмес май дагы таап бере алат. Анан кийин урматтуу депутаттар ыгы келген да келбеген да жердин баарынан “ынтымак, ынтымак” дей бересиңерби? Дагы бир жолу кайталаймын, кайсы принцип менен биз мисалы Бектемир экөөңөр менен ынтымак боло алабыз. Партиялык принцип мененби? Жердешчилик принцип мененби? Чөнтөгүбүздөгү пулубуздун суммасы менен бирге боло алабызбы же жүрөгүбүздөгү тилегибиз менен бирге бөло алабызбы? Анан менин коркуп жатканым, мына Адахан Кимсанбаевич айтып кетти, Президенттикке чыга турган азаматтар мырзачылык кылсын деп. Адахан Кимсанбаевич отурабы? Адахан Кимсанбаевич, биз баарыбыз эле мырзачылык кылат элек, бирок вицепремьерлик орун албай калды да баардыгыбызга. Жок, анан кантип биз сизге окшоп мырзачылык кылабыз? Мен мисалы үчүн Президенттик шайлоого катышпайм, кандидат катары дагы катышпайм, бирөөнүн жактаган кишиси катары да катышпайм. Керек десеңер Кыргызстандын территориясынан чыгып кетип калайын, бирок, эгерде ушул бойдон жүрүп отурсаңар, Данияр Ильич балакетиңди алайын, 11-июль күнү Курманбек Салиевичти же башка кандидатыңарды дагы

отурган жеринен жетелеп Кыргызстандан качырып ийсеңер, мен кыргыздын бир аксакал адамы катары , кыргыздын элинин алдында, мамлекетинин алдында абийирим таза болсун деп жатам. Силер өлкөнү көз көрүнөө ошол күнгө алып келе жатасыңар. Мына башкалар тууралуу айтпай эле коеюн урматтуу депутаттар, мен ушул жерден силердин көзүңөрчө мен эч киминңерди колдобойм балакетиңди алайындар, жамандабаймын дагы, бирок относительно стабильный район делинген менин районума күчүңөрдү киргизип зөөкүрлүк кылып, менин шайлоочуларымдын пейилин бузбагыла. Биз иштеп-септеп жер тырмалап оокат кылып жүргөн бечара элбиз, бирок биздин эл "элдик кошун" деген незаконный формированиенин ажылдаган катындарды салып алып, жер-жерлерди кыдырып: Бакиевди колдобогонуңар баарыңар кыргыз элине душмансыңар, деп эркектерди жакалап, келин-кызды желкелеп саясат жүргүзгөнүн көтөрө албайбыз деп. Мына административдик ресурстун өз кызыкчылыгына пайдалануунун башталышы, аларды губернатор кой деген жок, аким кой дей албай жатат, милиция кармай албайт. –"Прокурор каякта жүрөт десем, прокурор жолой албай жатат" ноокендиктер. Мына азыр башталып жатат административдик ресурсту пайдалануунун арамзылыктары урматтуулар, али шайлана элек Президентке эмитен кошомат кылып баштадыңар, эй болбойт да мындай кылганыңар. Вице-премьерлик кызмат дагы түгөндү, эми калыс эле болуп койбойсуңарбы. Мына азыр мен өткөн жумада ушул жерде өзүңөр күбө болдуңар, Данияр Ильичтин айткандарына. Туура. Данияр Ильич жүйөөлү сөз сүйлөдү. Бирок ошонун баары действующий Президентке тиешеси бар нормалар да. Азыр действующий Президент жок болуп турганда, исполняющий обязанность дегенге ал ыйгарым укуктардын кенедей дагы тиешеси жок. Менин болгон максатым: Жаңы шайлана турган президенттерди эмитен жаман жолго салып албай, жакшы жолго салып коелук десем эле мынча эле жанталашып ызы-чуу түшүп жатасыңар урматтуу депутаттар? Мен мисалы үчүн Курманбек Салиевичтин өткөн жумадагы толук бойдон кошуламын, ал киши айтпадыбы, -"ар-намыстуу, абийирдүү атуул, эгерде жеңилип калса дагы элин көчөгө алып чыгып эл

арасын дестабилизация кылбайт" – деп. Эй, алтындай болгон сөздөр, муну туура түшүнүш керек, азамат уул экен Курманбек Салиевич. Бирок, ошол Курманбек Салиевичтин айткан сөзүнө Садырбаев дегендин дагы кичине бир ооз сөзүн кошуп койсоңор ого бетер сонун болот эле. Туура, азамат, ар намыстуу, өзүнө ишенген атуул эч качан утулуп калса дагы, элин бийликке баш ийбегиле деп көчөгө алып чыкпайт. **Бирок, ар-намыстуу, өзүнө, билиминин жеткилигине, жүрөгүнүн тазалыгына ишенген азамат атуул дагы Президенттикке кандидат болуп чыгып атканда административдик ресурска бөртө-шөртө билими бар акимге, оодай-шоодай акчасы бар биснесменге ишенбестен, түптүз жол менен утуп кетсе, анда элдин дагы, түндүктүн болобу, түштүктүн болобу, орустун болобу, өзбектин болобу айда турган сөзү дайын болот эле.** Эй, сен көзүңүздү кара, мына бул элдин көпчүлүгү ынанып, бул элдин көпчүлүгү ынанып туруп, добуш бергени үчүн биз ушул адамды шайладык деп. Анан урматтуу депутаттар, колго салып көргүлө, корупогула эчтеке эмес, бул мыйзам долбоору. Эгерде ушул бойдон мыйзам өтпөй кала турган болсо, административдик ресурсту каалашынча пайдаланган адамдар бийликке келе турган болсо, бир айдын ичинде силерди бир көзүңөрдөн кан, бир көзүңөрдөн жин агызат. Анан кийин жанагы эки лидер өздөрү менен сүйлөшүп алып, бири Премьер-министрликти, бири Президенттикти алсын деген азыркынын эң коркунучтуу, эң эски феодальный көз карашты агы өзү токтотуш керек. Жогорку Кеңештин трибунасынан андай оюңарды жарыялабастан массалык маалымат каражаттары аркылуу таратсаңар болот. Себеби, эмне үчүн Президенттикке жаш кыздар чыгалбайт, эмне үчүн өзбек улутундагы жаш жигиттер чыгалбайт, эмне үчүн орустар чыкпайт, эмне үчүн өзүнүн акыл-эси, элге кылып жаткан кызматы, программасынын келечектүүлүгү жагынан, ну допустим, бир Абдрахман деген бала Кулов менен Бакиевге караганда кыргыз журтуна жакшылык кылып бере турган болсо, мен эмне үчүн Абдрахманды эмес, берки экөөнү колдошум керек? Парламенттин деңгээлиндеги кулактарга кумдай куя бербестен тим койгула, ар ким өз күчүн сынап көрсүн, 15и чыгабы, 20сы чыгабы, баарыбир шайлоочуларга

элге зордук кылбагыла. Ушул учурдан пайдаланып урматтуу массалык-маалымат каражаттарынын өкүлдөрү, силерден бир нерсени суранар элем, урматтуу менин Ноокендик шайлоочуларым, силерди баланчаны шайлайсың деп кыстап, шайлабасаң эл душманысың, мамлекеттин душманы деп айтууга эч кимдин укугу жок... Бүткүл эле Кыргызстандын катардагы шайлоочулары силердин шайлоочулук добушуңар кол тийгис. Аны силер Бакиевге бересиңерби Джордж Соросско бересиңерби же Садырбаевге бересиңерби ал силердин гана ыктыярыңарга жараша. Эгерде кимдир бирөө Бакиевге же болбосо Куловго добуш бербейт экенсиң деп силерге зордук-зомбулук көргөзүп үйүңөргө чейин кирип, тууган-уругуңарды сабай турган болсо анда мен мыйзам жолу менен андай кишилерге чара колдонууну талап кылууга аргасыз болот. Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат.

# "ҮРТОКМОК" ДИКТАТУРА КЕЛАТАБЫ?

**Кыргыз Республикасынын**
**баш прокурору**
**К.Т. КОНГАНТИЕВ мырзага**

**Биринчиси: 9-ноябрь 2006-жылы 4255-04-49 номери менен**
**Экинчиси: 16-ноябрь 2006-жылы 7420-04-49 номери менен**
**Сиздин атыңызга жөнөтүлгөн арыздарга кошумча**

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин депутаты**
**Д. САДЫРБАЕВден**

**А Р Ы З**

**Урматтуу Камбараалы Ташполотович!**

Мындан мурунку жөнөткөн эки арызымдын (сөз боло турган кылмыш ишинде биринчиден, жабыр тарткан адам, экинчиден, калыстыкты талап кылып жаткан депутат экениме карабай) "оозу-мурдун думбалап", дымын чыгарбай күм-жам кылуунун аракетин кылып жатканыңызга караганда, баш териңиз алдуулар, пулдуулар тарапка ыктап турганын сезип калганыман депутаттын дагы, прокурордун дагы, ал турсун премьер-министрден өйдө республикага аты чыгып калган адамдардын, кимдиги менен кандайлыгын карапайым калк дагы билсин үчүн бул– үчүнчү арызымды республикалык массалык маалымат каражаттары аркылуу жөнөтүп, сиздин баш прокурорлук аң-сезимиңизге азыр бели солкулдап турган бир чындыкты

жеткирүүнүн аракетин жасоого аргасыз болуп олтурам. Итиркейиңизди келтирбей коё туруңуз, мындай мүмкүнчүлүк мыйзамда каралган.

Ошондуктан, бул жолку далилдеримди сиз тургай менин атымды укканда итатайы тутулуп, итирейимеси кармап калчу "жакындарыман" өйдө түшүнүп алсын үчүн, арызымды айтылуу Ф.Ш.Куловдун 2005-жылдын 29-мартында "МСН" газетасынын кабарчысына өзү тууралуу айткандарынан баштайын дедим. Ал минтет: … **"Мисалы, менин кылмыш ишим. Ал дагы кылмыш процессинин чегинде кайрадан каралып чыгышы керек. Бирок, биздеги мыйзамдарга жараша Республиканын Жогорку Соту чыгарган чечим – акыркы чечим, ал туура эмес чечим кабыл алса да, андан ары даттанууга болбойт, жана даттана турган эч ким жок. Ал эми андай даттанууга болбой турган эң акыркы чечимди кылмыш ишинде мурда белгилүү болбогон "жаңы ачылган жагдайлар" чыгып калса, Жогорку Соттун чечимин бузуп, ишти кайрадан карап чыгууга биздеги мыйзамдар мүмкүнчүлүк берет. Мындан сырткары, кайсыдыр бир укук коргой турган Эл аралык уюмдар айыпталып жаткан адамдын инсандык укуктары бузулуптур деген бүтүмгө келсе, бу дагы "жаңы ачылган жагдай" болуп саналат. Мунун мага дагы тиешеси бар. Биз БУУдагы адам укуктары боюнча комиссияга арыз жөнөттүк эле, алар бизге өзүлөрүнүн чечимин жиберишиптир. Ошонун негизинде республиканын Жогорку Соту менин кылмыш ишимди дагы кайрадан карап чыгышы керек".**

Көрдүңүзбү, урматтуу Камбараалы Ташполотович?

БУУнун адам укуктары боюнча комиссиясы "Ф.Ш.Куловдун кылмыш иши каралганда, кыргыздын укук коргоо жана сот органдары тарабынан анын инсандык укуктары бузулуп калган экен" деген чечим жөнөтүптүр дегендей мааниде айтып жатпайбы Феликс Шаршенбаевич.

Эгерде Республиканын баш прокурорунун колунда же Жогорку Соттун карамагында, бул аздык кылат десеңер, дегеле жаратылышта ушундай мазмундагы документ болсо, мен биринчи болуп колдойт элем "жаңы ачылган жагдайга жараша

кылмыш иши кайрадан каралып чыксын!" деп, ааламга жар салып.

Тилекке каршы. мындай документтин өзү тургай жыты дагы жок, БУУнун адам укугун коргоо комиссиясында алиге дейре андай бүтүм жазыла элек болуп атпайбы…

Менин экинчи арызым басма беттеринде жарык көргөндөн кийин Ф.Ш.Куловдун жакшы көргөн адвокаты, маалында менин дагы Куловдон кем эмес сыйлап ардактаган адвокатым Л.А.Иванова Ф.Ш.Куловго болушуп, мага **"арамзаланып атат"**(лукавит) деген айып тагыптыр.

Мен буга таарынган жокмун. Заман ушундай болуп атса, анын эмнесине таарынмак элем. Ф.Ш.Куловдун кылмыш ишинде жабыр тарткан адам катары мен аны камактан сактап калуу үчүн "арамзалансам арамзаланып" койгондурмун, бирок, акыры мен кыргыз журтчулугуна таанымал ырчы-обончу иним Бек Борбиев сыяктанып, былтыр Жогорку Кеңештин алдында ыраматылык Рыспек Акматбаевдин командасы уюштурган митингге кошулуп, эл алдына чыгып **"Кулов! Эркек болсоң чык бери! Мурдуңду эзип туруп коё берейин. Сенин Батукаев менен коюн-колтук алышкан дос экениңди билебиз! Сага өлүм! Куловго өлүм!"** деп кыйкырып, арадан бир жыл өтүп-өтпөй, ноябрь айында ошол эле Бек Борбиев, ошол эле Жогорку Кеңештин алдындагы аянттагы антимитингге чогулган элдин арасынан суурулуп чыгып:**"Реформа кыймылындагыларга өлүм! Куловдон колуңарды тарткыла! Кулов узун өмүр сүрсүн!"** деген сыяктуу ураандарды чакырып жаткан жерим жок го, акыры мен өйдө-ылдый кыйшаңдатпастан, көзүңөргө тике карап туруп ачыктан-ачык: "ардактуу Любовь Александровна, соңку мезгилдерде мартабалуу клиентиңиз менен бирдикте "ыманыңарды жеп, кызылдай калп айтып, мамлекет башчысын, коомчулукту, Жогорку Кеңешти дезинформация сазына малынтып жатасыңар" деп айтып жатпаймынбы! Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде мындай иш аракетке "салына турган" укуруктун бар экендигин башкалар билбесе да, урматтуу Любовь Александровна, сиз эң жакшы билишиңиз керек эле.

Сөздү көп узартпай сиздердин **"Вербальная нота, вербальная нота"** деп, Республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучунун үрөйүн учуруп, мыйзамсыз документке кол койдуруп алган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун кылмыш ишин жана административдик укук бузууларды карай турган коллегиясы бул катты БУУнун баш катчысы К.Аннандын буйрук кагазындай көрүп, шашылыш талкуу жүргүзүп, бүтүн Кыргызстанга чуу салган сыйкырдуу катты сөзмө-сөз кыргызчага которуп берейин (орус тилиндеги көчүрмөсү сизде да, менде да бар, урматтуу Камбараалы Ташполотович).

***2005-жылдын 23-февралы***

**"Урматтуу Иванова!**

Сиздин 2004-жылдын 11-ноябрында Эларалык Конвенант (Convenant) факультативдик протоколунун негизинде иш жүргүзө турган адам укугу боюнча Комитетинде Ф.Ш.Куловдун граждандык, саясий укуктары каралып чыксын деп суранган катыңыз 1369-2005 номери менен өндүрүшкө кабыл алынды. Сиздин өтүнүчүңүз боюнча келечекте кат алышып туруу үчүн биринчи каттын датасы менен регистрациялык номерин жиберип жатамын.

Комитеттин 97-эрежесине жараша ушул эле каттын көчүрмөсү, жана бул маселеге тиешелүү информацияларды алууга болорун же болбосун түшүндүргөн кабарды бизге 6 айдын аралыгында билгизип коюусун өтүнүп, сиздердин мамлекет тарапка кат жөнөттүк.

Сиздердин мамлекет тараптан кандай жооп болсо, колдон келишинче комментарийлеп, мүмкүн болушунча сизге жөнөтүп турабыз.

Мындан ары иштешибизге ыңгайлуу болсун үчүн өз алдыңызча 97-эреженин приложениесиндеги биздин Комитеттин процедураларынын тартибин таап алганыңыз оң.

Сизди урматтап, Комиссиянын байланыштар боюнча бөлүмүнүн башчысы Мария Франциска Изе-Чарри"

О, эзели жамандык көрбөгүр Кыргызстандын тергөөчү, прокурор, сотунун кызматын аткарып жүргөн тажрыйбалуу-тажрыйбасыз юристтери!

Ушул каттан чет элдик бир адамдын (анынар алкаш болсо деле мейли) "Ф.Ш.Кулов деген бир бечаранын тагдырына жан кейитип, ага каршы мурда чыгарган соттордун өкүмүнүн баарын өчүрүп таштап, башына боштондук берип, бир боорукерлик кылып койгулачы" деген эки ооз сөз таап берген юристке мен өз чөнтөгүмөн 25 миң сом сыйлык берип, мойнума бото салып чөгөлөп барып, Куловдон да, Ивановадан да жазган арызым, сүйлөгөн сөзүм үчүн кечирим суроого даярмын.

**Урматтуу кесиптешим, иним, жердешим, Азимбек Анаркулович!**

Ушул катты "жаңы ачылган жагдай" деп, сага таанытуу үчүн сага каршы кандайдыр бир өзгөчө айла-амал же кара күч колдонгонбу деп шектенип турам. Болбосо айтылуу аксылыктын ар-намысы сага мындай арамза, мындай копол документке кол койдурбайт эле.

Жумурай-журт! Өзүң күбө болчу.

Минткеним, мисалы мен Улуттук банктын төрагасына барып: "Мен Курманбек Салиевичтен акча сурадым эле. Мына, бул кагазда Президенттин каттар бөлүмүнүн катардагы кызматкеринин: арызыңыз баланчанчы числодо, түкүнчөнчү номер менен каттоого алынды, эми мамлекет башчысына жөнөтөбүз, ал киши кандай жыйынтык чыгарганын 6 айдын аралыгында сизге кошумча кабарлайбыз" деген катты көргөзүп туруп эле, Улуттук банктан 5 миллион сом акча көтөрүп кеткендей иш болуп жатпайбы?

Ушундай кантип болсун?

А балким республикадагы кырдаал башка иштерде да дал ушундайлыгынан карапайым калк арасында "эң жогоркусунан эң ылдыйкысына чейинки соттордун бардыгы соодагер, милиция, прокурорлор паракор, депутаттар жеп-ичкичтер" деген пикир таратылып жүргөндүр. Ушундан кийин "шамал болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт" деген накыл сөз такыр оодарылбай-чайпалбай турган чындык экенинен күмөн санабай калдым.

Эгерде Ф.Куловдун өзүнө тагылган айыптан акталыш жараянына көз чаптырсак, кешиксиз журттун чындыгы алиге дейре суу майга сызгырылып чыркырап жаткандай болуп

көрүнөт экен. Булардын бардыгы аздык кылса, ошол эле Республиканын баш прокурорунун милдетин аткаруучу "жаңы ачылган жагдай" деп таанууга жол ачкан окуяга шилтеме берген КР КЖКнын 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4-пунктун карап көрөлү. Анда мындай деп жазылып турат.

"Сот өкүм чыгарып жаткан маалда ага белгисиз болгону менен соттолгон адамдын күнөөсүз экендиги мурдарак аныкталып, же анын өкүм чыгарылып соттолгон ишинен да оорурак кылмыш иш жасалгандыгы тууралуу жагдайы табылып, же болбосо бул ишке тиешеси бар, бирок, акталган адамдын күнөөсү кийинчерээк далилденип калса … "жаңыдан ачылган жагдай" делинип, кылмыш ишин кайрадан карап чыгууга болот"…

Кана, кадырлуу Камбараалы Ташполтович, өзүңүз эле айтыңызчы, мен тилимди тишиме катып кете берейин, жогоруда толук бойдон басылган БУУнун адам укугу боюнча комиссиясынын байланыштар боюнча бөлүм башчысы Мария Франциска Изе-Чарринин адвокат Л.Ивановага жазган катынын кайсы сабы КР КЖКнын 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4-пунктунун каерине жарашып, каерине бап келип турганын көрүп жатасыз? Талкууланып жаткан катта дегеле "жаңы ачылмак" тургай, тамтыгы чыгып жамачыланган эски жагдай көрүнөбү? Дегеле Изе-Чарринин катында жаман болобу, жакшы болобу кандайдыр бир жагдай барбы? Жок. Мен көргөнүм жок. Эгерде мен өзүмдү ар -намысы устаранын мизиндей курч, аттуу-баштуулардын катарындагы адаммын деп эсептеп, "эл башкарсам" деп үмүттөнүп жүргөн пенде болсом, жумурай-журтка ушунчалык калп айтып, кемсинүүгө чейин жетип, улуктун көзүн карап, көргөзгөн жерин жалап, санаалаш шакирттеримди өз колум менен ажыдаардын оозуна салып берип, керт башыма боштондук, бир кулак сууну болсо да башкара турган кызмат сурап алгандан көрө, ажалдын көзүнө тик карап, башымды ийбей эркек бойдон же жаза мөөнөтүмдүн аягына чыгып, же эч кимге багынбаган бойдон о дүйнө сапарына аттанганды артыкча көрмөкмүн. Кантели, антүү ар кимдин эле колунан келе бербей турган иш экен. Аты Арстанбек болгону менен сапалак иттен корккондор деле жүрбөйбү арабызда. "Ар-Намыс" партиясын негиздегендердин

арасында таптакыр эле көрнамыстар дагы табылып калышы мүмкүн. …"Кыңыр иш кырк жылдан кийин деле билинет" деп коёт кыргызда. Сиз кырк жылга жеткизбей эле, өзүңүздөн мурунку баш прокурордун милдетин аткаруучунун Жогорку Сотко жазган мыйзамсыз чечимин кайра чакыртып алып, кылмыш ишин кайра карап чыга турган тергөөчүгө тапшырсаңыз эле, бардыгы 40 күнгө жетпей өз-өз ордуна келип калат. Анте турган негиздер сизде бар эле эмес, толуп жатат.

Биринчиси: КР КЖКнин 386-статьясынын 4-пунктуна жараша, …КР КЖКнын 384-статьясынын экинчи бөлүгүнүн 4 пункту милдеттендирип жаткандай "жаңы ачылган жагдайга жараша кылмыш ишин кайра карап чыгууну сотко сунуштап чыгарган чечимине прокурор кол койгон күн, жаңы жагдайдын ачылган күнү деп эсептелинет".

Андай күн жаратылышта жок. Баш прокурордун милдетин аткаруучунун колу коюлуп, Жогорку Сотко сунуштаган чечими бар, бирок, ал документтин кайсыл жылы, кайсыл айда, каерде жазылып, канчанчы номер менен катталып, Жогорку Сотко качан жиберилгени белгисиз, ал – дүйнөнүн бир дагы башка мамлекетинен табылбай турган архианонимный арамза чечим.

Мындай чечимди бир эмес, төрт бөлүм башчысынын жолдомо каты жөлөп-таяп барган күндө да эгемендүү мамлекеттин Жогорку Соту тургай Тягусогальпа шаарынын 13-микрорайонундагы бангилердин жильконторасынын секретарь-машинисткасы дагы кабыл алмак эмес.

Биздин Жогорку Соттогулар кабыл алмак тургай, жанын төшөп, Ф.Ш. Куловду күнөөдөн арылтып, актап ийгенге ашыгышкан.

Мындан нары карапайым калк "көшөкөрлүк же паракорлук Баш прокуратура менен Жогорку Соттон башталат экен" десе, мен дагы эчтеке деген каршы пикир айта албаймын.

Экинчиси, Жогорку Соттун заседаниесинде мурдагы Ф.Ш.Куловго тагылган айыптардын бардыгынан баш тарткан мамлекеттик айыптоочу, "тергөө, сот процесстери КР КЖКнын нормаларын одоно бузуу менен жүргүзүлгөн" дегени менен мурда соттолуп жатканда, Ф.Куловдун инсандык укугун бузган бир дагы фактыны келтирип, бир дагы соттун же тергөөчүнүн жана прокурордун фамилиясын айта алган эмес. Бул туура эмес.

Жогорку Сот генерал Куловго тагылган айыптардын бардыгын алып таштагандан кийин, баш прокурор эгемендүү Кыргыз Республикасынын, бир бейкүнөө жаранын, болгондо да генералын "ак жеринен күйгүзүп", беш жыл бою камакта отургузуп, үй-бүлөсүнүн биримдигине бүлүк салып, өмүрүнүн ысырапталышына жанын үрөп, айыптоо жагына ыктап кызмат кылган тергөөчү, прокурор, соттордун бардыгына дал ушул сөз болуп жаткан "жаңы ачылган жагдайга" такап туруп кылмыш ишин козгоого милдеттүү болчусуз. Сиз анткен жоксуз, урматтуу Камбараалы Ташполотович. Мен сизге "ошентиңиз" деп кеч болсо да, массалык маалымат каражаттары аркылуу кеңеш берип жатамын.

Үчүнчүсү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун кылмыш иши жана административдик укук бузууларды карай турган соттордун коллегиясынын 2005-жылдын 6-апрелинде, "тергөө Эл аралык пактылар менен КР КЖКнин нормаларын одоно бузуу менен жүргүзүлгөн" деген бүтүм чыгарганы менен КР КЖКнин кайсыл статьялары жана 1994-жылдын 12-январында ратификацияланган "адамдардын жарандык жана саясий укуктары" деген пактынын кайсыл нормалары качан, ким тарабынан бузулгандыгы, конкреттүү мекемелердин, конкреттүү укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин фамилияларын атоо менен аларга административдик чара көрүү тууралу тырнактай дагы бүтүм чыгарган эмес.

Эгерде Жогорку Соттун 6-апрелиндеги чечиминин ушул бөлүкчөсүн жетекчиликке алсак, Эл аралык пактылардын, КР КЖКнин нормаларын бузганга барган укук коргоо органдарындагы кызматкерлердин бардыгына каршы кылмыш ишин козгоо керектиги тууралуу атайын аныктама чыгарылышы керек эле. Жогорку Сот аны да чыгарган эмес. Азыр чыгарса деле кеч эмес. Чыгарбаса сот системасынын тамырына балта чаба турган укуктук ноокастыктын илдети ырбап отуруп, акыр аягында системаны апат күндөргө дуушар кылаарынан күмөн санабаймын.

Төртүнчүсү, КР КЖКнин 28-статьясынын 2-бөлүк, 14-пунктунда: "Прокурор менен жабыр тарткан адам айыптоодон ачыктан-ачык баш тартса, мурда козголгон кылмыш иши

токтотулууга тийиш" деп жазылып турат. Бирок КР КЖКнын 27-статьясынын 2-бөлүгүндө: "Прокурордун айыптоодон баш тартышы, жабыр тарткан адамды айыптоону колдошуна жана кылмыш ишинин иликтене беришине жолтоо боло албайт" деп жазылып турат.

Мен чын дилим менен ушул нормага таянып, мурда Ф.Ш.Куловдун пайдасына жалган көргөзмө бергенимди чоң кейиш менен мойнума алып, аны үчүн мыйзам чегиндеги жазага тартылууга дагы даяр экендигимди билгизип, мендеги "жаңы ачылган жагдай" боюнча мурдагы Баш прокурордун милдетин аткаруучу бузуп кеткен КР КЖКнин 387-статьясынын 4-пунктуна жараша кылмыш ишин кайрадан карап чыгууну тажрыйбалуу тергөөчүгө тапшырышыңызды суранамын. Ошондо гана бир жылдан бери бели мертинип, сыркоолоп келаткан мыйзам кайрадан "сакайып кетиши" мүмкүн.

Бешинчиси, Кыргыз Республикасынын Баш прокурорунун милдетин аткаруучунун, Жогорку Соттун кылмыш иши жана административдик тартип бузууларды карай турган коллегиясынын мүчөлөрүнүн жана мурдагы соттун өкүмүн өтөп түрмөдө отура турган Ф.Ш.Кулов жана анын өнөктөштөрүнүн Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2002-жылдын 8-майындагы "эркинен ажыратылсын!" деген өкүмүн жокко чыгаруу үчүн, оюна келгенди жасап, иштеп жаткан мыйзамдарды кантип буйлалаган төө катары каалаган жагына жетелеп, же кырчаңгы болгон эшектей хы-хылап өөдө-төмөн минип же "жаңыдан жаралган жагдайды" аягы суюк аялды бригадалык подряд менен пайдалангандай пайдаланып жатышканын, эмки жолку кошумча арызымда төкпөй-чачпай айтып беремин.

Мени туура түшүнүңүз, урматтуу Камбараалы Ташполотович! Жеке өзүмдүн не сизде, не Куловдо же анын кожоюнунда сокур тыйынчалык аласа-бересем жок. Теңирден тетири иш кылып жатсаңар дагы, "башың – баш, багалчагың – кара таш" деп, көңүл бурбай койсом деле болмок. Бирок, миллиарддаган жылдарды карытып келаткан касиеттүү Күн баарыга бирдей жарык чачып, анын шарапаты менен ондогон, жүздөгөн жандуу менен жансыз планеталар аалам

мейкиндигине житип кетпей, бирине-бири эриш- аркак тирүү келатканындай, биздеги иштеп жаткан мыйзамдардын караңгылыгы да, жарыгы да, жакшыга да, жаманга да бирдей тийсе, жергебизде калыстык болор бекен деген илгери үмүтүмдү билгизейин дедим эле. Түшүнгүңөр келбесе, эрк өзүңөрдө.

Азырынча Исхак Разаков атабыздын сөзүнө азыноолак окшоштуруп айтарым:

**Урматтуу Камбараалы Ташполотович!**

Жаманбы-жакшыбы улуу менен кичүүнүн, алдуу менен алсыздын, пулдуу менен пулсуздун карым-катнашын жөнгө салып, бизди бир коомдо жакалаштырбай жашатып жаткан, кыргыз пешенебизге бүткөн "тирүү" мыйзамдарды прокурор сиз сыйлабасаңыз, Жогорку Соттогулар сыйлабаса, депутат мен сыйлабасам анда азаптуу кыргыздын уулдарына,"билегиңе гана ишенгин, өзөктөшүм" деген акыл айтып, колуна Улуттук коопсуздук министри М.Суталиновдун жумурай-журтка көргөзгөн "ур токмогун" саройтуп карматып коюп, "каалаган диктатураңды тургузуп ал!" деп, башы ооган жакты көздөй "агытып" ийгенден башка арга "кавай калат" бизде, жан үка!

***"Алас" №43 (051), бейшемби,***

***2006-жылдын 7-декабры***

http://ar-namys.org/read/38.html

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВ: «В ДРУЖБЕ С РОССИЕЙ ДЛЯ НАС – СПАСЕНИЕ»

Дата публикации: 03/10/2006

Я ужасно люблю его слушать. Он говорит до того сочно, горячо, живо, с такой откровенностью и долей привлекательной эпатажности, что когда он сам заявляет, что хочет дать мне интервью, я – как исключение из собственных правил - бегу бегом. И такое отношение к нему – норма и традиция. И не потому что он – аксакал в парламенте. К депутату Дооронбеку Садырбаеву прислушиваются как к человеку бескомпромиссному. Иногда даже, на мой взгляд – неуступчивому. Есть у него мнение – так не переубедишь и с места не сдвинешь. Но все равно интересно. Вот как высказался аксакал по последним политическим событиям в стране.

**Про «матрешек»**

– Мне нет никакого дела до братьев Бакиева, до детей Бакиева. Мне нет дела до коррупционных вопросов, до того, в чем там обвиняют Данияра Усенова. Но «матрешка-гейт» – это принципиальный вопрос. Аэропорт «Манас» – главные воздушные ворота Кыргызстана. Правильно? В аэропорте «Манас» есть служба СНБ, таможенная служба, собственная служба безопасности, транспортная прокуратура и транспортная милиция, налоговые органы. И вдруг в этом месте, казалось бы, таком защищенном, протащили матрешку и подбросили человеку в чемодан! Мне неважно, кому именно – Текебаеву, Иванову, Сидорову… Если можно так просто войти и выйти в закрытые службы аэропорта, подбросить матрешку,

то где гарантии, что завтра в спальне Бакиева не будет подложен кинжал? Или под пиджак Кулова не заползет змея?

**О наших политиках**

– Мы, народ Кыргызстана, выбирали год назад президентом Бакиева. Может, кто-то обманулся в выборе, кого-то подкупили, но все равно – нынче мы доверили судьбу страны двум людям: Бакиеву и Кулову. И они должны быть в ответе за все, что происходит в стране. Высшая, верховная власть в Кыргызстане принадлежит народу, и народ осуществляет эту власть через избранных им депутатов. Для того чтобы сохранить целостность страны, неприкосновенность государственных границ, мы дали им, в том числе Бакиеву и Кулову, неограниченные полномочия.

**– О, между ними нельзя ставить знак равенства, это ясно всем. У Кулова нет такой власти, как у президента, почему же вы чуть что, его пытаетесь привлечь к ответу?**

– Ну да, да, так многие говорят. А что он тогда тандем этот заключил?... Ты любишь Кулова? Молодец! Правильно! Люби! Но Кулову надо быть решительней и жестче, а то он разочарует многих.

Все эти наши политики около меня в свое время были. И Бакиев тоже. Я к нему перестал заходить лишь после того, как он стал президентом. И Данияра (Усенова – Авт.) и Кулова я поддерживал. Я могу бросить политику, послать подальше и Бакиева, и депутатство, и вообще уехать отсюда. Я не претендую ни на депутатское, ни на президентское кресло. Я старый человек и мне ничего не надо. Зачем им вести против меня войну?

**– Разве ведут?**

– Еще как! Я 15 лет был в оппозиции к Акаеву. Но никогда никто не призывал Садырбаева повесить. А теперь? Был в Бозпиеке (на курултае, созванном Бекназаровым – Авт.), так там толпа меня чуть не разорвала… Адахан Мадумаров там был, он интеллигентный человек, в ужас пришел, говорит властям местным, “мол, зачем вы так людей настраиваете и натравливаете?”. Они отвечают: «Да мы не при чем!». И тут же

рядом парень молодой говорит: «Да что ж ты, с…ка, врешь! Ты сам меня вчера водкой поил и деньги давал, чтобы мы против оппозиционных депутатов выступили!» … При Акаеве была власть подлых, лживых плутократов. А нынче они стали агрессивными. При Бакиеве у нас власть озверелых баб… Понимаешь, что я имею в виду, да? Их используют, посылают захватывать «Белые дома», земли, общежития. Посылают рожу Садырбаеву расцарапать…

**О «не наших» политиках**

– В последние дни меня очень расстроили действия Михаила Саакашвили. Понимаете, Россия – это очень терпеливая страна. Если Россия ударит, от Грузии мокрого места не останется. Даже если она просто закроет свои границы, грузинам придется очень и очень туго.

Вот, например, Нурсултана Абишевича я всегда считал на голову выше всех остальных президентов среднеазиатских республик. Уверен, что без его ведома даже мышка через Астану не проскочит. И неужели Назарбаев такой же смертный человек и за те пять пансионатов на Иссык-Куле, которые подарил ему Бакиев, он согласился погубить молодого политика Текебаева? (речь о том, что сигнал в Интерпол о наркотиках в багаже Текебаева поступил из Алматы – Авт.). Нурсултан кинул брата-кыргыза? Не верю! Ведь существует тысячелетнее братство, все трудности судьбы мы выносили на плечах вместе с казахами.

**– Но ведь ничего еще не доказано!**

– Дело не в этом! Давай я про доказанные эпизоды скажу!.. Женщина-кыргызка пошла в наниматься на работу. Там их приняли, но сын хозяйки с тремя друзьями ночью пришли и изнасиловали 21-летнюю девушку. Это очень низко. Я просто в обиде. Мы заставляли влюбляться в нас казахских девушек. Но у нас в мыслях не было изнасиловать девчонку, тем более зависимую. Я не могу понять брата-казаха. Казах, который не может влюбить в себя девушку – это не казах. Кыргыз, который не может влюбить в себя девушку-казашку, – не кыргыз. Вон у

Шеримкулова жена – казашка, у Мадумарова, у Аалы Токомбаева…

**О дружбе с Россией**

– Хочется сказать молодому поколению, чтобы в выборе брака они были более разборчивы. Не стоит рубить сплеча и торопиться рвать братские, родственные, товарищеские, интеллектуальные узы с Россией. Потому что нет гарантии, что брат-казах поголовно не оборзеет и не будет насиловать всех нас подряд: женщин и мужчин. Нет гарантии, что брат-узбек не оборзеет и не начнет выгонять нас с жизненного ареала в труднодоступные горные районы и занимать плодородные земли. Россия далека, есть много подлых людей среди русских, есть сепаратисты местного значения, олигархи паскудные, но все-таки в своей основной массе русские замечательные люди и в дружбе Россией для нас – спасение… Наши предки два века назад добрались до Петербурга и обратились за помощью к русским. Наверное, многолетняя практика дружбы с братом-таджиком, братом-узбеком, братом-казахом убедили наш народ, что они могут в любой момент продать, кинуть. И поэтому такому маленькому народу, как мой кыргызский народ, вероятно, нужен был покровитель более мощный и при том не такой мелочный, который не позарится на пять пансионатов, на пяди земли на южной границе, и будет относиться к кыргызам справедливо, как с собственными гражданами. Мои предки видели на столетия вперед. Наше выживание, спасение и поиск справедливости связаны с русским народом и Россией.

**– Вы это лучше Азимбеку Анаркуловичу скажите! (Бекназарову – Авт.) Его же идея – убрать русский язык из Конституции, а не Бакиева!**

– Я надеюсь, что мои слова прочитают все, – не только Азимбек Анаркулович и Курманбек Салиевич… Мы с Данияром Токтогуловичем когда-то были инициаторами придания русскому языку статуса государственного. Но Аскар Акаевич решил – ни вашим, ни нашим, и сделал его официальным. Нынешнее обострение против русского языка –

идея исключительно новой власти... Впрочем, это все еще проекты, мы же еще ничего не обсуждали. Я прекрасно понимаю, что через русский язык я имею выход во весь мир – к англичанам, французам, туркам. Проект Конституции только недавно поступил – да и то лишь для парламентских слушаний, а не для принятия. Я член комиссии по русскому языку и я свое слово скажу.

Вот, уже говорю тебе! А ты напиши, чтобы меня все русскоязычные услышали и поняли.

**Экипчиден, а**ндай үстөлдө маңдай-тескей отургандар кандайдыр бир мамлекеттик, улуттук, регионалдык татаал маселелерди ортого салып, кызыл чеке болгончо талашып-тартышсак дагы, көртирилик көйгөйүн азайтуу, инсан укугун сыйлоо маселесинде алгылыктуу бир чечимге келе турган болсок, мен дагы катышмакмын, андай отуруштардын баксисине. Ал эми, (лично, өзүм сөзсүз сыйлаган) Т.А.Шайлиеванын "Аскар Акаевичти жанымдай көрөм, а киши өл десе, өлөм”дегенин, Турсунбай Бакир уулунун "мага оппонент болгонго Аскар Акаевден башка татыктуу жан жок кыргызда. Эгерде Аскар Акаевич президенттик жарышка чыкпаса, өзүм чыгып ким менен болсо дагы таймашып көрөт

элем", Турсунбек Акуновдун "Оппозициядагыларды бир автобуска жүктөп туруп, Каримовго жеткирип берсеңиз, ошондо билет эле булар, Аскар Акаевич, сиздин нукура кадырыңызды" деген сыяктуу, дагы толуп аткан дүжүр чалдар менен дүмбүл балдардын, кошоматтын коюн сойгон "ырларын" беш жылдан бери кайра-кайра угуп эле келатам, угуп эле келатам. Андай мамлекет башчысын мактоого ала турган Ат-Башы, Нарын, Ош, Жалал-Абаддагы маарекелерди күнүгө көрөм телевизордон, эми ошону дагы бир жолу уккандан менин шоркелдей шайлоочуларымдын үстүнө үй бүтүп, колуна жумуш тийип, же, эң эле жок дегенде курсагы экинчи сорттогу ундан бышырылган нанга тоёруна козүм жетсе, төгөрок эмес, бир таластык иним айткандай, "тугрик" столго деле барып отуруп бермекмин. Андай болооруна көзүм жетпеди. Ал аздык кылат десең, бийлик мыкчыгандардын убадага бек уяттуу адамдар экенине кенедей дагы ишенбегендигимден барган жокмун, алардын ала дасторкон жайып, атайын чакырган үстөлүнө. Сөзүм куру болбосун үчүн өткөн Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайлоолор маалындагы айрым фактылардан айтып берейин. Шайлоо алдында мен Президенттин кабыл алуусунда болдум. Көзмө-көз көрүшүп, оозмо-ооз сүйлөшүп, экөөбүз тең бири-бирибизди түшүнүшүүгө чын ниетибизден аракет жасадык. А кишинин айткандарына ак көңүлүмдөн ынанып, шайлоо маалында жеке өзүмө артыкчылык сурап отурбастан, аламанга кирип кеттим мен дагы, башкалардан эч айырмаланбай.

Мен Президенттин озү менен, анын Администрациясынын жетекчиси Мисир Ашыркулов менен сүйлөшүлүп жетишилген, сөзсүз, жакындык жактары бар, жалпы позициянын бир дагы чийиминен аттап өткөн жокмун. Эки-үч күн биз тарапта чогуу жүрүп, өз көзүң менен көрүп, өз кулагың менен угуп келбедиңби, Түкө, менин мамлекет башчысынын аброюн ылдыйлата турган сын-пикир айтуу менен шайлоочулардын добушун чогултпаганымды. Бирок, Администрация тараптын демилгеси менен бир нече жолу бузулду, андай, оозеки келишимдин шарттары. Эки- үч ай бою райондук, облаcттык жетекчилер колунан келген жамандыгын менден аяшкан жок, анысы менен эң биринчи кезекте мамлекет башчысынын

аброюн менден дагы көбүрөөк ылдыйлатып жатышканын ойлонуп да коюшпастан... Себеби, менин элим андай аткаминерлердин "ормон опузасына" көңүл да буруп койбостон, мени шайлап салышпадыбы 12-март күнү.

Мыйзамга зөөкүрлүк кылуу, "Шайлоо кодексинин" эрежелерин бузуу, инсан укугун тебелөө, өзүнөн ылдыйкы даражадагы жергиликтүү кызматкерлерди кысымга алуу жана башка ушул сыяктуу арамзалыгы арбын иштер, только жергиликтүү жетекчилер шайлоо иштерине кийлигишкен жерлерден гана чыгып жатты. Оюна келгендин бакисин жасап көрүштү, жер-жерлердеги аким-саким начальник-мочальниктер эч ким билбейт деп, эки фронтко дагы кызмат кылып жүрүшкөнүн жашыра албай калган абалга чейин жетишип...

**ТҮГӨЛБАЙ:** Ушунуңузга жакшы түшүнбөй калдым, тактап кетсеңиз...

**Д. САДЫРБАЕВ:** Пожалуйста, мисалы Мисир Ашыркуловду "Сиздин ыктыярыңызга жараша, жиберген кагазыңыздын түсүн ак деп үгүт жүргүзүп жатамын" деп ишендирип коюп, жеринде "бул кагаздын түсү ак эмес, көк. Ак дегениңдин көзүңдү чукуп алам, шайлоо күнү бардыгың жапатырмак көк дейсиңер муну" деп, теңирден тескери иш жүргүзгөн аким, губернаторлор бар экендигин Акаев дагы Ашыркулов дагы жакшы билишет. Бирок, алардын бирөөнө кабак бүркөп койгонго батына алышпаганынан, бу кургурлар кол алдындагы кызматкерлерине музоо кезинде сүздүрүп алып, эч кимисине тили да, бийлиги да өтпөй калган бечаралар өңдөнөт деген ойго кетип, алардын эч кимиси менен жаман дагы, жакшы дагы мамиле күткүң келбей калат экен.

Баарынан да мени кейиткени, кызмат боюнча өзүнүн түздөн-түз жетекчиси, пайгамбары деп койсок деле болот, Мисир Ашыркуловдун кулагына «узундан-узун лапша» илип салганга батынган мамчиновник жанына күч келгенде, Акаевди деле жарты тыйынга сатып кетпейт деп эч ким кепилин ала албагандыгы...

Шайлоо өнөктүгүнүн маалында күн сайын район, облус эмне болуп калыптыр, Ак үйдүн өзүнөн, болгондо да бир эле этаждан, бир эле маселе боюнча ылдый жактарга эки башка маанидеги буйруктар кетип жатканын билгенден кийин,

шайлоодо утулуп же уурулугу кармалып калганына карабастан, Садырбаев же Текебаевге каршы иш жүргүзгөн чиновниктерди көзүнүн карегиндей сактап, ал турсун андайлардын кызматын жогорулатып жаткан ойноок команда менен ачуулашкан да, татгуулашкан да адам, акыры келип бир ирээт сызга отурбай койбошун түшүнгөндон кийин, алардын кимиси менен маңдай-тескей отуруп алып маектешмек элем?

Мунун баары аздык кылып аткансып, жер-жердеги айрым чиновниктердин Ак үйгө жагыныштын далалатын кылып, мыйзамың түшкүрдү буйлалаган төө сымал өөдө жетелеп, ылдый жетелеп ышпалдасын чыгарып жүргөнүнөн Аскар Акаев өзү "жаман көрүнүш" деген баштан сыламай баасын берип келип, анан "тегерек столдун" резолюциясында: "Органам государсвенной власти и управления обеспечить свободные и справедливые выборы, а политическим партиям и неправительственным организациям и общественным обнединениям способствовать этому" деген көргөзмө берилишинин өзү эле, карышкырга кой кайтаргандан да жаман, ""Шайлоо кодексинин" беренелери тургай, адам укугун тебелеп-тепсеген ыймансыз бүтүм болуп атпайбы.

Шайлоодон өтүп келген депутаттар, өтпөй калган кандидаттар, өкмөттүк эмес уюмдар жана көз карандысыз партиялар бир ооздон: "Жергиликтүү бийликтегилерди шайлоо процессине жакындатпаш керек. Балээнин баарын жасай турган ошолор экен. Шайлоону Борбордук шайлоо комиссиясы, чет элдик байкоочулардын көзөмөлү астында өз күчү менен өткөрүшсүн" деп, кан какшашып суранып атса дагы: "Органам государственной власти и управления обеспечить" дегенди, нары карай өзү билгендей улантып, "свободные и справедливые выборы только Аскара Акаева, а политическим партиям и неправительственным организациям и общественным обнединениям способствовать этому..." деген буйрук катары түшүнгөн жергиликтүү далайламалар, азыр, айыл-кыштак активдерин ачыктан-ачык кысымга алып, "Адилет" партиясына каттатып, али өзү тарабынан да, Жогорку Кеңеш тарабынан да расмий жарыялана элек "президенттик шайлоолордо А.Акаевдин пайдасына үгүт иштерин жүргүзөсүңөр" деген милдет тагып, жер-жерлерге штабдарды түзүп, ушул баштан мыйзам бузулуп жатканын билип туруп билмексен, көрүп туруп

көрмөксөн болуп отурушкан бийликпаздардын жыйынына кантип бармак элем, алардын "башынан сасый баштаган" маарекесин көркүнө чыгара турган үстөлүнө. Жакшы көрсөң да, жаман көрсөң да ушул иним.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Түшүндүм, байке. Бирок "кошоматтын коюн соёт"деп, катууураак айтып койдуңуз, карым-катнашта жүргөн укалариңизди таарынтып алгандан коркпойсузбу?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Анын эмнесинен коркмок элем, ушак сүйлөп, уурулук кылып атпагандан кийин. Мен болгону үкаларимдин өзүлөрүнө мүнөздүү өнөрүн айтып жатамын, дээрлик көпчүлүгү жапатырмак жасап жүрүшкөн. Акаларимдин арасында дагы андай адистиктин өрүшүн өөдөлөтүп, кошомат майданында академиктин даражасына жетип калгандары деле арбын. Андай "профессионалный" сапаты жокторго такыр жабышпайт менин айткандарым. Так что, буягынан кадырың жам болсун, үкөм. Силер тараптаргыларга дегеле жакындашпайт, менин айткандарым.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Кечирип гана коёт экенсиз, сиз жакта бар нерсе, биз жакта жок деп ким айтты сизге?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Силер тарапта болсо болгондур, саныңарга жараша мөртө-шөртө, бирок, бул маселе боюнча сенин кошоматчы ага-инилериң менин ошондой ака-үкаларимдин алдында шоона эше алышпайт. Мисалы...

**ТҮГӨЛБАЙ:** Койдум, байке, койдум. Кең талаа, керме тоо, кошоматтын чемпиону, ашууда алмаштырганга жарабай турган, эти тарамыш, эң кырчаңгы ат тууралуу легендалардын мекени силер тарапта экендигин, эми сизден эч качан талашпаймын.

**Д. САДЫРБАЕВ:** Туура кыласың, акты ак, көктү көк, эки жерде экини төрт болот деп, көөөнүндү каккылап жүрүп, мүйүздүү болгондогу кебетең алдагыбы? "Эки жерде эки кожаинге канча керек болсо, ошончо" дегенди үйрөнүп алсаң эле, эң жок дегенде, элчи болуп отурмаксың азыр, Европа болбосо да, Африкадагы мусулман мамлекеттеринин биринде. Кошоматкөйлүктү коолатып алыш үчүн дагы музыканттын жөндөмүнөн кем эмес, олчойгон чо-оң талант керек, үкөм. Та-ак, дагы эмнен калды, бүгүн менден алып кете турган? Коркпостон сурай бер-сурай турганыңды. Урбайм. Урушпайм. Гонорар сурабайм. Жооп берем, илибой сурооңо...

**ТҮГӨЛБАЙ:** Картайып бараткан окшойсуз, жарыктык, экинчи суроону эстен чыгарып, көшөкөрлүктү ээрчиген бойдон, Эфиопияга чейин кетип калдыңыз го? Президенттик шайлоого катышаар-катышпасыңызды айтып койсоңуз эле, бүгүнкү маегибиз аягына чыгат болчу...

**Д. САДЫРБАЕВ:** Ыкы, алгачкы кулакка жөпжөнөкөй суроодой болуп угулгансыган бул суроон кимди болбосун он жолу гердетип, он жолу кургата турган "оңбогон" суроо болуп жатпайбы...

Эгерде биздин мамлекетибиз мыйзамды сыйлаган, адилдикти туу тутуп, адамкерчиликтен тайыбаган, жок дегенде, укуктуу мамлекет болгонго далалаты бар мамлекет болсо да, мага окшогон, сага окшогон же сенден жашыраак Кыргыз Республикасынын кайсы бир жараны тигинтсем болот эле, минтсем болот эле деп тилек кылса, анын эч кандай деле айыбы болмок эмес. Ал эми азыркы биздеги билгениңди жаса, каалаганыңды сүйлө, эненди сатсаң да эч кимдин иши болбойт сени менен, бирок, кожоюнга тийишсең, тишиң күбүлүп, тилиң кесилип, териң тескери сыйрылат деген абдан ырайымсыз, өтө мыкаачы, жеткен арамза саясаттын ээси, былгытма тоталитардык режимдин мамлекетинде "минтейин дедим эле" деп айтмак тургай, ошентип ойлонуп койгондун өзү опурталдуу. Себеби, жер-жерлерден келип жаткан кабарларга караганда, Президенттик шайлоо эбак өтүп, Аскар Акаев ушуну менен төртүнчү жолу жалпы эл тарабынан шайланып алганын тастыктаган документтерге кол коюлуп, бардыгы дапдаяр болуп калган сыяктанат. "Атаны жарыктык ай-я! Добушту 80, 90%ке жеткирели десе, 55% тең ашырбагыла деп койгон имиш" дешип, Аскар Акаевдин чындыкка жакыныраак жасагыла дегенине кейип-кепчип жүргөн аким андан көп.

Президенттин тегерегиндеги жан-жөкөрлөрү элди мынчалык кысымга алып, башка тургай, өзүлөрүнөн-өзүлөрү коркуп-үркүшпөстөн, шайлоону калыстыктын жолуна салып койсо деле, Аскар Акаевдин утуп чыгышы мүмкүн эле, жалаң орус, өзбек улутундагы шайлоочулардын жана Акаевдин айтканын жасап, арыгын чаап, күн көргөн ылгый машине мингич 10 миңге жакын жетекчилердин эсебинен деле, мен аларга баш ийген 100 миңден кем эмес мамлекеттик кызматтагы

мугалим, врач, финансист жана башкалар тууралуу айтпай эле коёюн...

Тегерегинде анын көзүн караган, 20 миңден ашык милийса, 12 миң аскери жер жайнаган аким-саким, прокурор-срокурор, сот-поту туруп, анан Феликс Кулов, Дооронбек Садырбаев, Мелис Эшимканов, Адахам Мадумаров же Данияр Үсөновдун президенттик жарышка чыгышынан чоочулап, "любой ценой" алардын жолун кесиштин аракетин кылып, кыйдыланып жүргөн мансапкорлордун намысы барлыгына, дилинин тазалыгына, ишинин актыгына, кечирип кой, үкөм, башымды кесип алсаң да, ишенемин деп айта албаймын.

Эң жогорку бийликтин үчүнчү мөөнөтүно, болгондо да мыйзамсыз мөөнөтүнө тырмышып чыгып баратып, кошоматчыларынын кол куушуруп туруп **"эки жерде эки бир болот деп, эчтекеден кам санабай оодөлөй бериниз, быягын өзүбүз тууралап коебуз"** дегенине, **"жок андай эмес, эки жерде эки төрт болот"** деп айта албаган Президенттин "бюллетендер уурдалбайт, эч ким кысымга алынбай шайлоолор калыс өтөт" дегенине сен ишенесиңби?

**ТҮГӨЛБАЙ:** Жок, ишенбейм.

**Д. САДЫРБАЕВ: Мен дагы.**

**ТҮГӨЛБАЙ:** Анда эмне тыраңдап атасыңар?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Мен мисалы үчүн, тыраңдай да, сырандай да элекмин. Болгону Президентибиздин дилиндеги бабаларынан калган баатырдык сезими ойгонуп "Мейли, бюллетендерди чет жактагы бир калыс мамлекетке бастырып келгиле. Мен талапкер болуп катталган күндөн баштап, Ак үйгө кирбейм, мамлекет каржылаган джип, мерседес машинелерин минбейм. Вертолет, самолет дегендер менен учпайм. Уул-кыз, тууган-урук, куда-сөөктөрүмдөн бир жакшы команда курап алып, башкалар катары, барабар шартта шайлоого катышам. Губернатор, аким, прокурор, министрлерден кимдир-бирөөлөр менин командама кошулгусу келсе эшигибиз ачык. Кызматын, машинасын өткөрүп берип, өз чөнтөгүнүн эсебинен бир жолу мени колдоп үгүт иштерин жүргүзгөнүнө каршы эмесмин" деген ураан менен жарышка **катышып, ушундай шартта утуп** алып, өзүнүн ысмын, айкөлдүгүн, адилдигин, тазалыгын кылымдардан кылымдарга калтырып, Манастан кийинки

абройлуу орунду ээлеп калаар бекен деген гана жакшы үмүт менен айтып жатпаймынбы бул сөздөрдү.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Андайга бара албасачы?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Андайга бара албаса, ишенчээктик менен жарышка чыгып алышкан балдардын да, кыйшык жолдор менен ал шоркелдейлерди утуп алган Акаевдин да шору. Андай утуш тарыхтын бетинде элдин эсинде "жеңиш" делинбестен, "уурулук" делинип сакталып калат. Бирок, жүрүм-туруму алла-тааланын буйругуна, шайлоочулардын ыктыярына шайкеш келип калган, билегинде күчү бар кимдир бирөө администрация тургай, ааламды таңкалтырып, күтүлбөгөн жерден утуп чыгышы мүмкүн алдыда турган шайлоолорду. Бул оңойчулук менен орундалбай турган, өтө кыйын иш. Аны саатына 80-90 километр ылдамдык менен келаткан 40 тонналык КАМАЗды, тестиер бала көкүрөгү менен тосуп алып токтотуп калганына теңеп койсо деле болот. Бирок, орустар айткандай, мындай нерсе "теоретически возможно". Аны акылы тунук саясатчы, программасы айкын экономист, капчыгы калын финансист эмес, кызыр жылоолоп, кыргыз багын ачкан бир жөпжөнөкөй эле адам утуп чыгышы мүмкүн. Себеби, аткаруу бийлигиндегилер мыйзам-сыйзам, депутат - сепутатынды уруп ойнобой, кожоюн "кочкорду козу туугузасың" десе, уртокмоктун күчү менен, козу эмне болуп калыптыр, кулун, бото, улак, музоого дейре эгиздетип туугузуп ийип аткан ырайымсыз зомбулуктун заманында, сот бийлигиндегилер "Качандыр бир мезгилде улуктун адресине акаарат сөздөрдү айткан телеграф столбасын камап туруп, он жылга кесип ийгиле!" деп, жогор жактан келген буйрукту аткаруу үчүн атайын сот процессин ачып, адвокаттардын:

– Урматтуу соттор! Айыпталып жаткан телеграф столбасы жансыз буюм экендигинен, биерге келип алдагы үстөлгө отура албастан, шаардын четинде, мындан 25 жыл илгери, коммунисттер орнотуп кеткен ордунда турат, жаанга жуулуп, аптапка какталып.

Экинчиден, столбанын тулкусу жыгач экендигинен, анын кулак- мурун, тил-оозу жок. Ошондуктан, ал шоркелдей, улуу-урматтуу улугубуздун адресине акаарат сөз айтмак тургай, "дың" деген добуш чыгара албайт.

Үчүнчүдөн, Кытайга каттаган алып-сатарлар анын чокусундагы аллюминий зымын уурдап кетишкендиктен, айыпталып жаткан столбанын жан-жака белиндегилер менен эч кандай байланышы да жок экендигин эске алып, биз кызыкчылыгын жактап жаткан пенсия жашындагы картаң столбанын улуктун алдында да, Теңирдин алдында да, эч кандай айыбы жок деп табышыңарды суранабыз... - дегенин "кыңк" этпестен угуп отурушуп, 21 кишиден турган соттордун жоон тобу бир добуштан, "Асанбай" микрорайонунун нары жагындагы эски столбаны "12 жылга эркинен ажыратылсын" деген өкүм чыгарган сот бийлигинин өкүлдөрүнөн калыстык тургай ыйман качып турган, адамдардын бир көзүн экинчи көзүнө жоолаштырып койгон тоталдык аңдышуунун заманында кимдир-бирөөлөрдүн цивилизациялык жолдор менен бийликке келиши – келесоонун дагы үч уктаса түшүнө кирбей турган жорук болуп калат. Ошондуктан, кандайдыр бир керемет менен жанагы мен айткан эч кимге белгисиз күчү бар карапайым адам бийликке келип калган күндө да, ал мамлекеттин экономикалык жагдайын тез арада ондоп иет деген сөз болушу да мүмкүн эмес, азыркы таш-талканы чыгып, кыйрап калган мамлекеттик чарба, о бир топ жылдарга созулуп барып оңолбосо, аны "шыр эле оңдоп ием" деген саясатчынын, бей-бечеранын ырысын кыйган шизик-мизиктен айырмасы жок болуп калат. Ал эми, копчүлүктүн көкөйүнө көк талкандай тийген жылма диктатураны жыгыткан немени XXI кылымдын башталышындагы кыргыздын ыйык инсаны деп жарыялап, анын атак-даңк, кадыр-баркын мусульмандардын Мухаммед пайгамбарына, түрктөрдүн Ата Түркүнө, коммунисттердин Ленинине теңеп, көзүнүн тирүүсүндө, же жеңип чыккандын эртеси күнү эле ошенте берсе деле болот, айкел эстелигин Ала-Тоо аянтына койдуруш керек эле.

Анткени, андай адамдын ысмы, Кыргызстандагы бийлик күч колдонулбастан, кан төгүлбөстон, мыйзамдын чегинде, тынчтык жолдор менен алмашылганынын символу катары, Кыргыз улутунун, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхында алтын тамгалар менен жазыла турган чындыгында эле ыйык ысым болуп калат. Ошол ысым-улуттук ынтымактыктын гаранты катары кыйла жылдарга дейре сакталып калышы да мүмкүн.

Ал эми ынтымак бар жерге, адилдиги бар жерге ырыскешик, береке-токчулук деген нерселер баш бакпай койбойт. Аны кыргыз жерине жакындатыш, жанагы журт баатырынын эмес, башкалардын тилинен сөз, колунан иш келген саясатчы, экономист, финансист, врач, мугалим, дыйкан, илимпоз жана башка ушул сыяктуу кесиптерди жылоологон Кыргызстандын ар-намыстуу уул-кыздарынын милдети.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Азыркы сиз айткан, көпчүлүктүн көңүлүндөгү баатырдын ролун Мелис Эшимканов, Алмаз Атамбаев, Аскар Акаев, Адахан Мадумаровдордун кимиси аткара алат? Дегеле президенттик жарышка талапкер болуп аттаныша турган бул саясатчылардын кимисине кандай баа берет элеңиз?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Эч кимисине "жаман" же "жакшы" деген баа койгум келбейт. Булардын кимдир бирөөсүн жакшы көрсөк да, кайсы бирин жактырбасак да, төртөө тең журтубузга аты угулуп, башы көрүнүп калган кыргыздын таанымал уулдары. Ар кимисинин жаратылыш тартуулаган эстүүлүгү менен наадандыгы, айколдүгү менен арамзалыгы, жакшылыгы менен жамандыгына жараша, калк ичинде, кадыр-баркы бар, эч ким тартып ала албай турган. Эгерде сен, агаңа элет мектебинин экзаменаторунун ролун кармата салып кимдир бирөөлөргө баа койдургандын ордуна "байке, ушул төртөөнүн саясий салмагына, интеллектуалдык дараметине жараша бир катарга тизип, биринчи орундан төртүнчүсүнө дейре билгеииңиздей жайгаштырып берсеңиз" деп сураган болсоң, анда мен өзүмдүн коз карашыма ылайыктап, Адахам Мадумаровду биринчи орунга чыгарып, Мелис Эшимкановду анын артынан коё берип, Аскар Акаевди Алмаз Атамбаевден кийинки төртүнчү орунга жайгаштырмакмын. Себеби, А.Мадумаров, М.Эшимканов, А.Атамбаевдердин өлкөнүн Президенти да, Улуттун баатыры да болгудай Конституциялык укугу жана журттун туусун жыга турган кудурети да бар.

Ал эми Аскар Акаев жөнүндө айта турган болсом, ал он жылга жакын бийликтин эки тизгин, бир чылбырын эч кимге карматпай, өзү мыкчып келаткандыктан, бүгүн анын Конституциялык укукка талапкерлигин жарыяламак тургай, теңчилик заман, экономикалык өсүш, паритеттүү маселелер

жөнүндө сөз кыла турган моралдык дагы, мыйзамий дагы эч акысы калган жоктугун баса белгилей кетүүгө аргасызмын.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Демек, сиздин оюңузча кимдир бирөөнүн колунда үстөмдүк кылып турган бийликти чөгөлөтө алгыдай белгисиз күч барбы азыркы Кыргызстанда?

**Д. САДЫРБАЕВ:** Бар эмегенде, андай күчү жок, жакшылыктан үмүтү жок эл эл болуп эмнени кыйратмак эле... Сөзсүз болушу керек. Эгерде жок болсо, анда, жана сен айткандай, тыраңдаштын кереги не... Тагдырдын жазмышына моюн сунуп, көрүнгөн жактан келген көөдөнү түктүүлөргө кулдук уруп, маал-маал башына чаптырып, башка жагыңа тептирип алып, өлбөстүн күнүн көрүшү керек, андай адам сыпаты – ар-намыстан кур жалак калган мажес эл. Бирок, менин оюм башкача. "Өлбөй турган өмүр жаратпаган, жешилбей турган темир жаратпаган" Көкө Теңирим бул дүйнөгө. Оодарылбайт-чайпалбайт делинген өтө бакыбат империялардын кантип чөк түшкөнүн тарыхтын барактарынан окуп келебиз. СССРдин тым-тыракайланышына өзүбүз деле катышпадык беле. Ошондуктан, намысты сындырып, мыйзамды басмырлап, журттун кызылын чокуган ырайымсыз режимдин азуусун жулуп, асманынын караңгылата турган адил күч ыкшоо кыргыздардын арасынан деле чыгышы ыктымал.

**ТҮГӨЛБАЙ:** Анда, мага деле айтып койбойсузбу ошонуңуздун дым-дарегин...

**Д. САДЫРБАЕВ:** Шашпа, аны билээр замат сени, сага окшогон инилеримдин бакисин андай күч менен коюн-колтук алыштырып коем... Ага дейре аман болгулачы, башың өскүрлөр. Сен өзүң азырынча ушуга каниет кыла тур...

**ТҮГӨЛБАЙ:** Маакул, анда мен Ала-Тоо аянтына бара берейин...

**Д. САДЫРБАЕВ: - Эмнеге?**

**ТҮГӨЛБАЙ:** Постаментке ылайыктуу жер чектеп койгону...

***"Асаба" газетасы үчүн маектешкен***
***Түгөлбай КАЗАКОВ,***
***2000-жылдын июль айы***

# НААМАРТЧЫЛЫК

Редакциядан: "Ордо" газетасына көлөмдүү маеги басылган экен, аны башынан аягына чейин окуп чыгып, Д. Садырбаевдин андагы айткан ой-пикиринин айрымына кошулуп, айрымына кошулбай турганымды айтып мен дагы алыма жараша маектешип келейин деп иштеген жерине барсам, эмнегедир Докемдин шаабайы сууп, көңүлү чөгүп, кадимки "полетун" дембе-дем соруп коюп отурган экен.

– Бүгүнкү күндүн газеталарына президент менен сиздин гана айткандарыңыз мынчалык этектей-этектей болуп олчоюп чыкпаса, андай мүмкүнчүлүк ар ким, ар кимдерге берилген эмес. Жоро-жолдошту чогултуп жуугандын ордуна, мине минтип, кабагыңызда кар жаап отуруп калгансыз? – десем:

– Кел Бекташ... – деп Докем жанынан орун көргөздү. – Жуубай калайын, мындайын билсем таптакыр чыгартпайт элем. Оппоненттериме дагы мени баса калып тепкилегенге шылтоо табылып калбадыбы, айтайын дегенимдин канат-куйругу жулунуп, токол болуп жарык коргөнүнөн. Мейли эми, мындан ары кыргыз тилинде чыга турган газеталардын бирөөнө дагы жакындабай калдым көрүнөт. Сөксө – сөгүп, боктосо – боктой берсин каалашынча, мен эми эч кимге каяша жазбаймын. Көзүмдүн тирүүсүндө мен кандай жазсам, басмадан ошондой чыга турган күнгө жетпей, бул ааламдан өтүп кете бере турган шыбага буйрубаган болсо, менин колуман эмне келмек эле...

Эртеси "Rec publicaдагылар" өзүбүзчө акылдашып, ал маектердин кол жазмалары менен таанышып чыгып, Докем тегин жеринен чыркырап атпаганына көзүбүз жетти. Редакторлордун ыксыз кескилөөсүнөн кийин айтылып жаткан ойдун мүчүй түшкөнү аз келгенсип, башка бирөөнүн сөзүнүн Докем өзү айтып жаткандай болуп, түп тамырынан бери өзгөрүп калганын көргөнүбүздө... Ошондуктан, анын "Асаба",

“Ордо” газеталарына кыскартылып чыккан “Акаевдин президенттиги мөртө-шөртө”, “Наамартчылык” деген акыркы эки маегине түзөтүү киргизбей, кыскартпай, көзүнүн тирүүсүндө толук бойдон кайра басып чыгып, аксакалдын сообуна калалы деп чечтик, “Res publicaнын” бир эки номерин бүт бойдон Д.Садырбаевдин маегине арнасак да...

Акыры анын айткандарына толук бойдон көшула албасак да, анын башкаларды туурабаган, өзүнө гана тиешелүү ой жүгүртүүсү бар экендиги баарыбызды ынандырды.

Д.Садырбаевдин чыгармачылык жана саясий жолуна “туура же туура эмес” деп “Res publica” газетасы бир беткей баа бергенден да алыс. Мындай бааны окурмандар өзүлөрү беришсин. Эл берсин. Биздин максат, аны журт назарына жеткирүү болгондуктан, бүгүнкү номерди бүт бойдон Дооронбек Садырбаевдин чыгармачылыгына арнамакчы болдук. Редакциялар тарабынан кыскартылган сөз, сүйлөм же маектин блокторун боегу коюу тамгалар менен бастырып өзүнчө ажыратып койдук.

***Бекташ Шамшиев***

– Дооронбек Садырбаевич, сиздин “Асаба” газетасына чыккан түз байланышкан маегиңизден кийин бакма газеталардын беттеринде жеке турмушуңузга асылган материалдар жарык көрө баштады. Бул жетинчи кабаттагы журт аталарынын жең учунан берген буйругу эмеспи?

– “Асабанын” өткөн сандарынын биринен бир анекдот окуганым бар. Анда психбольницанын ишин текшергени барган комиссия мүчөсү башкы врачтан “Кайсы палатага кирбейли, ноокастардын бардыгы эле өзүлөрүн “мен – Ленинмин” деп тааныштырып жатканы эмнеси?” – деп сураса башкы врач:

– Былжыраша берет. Эч кимисине ишенбеңиз. Ленин – менмин! – деген имиш.

Анын сыңарындай, республикалык психоневрология ооруканасынын башкы врачынын орун басары жөнөкөй адам эмес Ленин болгон күндө да, жетинчи кабаттан таянган тосу болбосо, “Наша газетанын” баш редактору, менин кыйла жылдардан бери жакшы мамиледе жүргөн таанышым,

сагызгандан сак, башынан кыйланы кечирген мамчиновник Александр Иванович Малеваный мынчалыкка бара албайт эле.

– Компурматериал кылып кармагандары негизинен шпократка ант берген врачтын сизге жазган ачык каты экен. Кызыңыз туурасында айта кетсеңиз?

– Менин кешиксиз кызым тууралуу башка газеталарда деле жакшы эле жазылып атат. Энеси экөөбүз анын азабын армансыз тарттык. Ошол кыздын айынан менин чачым эрте агарып, жеңендин жүрөгү оорулуу болуп калды, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек жатып. Ошол аеолуу перзентибиздин биз тартпаган азабынын дагы чаласы калып калса, аягына чейин тартууга даярбыз. Бирок, мунун баары шоона менен көктөлгөн, барып турган пас, барып турган ыплас саясий иш экендиги, сокурга деле көрүнүп турбайбы. Бүгүнкү күндөгү мамлекеттин жана анын туткаларынын адамгерчилик деңгээли ушундай болсо кантмек элек. Бул – бийликтегилер тарапка тике карап коюп, алардын каарына калып, итиркейин келтирген кишинин ар биринин омурткасын сындыра чаба турган ушул сыяктуу “досьелорубуз” бар деп эскертип жатканы болуш керек. Өзгөчө “түндүк-түштүк” проблемасы оозго алына баштаганы бери күчөп келатат, Ош, Жалал-Абаддын аты чыгып, башы көрүнүп калган уул-кыздарынын беделин ылдыйлатып, көртирилик убарасында жүргөндөрдү аңдыштырып, бири-бирине айыбын чукутуп, белин мертиндирмей оюндары. Мен билгени түштүктүн эли ишеним тагып шайлап жиберген депутаттардын дегеле тазасы калбады: Ө.Текебаев менен Турсунбай Бакир уулунун инилерин, А.Мадумаров менен А.Эркебаевдин шоопурларын, Б.Эркинбаев, Ү.Сыдыков, Ш.Сыдыков, М.Калмурзаев, М.Айбалаев жана мага окшогондордун өзүлөрүн журт көзүнө желмогуздай кылып көргөзүүнүн амалын жасап жанталашышып.

Тилин тыйбай, оюндагысын бетке айтып жүргөндөрдөн ичип-жегенге байланыштуу “компроматы” жогу мен эле калдым эле, мени дагы ушинтип мертинтип тынышты окшойт, талуу жериме согуп, өмүр бою жыйган-тергенимен “полет” сигаретинен башка эчтеке таба алышпаганынан. Бар, иним, төролгөндөн көзү өткөнчо бу дүйнөдөн бир жакшылык көрбөй, бир жолу “ата, апа” деп айта турган тили чыкпай, о дүйнө

кеткен бечара кызымдын бар экендиги чын. Анын тагдыры ошондой болуп калганына А.Акаев, А.Жумагулов, Н.Касиев, Ф.Куловдордун эч кимисинин тиешеси да, айыбы да жок. Кудайдын кылганы ал. Менин өзүмдүн кайгым ал. Мендейлер ар заманда, ар элде болуп келген. Бирок, ансыз да өксүп тургандардын өлгөнүнүн үстүнөн көмгөн кылган не бийлик адамы, не карапайым киши болбоптур, адамзаттын тарыхында. Өзгөчө кыргыздар мындай-мындайда, “сокурду – азиз, жетимди – сагыр, жиндини – мусаапыр” дешип, чыныгы кемчилигин терген сүйлөшчү экен, ансыз да кудай жазалаган немелердин көңүлүн оорутуп албайлы деп этияттанып. Мен го мен болдум эми, кара жер менен тең болдум эми. Эл болгондон кийин, журт болгондон кийин менин тагдырыма окшош тагдырлуулар дагы чыгышы мүмкүн жер-жерлерден. Андайлардын дагы сай-соогүн сыздатып, сакалы ылдый жашын агызып, мынчалык наамарттыкка барбагылачы, бай болгурлар, чокой боолук бийлик үчүн ушунча жанталашып...

– Акыркы кездерде түндүк-түштүк маселеси эмне үчүн мухиттеги айсбергдей саясый чөйрөдо калкып чыга баштады?

– “Түндүк-түштүк” проблемасы Кыргыз Республикасындагы мурунку бардык кубаттуу ири чарба жана ондүрүш ишканаларын чилдей таратып, ар ким өзүнө тиешелүүсүн бөлүп-бөлүп алып, алына жараша тирилик кылсын деген чакырык менен реформа жүргүзүүдөн башталды. 70 жылга жакын убакытка дейре мамлекеттүүлүктүн жана коллективдүү чарба жүргүзүүнүн кебелбестиги канына сиңип калган карапайым калк реформаң эмне, ваучер дегениң кандай экенин түшүнбөй эле, “бергенди ала бериш керек” деп, баягы соңиализмдин маалындагыдай, колуна тийгендин бакисин алып атып, акыр аягында жер сыйпалап отуруп калды. Мисалы, Ат-Башыдагы агрономго караганда, Бишкектеги министр же прокурор менчиктештирүүнүн торкүнүн эртерээк түшүнүп калгандыктан, өзүнө караштуу тармактагы тырмакка илине тургандын бакисин уулуна, күйөо баласына, агасына, тагасына, жээнине, кудасына жаздырып, кылмыш кодекси аркылуу эч ким айып тага албай тургандай кылып, жылчыксыз прихватизациялаштырып ээлеп алды. Андан калган-катканын областтык деңгээлдеги жетекчи ошентти. Областтык

жетекчиден ашканы райондук деңгээлдеги аткаминээрдин чөнтөгүнө түшүп, эң акырында колхоз-совхоздордун раистери үйүр-үйүр жылкы, бада-бада уй, короо-короо койлорду күркүрөтүп базарга айдатып барып, наркына жараша саттырып, анан 1000 сомдук жылкынын оордуна 100 сомдук тай, 500 сомдук уйдун ордуна 50 сомдук торпок, 100 сомдук койдун оордуна 10 сомдук козу сатып алып, баш эсебинин чып-чыргасын коротпой калыбына келтирип туруп, бирок ошол арык-торук малды тиешесине жараша совхозчу, колхозчуларга бөлдүрүп берип, этек-жеңин кагынып чыга берди, "А.Акаевдин реформасын 108%ке бажардик" дешип.

"Май кармаган бармагын жалайт" дегендей, айыл жеринен борборго чейинки мамлекеттик бийликке тиешеси бар сот, прокурор, КГБ, милиция, бухгалтер-сугалтерден өйдө даражасына жараша ар ким ар нерсе кармап, бармагын, сөөмөйүн, чыпалагын жалап атып, Кыргызстандын эли негизинен эки топко бөлүнүп калды. Биринчиси, 10%ке жакыны пул кармап, завод кармап, фабрика кармап, базар кармап, мал кармап, бензин кармап, спирт кармап, май кармап бармактарын жалап күн көрсө, экинчи, 90%тен ашыгыраагы, абалы бөлүштүргөндө тийген арык-торук малынын пулга жараганын пулга сатып, андайга жарабаганын арак-виного алмаштырып, такыр эч ким албай койгонун жеп түгөтүп, акыр аягында койдун коргоолун жыттап, кемпиринин көсөөсүн жалап калганда, кары-жаш, катын-калач, кыз-кыркын жабыла көчөгө чыгып, үйүндөгү эски-уску эмерегин сатты, сигарет сатты, көзүн сатты, башка жагын сатты, иши кылып, ар ким колуна тийгенин сатып күн көрүп, илгерки бардыгы "биздики" болсо, эми "бул меники, бул сеники" деген түшүнүк ар бир адамдын аң-сезимине коргошундай болуп кубулуп, ээлик кылуу принциби боюнча, республиканы – областтарга, областты – райондорго, районду – айыл-кыштак, айыл-кыштакты – уруу-урууларга бөлүнүүгө алып келди. Мындай болгондон кийин, калк мамлекетке канча берип, анан кайра мамлекеттен канча ала тургандыгын эсептеп көрсө, буга чейинки саясатта, экономикада, географияда же жөн эле күнүмдүк тиричиликте май кармап, бармагын жалап жүргөндөрдүн кыңыр иш кыйдылыгы, бейкалыс,

бейнысаптыгы сорок деп чыга түштү, чоңдун да, кичинесинин да көзүнө даана көрүнүп. Мындай жагдай мурда Совет бийлигинин жылдарында деле кезигээр эле. Бирок, андагы шарт таптакыр башкача болгондуктан, азыркыдай оркоюп көрүнчү эмес. Мисалы, Жалал-Абаддын элет жериндеги 140 сом айлык алган мугалим, ошол акчасына самолетко түшүп 10 жолу Бишкекке келип кете турган мүмкүнчүлүгү бар болучу. Андай кырдаалда жогорку окуу жайынын Нарында, Таласта же Быстровкада жайгашышы кадамжайлык шахтердун үй-бүлөлүк бюджетнне олуттуу таасирин тийгизбей, он жылдыкты бүтүргөн уул-кызын көпкө ойлонуп отурбай, иши кылып эле Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын бирине жөнөтүшө бере турган. Анда 65 сом пенсия алган жесир аял деле, өзүн-өзү бакканы мындай турсун, бир кызын же уулун каалаган жерине жиберип жогорку билим алдыра турган мүмкүнчүлүгү бар эле. Азыр базар-коргондук пенсионер чал-кемпир жалгыз баласын Бишкекке жиберип окута алабы?

– Жок.

– Мына көрдүңбү, бул билим алуу жагындагы эле агалдылангандык. Турмуштун кайсы тармагын карап чыкпайлы, мен буга окшогон түштүктүн элине карата жасалып жаткан адилетсиздикти четинен таап беремин. Менин бир кеп жебес оппонентим "Кыргыз Туусуна", "Д.Садырбаев, андай эле кыйын болсо, түштүгүнө бир университет ачып салсын өзүнүн акчасына!" деп айкырып чыгыптыр.

Мен түндүк менен түштүктөгү өз каражатына жогорку окуу жайын, башталгыч мектеп же кинотеатр ачып жатышкан капчыгы калың азамат уул-кыздар жөнүндө сөз кылып жаткан жерим жок го... Колунан келсе, түндүктүн ар бир айлына бирден университет ачып койсо дагы, андай немени "кудай жалгасындан" башка эчтеке дей албаймын...

Мен түштүк менен түндүктүн жалпы салык төлөөчүлөрүнүн ак эмгек, маңдай теринин эсебинен иштеп жаткан жогорку окуу жайлары тууралуу сөз кылып жатпаймынбы...

"Ар жылы тийиштүү салыгын төлөп, мамлекеттин бардык ыгым-чыгымын тең көтөрүп турган элдин жарымы түндүктө, жарымы түштүктө болсо, анан жогорку окуу жайлардын 80%

түндүктө жайгашып, ал окуу жайларды түштүктүн 10%ке жетпеген балдары окуй турган болсо, менин шайлоочуларым эмне себептен дайыма өзүлөрү жебеген мантынын акчасын төлөшү керек?" деп сурап жатамын мен, журт тагдырын калчаган жакшылардан. "Качанкыга дейре пулу только бизден эле боло берет, гаа-гаада сизденам босо бовойву?.." десем, мени минтип жабыла төө бастыга алып ийишкенин өзүң көрүп, окуп жүрөсүң.

Дагы башка бир мисал: Советтер Союзу тараганда ким каерди жана эмнени ээлеп турса, ошол бойдон кала берсин деген келишимге кол коюшкан экен, андагы жетекчилер. Республиканын ичи деле ошондой эле принцип менен бөлүнүп келип, жалгыз Жалал-Абад облусунун суусунун күчүнө чакталып, жерине курулган ГЭСтердин үзүрүн Бишкек шаары көрсүн делинип калыптыр.

Ооба, Нарын каскадын маалында жалгыз эле Жалал-Абад областы өзүнүн каражатына курган эмес, эгерде андай принцип менен бөлүштүрө келсек, анда Кайыңдыдагы килем заводун, тасмадай тарталган Бишкек – Каракол жолун, борбордогу Ак үй же Бишкек шаарынын өзүн жана ушул сыяктуу толуп жаткан баарыбызга тиешелүү объектилерди дагы ошол областтар өзүлөрүнүн каражатына курган эмес. Анда алар дагы тапкан-туткан киреше-чыгашасын киши башына жараша бөлүштүрсүн барабарлап, себеби, бүткүл Кыргызстандын эли курган аларды дагы. Анан эмне себептен башка областтардын аймагына жайгашкандын бакисинин баш-оту, киреше-чыгашасы менен ошол областтардын карамагында калат да, республикадагы жападан-жалгыз кирешелүү тармак делинип эсептелинген энергохолдингдин ээлиги Жалал-Абад областынан чыгарылып, Бишкек шаарына берилип калган?

Азыр мени акылы жайында эмес дейсиңерби, сепаратист, националист, трайбалист, коммунист дейсиңерби, мага баары бир, бирок, азыркыдай түштүктүн элине карата жасалып жаткан ийри мамиле түзөлмөйүн, бул проблема бүгүн болбосо, эртең башка бирөөлөр тарабынан деле котөрүлүп чыкпай койбойт.

Менин айтып жаткандарым – кыйладан бери аң-сезимдүү ар бир түштүктүкмүн дегендин тилинин учунан, көкүрөгүнүн тереңинен орун алып, айыкпай келаткан дарт. Мен муну бала

кезимден бери карай эле угуп келатамын. Башкалардан менин айырмам – булардын бардыгын жалаң түштүктүктөр чогулган отуруштарда күңк-мыңк этип, узун-туурасынан жиликтебестен, келгиле, мындай проблема болсо, баарылап акыл калчашып көрүп, тыякты да, быякты да канааттандырган алгылыктуу бүтүм чыгаралы деп ачыкка чыгарып жыткандыгым. Түндүк тараптын аркыл-аркыл проблемаларын деле омуроолошпостон, итирендешпестен, аны купуя сыр катары жаап-жашырбастан ортого салып, акылга сыярлык жолдорун баарылап табалы деп келатканымды "Кыргыз Туусу" эле билбей калбаса, Чүй боорунун эли билет. Себеби, Чүйдүн өзүнүн проблемасы бар тездик менен мамлекеттик деңгээлде чечиле турган. Аны мен дайыма айтып келатамын, "Өөй, башың өскүр, областтардын жетекчилери! Жок дегенде барган жериңердин жаштарын Ата Журтунда кармап калгылачы иш таап берип. Болбосо Чүй боорунун топурагы менен ташы резина эмес, эби сыны жок чоюла бергидей. Бүтүн Кыргызстандын эли Чүй бооруна азыркыдай болуп чогула берсе, чүйлүктөрдүн өзүлөрү каякка барып жан сактайт? Деги мамлекеттин эртеңки күнү тууралуу жан кейитип ойлонгон киши барбы Кыргызстанда?" – деп.

Мен жолугушууларга барган сайын шайлоочуларымдан уккан-билгенимди чогултуп туруп, "Айт" дегендерин алымдын келишинче айттым. "Де" – дегендерин – дедим.

Эми башка чаптырабы, башка жерине тептиреби же энесине сөктүрөбү, иши кылып кандай шыбагага каниет кылаарын түштүктүн эли өзү чечиш керек. Менин миссиям ушуну менен бүттү.

– Бийликтин жана экономиканын кризисине көз карашыңыз?

– "Кризис" – дегендин өзү жакшы нерсе эмес. Экономиканын кризисине бийликтин кризиси шерик болуп алса, өлгөндүн үстүнө көмгөндүк менен барабар жагдайга кириптер болобуз. Менин түшүнүгүмдө, Кыргызстанда экономикалык кризис болсо болгондур, бирок, бийликтин кризиси билине элек. Тескерисинче, бийликтин ийри тырмагы турмуштун бардык коңулуна соймоңдоп кирип, азыр өзүнүн эң бийик туу чокусуна чыгып турган чагы. Мен, албетте, президенттик бийлик жөнүндө айтып жатамын.

– Президенттик команда жана трайбализм?

– Президенттик команда тууралуу эчтеке айткым келбейт, себеби, кийинки мезгилдеги алардын бакма басмалары менин кирдеп калган дамбалымдан өйдө бокчодон сууруп чыгып, жумурай-журтка көргөзө баштаганынан аердегилердин цивилизациясынын чегинде саясий дискуссия жүргүзгөнгө чейин жетилип калышканынан күмөнүм бар. Анын үстүнө Ош, Жалал-Абаддагы менден кичүүлөрдүн бакиси "аке" дешип, тууган сезип, айрымдары бөлөк-бөтөндөр менен учурашканда, "Дооронбек акани таанийсыңбы? Ии, мен ошонун бир тууган үкаси болом" деп азилдешип коюшат экен, кийин андай туугандыктын азабын тартып калышаары менен иши жок.

Ошондуктан, эч жазыгы жок оштук же жалал-абаддык бир кыргыз баланын машинесинен наркотиктин пакети же кайсыдыр бир мыйзам тарабынан тыюу салынган зат чыгып, озү түрмөгө түшүп же кызматынан айдалып кетишин каалабаганымдан, Президенттин командасы жана трайбализм тууралуу билгендерим, өзүмдө эле калсынчы...

– Сиз депутат болгон Ноокен районундагы бир убакта арендага берилип, 1980-жылы ал мөөнөтү бүтүп, бирок, ушул кезге чейин Кыргызстанга алына элек жерлер тууарасында айта кетсеңиз? Өзбек бажыканасындагылар биздин чек арадан ок чыгарган окуялар болууда.

– Бул өтө татаал маселе. 1960-жылы Өзбекстан менен Кыргызстан келишим түзүп, Өзбекстан ошол кездеги Ленин районунун 45 миң гектар жерин өздөштүрүп, ал жерди өздөштүрүүгө катышкан кожолуктары менен кошо 20 жылдан кийин кайра беребиз деп, арендага алган экен. Ал документтерди мен өз көзүм менен көргөнмүн. Бул маселени 80-жылдардан баштап, даректүү фильмдеримде бир нече жолу которсөм да, өзбектер менен сүйлөшүүгө жеткизбей эле, өзүбүздүн чоңдор менин фильмдеримен мындай маселелери бар эпизоддорду кестирип таштап, өзүмө болсо "Жөн жүрсөңчү, Өзбекстан эмне, заграницабы? Баары СССРдин жери, анын кайсы республикага жазылып калганынын айырмасы жок" дешип, нотациянын төрөлөрүн окуп, тыйып келатышат. Чек ара сызыктары даана чийилип, келишими, актысы менен Өзбекстан тарапка өтүп кеткен жерлерди айтпай

эле коеюн, кечөө жакында эле Карл Маркс атындагы колхоздун аркыл-аркыл раистери, бригадирлери менен ыстакан кагыштырып, палоо жеп отуруп эле сүйлөшө коюп бөлдүрүп алган, эч кандай документи жок, бүргөндүлүктөрдүн жери Маданияттан Майлы-Сай тарапка 24 километрге чейин өрдөп, Өзбекстанга өтүп кеткен. Чек аралаш райондун малдуу-пулдуу адамдары аерлерге суу чыгарып, бак отургузуп, эс алуу үйүн, пансионат, склад жана башка күнүмдүк тиричиликке керектүү имарат-жайларды куруп, юридикалык эч негизсиз, ал жерлерди ээлеп алышкан. Мына ушунун айынан Бүргөндү менен Көк-Таштын 15 миңге жакын калкы же жарытылуу эгин айдай турган жери, же малын бага турган жайыты жок, кылымдарды карытып жан багып келген Ата Журтунда ачыктан ачык басмырланып турган чак. Алардын таламын талашып, коңшу өлкө менен мамлекеттик деңгээлде сүйлөшүүлөрдү жүргүзө турган бир тебетей кийген депутат же жетекчи болбосо, маңдайына жазылганын көрүшөт да кургурлар.

Менин билишимде, биз тараптын төбөлдөрү "жерибизди кайра белгиле" демек тургай, бул жагдайды сөз кылгандан коркушат окшойт. "Жардынын коногу бийлейт, жамандын бойдогу бийлейт" деген бүгүнкү күндүн ачуу накылын, адабиятчы катары байыркы бабаларыбыздан мындан бир нече кылым илгери кантип билип алышканынын түйүнүн чечүү менен алпурушкандан башка арга жок менде.

Ал эми өзбек бажыканаларына келгенде, биз түштүктүн да, түндүктүн да эли мындай жагдайга абдан ыраазылыгыбызды билгизишибиз керек, алар кыргыздын мамлекеттик бөлүнбөстүгүнүн туткасы болуп турат деп. Эгерде 1992-жылдан бери карата андай бажыканалары жок, эки өлкөнүн чек аралары туптунук, апачык болуп турса, түштүктүн 2,5 миллионго жакын калкы менен Өзбекстандын Фергана өрөөнүндөгү 10 миллиондой калк камыр-жумур болуп аралашып кетип (эчен кылымдардан бери оодарылбай-чайпалбай келаткан карым-катнаш бар), эриш-каркак күн көрүп гөшү – кыргыздан, күрүчү – өзбектен чыгып, көк чай ичип, палоо жешип, өзүнөн өзү биздин сомубуздун кунары качып, бийликтин күчү тайып, мамлекеттик бөлүнбөстүгүбүзгө до кетип калмак. Эгерде Өзбекстан андай бажыкана койбосо, анда

биз коюуга аргасыз болмокпуз, калкыбызды качырып ийгенден коркуп. Жанагы сен айткан “ок атуу” болсо болгондур, ошондой чоң элден жалгыз тентек чыкпай коймок беле. Бир жообкурдун кылганын бардык бажыканаларга же бүтүндөй бир элге мүнөздүү деп айтууга болбойт. Бирок, “дармансыз эрдин зайыбынын этеги кургабайт” деген эски сөз дагы тегин жеринен айтылбаса керек эле, андай-андай этегибизди кургатпаган окуялардын далайы болот, арка-бел туткан эркек танабыздын кудурети ушу болсо...

– Кайрадан “дежур чалдар” ойгонуп, Акаевди үчүнчү мөөнөткө калтыруу маселеси көтөрүлөт деген сөздөр айтылып жүрөт. Дубананын чапанындай болгон Конституциябыздын тагдыры эмне болот?

– Бул жарыктык дүжүр чалдарды дагы туура түшүнсө болот. Алар жөн чалдар эмес, кечөө жакында эле, он-он беш жыл илгери, иши жүрүп, ити чөп жеп турган маалда аты угулса, ыйлаган балдарды сооротkон, дүжүр чалдар эмес, күзүр чалдар эле баары тең. Обкомдун, райкомдун катчысы, сот, прокурор, милициянын начальниги болуп иштеп турушканда, жүздөгөн, миңдеген адамдардын тагдырларын каалаганындай калчап, алар жаман көзү менен койгондун жамбашы сынып, акырайып койгондун асманы караңгылап, беш козу өлтүрүп алган чабандын бешиги талкаланып, жети кадам жерге пахтасы чыкпай калган бригадирдин жети атасы айыпка жыгылып, коммунисттердин доорунда оозунан от чыгып турган немелер, жашы улгайып, бийлигинен ажырап күүдөн-күчтөн кайтып калган маалда, айыл-ападагы карапайым адамдардын арасына батпай, эч кимге керексиз эски буюм катары кунары качып турганда, алдыларына дасторкон жайып, ийиндерине чепкен жаап, аксакал-көксакал деп далыга таптап койгон адамдын айтканын аткарышпаганда, анан эмне кылышмак эле жарыктыктар...

Болбосо алар менен жашташ, өмүр бою эл арасынан чыкпаган саясат-маясат, президент-срезидентиң менен иши жок, акылы, эмгеги менен журтуна чыныгы кадыры бар ыймандуу чалдар, дүжүр чалдардан алда канча көптүк кылат жер-жерлерде. Мына ошолордун пикирин элдин пикири деш керек. Берки Акаевге ак батасын берип жүргөн чалдар абдан аз,

алар аш басып берсем мага, же сага, “бер” десең Лукашенкого деле бере беришет батасын. Акыры бата бергени үчүн соттолбой турган болгондон кийин бере беришет да каалаганына. Өгүнү Оштун аэропортунда самолет күтүп отуруп, бир депутат инимден укканым бар. “Айыл-кыштактарга жаңы анекдот жайылып кетиптир” деп.

– Кандай анекдот экен?

– Биздин дүжүр чалдарды Анжиянга алып барып палоого тойгузуп туруп, “Топчубектин эмчегин... соргула!” десе деле соро беришет деп...

Так что, ошондой оштук чалдарың, сен айткандай, инициатива менен чыгышы мүмкүн. Башка жактын чалдары анчалык бейнамыстыкка барышпайт го деп ойлоймун. А Оштун “племенной” дүжүр чалдарына даба жок. Айрым аты чыгып, башы корүнүп калган саясатчыларына дагы. Калтардай кулпуруп турган аттуу-баштуу жигиттер арбын аякта, эртең менен жан талашып чыгышты карап, түштөн кийин батышты карап эйпелектеп жүгүнүп, аркаягын качан, кимге, канча тосуп берүүнү кыйладан бери кесип кылып күн көрүп келатышкан. Кылтылдап турушат го кысталактар, жылтылдап турушат, бүгүн бирди, эртең башканы сүйлөшүп. Айла канча, сасык деп уй мурдун кесип салбай имиш, а да өзүбүздүн ичибизден чыккан ийри жылан. Андайлар бирибизге ага болсо, бирибизге тага, бирибизге жээн. Кысталышта биринин артынан бири шуркуратып суу куйганга усталары көп, биздин түштүктүн мыкты чыкмаларынын арасында. Анан кантишсин бечаралар, малын берип, пулун берип, арга кеткенде жанын жана башкаягын берип атып, өлдүм-талдым дегенде бир чокой боолук бийликтин бутагына илинип же май талканга бармагын жаңыдан салып алгандан кийин, анысынан ажырагандан көрө сатат ар-намыс тургай жатындашын деле... Кыйла жылдардан бери түштүк калкынын канына сиңип калган күнкорлук, кошоматкөйлүк, азыркыдай бирин бири шыкылдатып сатмайга үйрөтүп коюптур кургурларды. Өмүрбек Суваналиев депутат кезинде андай адаты барларды байкап калсак, ал адам нарындык, таластык, ысык-көлдүк же Бишкектен болсо деле “Аа... оштук турбайбы...” – деп учетко алып койчубуз. Так что,

башка жерден деле "племенной" оштуктар чыгышы ыктымал сен айтканды жасай турган.

Ал эми Конституция жөнүндө эчтеке дей албаймын. Конституция – мен үчүн ар ким ар кимге туш тарабынан жыра тарттырбай турган ыйык китеп. Тuурабы-туура эмеспи, жаманбы-жакшыбы андагы жазылгандын бакисин карапайым атуулдан Президентке чейин кыйшаюусуз аткарууга милдеттүүбүз. Антпесек, оңбой калабыз. Ошондуктан, Конституциянын тагдыры үчүн менин көңүлүм ток.

– Сиз бүгүнкү күндө өзүңүздү артист катары же саясатчы катары сезесизби?

– Бекен иним, мени жактап же боктоп жүргөндөргө кошулуп, сен дагы менин артисттигимди таптакыр башка мааниде түшүнүп атасың. Мен драмтеатрда роль ойноп, филармонияда күү чертип, эстрадада ыр ырдап, аткаруучулукту кесип кылган артисттерден эмесмин. Менин кесибим – кинорежиссерлук. 35 жыл бою Кыргыз телевидениесинде жана анын алдындагы "Кыргызтелефильм" деген студияда иштеп жүргөн жалдарымдын бардыгы саясаттын чордонунда болгон. Биздин тарткан фильмдерибиз мейли даректүү, мейли оюндуу болобу, бардыгы Кыргызстандын коммунисттик партиянын Борбордук Комитетинин идеология боюнча катчысынын контролунун өтүп, аны менен пикир келишпөөчүлүк болуп калганда гана, биринчи катчы же Борбордук Комитеттин бюросу карап чыгып, "мейли" дегенден кийин эфирге чыгаар эле. Менин жеке өзүмдүн бир жолу Т.Усубалиевге, эки жолу А.Масалиевге тарткан кинолорумду көргөзүп, "Ода отчей земле" деген даректүү фильмим үчүн Апсамат Масалиевич экөөбүз урушуп, "Акбаранын көз жашы" деген эки сериялуу көркөм фильмим үчүн кайра жарашып таракшаныбыз бар.

Канчалык талашып-тартышпайлы, биз менен тыгыз иш туткан ошол кездин идеологдору А. Токомбаев, Б. Мураталиев, К. Кулматов, К. Молдобаев, М. Шеримкулов, Ж. Нусупова, У. Орозова, Р. Апсаматова, С. Бахаповалардын бирөө менен дагы акыл-эстүүлүктүн, адамгерчиликтин чегинен чыгышпаганыбызды азыркылар угушса жакшы болоор эле...

Куйругу чамгарак оппоненттеримдин ыксыз айыптоолоруна жооп катары бир фактыны айта кетейин. Мен эч

качан Коммунисттик партияга мүчө болуп өткөн эмесмин. Жарык көргөн 80ге жакын даректүү, 16 көркөм фильмдеримдин жана орус, кыргыз тилдеринде чыккан 4 китепчемдин бир да бирөөндө Компартия, Ленин, Хрущев, Брежнев, Усубалиев, Масалиев тууралуу жакшы дагы, жаман дагы пикир айткан эмесмин. Мен чыгармачылыгымдын башынан балдар дүйнөсү, жаныбарлар, юмор, улут маданияты, махабат, башка өлкөлөрдөгү боорлошторубуздун тагдыры сыяктуу түбөлүктүү темаларды таап алып, аягына дейре партияны, анын Борбордук Комитетинин ажолорун мактабай эле күн көрүп келгенмин. Албетте, “Эшик ырчылары” биздин заманда деле арбын болгон, бирок, ал мезгилдин төбөлдөрү коммунисттер, алардын катарында мага окшогон башка жанрдын өкүлдөрүнүн өнөрүнүн өсүшүнө деле өбөлгө түзүп беришчү эле. Ал турсун, алгачкы жолу 1974-жылы ”Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген кызматкер” деген, андан кийин 1988-жылы “Кыргызстандын эл артисти” деген наамдарды беришкен. Мындай наамга артисттер, жазуучулар, сценаристтер, кинорежиссер, кинооператор, койчу, маданият менен искусство тармагына өзгөчө эмгеги сиңген ар кыл кесиптеги адистер татыктуу болушаар эле. Эгерде 25 жашыман бери карата саясатта, болгондо да саясаттын боркулдаган борборунда келатканыма макул болсоң, анда азыркы берип жаткан суроондун орунсуз экенин мойнуна аласың го деп ойлоймун.

Кинорежиссер катары СССРдин эл артистинен тартып, өздүк көркөм чыгармачылык ийриминин улан-кыздары менен жандык-сандыгына чейин бир коллективге чогултуп, аларга хандын, бектин, жамандын, жакшынын, айкөлдүн, куйтунун ролдорун ойноттуруп, өзүм жашап жаткан мезгилдин гана эмес, эбак өтүп кеткен доордун тамырын кармап, тээ, жер каймактаганда болуп өткөн окуяларды кинолентада кайра жаратууга чейин алпарчу анда менин кесибим. “Махабат дастанын” тартаардын алдында бир жыл бою кыргыз-казак поэзиясынын антологиясынын “Асынан” “Ясына” дейре окуп чыгууга аргасыз болгонмун. “Кайран элди” тартып жатканда, күүсүндө-күчүндө турган СССРдин Президенти М.С.Горбачевдун столундагы мага керектүү өтө жашыруун документти эч кимге билгизбей таптырып келип, 1990-жылга

дейре Советтер Союзунда жыты жок нуска Бройдонун 16-жылдагы кыргыздарга кыргын салынган окуяга арналган китебин, Лондондун китепканасынан ксерокопиясын чыгарттырып алдырып келип, фиьмге пайдалангандан кийин, ошол нускадан "асабачылар" кыргыз тилине которушуп жүрүшөт. Булардыи бардыгы "Кайран элде" бар. Артист, бала, жылкы, төө эмне болуп калыптыр, жапайы карышкырларды карматтырып келип, үч айдын аралыгында аларды "жат" дегенде – жаткызып, "тур" дегенде – тургузуп, "улу" деп улутуп иштетээр элем. Кинорежиссердун мындан башка дагы мүмкүнчүлүктөрү социализмдин доорунда өтө кенен болгоидугун сага айтып отуруунуи кажети жок деп ойлоймун.

Эми быягына өзүң баа бер, менин кесибимдин тай тарабы саясатка жакын экендигин.

– Газеталардын беттеринде депутаттардын бир нече үйлөрү бар деп жазышты. Биз уккандан сиздин Бишкекте эки, Көлдө чечендер берген, Жыламышта экс-спикер Шеримкуловго коңшу экенсиз? Ал тургай өкмөт отставкага кетсин деп кыйкыра бергениңизде Премьер-министр ооз басырык үчүн Чоң-Арыктан үй берген имиш...

– Бул сурооңо жооп берүү үчүн, бир маселенин башын эмитен ачып алалы. Чынын айтсам, Ош обкомунун биринчи катчысы Ренат Сатарович Кульматов менен таанышканга дейре, "коммунистмин" деген кишини көрсөм, эмнегедир эле итиркейим келип, аларга деге эле жакындашпоонун аракетин кылып, жийиркенип, боюмду тартып турчумун. Бирок, Ренат Сатарович мага олуттуу маселени чогуу талкуулаша турган маекчи, азилдешсе боло турган курбу, милдет тага турган иниси катары мамиле кылып, өзүнүн ашкере адамгерчилиги менен коммунисттер деле бизден эч айырмасы жок адамдар экендигине ынандырды. А киши аркылуу Ош облусу жана борбордогу бир нече райондун биринчи катчылары жана башка партфункционерлер менен таанышып, жакындаштым, аркыл-аркыл мамиле күттүм. Көрсө, менден билимдүү, менден шайыр, менден чечен, менден иштермандары арбын экен, алардын арасында дагы... Ошол кездеги кинорежиссерлордун чыгармачылыктагы кендирин каражаттын өп-чаптыгы кесип, машине, боз үй, ат же массовкага катыштыра турган көп

сандагы адамдарды таба албай, дайыма өнөрүбүз өксүп тураар эле. Ренат Сатарович бир облусту башкарып турганда, жергиликтүү бийликтерге дайындап, бул жагынан жакшы көмөк көрсөтүп, мени менен кыйышпас теңтуштай мамиледе жүргөнүнөн акыркы жылдардагы фильмдеримин кыйласы Ош облусунда тартылып, биринен сала экинчисинин сапаты өөдөлөп жүрүп отурганын азыркы душмандарым деле тана албас.

Ошондон баштап коммунисттерден коркпой-үркпөй, жийиркенбей, жылуу-жумшак мамиле күтүп, кыйлалары менен алиге дейре жакшы карым-катнашта келатканым калп эмес.

1974-жылы Республиканын биринчи жетекчисине көргөзгөн "Юность задорная" деген фильм-концертим көңүлүнө жагып калса керек, сыртка чыкканда Турдакун Усубалиевич: – Машинең барбы? – деп сураган менден.

– Бар.

– Үйүңчү?

– Үйүм да бар.

– Менден сага эмне жардам керек?

– Студияга бир "Награ" деген аппарат алдырып берсеңиз, баарыбыздын сообубузга калаар элеңиз.

– Ал эмне?

– Өтө керектүү үн жаздыра турган аппарат. Валютага алынат экен.

– Жо, мен сенин өзүңө кандай жардам керек деп сурап жатам.

– Рахмат агай, мага эчтекенин кереги жок.

Бул биринчиси. Экинчиси 1989-жылы ноябрь айында күндөп-түндөп "Акбаранын көз жашы" деген фильмимди монтаждап отурганда, дайыма чылап ичип жүргөн кофем түгөнүп калып, Фрунзе шаары түгүл, ошол кезде бөдөнөнүн сүтү деле табыла турган өкмөттүк дачадан дагы бир банке кофе таба албай, уят-сыйытты шыпырып салып, Ош обкомуна телефон чалып, Ренат Сатаровичтен 1 банке кофе сураганым эсимде.

А киши ошол эле күнү 10 банке индия кофесин атайын жеткиздирип берген мага. Анысын өз чөнтөгүндөгү акчага алдыбы, же Компартиянын эсебинен жеткиздирип бердиби,

чынын айтсам, билбейт экенмин. Аны Ренат Сатаровичтин өзүнө суроо керек.

Болгону ушул.

Мындан башка бир кыргыздын эң чоңунун, орто чоңунун, же чакана-паканасинин колунан бир тыйындык соогат же белек алып көрө элекмин. Апас Жумагулович экөөбүз 80-жылдардын орто ченинен бери карай жакшы таанышпыз. Өкмөттүк иш боюнча мамилелелешип жүргөнүбүз чын, бирок, өзүм үчүн, үй тургай а кишинин колунан бир пачке "полет" сигаретин ала элекмин. Мен өзүм дагы бирдеке сураган жокмун, а дагы эчтеме бербеди. УКМга кат жазып текшерттирип көрсөңөр, Премьер-министрдин мага эмне берип, эмне койгону сорок деп эле көрүнө түшөт. Ошентип кыйкыра берсе, ооз басырык бериле турганын мурдараак айтып койсоң, Президентти дагы отставкага кетиңиз деп кыйкырып чыгып, экөөбүз тең бирден-бирден үйлүү болуп калмак экенбиз, чунак бала... Сенин интервьюңан кийин Апас Жумагуловичтин ичин ит жалап бирдеме бере турган болсо, сөзсүз өзүң менен бөлүшөмүн.

"Жыламышка" М.Шеримкулов менден кийин барган. 1978-жылдан бери бир карыянын эски тамын сатып алып, тегерегине бак-шак отургузуп өстүрүп, дача катары пайдаланып жүрдүм эле, эки-үч жылдан бери аякка барганга дагы буямам келбей калды. Карыдым окшойт. Көлдө, Жалал-Абадда, Ошто, Таласта үй турмак тоокканам да жок. 8- микрорайондо баарыбызга тиешелүү 3 бөлмөлүү үйүбүз бар. Бейиши болгур, көзү тирүү кезинде Джохардын жигиттери келип, Чоң-Арыктан эмес, Орто-Сайдан бир огород жери кенен, чийки кирпич менен салынган чакан тамды сатып алышып, Джохардын атынан уулума белек кылып берип кетишти эле, ошону кармап турабыз. Уулум үйлөнгөндө шаардагы квартираны аларга берип, кампир экөөбүз барып жашайбыз да. Эмнем бар, эмнем жок экендигин биротоло айта кетейин, бир жылдан бери өз колум менен ремонтун бүтүрө албай жүргөн "Нисан патруль" деген 1978-жылы чыккан эскирээк "Джип" машинем бар, буюрса, көрө албастын көзүн күйгүзүп жакында койкойтуп минип чыгам. Түктүүдөн "Джерри, Томми" деген эки кандегибиз бар Орто-Сайда. Мышык тапсак багып алат элек, табылбай жатат. Болгону ушу. Башка бир дагы кыргызда аласа-бересем жок.

Кампир экөөбүздүн алган айлыгыбыз жашаганыбызга толук жетет, анча-мынча ашканын телемарафондорго берип жүрөм. Үстүбүз бүтүн, кардыбыз ток. Бизнес-мизнес дегендер менен ишибиз жок.

– "Асаба" газетасынан Дудаев менен түшкөн сүрөтүңүздү көрдүк. Өз элинин эркиндиги үчүн курал алып согушкан Дудаевдин жанында болгон жоксуз.

– Бул суроону жооп берүү үчүн дагы тарыхтан бираз баяндама берүүгө туура келет. 1990-92-жылдары "Кайран эл" деген телесериалымды кантип элге көргөзө алаар экенмин деп, улуктарга каяша айтып коюп, кыйын кысталыш абалда калганымды билесиң. Ошондо да кыргыз тилиндеги өкмөттүн акырынан жем жеген гезиттер куду азыркыдай кылып тебелеп-тепсеп чыгышкан. "Эркин Тоо", "Асаба" газеталарынын баш редакторлору эки Мелис, Айдаркулов менен Эшимкановдор гана башынан аягына дейре мени эч кимге жегиздирбей, сындыртпай, мертиндирбе жөлөп-таяп турушкан. Азыркы эле жигиттер, анда М.Айдаркуловдун кол алдында иштеп жүрүшкөндө, мени жактап жазышчу эле, эми боктоп жазып атышат. Мейли, өмүрлүү болушсун, эмне дешсе дагы... Андагы оппоненттерим белчеме чейин шыбап ийип мени депутат кылып тынышты эле. Азыр дагы, өмүрүмдө жүз корүшө элек кыргыздарым кетпес кеги бар сыяктанып өчошконсүп, башыман бутумдун учуна жеткизе боктоп атышат, эми мени кайсы даражама жеткизгени калышканын биле албадым. Маңдайга жазылганын көрөөрбүз... Жакында ошол оппонеттеримдин бирөө: "Өрттөнүп өлөм дебедиң беле, алиге дейре эмне үчүн өлбөй жүрөсүң?" деп, менин тирүү жүргөнүмө өто кейип жатканын билгизип, газетага жазып ийиптир. Буга байланыштуу сөз 1992-жылы тарых музейинде демократтар үчүн уюштурулган менин пресс-конференцияман алынса керек. Ошону үчүн айтып жүрөмүн да, кыргыз тилиндеги гезиттер бирдекени каңырыш угуп алышып, калпты чындай койгулатып жаза бергени үчүн, аларга ишенбеймин деп. Эми аны жазган немеге деле таарыныш жок. Пресс-конференцияда орустар дагы болгондуктан, мен орусча сүйлөдүм эле анда. Анан тиги иничек орусча жакшы билбесе керек, түшүнгөнүнчө жазган турбайбы. "Вечерний Бишкек" газетасынын архивин аңтарып көрүп,

ошондогу айткандарымды издеп тапсам, анда мындай деген экенмин.

"...У человека в моем положении, как во всех цивилизованных странах, есть три выхода.

1) В знак протеста на главной площади столицы он может обливаться бензином и сжечь себя.

2) Объявить бессрочную голодовку на той же площади и привлечь внимание всей мировой общественности.

3) Выехать за пределы Республики политическим эмигрантом.

Я выбрал 3-ий вариант".

Менден кийин чыккан "Асаба" партиясынын лидери Чапырашты Базарбаев:

– Туура кыласыз, байке. Ушуларга кор болгон кайран талантыңыз, эки-үч жыл бияктан кетип эл көрүп, жер көрүп эс алып келбейсизби... Ага дейре же хан, же апенди, же эшек үчөөнүн бирөө өлбөй коймок беле..." – деп чогулган элди күлдүрүптүр.

Учурдан пайдаланып, мен дагы жанагы жазмакейге, "Өөй, калыстыкты булгаган кысталак. Мени мүдүрүлткүңөр келсе эле, өкмөттүк бакма гезиттин балдары ушинтип жаза бересиңер да кайра-кайра... Эгерде ээңе окшогон кыйды, ээңе окшогон наамарт болбосоң, өзүңдү тебетей кийген эркекмин десең, менин колум менен жазылган же оозум менен айтылган "Өрттөнүп өлөмүн!" деген сөзү бар ошол кездеги "Асаба", "Эркин Тоо", "Республика", "Вечерний Бишкек" газеталарынын номурун, болбосо жөн эле бир чымчым кагаз же магниттик пленка таап келсең, анда арга жок, жасайын сенин көксөп турганыңды. Мен Жогорку Кеңештин 1-катындагы 130 номерлүү кабинетте отурам. Коркпой эле келе бер, эгерде оозуңан чыккан сөзгө ээ боло албаган бейнамыс ыплас адам болсоң деле, өлтүрмөк белем мен сени, бир чыны кофе, бир "полет" сигаретин берип, сыртка чыгарып коем" деп айтайын дедим эле...

Эми, Бекен иним, бул маселе боюнча айта турганымды айтып алгандан кийин, кайрадан баштаган сөзүбүздүн аягына чыгалы. 1992-жылы өкмөттүк гезиттер кайра-кайра төө бастыга

алып, шаштымды кетирип ийишти, жалган-чынды койгулатып жазып атып.

35 жыл эмгектенген “Кыргызтелефильмдин” директору, өзүм өстүргөн бала эле, көзүмө тике карап, оозу менен айтканга даабай: “Сиз кызматыңыздан бошодуңуз” деген буйругун почта менен менин үйүмө жөнөтүп ийиптир. Азыр да сактап жүрөм ал буйрукту. Бир айча эч кимге керексиз болуп, жанагы племонной дүжүр чалдарга окшоп көчөдө жүрдүм. Ошондо Мелис Айдаркулов “Эркин Тоо” газетасынын баяндамачылыгына кызматка алып, айлык төлөп, ноябрь айында Грозныйга жиберди, “эптесеңиз Дж.Дудаев менен маек жазып келсеңиз, жакшы болоор эле” деп. Мен анын тапшырмасын “эптеп” ашыгы менен аткарып келдим, Дж.Дудаев гана эмес, Э.Эльчубей, Зв.Гамсахурдиалар менен да маектешип. Мелис ошондо 10 миң нуска менен “Чечен революциясы”, “Мохнатая рука” деген “Эркин Тоонун” атайын тиркемелерин чыгарып, менин публицистик дараметимдин тушоосун кескен мүлдө кыргызга. “Эркин Тоодо” баяндамачы болуп иштеп жүрүп, “Дооронбектин дил маек” деген рубрика менен заманыбызга аттын какасындай таанымал инсандар: Зв.Гамсахурдия, Дж.Дудаев, Р.Хасбулатов, Д.Кунаев, С.Ногоева, А.Эшимбекова, Т.Усубалиев, Т.Сыдыкбеков, А.Ибраимов, А.Түркеш, С.Бахапова, К.Жусубалиевдер менен көлөмдүү-көлөмдүү публицистикалык маектерди бастырдым, жакында ошолордун баары өзүнчө китеп болуп чыкканы атат. Аны үчүн М.Айдаркуловго узун өмүр тилегенден башка, бир жакшылык кылайын десем, колумдан эчтеке келбей турбайбы азыр дагы кара басып...

Ошондо баяндамачы катары Грозныйда мейманда жүргөнүбүздө, Джохар экөөбүздүн жылдыздарыбыз табышып калды көрүнөт, үйүндө, ишинде, конокто чогуу болуп көпкө маектешип, ымандай сырларыбызды жашырбай айтыштык бири-бирибизге.

Джохар өтө зирек саясатчы, кыйдылыгы жок дайыма туура сүйлөп, түз иш жүргүзгөн жоомарт жигит эле, бейиши болгур. Менин турмуштан кысталып, өз элимен шагым сынып, тирүүлүктөн көңүлүм калып мертинип турганымды көргөндө:

– Анда биерде калып калыңыз, байке. Кызмат, үй бердиртейин. Кааласаңыз Чечен Республикасынын гражданини болду деп указ чыгарып коеюн, биерден бир киши сиздин мышыгыңызды пыш дей албайт, – деди. Чынын айтканда, Грозныйдагы чечендер Кыргызстандан келгенибизди билгенде мышыгыбызды "пыш" демек тургай, отургузарга жерин, бераэрге тамагын таппай калышаар эле, ошончолук ызаат кылганынан.

Мен чечен граждандыгын алган жокмун. Үйүн да, кызматын да. Себеби ошол учурда бир жагынан мухиттей болгон Орусия омуроолоп, экинчи жагынан Ичкериянын өзүндөгү оппозиция туш-тушунан жыра тартып, Джохар өзү моралдык, материалдык жардамга менден да муктаж экенин көрүп туруп, өлүгүмдү артып жатып алгым келбеди. Эчтеке сураган жокмун. "Баягыда, шашылышта, куру кетти эле" – деп, кийин артыман жигиттерин жиберип, уулума жогоруда сөз болгон үйдү саттырып берди. Бирок, кыйлага дейре ага искусство, маданият боюнча насаат берип жүргөнүм чын. Биз ошээрде жүргөнүбүздө, капыстан осетиндер менен ингуштардын кагылышуусу башталып кетти. Джохар:

– Байке, быяк опурталдуу болуп турат. Тезинен Бишкеке жөнөңүз. Кийин кабарлашабыз, – деп, башка сөз айтканга буямамды келтирбей, кете берди. Эртеси, иниси, агасы, кайтарган жигиттери бизди самолетко салып жөнөтүп ийишкен. Анан маал-маал телефон менен байланышып турдук. Ал турсун, Джохар Турцияга барганда, Истанбулдан бир ирет жолугуштук. 1994-жылдын ноябрь айында түркиялык бир операторду алып, дагы Грозныйга мейманга бардым.

Түн оогуча сүйлөшүп отурдук. Алла Федоровна кайра-кайра кара кофе чылап, алдыбызга алып келип коюп жатты. Ошондо Джохар:

– Операторуңузду калтырып, түрктөр менен өзүм сүйлөшөм, өзүңүз токтоосуз кетиңиз биерден! Эртең-бүрсүгүнү кыямат-кайым башталганы турат Вайнах жеринде. Урушту токтотуп кала албадым. Кара тумандай болуп, жоо каптап келатат. Орустун огу ким Президент, ким артист экенин ылгабайт. Жеткен жеринин майканын чыгарып кетет. Жаза тайып, сизге ок жаңылса, азыркы чечендердин өзөгүн сактап

калган кыргыз элине кечиримсиз айыпкер болуп калбаймынбы. Кош, байке. Балким эми көрүшпөйбүз. 16-жылкы кыргыздын башына түшкөн алаамат эми вайнахтарга түшөт окшойт. Өтө керек болгондо, Мовлен аркылуу байланышыңыз. Биерден тартып кеткендериңизди жоготпой, дүйнө элине жеткире көрүңүз. Биз шеит болсок дагы, адамдар орус тууралуу чындыкты билиши керек. Жанымда жүрсөңүз мага пайдаңыздан да зыяныңыз көп тийгени турат. Азыр ар бир адамым өзгөчө эсепте, – деп кетирип ийген.

Анан аяктан уруш чыкты, мен быяктан депутат болдум. Эки-үч жолу "Чеченстандагы окуяларга мамилебизди билгизип коелу",– деп сунуш киргизип Мыйзам чыгаруу жыйыныбыздын күн тартибине бул маселени киргизе албай, өз пикиримди "Асабага" чыгарууга аргасыз болдум. Ал турсун, кийин Масхадовдун инаугурациясына жиберген куттуктоо телеграммам дагы Чеченстанга жетпептир. Колуңан келсе, ошолорду дагы кошо чыгарып койчу газетаңа, баарын сактап жүрөм. Анан депутаттык статусубузга жараша Масхадовдун инаугурациясына баралы деген эки-үчөөбүздүн сунушубузду жыйыныбыз колдобой койгонунан, депутаттардан эч кимибиз барбай калганбыз. Эркин журналист же жумушсуз жүргөн кинорежиссердун статусу бир башка, эл депутатынын статусу бир башка болот экен. Депутат болгондон кийин башым оогон жакка кеталбай калганмын мен дагы. Сенин бир нерсе жасаганың – ал журналист Б.Назаралиевдин жасаганы, менин жасаганым – бийликтин бир бутагынын өкүлүнүн жасаганы. Менин пикирим, жалгыз эле менин пикирим эмес, 70 миң шайлоочумдун дагы пикири катары кабыл алынат экен. Ошону үчүн эми мен силерге окшоп оюма киргендин бакисин айтып, же жасай албаймын. Жанагы, "ок учуп турганда эмне үчүн Джохардын жанында болбодуң?" – дегениңер болбогон кеп. Ыраматылык Джохар иним эч качан ошондой болушун каалаган эмес. Кыргыздар каалап атасыңар андайды. Ошончолук эле мүлдө кыргыздын чекесине чыккан чыйкан болсом, сөзсүз эле мага ок тийишин көксөп турсаңар, аны ушуерден эле ишке ашырсаңар болот, менде эч кандай телохранитель деген жок, дайыма жалгыз жүрөм.

Ал эми кайрадан Джохарга келсек, скромный жашаган бир кичипейил жигит эле, кайран эр Президент болгондо деле өзүлөрүнүн үч бөмөлүү чакан жер тамында жашап турушкан. Алла Федоровна сонун-сонун сүрөттөрдү тартып, ырларды жазган, күйөөсүн жанынан артык көрүп, үй-бүлөнүн коломтосун өчүрбөштүн аракетин кылган түзүк жубай көрүнгөн мага. Джохардын көзү өткөнүнүн чындыгын мен Алла Федоровнанын өз оозунан угуп, шалдайып отуруп калбадымбы...

Ээ, эми несин айтайын, Джохар жана анын үй-бүлөсү тууралуу, өзүнчө бир китеп жазып чыкпасам, менин айта тургандарым сенин газетаңдын бир-эки номерине сыйбайт иним, андан көрө кийинки суроону өтөлүчү...

– Мейли. “Асаба” газетасындагы Омор Султанов экөөнөрдүн, өзүңүздүн сөзүңүз менен айтканда, ыр менен “омуроолошмойуңар” эмне менен бүттү?

– Эми аны омуроолошуу деп айтууга такыр болбойт, Бекен иним. Кыйла жылдардан бери көңүлүм сүйгөн, өтө сыйлаган адамдарыма ак пейилим менен тийишип, достук-азил ырларын жазып жүргөнүмдү билесиң. Жүзгө жакын улуу-кичүү замандашыма ошондой ырларды арнаганым бар. Омор байкемди да өтө сыйлап, абдан жакшы көрчүмүн. Азыр деле жакшы көрөм. Ага ыр менен бир тийишип көрсөмбү деп тилек кылып жүрчү элем. Бирок, Омор деген өлчөөсүз чоң акын да. Аны менен азилдешиш үчүн, жок дегенде Омордун жартысындай акын болуш керек деп, пайитин келтире албай жүрсөм, кудай жалгап бир жылы 7-март күнү аялдардын күнүн белгилеп жаткан жыйында байкем “Жанатан берки мактоо сөздөрүн угуп отуруп, аял болуп жаралып калбаганыма аябай кейип кеттим” деди, ошол залда отурган аял-эркектин баарын күлдүрүп. Андан кийин деле сонун-сонун сөздөрдү сүйлөп, сонун-сонун ырларды окуган. Бирок, менин бура сүйлөгөнүмө жанагы “аял болуп калбаганыма кейидим” дегени эле керек болчу. Түнү менен беш куплет ыр жазып, эртеси “Асабага” алпарсам, аердин тапандары токтоосуз басып ийиштиптир. Бир жумадан кийин Омокемдин жообу чыкты. Саал ачууланып алгандай. Менин тааныштарым: “Эми сен жаз” дешти. “Ал өтө аша чаап кетиптир”...

Мен эчтеке жазган жокмун. Болгону "Арстан жаткан жерге күчүк батпайт" дегенди уккан жок белеңер. Өзүмдүн чама-чаркымды билбей, арстанга катылып алдым эле, анын бир "аф" дегендегиси бул. Эми тийишсем, эки чайнап бир бүркүп коет. Койгула жигиттер, мени ажыдаардын оозуна айдабагыла. Мен куйругумду кыстым, кысчу жерге десем, күлбөгөн киши калган жок. Өзүм дагы. Бир жылга дейре Омокемден коркуп, көзүнө көрүнбөй качып жүрдүм. Бир жылдан кийин Ак үйдүн алдынан карпа-курпа учурашып калдык.

Мен башымды ийип "баш кесмек бар, тил кесмек жок дейт. Айып менден кетти, дайыма ушинтип тилдин азабын тартмайды өзүңдөн үйрөндүм эле, эми өлтүрсөң койсоң өзүң бил байке" десем, а да менин мойнумдан кучактап шарактап күлүп: "Капа кылып алдымбы деп өзүм да кейип жүрдүм эле, ушинтип койгонуң жакшы болбодубу... Абалы мен күлүп эле койгон болчумун, атаңын оозурайын, сагызгандай шакылыктап, өзүңдүн акалариң кылбадыбы, жооп жазасыңбы же жокпу деп коколоп атып" – деген анда Омокем, ушуну менен араздашууга чекит койулганын билгизип.

Азыр баягыбыздай элебиз. "Омор менен омуроолошуп" – деп, сен дагы жыландын башын кылтыйтпа, иничек, Омор Султановдой акындын паашасы менен омуроолошпостон, жугуп калса экен деген үмүт менен акындык талантына сыйыныш керек. Макулсуңбу?

– Макул десеңиз – макул да, макул болбосом, сиз дагы мени эки чайнап бир бүркүп койгону турат окшойсуз. Андан көрө кайра саясатка кайрылсак кантет...

– Мейли.

– Ар бир президенттик шайлоонун алдында чоң тойлор башталат эмеспи. Оштун 3000 жылдыгы да саясий упай үчүн уюштурула турган тойбу?

– Ооба. Мындай салт мамлекеттик саясатка айланып келатканын таныш кыйын. Социализм оңкосунан кеткенден бери А.Акаевдин аркасы менен күн көрүп, анын артынан саясат жүргүзүп келатышкан жаңы кыргыз демократ чыкмалар кантип дагы беш-он жылга бийликти кожоюндун колунан чыгарбай кармап калуунун айла-амалын издеп, эмитен дүрбөлөң түшүп

жатышканы да тегин жеринен чыгып жатпаса керек деп ойлоймун.

Себеби, азыркы бийлик ээсинин 2001-жылы Конституциянын ченеминде, мыйзамдын алкагында же алардын жан-жака белиндеги Алай форумунун аксакалдарынын чечими, кыз-келиндер шеринесинин демлигеси, бала бакчадагылардын батасы жана ушул сыяктуу Президенттин полномочиесин дагы арыраак жылдыртып кое турган кенедей дагы мүмкүнчүлүгү, бүргөдөй илинчеги калган жок. Кыргызстандын эли өзүнүн биринчи Президентине чексиз ишенимин, сары алтындай сабыр, адал эмгек ак батасын, койчу, “бер” деп сураганынын бакисин бир кабак бүркөбөстөн берип келатат, жети-сегиз жылдан бери. Эми сурай турганы деле калбады. 2001-жылдан кийин “белегимди дагы беш жылга узартып койгула” дегенге, А.Акаевдин өзүнүн уяты чыдап оозу барбай, бийликти шайлоодон жеңип чыккан башка бирөөгө өткөрүп берип, кара көзүбүздү кашайтып салабы” деп, алиги демократ чыкмалардын ичкендери ирим, жегендери желим болуп турган чагы. Эгерде 2002-жылы кудай жалгап, Кыргызстан экинчи номерлүү Президенттүү болуп калса, жанагылардын көпчүлүгү “мерседестеринен” түшүп, журт тагдырын калчаган Ак үйгө кирип баруу укугунан ажырап, ашып кетсе, обычный бизнесмендин тагдырын аркалап калуудан коркуп жатышканын өзүлөрү эмес, көчө-көйдөгү жвачка саткан кемпир-кесектен өйдө эң сонун түшүнүп турбайбы...

Өгүнү райондук масштабдагы эки жетекчи маектешип отуруп, бирөө экинчисине моминтип айтып жатканын кулагым чалганы бар.

– Өөй, Аскар Акаевичти дагы бир мөөнөткө алып калбасак, экөөбүз тең көргүлүктү көрөбүз.

– Эмне үчүн?

– Жаңы шайланган президент эмес, өзүбүздүн эле эл, үч күнгө эле жеткизбей көчүккө тээп айдап түшөт экөөбүздү азыркы отурган ордубуздан. Сен го жашсың, дагы бирдеме таап аларсың, же нары эмес, же бери эмес мага кыйын болуп калат, а кишиден айрыла турган болсок. Дагы бир мөөнөт отура турса, 58-59дарга барып калат элем, пенсияга кете бермекмин. Андан

кийин Аскар болобу президент, Мамажан болобу, мага баары бир эле? Ошону үчүн эки адамдын башы бириккен эле жерден бизге караштуулар: “Улуу урматтуу Аскар Акаевич, азыр, эң туура саясат жүргүзүп атат. Ашууда ат алмашпайт деген. Өзү баштаган реформасынын аягына өзү чыксын” дедиртип сүйлөттүрө бериш керек. Ошенте берсек, а киши өзү да ишенип алат, “менсиз, кыргыздар күн көрө албайт турбайбы!” деп.

– Анте берсек, а киши өзү угуп калып, терибизди тетири сыйрып жүрбөсүн?

– Сыйрыбайт. Мактоо сүйбөгөн жан болбойт жер бетинде. Канчалык көп мактасаң, ошончолук кулагына майдай жагып, оозуңан чыккандын бакисин башын ийкендетип, колдой берет. Мен бирдекени билгеним үчүн айтып атамын да...

Мындай кырдаалда ал жигиттер ушунчалык тоюшканына канинет кылып, Чыңгыз аганы туурап, “бардыгы тагдырга жараша болгону түзүк” деп, жөн эле элине-журтуна аралашып кетип тирилик кылышса жакшы болоор эле. Бирок... Дал ушул жерден 1995-жылы шашылыш көмүлүп, акыры бир күнү жарылбай койбой турганы маалим, орустар айтып жүргөн “мина замедленного действия” деген балекет “дүңк” эле дей түшкөнү атпайбы, кимдир бирөөлөр каалаcа да, каалабаса да экинчи номурлуу президент түштүк элинин өкүлү шайланып калаары бүлбүл көрүнүп...

Анткени, өткөн шайлоолордогу акимдердин тепкисин жеп, урналардагы оң жакка ташталган бюллетендердин сол жакка ооп кетип, жер-жерлерде эч кандай эрежесиз эң палит оюндар ойнолгонун өз көздөрү менен көрүп, өз акылдары менен туюп калган түштүктүн эли, келерки шайлоолорго А.Акаевдин өзү катышса дагы, түндүк тараптын өкүлүн өткөзбөй коюшу ыктымалдыгын эң сонун түшүнгөн аппарат, эми башка оюнду баштады көрүнөт, Ош, Жалал-Абаддын баш көтөргөн уул-кызынын бакисин алды-артынан аңдыттырып, “Октябрь революциясынан” мурдагы кылган-турганына дейре кылмыш ишин козготтуруп.

Минтпесе түштүктүн аты угулуп, башы көрүнүп калган балдарынын кимиси таймашка чыкса дагы, атаандашын челек чапкандай чаап кеткени атпайбы, “шайлоо” деген неме болуп эле калса. Ошону үчүн жаңы демократ сөрөйлөрдүн максаты –

оболу таймашка чыгышы ыктымал болгондордун бардыгынын белин мертиндирип, анан шайлоону болтурбай коюш. Буга көп деле нерсенин кереги жок. Ош шаарынын 3000 жылдык мааракесине чогулгандардын алдына бир племенной дүжүр чалды чыгарып, анын:

– Азырынча, президенттикке татыктуу адам түштүктө жок экен. Түндүктө болсо, мурда эле болгон эмес. Эми кайра-кайра шайлоо деп элди "түндүк-түштүк, кушчу-сарууга бөлүп, сүр-сүр кылып отурбастан, ушунча элдин атынан Аскар Акаевичти дагы бир беш-он жыл иштеп бериңиз деп суранбайлыбы? Эмки президент кийинип-ичинип тоюнганча, жумурай-журт жайдакталып, итке минип калат. Аскар Акаевич бизден ала турганын ашыгы менен алды. Эми бизге бере турган маалында башканын көзүн карабай, ушунун эле этегин кармайлы. Кана, оомин алло акбар!" деген бир жолку батасы менен эле Конституциянын да, мыйзамындын да энесин таанытып, келечектин багытын аныктап, 4,5 миллион Кыргызстандын калкынын тагдырын чечтиртип коет. Албетте, буга Республиканын 2 миллион 200 миндей шайлоочулары макул болсо. Макул болбосочу? Кептин баары ал күндөр жакындап калганда, элди "маакул болбогула!" деп үндөй тургандардын тамырына ушу баштан балта чабышта болуп атпайбы, бирөөсүнүн жетекчилик кылган мекемесин үстөкө-босток ревизияга бастырып, экинчисинин ажырашкан аялынын азыркы кайындары менен карым-катнашын киного тарттырып, же китепке жаздырып элге жарыя кылып. Такыр эчтекеси жокторго сепаратист, трайбалист, жана башка "ист-мисттерди" жабыштырып. Ишенбай Кадырбеков Нарындын элинин таламын талашып чыкса – демократ, Жыпар Жекшеев – ысык-көлдүктөр жөнүндө кеп курса – супер демократ, Октябрь Мусульманкулов эс-акылын, эмгегин Чүйдүн элине, жерине арнаса – молодец, анан, Д.Садырбаев – Жалал-Абад деп койсо эле трайбалист...

Ушул кантип калыстык болсун? Анда, ыраматылык Султан Ибраимовичтин көзү тирүү болгондо, же трайбалист же сепаратисттин жардыгы тагылмак турбайбы, жарыктыкка... Кыргыздын чыгаан уулу, берекелүү Чүйдүн кулуну, бейиши болгур Султан Ибраимович, Ошум дегенде ак эткенден, так

этчү эмес беле, көзү тирүүсүндө. Дал ошол Султан Ибраимович обкомдун биринчи катчысы болуп иштеп турганда, түштүктүн эли саясат, экономика жана иштин көзүн билген кадрларды өстүрүүдө озүнүн эң бийик даражасына чыкпады беле, эшекчен бригадирлер М-21 машинелерин минип, уйчу, койчу, жылкычылар ат баспаган аска-тоолоруна аптомооз менен чыгышып.

Азыр мүлдө кыргызга таанымал түштүктүн: М.Сыдыков, В.Талипов, М.Эргашов, Ү.Сыдыков, Э.Ташматов, А.Салибаев, С.Бахапова, А.Мырзакеримова, Т.Акимбаев, М.Зульпиев жана башка ушулар сыяктуу чыгаан уул-кыз, ошол кездин айгашка биринчи катчылары таш жарып чыккан арчадай болуп, галадан суурулуп чыгышкан, ошол Султан Ибраимовичтин маалында.

А киши обкомдун биринчи катчысы болуп барганда, партиянын областтык комитетинин бюро мүчөлөрүнүн арасында бир дагы түштүктүн өкүлү жок экен. Ошондо Султан Ибраимович: “Бу, уят-сыйыт деген калган эмес го силерде. Республиканын калкынын теңинен көбүн түзгөн түштүктө бир бюро мүчөсү чыкпаса, анда быякта коммунисттердин областтык комитети жок турбайбы... Демек, Ош облусунда дегеле коммунист калган эмес окшойт... Андай эмес дегиңер келсе, мынчалык басмырлабагыла уюткулуу элди. Эмне, Ысык-Көлдөн келген адис пахтаны кандай остүрүштү кара-суулук агрономдон жакшы билеби? Эмне үчүн элинин шартын, жеринин шартын жакшы билген жүрүм-туруму таза уул-кыздарыңарды жооптуу кызматтарга көтөргөн жоксуңар? “Ээсин сыйласаң, итине сөөк ыргыт” деп коет кыргызда. Мен ушуга дейре быякта иштеп жаткандарды токтоосуз келген жагыңарга кеткиле деп айтып аткан жерим жок. Бирок, быякка "эмгекчилеринин турмушун оңоп, жеринин берекесин арттырабыз” деген максат менен келген болсоңор, будьте любезны, быяктын элин сыйлап, жеринин кутун сактагыла. Башкача оюңар болсо, аны да ачык айткыла...”.

Ыраматылык Султан Ибраимович алгачкы иш күнүн ушул өңдөнгөн сөздөр менен баштаган экен... Муну менден улуу түштүктүн племенной чал, же андайы жок карылары ушул кезге дейре легенда кылып айтып жүрүшөт.

“Султан Ибраимовичтин үй-бүлөсүн, кыздарын көрүп жүрөсүңбү?... Учурап калсаң ошолордун маңдайынан сылап койчу, бай болгур, биздин атыбыздан. Түштүктүн элинин багына жаралган бир азамат уул эле, аныям жеп тынышты да, жанагы аркалыктарың... “ деп, көзүнө жаш кылгырткан чал-кемпир арбын түштүктүн айыл-кыштактарында.

Ыраматылык Султан Ибраимовичтин дилинин тазалыгынан, калктын камын көргөн кеменгерлигинен а киши ар кайсы жерде иштеп жүргөндө, же көзү өткөндөн кийин деле, Ош, Жалал-Абаддын элинин басымдуу көпчүлүгү Султан Ибраимов “быяктын” баласы деп жүрүшүптүр.

Атаганат, азыркы журт башкаргандарга Султан Ибраимовичтин адамгерчилик, инсандык, кеменгерлик сапаттарынын үчтөн бири эле жугуп калган болсо, анда бүгүн эч жерден “түндүк-түштүк” деген сөз чыкпайт эле. Азыр чыгып атат...

Кудай таалам азыркыларды андай сапаттардан куру койсо, анан, племенной-слеменной, жүжүр-пүжүр чалдардын көзүн карабаганда, эмне кылмак эле...

– Менчиктештирүүгө көз карашыңыз. Депутат катары сиз дагы келечек тагдырыныз туурасында алдын ала кам көрө алдыңызбы?

– Менин түшүнүгүмдө менчиктештирүү деген, өтө одонолонтуп айтканда, “бүгүн алдууларың, күчтүүлөрүң алганыңды алып, жулганыңды жулуп кал, баягы эсил кайран СССРден калган мал-мүлктү, эртең башыңды ташка урсаң да эшектин тезеги тийбейт” деген чакырык окшойт. Баягы эле төбөлдөр, баягы эле калк тагдырын калчагандар ар кимиси өзүнүн алына, даражасына жараша колуна тийгендин бакисин талап кетип, карапайым калкка жогоруда мен айткан нерседен башка эчтеке калбаган сыяктуу.

Ал эми менин келечек тагдырымдын жагдайына келсек, мендей карынын тагдырынын кандай келечеги болмок эле... Басып койгон мал-мүлк жок менде. Бирок, бир сындырым нансыз дагы калбаймын. Эл катары пенсиямды алам жашым жеткенде, улуктарың каалаcа да, каалабаса да. Ошол жетээр өлбөстүн күнүн көргөнгө. Көзүм өтсө, кудаага шүгүр, ага-ини, тууган-уругум бар. Ала-Арчадан орун тийбесе, ошолор

Ноокенге алпарып, атам, эңем, туугандарым жаткан жерден мага тиешелүүсүн эч кимден сурабастан туруп эле алып беришет. Албетте, менин зыйнатым ырамaтылык Сатыбалдыныкындай шаан-шөкөттүү болбошу мүмкүн. Менин сөөгүмдү антип кара жерге жашыра турган белдүү тууган жок менде. Бирок, алыбызга жараша каада-салтсыз дагы калбайт менин ысмым. Азыр, өзүм тарткан бардык фильмдеримдин видеонускаларын даярдап койдум. Радиого жаздырган обондуу ырлар, адабий окуулар, пьесаларым, иши кылып өзүмө тиешелүү аудиоматериалдарымды топтосом, 45 минуталык эки беттүү 10 кассетага жетиптир. Ошолорду ирээтке салуунун үстүндө иштеп жатамын. Андан тышкары өзүмүн калемиме тиешелүү 5 орус тилиндеги, 5 кыргыз тилиндеги орто көлөмдүү 10 китептин кол жазмалары даяр. Чыкканы чыгаар, чыкпаганы сакталып тура берсе, акыры чыгат да...

Бөркүм казанбактай эмес кезимде ар кыл-ар кыл фестивалдардан жеңип келген кубок, диплом, грамота, телефильмге байланыштуу жүздөгөн сүрөт, авторлордун өзүлөрү автограф жазып берип белек кылган 300дөй китеп, замандаштарымдын колдору коюлган стенд, калпак, чепкен, комуз, домбра сыяктуу бир чоң бөлмөнүн көркүн чыгара турган өзүмө тиешелүү тарыхый буюм-тайымым бар. Ошолордун баары эртедир-кечтир акыры бир күнү журт мүлкүнө айланып кетээр бекен деген үмүттөмүн. Албетте, А.Акаев бийликте турганда, мындай максат үчүн эч ким мага алакандай дагы орун бергенге батынбайт. Курбум Кемел Ашыралиев Нарынды, иним Абдыжапар Тагаев Жалал-Абадды башкарып турушканда, “мага бир тыйыныңардын кереги жок. Айылдык мектептердин биринен бир бөлмө таап берсеңер, экспонаттарын өзүм жасалгалап, аны Д.Садырбаевдин эмес, “Кыргызтелефильмдин” музейи деп атап, белек кылайын ошол айылдын элине” деп сунуш кылсам, оболу абдан сүйүнүшүп, “Жо, Эл артисти Д.Садырбаевдин эле музейи деп коебуз” деп күпүлдөшкөн немелер, ошол бойдон дым-дарексиз жоголушту. Ошондон кийин мен дагы башка жетекчилерди ыңгайсыз абалда калтырганды койдум, көзүмдун тирүүсүндө ишке ашпас нерсени айтып.

Дүйнөгө түркүк болгон пенде жок да бул ааламда, акыры А.Акаевден бийлик кетип, менин дагы көзүм өткөндөн кийин деле менин жыйган-тергенимди топтоп, бирдеме уюштургусу келген бир тайманбас уул бала же кыз чыгып калгысы бардыр менин эли жеримен. Өзүмдүн жакын туугандарымдын арасында менин чыгармачылыгыма үзүлүп түшүп кызыккан, тилинен сөз, колунан иш келе турган чыгааны жок. Баары тең башкалардан эчтекеси менен айырмаланбаган жоош-момун, өзүмө окшогон мөртө-шөртө карапайым кыргыздар. Ал турсун, туугандыгы билинип калса, кызматынын айдалып кетээринен коркуп, стабильно мага каршы үгүт-насаат иштерин жүргүзүп келаткан жакындарым дагы жок эмес. Баары бар менде. Ошону үчүн качандыр бир кезде мен чогулткандын бакисин сурап келген адамга токтоосуз бергиле деп айтып жүрөм бала-чакама. Ушуга дейре өз киндигимди өзүм кесип жүрүп, эми тагдырым дагы бир ойкуштанса далдырап калмак белем иним, даярмын кандай сыноосун жиберсе дагы...

– Көп жылдар бою киностудияда, кийин сизде жардамчы болуп иштеген Алянчиковду кабинетиңизден кууп чыгыптыр деп уктук.

– Александр Михайлович депутаттык этика менен эки адамдын эркектик шерттешүүсүн бузуп койду. Мен аны жардамчы катары кызматка алып жатканда, “Албетте Саша, сен менин тапшырмаларымды аткаргандан сырткары, өзүңдүн журналисттик ишиңди таштагын деп айта албаймын. Жазам десең, Кыргызстанда тема, сен жактап же боктоп жаза турган адам толуп атат. Бирок, эч качан Жогорку Кеңештин эки палатасынын депутаттары тууралуу эчтеке жазбайсың. Менин жардамчымдын алар тууралуу бирдеке жазганы, менин пикирим болуп эсептелип калат. Менин кайсыдыр бир депутат тууралуу өзгөчо оюм болсо, аны гезит-мезитке жазбай эле, өзүбүздүн сессияларыбызда бетине ачык айтып чыгып, чечишип алабыз. Сен эч качан, эч жерде депутат Д.Садырбаевдин жакыны жардамчысы боломун деп мактанбагын. Биздин чөйрөнүн адамдары “молодец” дешкени менен, бийликчендердин каарына калып кетесиң. Сага мен жазгандай кылып жазууга, мен сүйлөгөндөй кылып сүйлөөгө такыр болбойт. Мен минтип сүйлөп, минтип жазганга укуктуу

болуш үчүн өтө көп жыл эмгектендим. Абалы өзүмдү, анан позициямдын кыйшаюусуздугун тааныттым элиме. Шайлоодон өтүп, эң кеминде 50 миң кишинин мандатын алып келдим бул ишке. Азыркы бийликтин эң жогорку тепкичинде отургандардын арасында дагы мен тарткан кинолорду, мен жазган ырларды жактырганы бар, жактырбаганы бар. Менин айтканым көңүлүнө туура келбей калса, "атаны жарыктык, жөн жүрбөйт экен да" деп күлүп гана тим болушса, ошол эле сөздөр сенин оозуңан чыкканда, оңбой каласың, жөн жүр, досум. Азыр Д.Садырбаевге душман эмес, дос, жолдош, тууган болуш дагы өтө опурталдуу. Бул шертти бузган күнү менден кетесиң" дегенмин. Ал макул болгон. Анан ал күтпөгөн жерден "мен Д.Садырбаевдин кеңешчи-жардамчысы боломун, биз бардык нерсени акылдашып туруп бирге жасайбыз" деп гезитке жарыялап чыгыптыр.

"Бекер кылыпсың, Саша, мындан кийин минтип жазбай жүргүн!" деп дагы эскерттим. Анан менин санаалаш деп жүргөн депутат инилерим Турсунбай Бакир уулу менен Камчыбек Кудайбергеновдун мага дегеле жаман сөзү жок Ички иштер министринин биринчи орун басары Аалыбай Кайыповдордун айыбы бар же жок экенин текшербей туруп, катар-катары менен газеталарга алардын үстүнөн сын макала жазып ийиптир, мени менен бир ооз акылдашпай туруп. Ошондо айттым: "Саша, сен мени аябай уят кылдың. Эми көңүл калды болушуп кетип жүрбөйлү, сага үч ай мөөнөт бердим, башка жактан кызмат таап, өз эркиң менен кетип калгын, достум, бири-бирибизден алысыраак жүргөнүбүз түзүк окшойт" деп. Ошентип сүйлөшкөндөн бир ай, эки ай өтүп-өтпөй Д.Сарыгуловду "талкалап" жазган макаласын көтөрүп эдиреңдеп жетип келиптир. Мен ошондон тартып анын жазгандарын принңипиально окубай, менин телефонум аркылуу сырт менен сүйлөштүрбөй, Жогорку Кеңештин компьютерлерин андай ишке пайдаланттырбай койдум.

Акыры менин Д.Сарыгулов менен саламдашкандан башка эч кандай ыйкы-тыйкым болбосо, же жамандыгын же жакшылыгын билбесем, "Д.Сарыгуловдун ишин текшерип кел" деп бирөө мага тапшырма бербесе, анда эмне себептен менин кызматтык телефонум менен шаарлар аралык байланыштарга

чыгып, менин жардамчым мага эч тиешеси жок адамдын жети атасын териштириш керек? Мен А.Алянчиковду ошону үчүн мага жардамчылык милдетинен бошотконмун. Баягыда, шаардык сотто коомдук коргоочу катары катыштырганда, мына ушуларды айтып, мен Замираны гана коргоп чыкмакмын. Ошондо да З.Сыдыкова менен Д.Сарыгуловдун өз ара мамилелерине кенедей дагы тийишпей туруп биринчи соттун бул ишти караганда, кандай процессуалдык кемчиликтерди кетиргенин мыйзам беренелери менен далилдеп берейин деп бардым эле.

Тилекке каршы, шаардын соту калыстык кылаарыма ишенбеди көрүнөт, как всегда и как все, мени эл алдында сүйлөтпөөнүн аракетин кылып, соттолуп жаткандардын жана коомдук актоочулардын мыйзам ченемдүү укугубузду кемсинтип, мени коомдук коргоочу катары каттабай койду. Бул жагдай бүгүнкү Кыргызстандагы сот бийлиги өзүнүн ишинин актыгына ишенбей, өндүрүштөгү иштердин бир да бирөөнө мыйзам ченеминде адил карай албай тургандыгынын дагы бир делили катары, тарых барагына тиркелип калды. Алянчиков тууралуу айтаарым ушул.

Мынча болгондон кийин "кылымдын процессиндеги" А.Алянчиковдун өнөктөшү Замира Сыдыкова тууралуу дагы азыноолак айта кетейин. Өгүнү кыргыз телевидениесинин таанымал молотостогатель спортсмени, Н.Муллоджанов белгилүү коммунист Клара Ажыбекова менен маектешип отуруп, "макалаңыздарды жарыялап, сиз "Республика" газетасы менен кызматташып келатканыңызды танбайсызбы?" – деп кайра-кайра сурап омуроолосо да, эмнегедир К.Ажыбекова жакшылыктуу жооп бере алган жок, ушул кезге дейре "Республика" газетасы менен кызматташып келгенине намыстандыбы же Мыйзам чыгаруу жыйынына депутат шайлоо алдында З.Сыдыкованын рейтингин жогорулатып ийүүдөн этияттандыбы, айтор, ачык берилген суроодон күңк-мыңк этип кутулуп.

Менимче, Замиранын Кыргызстандагы гезит чыгарып жаткан бардыгыңардан артыкчылыгы, бардыгыңардан бийиктиги, бардыгыңардан жигиттиги – Республиканын калкын аркыл агым, түркүн жаңылык, түркүн көз караш менен

кабардар кылып, оң жактын да, сол жактын да, алдынын да, жан жактын да өкүлдөрүнө гезит бетинде өз оюн билгизгенге мүмкүнчүлүк берип, эч кимге редакциянын көз карашын таңуулабастан, "ылайыктуусун өзүңөр тандап, купулунарга толгон жагына ыктагыла!" деп, жумурай-журттун алдына жая салып койгондугунда болуп жатпайбы. Эгерде менин жазгандарым орунсуз болсо, опурталдуу болсо, ошондой экенин редактор кескилеп жөнгө салбастан, окурман өзү айтсын деп, көпчүлүгүбүздүн жазгандарыбызды, ылайыгы келбей калса, таптакыр чыгарбаймын деп чынын айтып, чыгарса, автор кандай жазса, ошондой чыгарып, 70 жылдык коммунисттердин, 7 жылдык демократтардын тарыхында болуп көрбөгөндөй калыстыктын, тайманбастыктын башка адамдын эмгегин баалай билген зиректиктин чыйырын салып чыкканы үчүн деле, кайсыдыр бир көз карашы үчүн Замира Сыдыкованы камап ийүүгө шашпастан, анын дилиндегисин түшүнүүнүн аракетин кылып, адамгерчиликтүү мамиле жасасак, балким бүгүн Замиранын дагы, анын "Республикасынын" дагы тагдыры башкачараак болмок. Атаганат, биз анте албадык... Замиранын ааламга болгон көз карашы биздикиндей мөртө-шөртө эмес экендигине итиркейибиз келди. Кыскасы, социализмдин түшүнүгү менен капитализмде "жөн эле" жашагысы келгендердин орбитасынан "жаңы заманда – жаңыча ой жүгүртүп, жаңыча жашоо керек" деп суурулуп чыгып кеткен эки эстүү кызыбыз: Замира Сыдыкова менен Чынара Жакыпованын кырк чачын сыйлап, жеңилин жерден, оорун колдон алышыш ой-максаттарын түшүнгөндүн ордуна, көрүнгөн жерден омуроолоп өтөбүз жакшыбыз да, жаманыбыз да... "Журттун көрөңгөсү соолубаса экен, адамдар мыйзам ченеминде жашаганга үйрөнсө экен, бей-бечеранын көз жашы кургаса экен" – дегенден башка ой-максаттары деле жок, ал башың өскүрлөрдүн. Менин "бардык нерсе мыйзамдын чегинде гана болуш керек" деп, айтканым – айткан, дегеним – деген. Ошондуктан, келе жаткан шайлоолордо замандаштарыбыз – Замираны, биздин, мыйзам чыгаруучулардын катарыбызга кошуп койсо, азыркыдай карапайым калктын кызыкчылыгын көздөгөн адилет сунуштарыбызды өткөзө албай, чыркырап кала бербей, жемиштүүрөөк иштей алар бекенбиз деген үмүтүм

бар... Замиранын депутат болбой калганынан, Замира өзү эчтеке уткузбайт, "Республикасын" чыгарып коюп жашай берет мурункусундай эле, ал эми пенсионерлер менен көп балалуу үйлөр, врачтар менен мугалимдер өзүлөрүнө мыйзам аркылуу жардам бере турган кыйла укугун уткузуп коюшаары аштан бышык.

Ошондой эле Таластан Түгөлбай Казаков, Сузактан Жусуп Жээнбековдор депутат болуп келишсе, Сатыбалды Жээнбековдун көзү өтүп, Өмүрбек Суваналиев менен Иманберди Жалиловдор башка кызматка кетип калышканы бери катары суюлуп, бели майышып, сөзү өтүмсүз болуп турган бей-бечера депутаттар дагы өз ишибизде кыйла тыңып алаар элек. Чын-чынына келгенде, азыр депутат болуп жүргөндөрүбүздүн Замира Сыдыкова, Түгөлбай Казаков, Жусуп Жээнбековдордон эч жерибиз артык да, кем да эмес. Тескерисинче, бизден Замиранын калеми, Түгөлбайдын музыкасы, Жусуптун иштермандык артыкчылыктары бар. Мындай артыкчылык аз эмес, ал "эртең таратып ийсе каякка барам? Чакан ишканамды текшерүүчүлөргө каптатып ийип, көргүлүктү көргөзүп жүрбөсүн..." деп көроокатына кылчактатпай оюндагысын түз айткыздырып, журтуна кызмат гана кылдыртат. Ал эми бул үчөөнүн ар биринин ааладеда болуп жатканга багыты анык, бакубат көз караштары бар майышпас инсандар экендиги жумурай-журтка белгилүү. Башкалардын кепилин ала албаймын, жеке мен өзүм ушул үчөө менен бир топто болсом, кайгырбайт элем...

– Эмнеден коркосуз?

– Элимдин назарынан башка эчтекеден коркпоймун. Эл назары мен үчүн ыйык түшүнүк. Өнөрүмө жарашабы, же мүнөзүм ошондойбу иши кылып, мен мурдатан эле каалаганымды жасап, каалаганымды сүйлөп, билгенимдей жашап келатамын. Эч кимден жана эчтекеден коркпоймун.

– Кудайданчы?

– Кудайдан дагы. Бул ааламда жападан жалгыз ишенгеним кудай болсо, андан эмнеге коркмок элем. Тескерисинче, мен кудайга сыйынамын. "Жалгыздын жары кудай" деп, кудайдан башка таянар тоо, карманар бутагым жок экенин айтып өзүм жөнүндө жазган ырымды окудуң беле?

– Окугам.

– Окусаң, ошол ырларды жаздырган да, азыр экөөбүздү, минтип маектештирип отурган да, бир кудайдын өзү. Андан улук эчтеке жок бул жалганда да, тиги дүйнөдө да. Баарын билип, баарын көрүп, баарын теңдеп турат алла-таалам. Андай болгондон кийин башкалар үрөйү учуп айталбай турган сөздөрдүн бакиси менин оозумдан опоңой чыгып жатышы дагы бекеринен болбосо керек. А, балким, алла-таалам ал милдетти башкалардын эмес, менин тилиме таккандыгынан ушинтип сүйлөп калгандырмын. Эгерде кудай таалам бул дүйнөдөгү менин жасай тургандарымдын бардыгы аягына чыкты деп эсептеп, эми быягына кел десе, дүрбөлөң түшүп коркуп-үркпөстөн, ыйлабастан, күлбөстөн “лай илаха, иль-лалла, махаммадара, су луль-ла” деп, келме келтирген бойдон кете беремин, чакырган жагына.

– “Демократиялык аралча” дегенге сиздин көз карашыңыз? Демократия бар деп ойлойсузбу?

– “Ишенген төөм сен болсоң, о кепшеген оозуңду урайын” деген экен, илгери көөлүк төөсүнөн көңүлү калган бир казак тууганыбыз. Эгерде биздин Кыргызстан азыркы болуп жаткан бардык оош-кыйышы менен “демократия аралчасы” деп аталса, анда демократия дегениң кыргызды улут катары оңдурбай турган түгөт болот окшойт кысталак.

Илгери менин филармонияда музыкант болуп иштеген, бир үй-бүлөлүү, балалуу-чакалуу таанышым бар эле. Адамгерчилигин айтпа, бир көргөндү тим эле суктандыра турган өңдүү-түстүү, шыңга бойлуу жигит болчу ал таанышым. Жалгыз айыбы арак менен абдан ынактыгы бар эле. Анан дагы ичип алганда, жаман-жакшы, жаш-кары деп ылгап отурбай, көзүнө урунган эле этектин аркасынан ээрчип кете бермей адаты бар экендигин дагы баарыбыз билчүбүз. Ошентип жүрүп, ал таанышымдын бир башка жаш келин менен кыйладан бери жашап жүргөнү зайыбына билинип калат. Анын күндө мастыгынан, эртели-кеч өлөң төшөгүн тындырбай аттап жүргөнүнөн көңүлү калган аялы, күндөрдүн биринде күйөөсүнүн кийим-кечесин чемоданга салып колуна карматып: “Бар, мындан нары ошонуң менен жаша. Менин сага эч кандай кайырдоом жок. Алиментиңе дагы ыраазымын. Иши кылып эми

кайра келбесең болгону! Балдарыңды өзүм эле багып берем!” деп сыртка чыгарып коет. Күйөөсү кудуңдаган бойдон кете берет. Аялы – күйөөсүз, балдары – атасыз жашоого деле боло тургандыгына акырындап көнүп келатышканда, эки айдан кийинби, үч айдан кийинби, айтор, бир күнү эле кечинде коңгуроо шыңгырайт дейт. Аялы эшикти ачса, колуна чемоданын кармап, теңселген күйөөсү туруптур.

– Ай сага эмне болду?

– Кайра келдим.

– Эмнеге кайра келдиң?

Анда күйөөсү:

– Энеңди урайын, ал сенден да жаман катын экен. Анан сага кайра келбегенде, каякка бармак элем... – деген имиш. Анын сыңарындай, “Демократия деген энеңди урайынын сенден жаман турбайбы” – деп, баарыбыз кайрадан социализмди көздөй жөнөбөсөк болгону...

*Маектешкен Бекен НАЗАРАЛИЕВ*

# ТАРЫХТЫН ЧЫГЫРЫГЫ. КОНСТИТУЦИЯ ЖАНА АНЫН КЕПИЛИ ТУУРАЛУУ ЗАМИРА СЫДЫКОВА МЕНЕН ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВДИН ЧАЙ ҮСТҮНДӨГҮ МАЕГИ

Котормочудан: З.Сыдыкова менен Д.Садырбаевдин бул чай үстүндөгү маеги "Res publika" газетасынын 18-23-февралында орус тилинде басылган номеринен эмес, маектин аудиостенограммасынан которулгандыктан, колуңуздагы вариант орус тилинде кыскартылып калган саптары дагы кошулуп, маекте кандай айтылса, ошол бойдон басылды.

Левон Тер-Петросян тууралуу

– Дооронбек Садырбаевич, Армениянын Президентинин өз эрки менен отставкага кетишине кандай баа берер элеңиз?

– Эң сонун деген баа беремин. Биздин мезгилибиздин же кечөо жакында эле куч-кубаттуу, ар-намыстуу Улуу өлкө делинип келген, бир учу-кыйырсыз зор мамлекеттик түзүлүштүн оошун да, кыйышын да кылымдын барагына бастырып, өзүнүн оодарылбас-чайпалбас чыйыры менен чимирилип келаткан тарыхтын чыгырыгы, кыйлабызды, буурул жер бетинде тирүү жүргөндөрдүн үч уктаса түшүнө кирбей турган коогаландуу-коогалаңсыз окуяларга күбөлөндүрүп коюп токтолбостон дөңгөлөнүп бараткандыктан, заманыбызга жарашып, чагылгандай жарк эте түшкөн мындай болумуш, бир жагынан Левон Тер-Петросян менен аны жактагандардын, экинчи жагынан алардын келишпес атаандаштарынын бири-бири менен айыгышкан саясий күрөшүн минтип, кан төгүшкөн кагылышууларга жеткизбей, мыйзамдуу жолдор менен аягына

чыгышы, сөзсүз мактоого алаарлык жакшы жөрөлгө. Мындайда эки тарабына тең “эң жакшыдан” башка баа коюуга болбойт.

Атаганат, өгүнү Советтер Союзу ичинен жарылып бырын-чырыны чыкканда, анын жер-жерлерге чачырап кеткен эгемендүү сыныктарына ээлик кылып, чокой боолук болсо дагы аэрдин бийлик талпагына жармашып алышкан президент - мрезидент, ажо-пажо, эл башы-жер башылар Левон Тер-Петросяндын айкөл адам, азамат уул, алкы таза саясаткерлигинен таалим алса кана...

Себеби, көпчүлүк учурда көз ирмемге болсо да, иши кылып бийликтин бир бучкагына илинип алган макулук анысынан аң-сезимдүүлүктүн жолу, мыйзамдуулуктун тепкичи менен ылдый түшкүсү келбей, ал бийлигинен ажыраса эле көрөөр күнү, ичээр суусу түгөнүп кала тургансып ачкенедей жармашкан бойдон көзү өткөнчө көшөрүп отуруп аламын деп ага менен инини, айыл менен айылды, уруу менен урууну, эл менен элди эки-экиден чабыштырганга дейре жеткизгенин кулак угуп, көз көрүп келаткандыктан, Левон Тер-Петросяндын бул жетиктигине, бул мыйзам сыйлагычтыгына, мындай сабырына жараша жогору баа бербеген адам дагы калыстыкка ниет булгап коеру “терезеси” жок көзгө деле айдан ачык, күндөн жарык болуп көрүнүп турбайбы...

Эми кимдир-бирөөлөр каалаcа да, каалабаса да өз мезгилинин, өз улутунун абийирлүү уулу Левон Тер-Петросяндын орду менен сүйлөп, оомат жылоолоп турса утуп, алдан тайганда айгай салбай уткузганга жөндөмдүү акыл-эси арбын, ар-намысы курч, билими жеткилең, арамза саясат оюндарынан оолак жүрүп, оозунан чыккан сөзүнө ээлик кыла алган эркек тана замандашыбыз экенин, карт тарых барагы кылымдардан кылымдарга калтырып кетээри аштан бышыктыгын, “эки жерде эки канча болот?” деп сураганда, “Сизге канча керек болсо, ошончо болот да, кожаин” деп жооп беришкен полосатый парламентарийлер деле таныш ие алышпас.

Левон Тер-Петросян экөөбүз жүзмө-жүз көрүшүп, колмо-кол учурашып тааныша элек болчубуз. Ошондуктан, анын мунусу туура, мунусу натуура деп айта албаймын.

Бирок, баягыда, ал экинчи жолу Арменияны Президент инин мандатын алгандан кийин, арарат форумунун дүжүр чалдары ак батасын берип аябай сураныша дагы, Конституциянын кебелбестигине шек келтирип, арамзалык менен мыйзам чегин аттап өтүп элден-журттан, башы-көзүңөрдүн садагасына чаап болсо дагы, мага эми бир президенттик мөөнөт, үчүнчү мөөнөттү берип көйгулачы деп сурабаймын деген ниетин КМШнын бардык ММКлары аркылуу ачык жарыялаттырганынан бери, эмнегедир, анын бийлик кумарына деле көзү тойгон көңүлүнүн токтугуна, ажат ачаар мүнөзүнө ичим жылып, саясаттын деле таза жолу менен жүрсө боло тургандыгын жеке өзүнүн үлгүсү менен ааламга далилдеген адал адам экендигине суктанган телеграммамды анын атына жөнөткөнүм эсимде. Унутуп калбасаңыз, ал телеграммамды дагы адаттагыдай эле, сиздердин гана “Recpublika” баскан ошондо.

– Ооба, ооба. Унута элекмин.

– Эми, Аяз Муталибовго караганда, Левон Тер-Петросяндын өз тагдырынан ала турган шыбагасы түзүгүрөөк болот го деп ойлоймун. Себеби, баягыда, Э.Эльчубейдин маалында Аяз Муталибов болгону төрт күндүк бийлик үчүн мамлекеттик төңкөрүшчүлөргө кошулуп кетпесе, эгемендүү Азербайжандын эл шайлаган эң алгачкы Президенти катары бийлигинен кеткенден кийин деле абройлуу ак сарайда мамлекеттин эсебинен күн көрүп, калкынын сый-урматына бөлөнгөн бойдон жашап жүрө бермек өмүрүнүн аягына дейре. Ал антпеди. "На халяву" дагы бир беш жыл-беш жыл бийлик мыкчып отургусу келип, арка-алдын ойлонбой туруп төңкөрүшпаздарга кошулуп кетип, төрт күн кайра отурганы бар мурдагы тактысында. Анан бешинчи күнү Ата Мекенин таштай качууга аргасыз болгон. Азыр Москвада имиш. Жамандан жашырынып, жакшыдан жазганып жашап жүрөт дешет бөтөн элде.

Ушуерден, тээ социализм доорунда бардыгыбыздын тагдырыбызды калчап, жапатырмак жанагы, “жарык келечекти” көздөй айдап келишкен кыргыздын Т.Усубалиев, А.Масалиев деген эки аксакалы тууралуу азыноолак жылуу сөз айта кетсем аша чаппастырмын. Бул республиканын калкынын

басымдуу көпчүлүгүнүн сый-урматына татыктуу болгон эки аксакал, чындыгында, ар кимдин эле шыбагасына туура келе бербеген зор бактыга ээлиги бар касиеттүү карылар тура, жарыктыктар. Себеби, Кыргызстандагы эң бийик бийлик сересинен ылдый түшүп келгенден кийин деле, бул экөө эч кимибизден корунбай кол кармашып учурашып, өзүлөрүн кайтарган каруу-жаракчан жан жигиттери жок эле коркпостон-үркпөстөн айыл-кыштактарды аралап жүрү алышат. Т.Усубалиевби же А.Масалиевби кимиси болбосун, алгачкы туш келген эле кыргыздын үйүнө кирип барса, каерде жүрбөсүн, кимдикине кирбесин эң кадырлуу мейман болушаарынан дегеле шегим жок.

Ал эми Грузиянын Президенти Э.А.Шеварднадзенин өзүнүн өлкөсүндө ушинте алаарына көзүм жетпейт менин.

Жакында эле атаандаштары машинесин жардырып ийгенден кийин, бир кудайдын барманы менен гана аман калган Грузиянын Президенти азербайжан кошунасы Г.Алиев менен телефон аркылуу сүйлөшүп жатып:

– Биздин жазмышыбыз ушул окшойт! – деп үшкүрүнгөнүн укканым бар. Менимче, Эдуард Амвросиевич “биз” деп, Президент аттуунун бакисин айтып жаткан болсо, анда кыйла эле аша чаап кетти окшойт карыя.

Анткени, мындай шыбага бардык эле Президенттерге таандык эмес, мындай шыбага бийликти мыйзамга жараша өзүнөн кийинкиге өткөзүп бере турган маалынан кечиктирип койгон, кимдир-бирөөнүн дилин өрттөп, ыманын күйгүзгөн же “көзүм көрбөсө... калган жакты бөрү жесин” деп, эки көздү чылк жумуп алып, бийлик талпагына ачкенедей жармашкан мамлекеттик мансапкорлорго эртедир-кечтир таамай тие турган, арты кайырлуу эмес адилдиктин шыбагасы.

Чын-чынына келгенде, өткөндүн жана азыркынын аты чыккан мамлекеттик ишмерлери: М.Горбачев, А.Бразаускас, В.Ланңбергис, П.Лучинский, Т.Усубалиев, А.Масалиев, Л.Тер-Петросян, Н.Рыжков жана башкалардын атак-даңк, кадыр-баркы Э.А.Шеварднедзенин андай-андайынан артык болсо болгондур, кем эмес эле. Бирок, жогоруда аты аталгандардын бирөөсү дагы жандыра турган чоктон, жаңыла турган октон же жан жигиттердин денесин жамынып, же немистердин ок өтпөс

машинелерине баш паанектеп күн көрбөстөн, силер менен бизге аралашып эле жүрүшпөйбү, кээде жөө, кээде машинечен. Э.Шеверднадзе анте албайт. Демек, жанагыдай каргашалуу жазмыш бардык эле президенттердан шыбагасы эмес турбайбы.

Ар элде, ар заманда ушундай болуп келген, ушундай болуп жатат, ал эми “жалгыз баландын боорун жесең да бийликти колдон чыгарбаш керек” деген бейнысап өкүмдары бар жерде, дагы кыйла жылдарга дейре ушундай боло берери аштан бышык.

Ф.Ш.Кулов тууралуу

– Жакында ММКнын өкүлдөрү менен маектешип жатып, Улуттук коопсуздук министри Ф.Кулов 2003-жылга дейре кыргызда А.Акаевдин ордун баса турган адам жок деп айтканына эмне демекчисиз?

– Эгерде Феликс Шаршенбаевич чындыгында эле ушинткен болсо, мен муну мамлекеттик кызматкердин өзүнүн түздөн-түз начальниги тууралуу айткан жеке пикири катары кабыл аламын. Анан калса Феликс Шаршенбаевичтин башкача пикир айта турган ылаажысы деле жок да. Жаза тайып ошенте турган болсо, буга чейинки же мастык, же жаштык кылып, “2000-жылкы президенттик шайлоолордо өз күчүмдү сынап көргүм келип турат” деген сөздү оозунан чыгарып ийген саясатчылардын башына түшкөн тарткылык, анын дагы башына түшүп калышы ыктымал. Ал кандай тарткылык экенин, андайды башынан кечирген жердешинен сураган адам, “бу, бийлик маселесине келгенде, улуктарыңдын укуругу эби-сыны жок узун болот экен. Кара көңүлү кармаса, каруу-жаракчандарын агытып ийип эки бутуңду бир өтүгүңө кийгиздирбесе деле, ички эреже, орусча регламент деп коюшат экен аны, ошонун жардамы менен Кыргызстандагы дагы бир жаңы түшүнүк “рөтация” деген түгөттүн шариатына тууралап туруп, кызматыңдан шыпырып салып, опоңой эле тынчытып коюшат экен” деген жооптуу угат.

Ал эми министрдин 2003-жылга дейре Кыргызстанда А.Акаевдин ордун баса турган адам жок дегени, балким, туурадыр. 2003-жылга дейре А.Акаевдин ордун басканга татыктуу адам тарбиялай албаган эл, 2003-жыл тургай 2005-жылдан кийин деле андай адамды дагы 10-15 жылга дейре

жаратып иерине көзүм жетпей турат. Кантели, жокко арга да жок, амал да жок.

Бирок, мындай кыргыздар үчүн сөзсүз жагымсыз фактыга таянып алып, азыр алынын келишинче иштеп жаткан Президентти, бийлик үчүн, ар кандай мыйзамсыз, ар кандай арамзалык жолдорго жетелей бериштин эч кажети жок. Себеби, жаңы Конституцияда Кыргыз Республикасынын Президенти сөзсүз эле кыргыз улутундагы атуул болушу керек деген жери жок. Азырынча кыргыздарда Президенттин жүгүн аркалай турган жетилген кадр жок экендигине байланыштуу, кезектеги Президент Кыргызстанда жашап, аны Ата Мекен тутуп, мамлекеттик тилде сүйлөй алган орус, өзбек, еврей, немис же башка бир улуттун өкүлү болсо, андан шарият бузулуп, асман "астым-үстүм" болуп кетпейт.

Мен билгени, мындай ишке жарай турган азамат орус менен өзбек туугандардын четинен чыгат. Бирок, алардын саясий дараметин ачуу үчүн 2000-жылы Кыргызстанда "... жалпы, жашыруун, тең жана тике добуш берүү аркылуу..." шайлоолор болоорун ачык айтып, өз күчүн сынап көргүсү келгенин айткан кимдир-бирөөнүн артынан сая түшүп, кетпес кеги бардай куугунтуктоону токтотуу керек. Президенттикке талапкерлердин саны өтө көп болуп кетсе деле, анын эч кандай залалы жок. Ар кимиси өзүнүн саясий дарамети менен колунан эмне келээрин ортого салып көрсүн. Менин элим ошолордун арасынан жападан-жалгыз татыктуусун тандап алаарына көзүм жетет.

– Сиз ушуга ишенесизби? Андай, адилет шайлоолор болушуна ким кепил боло алат?

– Эмне, бизде Конституциянын кепили (гаранты) жокпу? Президент бар эмеспи... Же а киши ишмердүүлүк жөндөмүн жоготуп койду беле?

Биздин өлкөнүн "мыйзамдуу мамлекет" делине турган келечегине багыт берүүчү Конституциянын кебелбестиги анын гарантынын зиректиги Кыргыз мамлекетинде жашагандардын атуулдук укугун коргой турган бирден-бир жападан-жалгыз кепилчилик экендигине мен ишенемин...

Казат Акматов тууралуу

– Акыркы мезгилдеги ар кыл кабарчылар менен өткөргөн маектеринде Казат Акматов жаза тайып Президент шайланып калса, Кыргызстанда чатак чыгара турган кандидат деп Топчубек Тургуналиев менен Жумгалбек Аманбаевдин катарында сиздин дагы аты-жөнүнүздү атап жүрөт. Буга карата сиздин мамилеңиз?

– Маеги түгүл, Казат Акматовдун өзү менен эч кандай, ысык дагы, суук дагы мамиле күткөн эмесмин. Казат Акматов менен биргелешип банк ачышпасам, үй сатышпасам, анын компартиясынын катарына кирип, КДКсынын жыйын-сыйынына катышпасам, анан эмне себептен эле кастарын тигип, мага сөйкөнгүсү келип, кайра-кайра сөйрүктөнүп жатканына акылым айран-таң. Же ушинте турган бир олуттуу себеп болсочу. Кандайдыр бир расмий жыйында, болбосо массалык маалымат каражаттары аркылуу, ал турсун демократия менен психбольниңанын итпай-чотпайларынын эч кимисине "Кыргыз мамлекетинин бийлик галпагын бучкактайын деген оюм бар" деп айткан эмес болчумун. Чынын айтсам, Акматов мырзанын эмне себептен мени Президент болуп кетет деп мынчалык дүрбөлөң түшүп жатканы мага дагы түшүнүксүз. Ошондуктан, мындай кырдаалда А.Акаевдин, "Ит үрө берет, кербен жүрө берет" деген сүйүктүү макалын жетекчиликке алгандан башка аргам жок менин.

Ал эми Казат Акматовдун мени жумурай-журттун көзүнө орус тилине офиңиалдуу статус берилишин жактагандардын ана башысы кылып көргөзөйүн дегени, бул маселедеги менин томуктай болгон жупуну салымымды, тоодой кылып көргөзүүнүн аракети болуп жатканын айта кетүүгө аргасызмын. Ооба, орус тилине ошондой статус берилишин жактаганым чын. Анын орчундуу себептерин орус, кыргыз тилдеринде жазып чыгып, өз маалында жумурай-журтка жарыялаганым бар. Бирок, адилеттүүлүк үчүн айта кете турган нерсе, мындай алгылыктуу ой мага таандык эмес. Бул – эң биринчи кезекте мамлекет башчысы А.Акаевдин демилгеси. Мен бул маселе боюнча анын баштаганын жан-дилим менен жактай турганымды алла-тааламын алдында да, Акматовдун алдында да танбаймын. Президенттин ниетине кошумча демилге көтөрүп чыгышкан аксакал депутаттарыбыз: Т.Усубалиев

менен А.Масалиевдин, статус маселеси Конституциялык сотто каралганда, орус тилинин укугун коргоп келген, Мыйзам чыгаруу жыйыны боюнча "классташым", жаш депутат Данияр Үсөновдор тарапка ооп кеткенимди дагы мойнума алам. Жогоруда аты аталган төртөө эмне болуп калыптыр, дагы далай депутат колдогон муну. Ошондогу иш кагаздарымды кайра карап чыксам, өзүм андагы демилгелүү топтун Конституциялык сотко кайрылган катына он жетинчи болуп кол койгон экенмин...

Албетте, эне тил маселеси – ашкере этиятыкты талап кылган абдан аеолуу маселе. Эгерде кыргыз тили ошол демилгенин айынан биротоло шамы өчүп, бүгүн-эртең мүрт кете турган болсо, анда жанагы кол коюп, демилге көтөрүп чыккандын бардыгынын көзүн тазалап, түбүнө жеткен адам мүлдө кыргыздын эле эмес, кылымдардын сообуна калаары шексиз. Бирок, бардык иштин калыстык менен жасалганы жакшы. Жамандык да жакшылык да өзүнүн нөөмөтү менен келсин. Анда мага чейинкилердин бакисинин эсеби табылып, он алтынчы болуп кол койгон "подписант" о дүйнөнү көздой жөнөтүлдү деген кабар угулаар замат, "Эгеменди" да, К.Акматовду да убара тарттырып отурбастан, өзүм эле кете берем кегчү жагыма жанагылардын соңунан.

Президент А.Акаевдин үчүнчү мөөнөтү тууралуу

– Кайрадан Республикасынын коомчулугу А.Акаевдин президенттик ыйгарым укугун үчүнчү мөөнөткө жылдырып коюу жөнүндөгү "миш-миш" менен жашап жаткандыгы тууралуу бирдеке укканыңыз барбы?

– Бар. Мындай "миш-миш" өзгөчө Ош облусу, Нарын тарапка кеңири тарап кетиптир. Бийлик адамдары ачык айталбаганы менен, ушул тейде дагы бир арамзалык даярдап жатканынан шектенген көрпенделердин өөдө-төмөн сөзү өтө көп экен жер-жерлерде. "Шамал болбосо, теректин башы кыймылдабайт" деген кеп бар элибизде. Анын сыңарындай, быяктан бузакы шамал желп этпесе, тиякта бороон-чапкын боздобойт эле, "Үч бала чыккан жерден төртүнчүсү чыкпай өлүптүрбү..." – деген макирөө ураан жамынган...

– Мынчалык көз көрүнөө наамарттык кантип ишке ашат?. "Жаңы Конституция боюнча А.Акаев Президент болуп бир эле

мөөнөткө шайланды делинип эсептелинет" – деген К.Акматов менен нарындыктардын жылжытмасын Конституциялык сот ырастап берет деп ойлойсузбу?

– Конституциялык сот жетинчи кабаттагылардан кичине эле ишаарат болсо, көз ирмебей туруп, "акты – капкара", "капкараны – бопбоз" деген деле бүтүм чыгарып бере берет.

Конституция ыйык документ болгону менен, аердеги сотто иштегендердин бардыгы эле адилет сөздү айта ала турган акылман, кара кылды как жарган калыс, кошоматтын коюн сойбой турган тайманбас адамдар эмес да. Бизге окшогон эле көрпенделер аердегилер да. Бирок, кудай жалгап, Ак үйдүн ошол эле жетинчи кабатында аердегилердин эч кимисинин көзүн карабаган, Конституциянын гаранты, Аскар Акаевдин өзүнүн отурушу гана, азырынча жакшылыктын үмүт отун өчүрбөй тургансыйт. Башкалар танса да, 1995-жылдын 22-сентябрындагы жумурай-журтка кайрылуусунда орус, кыргыз тилдеринде сүйлөп айткан сөзүн (кудай жалгап ал сөзү гезиттерге да басылып калыптыр) Аскар Акаев өзү таныш ие койбос. Анда А.Акаев "...Республиканын Президент тигине Жогорку Кеңеш тарабынан 1990-жылы 27-октябрда шайланганым сиздерге жакшы белгилүү.

Өлкөбүздүн ошол көздеги Конституциясына ылайык, Президенттин шайлануу мөөнөтү беш жыл. Өзүңүздөр көрүп тургандай, менин беш жылдык президенттик мөөнөтүм бир айдан кийин бүтөт. Ырас, "Кыргыз Республикасынын (жаңы) Конституциясын ишке киргизүү жөнүндө" мыйзамы мага президенттик шайлоону 1996-жылга жылдырууга укук берет.

Бирок, мен президенттик шайлоону келерки жылга калтырбай, так ушул жылда өткөрүү маселесин коомчулукка коюуну өзүмдүн моралдык парзым деп эсептеймин...", – деген болчу.

Көрдүңүзбү, бул сөзүнө караганда өзүнүн президенттик ыйгарым укугун анча-мынча арамдык аралап кеткен бир жылга дагы узарткысы келбеген абийири таза адам, эми теңирден тескери кетип, Конституциянын беделин сындыра турган булганч жолдор менен өз бийлигин дагы беш мыйзамсыз жылга узарттырып алганга макул болооруна ишенгим келбейт.

Анте турган болсо, эң биринчи кезекте анын эл алдындагы жигиттик сөзү өлүп, демократия өлкөсү делинип келаткан өзүнүн мамлекеттик түзүлүш перзенти кылымдын токонаалатына калаарын, башкалар түшүнбөсө да, Аскар Акаевдин өзү жакшы түшүнөт го деп ойлоймун. Анан калса, А.Акаевдин Президент болуп канча жолу шайланганын К.Акматов билеби же А.Акаев билеби?.. Бул маселе боюнча А.Акаевдин өзүнүн пикири К.Акматовдун пикирине кайчылаш келип калгандыгын төмөндөгү документ айгинелеп турат. Ал мына...

... "Эгерде элим мага президенттик мандатты экинчи ирээт (А.Акаев биринчи ирээт деп жаткан жери жок) ишенип берсе, мен баштаган реформаларды акырына чейин жеткирүүгө жана республикадагы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн 2000-жылга чейинки экинчи этабында турмуш алдыга коюп жаткан бийик максаттарды ишке ашырууга болгон аракетимди жумшаймˮ, – деген А.Акаев 1995-жылдын 22-сентябриндеги элге кайрылуусунда.

Эл А.Акаевдин сөзүнө ишенип, президенттик мандатты ага экинчи ирээт ишенип бербедиби...

Баштаган реформаларынын аягына чыктыбы, чыккан жокпу, анын президенттик шайлоолорго кенедей дагы тиешеси жок, аны өлбөй-житпей 2000-жылга жетип алсак, ошондо көрөбүз. Аягына чыкса – абдан жакшы. Чыга албай калса – эмитен айгай салыштын кереги жок, А.Акаевден кийинки шайланган Президент аягына чыгарса деле, карапайым калктын ырысы бөксөрүп, кешиги кемибейт.

К.Акматовдун "А.Акаевдин эски Конституция боюнча биринчи жолу шайланганы эсепке алынбайтˮ, – дегенине деле макул болуп койсок болоор эле. Эгерде мурдагы Жогорку Кеңеш тарап кеткенден кийин 1994-жылдын 30-январында А.Акаев кой десе болбой, референдум өткөзүп, өзүнүн Президенттик легитимдүүлүгүн дагы бир жолу мыйзамдаштырып албаган болсо. Ал 1994-жылдын 30-январында референдум өткөзүп: ... "Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 12-октябрында жалпы эл тарабынан 5 жылга

шайланган Президенттин Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясында белгиленген ыйгарым укуктарга ылайык, ал шайланган мөөнөткө Кыргыз Республикасынын Президент а болуп саналаарын жана укуктарын ишке ашыраарын ырастайсызбы?" – деп сураганда Кыргызстандын эли "Ооба" деп, А.Акаевди биринчи жолу шайланды деп санап, ыйгарым укуктарын ишке ашыра беришин ырастайбыз деген жообун бербеди беле... К.Акматовго эми эмне керек?

А.Акаев Кыргызстандын Президенти болуп:

1. Биринчи жолу 1990-жылдын 27-октябрында мурдагы Жогорку Кеңеш тарабынан шайланса;

2. Экинчи жолу 1991-жылдын 12-октябрында жалпы элдик шайлоодон альтернативасыз өтсө;

3. Үчүнчү жолу 1994-жылдын 30-январында референдум өткөрүп, 1991-жылдын 12-октябрында альтернативасыз шайланганын мыйзамдаштырып алса;

4. Төртүнчү жолу 1995-жылдын 24-декабрында жалпы элдик шайлоолордон экинчи мөөнөткө шайланса, деги А.Акаевге Кыргызстандын элинен дагы эмне керек?

Анын сураганынын бардыгын эле чыпчыргасын коротпой берип келатпайбы, Кыргызстандын эли?..

Бир жолу А.Акаев деле элинин " Конституцияны бузбай, мыйзамга жараша бийлигиңди өзүңдөн кийинки эл шайлаган бирөөгө өткөзүп берчи, бай болгур" дегенин аткарып койсо эмне болмок эле?..

Эгерде А.Акаев таптакыр эле азыркы бийлигинен ажыраша албай турган оорусу болсо, анда дагы суранып көрсүн элинен эми бир жолу, бешинчи жолу, үчүнчү мөөнөткө шайлай аласыңарбы деп... Эл деген, эл да. Балким, бул жолу деле "майли" деп коюшу ыктымал. Бирок, мындан ары Президент дагы, карапайым адам дагы биздин өлкөдө бирдей шартта жашашы үчүн Конституцияга "Эч кимге мыйзамды бузууга жол жок, бирок, өтө керек болгондо саал-паал бузуп койсо болот" – деген өзгөртүү же толуктоо киргизип коюу керек.

Минткен Президенттин акырынан жем жегендердин "А.Акаев бир эле жолу шайланды, бир жолу шайланды, бир

жолу шайланды...” – деген эртеден керэзли кечке чейинки бузуку шакылыгынан көрө, жок дегенде аргасы кеткендин ноокас чындыгы делинип, тарых барагына жазылып калат эле. Анткени, уурулуктун деле кандайдыр бир эрежеси болуш керек да. Эрежеси жок илибой иштин аягы жакшылык менен бүтпөй тургандыгын башка элдердин, башка өлкөлөрдүн, башка падышалардын башына түшкөн балакетин окуп көрүп, тиешелүү тыянак чыгарса болот.

Ошондуктан, жан-жакабелиндеги кошоматисттердин айгай салып, айдаган пастыгына А.Акаевич барбайт го деп ойлоймун.

Ал эми кепке-сөзгө келбеген оппоненттерим менен айыгышкан күрөш жүргүзө турган деле жөнүм жок менин. Мейли, бардыгы силер айтып жүргөндөй эле болсун деп коелу. Мисалы:

А.Акаев абыдан реформатор – болсо болгондур.

А.Акаев гений – өзүнө кут кылсын.

А.Акаевдин нускасын компьютерге салып көбөйтүп алуу керек – аракеттенип көргүлө.

А.Акаев Орто Азиядагы эң акылдуу Президент – каршылыгым жок.

А.Акаев – СНГнын эң мыкты Президенти – буга деле макулмун.

А.Акаев ааламдын Азиясы менен Европасынын түндүгү менен түштүгүнүн, батышы менен чыгышынын барып турган айкөл, эбегейсиз кеменгер, эч теңдешсиз Президенти – буга деле ынанбай кое турган себеп жок менде, бирок, бир гана түшүнбөгөн жерим, А.Акаевич ушунчалык жакшы сапаттардын ээси, ишинин актыгына ишенген ашкере айкөл адам болсо, анда эмне үчүн мыйзамга жараша, Конституцияга ылайык Президенттик бийлигин, өзүнөн кийинкиге, мейли ал Акаевден чабалыраак болсо деле, жакшылыкча өткөзүп бергиси келбейт?

Акыры бу жалган дүйнөдө чексиз өмүр, чексиз бийлик болбойт эмеспи. Эртеби, кечпи анысынын да, мунусунун да кара көшөгөсү жабылбай койбойт.

Баары бир жабылбай койбой турган Улуу көшөгө болгондон кийин, менин жеримдин, менин замандаштарымдын

ошондой көшөгөсү нарктуу элдердикиндей, каадалуу өлкөлөрдөгүдөй болуп жабылышын каалаар элем...

Бул маселе боюнча айтайын дегеним ушул эле...

Д.Садырбаевдин депутаттык иштери тууралуу

– Алдыда жасай тургандарыңыз менен азыноолак тааныштыра кете аласызбы?

– Албетте. Жаз келгенде депутаттын дагы түйшүгү көбөйөт. Округумдагы чечилбей жаткан проблемаларды тийиштүү мекемелерге чечтирүүнүн аракетин кылам, мурдагыдай эле. Мындан тышкары "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо тууралуу" мыйзам долбоорунун тегерегиндеги ишимди уланта бермекчимин. Аны Президенттин өзүнө окутаармын деген үмүтүм бар. Жаза тайып, купулуна толуп, а кишинин "түзүк экен" деген бир ооз эле пикири угулуп калса, менин долбоорум өткөн жолу жапатырмак кулатып салган депутаттардын сыноосунан, ошондой эле жапатырмактык менен өтүп кетээрине ишенип турамын. Эң акырындагы көздөгөнүм – парламенттик комиссия түзүп, Республикадагы аты угулганда ыйлаган баланы сооротконалдуу-күчтүү органдардын бирөөсүнүн акыркы жылдардагы иш аракеттерин тескеп чыгып, укугу тебеленген замандаш, атуулдаштарымдын коз жашынын агышын, колдон келишинче, азайтуу.

– Жакында ааламдан өткөн Кадыркул Абдразаков аксакалдын жакын туугандарына көңүл айтып, гөзиттерге жарыяланган некрологдо депутаттар А.Сабиров, Ө.Текебаев, Ш.Сыдыков, М.Бакиевдердин фамилиялары жок экенин окуп алып, сизди абдан ачууланыптыр деп уктум. Ушул чынбы?

– Чын. Мен ал кишинин ааламдан өткөнүн угаар замат, Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаттарынан уруксаат сурап, Ноокенге жонөдүм Үсөн Сыдыков менен бирге. Башкалар барбаса да, Кадыркул акемдин тажиясына Үсөн экөөбүз барбай кое албайт элек. Себеби, бейиши болгур акебиз жалгыз эле Ноокен району эмес, бүткүл Кыргызстанга аты чыгып, башы көрүнүп калган заманына урматтуу адам эле. Экинчиден, менин эң күйөрман шайлоочум, саясат галасиндеги устатым, булардын бардыгы аздык кылса, тууганчылык жагыбыз дагы

бар эле, жарыктык карыя менен. Ошону үчүн Жалал-Абад облусунан шайланган депутаттардын бардыгынын фамилияларын көңүл айткандардын катарына кошуп коюусун өтүнүп кете бердим. Аэрден аркыл себептер менен баралбай калган, быяктагы ар бир депутат коллегаларымдын атынан бөлөк-бөлөк кочуштап топурак салып, акебизди жайына коюп, өз оозум менен куран окуп кайра келсем, өкмөт тарабынан гезитке чыгарылган некрологдо Кадыркул акемдин көзү өткөнүн даже уга элек депутаттардын фамилиялары тизмеленип жүрөт да, биздики жок. Кыязы биздин фамилияларыбыз республикадагы абдан "крутой" адамдардын фамилияларынын тизмегин булгап коет деп жийиркенишсе керек, КР Өкмөтү тараптагылар. Ошого анча-мынча күпүлдөп алганым бар.

Мындай-мындайга илгери социализм доорунда “голову в песок, и хрен по деревне” деп, төө куштун саясатын жүргүзгөн коммунисттерди келеке кылгысы келген ошол кездеги мамлекеттик тилдин буудайын кууруткан кыргызбайлар “узкий кругда” түкүрүнүшүп коюшаар эле.

Иттин уулу байгашканын аты-жөнү жазылган ал тизмеге депутат Д.Садырбаевдин фамилиясы кирбей калганына ноокендиктердин намысы сынып, Кадыркул акемдин арбагы нааразы болбосо керек деп ойлоймун. Ушул сыяктуу эле президенттик аппараттын типографиясында басылган телефондор “справочнигине” Бишкек шаарында чыгып жаткан бардык гезит-журналдардын дареги жазылып, жалгыз гана “Rec publikанын” телефону жазылбай калганынан силердин газетаңар деле жарыкка чыкканын токтотпойт да.

Так что, дагы кандайдыр бир "сыйлуу" пресс-конференцияга “Rec publikанын” өкүлдөрү чакырылбай калса, ага теригип, же өксүп отурбай, Президент А.Акаевди туурап, алган багытыңардан айныбай кете бергиле. Баягыда СССРдин эл депутаттарынын ГКЧПдан кийин чакырылган сессиясында А.Акаевич А.Лукьяновго каарын төгүп, “бузулган элге – бучуктан молдо бүтөт” деген аныктамасын бергенден кийин, Советтер Союзунун калган быкы-чыкысы менен иши жок өз

арабасын айдаган бойдон кете бербеди беле... Силер дагы ошентсеңер, сөз көтөрүмдүү болосуңар, аркаягыңар ачылып калса да кабагым-кашым деп койбогон.

– Республикабыздын аркыл көлөм, аркыл даражадагы жетекчи-метекчилери "силер дайыма турмуштун жаман гана жактарын гана көрүп, айгай салып сындагандан башка, ал кемчиликтин оңолушуна өбөлгө түзө турган сунушуңарды айта албайсыңар" – деп, бизди, журналисттерди кекетип калышат, ыгы келген да келбеген да жердин бакисинен. Сиздин жаныңыз дагы, дилиңиз дагы биз, журналисттер менен экенин эң жакшы билебиз, Доке. Ал турсун журналистиканын сын маанайдагы публицистикасында алдыңызга калемгер салбай турган дулдул экениңизди дагы бүгүн эч ким тана албайт.

Сөөксүз тилиңизди каалаганыңыздай жорголотуп, куйкум сөздү куюлуштуруп, жүдаа бабына келтире уруна билгендигиңизден, иши начар жетекчи, илең-салаң министр, же Премьер-министр, жада калса Президенттин өзүн жарга такап, ыңгайсыз абал да калтырып келатканыңыз, жумурай-журтка маалим. Андай, сыпайы сөздөрдүн "салгылашынан" кийин оппоненттериңиз сизге таарынышпайбы?

– Таарынышат. Бирок, ал башың өскүрлөр менин өңүмдү көрүп, үнүмдү укканда эле "автоматически" итиркейин келтирип түктүйүп калгандын ордуна, сөз төркүнүнө саал кулак төшөп, ошол маселенин тегерегинде азыноолак акыл калчап көрсө, кимдир бирөөнүн адресине жаадырган калемпирлүү сөз менен кошо, сындалып жаткан проблеманын жамандыр-жакшыдыр чечилиш жолдорун дагы сунуш кылып жатканымды опоңой эле таап алмак.

– Ошондой учурдан бирар-жарым мисал келтире аласызбы?

– Албетте келтире алам. Мисалы, көпчүлүктүн назарындагы бир проблема, республиканын өнөр-жай, мамлекеттик мекеме жана калкын электроэнергия менен камсыз кылуу проблемасын карап көрөлү. Бишкек шаарында жашагандардан башка өлкө калкынын басымдуу көпчүлүгү Токтогул суу сактагычына быдан көп суу чогултуп алып, аны Өзбекстанга жашылдай

валютага сатып, май талканга малынабыз деген илгери үмүт, таттуу тилек менен жашап келебиз эки-үч жылдан бери.

Буга баарыбыз ынанып, суу сатып байый турган мүмкүнчүлүктүн мыйзамдуу жолдорун негиздей баштаганыбызда, биринчиден, гидротрибуналарды тегеретип өткөн суунун көлөмүнө эле каниет кылып, Өзбекстандын бизден суу сатып ала турган оюу дагы жок экени, экинчиден, Өзбекстанга сатмак тургай, өзүбүз үчүн электроэнергиясын иштеп чыгара турган гидротрибуналардын бараларын айлантканга жетишээрлик дагы суубуздун жок экендиги аныкталып отурбайбы, суу сактагычтагы суунун деңгээли абдан ылдыйлап кеткенинен. Эми суу сатуу жөнүндө кеп жок, калкыбызды электроэнергия менен социализмдин "сенектик" маалындагыдай дагы камсыз кыла албай, жер-жерлерде аны пайдаланууну нукура кыргызча график менен бөлүштүрүп, эңсебиз кетип турганы эч кимге жашыруун эмес. Ылдый тартсак өөдө жагыбыз, өөдө тартсак ылдый жагыбыз сырайып көрүнүп калып жатат. Тоңуп өлгөн өндүрүш, жарылган батареялар, жабылган мектеп, эби сыны жок чыңалууну көтөрө албай, эрип кетип керектен чыккан кымбат баалуу трансформатор же операция маалында жарык өчүп калгандыгынан, бирин-серин болсо да апат болгон өмүрлөрдү айтсам эле, электроэнергиянын тартыштыгынан биздин өлкө не деген моралдык, материалдык жоготууларга кириптер болуп, жүздөгөн миллион сомго жакын чыгашага учурап жатканын айта кетсем эле түшүнүктүү болоор. Мунун өтө арзан жана эң эффективдүү чечиле турган жолу деле бар сыяктанып турат. Эгерде Нарын каскадынын эң алгачкы электростанциясынын гидротрибунасын айланткан суунун чыккан жерине ар бири 6300 кубометрден кем эмес кубаттуулуктагы эки суу насосун ошол эле электростанциядан чыккан энергия менен иштетип коюп, сууну кайрадан суу сактагычка куйдуруп турса эле, сатканга жарабаса да, ар бир электростанцияны ушул жол менен эки-үч айга дейре үзгүлтүксүз иштетүүгө болот экен. Эки насос маал-маал кезектешип эки ай эле иштетсе, 12 миллион 600 миң кубометр сууну суу сактагычка кайра куюп, анысы

үчүн сегиз жүз миң сомдук электроэнергия сарптайт экен. Мындай насостор түштүк жакта бир эле совхоз же колхоздун айдоо аянтын сугаруу үчүн пайдаланылып жүрөт, тээ соңиализм доорунан бери карай, электроэнергияга сарптаган чыгымынан, келтирген пайдасы көп эсе ашып түшүп. Сарамжалдуулук үч уктаса түшүнө кирбеген энергетиктерибизге азыраак болсо дагы көмөк болоор бекен деген ой да бу да болсо. Баса, мунун идеясы дагы мага эмес, "Аалам" газетасынын кызматкери журналист Дыйканбек Садык уулуна таандык. Анын жазгандарын окуп алып, учкай эсептеттирип көрсөм бирдеме чыкчудай. Ошону үчүн айтып жатамын. Муну деле ишке ашыруу үчүн башты кара терге салуу керек. Бийлик минип отургандар электроэнергия табуунун мындан да алгылыктуу, мындан да арзан, мындан да натыйжалуу жолдорун иштеп чыгышса кана. Бирок, бул – башка маектин маселеси. Кыскасы оюмдун данеги бар экенине, ынандырдымбы?..

– Толук болбосо да, анча-мынча ынандырып койдуңуз.

– Дагы саал маектеше түшсөк, мындан да көбүрөөк ынандырмакмын. Кыскасы, кандай гана татаал проблема болбосун, анын чечилишине Дыйканбек сыяктуу алкы таза, акылы тунук адам киришсе жаңылса да, жазса да анын алгылыктуу түбүнө жетпей койбойт.

– Кызыктуу аңгемеңиз үчүн сизге чоң рахмат.

– Өзүң дагы өмүрлүү бол, карындашым...

*„Rec publika", 1998-жылдын 3-9-марты*

# КЕСЕПЕТИ МАМЛЕКЕТ

Д.Садырбаевдин 2002-жылдын 10-январындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйындагы пленардык заседаниеде сүйлөгөн сөзү

Урматтуу депутаттар, мен өзүм Кылмыш кодексинин ийнесинен жибине дейре укук коргоо органдарынын ашынган адистери, прокурорлор, тергөөчүлөр жана биздин арабызда отурган ал кодекстин аталары менен талаша албагандан кийин, бул маселенин саясий жагына гана силердин коңүлүңөрдү буруууга аракеттенип көрөйүн. Мен азыр ачыгын эле айтып коюшум керек, бүгүнкү болуп жаткан өтө грязный, өөдө-төмөн окуялардын багытын, биринчи кезекте, тикеден-тике Мамлекет башчысы Аскар Акаев менен республиканын Баш прокурору Чубак Абышкаевке каршы жасалып жаткан иштин башталышы деп эсептеймин. Себеби, азыркы зөөкүрлүк жорук-жосун менен Президенттин саясатынын (демек өзүнүн дагы) кадыр-баркын кетирүү үчүн өлкөдөгү мыйзамдарды тебелеп, адам укугун басмырлап азуусун жанып шакылдатып аткандыгы билинип калды, бул иштин башында тургандардын. Мунун баары келип-келип акыр аягында А.Акаев менен Ч.Абышкаевдин башына келтек болуп тийбей койбойт. Ушуну эсиңерге түйүп койгула, урматтуу депутаттар! Мен мурдараак сүйлөгөн депутат Акылбек Жапаровдун айтканына толук бойдон кошуламын. Биз бүгүн баягыдай эле чыркыраган бойдон кала беребиз, колубуздан эчтеке келбей. Биздин азыркы чыркыраганыбызды, кимдир-бирөө угуп, кандайдыр бир майнап чыгаарына көзүм жетпейт. Силер, урматтуу депутаттар, кадырлуу менин коллегаларым, айрымдарыңар пайгамбар жашына келип калсаңар дагы ушунчалык наивный маселелерди ортого салып жатканыңарга аябай таң калып отурам. Эмне, чындап эле Конституцияга ишенип жатасыңарбы, бай болгурлар? Үчкө

чейин санаганды билбеген аердеги соттор элдин, силердин укугуңарды коргоп бермек беле? Эч качан андай болбойт. Кожоюн эмне кыл десе, ошону жасашат. "Эки жерде эки жыйырма жети болот" дегиле десе, алар жапатырмак "Ооба, жыйырма жети болот. Бирок, сизге кереги тийсе 29,30 деп койгондон деле шарият бузулбайт" деп, дароо чечим чыгарып бере салышат. Ал аздык кылып атса, баарыңардын биздин мамлекетгин закондоруна ишенип атканыңар дагы ого бетер кейитип атат мени. Урматтуу Кубат Калбекович, чынын айтсам, сиздин жазып чыккан законуңузду жергиликтүү бийликтеги аким, прокурор, тергөөчү, сот-моттор буйлалаган тоого окшотуп өөдө-төмөн жетелеп, кааласа сазга тыгып, кааласа отко кактап алты абийирин кетирип атышат жер-жерлерде. Анан ышпалдасы чыккан мыйзамыңардын кайсы жоболоруна таянганы атканыңарга түшүнсөм оңбой калайын... Эми, мына бул жерден, мен Алевтина Павловнанын айткандарына дагы толук бойдон кошулууга аргасызмын. Көпчүлүгүңөр дагы бир жолу Президентке кайрылып көрөлү деп атасыңар. Андан эмне чыгат? Менимче эчтеке. Мен Мыйзам Чыгаруу Жыйынынын биринчи жолку чакырылышын айтпай эле коёюн, экинчи жолку чакырылышынан бери карата канча жолу Президентке кайрылдык. Бир жолу кылы кыйшайдыбы анын? Кыйшайган жок. Азыр эркинен ажырап капастагы куш сыяктанып, мусапырдын кейпин кийип отурган Азимбектин тагдырына зээним кейигенинен гана силердин жанагы, кайрылууңарга кол коюп бердим. Болбосо мен эбактан бери эле Президентке кайрылбай калганмын. Мен а кишиден эчтеке сурабаймын дагы, үмүт кылбаймын дагы, ал аздык кылат десеңер, менин президент-мрезидент деген оорум, а кишиде эч кандай аласа-бересем дагы жок. Ал эми Мыйзам Чыгаруу жыйынында сүйлөп жатканда мен эч нерсени тамаша кылбайм, урматтуу Чубак Садыкович, эгерде менин суроолорум сизге азил-тамашадай болуп угулуп атса, ал сиздин проблемаңыз. Эй, айлайындар, бүгүн депутаттын өзү эмне болуп калыптыр, "коомго коркунуч туудурат"- деп анын кызмат машинасын каматып койгон бийликтен силер эмне жакшылык күтүп жатасыңар? Мен эч нерсени күткөн жерим жок, эртең, вполне возможно, менин машинамды дагы машина эмне болуп

калыптыр, менин өзүмдү дагы камап коюшу ыктымал. Себеби биздин өлкөнүн закондорунун бири дагы жөнөкөй адамдын пайдасына иштебей калган, жапатырмак апат болуп, же пенсияга чыгып кеткенсип.

Жогорку Кеңештин өткөн чакырылышында Чубак Садыкович Генеральный прокурор эмес кезинде, "эки жыйындын 14 депутатын камоого руксат бергиле" деп, мурунку Генеральный бир нече жолу кайрылган. Сиз, урматтуу Абдыганы Эркебаевич, ошондо Эл Өкүлдөр жыйынына төрага болчусуз. Андагы эл окүлдөрү 14 депутаттын бирөөнү дагы камаганга руксат бербей коюшкан. Болуптур, мурда кылмышкерлерди камаганга депутаттар жолтоо болду деп коёлу. Кийин алардын депутаттык полномочиелери бүткөн соң, ким жолтоо болду, бардыгын камап туруп, мыйзам чегинде жоопко тартууга?

"Руксат берсеңер, ушуларды камайт элем" деп мурдагы Генеральный прокурор эки күндүн биринде эле Жогорку Кенеште отурчу эмес беле...Эч кимден руксаат сурабай эле камаса боло турган мезгилге жеткенде, эмне үчүн камаган жок? Эмне, ал мезгилде азыркы Азимбекти камагандай, башкаларды камай турган закондун бакиси өлүп калды беле?.. Эл өкүлдөр жыйынын бир нече депутатын беш жыл бою Өкмөттүк гезиттер, бул мынчаны жеп койду, тигил түкүнчөнү жутуп койду деп эле дуулдатып шыбап атпады беле? Эми эмне болду? Эчтеке болгон жок. Ошондо камала тургандардын кээ бирөөлөрү азыр губернатор, айрымдары аким, кыйласы элчи болуп иштеп жатышат. Демек, эч кимисинин күнөөсү жок турбайбы... Анда, беш жыл бою он төрт депутаттын аброюна көө шыбаган мурдагы Генеральный прокурор, эмне үчүн азыр эл аралап эркин басып жүрөт? Андай болсо, жок дегенде азыркы Баш прокурор "беш жыл бою чуулдаткан депутаттардын эч кимисинин күнөөсү жок, таза адамдар экен" – деп бизге билдирүү жөнөтүп, алардын өзүлөрүнүн бирөөнөн кечирим сурадыбы? Сураган жок. Ушундай кантип болсун... Жаман болобу, жакшы болобу, акыры бир баштаган иштин аягына чыгыш керек да... Ошону үчүн бүгүнкү болуп жаткан оош-кыйыш окуялардын бардыгын саясий оюн эмес, "обычный уголовный иш" дегениңерге мен таптакыр кошула албаймын.

Мына, Ишенбай Дүйшөмбиевич абдан туура айтып кетти, мындан үч ай мурун З.Кудайбергеновдун үстүнөн 26 киши арыз жазса, укук коргоо органдарынын эч кимиси карабайт дагы, анан эки киши арызданыптыр деп, Азимбектин ишин эки күндүн ичинде карап, аны камап жибергенине эмне демекчисиңер? Мен мисалы, Жогорку Кенештин өткөн чыкырылышынын Токтогул районунан шайланган депутаты Жамгырбек Бөкөшев жөнүндө жаман сөз айта албаймын. Азыркы Сарпашев Таирбек деген жигит менен дагы эркиш-аркак эле иштеп келатабыз. Токтогулдуктар Сарпашевди таппай калышса, алиге дейре арыз-арманын мага эле айтып жүрүшөт, нары-бери өткөндө кармап алышып, мына азыр дагы андай Сарапашевге жетпей калган арыздын баардыгы мен эле эмес, бүткүл Жалал-Абад областынан шайланган башка депутаттардын атына үзгүлтүксүз келип түшүп жатат. Эмнеге жети жылдан бери, болуптур эми Жамгырбек алардын арызын карабай койгон экен деп эле коёлу, эмне үчүн ошончодон бери, жанагы жапа чеккендер Сарпашевге кайрылышкан жок? Акыры биз экинчи жолу депутат болуп шайлангандан бери деле эки жылдан ашык убакыт өттү го... Жок дегенде, "Эй Садырбаев, өзүбүздүн депутатыбыз арыз-муңубузду укпай, мына минтип биздин укугубуз тебеленип жатат" – деп эмне үчүн мага бир ооз айтышкан жок? Эмне үчүн ушул эле Ч. Абышкаев областтык прокурор болуп турганда Абышкаевге, же мындан кийинки прокурорго кайрылбастан, депутат Азимбек Бекназаров Жалал-Абад областынын прокурорунун үстүнөн түшкөн арыздарды караганы атканда, Зоотбек Кудайбергеновго гана шашылыш түрдө кайрылышат? Ноябрь, декабрь айы ичи абдан даярданып келип туруп, анан жергебизде жаңы жыл майрамы бүтө элек, жашырбай айканда, кыйла кыргыздын масы таркай электе, жанагы жапа чектик дегендердин өз чөнтөгүнөн акча коротуп атайын Жалал-Абад шаарына барып арыз бериши, мени шектендирип атат. Анан кантип айтабыз бул «обычный уголовный иш»-деп. Ким ишендире алат мени? Ишенбеймин. Өгүнү Азимбектен кабар алганы Жалал-Абадга барсам, анын шоферу чуркап келиптир "байке менен машинамды дагы камап коюшту" – деп. Муну кантип түшүнсөк болот? Расмий түрдө буйрук чыгарылып, командировкада жүргөн депутаттын

кызмат машинасын камап салганга кандай акысы бар, областтык прокурордун? Ушунун өзү демократиянын кадырын кетиргендик эмеспи... Президент А. Акаевдин Конституцияга гаранттык абийирин айрандай төгүп жаткандык деп эсептеймин мен муну... Бул биздин, мыйзамга сыйынган Жогорку Кеңештин абийирин айрандай төгүп жаткандык деп эсептеймин. Биз, азыркы депутаттар, укуктуу мамлекет куруп, мыйзамдуу мамлекет негиздейли деп колубуздан келгендин бакисин жасадык, эми бизден жакшыраак, бизден билимдүүрөөк, бизден баатырыраак депутаттар келип эле мамлекетти оңдоп кетишпесе, биз кураган мамлекет, цивилизованный мамлекет болбой калды. Арамзалык, зордук-зомбулук менен кара күч, каруу-жаракка сыйынган мамлекеттин бара жаткан багыты цивилизационный багыт болчу беле?.. Мен, мисалы, эч киминердин башыңарга Бекназаровдун тагдыры түшүшүн каалабас элем. Алевтина Павловна айткандай, бүгүн мен Чубак Садыковичке ишенсем-ишенгендирмин, бирок прокуратура, сот, милиция тармагында иштегендердин бир да бирөөнө ишенбеймин. Президентке дагы. Депутаттар силерге деле. Баарыбыз биригип "коллап коялы эле, коллап коялы", деп атып, акыры келип, бир кан төгүлгөө шойкомдун үстүнөн чыкканы турабыз... Эсибиз барында этегибизди жыйсак жакшы болот эле. Ошон үчүн мен көптү көргөн адам катары, кеп-кеңешимди жаш депутаттарга гана бере кетейин. Урматтуу Ишенбай Дүйшөмбиевич, Адахан Кимсанбаевич, "элим эле элим"-деп көкүрөгүңөрдү кагып, жаш башынарды ажыдаардын оозуна сала бербестен, саал ылдыйлагыла! Эртен эле, А. Акаев "Адахан Мадумаров – эл душманы" деп жарыя кылса,өзгөндүктөр биринчи болуп Адахам Кимсанбаевичти атыш керек деп демилге көтөрүп чыгышат. Мындай нерсе өз башыман өткөнү үчүн айтып жатамын. Ишенбай Дүйшөмбиевичти деле жамандык башына түшсө, ноокендиктер же базаркоргондуктар жыгып бербейт аны бийликтин сазына, эгерде сөзсүз түрдө Кадырбековдун белин мертиндириш керек болсо, ал нарындык же атбашылык, жумгалдык же кочкорлуктун колу менен жасалат. Азыр саясатка оң таасириңерди, мамлекеттик түзүлүшкө оң таасириңерди тийгизе албасаңар да, ар бириңдин арканда

экиден-үчтөн балдарыңар, үй-бүлө, тууган уругуңар турат. Ошолорду, алардын келечегин ойлогула дегим келет. Азыр депутаттарды камамай оюну башталды. Анан ушинтип жүрүп отурса өлтүрмөйгө өтөт. Мен силердин ар бириңердин аман-эсен болушуңарды гана каалар элем. Ошон үчүн, урматтуу үколөрүм, тездик менен бул каргыш тийген кесепети мамлекеттен бир жакты көздөй жылып кетпесеңер болбой калды. Эй, биздин башкы мекенибиз турат тиякта, мухиттей болуп, Россия деген. Эч кимибизди Россия боорго тээп, нары түртпөйт. Депутат болбосок, башка кызмат кылып күн көрөрбүз. Демократияны туу кылган Америкадай, Турциядай, Германиядай, Франциядай, Англиядай үлкөн мамлекеттер бар. Ошолордон башпаанек сурайлы. Мындан ары карай А.Акаевдин жан-жөкөрлөрүнө кошомат кылып күн көргүчө. эмиграцияга кеткенибиз оң. Бул саясий күрөштүн кан төктүрбөө турган эң цивилизациялуу жолу. Ленин деле эмиграцияда жүрүп эле саясий ишмердигин өркүндөтүп албады беле... Азыр Сталиндин, Гитлердин заманынан да ырайымсыз мамлекетте жашап жатканыбызды унутпагыла! Келечекте кыргыз журтуна сөзсүз кереги тие турган, алдагы, алтын башыңарды азыр сактап калабасанар, кийинки муундарды силердин деңээлиңерге жеткирип өстүрүп алуу үчүн кешиксиз кыргыз дагы кыйла тарткылыкты тартып калышы ыктымал. Кыскасы... Эмитен "алды алдыңдан тал кармабасаңар" «бовой» калды...

***"Кыргыз ордо",***
***2002-жылдын 15-22-августу***

# МАЗМУНУ

Дооронбек Садырбаев – саясатчы ........ 3
Бош арабанын үнү катуу чыгат ........ 29
Восток дело тонкое........ 33
Пикир ........ 36
Пикир ........ 37
"Кайран элди" калканч кылып, кайран талант түгөндү ........ 45
Д. Садырбаев түштүк элин бөлүп кеткиси келет........ 49
Оозу кыйшык болсо да же... жаны кашайгандын каяшасы .... 54
Киндербай кимдин ырын ырдайт эми?........ 77
Кого и в чем виним? ........ 85
Бүкүр демократиянын ийри кылычы ........ 92
Кыздын кырк чачы улуулугун токтотту ........ 107
Курманбек баатырдын 500 жылдыгына барбай калган Садырбаев
Тогуз депутаттан алгы сөз ........ 112
Баатырга шоорат, пейилге таазим ........ 114
Честь имею ........ 119
«Казнить нельзя помиловать» ........ 124
Ырайыңардан кайткыла, кагылайындар........ 137
Бышырып жегиле мени ........ 142

Арамза бийликтин дөөпөрөс дөлөңгүттөрү ........................ 148

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик комиссиясы ........................ 164

Абийир соту ........................ 164

Суд чести ........................ 236

Кыргызстанды криминал башкарып жатат ........................ 293

Дарбыз бышып калды ........................ 303

Мени желдет кылбагылачы ........................ 308

Атыма эмес, кадырыма күйөм... ........................ 315

Бул менин жеке пикирим ........................ 319

КР ЖКсынын 2005-жылдын 14-апрелиндеги жыйынынын стенограммасы ........................ 325

“Уртокмок” диктатура келатабы? ........................ 436

Дооронбек Садырбаев: «в дружбе с Россией для нас – спасение» ........................ 446

2007 г.: депутат ЖК КР Дооронбек Садырбаев, требует привлечь к уголовной ответственности за аксыйскую трагедию 41 человека, в том числе восемь журналистов .... 452

Дооронбек Садырбаев: «Мои ровесники уже покидают этот мир. Время изменилось, и что-то хочется оставить после себя» ........................ 456

Дооронбек Садырбаев: не могу согласиться ........................ 462

Дооронбек Садырбаев: "Ээ, айланайындар, ала турганыңарды алып тындыңар, сата турганыңарды сатып бүттүңөр, эми кыргыздын жер астындагы мыдырынын тамырын балталабай коё тургулачы ........................ 467

“Маңдай тер төккөн дыйкан тарпка конгон “жорулар” ?”..... 473

Наамартчылык........................................................................ 489

Тарыхтын чыгырыгы. Конституция жана анын кепили тууралуу замира сыдыкова менен Дооронбек Садырбаевдин чай үстүндөгү маеги ........................................................................ 526

Кесепети мамлекет ........................................................................ 543

**Дооронбек Садырбаев**

# ДААНЫШМАН

**Чыгармалар жыйнагынын 5 томдугу**
**Собрание сочинений в 5-и томах**

Басууга 16.05.2017-ж кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Форматы 60х90 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 34,5 б.т. Нускасы 1000д.

«Принт Экспресс» ЖЧК басма-полиграфиялык
комплексинде басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49





